КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# КЛАССИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ТЕКСТТЕР

## *(АЛМАБЕК ТОЙЧУБЕКОВ МАМБЕТАЛЫ АШЫМБАЕВ)*

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясынын астында

***Түзгөндөр***
***Гүлзат САДЫРБЕК КЫЗЫ***
***Жанар ӨМҮРАЛИЕВА***

Бишкек
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2018

УДК
ББК
К

Кыргыз Республикасынын 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

Акматалиев А. А.
Байгазиев С. О.
Жайнакова А. Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С. Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К. Т.
Эркебаев А. Э.

**К** **Классикалык изилдөөлөр жана тексттер:** Алмабек Тойчубеков, Мамбеталы Ашымбаев /Түзгөндөр: Г. Садырбек кызы, Ж.Өмүралиева. – Бишкек: «Принт-экспресс», 2018. – 560 б.

ISBN

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясынын бул томуна Алмабек Тойчубековдун айтуусундагы «Семетей» жана «Сейтек» эпосторунун үзүндүлөрү жана Мамбеталы Ашымбаевдин айтуусундагы эпостун варианттары камтылып, биринчи жолу басууга даярдалды.

Китеп фольклористика, манастаануу адистиги боюнча эмгектенген окумуштууларга, жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттерине, аспиранттарга жана элдик маданий мурастарга кызыккан жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

УДК
ББК

К

ISBN

© КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2018

© Принт-экспресс, 2018

АЛМАБЕК ТОЙЧУБЕКОВ

# «СЕМЕТЕЙ»
# «СЕЙТЕК»

# «СЕМЕТЕЙ»
# ЭПОСУНУН УЛАНДЫСЫ

## ГҮЛЧОРОНУН КОҢУРБАЙГА КАРШЫ СОГУШУ

Алты чоро жанында,
Жөн-жөндөп жолду карашып,
Көп жылкыга Күлчоро,
Гүлүстөн келди бастырып.
Текестин башы Күрпүлдөк,
Теке укмуш жер сонунун,
Кайнаган какан элинен,
Канчасын алды чакырып.
Ат которуп мингени,
Арбын болсо өзүңөн,
Аттарга арта жүргүлө.
Жылкыны жолго саламын,
Жылдырып айдап аламын.
Кечүүнүн жолун чаламын,
Күрпүлдөк ашып өтөбүз,
Ушул суудан кечебиз.
Калып бир адам калбасын,
Калыктан кокус бөлүнүп.
Калмакта калса соёмун,
Канын суудай агызып,
Тындым кылып коёмун.
Отуз миң калмак элиңдин,
Ортосунда боломун.
Ушуну баарың угуңар,
Токтобой жолго киребиз.
Шукшуңдаган кытайды,
Тындым кылып коёмун.
Суук ашууну чаламын,
Башына чейин барамын.
Деп Гүлчоро күпүлдөп,
Жаккан отун өчүрүп,
Жаткан жерден кытайды,
Көлдү көздөй көчүрүп.
Эшекке жүгүн артышып,
Экиден кытай басышып.
Качырга жүгүн артышып,
Канчадан кытай басышып.
Кангайдан эми кеттик деп,
Канчалар сүйүнүп кытайдын,
Эр Гүлчоро жол баштап,
Элди алды көчүрүп,
Баатыр Сергек мурзаны,
Баштагын эми жолду деп,
Башатка чыгып жол салып,
Баатырың жүрөт жол чалып,
Күрпүлдөк суудан кечирип.
Суук ашуудан эртең менен,
Эрте тозуп алам деп,
Берениң кайра тартты эми.
Коң төрөңдүн көп жылкы,
Коң төрө аңдып жөнөдү.
Жан кысталак кыйын го,
Алты миңдей жылкыны,
Арбын бекен жылкысы.
Жети миңдей жылкыны,
Жеткилең экен жылкысы.
Мына ошондо көп жылкы,
Чубак жылкы киргенде,
Сары-аласы сай толуп,
Тору-аласы тоо болуп,
Көк-аласы көркөмдүү,
Боз мыктысы оромдуу,

Жерде жылкы жетилет,
Кашка жылкы кайрылат.
Кара аласы канча көп,
Камбар атка кара айгыр,
Карып кетти тору айгыр.
Сагызгандай сары ала,
Баш айыдай карала,
Тукабадай көк ала,
Караң калган жылкыда,
Минилбеген кур ат бар,
Жалын жеген сур ат бар,
Жолдон өзгөн жорго бар,
Билериктүү сур ат бар,
Минилбеген мурат бар.
Кайнап жаткан жылкынын,
Кайсы бирин сурайсың,
Эми айдап чоң жолго,
Эл көрбөгөн зор жолго.
Жан жүрбөгөн кыр менен,
Жалындуу чоро айдатып,
Жаламалуу бел менен,
Жанагы чоро баштатып,
Жылкынын алдын тозот деп,
Жылдырып жолго чалганы.
Көп жылкынын даңырты,
Көп жылкынын каңырты,
Канчалык жерге угулуп,
Калмактар жүрбөс кыр менен,
Кайран Сергек баштады,
Жанындагы эр Серек,
А дагы жылкы айдады.
Аманат баатыр эми деп,
Арыстан бала Гүлүстөн,
Ашуудан ары ашырып,
Эртең эрте боломун,
Эрикпей айда эми деп,
Эр Гүлүстөн айтып кеп.
Кош айтышып бөлүнүп,
Эки күлүк ат минип,
Эки чоро жанында,
Ок-дарыны бүктөтүп,
Жалаң олпок жүктөтүп.
Алты күлүк ат менен,
Алкым менен салайын.
Абакем Канчоро эмне болду экен,
Деп арыстан ойлонуп.
Алмаңдан калган чоң дүрбү,
Арыстандай Күлчоро эр,
Акырын колго алды эми,
Алдыда кандай душман бар,
Абайлап карап калды эми.
Ашууда баатыр отурат,
Алкымда жайнап эл жатат.
Арсыландай Күлчоро эр,
Абыдан байкап карады.
Ашуудан башка жол менен,
Ашкан жакшы болуптур,
Алкымда эмне болду деп,
Канчоро эрди карады.
Эр Канчоро жанакы эр,
Эки чоро жанында,
Алты күлүк ат менен,
Абайлап жолду чалыптыр.
Кайнаган калмак элине,
Кароолду катуу салыптыр.
Карагул менен Мурадыл,
Кайда экенин билмекке,
Кайкыдан карап жатыптыр.
Күлчоро качан келет деп,
Гүлүстөн келсин эми деп,
Кеңешип жоого кирели,
Кайышып анан билели,
Деп Канчоро карады.
Кабыланың карап отурат,
Мына ошондо Күлчоро,
Арсыланың эми жөнөдү.

Ак телки минип чуратып,
Арстандай айбаттуу,
Арсыландай кайраттуу,
Алмакеңдин баласы,
Ак телки минип болукшуп,
Ай тийгендей толукшуп,
Айбаттуу бала келе атат.
Артында келет эки кул,
Аттарды кошо айдашып,
Бала жолборс Гүлүстөн,
Байкады эми чоронун,
Баатырды күтүп турганын.
Абакем эмне карайт деп,
Ашыгып келет Күлчоро эр.
Мына ошондо Коңтөрөң,
Кайкыдан үндү салды эми,
Кабылан бери бастыр деп,
Кайрылып ага калды эми.
Эмне көрдүң жан аба,
Салынткан караң бел барбы,
Сайыша турган эр барбы,
Аскалуу кыя бел барбы.
Аким манжу Коң төрө,
Келе турган жер барбы.
Эминени сен көрүп,
Эртеден бери бул жерде,
Отурасың жан ага.
Мына ошондо Канчоро,
Кайран эр кепти баштады.
Кагылайын Гүлүстөн,
Айтайын кулак салыңар,
Абайлап байкап калдым мен,
Адырдан дүрбү салдым мен,
Тегерегин чалдым мен,
Тегиз байкап калдым мен.
Туура жагын чалдым мен,
Тушунан кабар алдым мен.
Кайнаган калмак, көп кытай,
Кабарын айтам ушундай,
Жылкыны жолго салганың,
Абыдан жакшы эмеспи.
Элдин баарын көчүрүп,
Эми жолго салганың,
Абаңа кудай бергени.
Айланып кайта баралы,
Абакем Бакай баатырга,
Кеңешти катуу салалы.
Кан Семетей, Бакайды,
Биз жылкыга коёлу.
Андан кийин жоо менен,
Ашыкпай туруп душмандын,
Айыгышып чабуул коёлу.
Менин бир айткан кеңешим,
Баатыр иним не дейсиң,
Азыр кирип барбайлы,
Алды артын байкайлы,
Амалы көп кытайды,
Биз дагы алды менен жайлайлы.
Деп Канчоро баатыр айтып кеп,
Мына ошондо Күлчоро эр,
Абаке айткан кеңешиң,
Анда макул не дейсиң,
Адырдагы көп жылкы,
Айдатып ийдим жол менен.
Ашууда калмак болбосун,
Мен астына чыгып барайын.
Сиз бастырып барыңыз,
Айкөл Семең каныңа,
Абакем Бакай карыга,
Артынан келе бергиле,
Жылкыны алып чыгайын.
Калмакты көрсөм кырайын,
Качырбай кантип турайын,
Бул жерде туруш не керек,
Душманга жетпей иш керек.
Деп Гүлүстөн кеп айтып,

Эр Канчоро агасын,
Эр Семетей баатырга,
Баргын деп муну көп айтып,
Бешим ооп калган кез,
Берениң атка минди эми.
Берилеп ылдам келсин деп,
Берениң ататануусун эртелеп.
Белгилүү калмак жолуна,
Беттешмекке жүрдү эми.
Ак телки менен Сур коён,
Аркыратып жанагы эр,
Аябай оозун керди эми.
Элдин алды жатканда,
Суу камууннун боюна,
Гүлүстөн келип токтоду.
Ашуу жолун жанагы эр,
Абыдан чалып алмакка,
Сур коёндой бууданды,
Суурултуп бала минди эми.
Сур тулпар менен чуратып,
Суук ашуунун чокусун,
Султаның чыгып келди эми.
Кайнаган калмак жатыптыр,
Кабыландай жойлогон,
Кайран эр муну көрдү эми.
Канчаны көргүн,  селди көр,
Кайнаган кытай элди көр.
Манжунун көргөн асын көр,
Мангыт баштуу көп калмак,
Жайнап аткан элди көр.
Жаткан иттей каштуу бар,
Жан казандай баштуу бар,
Бала жолборс Гүлүстөн,
Атынан ыргып түштү эми.
Тозуп бир калмак калды деп,
Сайга түшүп келгени,
Алмаңдан калган ак дүрбү,
Арыстан чечип калды эми.
Аманат жанга бир өлүм,
Амалын эми табам деп,
Алмакеңдин ак олпок,
Калмакча кийим кийди эми.
Бурулча берген көк чепкен,
Көк жал бала кийиптир,
Кобкордой кызыл таш,
Төбөсүндө жалтырап,
Эсен кандын кызыл чен,
Эми тийди жалтылдап.
Тим эле байкап отурсаң,
Асаба туудай жаркырап,
Алты олпок он чопкут,
Ичинен баса кийди эми.
Амалын далай үйрөнгөн,
Атактуу манжу кызыл ат,
Бурунга бакып чороңду,
Алты жашка толгончо,
Алмакеңдин туяк деп,
Атайын баккан эмеспи.
Алтай, манжу тилдерин,
Акыры керек болот деп,
Алиги манжу чоң казы,
Атайын буганң үйрөткөн.
Күндүн жолун чалууну,
Айды эсептеп алууну,
Алмаңдан калган чоң жүзүк,
Сол жагына тагынып,
Алтай,  манжу жолдорун,
Айныбай айтып берет деп,
Аш улук кытай кыз,
Айткан болчу балага,
Таза сүйлөйт калмакча,
Көрсөтө сүйлөйт кытайча,
Алты жылы окуган,
Азамат Алмаң баласы,
Алмакеңдин жай ташын,
Чөнтөгүнө салды эми.

Кайнап жаткан душманга,
Күндү жайлап салды эми.
Жетимиш уруу кытайдын,
Кийимин кийип алды эми.
Эмалдын Эргек баласын,
Эми алды чакырып,
Сур коёндой бууданды,
Суурултуп колдон алганы.
Ээр токум бүт алып,
Калмакча киймин бууданга,
Кан Коңурбай улуктун,
Алкара сындуу үндөсүн,
Кайран Каныш жасаган,
Кабылан бала Гүлүстөн,
Кармап үндү бууданга,
Кайран эрлер кийгизип,
Жабуусун жаап келди эми.
Капшытында түймөсүн,
Кайран Эргек түймөлөп,
Жамбашында түймөсүн,
Жанагы албан түймөлөп,
Бууданды кайра токуду.
Булар да жандан чочуду,
Калмакча кийип экөөнө,
Гүлүстөн алды кийгизип,
Алты буудан тообурчак,
Астымдан тозуп турар деп.
Ашуу төр көздөй жөнөтүп,
Душманды айдап чыкканмын,
Кыйкырып үндү салганда,
Өзүмө жете келгенге,
Деп Күлчоро кеп айтып,
Эки кулун жөнөттү.
Мына ошондо Гүлүстөн,
Жылыма кайкы жол менен,
Жандай салып жөнөдү.
Жалама кайкы таштарың,
Жаныбар кандай Суркоён,
Жалтанбай бала тим эле,
Астында минген чоң сур ат,
Анык коргойт болду ошо.
Алкара менен бир тууган,
Абайла сур ат кандай мал,
Эң улуусу Мааникер,
Андан кийин Чоң кара ат.
Алдап алган сур калмак.
Алты айдап атышып,
Тартып алган сур калмак,
Андан кийин Сур коён,
Баатыр багыш жанагы эр,
Алты миң жылкы бул берип,
Сатып алган чоң сур ат.
Кырк эки асыйга жаныбар,
Жаңы келген чоң сур ат.
Байлоодо жатып семирген,
Мамынын башын кемирген.
Жети жаны бар ошо,
Жебелүү күлүк мал ошо.
Алты жаны бир ошо,
Анык буудан мал ошо.
Буудандыгы дагы бар,
Буруксуган чоң сур ат,
Булкунтуп минип алды ошо.
Буруксутуп эр чоро,
Калмакка жетип бармакка,
Каптал жолго салды эми.
Камарабай кайран эр,
Кайкыны карай бет алып,
Кабылан жолго салды эми.
Калмакка эми бармакка,
Кайгуулду чоро салганы,
Кытайды карай бармакка,
Кыргынды чоро салмакка,
Алдында минген чоң сур ат,
Ай буудандын тулпары.
Үстүндөгү Гүлүстөн,

Алмакеңдин шумкары.
Кайдан табар экем деп,
Канчоросун көп издеп,
Калмакты айдап чыкмакка,
Катуу келет чуратып,
Сур тулпар минип суналып.
Сумсайып бала жол чалып,
Суук ашуудан көп жылкы,
Суу бою менен кетти деп,
Ашуудан өзүм тозомун.
Алдымда душман жоо болсо,
Мен ошо бир тогошуп коёмун.
Деп Гүлүстөн ойлонуп,
Жалаң кылыч байланып,
Жазгы жаачуу жаандай,
Каары келип бетине,
Кайкара чоро айланып,
Эми жолдо келе атат,
Канчоро кайда болду деп,
Караңгыда жыгылып,
Калмакка түшүп барды.
Какандын эли биригип,
Кармап бир муну алганбы,
Кандай иш болду эми деп,
Каптал менен чуратып,
Кайран бала Гүлүстөн.
Кайгандан чыкты буратып,
Кара сеңир тумукташ,
Канчоро баатыр отурат.
Кандай эле көргөн деп,
Канчоро эмне болгон деп,
Калмактын жеп найзасын,
Канчоро мында жатабы,
Сур коён менен Гүлүстөн,
Султанго бала келди ошол.
Салам айтып ага деп,
Саламдашып жатты эми,
Салуучу тумшук кыр ташка,
Салганго бойдон кетипсиң.
Сандаган манжу, көп кытай,
Санакаңа алып көрүпсүң,
Сансыз аскер болсо да,
Сайышты не баштабай,
Сенин санааң кандай бөлүндү.
Атыңа минип камынгын,
Аттарды берип жибердим,
Айгайды катуу салабыз,
Аттанып эми барабыз.
Атаңдын көрү калмакка,
Найза менен саябыз.
Деп Гүлчоро айтып кеп,
Мына ошондо Канчоро эр,
Эки чоро жанында,
Эми айтайын угуп тур,
Калмактын кийимин кийипсиң,
Кайгуулду катуу билипсиң,
Капталды карай барайын,
Кара таандай душманга,
Качыртып найза салайын.
Кайдан келди душман деп,
Карбаластап калбайбы,
Сен узун жолду бузгула,
Жолдо турган жоо менен,
Өз жумушуң кылгыла,
Деп Канчоро кеп айтып,
Салынуу шумдук таш менен,
Салган бойдон барайын.
Эсиңде болсун эми сен,
Карагул көрсөң кармагын,
Мурадыл көрсөң байлагын,
Деп Канчоро аттанып,
Калмакты карай жөнөдү,
Мына ошондо Гүлчоро эр,
Эй баатыр чоро тура тур.
Сандаган калмак эл менен,
Салышарсың жүрөрсүң,

Самаган эчен ой жүгүн,
Садагың келип ок тийсе,
Сайыштын жолун билерсиң.
Кармарсың эчен душманды,
Кайгыны катуу чалганды,
Кабарсыз жатса душманың,
Качырып агаң тийерсиң.
Каптап бир кетсе көп душман,
Кандай болот ким билет,
Каба болуп жүрөрсүң.
Кайта айланып мен келсем,
Катуулап чабуул сала бер,
Калмакка эми бара бер.
Кыядан өтүп барамын,
Кытайлар менен сүйлөшүп,
Ашуудан ашып жылкыны,
Анан кайра тартамын.
Эсиңде болсун айтамын,
Эмеле кайра тартамын.
Бир жигитиң жиберип,
Эр Семетей абадан,
Эми кабар алып кой,
Деп Гүлүстөн жөнөдү.
Билер күнү чоң сур ат,
Билими артык Гүлчоро,
Билип жөнөп келатат,
Келишимдүү чоң сур ат,
Келбеттүү бала отурат.
Жел тамандуу чоң сур ат,
Жеткилең бала келатат.
Атактуу күлүк чоң сур ат,
Алиги бала келе атат.
Эки чоро бөлүнүп,
Эми кайра душманга,
Кирмек болду көрүнүп,
Эр Канчоро жөнөдү,
Көк тулпарга камчы уруп,
Добулбасты катуулап,
Сабап кетип баратат.
Таң агара жетем деп,
Тындырбай айдап кетем деп,
Балдарды мындай таштайлы,
Баатыр манжу Мурадыл,
Эми кабар баштайлы.
Текестин кара жонунда,
Келип элди чогултам,
Алкым жагын Карагул,
Жээгин жакын Мурадыл,
Тегиз тозуп алышкан,
Текестин ашуу ташында,
Жеткилең адам бул койгон,
Кандай да болсо көп жылкы,
Кармап алам эми деп,
Мурадыл жатат күүлөнүп.
Кан Коңурбай келгенче,
Ажыратып алам деп,
Көп калмакты чогултуп,
Көтөрүлүп көп сүйлөп,
Көп кытай жаткан эмеспи,
Ашуу төр менен суук ашуу,
Гүлүстөн бала Гүлчоро,
Түндүн катуу оюнда,
Сур коён менен чуратып,
Арыстан бала келди эми.
Кара кыя асыл таш,
Карс эткизбейт Суркоён,
Белеске жете келгенде,
Алты кытай, үч манжу,
Ашууда карап отурат.
Тулпардын үнү чыкканда,
Атына минип жабыла,
Алтайлап үндү салды эми.
Кан Коңурбай улук деп,
Жебенин огу шуулдап,
Эр Гүлчоро баланын,
Бет маңдай жетип келди ошо.

Жама жайы жаркырап,
Жаадай болгон чоң сур ат,
Жалтанбай кирип келди эми.
Ополтоодой чоң сур ат,
Обсуз бала Гүлчоро,
Ойрон эр келип калды эми.
Бири убакта байкаса,
Көөкөрдөй  кызыл таш,
Төбөсүндө жаркылдап,
Эсен кандын кызыл чен,
Асаба туудай жыркылдап,
Гүлчоро кирип келгенде,
Капырай кандай сонун деп,
Кайдан келген улук деп,
Салам берди кошо деп,
Эр Гүлчоро жаш бала,
Учурашты аба деп.
Атынан түшүп көп кытай,
Таазим кылып жүгүнүп,
Жебелүү күлүк чоң сур ат,
Жыргатып эми токтобойт,
 Ай-ай кожо кантет деп.
Эр Гүлчоро жанагы эр,
Бугудан калган чоң чыбыр,
Булкуп силкип конду эми.
Мына ошондо чоң сур ат,
Кадимкидей былк этпей,
Туруп да калды кыңк этпей.
Мына ошондо Гүлүстөн,
Атынан түшүп келди эми.
Таазим кылган кытайга,
Арыстаның басып барды ошо,
Аңгемени салды эми,
Аскерлериң канча деп,
Карагул менен Мурадыл,
Кандарың кайда жүрөт деп,
Калык башкарган Коң төрө,
Бегиң кайда жүрөт деп,
Эки манжу,  беш кытай,
Отургузуп алды ошо.
Кара болот, жой болот,
Капталдан сууруп алганы,
Алиги калмак каралчу,
Баатырын анын салды эми,
Жалгыз манжу кытайды,
Жанына алып чакырып,
Отургузуп алды эми.
Кандарын сенин кайда эми,
Айтып бергин маган деп,
Алиги баатыр айтканда,
Жан келе төлөк кыйын иш,
Алиги кытай жан үчүн,
Айтып жатат мындай кеп,
Ашуунун жолун чалмакка,
Алты миң кытай турсун деп.
Бир да жылкы өткөзбөй,
Бурулуштан тозсун деп,
Бурутту мындан өткөзбөй,
Мен барганча тозулуп,
Жуукуруң жолдо болсун деп,
Чоң калмак айткан экенин,
Нече күнү кечинде кеткени.
Келип кетти Мурадыл,
Кабарды угуп жанагы эр,
Башын алып салды эми.
Сур коён сындуу буудандын,
Атына ыргып минди эми,
Абайлабай карабай,
Алиги жоого Күлчоро,
Айбыкпай жалгыз кирди эми,
Ал аланып кытайдын,
Элинин кирди ичине.
Он башың кайда жүрөт деп,
Он башын алды чакыртып.
Жүз башың кайда жүрт деп,
Жүз башын алды чакыртып,

Миң башың кайда жүрөт деп,
Миң башын алды чакыртып.
Балдыр-булдур сүйлөшүп,
Башында кытай улугу,
Бийлегендей күүлөнүп,
Каптал жолду чалбайсың,
Кароолго адам койбойсуң,
Калың жылкы мал алып.
Качып бурут келатса,
Караган адам болбосо,
Кытай болбой жерге кир,
Калмак болбой көргө кир,
Ишенгеним силер деп.
Сулпукорун эр чоро,
Эми сүртүп алды ошо,
Отуз чакту улуттун,
Башын чаап салды ошо.
Башына аскер  коёмун,
Бул жерден азыр көчкүн деп,
Жаккан отун өчүрүп,
Эр Күлчоро жанагы эр,
Айдап келди көчүрүп.
Таң агарып атканча,
Күрпүлдөктүн сазына,
Айдап чоро кирди эми,
Мына ошондо жанагы эр,
Алкымдан үндү укту эми.
Эр Канчоро жанагы эр,
Эрдикти салып жатканы,
Кыйкырып жоого барганы.
Кайра айланып эр бала,
Кара-кыя сербелден,
Кайнаган жылкы жаңыдан,
Ашып түшүп келди эми.
Жылкынын алдым Күлчоро,
Жыйнатып жолго салганы.
Күрбүлдөктүн башынан,
Куйундашып көп жылкы,
Кыраанын айдап кирди эми.
Текестин башы күрпүлдөп,
Тегиз айдап жылкыны,
Чубатуудан өткөзүп,
Чуулгандуу кайран эр,
Сур коён оозун бурду эми.
Көзүңдү ачып айда деп,
Көп жылкың кайда деп,
Укуругун сүйрөткөн,
Эчен азоо үйрөткөн.
Эчен манжу, калмактын,
Эчендерин сүйрөткөн,
Жылкычынын башчысын,
Чыкырып алды кашына.
Токтобой айдап отур деп,
Жылкычыга тапшырып,
Манастан калган чоронун,
Баатырым бери келчи деп.
Сергек-сергек баатырлап,
Серпилдеп жолду чалгыла.
Серебелдүү белестин,
Ичин байкап алгыла,
Ичке жол менен түшкүлө.
Ичинен байкап кеткиле,
Эртең жетет кан Бакай,
Эсепти абас албайбы.
Эр Семетей жаңы экөө,
Эгерде душман жоо болсо,
Эсебин анын таппайбы.
Бир тайыңды таштабай,
Бир жылкы калып калбасын,
Эстетип айтып коёюн,
Эсиңде болсун баатырлар,
Деп Гүлүстөн тапшырып,
Аттанмак болду жылкыдан,
Ак телкини токутуп,
Суркоёнду коштотуп,
Эки чоро бала менен,

Эр Канчоро жан ага,
Эмине болду теги деп,
Эр немең жөнөп калды эми.
Мына ошондо Канчоро эр,
Капталдын кумун эшиптир.
Кайран чоро ушул эр,
Калмакты карай беттептир.
Эр Күлчоро көчүргөн,
Калмактын баары барыптыр,
Маңдай жакта Мурадыл,
Карагул чочко баш болуп,
Катуулап чабуул салыптыр,
Карап турса Гүлүстөн,
Канчороң турат алашып,
Алты сан кытай чорону,
Алты курчап алыптыр.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Арманы ичке толуптур,
Алты сан кытай эл болуп,
Арыстандай алышып,
Арманы жок кайран эр,
Найза менен сайышып,
Жүргөн экен ошондо,
Жүз миң кытай жабылып,
Мына ошону көргөндө,
Эр Гүлчоро кайран эр,
Эр Манастап чакырып,
Алманбет деп бакырып,
Эр Чубактап чакырып,
Эр Гүлүстөн мына бу эр,
Сур тулпарды коштотуп,
Ак телкидей бууданга,
Артылтып камчы чапты эми,
Арыстан Манас арбагы,
Колдой көр деп бакырып.
Добулбасты бир коюп,
Дөбөдөн ылдай бастырып,
Дөөдөй болгон эр бала,
Дөң талаа менен чуратып,
Доңуздай болгон жоо менен,
Ак телкини камчылап,
Арыстандай айбаттуу,
Жоону көрсө сүйүнгөн,
Жоболоңдуу эр неме,
Жоонун жайын билишкен,
Жолун тосуп жүрүшкөн,
Душмандын жайын билишкен,
Туурадан тосуп көрүшкөн,
Мына ошондо Гүлчоро,
Бууданга камчы бек уруп,
Буруксутуп көп уруп,
Буруш-буруш жерлердин,
Буратып кетип баратат.
Бууданга кенен камчы уруп,
Чуратып кетип баратат.
Эртерээк жетсем экен деп,
Энтигип кетип баратат,
Эми жетип сайсам деп,
Эңкейиштеп алсам деп,
Эси кеткен Карагул,
Эсебиңди табам деп.
Аттардын баарын сен алып,
Азапты башка салгансың,
Алты айчылык жолдордо,
Арада жөө басканмын,
Аман-эсен сени мен,
Алдап бир кармап албасам,
Атаң бир Алаке кан көрүнсө,
Атайын алып барбасам,
Атанын кегин алайын,
Акмак манжу, сен калмак,
Азабыңды жеткизип,
Абама айдап барайын,
Арыстанымды алдаган,
Алмакемди жалмаган,
Ар кандай бузук ойлордон,

Эч убакта калбаган.
Арамдыгың бир канча,
Акмактыгың бир башка,
Акимиң манжу Коңурбай,
Айтамын аны мен дагы,
Азабыңды беремин,
Абама айдап келемин,
Көздө-көздө деп,
Көк жалын үндү салды эми.
Мына ошонжо Күлчоро,
Гүлүстөн келе жатты эми,
Ошо кезде Канчоро эр,
Көк телки менен чуратып,
Көк жалың келет буратып,
Мурадыл менен беттешип,
Жүргөн экен кайран эр,
Гүлүстөн үндү салганда,
Күч келди эми мага деп,
Тоодой болгон калмакты,
Томпойто сайып өттү эми,
Калмактар качып берген деп,
Кара тоо көздөй жүрдү эми.
Карма-карма-кармалап,
Карагулду жалмалап,
Кайран бала Күлчоро,
Кандайда болсо жеткени.
Каныңды ичип кетемин,
Кайгыны башка салгансың,
Кан Манасты баш кылып,
Канын бир ичип алгансың,
Жекеме-жеке-жекелеп,
Жеткилең калмак кач болот,
Жет кайда болсоң табамын,
Жетилип келди Гүлчоро,
Атамын кегин аламын.
Деп ошентип Гүлүстөн,
Жетик буудан Ак телки,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң тетири теминип,
Ойрон чоро келе атат,
Күрсүлдөтө камчы уруп.
Гүлүстөн жетти четине,
Катары менен экини,
Каптай сайып бир коюп,
Манас, Манас, Манас деп,
Атакем Алма келчи деп,
Балаңа жардам берчи деп,
Эр Чубак ага келчи деп,
Эрлерге жардам берчи деп,
Баатыр Сыргак жан ага,
Мага бир жардам берчи деп,
Тобосун төөдөй буркунтуп,
Ак телки менен дыргытып.
Арыстандай Гүлүстөн,
Аралашты душманга,
Майдасын сайып этесиз,
Баатырларың танда деп,
Бегмени сайып кетесиз,
Беренимсайып өткүн деп,
Бу карада не жазык,
Баатыры менен ханында,
Деп бакырып эр чоро,
Мына ошондо Канчоро эр,
Кармашып кетип баратат.
Мурадылды кубалап,
Көзөмөлдөп алыптыр,
Көтүнөн түшүп калыптыр,
Айрыла көрбө андан деп,
Айкырып келет Гүлүстөн,
Арбактуу Манас колдо деп.
Чакырып келет Гүлчоро,
Карагулга бет алып качып,
Качырып келет Күлчоро,
Кайдан да болсо жетем деп,
Канын суудай төксөм деп,
Эңкейиштен жетем деп,

Эңкейте сайып кетем деп,
Бурулуштан жетем деп,
Буурул сакал калмакты,
Буйдатпай сайып жетем деп.
Кайрылыштан жетем деп,
Каңгайыңдын абасын,
Каңтара сайып кетем деп.
Кабылан чоро келе атат,
Башкасына карабайт,
Жан экен деп санабайт,
Атып жаткан душманды,
Киши экен деп карабайт.
Кокустан өлүп калам деп,
Гүлүстөн жоону карабайт.
Бетине келсе кыйратат,
Беш миңди айдап жабырып,
Кашына келсе кара жон,
Оң менен болсо айдады,
Эки көзү Карагул,
Эптеп жетип сайсам деп,
Эми келет чуратып.
Кыраны манжу улугу,
Кайра карап арт жагын,
Күлчорону көрдү ошо,
Гүлүстөн келген экен деп,
Мени карай бет алып,
Бети жок бала келе атат.
Колуна тийсем өлөмүн,
Быйыл мунун жолу бар,
Акыры түбү бул калмак,
Аягыма чыгат го.
Атаңдын көрү Күлчоро,
Кандай тууган бала экен,
Кан Алманбет баатырдан,
Как өзүндөй бар экен.
Жети сан кытай көп элге,
Кан болуучу бала экен.
Алты сан кытай кан элди,
Айлантып билчү бала экен,
Арыстан тууган Семеңе,
Арка болгон бала экен.
Беттешип күчүм жете албайт,
Беретентип коюп жүрбөсүн,
Кайрылып найза мен алып,
Качырып күчүм жетеби,
Кайра айланып не кылам.
Качайын далдоо жер менен,
Деп Карагул ойлонуп,
Капталга түшүп жөнөдү,
Качканын билип Күлчоро,
Качпалап үндү салды эми.
Карагул баатыр токто деп,
Кайра алып бир келип,
Качырышып көргүн деп,
Кандай да болсо жетемин,
Деп Күлчоро кайран эр,
Жада болгон суратып,
Жаңкы чоро минди эми.
Жебелүү күлүк тору айгыр,
Жетти жөнөп келе атат,
Жетемин сагаң калмак деп,
Жеткилең бала жөнөдү,
Жеткилең күлүк Суркоён,
Жетип жолго түштү эми.
Мына ошондо Гүлүстөн,
Барабанды бат коюп,
Алма башка ок коюп,
Ак милтеге чок коюп,
Арыстаның тартып ийди эми.
Артынан түшүп душмандын,
Абайлап кууп жөнөдү,
Адырдуу кайкы бел менен,
Артынан калбай Күлчоро,
Арсыландай айбаттуу,
Алиги бала кайраттуу,
Арманым жок калсам деп,

Абама алып барсам деп,
Артыңан кошо Бээжинге,
Арта кууп барам деп,
Айланайын Сур коён,
Ар жердей арыш ала көр.
Арманда калбай биздерди,
Ак шумкар куштай бара көр,
Атаңдын көрү душманга,
Намысты колдон кетирбей,
Жеткизе көр жаныбар,
Алты айдан бери жат душман.
Көмүскө жерге багыптыр,
Деп Күлчоро кеп баштап,
Арыстаным сага ат келди,
Жебелүү күлүк тору айгыр,
Жеткизбей учуп келе атат,
Таң агар кууган эр,
Баш ооп калды эми,
Күрпүлдөктөн кууган шер,
Кундуз менен жылдыздан,
Өтүп булар кетишти.
Алты күлүк ат менен,
Эки чоро артымда,
Көзөмөлдөп келе атат.
Кең кундуздун буркоштоп,
Эр Күлчоро кайран эр,
Аргамжы бою жакындап,
Алдыма минген чоң сур ат,
Алып кирип келди эми.
Мына ошондо Карагул,
Алты буттай ак була,
Кум салынып алыптыр,
Артым кытай көрдү эми.
Өлөрүн манжу билгени,
Анты бүтпөй кызыл кум,
Алып жерге таштады.
Аргамды кылган Гүлүстөн,
Алдыдагы чоң кытай,
Алыстан алып жөнөдү,
Мына ошондо Гүлүстөн,
Буудайга камчы салганы.
Буруксуган эр неме,
Буратка жөнөп калганы,
Таң атканча жол жүрүп,
Таң жекектеп калганда,
Алдына минген чоң сур ат,
Эми кызып алыптыр,
Көңүлүн көккө ыргытып,
Жама жакту төгүлүп,
Жаадай болгон чоң сур ат,
Жебеден мурун жеткени.
Жебелүү күлүк тору айгыр,
Жетип баса келгени,
Мына ошондо Гүлүстөн,
Өпкө менен колконун,
Турган жери ушу деп,
Эми келди кезегиң,
Баатыр кангай шашпа деп,
Бура тартып жетти эми.
Мурзагүлдүү сыр найза,
Булкуп суурул алды эми.
Качып кайда барасың,
Качканда кимди табасың,
Абакемди алдайсың,
Атты урдоодо кандайсың,
Жебелүү күлүк сур атты,
Кайсы жерге баккансың.
Жете келди сур калмак,
Эми Алаке уулу кандайсың,
Кашайтайын көзүңдү,
Казайын сенин оруңду,
Кайнатайын шоруңду,
Деп Гүлүстөн жетти эми.
Капталга келип сыр найза,
Сая турган болду эми,
Оңунан мээлеп солуна,

Сайдырбай кытай өттү эми.
Оозун жыйып сур аттын,
Жана коё берди эми.
Жебелүү күлүк Суркоён,
Жетип басты кытайды,
Жалдын үстү жылтырап,
Сайдырбай өтө берди эми.
Элдин алды жатканда,
Эшилме кумдун ичине,
Гүлүстөн келди эми,
Жараткан Алла колдо деп,
Байгамбар бар ак дилим ак,
Падыша Алла бирим ак,
Алламдын дини үчүн,
Бир калмактын кудурет,
Жасайсыңбы мени деп,
Солон менен калмакты,
Коюп өттү кашайта,
Карагайлуу сыр найза,
Капталдап кирип барыптыр.
Карагулдай калмакты,
Касасын кошо жарыптыр,
Кош терин билбей бул калмак,
Аттан алыс кетти эми.
Жебелүү күлүк тору айгыр,
Чылбырын тиштеп ошондо,
Чыңырып туруп калды эми.
Эр Гүлүстөн ошондо,
Атаңдын көрү калмактын,
Айгырын кармап алайын,
Андан кийин калмакка,
Акыр-такыр мүшкүлдү,
Так ушунда салайын,
Деп арыстан ойлонуп,
Мен да атын алайын.
Атаңдын көрү калмак кул,
Ат уурдаган кандай деп,
Аңгемени салайын.
Деп Гүлүстөн ойлонуп,
Чылбырдан тийип аларда,
Жата чалды тору айгыр,
Куйруктан жетип аларда,
Отура калды тору айгыр,
Эми жетип алам деп,
Эңкейиштеп калганда,
Куюн болуп кубулуп,
Жеткизбей учуп келе атат.
Ачуусу келген Гүлүстөн,
Бээжинге чейин куубасам,
Деп көшөрүп калыптыр,
Көтүнөн калбай айгырдын,
Көк жал кууп алыптыр.
Таң агарып сөгүлдү,
Жерге жарык төгүлдү,
Бир убакта караса,
Кайнаган какан эл келет.
Канча түрлүү сел келет,
Мына ошону көрдү эми,
Тору айгырдын артынан,
Токтобой жоону бет алып,
Арыстан эми жүрдү ошо,
Жайнаган манжу эл келет,
Кечүүнүн калың тушунда,
Кайнап кытай көп келет.
Атына минбей жөө келет,
Атактуу кытай эл келет.
Эчен-эчен дөө келет,
Лек-лек кол келет,
Майданды карай а бүгүн,
Майда кытай көп келет,
Букаранын баарысын,
Айдаган экен Коңурбай,
Эшекке жүгүн артынан,
Экиден кытай басышкан,
Качырга жүгүн артышкан,
Төрттөн кытай басышкан,

Төөгө жүгүн артышкан.
Төбөндөн урган көп калмак,
Канчасы жөө басышкан,
Мына ошону көргөндө,
Эр Гүлүстөн кайран эр,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Эми кайра тартайын.
Кайда кетти болду экен,
Карагул аман бар болсо,
Кумдан чаап алайын,
Башын кесип байлайын.
Кан Манастын баласы,
Баатырына барайын,
Деп арыстан Гүлүстөн,
Артын карай айланып,
Али чоро жүрдү эми.
Алиги Алмаң баласын,
Арыстан кытай көрүптүр,
Бурамырды чакырып,
Алиги качкын баласы,
Артына кайта кетти деп.
Карагулду союптур,
Канын ичип тоюптур.
Аттары колго тийиптир,
Аттанар кези келиптир.
Сур коёнду миниптир,
Суурулуп жоого кириптир.
Мурадылды сайган го,
Канын ичип койгон го,
Кызыл буурул бууданды,
Канчоро минип өлгөнчө,
Кандайда болсо элге деп,
Карагул байкуш качкан го,
Кара ниет качкындын,
Улу кууп өлгөн го.
Карагул кайда болду экен,
Тору айгыр качып келе атат,
Токтобой алдын тородум,
Бурамыр баатыр бастырган,
Бууданды жолдон алгыла.
Бурутту кууп баргыла,
Деп Коңурбай кеп айтты.
Аттанды калмак жабыла,
Алиги чоро жанына,
Бура тарта буратып,
Бууданды минип чуратып,
Найзанын учу короктоп.
Коркоктун башы сороктоп,
Көп калмак келип чуратып,
Артынан чаңын буратып.
Алиги бурут баласы,
Абайлап карап калбасын,
Деп бурамыр келе атат.
Көңтөрүлө көп калмак,
Көт жагында баратат.
Көк кызылды алкынтып,
Көк жал калмак баласы,
Көзөмөлдөп алыптыр,
Көрсөтөмүн мен сага,
Көзүңдү качкын ачайын.
Көптөн бери кезикпей,
Көрсөтөйүн  эми сага,
Калкынан кеткен кайран кул,
Кан башын карып кылган кул,
Бекеленбей бай болгонсуп,
Безген кытай болгонсуп,
Кан элең карып болгонсуп,
Качкын атка конгонсуп,
Төрө элең төмөн болгонсуп,
Төмөндүн атка конгонсуп,
Улуу элең уят болгонсуп,
Улуган атка конгонсуп.
Элиңен кеткен эр элең,
Эми келди жаңыдан,
Эр Алманбет баласын,
Эсиң болсо карачы,

Төрө Алманбет баласын.
Төбөңдөн урган сен бурут,
Токтогун эми бер жакка,
Чоюн баш менен салышып,
Чогула кытай келе атат.
Чакчаңдаган сен бурут,
Чоголдук кылбай токто деп,
Таласыңа барамын,
Тамашаны саламын,
Саан жылкыны алдырып,
Тирүү кантип каламын.
Кан жолуңа барамын,
Кеңешти анда саламын,
Келбеттүү көп жылкы,
Кетирип кантип каламын.
Ат-Башыны ашамын,
Ал жердеги кыргыздын,
Айылын чаап аламын,
Айдатып ийип жылкымды,
Арманда кантип каламын.
Артынан эми барамын,
Атаңдын көрү качкын кул,
Айдап жылкы аламын.
Алдыңдагы сур тулпар,
Желеге кошуп албасам,
Бурамыр болбой куруйун.
Бакбурчам өчүн албасам,
Айлыңа сенин барбасам,
Көп кытайды ээрчитип,
Кайдан да болсо табамын.
Качпагын кана эр болсоң,
Алтайлап үндү саламын,
Артыңан эми барамын.
Ал жерге баатыр сен болсоң,
Алиги жерден тыңшанын,
Кыйкырык салып жакындап,
Кытай текенип такымдап,
Бет маңдайда Карагул,
Безип кумга кириптир,
Берен бала Гүлчоро эр,
Беттешип кетип баратат.
Карагулдун кылычын,
Кектеп кетип баратат,
Эми башын кесем деп,
Эңсеп кетип баратат,
Жалтанбай кумда Карагул,
Жандап качып баратат.
Өөдөлөнбөй жетсем деп,
Эр Күлчоро кайран эр,
Өрдөп кетип баратат.
Жан адамды карабай,
Жандап кетип баратат.
Жаңы жетип чабам деп,
Алдындагы Сур коён,
Саап кетип баратат.
Жаңы эми жетерде,
Башын кесип өтөрдө,
Карагайлуу чоң зүңгү,
Карыс дей түшүп бөлүндү.
Сур коёндун үстүнөн,
Эр Гүлүстөн кабылан,
Ыйык жалды бек кармап,
Оой түшүп оңолду.
Кайсы калмак жетти деп,
Артын баатыр карады,
Мына ошондо байкаса,
Көк кызыл менен буркутуп,
Бурамыр баатыр өттү эми.
Шашпагын манжу баласы,
Самаганым келиптир,
Санааны кудай бериптир.
Тиктегеним келиптир,
Тилекти кудай бериптир,
Өлчөгөнүм келиптир,
Аким манжу баласы,
Өзү жалгыз келиптир.

Мындай кызык болобу,
Баатырсынган манжунун,
Башын кесе кетели.
Сайгандын жайын эми мен,
Сага салып көрөйүн,
Самаганым урушпу,
Сайышып көрчү көрөйүн,
Деп Гүлүстөн кайран эр,
Ачуусу абамдын келиптир.
Кологойлуу сыр найза,
Көптөп колго алды эми,
Коң төрөңдүн баласын,
Астыңда келет карачы,
Кандай болсо жетет деп,
Капталдан карс уруп,
Кашайтамын эми деп,
Астымдагы сур тулпар,
Астына карап буратты.
Жебелүү күлүк суркоён
Жебем мурун жетти эми.
Такыр колтук түбү деп,
Таамайлап келип урду эми,
Эки олпок бир өтүп,
Кыр арканын сыртынан,
Жакут салып сыр найза,
Эки бирдей кабырга,
Быркырап түшүп канчыгып.
Нек кызылдын үстүнөн,
Таан өлгөн эмедей,
Таамайлап сайып ыргытты,
Жандай салып эр неме,
Өтө берди Суркоён.
Оозун жыйып алганча,
Имерилип барганча,
Башын кесип алганча,
Алтымыш аяр жетими,
Жеткен жерде манжуңду,
Көтөрүп атка мингенде,
Балбандыгын билгизди.
Же Карагулду ала албай,
Катаалдап кетип кутулду.
Же Күлчоро калмактын,
Башын кесе албай,
Ачуусу абдан келди эми.
Суркоёндой буудандын,
Оозун жыйып алды эми,
Кайнаган кытай кайтыптыр,
Кан жөткүрүп бурамыр,
Калкы кайра тартыптыр,
Эри өлгөндөй буркурап,
Эчен калмак чуркурап,
Каны өлгөндөй буркурап.
Канча калмак чуркурап,
Мына ошондо Коңтөрө,
Аярдын баарын чакырып,
Алып келип көргүн деп,
Аким буйрук кылыптыр.
Найзанын учун тешиптир,
Бээжинге алып барбасаң,
Алты күндөн бүткөнү,
Анын өлөт уулу деп,
Аяры айтып кириптир.
Алты күлүк ат менен,
Алтымыш кытай жол тартып,
Бээжинди карай жүрүптүр,
Мына ошондо Карагул,
Элинин келди четине,
Тору айгыр менен желиптир,
Тобуна кирип келиптир.
Жылкы алып Текестен,
Ары эңкейтип кетти деп,
Бегине кабар бериптир.
Мына ошондо Коң төрө,
Кары катуу кармады,
Арам өлгөн манжунун,
Кан ичмеси кармады,

Ар кагандан бир каган,
Айтамын сага мен каган,
Астынан жылкы тозбосоң,
Артынан саган береби,
Атаңдын көрү көп калмак,
Кылган ишиң ушубу.
Ушул кезде Семетей,
Жаралуу болуп жаткандыр,
Аны абасы Бакай баккандыр.
Эки калман чоросу,
Кайгуулду катуу чалыптыр.
Сени мында кубалап,
Күлчоро келип калыптыр.
Мурадыл баатыр не болду,
Катүгүн баатыр Карагул,
Сенин эрдигиң кайда жоголду,
Кайнаган калмак эл турса,
Каргадай болгон баладан.
Качып келдиң калдаңдап,
Эки этегиң далдаңдап,
Буруп найза салбасаң,
Буудандын оозун тартпасаң,
Сени ким деле болсо сайбайбы.
Атыңдын оозун тартпасаң,
Айлап агаң чаппасаң,
Алиги бурут баласы,
Айлаңдын сенин табарда,
Алмадай башың аларда,
Артың жетип бурамыр,
Алжаратты сени да,
Атка минип мага келбей кал,
Адам сынып жүрбөй кал.
Сен өңдөнгөн калмактын,
Далайын сөкчү түрү бар,
Бул Алманбет баласы,
Кекенгенден кек алчу,
Келбеттүү бала турбайбы.
Качырганын кайсаган,
Кайраттуу бала турбайбы.
Беттегенин кетирбес,
Берен бала турбайбы.
Бер жактан жүрүп оп тартса,
Бээжинди кошо сорчудай,
Береги качкын уулунан,
Бейпайды эми тартабы,
Буруттан келген баатыры,
Жылкы алып кетеби,
Жылдырып элге жетеби.
Көп жылкыны бул бурут,
Көйкөлтүп айдап кеткени,
Түпкө булар жеткени,
Сан жылкыдан айрылып,
Сандалып мында келесиң,
Сандыргалуу баатырдай.
Салттанып Карагул,
Аттангын калкым жабыла,
Алиги кулду кармагын,
Азабын берип Бээжинге,
Айдап барып сабайлы.
Колума түшсө Күлчоро,
Кайгуулду катуу чалыңар,
Кандай да болсо ушуну,
Кармап мына алыңар.
Кимиң да болсо барыңар,
Жалпы кармап алыңар,
Азабын берип качкындын,
Жалындап ичин кайнатып,
Булбулдай тилин сайратып,
Буруттун жайын билелик,
Буруксуган бул качкын,
Эмнеге келгенин билелик.
Деп Коңтөрө күүлөнүп,
Алкара минип алкынтып,
Алып кирсе сыр жебе,
Артынып колго алышып,
Алиги калмак улугун,

Артынан жөөлөп калышып,
Сандаган кытай көп калмак,
Кайгуулду катуу салды эми.
Мына ошондо көп калмак,
Көңтөрүлө жөнөдү,
Көрүп турат Күлчоро,
Атынан түшүп олтурду.
Ар кандай душман болсо да,
Айбыкпаган эр неме,
Абайлап байкап турду эми.
Мына ошондо Күлчоро,
Кийими тонун кийди эми.
Эмине болсо көрдүм деп,
Атына бала минди эми,
Атышмак үчүн манжуга,
Атай чоро жүрдү эми.
Атаңдынт көрү калмакты,
Табайын деп жүрдү эми.
Суркоён менен буркутуп,
Султан чоро жанагы эр,
Каптал менен буркутуп,
Кайран чоро келе атат.
Баабедин деп бат айтат,
Атанын атын жат айтат,
Бура көкүл, орок баш,
Буудандын бири ушул ат.
Бура тартып алганын,
Бурутту көрсөм экен деп,
Буктан калмак шашпагын,
Жолумду тозуп тургандар,
Жоодон качпас эр болсоң,
Жолду тозуп турдуңар,
Жоболондуу сен калмак,
Жолугаар күнүң бүгүнбү,
Деп Гүлүстөн күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Ачуусу келип арбайып,
Аттанып калды дардайып.
Каруу кетип бөлүнүп,
Кайра жаачу булуттай,
Каары келип бетине,
Капталга кылыч байланып,
Кан ичмеси бек кармап,
Кан Семетей абадан,
Кабар албай келе атат,
Кандай да болсо душманды,
Кайра айланып сүрөйүн,
Кайрылып эми кирейин,
Кан Коңурбай улуктун,
Кайда экенин билейин,
Абакем эмне болду эми,
Эмине жумуш иштеди.
Канчоро кайда кетти экен,
Кайгуулду катуу чалайын,
Башбактатпай душманды,
Балтыргандай кыйратып,
Бастырып эми барайын,
Баатыр Манас арбагы,
Колдойсуңбу мени деп,
Алты айдан бери душман менен,
Атышты катуу салдым мен.
Атактуу манжуу төрөнүн,
Айылына чейин бардым мен,
Алаке кандын Карагул,
Алдатып ийип ушуга,
Азапты абдан тарттырды.
Айласын эми табарда,
Алдыман калмак кабылды,
Аман-эсен кутулуп,
Алиги калмак сабылды.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Деп Гүлүстөн бастырып,
Кайнап жаткан көп калмак,
Кара курттай жайнады.
Кан Коңурбай чоң төрө,
Кабылдан чыга калганы.

Мына ошондо Гүлүстөн,
Алмабаш менен үч атып,
Калың элдин ичинен,
Канчасы кетти куланып,
Добулбасты бир коюп,
Алмабашты аралаш,
Манастап ураан чакырып.
Сур коёндой буудандын,
Такымга тартып жиберип,
Качпа калдай улугу,
Кангайдан чыккан сен белең,
Кана бери тартчы эми,
Качырышып көрөлүк,
Деп Гүлүстөн кайран эр,
Оозун тосо берди эми,
Астындагы сур аттын,
Арам өлгөн Сур коён.
Кырк бир асый мал ошол,
Кайыптан бүткөн жаныбар,
Жебелүү күлүк кара атка,
Жете турган жайы бар,
Мына ошондо Коң төрө,
Каары келип бөлүнүп,
Көбкөрдөй кызыл таш,
Төбөсүндө жаркылдап,
Асаба колдо калкылдап,
Чоң өтүк бутта салпылдап.
Кебез өтүк, кең байпак,
Келберсиген чоң калмак,
Аттын оозун бурду эми,
Атаңдын көрү буруттун,
Атайын мага бет алып,
Келген жатат дегенсип,
Ачуусу келип күлдү эми.
Алкара сындуу буудандын,
Оозун жыйып бек сүйлөп,
Бурутка жалпы кирели,
Туш-тушка анын эттерин,
Найза менен тешели,
Азабын колго берели,
Деп Коң төрө күүлөнүп,
Калкын айдап калганы.
Мына ошондо көп калмак,
Сандап жөнөп калды ошо,
Кайнаган элди көргөндө,
Камбыл болгон кайран эр.
Каткырып күлүп келе атат,
Жайнаган манжу кытайды,
Жан экен деп санабайт.
Атып жаткан калмакты,
Киши экен деп карабайт,
Коң төрөгө бет алып,
Арандай оозун ачтырып,
Ак көбүгүн чачтырып,
Сур тулпардын үстүндө,
Гүлүстөн келет качырып,
Мына ошондо Коңтөрө,
Жойкара баатыр кандайсың,
Жоо эсебин тапчу элең,
Жолун тозуп жатчу элең.
Жоболоңдуу буруттун,
Далайларын сен баатыр.
Жоолашканда куруттуң,
Кече арыстан Манас келгенде,
Бээжиндин жолун бөлгөндө,
Далай эрлик жасадың.
Эсиңдеби а кезде,
Эмине жумуш кылганың,
Астын тогуз баланын,
Алдап кармап алалык.
Аман-эсен кармасак,
Эсенге ала баралык.
Мына ошондо Жойкара,
Кой күрөңдөй буудандын,
Өлөрүнө карабай,
Өкүм калмак жөнөдү.

Алтай-алтай-алтайлап,
Жабу-жабу-жабулап,
Жамгырдай кылып ок атып.
Жалпы калмак жөнөдү,
Келе жатат Гүлүстөн,
Алла берсе тилекти,
Алаке кандын Коңурга,
Бет алышып жетем деп,
Кызы талак калмакты,
Кылыч сайып өтсөм деп,
Дили кара душманды,
Дитим менен сайайын,
Деп Гүлүстөн келе атат.
Астынан тозгон көп калмак,
Катары менен экини,
Каптай сайып бир коюп,
Коңурбайдан башканы,
Жан экен деп самабай.
Сандыргалуу кайран эр,
Сан кытайды аралап,
Салып жүрүп келе атат,
Мына ошондо карасаң,
Көй күрөңдү бургутуп,
Көсөр калмак дыргытып,
Качырып сала берди эми.
Жойкара менен Карагул,
Аттарына камчы уруп,
Арыстан бала Гүлчоро,
Абацлап бир аз байкаса,
Астында желип келе атат.
Ашыгып бала шашпады,
Абдыгып мылтык атпады,
Катары менен экөөнү,
Капталга сайып өтөйүн,
Калмакта калган кезимде,
Бирнчисин төлөйүн,
Мындай кызык болобу,
Жакын келсем эми деп,
Жалтанбай чоро жөнөдү,
Астына минген сур ат,
Ала качып дыркырап,
Алиги калмак уулуна,
Арыстан бала Гүлүстөн,
Айланып учуп жеткени,
Жетип жерде байкасаң.
Эки манжу, кырк кытай,
Катар найза тийди эми.
Алты найза бир тийсе,
Аттан көчүк кылтанбайт,
Арсылан бала Гүлүстөн,
Мура гүлдүү сыр найза,
Булгап шилтеп кирди эми,
Карагул менен Жойкара,
Катар шилтеп өттү эми,
Кангайлардын улугу,
Катар ыргып түштү эми,
Ачуусу менен сайыптыр,
Алиги чоро байкасаң,
Жойкарадай балбандын,
Алты түгөй кабырга,
Капталына чөгүлүп.
Алты олпок, беш чопкут,
Катар тешип кетиптир,
Карагул манжу болбосо,
Казасы мунун жеткенби.
Адис тууган калмагың,
Ажыратып кетиптир,
Кайра тартып көп калмак,
Жалпы качып калганда,
Артына чоро кирди эми,
Жойкара кайда кетти деп,
Жолуман душман бөлдү деп,
Карт калмак кайда кетти деп,
Калың калмак болду деп,
Как калмакка жеткенде,
Кашайтайын эми деп.

Атанын кегин алайын,
Алмамды сайган калмактан,
Айланып не калайын,
Алым бир келсе мен бүгүн,
Айланып аны табайын,
Атаңдын көрү манжу кул,
Атыңды тартып мен алып,
Абакеме барайын.
Кан Манастын арбагын,
Качан болсо сыйлаймын,
Кара инет көп калмак,
Кандайда болсо чыдаймын,
Бетиме менин бир келсе,
Беттешип бир жол тынайын,
Жолумдан чыккан эр болсо,
Жоолашып эми тынайын,
Сур коён менен барамын,
Айланайын чоң сур ат,
Аркардай арыш ала көр,
Алдымдагы душманга,
Эки жетип бара көр.
Бетиме келген душманды,
Кылычтуусун кыйратып,
Найзакерин талкалап,
Катары менен алтысын,
Каттап сайып баратат,
Бетине келген душманды,
Безбелдектей айдады,
Өр таяна бергенде,
Зулпукор менен жалмады.
Бура тарта бергенде,
Айбалта менен айдады,
Кайра тарта бергенде,
Каскакта алып айдады,
Бетине чыга калганда,
Башын кесип байлады,
Бат алды качкан эми,
Алма баш менен жайлады.
Кашына келген калмак жок,
Кайрылып ага бармак жок,
Бетине келген калмак жок,
Бет алып ага бармак жок,
Кылычтуусун кыйратып,
Сооттуусун сойлотуп,
Кан майдан уруш ушундай.
Кайран бала Гүлчоро,
Келе жатат артында,
Кенебеген эр немең,
Келе жатат чуратып,
Буудандын оозун буратып.
Бута бою жарлардан,
Буруксуган эр чоро,
Бура тартып буратты,
Намыз үчүн кайран эр,
Бууданды минип чуратты.
Калың калмак эл менен,
Кабылан чоро урушуп,
Кетип мындан баратат,
Кезеңдүү жерге жеткенин,
Келиштирип чуратып,
Керекелүү күлүктүн,
Эченки буудан басты ошол,
Буруксуган чоң сур ат,
Буткулдуу жерде чуратып,
Буйтап качкан калмакты,
Буткулдан издеп тапты эми,
Буудандын оозун жыйбастан,
Бугуну коодон кууду эми,
Жантайма эчен мыкты зоолордо,
Жайылып калмак көчтү эми.
Өлгөнүнө карай өкүм калмак келет,
Эмине болсо көрдүм деп,
Башына түшсө күн бүтсө,
Как ушундай майдандын,
Арасында өлдүк деп,

Өлүмгө өзүн байлаган,
Өч алуучу арыстаның,
Өжөрлүгү кармаган,
Кайраттанып алган эр,
Калмакты кууп барган эр.
Күнү-түнү эки кул,
Эс албай уруш салды эми.
Эр Алмаңдын баласы,
Эрте кирген согушка,
Эртеси бешим болгондо,
Эр таштабай душманды,
Эми кетемин кайра жолго деп,
Текеске жетип барайын,
Тегиз кабар алайын.
Теңиренген калмакты,
Бир майтарып салдым мен,
Абама айтып барайын,
Атайын көчүп отуруп,
Текестен ашып түшөлү,
Суук ашуудан эңкейип,
Калың жылкы жеткендир,
Канчоро эмине болду экен,
Абакем Бакай жарыктык,
Кандай иште калды экен.
Жараты жакшы болду,
Абамдын ишин билемин,
Айланып жүрүп отуруп,
Ысык-Көлгө жетемин,
Деп Күлчоро ойлонуп,
Буудандын оозун бурду эми.
Буркуратта жүрдү эми,
Аргымак оозун бурду эми,
Арыстан Алмаң баласы,
Аркырата жүрдү эми.
Артыман келсе көрөмүн,
Арамзаада калмак менен,
Бир тогошуп кетемин,
Деп Күлчоро келе атат,
Жебелүү күлүк чоң сур ат,
Эки тердеп буркурап,
Алган экен чоң сур ат.
Басканына мал жетпей,
Калган экен чоң сур ат.
Жети тердеп, беш кургап,
Алган экен чоң сур ат.
Желгенин жел жетпей,
Калган экен чоң сур ат.
Жал куйругу жайылып,
Жама жайы төгүлүп,
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдө карсылдап,
Басканына мал жетпей,
Бали буудан чоң сур ат.
Баш аламан согушта,
Кандык чоң сур ат.
Кайра жолго түшкөндө,
Кадик буудан чоң сур ат.
Камандай болуп бөлүнүп,
Учуп кетип баратат.
Мына муну таштайлы,
Калмактан кабар баштайлы.
Кан Коңурбай төрөсү,
Кайра тартып айтты кеп.
Кана журтум не дейсиң,
Алдырып миң жылкымды,
Арманда калып каламбы,
Арамзаада буруттуң,
Аттанып кетти карачы,
Артына эми барамын,
Айтышты катуу саламын.
Атаңдын көрү жоо менен,
Өлүмбай кантип каламын.
Жойкара кайда кетти деп,
Жолду бүгүн чаламын,
Алкара минип булкунтуп,
Мен бурутка барамын,

Мына ошондо Жойкара,
Адесең кетет караган,
Ат үстүндө жүрө албай,
Араң келет ушундай,
Бир убакта байкасаң,
Жан жагында киши бар,
Жоюп тайып абыдан,
Качкын кулуң келди деп,
Капталдан сайып жеңди деп,
Кабыргамды кыйратып,
Калмакты кырып кеткени,
Кайгулга бурут жетти деп,
Кантерди билбей мен калдым.
Кара жанды камчылап,
Өлө турган болдум мен,
Өпкөгө найза тийди деп,
Эрте Бээжин жетпесем,
Менин кат ажалым жетти деп.
Алы-жайың кандай деп,
Аким кытай сурады.
Алып барып Бээжинге,
Айыктырып келгин деп,
Эр Карагул төрөсүн,
Кошо кошуп берди эми.
Калмактан кетип барамын,
Кайыр кош аскер деди эми.
Бурамыр жакшы болгондо,
Токтобой келе берсин деп,
Сур кытай айтты жаңкыга,
Эр Карагул бат келгин,
Эми барам бурутка,
Эч кимиң калба артымдан,
Айчыктуу тууну жүктөгүн,
Артыман калбай бүктөгүн,
Айтамын сендей экөөңө,
Азыраак кулак салыңар,
Аман барсам Бээжинге,
Айта турган кептер бар.
Артыман түмөн кол келгени,
Атка минбей жөө келсем,
Алптын баары бүт келсем,
Деп Коң төрө тапшырды,
Тамак-ашын камдасын,
Атышам бурут жоо менен,
Ок дарыны көп алсын,
Алты күндөн, алты күн,
Он эки күнгө толгондо,
Бурамыр келет артыман,
Аны менен жанаша,
Жойкара жүрсүн артыман,
Сен Карагул чоң төрө,
Алты күндөн калбай,
Арттан аскер ала кел,
Кызыл-Кыя, Жар ташка,
Ошого чейин барамын,
Кайдан да болсо жылкыны,
Изин таап аламын.
Айдап кеткен буруттун,
Азапка башын саламын,
Азыркы кеткен качкындын,
Артынан эми барамын.
Аттангын журтум турбагын,
Абайлап сабыр кылбагын,
Он алты күндүк көк чөлдөн,
Көчү деми көп чөлдөн,
Эми көчүп чыгалы.
Эрдемсинген буруттун,
Эсебин эми табамын.
Менменсинген качкын кул,
Как ошого барамын.
Айласын анын кетирип,
Ал ошо жылкымды кайта аламын.
Деп Коң төрө күүлөнүп,
Чоң кара атын токунуп,
Чоң кытай арта минди эми.

Күн батыш көздөй жер жайнап,
Көп кытай көчүп жөнөдү.
Мына ошондо Гүлүстөн,
Күнү басып эки күн,
Түнү басып эки күн,
Чоң текеске жетти ошо,
Абасына келди эми,
Алкымда согуш дагы бар,
Аттанып Бакай аякта,
Деп кан Семең айтканда,
Баатыр Семең төрөсүн,
Эр Гүлүстөн көчүрүп,
Суук-ашуудан өткөзүп,
Маңдайкы кайкы белеске,
Чатырын оңдоп тиктирип,
Абам Бакай кайда деп,
Издеп чоро жөнөдү.
Мына ошондо Гүлүстөн,
Дүрбү салып карасаң,
Алкымда жатат көп кытай,
Эр Мурадыл баш болуп,
Муну чоро көрдү эми.
Эр Семеңе келди эми,
Улуксат бала алды эми.
Алтымыш чоро жанында,
Чатырды турат каптырып,
Абамды мында жибер деп,
Кан Семең айтты мындай кеп,
Макул бааатыр эми деп,
Сур телкини минди эми.
Сумсайып жоого бет алып,
Султан бала жүрдү эми.
Ак телкини минди эми,
Али жаткан душманга,
Арыстан бала бет алып,
Айланып бала жүрдү эми.
Абамды таап алайын,
Али калмак келгиче,
Али көчүп биз өтүп,
Айыл жакка барайын,
Жылкынын талды буудандар,
Каркырага жеткендир,
Арыстандай чоролор,
Айдап алып кеткендир,
Жолунда душман жок болсо,
Ал андан ары өткөндүр,
Деп ойлонуп Гүлүстөн,
Ак телкисин камчылап,
Алла таала бир кудай,
Колдойсуңбу бизди деп,
Жараткан Алла бир кудай,
Жалгай көргүн бизди деп,
Жабадыгер бир Алла,
Жалгай көр ушул жолдо деп,
Аман-эсен жылкыны,
Айдап жетип биз алсак,
Айкөлүңдүн баласы.
Айыгып кетсе жараттан,
Анан атка минсе деп,
Эр тилегин эр тилеп,
Жараткан Алла бир кудай,
Күнөөкөр кылып койбосо,
Өзү менен тең тилеп,
Калмактын жолун буубасам,
Каңгайды каптап куубасам.
Тыңшанын жолун буубасам,
Динсизди кайта куубасам.
Кандай иш болсо көрөмүн,
Кан Коңурбай улуктун,
Канын суудай төкпөсөм,
Алты-жети күндөрдө,
Араң калмак келбейби,
Аманат жаным соо болсо,
Мен анын азабын абаң баш болуп,
Аябай жатып бербейби.

Деп ойлонуп Гүлүстөн,
Кан майдандуу согушка,
Кирип келди чамалап,
Айланайын кан аба.
Айланып барсын уулуң,
Жолуңду тосуп турайын.
Мурадылды урайын,
Деп Гүлустөн айтканда,
Макул деди абасы,
Касиеттүү мына бу,
Кан Бакай сындуу абасы,
Көк ала менен желпинип,
Желип кошо келгени,
Кан Семетей улуктун,
Кабарын алып турганы,
Кандай баатыр деги деп,
Кабар алчы эми деп,
Жоо четине бардык деп,
Жоодон кабар алдык деп,
Жолдон тоскон Мурадыл.
Жолдон согуш салдык деп,
Жылкынын алды бул кезде,
Кашты эңкейип кеткендир,
Кең ээнби үч арал,
Кенен жылкы жеткендир.
Эс алып бүгүн жаталы,
Балдардан кабар алалы,
Бастырган жоодон бөлүнүп,
Айылга эми баралы.
Баатырлар келсе чогулуп,
Аңгемени салалы.
Деп кан Бакай айтып кеп,
Мына ошондо Гүлүстөн,
Кан майданда чоң согуш,
Четине келип тык токтоп,
Канчоро кайда болду деп,
Кабарын алып келемин,
Кайда экенин билемин,
Деп Гүлүстөн келди эми.
Жебелүү күлүк Ак Телки,
Жетип кирип барганда.
Эр Мурадыл баш болуп,
Эр Канчоро баатырды,
Эки курчап алыптыр.
Мына чоро көрдү эми,
Алты күлүк ат менен,
Алты жигит жанында,
Канчоро жүрөт согушуп,
Кандайда болсо ушунун,
Калмактан алып тынайын,
Кармалашып согушта,
Бетине келген душмандын,
Канын суудай чалайын.
Баатыр чоро бакырып,
Бет келгенин качырып,
Берки бала Гүлчоро эр,
Айдап келип жабырып.
Мурадыл да жетсем деп,
Көксөм келет качырып,
Көргөндө мына чоронун,
Көп калмак келет шашылып,
Алкым жагын Гүлүстөн,
Айдап келип жабырып,
Желек жагын жабырып,
Канчоро келет сапырып,
Күнү-түнү эки күн,
Уруш болду ушундай.
Биирне-бири кезикпей,
Алмабаш менен какчы баш,
Мылтык үнү угулуп,
Эки күнгө толгондо,
Үчүнчү күнгө барганда,
Айдап келип душманды,
Арыстан кулдар кошту эми,
Сенин алың кандай деп,
Бирин-бири сурашып,

Бет алдырбай душманды,
Белестен ары ашырып,
Берен Семең баатырдын,
Жаткан жерге келди эми,
Кандай аба алың деп,
Кабылан кулдар сурашып,
Арбакка атап мал союп.
Азык кылып алышты,
Аңгемеге киришип.
Абакем Бакай кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап,
Айланайын жаш балдар,
Айтайын деген акылым,
Азыраак кулак салыңар.
Атанып эми кетели,
Көп жылкыга жетели,
Кайнап аткан жылкыны,
Каркырадан эңкейтип,
Көлгө кирип кетели.
Абакеңер эр Семең,
Азыраак жарат оңолбой,
Азыраак начар өңдөнүп,
Алакды кылды силерди,
Эртең эрте кетели,
Тынбай жөнөп отуруп,
Семин башы үч арал,
Эртең балдар жетели.
Деп кан абам айтканда,
Баатырлар макул болушту.
Эрте туруп арыстаның,
Аттарга жүгүн арттырып,
Ок-дарыны куржунга,
Арбын салып алышып,
Арбууданды Гүлүстөн,
Атайын токуп келди эми,
Айкөлүңдүн баласы,
Атына эми минди ошо,
Алла колдо бизди деп,
Айланып элге жөнөдү,
Айдаганы Сай күлүк,
Айдап жолго салышты,
Жандай салып отур деп
Арт жагына Гүлүстөн,
Кароолчу болуп калды эми.
Эр Канчоро баатырды,
Жылкыга эми жеткин деп,
Эрте жолго салышып,
Кан Семетей, кан Бакай,
Орто жолдо бaратат,
Күнү-түнү жол басып,
Илээнин башты үч арал,
Үч коңуздай жети арал,
Жетип булар конду эми.
Коңурбайдын сан жылкы,
Илээнин башын кечиптир,
Үч аралдан тебиптир,
Каркыранын сазынан,
Үкүргүнүн боюнан,
Үч капкактын оюнан,
Өтүп кетип сан жылкы,
Каркыранын белинен,
Улабастын тоосуна,
Жаткан экен жайылып,
Жылып сабап отуруп,
Жеткизип эми ушунда,
Каркыранын түзүнө,
Калайык келип конуптур.
Качан Семең келет деп,
Кабыланды күтүп жатты анан,
Эр Канчоро келди эми,
Алы-жайды билди эми,
Анан күнү конуп ал жерге,
Эртеси кайра жол чалып,
Абакем эмне болду деп,
Айланып кайта жүрдү эми,
Илээнин башы Үч арал

Жети чоро келди эми,
Канга кабар берди эми,
Касиеттүү кан Бакай,
Кан абам сүйлөй баштады,
Жатканыбыз болбойт деп,
Жалпы аттангын эми деп,
Жылкыны жолго салалы,
Жылдырып айдап алалы,
Кең Ысык-Көл жериңе,
Келип жылкы жаялы,
Аттанып андан көчүштү,
Абамдын сөзү макул деп,
Айтылуучу акыл деп,
Андан көчүп олтуруп,
Улабастын тоосуна,
Каркыранын сазына,
Кан Манастын балдары,
Каткырып кирип келишти.
Мына кадимки кыргыз сазына,
Жылкынын четин топтотуп,
Жыйнап кетчү окшотуп,
Баш аягын баш кылып,
Балдары жүрүп аттанып,
Алдына салып жылкыны,
Айдайсың эми жөнө деп,
Арыстан бала Гүлүстөн,
Аларга жардык берди эми.
Калдайыңдын сур жылкы,
Кайнап жаткан кур жылкы,
Кан Манастын чуу тартып,
Канчороң айдап кирди эми,
Каркыранын башынан,
Кара жолго көп жылкы,
Кайнап бир жаңы түштү эми,
Капталын айдап Канчоро,
Жээк жагын желпинтип,
Жел жетпес балдар айдады,
Жети сан какан жылкысы,
Же майышып жөнөдү,
Калмактын эли аралаш,
Калбай кетип баратат,
Манжунун эли аралаш.
Манжу, кытай көп солон,
Баары мында аралаш,
Баарың жолго түштүң деп,
Ак телкини камчылап,
Арыстаның Гүлүс артында.
Айдаган калмак эл менен,
Айкөлүң кошо аттанды,
Артында калып Гүлүстөн,
Калмакты тозо баштады,
Аттап алган чоролор,
Айдады жылкы калтырбай.
Арыстандай алышкан,
Айтылуу Манас балдары,
Атактуу сонун Ысык-Көл,
Айдап бир кирип келишти.
Алиги манжу жылкысын,
Калмактан кабар билинбейт,
Кайдан келет эми деп,
Кандардын көөнү басылды,
Мына ошону байкасаң,
Калмактан чыккан Мурадыл,
Күңгөй менен жөнөптүр,
Алдын тозом душмандын,
Деп чоң кытай жол басып,
Көлдүн келген четине,
Коңурбайдын көп жылкы,
Кайнап жатат сур жылкы,
Тескейге Бакай салдырган,
Тегиз мындан айдатып,
Алган экен кан Бакай,
Тескей менен кеткен,
Мурадыл укту кабардан.
Отуз миң калмак дөө алып,
Көл аягы четинен,

Көргөзмөк болуп жөнөдү,
Каркыранын кара кыр,
Кулжалар жатат беттерде,
Эки күн жатты жай алып.
Калмак келбей калганбы,
Кайда кетти эми деп,
Кабарын алсам экен деп.
Канча бир күнү күттү эми,
Алты күн жатты эс алып,
Артынан куугун түшпөдү,
Жети күн жатып эс алды.
Бууданды баатыр токуду,
Укуругу менен үч капкан,
Мунун боюн чалды эми,
Кайнаган аттын изи бар,
Көлдү карай бет алып.
Кетип калган түрү бар,
Муну чоро билди эми,
Мурадылдын буурулдун,
Изин таап алды эми,
Кайда барат калмак,
Кабыланың жолго кирди эми,
Ак телки менен Сур коён,
Арышын чоро кердирди,
Өткөзүп ийип калмакты,
Каламбы деп арманда,
Кайдан да болсо табайын,
Кангайдын жолун чалайын,
Айылыма келген калмакты,
Атымбай кантип калайын,
Атыма камчы салайын,
Атаңдын көрү калмакка,
Аттанып эми барайын,
Буудандын оозун бурайын,
Буруксуган калмакка,
Бургутуп эми барайын.
Белестен жатып өткөзүп,
Бегиме кантип барайын,
Деп Гүлүстөн күүлөнүп,
Ак телкини токунуп,
Алты чепкен, он чопкут,
Арыстан бала кийди эми.
Астындагы кытайды,
Табайын деп жүрдү эми.
Айнеги айнек капкардан,
Ак дүрбүнү колго алган,
Кайда душман жатат деп,
Кабарды чоро эми алган,
Турнабай салып караса,
Душманың кетип баратат.
Салынган бурчук талаада,
Керилип жатат Ысык-Көл,
Ылдыйлап душман барыптыр.
Көл аягы четинен,
Жылкы өтүүчү белинен,
Тозуп жатат көп калмак,
Кочкор жаккы бетинен,
Муну көрдү Күлчоро,
Сары аяздын жонунан,
Дааналап көрүп алды эми,
Тамашага канды эми,
Абайлап көрүп алды эми,
Жылкы кайда баратат,
Гүлүстөн көрүп турду эми.
Бул жылкынын артында,
Кан Бакай, Семең баратат,
Кабылан байкай көрдү эми,
Арт жагында сандаган,
Аскер барат жайнаган,
Карагул калмак келатат,
Жылкынын түшүп артынан.
Арыстандай Гүлүстөн,
Ачуусу келди абыдан,
Артына дүрбү салбаган,
Маа кеңешип абакем,
Жай баратат байкасам,

Кечке саап отуруп,
Мен көп калмакка жетемин,
Чынмачындын калмагын,
Чыркыратып кирейин,
Азабын колго беремин
Жылкы алуучу калмакты
Жылас кыла кетемин
Деп Күлчоро ойлонуп
Арсыландай толгонуп,
Ак телкиге минди эми.
Алты чоро жанымда
Артыман келе бергин деп
Калмакты карай жөнөдү.
Шашпай эртең келиңер,
Сур коёндой тулпарды
Мага балдар бериңер
Сур коён коштоп султаның
Сумсайып жолго түштү эми
Эрте жөнөп сары аяз
Аттан болчу Күлчоро
Бешимде келди жакындап
Карагулга такымдап
Тоңдун белин ашканда
Жете келди калмакка
Ак телки менен жакындап
Артынан сүрө түшөйүн
Абама айдап кетемин
Акими экен бул калмак
Айылга айдап жетемин
Баатырсынган калмакты
Байлап алып кетемин
Дөгүрсүгөн калмакты
Төбөсүнөн түшөйүн
Төрт түлүгүн чагайын.
Төбөңдөн урган калмакты
Төбөсүнөн басайын
Ары качса Канчоро
Абайлап байкап тургандыр
Бери тартса калмакты
Беттешип найза сайайын
Сыртка чыга калса да
Сыртынан издеп табайын
Сырттан Манас баласы
Эмине болуп кетти деп
Элдин бир көөнүн бурайын
Деп Гүлүстөн жакындап
Эки буудан ат келет
Келип калды такымдап
Бешим ченде жетти эми
Жер майышкан кытайга
Барманды бат тартып
Баатыр Манас, Манас деп
Арбагына сыйынып
Атасы Манас колдо деп
Кирген жакын жабырып
Төрөңдүн үнүн укканда
Кытай калды шашылып
Кайсы жактан келди деп
Жалпы кытай жабыла
Кайра тарта качырды
Жан экен деп санабай
Эл экен деп карабай
Кан майданга Гүлүстөн
Алган экен машыгып
Манастын атын жар айтып
Баатыр колдо деп айтып
Алмабаш менен үч атып
Каткырып күлүп кайран эр
Кайнаган калмак улугун
Карагулга камчы уруп
Жиберди мурун жетти эми
Жеткен мурда Гүлүстөн
Тору айгырдын үстүнөн
Кошо муштап өттү эми
Кайнап жаткан калмакты
Сан жылкынын артынан

Айдап чоро жөнөдү
Эчен калмак улугу
Эми көрүп чорону
Эмине болуп кетти деп
Эстен танган андан көп
Тескейден терс жолунда
Текенип жөнөп Гүлүстөн
Теки укмуштай салышып
Күн батышты карата
Гүлүстөн айдап келе атат
Мына ошондо Канчоро эр
Белестен жылкы ашырып
Күлчоро эмине болду деп
Эсине муну алыптыр
Айнеги алтын ак дүрбү
Али чоро караса
Кайнаган калмак жоо келет
Артынан түшүп Гүлүстөн
Соотуну сойлотуп
Мылтыктууну кыйратып
Найзакерди найзалап
Кылычтусун майдалап
Айбалта менен арстаның
Алган экен айдалап
Жалк эткен жойулдап
Калк эткенин кылычтап
Былк эткенин мылтыктап
Катары менен экени
Каптай сайып баркырап
Баабедин деп бакырат
Манастап ураан чакырат
Жерген жаба,  сыр жебе
Жети тартып жиберип
Айландырма сыр жебе
Алты тартып жиберип
Астындагы Ак телки
Олбуй-солбуй камчы уруп
Ойронуң айдап келе атат,
Айдап келет жабырып
Муну чоро көргөнү
Белестен түшүп Канчоро
Баарысы Семең баатырдын
Бер жагына барды эми
Кайгуулдап жолду карадым
Калмактар келет артта
Кабыландай качырып
Күлчороң айдап алыптыр
Аттанып мен да барамын
Алдынан сайып калмактын
Анан бир өчтү алайын
Деп Канчоро айтканда
Улуксат берди эр Семең
Аттанып чоро жөнөдү
Көк телки менен чуратып
Алдынан чыгып тозду эми
Артынан айдап Гүлүстөн
Маңдайдан тосту Канчоро
Бардык калмак ортодо
Баатырың мурза чоролор
Ортого душман жоо болду
Манастын атын Канчоро
Калмакты кайта жабырды
Адырдуу көлдүн жээгинде
Уруш болду ушундай
Карагул менен көп аскер
Токто бербей качты эми
Күнү-түнү салышып
Жаа берип калмак шашылып
Экенчи күнү бешимде
Калмакты айдап отуруп
Каркыранын оюна
Сары жаздын боюна
Канчоро менен Күлчоро
Кабылан балдар келишти
Мындан кайра тартамын
Күлчоро кепти баштады

Айланайын абаке
Аттын башын тарталы
Мурадыл кеткен урушта
Көл жакалап көчкөндүр
Көлдү бойлоп жол тозуп
Карагул кайдан табам деп
Бурутту минтип чабам деп
Калмактарын бекитип
Кайраттуу болуп аткандыр
Буудандын оозун буралы
Бул калмакты тозолу
Жетип жылкы тозбосун
Мурадылга барайын
Күнгөй менен жөнөйүн
Сен Тескей менен жөнөгүн
Жылкы ушул кездерде
Ат-Башыга баргандыр
Абакем Бакай,  эр Семең,
Эмине болуп атты экен
Андан кабар сен алгын
Батыраак жетип калмакты
Баштайын сонун эрмегин.
Деп Гүлүстөн айтып кеп
Ак телки менен Сур коён
Арыстанда Күлчоро эр
Айланып кайта жөнөдү
Эки чоро жарышып
Элдин алды жатканда
Экөө эки жак менен
Өрдөп келет Ысык-Көл,
Эр Канчоро таң ата,
Эр Семеңе келди эми
Жатпайлы мында аба деп
Манжыл-Ата мазардан
Бастырып көчүп жөнөдү
Күңгөйдө калмак жол тозуп
Жатканын айтты Канчоро
Арыстандар жөнөдү
Гүлүстөндү тапмакка
Алты күлүк ат менен
Эр Канчоро астына
Аттанып мурун жөнөдү,
Калмактын жолун тозмокко
Мына ошондо көп жылкы
Кең Нарындан өтүптүр
Берен Сергек баш болуп
Айдап барат жылкыны
Алтымыш чоро жанында
Отуз миңдей көп калмак
Кошо барат кашында,
Алты миңдей жылкычы
Жан кысталак кыйын го
Айдап барат жылкыны
Ат-Башыда Кошойго
Айдап жылкы жетизүү
Аи эрдин милдетти
Сандап жылкы чубаса
Сайкардан өтүп баратат
Күнү-түнү алты күн
Айдап жылкы отуруп
Ысык-Көлдөн чыкканча
Алты күнгө толуптур
Айдап жүрүп отуруп
Жетинчи күнү кечинде
Чеч-Дөбөнүн оюна
Коңурбайдын көп жылкы
Жайнап жете келди эми
Мына ошондо абакем
Карып калган кези экен
Кер күлүк сындуу ат минген
Кемсел алтын тон кийген
Байланып калган эшиктин
Бакым айткан эр Кошой
Мекке менен Бээжиндин
Жолун алган кан Кошой
Жылкынын четин токтотуп

Берен Сергек баш болуп
Абаңа салам беришип
Арыстан Бакай жазганды
Алиги эрлер беришип
Абакем Кошой жарыктык
Айтуучу сөздү жаңыдан
Алыпсыңар калчанын
Атактуу калың жылкысын
Бир жылдан ашуун болду го
Кайгылга силер кеткени
Калча, Эсен жөн жатпас
Кармашар кези келди деп
Абакем айтып мындай кеп
Кан Бакай кайда калды деп
Кабарды эми алгыла
Кайра айланып баргыла
Жолдон душман көрүнсө
Жарагын колдон алгыла
Деп кан Кошой айтып кеп
Кайра келген жол менен
Серекти баштап айдады
Берендер сабап отуруп
Эртеси келди Ысык-Көл
Эр Канчоро жол тозуп
Жаткан экен маңдайда
Муну мында таштаңар
Эр Гүлүстөн баатырдан
Эми кабар алыңар
Бала баатыр Гүлчоро
Бастырып жолго чыкканы
Басташкан калмак эл менен
Барамын эми согушка
Деп Гүлүстөн ойлонуп
Сур коён менен Ак телки
Султан бала мингени
Сабап жүрүп отуруп
Эртеси бешим кезинде
Жете келди калмакка
Токсон миң калмак эл болуп
Токтобой жөнөп алыптыр
Кырымдын уулу Мурадыл
Буурул атын булкунтуп
Бура тартпай жол менен
Таласка чейин барамын
Кайдан да болсо жылкыны
Кабарын анын аламын
Деп күүлөнүп алыптыр
Таластын башын чаламын
Кан Манастын жылкысын
Кайдан да болсо аламын
Калмактан барган элдерди
Кайра айдап аламын
Деп Мурадыл күпүлдөп
Келе жатат дүбүлдөп
Мына ошондо Гүлүстөн
Алма баш менен үч атып
Атаңдын көрү калмак деп
Жеке-жеке,  жекелеп
Жеткилең балаң үн салды
Калмактар калды шашылып
Кайдан чыга калды деп
Өткөзүп ийип биздерди
Өңүп кыргыз турганбы
Чамамды байкап урганбы
Чаңдаган элди өткөзүп
Кайра айланып келет деп
Кабылан тозуп турганбы
Деп чоң калмак токтоду
Шашылбагын берен деп
Качканыңды айтамын
Каргадай болгон баладан
Жабыла калмак качпа деп
Мына ошондо Мурадыл
Жекелеп сабап жөнөдү
Арыстан бала Гүлүстөн
Калмак ээрдин кашы деп

Табарсыктын башы деп
Жардай болгон калмакты
Жай таппас жерге урайын
Атын алып жетелеп
Аким Семең башында
Айтып муну барайын
Деп ойлонуп Гүлүстөн
Астындагы Ак телки
Атка камчы салды эми
Мына ошондо байкасаң
Жоо жарылып чаң болуп
Тоболоң тоодой бөлүнүп
Беттеп кетип баратат
Бирин бири а бүгүн
Кектеп кетип баратат
Көмөлөтө сайсам деп
Көздөп кетип баратат
Көк жал бала Гүлүстөн
Көзөмөлдөп алды эми
Эки буудан жер жарат
Жүз тынбай найза салышып
Экөөнүн сырты албоочу
Буласы бурт деп бөлүнүп
Жеткен жерден калмакты
Ыргыта сайып өттү эми
Жабыла калмак бет коюп
Эр Күлчоро баатырды
Качырып сала берди эми
Кайра тартпас арыстаның
Качырып жоого кирди эми
Бетине келген адамды
Берениң келет айдалап
Кашына келген адамды
Кайран чоро майдалап
Кан Манастын арбагы
Колдогун деп бакырып
Кайнаган манжу кытайды
Айдап алды жабырып
Мына ошондо Мурадыл
Кайра тарткан калмакты
Качпасын деп бакырып
Жолун тозуп чакырып
Манжуң минтип жатканда
Эр Канчоро мынабу эр
Эртелеп жолду тозуптур
Кан Семетей баш болуп
Калбай жете келди эми
Мына ушуну Мурадыл
Байкады жоону жаңыдан
Баатырлары келди деп,
Басташсам алым жетпейт деп
Баардык калмак жөнөдү
Качканын билип калмактын
Кан Бакай эми ойлоду
Артынан түшүп Гүлүстөн
Айдап жоону жөнөдү
Эки күнү согушуп
Эр Күлчоро жанагы эр
Атынын башын бурду эми
Арстаның тиккен чатырго
Айланып кайта келди эми
Ал-абалың кандай деп
Эр Семеңдеп жай сурап
Арсыландай эр чоро
Ал жерге жатып албастан
Кең Таласка бармакка
Кепти Бакай баштады
Эй Гүлүстөн арыстаным
Буурул менен Сур коён
Минип алып бастыргын,
Эр жетип чүрөккө
Эми кабар сен айткын
Оң далыда ок турат
Ойрон Семең абамдын
Жанына келгин дегин сен
Жан адамга билинбей

Азыр барып эрте кел
Түнү менен кайра кел
Деп кан Бакай айтканда
Кабылан эми жөнөдү
Буурулду минип бурата
Сур коёнду коштоду
Эки күлүк ат менен
Бакай жазган кат менен
Сабап жолго түштү эми
Сандыргалуу арыстан
Элдин алды жатарда
Эми келди Таласка
Эр Семеңдин ордого
Жаңы жете бергенде
Акундун кызы Айчүрөк
Торгой болуп бир конуп
Булбул болуп бир конуп
Эми учуп чыксамбы
Эмине болду булар деп,
Жөнөгөнү жатканда
Жете келди Күлчоро
Абакең аман барбы деп
Бей таалай жеңең сурады
Абакем аман келе атат
Айтайын сизге саламды
Ок жаңылып жүрө албай
Оттонуң ысым калды деп
Сары камыштын оюнда
Чатырын тиккен көл жакка
Көк жалың сени тозду деп
Камынгын эрте жетели
Катыгүн жеңе турба деп
Кабылан акта салды эми
Мына ошондо жеңекең
Айланып учуп жөнөдү
Калыкка кабар берет деп
Кан Манастын баласы
Жаралуу болуп Калчадан
Келе жатат экен деп
Калыкка кабар берилсе
Уят болчу ушул иш
Деп ойлонуп Гүлчоро эр
Бышалак сары күңү бар
Айдап келип чоң Талас
Эртеңке чейин жатасың
Деп Гүлүстөн зоо кана
Камап койду ушу жерге
Буурулду минип камчы уруп
Буурул ат жолго кирди эми
Эки буудан ат менен
Эч бир тыным албастан
Жерге жарык төгүлө
Кең Ысык-Көлдүн боюна
Эр Гүлүстөн келди эми
Сары камыштын боюна
Акундун кызы бей таалай
Ак куу болуп жаркылдап
Келип суугa конду эми
Кароолдо турган Канчоро эр
Ата турган болду эми
Атпагын аны баатыр деп
Кан Бакай алды чакырып
Мына ошондо буурулдун
Дүбүртү келди жакында
Эшикке чыгып караса
Эр Гүлүстөн келиптир
Атын байлап мамыга
Айланып үйгө басканча
Канына келип буралып
Кыл торго кийип кубанып
Кылактаган жеңеңиз
Жете келди чорого
Касиеттүү Бакайга
Таазим кылып жүгүнүп
Салам берди бүгүлүп
Кандай баатыр алың деп

Кан Семетей баатырга
Кан Акундун сулуу кыз
Саламдашып турду эми
Ошо кезде кан Бакай
Абакем кепти баштады
Айланайын Айчүрөк
Калмактан жылкы алганда
Алдыңкы арыстан төрөңүз
Азап тартып калганда
Алтымыш күнгө толду деп
Оң далыда огу бар
Бир айла кылып түшүрүп
Аттанып элге баралы
Деп кан Бакай айтып кеп
Чүрөктү карап калганда
Айланайын абаке
Айткан сөзгө макулмун
Алла берсе тилекти
Амал бир жасап көрөйүн
Беринин кызы мен элем
Деп Айчүрөк турду эми
Арыстаным Семем баатырды
Аллам колдо эми деп
Аттап өтүп кетти эми
Ок түшпөдү абыдан
Мына ошондо жеңекең
Көзүнөн жашын төктү эми
Алла Таала кудурет
Жан адамга көз салып
Карабаган жан элем
Эр Семенден боз кертек
Он сегизде бала экен
Ургаачыдан уздуу экен
Аялдардан сулуу экен
Мына ошону көргөндө
Капырга берген сулуулук
Мусулманча урдукту
Деп ойлодум жаратман
Кайсы жерде кем экен
Беринин кызы мен элем
Деп Айчүрөк жеңекең
Ыйлап кайра аттады
Мына ошондо далыдан
Аяктай болгон ок түштү
Арыстан Семең эс алып
Ак сары башыл мал сойду
Ай туякка тай сойду
Арыстан Манас балдары
Атактуу шердин тукуму
Арбакка атап мал сойду
Ал күнү жатып эс алды
Эртесинде баш болуп
Берен Манас баласы
Бет алып көчүп отуруп
Ат-Башынын сазына
Чеч-Дөбөнүн башына
Келип түшүп отуруп
Кан Кошойдой абакем
Батасын алды ушулар
Абакең Бакай баштап кеп
Атактуу манжу жылкысын
Алтайда араң бардык биз
Аңгеме кандык биз
Алаке кандын тукумун
Айласын жаман кетирип
Кабсандап жылкы алдык биз
Кан Коңурбай улукка
Катуу согуш салдык биз
Баатырлар кыйратып
Балдар эми келишти
Кандай да болсо калмак кул
Арттан кууп жетет го
Акылды кандай кылабыз
Кайнаган жылкы мал жүрөт
Каалашынча алып кал
Деп кан Бакай басылды

Мына ошондо кан Кошой
Абакең кепти баштады
Айланайын жаш балдар
Айтайын кулак салыңар
Атайын жылкы тийдиңер
Бир жылда араң келдиңер
Оңой калмак эл эмес
Кандай да болсо бир келет
Эсиңерге алыңар
Кароолду катуу салыңар
Аскерди катуу курайлы
Атышмак үчүн калмакка
Туш-тушка кабар жибергин
Камынсын кыргыз кандары
Белестен кароол үзбөңдөр
Бери Коңур чоң калмак
Бери четтен кирет го
Бети жок калмак эл эле
Беттешпей кайдан кетет бейм
Бар тобокел эми биз
Башка түшсө көнөбүз
Калмактан Коңур кан өлбөй
Канча түрдүү жан өлбөй
Кайра кетпейт бул доңуз
Камыналы эми деп
Кант Кошой айтып түшүндү
Сан жылкынын четинен
Абаңа бөлүп таштады
Алты күн жатып эс алып
Али чоро баатырлар
Чоң Таласка жол тартты
Соң-Көлдү басып өтүшүп
Таласка балдар жетишип
Айдаган жылкы арбын мал
Камчыга ченеп бөлүштү
Калмак келет эми деп
Кан Бакай айтып түшүнтүп
Алдык деп жоону ушинтип
Ат байлансын мамыга
Абайлап жакшы байкалат
Арыстан Семең жанында
Айтылуу чоро арыстандар
Абайлап жатып алышты,
Буларды мында таштаңар
Улугу манжу чоң калмак
Калдайдан кабар алыңар
Катуу багыт чоң Бээжин
Кабарды эми салалы
Калдайдын каны Коңурбай
Кабырай хандын доңуз ай
Белгилүү баатыр Коңурбай
Бет алмак болду ушундай
Казына оозун ачтырып
Карк алтындан чачтырып
Кармашам журт мен барып
Канчалык бурт эл менен
Камынгыла эми деп
Калкыма жарлык салганы
Кан Коңурбай бул улук
Кандардын баары бүлүнүп
Камынып жатат бармакка
Чоң Таласты чалмакка
Чогу кытай бармакка
Чогулуп Талас чалмакка
Чочубай кытай камынды
Найза уучтап жасатып
Ай балтасын саптатып
Кылычты күндө таптатып
Жазайыл мылтык асынып
Жалпы калмак ашыгып
Көк күбөсүн жамынып
Көрсөң калмак сур кытай
Көк жолборстой чамынып
Шыйкку деген кылычын
Сол жагына тагынып
Кара болот ай балта

Кармай алып имерип
Маңдайдагы добулбас
Тартып-тартып жиберип
Алты күндүк жерине
Ашпай-шашпай угулат
Атка минбей жөө келет
Эчен душман жоо келет
Пилге минген дөө келет
Төөгө минген эр келет
Аттан күлүк жөө келет
Кертик минген дөө келет
Кезегин жөө адам аябас
Асмандап учкан аяры
Айлакерден далайы
Төөнү бузчу дөөлөрү
Тоготпогон жоолору
Кайнап калмак сан болду
Четки Бээжин калаада
Жетимиш уруу көп кытай
Жети күнгө толгончо
Жетип кирип жатпайбы
Желмогуз манжу Коңурбай
Жел жетпеген буудандан
Жетелетип алдырган
Жетимиш жылкы болсо
Жетпей бурт калбайлык
Жетип найза салам деп
Жээлигип калмак жатпайбы
Жети күндөн, жети күн
Жер майышкан кол келди
Жер жайнаган мал келди
Жетимиш уруу көп калмак
Жер солкулдап чуу толду
Жети сан калмак бул болду
Алты күндөн, алты күн
Айланып калмак эл келди
Аябаган көп экен
Айтылуу айтылуу кытай эл келди
Бөдөнө алып койгулап
Чопкуттарын чойгулап
Өкүмүнө көндүк деп,
Катды айдасаң өлдүк деп
Кытайдын баары жүгүнүп
Таазим кылып бүгүлүп
Кана манжу улугун
Кан Коңурбай төрөгө
Келин болуп бүгүлүп
Кан төрө көп улук
Көнгөн экен жүгүнүп
Мына ошондо Коң төрө
Кана журтум не дейсиң
Аттанамын бурутка
Артыман элим чубасын
Жорто-жорто болбоду
Бул Манастын тукуму
Жоо малына тойбоду
Ала-ала болбоду
Акылдаган бу бурут
Алаке кандын малына
Ар убакта тойбоду
Аттанамын калайык
Артыман ээрчип келе бер
Чоң Таласка барамын
Чочубай жоону чабамын
Жаралуу кылдым Манасты
Жалтанбаган баласын
Жаза сайып кутулду.
Жанында чоро улукту
Аттан күлүк жооң жүр
Амалын жоонун табуучу
Айлакериң калбай жүр
Асмандаган аяр жүр
Амалын таап аламын
Азыр Талас барамын
Айтылуу Манас баатырдын
Балдарын чаап аламын

Өтүп кетти ушунун
Өкүмсүгөн азабы
Алкараны минемин
Аттаныпп эми жөнөйүн
Менин айткан жарлыгым
Атадан алтоо бар болсоң
Экөөң элге кайтыңар
Атадан бешөө бар болсоң
Бирөөң элге кайтыңар
Атадан төртө бар болсоң
Бириң элге кайтыңар
Атадан үчөө бар болсоң
Бирөөң үйгө кайтыңар
Атадан экөө бар болсоң
Бирөөң мында калыңар
Атадан жалгыз бар болсоң
Аның элге кайтыңар
Менин айткан жарлыгым
Эми айтам мен өзүм
Алтай эли канчасың
Азыр бергин эсебин
Манжу эли канчасың
Батыраак бергин эсебин
Шибе эли канчасың
Мунун бергин эсебин
Жангер эли канчасың
Жалпы бергин эсебин
Тыргот эли канчасың
Тынбай бергин эсебин
Жангер эли канчасың
Жана бергин эсебин
Арат эли канчасың
Азыр бергин эсебин
Карат эли канчасың
Калтырбай бергин эсебин
Инди-кытай канчасың
Илгирбей бергин эсебин
Манжурия канчасың
Баарын бергин эсебин
Ойрот эли канчасың
Онтобой бергин эсебин
Мангул эли канчасың
Макулдукка келген соң
Баарыңды айдап аламын
Деп Коңтөрө күбүлдөп
Көнүбөсүн жамынган
Көк албарстай чамынган
Каарданса калдайча
Калк туруштук бере алгыс
Ачууланса тыңшаң
Жан туруштук бере алгыс
Элдин алды эсебин
Асман менен учуучу
Аярдын алды эсебин
Отуз миң аяр экенин
Оңдоп тозду бекемин
Балта жерден токсон миң
Баатырдын алды эсебин
Найзакери сексен миң
Найзанын алды эсебин
Бетине келген адамды
Беттеп атып алчудай
Сайрап турган торгойду
Таманга атып алчудай
Эки жүз миң мергендин
Эми алды эсебин
Аттан күлүк төөлөрдөн
Алты жүз  миң жөө аскер
Алиги манжу алды эми
Атка мыкты даңгыдан
Алты жүз миң ат аскер
Анын алды эсебин
Жети жүз миң жөө балбан
Мунун алды эсебин
Сегиз жүз миң жөө аскер
Жойкара болду эми

Тогуз жүз миң жөө аскер
Мырамырга болду эми
Алты жүз  миң жөө аскер
Карагулга болду эми
Жети жүз миң аскери
Мурадылга болду эми
Улуу манжуу сур калмак
Аттанмак болду жаңыдан
Сегиз миң сексен нарына
Ок-дарыны жүктөдү
Тогуз миң токсон нарына
Күлазыгын бүктөдү
Аттанып чабуул салмакка
Бурутка карай бет алып
Бул калмагың бармакка
Сан миллион кол болуп
Калдай иши оң болуп
Каратамын бурутту
Кайдан да болсо табамын
Кан Манастын тукумун
Канын суудай чачамын
Деп ойлонуп Коңурбай
Жөнөмөк болду доңуз ай
Элинин баарын камынтып
Бегинин баарын бек кармап
Белгилүү калмак улугу
Беттешемин эми деп
Бек камынып жаткан кез
Бургамына барганы
Мындан байге алганы
Эсен канга барганы
Пашадан бата алганы
Аттанамын эми деп
Аким манжу Коңурбай
Аттанмак болду мамындай
Аким манжу Коңурбай
Арам өлгөн кара атты
Алып чыкты жулкунтуп
Ач маралдай булкунтуп
Мына ошондо сур калмак
Атына ыргып минди эми
Атышмак үчүн бурутка
Алиги кытай жөнөдү
Артынан ээрчип көп калмак
Сабырыла жөнөдү
Кайнап калмак баратат
Барабан үнү баш жарат
Добулбас үнү таш жарат
Очогор үнү жаңырат
Алтай, манжу аралаш
Кайнап кетип баратат
Тыргот,  шибе аралаш
Жайнап кетип баратат
Тыңша калмак баары бир
Тынбай кетип баратат
Тыргот маңгул аралаш,
Тынымсыз кетип баратат
Ойрот эли ортодо
Опсуз кетип баратат
Манжу, солон баары бар
Кара кытай дагы бар
Кайнаган калмак эл менен
Канча түрдүү сел менен
Жайнап жөнөп келе атат
Асман менен учкандай
Отуз миң аяр дүркүрөп
Калык жайнап сел болуп
Жайнаган кытай эл болуп
Обсуз кытай эл болуп
Ойрон манжу улугу
Ортосунда көрүнүп
Алкара менен алкынтып
Аким манжу Коңтөрө
Ортосунда баратат
Жек жагын желпинтип
Эр Жойкара баратат

Алкым жагын сабалап
Карагул манжу баратат
Туура жагын сабалап
Эр Мурадыл баратат
Башы жагын айдалап
Баатыр бала Мурамур
Бастыр жөнөп келе атат
Чоң Бээжинден чыкканы
Капсаңдын кара суусунан
Кайнаган калмак өттү эми
Кара тоонун боюна
Айланып калмак жетти эми
Күнү басып отуз күн
Эмалдынын чатырга
Эрте чыгып көрүшүп
Эки жагын байкашып
Сабап жүрүп отуруп
Алтынайдын ак күмбөз
Ага чыгып келишип
Андан өттү токтобой
Күлөшөндүн күл токой
Мында өтүп отуруп
Күбүлдөктүн күл дайра
Мындан калмак кечишип
Түнү басып токсон күн
Куу өрдөктүн көлүнө
Мында жатып бир далай
Ак кулжанын тоосуна
Андан өтүп олтуруп
Он алты күндүк көчүүдөн
Ойрон манжу өттү эми
Кундуз менен жылдызды
Мындан өтүп олтуруп
Текестин башы күрпүлдөк
Тегиз кытай келди эми
Мындан ашып олтуруп
Үч коңуздай барышса
Кирип келди чоң калмак
Ленин башы үч арал
Келип калмак токтоду
Эртең мында жатамын
Эсебин элдин аламын
Эмине болду көпчүлүк
Ээн жерде байкаймын
Деп Коңурбай күбүлдөп
Деминип сүйлөп дүбүлдөп
Улугу манжу чоң кытай
Жата турсун бул жерде
Жалпы кыргыз улугу
Жандап кабар алалы
Чоң Таластын боюнда
Эр Бакай бар жанында
Эр Гүлүстөн арыстан
Ээрчишип алып жанына
Эрте жөнөп отуруп
Каркырадан өтүшкөн
Турнабай салып көрүшүп
Ленин башы үч арал
Кайнаган калмак жатканын
Кан Семетей көрдү эми
Кан Бакайга келди эми
Айланайын абакем
Айтайын кулак салыңар
Абайлап байкар кезиң бар
Жоодон кабар алдым мен
Жоого чыгып бардым мен
Кайнап калмак мол келет
Канча түрдүү кол келет
Карааныньа көз жетпейт
Калың кытай эл келет
Аттанып мында келгенге
Аттардын оозун буралы
Көлдөгү кыргыз элиңди
Каптап кетчү сел экен
Көчүрүп алып кетели
Ат-Башыга жетели

Аскерди мол камдайлы
Кан Кошойго баралы
Үрбүнү эли бүт көчүп
Кең Таласка келишсин
Элге кабар саламын
Орто Азия элинен
Аскер камдап аламын
Деп Семетей күбүлдөп
Ак кагазга кат жазып
Урбу менен агыныкты
Азыр көчкүн деп жазып
Калмак келе жатат деп
Кан Семетей бек жазып
Калбай Талас келгин деп
Кандарына көп жазып
Он эки канга бармакка
Ойрон бала Гүлүстөн
Сур коён менен чуратып
Жөнөп калды жанагы эр
Камын бурут камын деп
Таңа жөнөп отуруп
Эр Үрбүгө келди эми
Эгиз кара ат байлаган
Эр Манастын баласы
Катын буган берди эми
Кайнаган калмак келет деп
Кабар актың өттү эми
Көлдүн элин эр Семең
Көк жал айдап көчүрдү
Бөөдө өлүм болбо деп
Эр бүлөөндүн баарысын
Кең Таласка келсин деп
Кеңешим бар кебим бар
Айта турган сөзүм бар
Аким манжу, сур кытай
Аттаныптыр ушундай
Астынан жоону тозоюн
Айдап келген калмакка
Атышпай кантип калайын
Өзү келген душманга
Сайышпай кантип калайын
Сандап жаткан калмакка
Самаган согуш саламын
Ойдугудай боломун
Ойроттун канын соёмун
Самагандай боломун
Сандыргалуу кытайды
Сандатып айдап аламын
Деп Семетей ойлонуп
Мындай кызык болобу
Самаганың келеби
Жараткан тилек береби
Өлчөп жүргөн манжунун
Өкүмү эми келеби
Кудайым тилек береби
Күчөп жаткан манжунун
Күлүгү эми биздики
Санаган улук кытайдын
Сандатып айдап аламын
Атанын кегин мен алсам
Айланып жоого мен барсам
Деп Семетей ойлонуп
Көлгө түшүп келди эми
Көчкүн калкым мындан
Канына буйрук берди эми
Эр Семең сабап жөнөдү
Өзү көргөн жол менен
Эр Бакайы жанында
Эрте жетип Таласка
Эр чабуулга бармакка
Эр Манастын баласы
Эрте жөнөп баратат
Чоң Таласка келди эми
Чогултуп алды кан Бакай
Чоңдорунун баарысын
Чоң калмак келе жатканы

Чоң чабуул эми болот деп
Чогулган элге айтканы
Камынсын кыргыз эми деп
Кан Бакай айтты мындай кеп
Сары таз  менен Жамгырчы
Абакең Кошой баш болуп
Урбү менен агыштү
Үмөтөй менен Төштүктү
Сынчыбек менен Караган
Акун кан менен Карабек
Баарысын алды чогултуп
Баарысынын карысы
Абакең Кошой кеп баштап
Кана журтум деп айтты
Калмак келе жатканы
Дайын болду баарыңа
Кандай уруш кылабыз
Калмакты кантип алабыз
Кангайды кандай кырабыз
Бет алып жагын тозолу
Беттешпей кантип коёлу
Аттанып жолду тозолу
Аттанбай кантип коёлу
Эр бүлөнү алалы
Кан майданга баралы.
Кангайдын мыкты улугу
Калчанын жолун тозолу
Өлсөк шейит болмокко
Өлмүрсөк каза болмокко
Өзү келген калмакка
Атышпай кантип калабыз
Армансыз чабуул жасайбыз
Атаңдын көрү сур калмак
Ашкере көпкөн түрү бар
Алкаранын үстүнөн
Калмакты калкым сулатпай
Кандай болот тынычтык
Калмактан Коңур кошо өлбөй
Канча түрлүү жан өлбөй
Калкым саган чоң намыс
Кандарым өзүң ойлочу
Калмак келсе кол алып
Кармашсам дейт ал жоо алып
Алдырып ийсек болобу
Атаңдын көрү калмакка
Аттаналык эми деп
Жалпы журтун баарына
Кабар болду ушундай
Сенин элиң канча деп
Эр Гүлүстөн эр неме
Эрлерге кабар салмакка
Берениң келип турду эми
Мына ошондо кан Кошой
Элине айтты жарлыкты
Атым арык дегендин
Ат милдети Бакайда
Тонум жыртык дегендин
Тон милдети Бакайда
Ажалың болсо кудайда
Эки тизгин бир чылбыр
Эр Күлчоро бала алсын
Эр Манастын Семетей
Эл эсебин ал алсын
Душман менен согушу
Күлчоро менен Канчоро
Балдар билсин ар жагын
Кан Коңурбай калмакка
Кайрылып чабуул салмакка
Менин айткан кеңешим
Билермандар не дейсиң
Элиңдин бергин эсебин
Эрте даяр туралы
Деп кан Кошой айтканда
Кандар макул болушту
Кан Семетей баш болуп
Калыктын алды эсебин

Сенин элиң канча деп
Эки жүз сексен миң аскер
Баатыр Төштүк жөнөдү
Мен Каркырадан тозомун
Кан Коңурбай улуктун
Алдын тозуп алмакка
Аттанып Төштүк жөнөдү
Мунун арты жагынан
Анжиянда Сынчыбек
Үч жүз токсон миң болуп
Бу да көчүп жөнөдү
Мунун арты жагынан
Чоң Үргөнчкө Акун кан
Төрт жүз сексен миң болуп
Бул да көчүп жөнөдү
Мунун арты жагынан
Казактардын Үмөтей
Алты жүз токсон кол болуп
Бу да тозуп жөнөдү
Мунун арты жагынан
Эштектердин эр Үрбү
Кырк алты миң кол менен
Бу дагы көчүп жөнөдү
Мунун арты жагынан
Баатыр Агыш жөнөдү
Алтымыш миң кол менен
Мунун арты жагынан
Сары таз көчүп жөнөдү
Жүз токсон миң кол менен
Мунун арты жагынан
Жамгырчы кошуун алды эми
Эки жүз миң кол менен
Бул дагы көчүп жөнөдү
Мунун арты жагында
Абакең Бакай баш болуп
Аксакал Кошой жөнөдү
Токсон миңдей кол айдап
Токтободу ушулар
Аскер жыйнап көчтү эми
Арыстан Семең,  Күлчоро
Эр Канчоро жанында
Беш жүз миң аскер кол менен
Берениң жолго кирди эми
Буурулду минип эр Семең
Буркурата жүрдү эми
Артынан коё бергин деп
Канчоро кеп айтып
Арыстан бала Гүлүстөн
Аттанып алып жол жүрдү
Буурул ат менен Сур коён
Баса турган кез келди
Семетей менен Гүлчоро
Жатбай турган түн келди
Оңой бекен журт милдет
Жакшы кылса алам
Собо булар мойнунда
Жаман кылса алам
Убалы мунун мойнунда
Эр Семеңдин артынан
Үч жүз токсон миң болуп
Букардын каны Карахан
Бу дагы жолго кирди эми
Калыктын баарын аралап
Калбай Семең баратат
Эр Күлчоро жанында
Эрте жөнөп отуруп
Эр Семетей абакең
Эли жете келди ошо,
Каркыранын белине
Калың аскер жаңыдан
Келип калды абыдан
Буларды мындай таштаңар
Улугу манжу көп калмак
Мындай кабар алыңар
Кан Коңурбай чоң калмак
Кайнаган аскер кол менен

Ленин башы үч арал
Үч коңуздай барыштан
Имерилип алыптыр
Эл эсебин Карагул
Эми жөнөп калган кул
Журт эсебин алган кул
Жоболоңдуу көп кытай
Жоонун жаны ушундай
Мына ошондо Коң төрө
Алкараны булкунтуп
Аскерине кеп айтат
Баарың уккун деп айтат
Иледен өтүп алалы
Үкүргү менен салалы
Үч капкакты басалы
Кызыл-Кыя белине
Эртең чыгып баралы
Элдин билип эсебин
Эсине баатыр алышсын
Эр башына бирден таш
Мен барган жерге таштасын
Деп Коңтөрө айтканда
Кайнады калмак улугу
Элдин баарын эки күн
Эр Коңурбай көчүрүп
Эми келди жаңыдан
Үкүргүнүн оюна
Үч капкактан ал өтүп
Кызыл-Кыя белести
Калмак ашып келе атат
Кабыландай Гүлүстөн
Канкору өлсө көрдү эми
Кайнаган калмак мол келет
Сандап калмак өттү эми
Ар биринде бирден таш
Таштап кытай өттү эми
Сан таш текши жыйылды
Сан аскер мындан кыйынбы
Турнабай салып өттү эми
Туруктуу калмак эл экен
Атышаар жоосу биз экен
Алиги калмак манжунун
Асты Кызыл-Кыяда
Арт жагынан байкаса
Кең Текесте келе атат
Армансыз калмак чогулду
Атайын келген экен
Эми алышаарбыз деги деп
Санаасын бир аз токтотуп
Самап жатат жанагы эр
Мына ошондо байкасам
Эр Гүлүстөн кеп айтат
Айланайын абаке
Кап жолдон айдап душманды
Капталдан сайып алайын
Кандай да болсо душманга
Кайрылып эми барайын
Мына ошондо кан Семең
Абакем Бакай келет деп
Чакыртып алды жанына
Калмагың келди эми
Гүлүстөн барып келсем деп
Калмактар менен кагышып
Кайра айланып келем деп
Анда абасы Бакай кеп айтат
Арыстаным укчу деп айтат
Атайын жоону тозмокко
Аййтасың кепти ушундай
Калмак кайда кетмекчи
Келген калмак кетпейтго
Кекенип эми келе атса
Жолун тозуп туралы
Жоболоңдуу калмактын
Жолуна согуш салалы
Артта турган көп элди
Чоң Таласка буралы

Калмак менен чабышты
Как ушерде баштайлы
Эртең келип бул калмак
Эми чабуул башталат
Эринбейли баатыр деп
Эр Семеңе кан Бакай
Эми айтат мындай кеп
Найзакерди бир бөлгүн
Балтакерди бир бөлгүн
Баатырлары алдыда
Байкап Семең айтат кеп
Калмак келет эми эртең
Кан Коңурбай баатыры
Найзакери бөлүнүп
Мылтыктуусу бетинде
Кылычтуусу четинде
Жоон өпкө күрсүлдөп
Коён жүрөк түрсүлдөп
Ортосуна алынып
Бар тобокел көрдүк деп
Ажал жетип күн бүтсө
Акыры мында өлдүк деп
Атаңдын көрү калмакты
Айлеги чабар бекенбиз
Эчен кандар толгонуп
Толп жаткан көп аскер
Токтоп тозуп турду эми
Мына ошондо Коңурбай
Кароол карап көрүптүр
Каптаган бурут экенин
Кант Коңурбай билди эм
Кандай ишти ойлонуп
Калмактарын чогултуп
Маңдайда жатат көп бурут
Байкагыла муну деп
Жарлыкты кытай эми айтты
Жалгыз барам бурутка
Жабыла жүргүн эми деп
Жаалы катуу Коңурбай
Жарлыкты айтты мамындай
Мына ошондо байкасам
Эчендер жандан түңүлүп
Баатырдын баары сүйүнүп
Баатыр манжу сур калмак
Кийими тонун кийинип
Алкараны токунуп
Көпкөрдөй кызыл таш
Төбөсүндө жаркылдап
Көөнүнө келип болкоюп
Көрсөң калмак сур кытай
Көк жолборстой комдонуп
Шынчу деген кылычын
Сол жагына тагынып
Көрсөң калча көзү тик
Көркөмдөп айтсаң сөзү тик
Жалаяк ооз жар кабак
Жалаң кылыч байланган
Мурду төөн сеңирдей
Мурунку күнү жуткандай
Көзү көлдүн бүткүлдөй
Мурун тартып чоң калмак
Чөлгө жакын камынып
Эки көздүн кычыгы
Ачылып калган көргө окшоп
Маңдай жагы калмактын
Бай жайлаган төргө окшоп
Кабагы бийик өңү сур
Кадимки кытай улугу
Эсен кандын алтын чен
Эки ийнинде жаркылдап
Алтымыш түгөй сол кабат
Арт жагында жалтылдап
Күрсүлдөгөн бул калмак
Күчөп айдап алыптыр
Астындагы чоң кара ат
Айдан башка союлгур

Абайлап туруп көрүңүз
Куйругу саян жалы аз
Туяктын түбү көпкөк таш
Бкт алган буудан жетпеген
Айсыз каран түндөрдө
Биригип жаза албаган
Чуу укканда сөгүлөт
Чуркаганда кара жер
Кат-кат болуп бөлүнөт
Катуулап чуркап алганда
Канаты жетпей бөлүнөт
Коңурбайдын кара аты
Кара аттын канаты
Күн чыгыш менен күн батыш
Уча турган адаты
Тотудай куйрук чураган
Токсон күндүк чөлдөргө
Токтоо берип чыдаган
Эң улуусу Мааникер
Андан кийин Алкара
Аким манжу көп кытай
Алты миң нарга бул берип
Сатып алган чоң кара ат
Жети миң нарга бул берип
Жетип алган бул кара ат
Жеткилең манжу сур кытай
Жетип алган чоң кара ат
Мындан кийин Сур коён
Бу дагы кыйын мал ашып
Эң кичүүсү Тай буурул
Төртөө бир эненин баласы.
Жебелүү күлүк чоң кара ат
Жеткилең кытай миинптир
Жетип жөнөп келе атат
Жойкара менен Мурадыл
Карагул менен Мырамур
Кайнаган калмак келе атат
Ортосунда чоң калмак
Оңураңдап ичи чоң
Айдаган экен мыктысын
Аким манжу тыңдуусун
Алтымыштын кенжеси
Алаке кандын эркеси
Жетимиштин эркеси
Жетпай кандын эркеси
Жебелүү күлүк аты бар
Кан Коңурбай улуктун
Кандай да болсо бурутту
Чабамын деген дарты бар
Бурутту чаап алам деп
Бүгүн уруш салам деп
Алтымыш жайсаң жанында
Алаке кандын Коңурбай
Обурулуп күбүлдөп
Ойрон манжу улугу
Келе бир жатат дүбүлдөп
Келе жатат көп калмак
Көк жыл манжу төрөсү
Ортосунда дүбүлдөп
Ойрот эли ушундай
Опсуз калмак Коңтөрө
Сары жаздын мойнуна
Кызыл-Кыя жээк менен
Желип түшүп келе атат
Барабан үнү баш жарып
Добулбас үнү тоо бузуп
Тоодой болгон чоң калмак
Ортосунда көрүнүп
Найзанын учу короктоп
Жез айнектүү камжасы
Оозунан чыгып сороктоп
Алкарасын булкунтуп
Алиги манжу улугу
Келе жатат күрүлдөп
Ач арыстандай күүлөнүп
Алиги тыңша улугу

Күңгүрөнүп сүйлөнүп
Күлүстөн калмак төрөсү
Анда-санда күүлөнүп
Кайнаган бурут мында экен
Кагышамын эми деп
Жайнаган бурут мында экен
Жалтанбай эми буларга
Жалгыз кирип барайын
Жоболоңдуу буруттун
Жоолашпай кантип калайын
Бууданга камчы бек уруш
Бу жерде карап не туруш
Атка камчы бек уруш
Эмине карап бу туруш
Аттангын манжу улугу
Айгайды катуу салгыла
Атаңдын көрү бурутка
Аттанып эми баргыла
Деп Коңтөрө айтып кеп
Алкара сындуу бууданга
Абайлап камчы салганы
Аттанып жөнөп калганы
Жебенин огу шуулдайт
Бараңдын огу дуулдайт
Сыр бараң үнү чакылдайт
Очогор мылтык тарсылдайт
Кайнап кытай жөнөдү
Мына ошондо кан Семең
Атадан калган буурул ат
Арыстан чоро токуду
Атышмакка калмакка
Жебелүү күлүк буурулду
Жеткилең бала Гүлүстөн
Жетип токуп келди эми
Атадан калган мал ошо
Артык буудан мал ошо
Жети жаны бар ошо
Жебелүү күлүк мал ошо
Алты жалы бар ошо
Анык кайып мал ошо
Энеси көлдүн тообурчак
Атасын байкап сурасаң
Темир тоонун арасы
Жел кайыптын баласы
Калбыр өпкө, жез канат
Кара байыр казанат
Кадимки биздин буурул ат
Кайыптын кызы Сайкалдан
Кадырлап алган буурул ат
Эки тоонун арасы
Жел кайыптын баласы
Омурткасы ор буурул
Ойротто жок зор буурул
Кабыргасы как буурул
Каса буудан ак буурул
Кашка тиши кадодой
Кара көзү айнектей
Маңдайында көкүлү
Көзүнө ченеп керткендей
Кумда туулуп, чөлдө өскөн
Ташта туулуп, кумда өскөн
Жейрен менен бирге өскөн
Энеси кайып жел деген
Атасын адам билбеген
Кетмен туяк, кең соору
Кенен жердин бууданы
Жанбар кандай буурул ат
Жал куйругу бир кучак
Жандай салып Гүлүстөн
Жетеледи жаңыдан
Жото жилик жонгондой
Кашка жилик каккандай
Жамбашынын үч кошкон
Жара бурак келгенде
Он эки карыш казанды
Ойноп күлүп аскандай

Чаткаясы Чаткалдай
Чат каяктын ортосу
Желип кетсе жаныбар
Жүктүү төө баткандай
Соорусунун түздүгү
Ойүз-бүйүз аралдай
Маралдай башын чайкаган
Бугудай мойнун толгогон
Бута бою жарлардан
Буйдалбастан ойногон
Буудандыгын билгенде
Буттан алтын бул берип
Букарлыкта сураган
Сураганга бербеген
Бермек түгүл союлгур
Бей даарат адам көрбөгөн
Абакеңдин Тай буурул
Арыстан бала Гүлүстөн
Акырдан чечип алды эми
Айланайын Канчоро
Абаке бери келчи деп
Арам өлгөн буурулдун
Жабуусун ала келчи деп
Алты жабуу жабылган
Абай менен бакылган
Жети жабуу жабылган
Жеткилең буудан буурул ат
Жетелешип бакылган
Арыстандын Тай буурул
Каныкей кылган чоң үндү
Токсон теке териси
Сенин жеңең Каныкей
Айланайын жалгызым
Жанга өлчөгөн жалгыз
Атын атып салганда
Не муразка жетебиз
Арманда болуп кетебиз
Жебелүү күлүк буурулга
Жасаган экен энеңиз
Жалпы элге белгилүү
Капшытында түймөсү
Кары алтындан түймөлүү
Туурасында түймөсү
Чык алтындан түймөлүү
Эр Гүлүстөн кабылан
Жаап кирди жаңыдан
Маңдайында түймөсүн
Баатыр Бакай түймөлөп
Кап жалында түймөсүн
Канчоро баатыр түймөлөп
Туурасында түймөсүн
Туйгун чоро түймөлөп
Тууралаган буурулду
Алып келди жетелеп
Булгаары тердик, көк желдик
Бурчуна чеке жылдыздан
Буластаган кез келип
Мурун жеңең жасаган
Атагы ашкан манжунун
Келин-кызы көрсүн деп
Кандай катын жасаган
Айтып мени жүрсүн деп
Айкөлүңдүн зайыбы
Атайын муну жасаган
Асыландай Гүлүстөн
Токумак болду жаңыдан
Басмайылды бек тартып
Чаболоңду бош тартып
Куюшканды тим эле
Куткун түнтөн кыскартып
Алты чепкен бөктөртүп
Добулбасты көмкөрүп
Жети чепкен бөктөрүп
Ок өтпөгөн добулбас,
Ойрон чоро кам көрүп
Мына ошондо эр Семең

Бутун сууга салыптыр
Бут дааратын алыптыр
Колун сууга салыптыр
Кол дааратын алыптыр
Коржоңдогон кыргыз кул
Колун сууга салыптыр
Даарат алып жанагы эр
Кайра басып барыптыр
Кан Манастын баласы
Суу жутуучу суп келди
Бар келтирип куп келди
Чарайно зоот калкандан
Киймек болду жаңыдан
Ой эки уруу тон кийген
Ойрон Манас баласы
Киймек болду абыдан
Кийип болду жаңыдан
Айкөлүңдүн ак олпок
Алып келди Гүлүстөн
Абаке муну кийгин деп
Жакалуу капкар жаңы олпок
Атакеңдин олпогу
Айкөл сенин арыстан
Алып келди жаңыдан
Табылгы жаксаң чок өтпөйт
Очогор атсаң ок өтпөйт
Чымчык чаар, чырма көз,
Чың бадана торгой көз
Окко салсаң ок өтпөйт,
Чокко салсаң чок өтпөйт
Кылбылдаган кыз-келин
Кырк күнү иштеген
Арууке менен Акмыскал
Алтымыш күнү тиштеген
Уз чакырып жасаган
Уккан элге дүң кылган
Милте коюп бүктүргөн
Жарабас жерин сөктүргөн
Ортосуна как ылдый
Жалаң болот төктүргөн
Туура эки жерин сөктүргөн
Ортосуна энекең
Жалаң каухар төктүргөн
Жылан боор бүктүргөн
Жымылдата тиктирген
Найза тийбей жадаган
Караган адам таң калган
Кан Манастын ак олпок
Кан Семеңе көтөрүп
Кабылан бала Гүлүстөн
Алып келди өнтөлөп
Уккан адам дүң болгон
Айкөлүңдүн ак олпок
Келтенин огу тайыган
Тиктеп турса ак олпок
Кишинин көзү тайыган
Ашаган менен машаган
Дөөтү менен дос экен
Төкөр уста Бөлөкбай
Ошол неме кадаган
Алышкан душман киргенде
Найза тийбей жадаган
Атактуу Бээжин калаадан
Акими көрүп самаган
Айкөлүңдүн олпогун
Алып келди Гүлүстөн
Кан Семетей агасы
Кайрылып алды колуна
Киймек болду жонуна
Атадан калган ак олпок
Айкөлүңдүн баласы
Арыстан кийди жаңыдан
Кийими тонду кийди эми
Белине кемер курчанып
Берметтей бети нур чалып
Алтындай кемер курчанып

Айлылык бети нур чалып
Күмүштөй кемер курчанып
Күлгүндөй бети нур чалып
Кан Манастын баласы
Аттанмак болду жаңыдан
Абасы Бакай жанында
Эшикке Семең чыкты эми
Ак келтесин тазалап
Аарчып балдар берди эми
Айкөлүңдүн ак келте
Жаткызып атсаң замбирек
Бачымдап атсаң барданке
Отуруп атсаң очогор
Мээлеп атсаң беш атар
Сүмбү менен сүмбүлөп
Койгон экен тазалап
Башы Урум менен Кытайдан
Түшүрүп алган ак келте
Ай далыга асынып
Атадан калган сулпукор
Шиберге койсо өрт кеткен
Шилтегени мүрт кеткен
Кармарынан кол корккон
Карарына көз корккон
Учун кайкы келтирген
Чарарын колго толтурган
Кылганын кудай чыкк кылган
Кырк кере темирди
Кыйын уста кың кылган
Сууруп алып жой болот
Душманды карай шилтесең
Аргамжы бою уз аркан
Кайра кынга киргенде
Жети кездей кыскарган
Кайран Семең алды эми
Белине алды тагынып
Берениң жатат камынып
Андан кийин эр Семең
Айкөлүңдүн сыр найза
Үч карагай устунду
Улап келип жасаган
Үч Маргалаң, Коконду
Сурап келип жасаган
Эки кездей жерине
Бөрү тилден аштаган
Тийген жерин кабылдап
Өлүп кана кетсин деп
Адамдын көз майына сугарган
Каруулукка салды эми
Кан Манастын баласы
Кабылан өзү алды эми
Андан кийин жанагы эр
Атадан калган ай балта
Көрүүгүнө чыдабай
Кара өгүздөй союлган
Көмүрүнө чыдабай
Жалпы токой жоюлган
Эшик төрдөй ай балта
Каңыргайга саптаган
Кандик уста таптаган
Чокун жоон жагына
Жалаң алтын койдурган
Бүтүн теке терисин
Бүлдүргөгө чойдурган
Ээн келтирип мына бу
Жомокчусу ырдаган
Белине алды байланып
Берениң эми камынды
Белгилүү күлүк буурул ат
Бер жактан келди жетелеп
Алтымыштай ак боз бээ
Кермеге алып чуркурап
Байгамбар барак диним ак
Арадыша Алла бирим ак
Исламымдын дини үчүн
Аттанып эми барамын

Атаңдын көрү манжуга
Айланып чабуул саламын
Жараткан Алла бир кудай
Жалгайсыңбы бизди деп
Отузуң миң санаба
Жыйырма төрт миң байгамбар
Колдой көргүн бизди деп
Жараткан Алла бир кудай
Сактай көргүн бизди деп
Жаа баадигер бир кудай
Жалгайсыңбы мени деп
Калмакка кетип баратам
Колдой көргүн деги деп
Кан Манастын баласы
Бир Аллага жалынып
Алтымыштай ак боз бээ
Кермеге алып буркурап
Касиеттүү Манастын
Арбагына сыйынып
Колдогун деп калайык
Жалгызга Алла жердеген
Жасаган кудай бар деген
Кермедеги ак боз бээ
Келип чалып арбакка
Кенебеген эр немең
Арбууданга минди эми
Айланып Семең жөнөдү
Аруусу экен Манастын
Алтымыш кез сур жылан
Алдын баштап алыптыр
Алты жолборс Семеңди
Тегеректеп калыптыр
Кол бергени кошоктоп
Кошо келет жанында
Жол бергени жөлөктөп
Жөлөп келет жанында
Жалаңач калдыр жаш бала
Минип келет жанында
Ар канаты кырк кез
Алп кара куш зымырык
Асмандап учуп алыптыр
Бет айбаты баатырың
Бешилиң эрдей көрүнүп
Сепили сексен төрт болгон
Серп болгон жаның өрт болгон
Курма тону токсон төрт
Күчөгөн жагы кызыл өрт
Тай буурул минип болкоюп
Ала-Тоодой золкоюп
Бүт олуя чогулуп
Батасынан бүтүргөн
Жалпы олуя чогулуп
Оомийин деп бүтүргөн
Батадан бүткөн шер ошол
Баатыр Манас баласы
Сол жагында сеңирде
Абакем Бакай келе атат
Оң жагында сеңирде
Катагандын кан Кошой
Касиеттүү абакем
Кер күлүк сындуу ат минген
Кемсели алтын тон кийген
Аксакалын жайкаган
Айтылуу Кошой карыя
Акылга дыйкан даанышман
Абакем Кошой эр ошол
Айтбай журтун кары
Айкөлүң Манас барында
Айткан сөзү кайтпаган
Атактуу абам кан Кошой
Аллам колдо бизди деп
Кер күлүктү ойнотуп
Келе жаткан кезеги
Сол жагында сеңирде
Көкө сындуу ат минген
Көк илберистей кийинген

Адашкан эрге мына ошо
Акылга да даанышман
Арыстан Бакай карыя
Бегине барсаң ак жолтой
Беттешсең Бакай сан колдой
Көк сакалын жайкалтып
Кан Бакай келет жол тартып
Жараткан ишти оңдо деп
Чын жасаган бар болсоң
Колдой көргүн бизди деп
Көк аласынт койгулап
Абакем ыйлап келе атат
Мунун арты жагында
Оң жагында сеңирде
Ак телки сындуу ат минген
Ак олпок сындуу тону бар
Алманбеттин баласы
Айтылуу мурза Гүлүстөн
Аллда колдо бизди деп
Атаңдын көрү душманды
Айтылуу Семең баатырга
Алып берип өлсөм деп
Эр Гүлүстөн келе атат
Олбуй-солбуй камчы уруп
Оң тетири теминип
Жалаң кылыч байланып
Кайра жаачу булуттай
Каары келип саркырып
Ачуусу келип сурданып
Ак телкисин бир салып
Алмабашты асынып
Али бала Гүлүстөн
Бир аллага жалынып
Сур коёнду бош коштоп
Сумсайып араң келе атат
Мунун берки жагында
Көк телкини камчылап
Көк жал бала Канчоро эр
Көтөрүлүп көрүнүп
Атаңдын көрү калмакка
Атышпай кантип каламын
Кезекти кудай жеткизсе
Кетиремин айланды
Сандаган калмак сениби
Калмакты кудай алабы
Качырып жоого барабы
Кан майдандуу согушта
Кайгуулдашып көрөрмүн
Канын суудай чачармын
Калмакта кекти алармын
Деп ойлонуп Канчоро
Көк алага камчы уруп
Көк жал балаң келе атат
Мунун арты жагында
Ак тулпарын моюндап
Сары таз келет бет алып
Сандаган аскер артында
Салтанаттуу таз ошол
Кан Семетей баланы
Издеп барган чоро ошол
Мунун арты жагында
Жамгырчы келет бөлүнүп
Жамгырчынын Жайдак сур
Аскер коштоп көрүнүп
Мунун арты жагында
Үрбү келет кол айдап
Эки кара ат байлаган
Кара тили сайраган
Эгиз кара ат байлаган
Баатыр Үрбү келе атат
Мунун арты жагынан
Агыш келет кол айдап
Кайнаган кара кол келет
Канча түрдүү мал келет
Аскер жайнап жакындап
Сен экөөңдөн айрылдым

Тубарымдан кайрылдым
Тууганым элең Карагул
Боордош сенден айрылдым
Деп ойлонуп сур калмак
Капа болуп олтурат
Бээжинде жаткан чагымда
Беттешкен адам барбаган
Берен манжу мен элем
Беттешип мында бурутта
Бейбашка түшкөн кезимде
Белимди буучу тууган жок
Белсендүү күлүк Алкара
Айбан да болсо тууганым
Жойкара калды тар жокто
Карагул калды калдайып
Кан майдандуу чоң жолдо
Атаңдын көрү дүнүйө
Артагандан бар каган
Аламын деген эрлердин
Алып жүргөн мен элем
Азаптан башка күч келди
Эми да байкап көрөмүн
Элдин алды жатканда
Кан Манастын баласын
Каңтара чаап аламын
Мен ошондо бурутка
Кабага башын саламын
Белестен жолун тозомун
Мен да бирин өлтүрүп
Кабага муну саламын
Кандай бурут эми деп
Кайдан да болсо табамын
Бээжинден келчү колдо жок
Эмине айла кыламын
Катары менен келген го
Кат ажалым жеткен го
Же болбосо бурутту
Ала турган жолдомун
Ошону үчүн мен бүгүн
Кайкыдан дүрбү салган го
Калмактарын чогултуп
Кан Манастын тукумун
Кармашканы жаткан го
Эми кытай улукка
Жекелеп үндү саламын
Жетип чыгып барамын
Мына ошондо көп калмак
Кайкаңга келип токтоду
Кармашканга эки жак
Карап турду бөлүнүп
Мына ошондо чоң калмак
Алкара атты булкунта
Алаңгер жаасы колунда
Алтай, Алтай, Алтайлап
Жекелеп кытай чыкканда
Бери жактан жабырап
Берен Манас баласы
Буурулду минип булкунтуп
Бура тартып жөнөдү
Манас,  Манас,  Манас деп
Ак келтени колго алып
Арыстан атып жөнөдү
Эки жактан чыккан эл
Эмине шумдук болот деп
Эңгиреп карап олтурат
Мына ошондо байкасаң
Эки буудан жөнөсө
Жер жарылып келе атат
Эки баатыр кыйкырса
Тоо жарылып келе атат
Алдындагы кара аттын
Жүгүргөнү шамалдай
Үстүндөгү калмактын
Качырганы камандай
Көбкөрдөй кызыл таш
Төбөсүндө жаркылдап

Алаке кандын Коң төрө
Келе жатат жалтылдап
Оозунан чыккан илеби
Көрүктүү оттун жалындай
Көрсөң калмак ушундай
Ак канкынын кашы деп
Калмак мээлеп келе атат
Кан Семетей кайран эр
Калмак ээрдин кашы деп
Табарсыктын башы деп
Арыстан мээлеп келе атат
Көзү кайнап чок болуп
Киши мындай жок болуп
Себили сексен төрт болуп
Серп алганы өрт болуп
Улутунуп жиберсе
От аралаш көк түтүн
Оозунан чыгып буркурап
Кол ыштыктай шыркырап
Кары кыйын заары күч
Катылганды кылат түз
Кан Манастын баласы
Эрдик менен шердикти
Берген экен кенебей
Нар бууданга камчы уруп
Арыстан Семең келе атат
Тизгин менен чылбырдын
Кармаган жери тиги деп
Зоот менен чопкуттун
Турган жери тиги деп
Арсыландаай чамынып
Кан Семетей келе атат
Атка сынчы даанышман
Айлакер манжу Коңурбай
Абыдан сынап келе атат
Манастын уулу Семетей
Болуп койгон экен го
Башына бакты Манастын
Конуп калган экен го
Күрөшсөм күчүм жетпейт го
Алышсам алым жетпейт го
Кандай кылсам деп ойлоп
Амалдуу кытай бек ойлоп
Алкаранын оозун
Жыйып келет Коң төрө
Амал ойлоп кайрадан
Билип келет Коң төрө
Мына ошондо эр Семең
Жебеден мурун жетти эми
Жеткен жерде эр немең
Жетип муштап өттү эми
Алкара менен Тай буурулду
Тизесине кара жер
Бата түшүп оңолуп
Экөөнүн сырткы олпогу
Буласы бурт деп бөлүнүп
Он эки кулач сыр найза
Карс дей түшүп бөлүнүп
Бирин-бири ала албай
Бура тарта бергенде
Сур коён менен Гүлүстөн
Сууруп найза жеткизди
Сур найза алып колуна
Сумсайып жоого кирди эми
Бура тартып көп калмак
Коң төрөсүн ардактап
Кайра айланып жөнөдү
Бура тарта бергенде
Буурул атын булкунтуп
Кан Манастап бакырып
Кайран Семең жетти эми
Кан Коңтөрө улукту
Көмөлөтө өттү эми
Жебеден мурун жетти эми
Жетип жайсаң жөө күлүк
Мингизип атка кетти эми

Буурулдун оозун эр Семең
Бура тарта берди эми
Улук манжу качпа деп
Кан Семетей качырды
Эр Семетей бакырып
Арт жагында Гүлүстөн
Абайлап карап келе атат
Бура тарта беришти
Бук болуп жүргөн арыстандар
Букадан жаман келишти
Найза төшкө так этип
Айбалта башка шак этип
Күнү-түнү алты күн
Арманы жок алышты
Чопкуттун баары сүзүлдү
Чочубай бул эки арыстан
Чокморду колго алышты
Чокуга болжоп салышты
Чокморун дайы чыкпастан
Сабы колдо калышты
Айбалта менен салышты
Айбалтадан айла жок
Сабы колдо калышты
Кылычты колго алышты
Кылычташып жатышып
Сабы колдо калышты
Алты күндөн алты күн
Аябай согуш салышты
Жетинчи күнү кечинде
Жети келип Гүлүстөн
Сыр найза берди колуна
Сырттан мына ошондо
Буурулга камчы салганы
Буурулуштан кара атты
Буйдалбай басат буурул ат
Кайрылыштан кара атты
Бургатпай басат буурул ат
Имерилиш белестен
Жете келди эр Семең
Жеткенде шилтеп өткөндө
Тоодой болгон чоң калмак
Алкарадай бууданды
Алыс учуп кеткени
Көздөгөн аба көздө деп
Көк жал чоро жаңкы экөө
Соп илете келди эми
Маңдай жактан койгула
Жойкара менен Мурадыл
Жете келди бул экөө
Жеткен жерден Гүлүстөн
Катары менен экөөнү
Каптай сайып өттү эми
Карагулдай манжундун
Колтугун жара бир сайып
Козголбогон эр неме
Кайнаган манжу улугун
Бир сайганда үчөөнү
Кошо сайып өттү эми
Алкара атка жеткенде
Абайлап карап Канчоро
Али карай жөнөгөн
Маңдайынан Мырамыр
Качырып сала берди эми
Кангайдын улугун Канчоро
Капталга коюп өттү эми
Кайра айлана бергиче
Жеткилең аяр чогулуп
Жебелүү күлүк кара атты,
Жетип алып мингизип
Желип жөнөп сур калмак,
Белеске чыга берди эми
Арбуудан менен кан Семең,
Айкырып үндү салганы
Алаке кандын Коңурбай
Кезектешип сайыш деп.
Эр Семең айтып калганда

Кайра тартып Коң төрө
Качырып сала берди эми
Тең тийгенде найзалар
Темтеңдей түшөт буудандар
Али чоро арстан
Атайы жоого жараган
Сур коёнду камчылап,
Катары менен үчөөнү,
Катар айдап жабырап.
Канчорого бакырып,
Кармагын калмак манжуну,
Качпагын аба эми деп,
Мен жеткенче кармалап,
Берениң сабап кубалап.
Жойкара менен Мурадыл,
Карагулду кайсалап.
Кабыландай Гүлүстөн,
Айдап келет шашылбай.
Мына ошондо сур калмак,
Жоонун айласын билген
эмес экен.
Кан Манастын уулуна,
Кайрылып айтып калганы.
Кабылан шердин тукуму,
Улуксат болсо биз эми.
Эс алышып алалы,
Он эки түн сайыштык,
Арманы жок алыштык.
Азыраак тамак ичели,
Аттанып кайта келели.
Деп Коңтөрө айтканда,
Айкөлүңдүн баласы,
Макул деди мынабу.
Мына ошондо байкаса,
Белесте калмак баратат.
Абакем эмне болду деп,
Кан Коңурбай улукту.
Кантип коё берди деп,
Эр Гүлүстөн караса,
Буурулду минип эр Семең,
Тууну карай бет алып,
Кетип барат арыстаның.
Ушуну көрүп Гүлүстөн,
Күйбөгөнү күл болуп,
Ич өрттөнү муз болуп.
Амалкөй кытай шашкан го,
Алдатып ийип абакем,
Айлына кайра тарткан го.
Деп ойлонуп Гүлүстөн,
Сур аттын оозун бурду эми.
Канчорону ээрчитип,
Сумсайып барат Семетей.
Эмине болду бугаң деп,
Эки чоро жетти эми.
Мына ошондо Гүлүстөн,
Кан Бакайдын көзүнчө,
Капа болуп кеп баштап.
Айланайын абаке,
Акылың сенин канакей,
Алаке кандын тукумун,
Айланып жаңы киргенде,
Колуңда алың канакей.
Кокуй күн аба не дейсиң,
Коё бербей эми сен,
Беш күнү удаа сайышсаң.
Тоболоң болуп качпайбы,
Кылбайт белек кызыкты,
Катыгүн абам не дейсиң.
Сызбайт белек сызыкты,
Улуксат эми берсең,
Алты күнү чоң калмак,
Акыл ойлоп албайбы.
Алты сан эли болбойбу,
Ат-Башы, Нарын, чоң Талас,
Айылга аскер кирбейби.
Бекер кылдың эми деп,

Жолдун баарын тозолу.
Өткөзүп ийип калмакты,
Өкүттө эми калбайлы.
Жашынып кытай кетпейби,
Сырт айланып өтпөсүн.
Сынамакчы чоң калмак,
Эми сыртта аскер жүрбөсүн.
Бекер кылдың аба деп,
Безилдеп чоро айтып,
Чоронун сөзү туура деп,
Чогулган кандар эп көрдү.
Чоң Талас менен Ат-Башы,
Аскерди бөлүп Гүлүстөн,
Түн боюнча жөнөттү.
Төштүк менен Сынчыбек,
Ат-Башынан тозмокко,
Эки канды жөнөттү.
Чоң Таласты тозмокко,
Сары таз, Жамгыр кандарды,
Арыстан чоро жөнөттү.
Аскер жыйнап жол артты,
Мына ошондо Коң төрө,
Мурадыл менен Карагул,
Алты күнү болгончо,
Аскерди алып сырт менен,
Ат-Башыга жеттиңер.
Мурамыр менен Жойкара,
Иленин суусун тептиңер.
Сырт арканы басыңар,
Сандаган казак калыкты,
Кабарсыз басып алыңар.
Акдары жол тартып,
Чоң Таласка барыңар.
Айтылуу кең-кол жер менен,
Жылкысын тийип алыңар.
Мен беттешип жатамын,
Алым келсе сүрөмүн.
Ат-Башы журт бурут элдерин,
Деп Коңурбай айтып кеп,
Элдерин айдап салыптыр,
Калмактар кетти калалып,
Азыраак эмес алып мол,
Азан-түмөн сансып кол.
Мына ошондо байкасаң,
Теңир Тоонун башына,
Тербелбеген Гүлүстөн,
Тегиз чыгып барыптыр.
Калмак кантер экен деп,
Кайсындай ишти иштер деп.
Караса адам жайнаптыр,
Каркырадан ылдыйлап,
Кайкап кетип баратат.
Канча түрлүү мал экен,
Жайнап кетип баратат.
Калып кытай көп манжу,
Калбай кетип баратат.
Балтакери баш болуп,
Баштап кетип баратат.
Баштаганда Мурамыр,
Бастырып жолго салыптыр.
Байгы чоро баарысын,
Байкады иштин акырын.
Буудайга камчы басты эми,
Кан Семетей баатырга,
Кайра айланып жетти эми.
Камынгын казак калкым деп,
Үмөтөй, Үрбү,  сен Агыш,
Аттансын калың кол менен.
Өзүм да кошо жол чалам,
Өкүм калмак баласы,
Өзү баштап баратат.
Силер анын жолуна,
Жолду бекем чалгыла.
Азыр аттан Канчоро,
Абакем Кошой көрүп ал,
Акун кандай камды ал.

Астынан тозгун калмактын,
Тарагайдан токтотуп,
Сырт менен көп манжу,
Сырттын жолун алыптыр.
Ат-Башыга жетсем деп,
Жылкы тийип кетсем деп,
Ойлосо керек чоң калмак,
Ошону эстеп жатамын.
Эр Төштүк менен Сынчыбек,
Эрлерди жолго койгондур.
Эрте жөнө эми деп,
Кан Семетей абаке,
Кангайдан көздү албагын.
Калмактын түшөм артынан,
Бууданга чуркар күн келет,
Аманат жанга күч келет.
Добулбас кагып,  жол тартып,
Жөнөдү көлдү бойлошуп.
Барскан ашып түшмөккө,
Эр Канчоро жөнөдү.
Азан түмөн кол менен,
Түндүктү карай бет алып,
Үмөтөй,  Үрбү жөнөдү.
Уккан жандар чогулуп,
Мына ошондо көп калмак,
Чети оюлбай кол жөнөйт.
Жеткилең манжу бул калмак,
Асмандап аяр учуптур.
Балтакерлүү балбандан,
Бөлүп булар алыптыр.
Бөлүнүп алып бул калмак,
Баштамак болду сонунду.
Көргөзмөк болду оюнду,
Алсам деген ою бар,
Айтылуу кыргыз жергесин,
Кара кырга эл жатат,
Кан Коңурбай дөө жатат.
Алты миң жайсаң эрчитет,
Аким манжу чоң калча,
Алкараны булкунта,
Аламактуу Күңгөйдө,
Калча жатат камынып.
Эр Семетей кан Бакай,
Эми ойлоду согушту.
Мына ошондо Гүлүстөн,
Алты чоро жанында.
Алты буудан ат менен,
Сабап жолго түштү эми.
Алма-Атанын оюнан,
Келсең келгин калмак деп,
Келип жолду тозду эми.
Мына кайнап көп кытай,
Эки күн өтүп толгондо,
Мурамыр менен Жойкара,
Жете келди жаңыдан.
Жолун тозуп эр жатат,
Жолборс чоро шер жатат.
Келгенин билди Гүлүстөн,
Ак телкини камчылап,
Арбын жоону көргөндө,
Күлүп жүрөт Гүлүстөн.
Кан майданга көнгөн эр,
Өрттөй күйүп душманды,
Күтүп жүрөт кайран эр.
Бир убакта байкаса,
Манжу кытай аралаш,
Баатырлары жамалаш.
Баары келет жер жайнап,
Балтакерден токсон миң,
Балээлери карсылдап,
Атка минбей дөө жүрөт.
Нечен укмуш жөө жүрөт,
Тоболоң тоодой көрүнөт,
Көргөн жандар тим эле,
Алтын жандан түңүлөт.
Мына ошондо Гүлүстөн,

Ак телкини камчылап,
Жеке, жеке, жекелеп,
Баабедин деп бакырат,
Манастап ураан чакырат.
Мына ушул мезгилде,
Көк тулпар сындуу ат минген,
Көк калгаз сындуу тон кийген.
Көк жалың калмак баласы,
Бууданын минип бургутуп,
Турбастан кайта ал жерге,
Бура тартып дыргытып,
Манжу, солон, алеке,
Ураанын айтып бакырып,
Алты сан калмак бүт ээрчип,
Көбкөрүдөй шуру таш,
Төбөсүндө жаркылдап.
Көрсөң калча баласы,
Келе жатат баркылдап.
Көк кызылга камчы уруп,
Көп калмакты чогултуп,
Ураанын салып бакырып.
Ушул калмак баласы,
Жекелеп эми чакырат.
Муну укканда Гүлүстөн,
Бууданды оңдоп токунду.
Келсең келгин калмак деп,
Кекенип жолун тозду эми.
Мына ошондо Мурамыр,
Эсен кандап бакырып.
Алтай, Алтай, Алтайлап,
Ураанын салып чакырып.
Бер жактан барат Гүлүстөн,
Бетине кармап найзасын,
Ак телкиге камчы уруп.
Арбын калмак эл билет,
Арыстандай кылыгын,
Чарана менен чопкуттун,
Жүргөн жери тиги деп.
Өпкө, колко тушу деп,
Өлөр жери ушул деп.
Менин колум эмеспи,
Байгамбар барак даанышман,
Падыша Алла бирим ак,
Колдогун Алла дин үчүн,
Эми баатыр келатат.
Астына минген буудандар,
Бирин-бири карашып,
Кулагын бекем жабырып.
Куюндай учуп сапырык,
Кытай менен келатат,
Чарайна өпкө чети деп,
Жардай болгон бурутту.
Оң кылбасын сени деп,
Бетине кирип келишти.
Берениң найза сундуруп,
Кеттеп муштап өтүштү.
Жеткен жерде Гүлүстөн,
Жетип муштап өткөндө,
Көк кызылдын үстүнөн,
Кошо муштап өттү эми.
Көтөрүлө бергенде,
Адис белем калмагың,
Атына кайра минди эми.
Кайра тарта беришти,
Карсылдшып чабышып.
Кайдасың душман эми деп,
Гүлүстөн жүрөт алышып.
Кан майдан болду ушунда,
Каптап калмак киргенде,
Уруш болду ушундай.
Суу ордуна кан аккан,
Алкым жагын жабырып,
Үмөтөй колу баратат.
Жээк жагын жабырып,
Үрбү колу баратат.
Ортосунда Агыш бар,

Эр Гүлүстөн жанында,
Бет келгенде майдалап,
Берен чоро кайдалап,
Күнү-түнү алты күн,
Уруш болду ушундай.
Мындай согуш ичине,
Көнгөн баатыр Гүлүстөн,
Алтынчы күнү кечинде.
Келген калмак кай жерде,
Калмактын элин жабырып,
Кайга айдап чыгыша.
Айдап келет жабырып,
Жаккан отун өчүргөн.
Жайнап жаткан солонду,
Эр Гүлүстөн көчүргөн,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү көрүнүп,
Эр мурутун шытыйтып.
Эр өлүгү көрүнүп,
Сегиз ичи күнүндө,
Элди эки бөлдү эми.
Калмактын жаткан өлүгү,
Кара куруттай толду,
Элдин канча эсебин,
Калмактан өлгөн токсон миң,
Кыргыздан өлгөн отуз миң.
Элдин көбүн салба деп,
Бөөдө өлүм болбо деп.
Тогуз күнгө толгондо,
Эр Гүлүстөн кайран шер,
Калмакты айдап отуруп,
Каман жүрүп отуруп,
Каркыранын боюна,
Аайдап жетип келди эми.
Абакем эмине болду экен,
Андан кабар алайын,
Сары аяздан кирсем деп,
Самап чоро ойлонуп,
Үрбү менен Үмөтөй,
Өткөзбөгүн калмакты.
Деп Гүлүстөн тапшырып,
Андан өтүп жол чалып,
Эки күндүк ат менен,
Эр Манастын чатырга,
Эми чоро келди эми.
Мына ошондо кан Семең,
Кайрылып кепти баштады.
Калмагыңан караан жок
Кайра жолго киргенби,
Ат-Башыны бет алып,
Али манжу жеткенби.
Деп кан Семең айтканда,
Айланайын абаке,
Бастырып жолду чалалы.
Калмак кетсе сыртка,
Кандай да болсо алгандыр,
Ал балким Ат-Башыга баргандыр.
Кетип калчу эр эмес,
Деп Гүлүстөн кайран эр,
Буурул ат менен Сур коён,
Ак телки менен чоң тору ат,
Арыстан Семең Гүлүстөн,
Абакем Бакай баш болуп,
Ат-Башыга жол тарта,
Көл жээктеп өткөнү.
Караган Акун кандарды,
Таласка бара бергин деп,
Кан Семетей айтып кеп,
Кайра жолго салганы.
Мына ошондо арыстандар,
Сан жөнөп отуруп,
Элдин алды жатканда.
Эр Семетей Гүлүстөн,
Нарынга келсе а дагы,
Карыган чалдан кеп угуп,
Калмак айдап кашайды.

Камап жатат деп угуп,
Ачуусу келип жанкы экөө,
Артында аскер буларды,
Айланып суудан өткөндө.
Ат-Башыдан чыккын деп,
Кошой тоого салганы.
Таң маалында жакындап,
Уктап жаткан калмактын,
Четин чоро тийди эми.
Камынып калмак келгенче,
Канчасын каарып ийди эми.
Ак чатырга жатыптыр,
Мурадыл калмак ат минип,
Качырып сала берди эми.
Ачуусу келген Гүлүстөн,
Ат үстүнөн калмакты,
Алты түгөй кабырга,
Быркырата бек сайды.
Артынан Семең жеткени,
Башын кесип байланып,
Атын коштоп жөнөдү.
Куудай бетин көргөзбө,
Жалк эткен үн жойулдап,
Катары менен экини,
Каттай сайып бир коюп,
Кан Семетей Гүлүстөн,
Кан майданга киришти.
Семетей сайып өтүптүр,
Гүлчоро башын кесиптир,
Гүлүстөн сайып өтүп жүр,
Абакең башын кесип жүр.
Чакчелей чаң болуп,
Ат-Башынын талаада,
Ат боорунан кош болуп,
Аламан коюп өтөлүк.
Кабырай кандай мына бул иш,
Калмакка эмине болду деп,
Адырдын бары өлүк деп,
Карышкыр койго тийгендей,
Кандай иш болуп кетти деп.
Кан Кошой абам карыса,
Эр Семетей Гүлүстөн,
Калмакты айдап алыптыр.
Кан Кошойдун Чеч-Дөбө,
Кан Коңурбай сур калмак,
Алтымыш курчап алыптыр.
Чал куйругун койгулап,
Төштүк жүрөт душманда,
Жылдыз көк үчүн койгулап,
Сынчыбек жүрөт калмакта.
Көк телкини койгулап,
Канчоро жүрөт согушта.
Астындагы тообурчак,
Эти калган көк жашык,
Каны калган бир кашык.
Отуз күнү болуптур,
Ойрон калмак согушуп,
Азыраак душман эл менен,
Семеңди алдап сур калмак,
Эчак мында келиптир.
Эр Гүлүстөн кайран эр,
Эми кепти сүйлөдү.
Айланайын абаке,
Алкым менен барайын,
Аким манжу калмакты,
Капталынан сайайын.
Кан Коңурбай ошондо,
Кантерин билбей калсын деп.
Сур коёнду камчылап,
Капталынан Гүлүстөн,
Айдап кирди жабырып.
Туура жакын эр Семең,
Саап келип берди эле.
Камап жаткан көп калмак,
Тоз-тоз болуп бөлүндү,
Күнү сегиз болгончо,

Түнү сегиз болгончо,
Эр Семетей кайран эр,
Эми айдады калмакты.
Мына ошондо байкасаң,
Эр Канчоро, эр Төштүк,
Эр Сынчыбек баатырлар,
Түрүүлүк алтын баш,
Кызыл челек кан болуп,
Алтындыктын шимегин,
Бир жутууга зар болуп.
Азилдиктин кайран кол,
Көтөрө албай шал болуп,
Буудандын бою кан болуп,
Теңшилешип калыптыр.
Улугу манжу сур кытай,
Качпагын кытай эми деп,
Канчорону байлалап,
Алптын баарын кайдалап.
Эми жетип кармарда,
Арыстаның чоро Гүлүстөн,
Сур коёнду камчылап.
Сур калмакка жетти эми,
Жеткен жерде арыстан,
Алкаранын үстүнөн,
Кошо муштап өттү эми.
Көрүп барат Гүлүстөн,
Көздө сенин көздө деп,
Өлүа барат кытай деп,
Гүлүстөн айтып баратат.
Эр Семетей байкаса,
Алптын баары чогулуп,
Алкымы бир болуп Төштүк,
Төштүк менен Сынчыбек,
Тегеректеп калыптыр.
Жара койду арыстан,
Калмагы жерге кирсин деп,
Кабыланың кирди жабырып.
Жеткен жерде экөөнү,
Жетелеп алып кетти эми.
Кан Кошой сындуу абага,
Кан Семетей берди эми.
Кайра айланып душманга,
Кабылан сабап кирди эми.
Мына ошондо байкасаң,
Эр Гүлүстөн жетиптир.
Көк телкинин үстүнөн,
Эр Канчоро баатырды,
Улак алган эмедей,
Эңип чоро алды эми.
Эмине болду сага деп,
Көзүңдү ачкын аба деп,
Көздөп алып чыкты эми,
Кан Бакайга берди эми.
Кайра айланып Гүлүстөн,
Кан Семетей баатырга,
Жете келди чоң сур ат.
Капталын айдап эр Семең,
Туурасын айдап Гүлүстөн,
Күнү он эки болгондо,
Түнү он эки болгондо.
Ат-Башынын сазынан,
Араң айдап отуруп,
Кара коюн талаага,
Калтырбай айдап келди эми.
Калмак жайнап ошондо,
Кайра айланып жүрдү эми.
Мына ошондо Гүлүстөн,
Жеке-жеке калмак деп,
Арсылан үндү салды эми.
Мына ошондо чоң калмак,
Намыз үчүн ар үчүн,
Жеке чыкты Коңурбай.
Алкара атын булкунта,
Жети сан түмөн көп калмак,
Мына ошондо Гүлүстөн,
Сур коёнду токунуп,

Сумсайып жоого жөнөдү.
Адырма кайкы бел менен,
Арсыландай кайран эр,
Алиги калмак көрдү эми.
Мына ошондо Коң төрө,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Бул Алманбет баласы,
Баатыр экен, шер экен,
Он эки мүчө тең экен.
Оң далысы кең экен,
Эрди жука, ээги узун,
Эр мүчөлүү неме экен.
Бый-бый чоо өрт экен,
Себили сексен төрт экен.
Кара кулак шер экен,
Кайраттуу бала бул экен.
Калың тыңша журтунда,
Мындай неме жок экен.
Ары балбан, ары эр,
Азамат тууган неме экен.
Бири балбан,  бири эр,
Берен тууган неме экен.
Эминеси кем экен,
Кандарымды кайратып,
Менин белим сый атып,
Сындыруучу неме экен.
Бүктөйт го далай баатырды,
Бук туштурар бекенсиң.
Калың калмак калкымды,
Бээжинди алчу уул экен.
Кан Алманбет баатырдан,
Арта тууган шум экен.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Аттарды колдон алчудай,
Азапты башка бергендей,
Амалын мунун таппаса,
Айланы жаман кетирчү,
Анык баатыр бул экен.
Деп ойлонуп Коң төрө,
Ары балбан,  ары шер,
Алптык жайы бар экен.
Бери барып карасам,
Беш миң эрдин сүрү бар.
Бери бала Гүлүстөн,
Берен экен ушундай.
Эр Семетей баатырдан,
Найза салыш эр экен.
Ушуну колго түшүрсөм,
Кашкардын кара талаасы,
Кайра айлана мен качсам.
Кан Семетей улуктан,
Ажыратып мен алсам,
Тирүү кармап алсам мен,
Бээжинге ала кетсем мен,
Белгилүү тыңша улугу,
Эсенканга алып барсам.
Алманбет кулдун уулу деп,
Азыр кармап келдим деп,
Падышага алып барсам,
Байдасын мунун тийгизип,
Бардык жерден жоо алсам.
Деп ойлонуп Коңурбай,
Жеке чыккан чоң калмак,
Жебелүү күлүк чоң кара ат,
Жетип учуп келатат.
Мына ошондо Гүлүстөн,
Чоң сур атка камчы уруп,
Манастап ураан аралаш,
Алма баш менен үч атып,
Кызыталак калмакка,
Казат кылдым деп айтып.
Мурза кулдуу сыр найза,
Булкуп колго алыптыр,
Бууданга камчы салыптыр.
Бала жолборс көздөнгөн,
Барчын бурт төштөнгөн.

Баса калчу жолборстой,
Баатыр өзү камданган.
Мына ошондо Гүлүстөн,
Оозунан чыккан илеби,
Көрүнтү оттун жалындай.
Көрсөң чоро мамындай,
Туулган себил чарайна,
Жүргөн жери тиги деп,
Оңурарган чоң калча.
Оңдурбасмын сени деп,
Берен чоро мээледи,
Өпкө,  колко тушу,
Өлөр жериң ушу деп.
Калмакка жете келди эми,
Экөө тең найза тең тийди.
Жолум үйдөй ак тула,
Асманга чыгып кетти эми.
Алкара менен Суркоён,
Тизесине кара жер,
Бата түшкөн кези эле.
Улуу манжу кытайдын,
Эки бирдей кабырга,
Олпок менен сыйыптыр.
Буурулуп качып чоң калмак,
Букураты жөнөдү.
Көч жагынан эр чоро,
Көшөрө кууп келатат.
Мына ошондо байкасаң,
Адырма менен желиптир.
Кан Семетей баатырды,
Карагул манжу ээрчитип,
Карбаластап жүрүптүр.
Канчасын сайып жаралап,
Кан Коңурдун артынан,
Эр Гүлүстөн баратат.
Эр Калчаныны артынан,
Көзөмөлдөп алыптыр.
Көч жагынан манжунун,
Гүлүстөн түшүп алыптыр.
Күчөп манжу сур кытай,
Күчү кыйын чоң кара ат,
Күчөп үчүн алыптыр.
Арт жагынан чоң сур ат,
А дагы арыш керип алыптыр.
Жебелүү күлүк чоң сур ат,
Жете көрчү эми деп,
Жеткилең бала Гүлүстөн,
Жетсем сайып алам деп,
Жете көргүн жайы бар.
Жетелеп сени багам деп,
Адырмалуу талааны,
Ашып келет чоң кара ат,
Артынан жоо кубалап,
Шашып келет чоң калмак.
Будур-будур белести ашып,
Ашып келет чоң карат ат,
Буурадай болуп качырып,
Буруксуган Гүлүстөн,
Бурулдатып сур атты,
Сабап келет Гүлүстөн.
Жетпей койсоң сенден деп,
Сайбай койсом мендей,
Алкара чоң сур ат,
Келе жатат жакындап.
Бута атымдай кара атты,
Жаныбар сүрөт жакындап,
Жетимиш адыр кырк чыбыр,
Ашып келет чоң кара ат.
Чоң калдайды көтөрүп,
Калып келет чоң кара ат,
Алтымыш адыр кырк белес,
Ашкан экен чоң кара ат.
Алаке кандын Коңурду,
Алак ачып белести.
Ашкан экен чоң кара ат,
Артынан түшүп Гүлүстөн.

Алган экен көшөрүп,
Бир убакта Гүлүстөн.
Артын баатыр караса,
Канчоро келет бакырып,
Көк телкини койгулап,
Токто, токто, токтолоп,
Калмак жерге кир сени деп.
Кабар алгын менден деп,
Кабарчы келди элден деп,
Кайнап Талас берди деп,
Какандын көлү алды деп.
Муну укканда Гүлүстөн,
Күлүп-жайнап чок болуп,
Кан Семетей кайда кетти деп.
Кабарсыз баатыр кетти деп,
Кан Бакайды жиберсем,
Кан Семетей абакем,
Казыр келер эми деп,
Канчоро айтып түшүнттү.
Эми чоро жарышат,
Эми кайра төрт эсе,
Эр Семетей абакең,
Буурулга камчы салыптыр.
Буруксуган калмакты,
Буркуратып абакең,
Жалгыз айдап алыптыр.
Токсон сан кытай сан колдой,
Тору айгырга камчы уруп,
Токтобой качып Карагул,
Төрт жарттын белин ашыптыр.
Тоз-тоз болуп качыптыр,
Асмандагы душманды,
Айкөлүң айдап алыптыр.
Катары менен экини,
Кат сайып бир коюп,
Кан Манастын баласы,
Карагулду бет алып,
Катуу кууп алыптыр.
Кызыталак манжуну,
Чоң Бээжиндин оюнан,
Кабсан тоо боюнан,
Кыргыз боло каласың.
Алкара алдап сурадың,
Алдатып ийдим мен сага,
Атаңдын көрү калмагым,
Эми жетип алайын.
Эртегин өчтү мен сени,
Шашпай эми алайын,
Буурул атка камчы уруп,
Бурулуштан жеткенде,
Буйтай качып чоң тору.
Буурулуп кытай кеткени,
Туура жолду төтөлөп,
Буурул атты эр Семең,
Чуркап көр деп энтелеп.
Айланайын буурул ат,
Жанакыдай чурка деп,
Айбандан эстүү мал элең,
Али калмак ашканча,
Жеткизе көр мени деп,
Жеткилең күлүк тай буурул,
Жете келди калмакка.
Ат чамындай жакындап,
Тоодой болгон тору айгыр,
Учуп келет закымдап.
Таң агара кууган эр,
Эртеси беш болгондо,
Кең турпандын талаадан,
Жетмек болду жакындап.
Куйрук улаш кытайга,
Кирип келди жакындап.
Буурул ат менен кан Семең,
Жетип келди жакындап.
Туулган себил тушу деп,
Арыстан муштап өткөндө,
Ат-маты менен чоң Калдай,

Алыс учуп жатты эми,
Мынат ошондо Коң төрө,
Бурулуштан көрүптүр,
Буркуратып кара ат менен,
Бу да чыга келди эми.
Жүз жанбаган арыстан,
Качырып сала берди эми.
Кан Коңурбай эр Семең,
Качырышты ушундай,
Бет алыша келишип,
Беттеп найза беришип,
Бирин-бири ала албай,
Бир топко турду ушундай.
Кайра тарта бергенде,
Кан Коңурду эр Семең,
Көмөлөтө койду эми.
Кайра оозун жайганга,
Калдай атка миниптир.
Качып жөнөп кириптир,
Катуу найза жеген кул,
Карагул манжу ошондо,
Кайра тартып жөнөптүр.
Кан Коңур качып келатат,
Байкаган калмак муну да,
Артынан кууп кан Семең,
Калдайың келип калдаңдап,
Эки-экитеңи калдактап.
Көч жагынан эр Семең,
Көшөрө кууп алыптыр.
Көк жал Манас баласы,
Көзөмөлдөп келатат.
Буурул атты койгулап,
Жандай сүйгөн бул атты.
Жанагыдай басылар,
Деп ашыгып келеатат.
Койгон элдин ичине,
Кан Коңурбай бир тийип,
Качып кирип келгенде,
Кытай качып жөнөдү.
Көч жагынан эр Семең,
Кирип келди чуратып.
Бет алганын майдалап,
Белгилүү калмак кайдалап,
Мына ошондо кан Бакай,
Көк аланы жоюндап,
Көк сакалын коюндап,
Семетейлеп кыйкырып.
Абаң Бакай келатат,
Бул эмине болду деп,
Буурулдун оозун жыйды эми.
Эмине болду аба деп,
Эртелеп чаап жөнөпсүң.
Эли-журт аманбы?
Эминени сени көрдүң.
Эрте айтып ийчи деп,
Эр Семең сурап калганда,
Таластан кабар кат келди,
Кайнаган калмак жоо келди.
Кармашып алы жете албай,
Кандарын шайы кетти деп,
Кабарды Семең укканда,
Кайра айланып жөнөдү.
Кан Кошой сындуу карыга,
Ат-Башынын башынан,
Арыстан келип токтоду.
Кан Кошой аба кеп айтып,
Калмактын жарымы барды деп,
Кең-Колго жакын чамалап,
Эми айтам сен эми,
Эр Бакай болуп чамалап,
Айланып чогу жөнөйлү,
Калмакка көлдү салалы,
Таластан айдап алалы.
Деп кан Кошой кеп айтып,
Калайык санап жөнөдү.
Артынан калмак келет деп,

Артында калды Семетей,
Таласты карай Гүлүстөн,
Канчорону ээрчитип,
Кан Бакайды алды эми.
Катуулап жолго салды эми,
Кайнап жаткан көп калмак,
Каркыранын кандарын,
Жайып кытай көчүрүп,
Үрбү менен Үмөтөй,
Эр Калдайдын баласы,
Айдап алган көчүрүп,
Күнү отуз болгондо,
Сары аркадан казакты,
Сандап айдап алыптыр.
Талас кайда барам деп,
Эр Жойкара баш болуп,
Токсон күнгө толгондо,
Келген экен Таласка.
Он сегиз күндөн бер жакка,
Ойрон Сары таз баатыр,
Туруштук берип калмакка,
Турган экен бул баатыр.
Алкышын айдап жабырса,
Жээги келип айланып,
Жээгин айдап жабырса,
Туурасы келип айланып,
Баш жагын айдап жабырса.
Капталы келет качырып,
Бет алды айдап жабырса.
Берен Сары тазыңды,
Бет айланат жабырып,
Бээжинде согуш көргөн эр,
Билет кытай аятын,
Манастап ураан бул салып,
Баатыр жатат кармашып.
Жээк жагын Үмөтөй,
Ушул жүрөт салышып.
Алкым жагын эр Үрбү,
Туура жагын эр Агыш,
Маңдай жагын Сары таз,
Каптал жагын Жамгырчы,
Кайнаган калмак жоо менен,
Атышып жүрөт ошондо.
Ысмайыл менен Бору төрө,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Кайнаган калмак мал болду,
Илек-илек көл болду,
Муну көрүп Айчүрөк,
Асмандап учкан кези экен,
Коркпой сайыш баатыр деп,
Көп баатырга жеңекең,
Сүрөөн болгон кези экен.
Коңурбайдын Мурамыр,
Ичип канга тойбогон,
Беттешип келди бул кытай,
Берт кылып элди сойлоткон,
Берендин уулу Мурамыр,
Кандарга конок бербептир.
Кой айдаган немедей,
Койдой союп адамды,
Каржаңдап калмак көөптүр.
Каркырадан бери айдап,
Кандардын кетип айласы,
Күлчоро кайда деп айдап,
Кытай катуу кысыптыр.
Кыйла азамат эли журтту,
Кыя чаап кылыч менен,
Элдин үшүн алыптыр.
Күлчоро таап бергин деп,
Күңгүрөнүп чоң калмак,
Күчөп жаткан кези экен.
Эр Күлчоро баатырды,
Күсөп жаткан кези экен.
Жан экен деп санабай,
Бетине келген кандарды,
Киши ордуна санабай.

Айдап калың кыргызды,
Камап турган кези экен.
Кылчайганды бул доңуз,
Санап турган кези экен.
Сары аркан алыптыр,
Кеминди кошо каратып,
Келген экен бул доңуз,
Өзүнөн башка адамды.
Киши ордуна самабай,
Көөп турган кези экен.
Токсон күндөн бер жакка,
Күчөп турган кези экен.
Бет келгенди майдалап,
Бура сүйлөп койгонду,
Каскөк менен сайгылап,
Кан ичмеси көп кармап.
Кордошуп жатыптыр,
Кандардын алы жете албай,
Камалашып калыптыр.
Качан бир чоро келет деп,
Гүлүстөн чоро келбесе,
Бул калмак элди кырат деп,
Тукум курут кылат деп,
Калмактын иши оң болуп,
Кыргыз кандай шер болуп,
Арыстандар качан келет деп,
Тилекти кудай берет деп,
Тилеп жаткан кези экен,
Калмакты айдап чыкса деп,
Баатырсынган манжуну,
Башын кесип алса деп,
Колго түшкөн адамды,
Коржоңдогон бул кытай,
Бурут көрүп тургун деп,
Шишкене кылып сайдырды.
Кутказбастан адамды,
Улак кылып тарттырды.
Мына ошентип бул калмак,
Элдин алган үшүрүн,
Муну укканда калайык,
Калбайлык талаада,
Кабарды уккан эки эрен,
Катуу келе жатышат.
Жолдо тыным албастан,
Жолго көзүн салбастан,
Эр Гүлүстөн Канчоро,
Алты жигит жанында,
Азаматтар ат коштоп,
Абакем Бакай баш болуп,
Түн ортосу оогондо,
Түндүн көөнү болгондо,
Келип калды көк жалдар,
Таңга жакын Таласка,
Тамашалуу арыстаным,
Капталынан качырып,
Кан Манастап жаңкы экөө,
Айдап кирди жабырып.
Итегиге тийген таанда,
Айдап жатат жабырып,
Гүлүстөн сайып өтүптүр,
Канкор башын кесиптир,
Сыргак сайып өткөндөй,
Эр Гүлчоро сайганда,
Алмакең кошо жүргөндөй,
Канчоро сайып өтүптүр.
Гүлүстөн башын кесиптир,
Бет келгенди майдалап,
Берен калмак кайдалап.
Туш келгенди майдалап,
Туйгун калмак кайдалап.
Эр Күлчоро кан Бакай,
Кайран чоро Канчоро,
Келе жатат жарышып.
Жээк жакка бет алып,
Канчоро кетти бастырып,
Алкым жагын бет алып,

Күлчоро келет жарышып.
Алты жигит арт кошкон,
Адис кулдун артында,
Келе жатат акмалап.
Мына ошондо Күлчоро,
Арыстан көзүн салды эми,
Абайлап байкап караса,
Кайран сары канатыз,
Мурамыр менен кармашып.
Алтындыктын азиз баш,
Кызыл желек кан болуп,
Тирүүлүктү шилекей,
Бир жутууга зар болуп,
Ойноктогон алтын кол,
А да болбой шал болуп,
Улугу манжу кытайдын,
Колунда жүрөт Сары таз,
Укмуштуу манжу кытайдын,
Колунда жүрөт Сары таз.
Айлакер калмак абаңды,
Алтымыш курчап алыптыр.
Муну чоро көрдү эми,
Туурасынан жанагы эр,
Туйгун союп кирди эми.
Манас, Манас,  Манастап,
Алмабаш менен үч атып,
Калың элдин ичинен,
Калмакты карай бет алып,
Балтакерлер байлант деп,
Байкап карап Гүлүстөн,
Басташкан душман баласын,
Бастырып тозуп келатат.
Көк кызылга камчы уруп,
Көөдөк калмак баласы,
Көк жалыңды көргөндө,
Көтөрүлөт санаасы.
Сур коёнго камчы уруп,
Гүлүстөн келет бакырып,
Күлүгү келген экен деп,
Калмак калды шашылып.
Гүлүстөн үнүн укканда,
Күрбүлдөгөн көп калмак,
Тура албады чачынып.
Арсыландай Гүлүстөн,
Беттеп келип качырып,
Береги манжу улукту,
Имерилиш бекеттен,
Учуп жетти Сур коён.
Жеткен жерде калмакты,
Көк кызылдын үстүнөн,
Көмө сайып өттү эми.
Көмө кетип баратат,
Кайра тартып өлтүрсөм,
Кандай болот эми деп,
Көздөп кетип баратат.
Сары тазга жеткени,
Калмактар байлап кеткени.
Кайра алып чыгайын,
Сары таз менен Жамгырчы,
Жете келди Гүлүстөн.
Көзүңдү ачып бери кара,
Мен келатам эми деп,
Жеткен жерде сарыны,
Таан алган эмедей,
Эңип чоро алды эми.
Оң тизеге тазыңды,
Отургуза салды эми.
Атына кайра мингизип,
Жамгырчыга жетти эми.
Жайдак сүрдү жетелеп,
Күлчоро кайра тартты эми.
Эки канды ээрчитип,
Ар Бакайга ал келип,
Эр Гүлүстөн берди эми.
Эмине болуп жатат деп,
Эми Канчоро карай жүрдү.

Үрбү жүрөт салышып,
Кызыл желек кан болгон,
Муну таанып алды эми,
Жойкараны көрдү эми.
Жолборсуң күлүп койду эми,
Эр Агышты көрдү эми,
Баатыр карап турду эми.
Ээси эңгиреп калыптыр,
Үмөтөйдү көрдү эми.
Алы кетип калганын,
Арыстаның байкай көрдү эми.
Канчорого барайын,
Кайгуулду катуу чалайын.
Кандардын баарын чогултуп,
Эс алдырып алайын.
Арбакка атап мал союп,
Конок кылып алайын.
Деп ойлонуп Гүлүстөн,
Эч шашпаган эр немең,
Эми келет чуратып.
Ак телки менен буратып,
Буркуратып жол жүрүп,
Буткулдудан жетти эми.
Буруксуган калмакка,
Бута атымдай Жойкара,
Чорону көрө салды эми,
Чочубай найза сунду эми.
Жеткен кезде найзасын,
Бөлө чаап өттү эми.
Сайыштын жайы мындай деп,
Жоболоңдуу көп калмак,
Көптүгүңө салба деп.
Кошо коюп өттү эми,
Эр Үрбүгө жетти эми.
Миниңиз аба деп,
Мындан бала өттү эми.
Абанын кайчы белине,
Кара-Буура,  Чаткалга,
Кайкалап чоро келди эми.
Агыш менен Үмөтөй,
Кандай согуш болгонун,
Эр Гүлчоро көрдү эми.
Жети сан калмак тоз болуп,
Жеткилең бала Гүлүстөн,
Жалгыз айдап жүрдү эми.
Агыш менен Үмөтөй,
Баатыр Үрбү жанында,
Айланайын Гүлчором,
Кубат берсин жаныңа.
Азамат бала экенсиң,
Деп айтышып чоң кандар,
Чороңду эгип жөнөдү.
Эр Гүлүстөн жол басып,
Канчоро сындуу агага,
Кайра айланып келди эми.
Эми кирди түн деди,
Канчоро мурза абаке,
Эки жыл болду калмакка.
Бир тынышпай келебиз,
Кармашып жоону жеңебиз.
Кан Манастын арбагы,
Колдосун деп келебиз.
Кан Бакайга баралы,
Кайнап жаткан жаңыдан,
Баабединге союлчу,
Кандарды бүгүн чогултуп,
Конок кылып коёлу.
Абакем Семең келеби,
Анын жолун тозолу.
Бачымыраак бастырып,
Балдар жолго түштү эми.
Салып жөнөп олтуруп,
Күндүн алды батканда,
Кан Манастын ордого,
Кандар келип түштү.
Келип кирсе Гүлүстөн,

Кан Семетей аба бар.
Кошой, Бакай кары бар,
Сары таз, Жамгыр каны бар.
Карыган Акун каны бар,
Касиеттүү кары бар.
Жана байкап караса,
Каныкей-Каныш эне бар.
Үрбү менен эр Агыш,
Салам айтып кирди эми.
Үмөтөй кошо бүгүлүп,
Булар дагы кирди эми.
Туура жаккы бетинде,
Баатыр Төштүк, Сынчыбек,
Отурган экен ушунда.
Эки чоро кирди эми,
Салам берди кандарга,
Алик алып кандарың,
Айланайын Гүлүстөн.
Азамат экен экөөң тең деп,
Абакем Кошой сүйлөдү.
Эс алып бүгүн алгыла,
Жоого биз да баралы,
Кайгуулду катуу салалы.
Кандар айтып калганда,
Эр Гүлүстөн кеп айтат.
Эй абаке деп айтат,
Эртең согуш чоң болот,
Угуп турчу деп айтат.
Эр Манастын айылына,
Эч ким даап келбеген,
Калмакты айдап чыкпасак,
Кантип мында уктаймын.
Деп Гүлүстөн кеп айтат,
Энеси мунун Каныкей,
Аман койсун сени деп,
Маңдайыңдан бек жыттап,
Жеңекеси Айчүрөк,
Желе басып кеп сүрөп,
Кадыр кечи ак бала,
Дени кардың сообу деп,
Саламат жайын бек сүрөт.
Балдар шашпай кандарга,
Тамак берип түн болду.
Түн ортосу болгондо,
Канчорону ээрчитип,
Эр Гүлүстөн кароолго,
Эми кетти бастырып.
Кандар калды эс алып,
Кайгуулду балдар алышты.
Белеске чыгып Гүлүстөн,
Белден кабар алмакка,
Бет алып жөнөп барды эми.
Таң агарып атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Кайнаган калмак мол келет,
Гүлүстөн карап олтурса,
Мына ошондо ортодо,
Көк кызылын камчылап,
Кайсар калмак келатат.
Көрүп турду Күлчоро,
Калмак келе жатат деп.
Кайра басып келди эми,
Кагылайын абаке,
Камыналы эми деп.
Калмактын башын кошпойлу,
Кармашалы деги деп,
Көрүп турдум кашаттан.
Көк жал калмак келатат.
Кара курттай көп жайкап,
Калмак келе жатат деп,
Канчорону Гүлүстөн,
Тургун деди ордунан.
Эр Канчоро аттанып,
Алкым жагын сен тозгун,
Туура Мырга барайын,
Кезеги келди ушунун,

Кекти эми алайын.
Деп Гүлүстөн күлүңдөп,
Сур коёнго камчы уруп,
Султан бала Гүлүстөн,
Бул калмакка жөнөдү.
Мына ошондо Мурамыр,
Жети уруу тон кийип.
Көк кызылга камчы уруп,
Каарланып алыптыр.
Кайнаган манжу кытайды,
Калбай айдап алыптыр.
Ауу келип сүр качып,
Аю, арстандай түктүйүп,
Айдап эми келатат.
Арсландай Гүлүстөн,
Абайлап карап жүрдү эми.
Айтылуу Манас баатырдын,
Арбагына сыйынып,
Атына бала минди эми,
Манастап ураан салды эми.
Жеке, жеке, жекелеп,
Баатыр жолго чыкты эми.
Бир убакта кытайдын,
Кыйын улуу баатырдын,
Жетимиш жайсаң ээрчитти.
Көк үкүбөдөй тон кийип,
Кызыталак качкын кул,
Кан башын кирип кылган кул,
Качбай тургун эми деп,
Мурамыр үндү салды эми.
Мына ошондо Гүлүстөн,
Сур коёнго камчы уруп.,
Арсыландай жаш бала,
Эми чыгып келатат.
Оң жакында баланДын,
Жан бергин жөлөкмөт.
Жылан келет баланды,
Сол жагында байкасаң,
Кол бергени кош акмат.
Колдоп келет жанында,
Жыланач кыдыр жаш бала,
Минип келет мойнунда.
Ачуусун көргөн чоронун,
Алтымыш кез сур жылан
Алдын баштап алыптыр.
Оң жагында сеңерде,
Сары ала сындуу ат минген,
Сары кемсел тон кийген,
Алтын айдар, чок бел боо,
Азиз кандын жалгызы,
Алмакең келип калыптыр.
Көзүңдү ачып качар деп,
Мунун атасы келип калыптыр.
Сол жагында сеңерде,
Көк ала сындуу ат минген,
Көк кемсел тон кийген.
Акбалтанын Чубагы,
Арыстандын бирөө бу дагы,
Көзүңдү ачып качыр деп.
Абасы келип калыптыр,
Мунун арт жагында,
Кара калпак жаргагы,
Кан Манастын Сыргагы,
Бала бүркүт көздөнүп,
Баатыр Сыргак келатат.
Мунун арт жагында,
Карт күрөң сындуу ат минген,
Кара олпоктой тон кийген.
Аргындын уулу Ажыбай,
Көмөкөйдүн чечени,
Кырк чоронун кырааны.
Кыйлалардын тыңдары,
Бул да жөнөп келатат.
Мунун арт жагында,
Айкөл Манас атакең,
Аккула минип арбайып,

Ала-Тоодой дардайып.
Оң жагында жыйырмасы,
Ойротту бузган жыласы,
Сол жагында жыйырмасы,
Калдайды бузган жыласы.
Кетип жөнөп калыптыр,
Эр Гүлүстөн келатат,
Менин көлүм эмнетип,
Ааламдын  көлү деп,
Жараткан Алла бир кудай,
Жалгай көрчү бизди деп,
Арыстандай Гүлүстөн,
Айкырып келип туштады.
Тийген жерде буудандар,
Тизесине кара жер,
Бата түштү көрдүңбү.
Адис болгон найза,
Алиги бала кыргыз кул,
Жетип найза салганда,
Өпкө менен колконун,
Быркырата коюптур.
Как жүрөккө сыр найза,
Калмагыңдын өзүнө,
Карыш кирип кетиптир.
Карс дей түшүп бөлүндү,
Көк кызылдын үстүнөн,
Алыс кетти сур калмак.
Эр Гүлүстөн жетти эми,
Жетип башын кести эми.
Көк кызылды тепкилеп,
Кайнап жаткан калмакка,
Кабылан Гүлүс кирди эми.
Атынан калмак түшкөнүн,
Көргөн жайсаң түңүлдү,
Калың кытай дүркүрөп,
Качып калды күркүрөп.
Качкан жоону Гүлүстөн,
Айдап келет жакындап.
Жээк жагын Канчоро,
Айдап-айдап келатат.
Туура жагын эр Семең,
Буурулду бура тартып,
Бу дагы айдап келатат.
Калмактар качты ошондо,
Кан Коңурбай кайдалап
Бет келгенин Гүлүстөн,
Кылыч менен шайдалап,
Туура жагын Сары таз,
Туйгун айдап алыптыр.
Мына ошондо Жойкара,
Чоң күрөңдү койгулап,
Качып жаткан калыкты,
Качпагын деп койгулап,
Качпаганга болбоду,
Катуу согуш мына бу,
Кандар келди эки шер,
Калмактарды айдалап.
Бир убакта Гүлүстөн,
Эр Семеңе жетти эми.
Калмактын оту ушу деп,
Кан Бакайга берди эми.
Жойкаранын артынан,
Жолгойу деп жөнөдү.
Атаң Алма баатырдын,
Артык күнү ушунда,
Аманат жаным соо болсо,
Акыры сени алармын,
Жараткан берсе тилекти,
Бир беттешип калармын.
Кызыталак Жойкара,
Кытайдын мыкты улугу,
Кыйын сынып келгенсиң,
Келтирейин кезегин,
Табайын мунун эсебин.
Деп ойлонуп Гүлүстөн,
Жардай сур ат минген эр,

Жалтанбай жоого кирген эр.
Жаңжуң жамы элине,
Жалгыз кирип баратат.
Жаратканга сыйынат,
Калың калмак каканды,
Кең Таластын жүзүнөн,
Күнү отуз болгондо,
Түнү отуз болгондо,
Эр Семетей эки кул,
Эми айдап чыкты эми.
Соотуну сойлотту,
Кылычтууну кыйратты.
Найзакерди майдалап,
Алптардын далайын,
Бөлө чаап майдалап.
Какандын эли шашылды
Как ушинтип кагылды,
Кытайдын эли айдады.
Кылымга кетип атагы,
Эр Күлчоро арыстан,
Астын баштап баратат.
Туруштук берген бир жан жок,
Турбай калмак көчтү эми.
Кайра тартпай бир калмак,
Качып кетип баратат.
Качпагын калмак эми,
Эр Семетей өлбөң,
Артынан эми барармын.
Качбагын калмак качпалап,
Кан Семетей кубалап.
Кең Таластан душманды,
Айдап чыкты жаңыдан.
Калмактын эли сабалап,
Канчаларын жаралап,
Кабыландай үч баатыр,
Айдап алды сагаалап.
Канча калмак эл келет,
Кайра тартпай көп калмак,
Кайра айланып жөнөгөн.
Сандап калмак келатат,
Сандыргалуу арыстандар,
Самап айдап келатат.
Күнү басып эки күн,
Түнү басып эки түн,
Каркыранын ичи менен,
Кайран балдар келди эми.
Кан Коңурбай улуктун,
Кайда экенин билелик.
Алкым менен жетиптир,
Эр Гүлүстөн жанагы эр,
Эми байкап билиптир.
Калмактын киймин кийиптир,
Кайра айланып жүрүптүр.
Кытайдын киймин кийиптир,
Кыраан чоро Гүлүстөн,
Аралап жоого кириптир.
Алла Таала бир кудай,
Колдой көр деп жүрүптүр.
Бууданды токуп миниптир,
Буруксуп жоого кириптир.
Сур коёнду миниптир,
Айныбай жоого кириптир.
Калың жоонун ичинен,
Калмакча чоро сөз салып,
Коң төрө кайда кетти деп,
Көп кытайдан кеп сурап,
Кытайга барып сөз сурап,
Жойкара кайда кетти деп,
Жоболоңдуу душмандын,
Жоруктарын көп сурап,
Тыңшага барып кеп сурап,
Карагул кайда кетти деп,
Кайран чоро көп сурап,
Караңгыда желиптир.
Кайнаган калмак көп элден,
Кайда экенин билиптир.

Аралашкан көп калмак,
Сары аяздын жолунда,
Чогулган калмак кеп айтат.
Билмексен болуп сурайсың,
Билсең калмак төрүңдү,
Эми башта жатпайбы,
Эр Манастын уулуна,
Бир беттешип кайтам деп.
Көп камынып жатпайбы,
Жойкара көк жал ал өзү,
Жолду ошол чалды го,
Сары аяздын бөксөсүн,
Жалгыз ээлеп алды го.
Манастын уулу Семетей,
Келсе көрө жатам деп,
Бу дагы тозуп салды го.
Алкым жаккы белести,
Карагул баатыр алды го,
Качан бурут келет деп,
Бу дагы кайгул салды го.
Түн ичинде Гүлүстөн,
Түгөл укту бул сөздү.
Элдин алды жатканда,
Сандаган жоодон бөлүп,
Эр Семетей баатырды,
Табайын деп жөнөдү.
Кайдан болсо балакет,
Кара ниет душмандын,
Кардын жарып көрөйүн.
Качтуу деген Коң төрө,
Кашайта үйүн тигиптир.
Кармашканы биз менен,
Камынган экен бул төрө.
Каркыранын сазында,
Кармашты катуу салалы.
Кан Коңурбай төрө менен,
Бир беттешип калайын.
Кан Алманбет баатырдын,
Арбагын сыйлап мен эми.
Атаңдын көрү душманга,
Армансыз болуп калайын.
Жараткан берсе тилекти,
Жалтанбай чабуул салайын.
Жалгыз өзүм барайын,
Ак телкинин минейин,
Армансыз жоого кирейин.
Мындай кызык болобу,
Тиктегеним келеби.
Тилекти кудай береби,
Самаганым келеби.
Санааны кудай береби,
Ойлогонум келеби.
Оюмду кудай береби,
Иштеген ишим ак болсо,
Жараткан берсе тилекти,
Кубантайын жүрөктү.
Деп Гүлүстөн келатат,
Эр Семеңди тапмакка,
Эми кабар салайын,
Кан Семеңди табайын.
Калмактан кабар алайын,
Кандай иш болот эми деп,
Кандай буйрук алайын.
Коң төрөгө бет алып,
Анан кийин барайын.
Бууданга камчы бек уруш,
Бул жерде карап не туруш.
Тулпарга камчы эми уруш,
Душманга карай не туруш.
Колуман келсе калмакты,
Айдап кирип барайын.
Бээжинге сүрөйүн,
Береги калмак улугу,
Колума тийсе көрөйүн.
Койбой берип азабын,
Коң төрөнү көрөйүн.

Атамдын кегин алайын,
Азабын берип калайын.
Ар кими мага кезиксе,
Айланып чабуул салайын.
Калмакты дагы аралап,
Кан майданга барайын.
Мына ошентип Гүлүстөн,
Сур коёнду чуратып,
Бууданды минип буратып.
Сары аяздын жонуна,
Салып чыгып келди эми.
Жолго Гүлүс чыкканда,
Кан-жаны көр,  селди көр,
Кайнаган калмак элди көр.
Белести көр, элди көр,
Белгилүү калмак элди көр.
Атка минген эчен бар,
Айбакталуу дөөлөр бар.
Жаткан иттей каштуу бар,
Жан казандай баштуу бар.
Калмакча тилин келтирип,
Кайран чоро келди эми.
Кайнап көчүп келишкен,
Карагулдун эли экен.
Кан Алманбет баласы,
Ашыкпай байкап билди эми.
Атаңдын көрү калмак кул,
Ушул жерде экен деп,
Эми байкап билди эми.
Кандай кылсам деп ойлоп,
Акылды бала көп ойлоп,
Кан Коңурбай улукту,
Кайдан таап алсам деп.
Кайгуулду катуу салсамбы,
Кан Коңурбай калмакты,
Кармап алсам болот деп,
Калдайды кармап мен алсам,
Кандай сонун иш болот.
Түн боюнча калмактын,
Түйүндөрүн билемин.
Караңгыда мен жүрүп,
Калмактын сырын билемин.
Алдымдагы Сур коён,
Аркар аяк, жез билек,
Айбандан башка чоң сур ат,
Кырк эки асыйга,
Жаңы келген чоң сур ат,
Жебелүү күлүк мал ошол.
Жети жаны бар ошол,
Желкайыптын тукуму,
Жетик күлүк мал экен.
Желгенине жел жетпейт,
Жетип учуп келатат.
Басканына мал жетпей,
Бачым учуп келатат.
Бул жаныбар чоң сур ат,
Өркөчү бийик зээри пас,
Алтай минсең арыбас,
Алтымыш асый болсо да,
Азуусун жалап айкөл карыбас.
Анык буудан чоң сур ат,
Анык буудан экенин,
Арыстандай Гүлчоро эр,
Абдан байкап билди эми.
Ардактап муну мингени,
Төрт-беш жылга чамалап,
Чоң сур атты койгулап,
Чочубаган жанагы эр,
Келе жатат калмакта.
Коң төрөнүн жайы кайда деп,
Көп калмакка кезигип,
Көк жал чоро сурады.
Ошол калмак келатат,
Угуп тургун баатыр деп,
Калмаксыңбы сен кимсиң,
Эмгиче билбей төрөнү,

Сени эсиңен тайган эме го.
Улугу манжу чоң төрө,
Алкарадан түшпөдү,
Кароолду жоодон үзбөдү.
Бууданынан түшпөдү,
Былканайдын жонунда,
Кароол карап бул кытай,
Душмандан көңүл үзбөдү.
Бээжинге чейин алышып,
Буруттун баары келет деп,
Бек камынып ал жатат.
Беттешемин эми деп,
Берен кытай жатпайбы.
Кармашамын эми деп,
Кабылан кытай жатпайбы.
Бурут деген журтту деп,
Караңгыда жүргөндө,
Карышкырдай журт деп,
Акыры издеп келет деп.
Алиги манжу улугу,
Айтпады бизге деп,
Манастын уулу Семетей,
Баатыр келет бизге деп.
Баарыңарга белгилүү,
Кан Алманбет баласы.
Караңгыда жалтанбай,
Кабылан баатыр ушул деп,
Кан Коңурбай кеп айтат.
Беренимдин бирисиң,
Баары баатыр белем деп,
Калмак түрдүү тиледи,
Сан миллион кол менен,
Салгылашып бардык деп,
Сандаган калмак эл менен.
Салышып жоону жеңе албай,
Санаабызга жете албай.
Кылган ишим курсун деп,
Улуктарын милдети,
Укпадыкпы эми деп.
Ушул кезде чоң калмак,
Не кыларын таба албай,
Каны кайнап жатат деп.
Кабарды угуп Гүлүстөн,
Мыйыгынан күлдү эми.
Баатыр Гүлүс ошондо,
Бажырайып калды эми.
Астындагы Сур коён,
Абдан күлүк мал ошо,
Алты арыштуу манжуну,
Аралаган уул ошо.
Жети арыштуу кытайды
Жеке билчүү уул ошо.
Манжу,  солон көп кытай,
Баарын билчү мына ошо.
Жебелүү күлүк Суркоён,
Жел жетпести миниптир.
Кайда душман эми деп,
Кабылан чоро жүрүптүр.
Бууданды чоро булкунтуп,
Чоң сур атты жулкунтуп,
Кайыптан бүткөн чоң тулпар,
Канаты бар бул тулпар,
Темир тоонун арасы,
Жел кайыптын баласы,
Жетик күлүк чоң сур ат,
Ар дайымда Гүлүстөн,
Ардактаган ушул ат.
Алла Таала кудурет,
Колдогун деп келатат.
Бала жолборс кыргыз  кул,
Бастырып жолдо келатат.
Кан Семетей абасын,
Тапсам деген чамасы,
Жанакы калмак не болот.
Эр Манастын баласын,
Табайын деп жүрдү эми,

Бул калмактын не кеби,
Гүлүстөн кайып туулду эми.
Жүргүн баатыр эми деп,
Ээрчитип алып жүрдү эми.
Сары аяздан эңкейип,
Сандыргалуу эр неме,
Сабап жолго кирди эми.
Тар чокунун белине,
Салып чыгып келди эми.
Буудандын оозун бурду эми,
Бутулдаган калмакка,
Буудан карап турган жок.
Бура тартып келди эми,
Уй түгүндөй көп калмак,
Үстүнө чыгып барды эми.
Калмагына Гүлүстөн,
Салам айтып калды эми.
Жалпы калмак көп калмак,
Алигин алып конду эми.
Жанындагы жолдошу,
Кандай неме ушул деп,
Кабарына алды эми.
Оңой-олтоң эр эмес,
Оң гүлүгү шер эмес.
Анык калмак бул болсо,
Алда кандай сүрү бар.
Арыстандын түрү бар,
Чынында улук бул болсо,
Чынмачындын сүрү бар.
Бол колума байкалам,
Болук куран эр экен,
Борумдуу манжу кытайды,
Бийлеп турган шер экен.
Бул өзү кайдан келген эме эле,
Алтымыш үрү тон кийген,
Анык кытай түрү бар.
Бир жаңылбай сүйлөгөн,
Таза манжу түрү бар.
Каары кыйын заары күч,
Катылганды кылат түз.
Жетик манжу бул өзү,
Бастырса жолу болгондой,
Батырлардын бири экен.
Аттанса жолу ак жолтой,
Арыстандын бири экен.
Кайда болсо бар болсо,
Каркыралуу эр экен.
Кандай сонун уул экен,
Беттешип адам жеңбеген,
Берендердин бири ушу бейм.
Алышып адам жеңбеген,
Арсыландын бири бейм.
Күрөшүп күчү жетпеген,
Гүлүстөндүн өзү бейм.
Ары балбан,  ары шер,
Анык балбан неме экен.
Бири балбан,  бири шер,
Берендин бири бул белем.
Баатыр экен, шер экен,
Балбан экен, дөө экен.
Кайсы жери кем экен,
Кандай сонун уул экен.
Он эки мүчө тең экен,
Оң далысы кең экен.
Эрди жука, ээги узун,
Эр мүчөлүү уул экен.
Баатырлары бир башка,
Башка тууган уул экен.
Муну менен миң бир сап,
Көрүлүүчү уул экен.
Кабыландай уул экен,
Кайсы жери кем экен.
Калмакпы же башкабы,
Кайдан билем муну мен,
Жүр деди кошо келемин.
Кетемин эмне боломун,

Кеп салсам кандай болуучу,
Кейиш тартып жүрбөсүн,
Кебимди байкап билейин.
Деп калмак ойлонуп,
Айттырбай билчү Гүлүстөн,
Күлүп койду толгонуп,
Калмактын оюн билүүчү.
Кабылан бала эмеспи,
Кытайдын оюн билүүчү,
Кыраан бала эмеспи,
Ошо калмакка бала сүйлөдү.
Кандайсың манжу кытайым,
Калмакты кайдан табамын,
Кан Коңурбай төрөнү,
Кандай жерден кармаймын.
Сенин оюң билемин,
Ээрчитип эми келемин,
Алааке кандын Коң төрө,
Издесем кайдан табамын.
Изин кайдан чаламын,
Канткенде манжу улукту,
Кармап алам деп ойлойм.
Канчалык кытай төрөсүн,
Байлап алам деп ойлойм.
Баатыр кытай сен укчу,
Аман-эсен кытайды,
Эгерде өзүн кармасам,
Алты арыштуу кытайга,
Кан кыламын сени мен.
Менин жайым сурасаң,
Өзүмдүн атым Гүлчоро,
Атамдын атын сурасаң,
Арыстан Алма болуучу,
Сорондиктин тукуму,
Мен айтып сага түшүнтөм.
Ээрчип келдиң сен менен,
Эчен күндөн бер жакка,
Эми кетип барабыз.
Сен экөөбүз бир болуп,
Жоболоңдуу калмактын,
Канын төгүп кайтмакка.
Эч адамга чектирбей,
Жан адамга сүйлөтпөй,
Ат кошчу кылып аламын.
Менин айткан акылым,
Баатыр манжу не дейсиң.
Деп Гүлүстөн айтканда,
Алиги кытай селейип,
Ант ичкендей элейип,
Кабырай кандай сонун деп,
Алты ай жүрдүк салышып.
Арманы жок алышып,
Жети ай жүрдүк салышып,
Жети сан кытай эл элек,
Желмогуздай бул кытай,
Нечен күнү алышып,
Жеңип чыкты мына ушу.
Жергесинен айдады,
Жетик шердин бирөө экен.
Алты ай согуш болгондо,
Азаматтан канча өлдү.
Жети ай согуш болгондо,
Жетиктүүдөн канча өлдү.
Бул оңой уул көрүнбөйт,
Калмакты айдап көчүргөн.
Жаккан отту өчүрдү,
Жалпы манжу улугун,
Жаткан жерден көчүрдү.
Бүт кытайды көчүрдү,
Билимдүү манжу улугу,
Не кыларын таба албай.
Айласы кетип жатпайбы,
Башы Талас жер экен.
Ат-Башыдан чогулуп,
Кең Кашкардан жабырды.
Баарын айдап отуруп,

Башын кести далайдын.
Балада мындай жок экен,
Бүткөн бою ак экен,
Жигитте мындай жок экен.
Түлө бою ак экен,
Муну менен кетемин,
Кетпегенде нетейин.
Касам кайда барамын,
Акыр өлүм жолунда,
Кутулуп кетчү айла жок.
Актап кызмат кылайын,
Атын багыт турайын.
Деп ойлонуп бул калмак,
Айланайын арыстаным,
Айтканыңдай болоюн.
Атыңды токуп мен берип,
Айдаган жакка барайын.
Не десеңиз көнөйүн,
Өл десеңиз мен эми,
Айтылган жерде өлөйүн.
Аркандай жүрүп күн көрүп,
Элиме аман кетейин.
Деп калмакча сүйлөдү,
Бала жолборс Гүлүстөн,
Бали баатыр кебиңен,
Маалим ширин сөзүңөн,
Мени менен сен болсоң,
Каалагандай кылайын.
Аман-эсен мен болсом,
Кең Текести алганда,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Мына ошонун ордуна,
Кан көтөрүп коёмун.
Эсиңде болсун баатырым,
Сенин атың Муракша,
Мурадылдын ордунда,
Кан болосуң эми сен,
Калмагыңа айта бар,
Менин айткан кеңешим,
Үч күндөн кийин келемин,
Улугу манжу чоң кытай,
Ал эмине болду экен,
Эли жайың толукпу,
Жойкара кайда болду экен,
Мунун жайын толукбу.
Каражой уулу Шыпшайдар,
Анын жайык толук бул,
Карагул кайда болду эми.
Кабарын толук билесиң,
Сары аяздын жонунан,
Табышалык эми деп,
Алдап кетсең сен баатыр,
Ансыз калмак көп элди.
Акыры баатыр аламын,
Эсиңде болсун сенин деп,
Сенинда издеп табамын.
Кутулуп кетти дебегин,
Кутурган калмак сен болуп,
Өз амалың жасасаң,
Өзөндөп издеп табамын,
Башыңды кесип аламын.
Убадада сен болсоң,
Улук деп сени самаймын,
Алты сан манжу улугу,
Муракша деп атаймын.
Деп Гүлүстөн кеп салды,
Мына ошондо Муракша,
Арыстан тууган чоронун,
Аягына жыгылып,
Айланайын Гүлүстөн,
Антым ушул баатыр деп,
Ак албарстынын мизинен,
Акырын өөп жүгүндү.
Убадалаш бекитип,
Тоордой сур ат менен,
Жалтанбаган эр немең,

Калмакты таштап талаага,
Кайра айланып жөнөдү.
Кан Бакай менен Семетей,
Кайда экенин билмекке,
Жамгырчы менен Сары таз,
Кайсы жерде жатты деп,
Канчоро баатыр кайда деп,
Кабарын эми алмакка,
Артынан келсе калың кол,
Жолдош кылып алмакка,
Азабын жоону бермекке.
Арсыландай айбаттуу,
Али чороң кайраттуу.
Чоң ур атты булкунтуп,
Чочубаган эр немең,
Чочубай жолдо келатат.
Астындагы чоң сур ат,
Айбандуунун тулпары.
Үстүндөгү Гүлүстөн,
Адамзаттын шумкары.
Бууданды минип буратты,
Бута бою жарлардан,
Буйдалбастан чуратып,
Буруксуган кайран эр.
Келе жатат чуратып,
Бөксөңдө боюн кадуулап,
Бөлөк жол менен адуулап.
Бөтөн жолго салыптыр,
Бөксө менен барыптыр.
Кайкыдан чыга калыптыр,
Кайран чоро барыптыр.
Эми жетип келди эми,
Эр Семеңдин кошууна,
Кан Бакайдын ордого,
Кабылан Гүлүс кирди эми.
Салам айтып жүгүнүп,
Таазим кылып бүгүлүп.
Айланайын аба деп,
Айтайын кулак салыңыз.
Баландын кепти угуңуз,
Байкап анан чыгыңыз.
Менин бир кепти угуңуз,
Кеңешимди келип туруңуз,
Улугу манжу чоң кытай,
Жаткан жерин байкадым.
Кан Коңурбай калганын,
Кайда экенин мен билдим,
Ар кандай жолду чалдым мен.
Чаар жонго бардым мен,
Араладым калмакты,
Жойкара менен Коңурбай,
Карагул сындуу калмактын,
Кайда экенин билдим мен.
Катуулап чыгып кайгуулга,
Калмактар менен көрүшүп.
Катуу кабар алдым мен,
Ашыкпадым шашпадым,
Жебелүү күлү чоң сур ат,
Чоң күчүнө салдым мен.
Алты кылым Каркыра,
Алты айлана калдым мен,
Жети кылым Каркыра,
Жети айлана чалдым мен.
Жетиген күлүк сур аттын,
Алп күчүнө алдым мен.
Жетип кабар алдым мен,
Калмактардан кеп уктум,
Кан Коңурбай чоң Калча,
Качпай жатат деп уктум.
Бөксө тоонун боюнда,
Бөтөнчө калмак бир башка,
Адыр тоонун боюнда,
Арзыган калмак бир башка,
Кара тоонун боюнда.
Кайнаган калмак бир башка,
Каркыранын бетинен,

Эңкейип калмак жатыптыр.
Эсебин алып кытайдын,
Эми сабуул салам деп,
Элдин баарын кетирбей,
Эми чет калмак сур калча,
Эми жаткан бул жерде,
Бурулушта не пайда,
Бул турушум бей байда.
Алтындан кемер куранган,
Атаңдын көрү калмакка,
Аттанып эми кол салам,
Бууданды эми токунам,
Буруксуган калмакка,
Эми жетип кол салам.
Батаңды аба алайын,
Бастырып эми барайын.
Баатырсынган калмактын,
Мен ошо башын кесип аламын.
Эр Семетей абама эми салайын,
Элдин баарын чогултуп,
Эртелеп чабуул салайын.
Деп Гүлүстөн айтканда,
Кан Бакай баатыр кеп айтат.
Кебиңди укчу деп айтып.
Айланайын Гүлүстөн,
Айтып турган кебиң ал.
Баатырды кылган өзүңөн,
Айланайын абаң көзүңөн,
Анда болсо баласың.
Азыраак кулак саласың
Абакем Бакай айткан сөз
Көңүлүңө аласың
Коңтөрө калмак эл келсе
Көп экен деп шашпадым
Каткырып күлө баштадың
Жакандан канча кол келди
Канча түрдү зор келди
Качпай тура сайыштың
Карагай найза майыштуу
Көк өзүң менен сайып
Сатуу менен союштуң
Калкандуу меенен качыштың
Канча алп менен алыштың
Кагылайын Гүлүстөн
Кабар алып барышкын
Эр Семетей баатырды
Эми алып чакыртып
Сары таз  менен Жамгырчы
Кандарды алып чакыртып
Акылды чогу кылалы
Аттанып алып душманга
Анан чабуул салалы
Оңой олтоң жоо эмес
Оңой калмак ал эмес
Береги турган ашыптыр
Эр белдин белести
Эми уктук кол барын
Эсердин жаткан жайларын
Кабарыңда бар бекен
Кан майданда согуш жайларды
Өткөн ишти байкачы
Калмактын алдык жылкысын
Кандай да болсо бет алып
Кан Коңурбай чоң калмак
Тегин болчу кубалап
Муну менен алыштык
Алты ай жатып салыштык
Жаккан отун өчүрүп
Жалаң манжу улукту
Айдап чыктык көчүрүп
Ачууң калып бүктөдүң
Мурадыл менен Мурамыр
Баатырларын өлтүрүп
Калмактарды кубалап
Каркыранын сазына
Келип түшүп олтурдук

Кең мейкиндүү талаага
Өзүң байкап жол чалдың
Өкүм калмак улугуң
Өз көзүң менен сен көрүп
Өзү келип катылган
Калмактарды жайладың
Айлап атып жаш бала
Акылыңды толук билесиң
Азыраак кеңеш жасайлы
Анан анттан ошондо
Алаң казар чоң калча
Алкарасын мингендир
Айтбай бурут калкка деп
Атайын эми жүргөндүр
Баатырларын чогултуп
Баркылдаган чоң калмак
Баштап алып келгендир
Көрүшөрбүз дагы биз
Каңкуу калмак эл менен
Атышаарбыз жүрөрбүз
Ажал жетсе күн бүтсө
Ара жерде өлөрбүз
Согушаарбыз жүрөрбүз
Чындап ажал бир келсе
Ушул жерде өлөрбүз
Менин айткан кеңешим,
Арыстан баатыр не дейсиң,
Атаңдын көрү калмакка,
Аттанбай жатып албайбыз
Арыстан Манас, Алманбет
Арбагын биз да сыйлайбыз
Кан Коңурбай калмактын
Башын кеспей тынбайбыз
Бээжинди чаап алабыз
Каканга колду салабыз
Ушу Бээжин калааны
Эми тегиз каратып
Анан кайра тартабыз
Ашыкпайбыз,  шашпайбыз
Алакенин Коңурду
Азабын эми беребиз
Атаңдын өчүн алабыз
Алла берсе  тилекти
Аттанып чабуул салабыз
Кең Таласта калган эл
Бүт көчүрүп алабыз
Бээжинге чейин согушуп
Белгилүү манжу калганы
Эми чаап алган соң
Эми кайра тартабыз
Ашыкпай акыл салабыз
Арыстан чоро угуп тур
Аскердин баарын алабыз
Атаңдын көрү калмакка
Согушпай кантип калабыз
Эр Семетей баатырды
Эми мында алалы
Канчоро ханды чакырып
Кантип жолго салалы
Кандардын баарын бөлөлү
Акылды мындай кылалы
Акмакты мындай тыялы
Аттарды байкап көрөлү
Арбуудандай тулпарды
Эр Семеңден сурайлы
Эртең жолду чалалы
Деп кан Бакай айтып кеп
Мына ошондо Гүлүстөн
Күлүп коюп кашкайып
Күмүштөй тиши кашкайып
Макул аба эми деп
Элиңдин баарын чакырт деп
Кеңешемин эми деп
Кепти эми салалы
Кеңештен куруп алалы
Жоону кандай алуунун

Жолун таап алалы
Деп Гүлүстөн ойлонуп
Баатырың жатып калды эми
Мына ошондо кан Бакай
Жанындагы жигитке
Аттанып эми жөнөдү
Арыстан Семең баатырга
Кабарды катуу салыптыр
Кан Семетей баатырды
Кан Бакай алып кел,
Сары тазга барып кел,
Жамгырчы канды алып кел,
Канчорого барып кел
Кабарды ага салып кел
Азыр келсин бул жерге
Аттанып эми барып кел
Айас кылбай барып кел
Аттанып эми азыр кел
Деп кан Бакай кеп айтат
Токтобой жөнө деп айтат
Гүлүстөндү жанына
Бери келгин деп айтып
Эс алчы балам эми деп
Астына төшөк салдыртып
Арсылан чоро баатырга
Тамак-ашын даярдап
Тегең берип отурду
Азыраак жатып эс ал деп
Абакем Бакай жарыктык
Айтып коюп чорого
Абакем жатат ойлонуп
Арыстандай Гүлүстөн
Ар нерсени байкаган
Абамдын сөзү акыл кеп
Айта турган макул кеп
Бакайдын сөзүн акыл деп
Мактай турган баатыр деп
Төрөмдүн сөзү акыл деп
Төбөмдөн урган болбосо
Бул абамдын сөзүнө
Ишенүүгө болчу кеп
Абакем Бакай жарыктык
Айтып турган сөзүнөн
Айланайын өзүнөн
Бекирек айткан сөзүнөн
Акыл айтып,  кеп салып
Айтып турган өзүнөн
Акылга дыйкан киши экен
Атамдан улуу бул киши
Арыстан Алма атакем
Ага да айтам акылын
Мен дагы жакшы билемин
Билимдүү Бакай баатырды
Ак сакалын жайкалткан
Ак жорго минип чайпалган
Көк жорго минип чайпалган
Көк сакалын жайкалткан
Көтөрүмдүү кан Бакай
Элимдин болгон акылы
Эрдиги жандан бир башка
Эми көрдүм көй кашка
Аттанса жоого сан колдой
Абакем Бакай ак жолтой
Бет келсе жоого сан колдой
Ал белгилүү Бакай ак жолтой
Беренди тозуп отурат
Таң агара сөгүлүп
Жерге жарык төгүлүп
Жан адамдын баарысы
Сары таз менен Жамгырчы
Кандар келип түштү эми
Кан Семетей абакең
Канчоросун ээрчитип
Кабылан келди жаңыдан
Мына ошондо кан Бакай
Абакем кепти баштады

Кана журтум не дейсиң
Эр Гүлүстөн барыптыр
Жоонун чегин чалыптыр
Баатыр чоро барыптыр
Калмактан кабар алыптыр
Арыстан чоро барыптыр
Алаке кандын Коңурдан
Абдан кабар алыптыр
Тынар чоро барыптыр
Тыңшадан кабар алыптыр
Туйгун чоро барыптыр
Туюктан кабар алыптыр
Мына мындай кеби бар
Калмагыңдын сөзү бар
Кан Коңурбай бул калдай
Камынып жаткан чеги бар
Бурут болсо келет деп
Бул бурут менен беттешип
Өчүмдү ала кетем дейт
Каркыранын сазынан
Өтүп калмак жатыптыр
Эртең менен эртеден
Элди алып чогултуп
Эр Манастын арбагын
Эрте айтып жөнөйлү
Айланайын Гүлүстөн
Адырдан кармап калмакты
Абдан тилге кагыптыр
Хан көтөрөм сени деп
Кабыландай Гүлүстөн
Калмактын аты Мураша
Кайкыдан тозмок болуптур
Калмакча чоро кийинип
Калмакча тилге каныптыр
Катуу согуш баштайлы
Калмактан өлгөн баатырдын
Кегин алып калсам дейм
Кан Манастын арбагын
Кантип айтпай коёбуз
Алманбет,  Чубак эки арыстан
Эрдиги тоодой жаралган
Булар өлдү калмактан
Ажыбай,  Сыргак экөө тең
Каза болду калмактан
Кайсы жери болбосун
Калмак качан эл эле
Бул калмактын кордугу
Өтпөдүбү ар качан
Сур калмактын зордугу
Кече Бээжинден мол беш арал
Бешөөнү Алма чалганда
Сары ала ат минип Кыл жейрен
Кыйла жерди басканда
Толкунундай ашканда
Ак кула окко учканда
Алмакем шейит кеткенде
Карыптык башта жок беле
Кайгырып ыйлап келгенде
Мына ошону айтайын
Ай балта тийип Манаска
Бээжинден кайра тартканда
Кырк чоронун баарысы
Кыргын чал, Бакай баарысы
Кайра чыгып жол тартып
Чоң Таласты көрсөк деп
Чочубай жолдо келе аттып
Мына ошондо байкагын
Айтайын сөздүн далайын
Алаке кандын Коң төрө
Алдыдан чыкты көч айдап
Айгайлаган ызычуу
Абайлаган кыңылтуу
Абакем Бакай мен өзүм
Алдыма алдым көтөрүп
Исламдын дини деп
Жараткан Алла бир Кудай

Жалгай көрчү бизди деп
Жаратканга жалынып
Баатыр Манас атакең
Бастырып жолдо келе аттым
Алтымыш күнү атыштым
Айгайлаган согушта
Алманбет, Чубак кан өлдү
Арыстан Сыргак даг өлдү
Ажыбай сындуу кан өлдү
Ак кула окко учканда
Ак келтени көтөрүп
Алиги калмак кайда деп
Атакең Манас жөнөдү
Алманбет окко учканда
Арыстан Манас шер өзү
Жарымдагы жарасын
Арыстан алып таштады
Арбууданга камчы уруп
Алты сан калмак көп элди
Аралап Манас киргенде
Алардан канча жан өлдү
Атакең Манас бет алса
Акими качып бөлүндү
Арбууданга камчы уруп
Атакең Манас жөнөдү
Бетине келген душмандын
Беренин сайып айдады
Кашына келген калмактын
Кандарын сайып айдады
Тушуна келген дущманды
Турбай айдап жөнөдү
Туйгун Манас атакең
Буурулду минип булкунтту
Бул калмакты соём деп
Бурулуштан жөнөдү
Алманбет,  Чубак куну деп
Эр Чубактын артынан
Эми таап алам деп
Эчен күнү издеди
Мына ошондо сур калмак
Арыстан Чубак баардын
Сөөгүн ала качыптыр
Мына ошондо кан Манас
Камандынын оюнан
Кабылан жетип артынан
Качканы калмак артынан
Кан Чубактын сөөгүн
Ажыратып алганда
Абакең Бакай жанында
Коңурбайдын каранын
Мына ошого жүктөдүк
Алманбет,  Чубак сөөгүн
Айкөл Манас атаң
Эрдигин көрдүм ошондо
Кырк чородон Кыргын чал
Кыйласы бар жанында
Арыстан Манас айкөлүң
Калдайды kyyп олтуруп
Кабсаңдуу зоого барганда
Калмакты таап ала албай
Капа болуп калганда
Эртелеп чыгып белеске
Берениң дүрбү салганда
Бери жакта мына олтурат
Алтымыш айар аламкөй
Аны көрүп кан Манас
Ак келтесин октоптур
Кошо олтурган кытайдын
Алтымышын сомдоптур
Алманбет,  Чубак,  Сыргагын
Далайын аткан Кожожаш
Мына ошону сойлотуп
Калмактан кегин алыптыр
Кабылан өзү барыптыр
Алтымыш аяр жыгылган
Ак келтенин огунан

Айкөл Манас арыстаның
Аттан түшө калыптыр
Жой болотту колго алып
Башын кесип калмактын
Кыяга жыйып салыптыр
Кыраанның өзү барыптыр
Мына ошондо мен барып
Көк ала минип чуратып
Жете бардым артынан
Жетип калмак артынан
Жетип калмак дартынан
Жеткилең Манас атаңар
Андан өтүп жөнөдү
Арбууданга камчы уруп
Айкөлүң өзү жөнөдү
Мен да кошо барамын
Беттешкен жоону табамын
Берениң кирсе жоолорго
Оң жагында барамын
Жараткан Алла бир Кудай
Колдой көр деп караймын
Мына ошондо атакең
Калмактын каны Коңурбай
Кайда экенин билмекке
Карап турат кайсактап
Анын жамынып тоосунан
Арыстан Манас кубалап
Четки Бээжин калаага
Жетимиш күндө барганбыз
Жете келди калча күүлөдү
Коңурбайдай калмакты
Мына ошондо алганбыз
Айта берсем түгөнбөйт
Акылды мындай кылалы
Амалдуу калмак жоо менен
Атышканы баралы
Мына айтар кеңешим
Арыстан балдар не дейсиң
Аскердин баары камынсын
Коңурду колго түшүрсүн
Э кимин айай койбогун
Жойкара колго түшкөндө
Жолдон кармап соёмун
Карагулду сойгула
Канына мыктап тойгула
Аскердин баары камынсын
Каркыранын сазына
Кан Семетей барышсын
Сыр аяздын жонунан
Жолдо жаткан калмактын
Жообуңду уксун Гүлүстөн
Иленин башын бойлосоң
Эр Канчоро, Сары таз
Ушул жерде болбосун
Мекеден келген кызыл туу
Бээжинди бузган узун туу
Сен алайын колума
Жамгырчы канды алайын
Тууну тигип салайын
Кан Манастын арбагы
Колдосун деп жатайын
Кана балдар не дейсиң
Өчөшкөн калмак соо кетпейт
Атаңдын көрү Коңурбай
Атышпай калмак жөн кетпейт
Айтайын кулак салгыла
Калмакты көрсөң качпагын
Ашыгып мылтык атпагын
Акырын барып байкагын
Аламалдуу калмак сур калча
Ар-ар өнөрүн айтамын
Айырылып калп уулунан
Амалсыздан чыдаган
Өзү келип бул калмак
Өкүлдүүгү турбайбы
Эми эсебин табалы

Өткөн кеткен кектерди
Калтырбай такыр алалы
Алаке кандын Коңурбай
Кантип жанды сактайлы
Атаңдын көрү бул калмак
Эминени кылбады
Ойлоп бүгүн олтурсам
От болуп күйүп жанамын
Ичиме түштү көп санаа
Кыраан балдар сен кара
Оюма түштү көп санаа
Арыстан бала сен кара
Алаке кандын Калчасы
Эминени кылган жок
Бул сур калмак соо кетпейт
Кетирген менен иш бүтпөйт
Айланайын Гүлүстөн
Атайын мыктап чалыптыр
Атанын кунун алмакка
Айылына чейин барыптыр
Душмандын сырын билиптир
Сур тулпарды миниптир
Калмактан тыңчы тааптыр
Кабарын мунун алыптыр
Кайран бала барыптыр
Кытайдан тыңчы тааптыр,
Кыраан бала барыптыр.
Айланайын Гүлүстөн
Азаматтын бири сен
Калкынын камын ойлогон
Кайраттуу бала турбайбы
Элинин камын ойлогон
Эмгекчи бала турбайбы
Журтунун камын ойлогон
Журт баласы турбайбы
Мунун кылган ишин көр
Адам пенде бара алгыс
Адырга барып келиптир
Аким манжу Коңурду
Айылын чалып көрүптүр
Айланайын Гүлүстөн
Узун өмүр жаш берсин
Калкынын камын ойлогон,
Калк баласы турбайбы
Кагылайын өзүнөн
Кан Бакай сындуу абакең
Кандай аял сени да
Эргек кылып тууду экен
Эркелетип өстүргөн
Каныкей сенин энекең
Алты жашка келгиче
Бурулча байкуш бакты эле,
А дагы кандын кызы эле
Алп мүчөсү уз эле
Алтымыш түрдү ойлорду
Билип турган киши эле
Адамзат пендеде
Андай сулуу жок эле
Билгичтиги бейбактын
Бир адамга бар эле
Сени багып турганда
Абакем Бакай дечү эле,
Аман-эсен чоңоюп,
Эр Гүлүстөн болобу,
Атакеси Алманбет
Айныбай тартар бекен деп
Айтып калчу келиним
Алтымыш уруу кытайды
Чапканын көрүп өлсөм деп
Алаке кандын Коңурду
Алганын көрүп өлсөм деп
Айланайын Гүлүстөн
Атка минсе эр жетип
Көрүп туруп өлсөм деп,
Астына курман кетсем деп,
Айланайын абакем ай

Аман турар бекемин
Млмаман калган белек деп
Сооттон калган кыяк деп
Асылдан калган чунак деп
Найзага тагар желек деп
Айланайын Алмамдын
Артындагы белек деп
Айтуучу эле Бурулча,
Аман-эсен чоңоюп,
Ат жалын тартып бул минсе
Атактуу шаар чоң Бээжин
Айланып чаап бир келсе
Аярлардын дубасын
Окутамын мен деген
Эр жеткенче жүрсөм деп,
Келин алып  берсем деп,
Анан кийин өлсөм деп
Он эки жылы колумда
Буруча байкуш жүрдү го
Эр жеткенден кийин
Абаке Көбөш,  кан Жакып,
Жылкымды тийип алганда
О Манастын кырк чоро,
Кыргын чалы баш болуп
Качырып мага тийгенде
Капаланба аба деп
Кан Манастын ураанды
Кайран келип салганда
Кырк чорону түшүмдөп
Бөлүп-бөлүп барганда
Ма келе туруп кеп айтты
Туз урган бекен деп айтты
Калк барго мындай кеп айтты,
Ант урганго деп айтты
Кыргыл чалга кеп айтты
Атасың Кыргыл деп айтты,
Куйтулугуң сен койгун
Уят болот деп айтты
Кан Жакыпка кеп айтты
Калп күлүп уят деп айтты
Абаке менен Көбөштү
Акмаксыңар деп айтты
Экинчи мында келбегин
Келсең тирүү кетпейсиң
Кырк чорого кеп айтты
Туз урган иттер деп айтты
Жолобогун мында деп
Бурулча байкуш кеп айтты
Мына ошондон кийин ким көрсүн
Эр Семетей келгенде
Калык чогулуп той берип
Кабарсыз жаткан убакта
Кырк чоро качып Бээжинге
Кыйла алаамат болгондо
Буурулду минип эр Семең
Астынан келип тозгондо
Кыргыл чалга кеп айтып
Айланайын атаке
Арыстаным абакем
Арыстаным Манас өлдү деп
Артынан калган жетимче
Айланып элге келди деп
Минсең алтын так мында
Сурасаң кыргыз калк мында
Эч кимиң кетпе эч жакка
Өзүмө чоро болосуң
Өзөндүү сууга коносуң
Айтылуу Манас чоросу
Адырды бойлоп коносуң
Атактуу чоро болосуң
Жээкти бойлоп коносуң
Жеткилең Манас чоросу
Ойдогудай болосуң
Айткан жерге коносуң
Эч кимиң эч жакка барбайсың
Айылыман алыс чыкпайсың

Атактуу Манас чоросу
Чогулуп келген кырк чоро
Менин айткан кеңешим
Кыргыл чал ага не дейсиң
Деп Семетей айтканда
Абакем Бакай жанымда
Мына ошондо Кыргыл чал
Макул болот баатыр деп,
Кырк чоро кеп айтып
Арыстан баатыр кырк чоро
Айкөл Манас баатырдын
Жылгыз уулу келди деп
Арыстан айкөл Манастын
Кашка тиши бул эле
Жоону бирге жоолаган
Кан Бакай Кыргыл биз эле
Баарыбыз бирге бир тууган
Ага-ининин баласы
Неге айкөл Манас атаң
Кемтик сайда турганда
Торпок минип бир жүрүп
Кырк чорону курадым
Айтылуу Манас атаңа
Сегизимде кошулдум
Ошондон бери бир жүрүп
Доону бирге доoладым
Жоону бирге жоoладым
Бээжинди бирге чабыштык
О дүйнө кеткен Манастан
Качан көңүл калышты
Ак куласын токудум
Арыстан Манас барында
Кыргылдын сөзү кеп болгон
Кырк чоро эми болгон
Капаланба Семетей
Кайра ойлочу элиң бар
Кырк чороң аман турганда
Кылымды бузчу демиң бар
Эч кайда кетпей кырк чоро
Абаке Бакай билесиң
Кыргыл чалдын жөн жөнүн
Арыстан Манас айкөлүң
Качан көңүл калтырды
Кырк чоросун сыйлачу
Айтканын эки кылбады
Атакеңдей сыйласаң
Айтканын эми кылбасаң
Айтканыңды кылабыз,
Адырдан келген жоо болсо
Астын тозуп турабыз
Берен атаң Манастай
Тегиз бизди сыйласаң
Тыңшанын жолун тозобуз
Тындырбай кирип согушка
Сенин айтканыңдай болобуз
Деп убада бекитип
Үйүнө кайра кеткенде
Кырк чорону чогултуп
Куйту Кыргыл кеп айтат
Ат семиртип алалы
Биз Коңурга баралы
Каныкей-Бакай- Бурулча
Айтпай буга калабы?
Кече арыстан Манас өлгөндө
Калык чогултуп көмгөндө
Каралуу калып Каныкей
Манастан калган көп жылкы
Камчыга ченеп бөлгөндө
Кан Жакып тилин алганда
Кан Манастын эшигин
Найза менен ачканда
Көбөштүн тилин алганда
Көп жылкысын Манастын
Коң төрө тилин алганда
Кан Жакып баштап барганда
Кан Манастын чоң үйүн

Талап, тартып алганда
Семетейдин бешигин
Кызыл ташка чапканда
Чыйырдыны ыйлатып
Жакып кан колго чапканда
Баарың барсың кырк чоро
Чепкен менен жабуусун
Отуз нарга жүк чыгып
Ичинен байкап отурсам
Жүз токсон  нарга бул чыгып
Алып келдик Жакыпка
Буудайбекке бергенде
Бул дүнүйө оокатты
Тегиз бөлүп келгенде
Мында барсың кырк чоро
Бул Манастын баласы
Өжөрүмө тийгенде
Өз атасы Жакыпты
Бая күнү байлады
Башын кесип жайлады
Абаке, Көбөш алты ага
Ага экен деп ойлобой
Аябай мыктап сабады
Башын кесип булардын
Аттарын алып Бакайга
Кермесине байлатты
Атасы Манас канкордой
Айтканынан кайтпаган
Адам болот ушундай
Каркырада камалган
Кабыр менен мусулман
Кандарынан аталган
Мына ошондо кырк чоро
Баарың барсың ошондо
Бул Манастын баласы
Оңой-олтоң уул эмес,
Жеңил-желпи бала эмес
Ойноп турган жан эмес
Сен жакшылап туралы
Ат семиртип ык кылып
Анан Бээжин баралы
Алаке кандын Коңурбай
Агаң мажик жиберип
Андан кабар алалы
Кызы талак бул бала
Кимибиз болсо соо койбойт
Ойлогула кырк чоро
Деп Кыргыл чал айтканда
Кырк чоронун ичинен
Кыргыл чалдын сөзүнө
Көбү макул болушту
Мына ошондо эр Мажик
Кыргыл чалдын сөзүнө
Капа болду азыраак
Айланайын Кыргыл чал
Айкөл Манас баатырга
Кенедейден жолдошсуң
Берен Манас баатырга
Бармактайдан жолдошсуң
Менин айткан кеңешим
Кырк чоро баатыр не дейсиң
Арыстан Манас айкөл шер
Эмине берип бакпады
Жакыптын тилин алдык биз
Бир азыраак жаңылып
Уят болуп калдык биз
Эми мындай кылалы
Семетей менен Бакайга
Убаданы бердиңиз
Эс бир жакка барбай деп
Эрте айтып койдуңуз.
Убадаң эми болобу
Убададан тайыган
Абаке ишиң оңобу
Баатыр Манас арбагы
Бизди тирүү коёбу

Түбүндө түздү каралап
Ант ичкендей болобу
Башкаң барсаң бара бер
Мен Бээжинге барбаймын
Кудай бетин көргөзбө
Калчанын тилин албаймын
Кайра Бээжин барбаймын
Кан Алманбет төрөмдүн
Арбагына калбаймын
Кече Алмаң тирүү чагында
Бээжинди бузуп чапканда
Берен Манас айкөлүң
Өзү баштап барганда
Ошондо калган убада
Эр Алманбет, эр Чубак
Арыстандар чогу турганда
Ажалы жетип киши өлөт
Айланып Талас барганда
Айта баргын бизди деп
Атышып жатып душмандан
Алманбет,  Чубак, эр Сыргак
Кан Ажыбай өлдү деп
Кан майданда өлгөндү
Айта жүргүн бизди деп
Ал магаң айткан болуучу
Кайра Бээжин келбегин
Кайра Бээжин сен келсең
Кандай иш болот билесиң
Деп Алманбет маа айтты
Мына Камбар сен барсың
Манастын уулу Семетей
Аман-эсен келиптир
Чоро болуп ушуга
Актап кызмат кылалы
Деп Мажик айтканда,
Камбар туруп кеп айткан
Баатыр Мажик жан жолдош
Угуп тургун сен эми
Кан Манастын чоросу
Бээжинди чаап алганда
Улугу манжу сур Калча
Кана ыйлады билесиң
О Манастын кырк чоро
Менин чором болсо деп
Ааламды бүтүн чаап
Албайт белем мында деп
Биз Бээжинге барабыз
Эр Коңурбай Калчанын
Жигити болуп алабыз
Сандап аскер кол алып
Кайрып Талас келебиз
Кан Манастын уулуна
Катуу согуш салабыз
Ар бууданды минебиз
Ак олпокту кийебиз,
Биз Таласты чабабыз
Семетей менен Бакайды
Тирүү кармап алабыз
Каныкейди соёбуз
Бурулчаны Бээжинге
Атка таңып барабыз
Кетпейм десе Бээжинге
Башыңды кесип алабыз
Байланып кошо барабыз
Деп Камбар айтканда
Мына ошондо эр Мажик
Ачуусу келип жүрөктөп
Атаңдын көрү ит Камбар
Айлаң кетип айткан сөз
Айкөл Манас кайран шер
Аз ойло сабар кетти деп
Эминени биз ошо жасабадык
Каныкей
Көбөштүн тилин алдыңар
Көөп жаман бардыңар
Арыстан Манас өлгөндө,

Жакыптын тилин алдыңар
Жабыла атка миндиңер
Жакут сындуу Бакайды
Тегеректеп кирдиңер
Теңирим жардам болбосо
Эминени көрдүңөр
Бакайды чаап алам деп
Кыргылың баштап жөнөдү
Мына ошондо сур жорго
Жайдак атка миниптир
Эсен кандын буурулга
Эргек тилин тилиптир
Эр Манастан чуу тартып
Кырк чоро сага тийгенде
Кудайга койдум Мажик деп
Жеке – жеке жекелеп
Ураан салып киргенде
Кимиң чыктың ошондо
Ачуусу келсе учпайбы
Асман менен сызбайбы?
Сен Бээжинге жеткенче
Эр Манастын баласы
Эр Семетей жанагы
Ар бууданын минбейби
Асмандан учуп буурулга
Абакең Бакай туу алып
Сары таз, Жамгыр жүрбөйбү
Сазайды колго бербейби
Дүкүлдөйсүң сүйлөйсүң,
Эч темени билбейсиң
Эрсенсинип сүйлөйсүң
Манастын уулу Семетей
Ойной турган эр эмес
Олуяттын кан Бакай
Оңой киши ал эмес
Бурулча сага тең эмес
Каныкей сага жөн эмес
Үйүңдө Камбар күүлөнбө
Байыңды чаап алгандай
Баатырдыкты ким берди
Төрөңдү чаап алгандай
Төрөлүктү ким берди
Ойлоп сүйлө Камбарым
Ошол ишке ким көндү
Мына Бээжин баралы
Барганда байда бар беле
Эмине олжо аласың
Эр Коңурбай сур калмак
Аттарды колдон албайбы
Арамзаада кырк чоро
Анкорлугун көргүн деп
Атаңдын көрү буурул ат
Атанын кегин албайбы
Бул келгениң жакшы деп
Бурутту көрчү эми деп
Бүт калмакты кырды деп
Булар кайра келди деп
Манастын уулу Семетей
Манастан чоро келди деп
Качанкы кекти албайбы
Найзаны колдон албайбы
Жалынсаң укпай кебиңди
Жаалдап башты албайбы
Чын эле качып келди деп
Канкор калмак ойлобойт
Мылтыкты жондон албайбы
Мыкты келдиң дебейби
Жебени белден чечпейби
Жоболоңдуу кырк чоро
Рас мында келдиң деп
Жонуңдан кайыш тилбейби
Олпокту бойдон чечпейби
Обсуз кыраан кырк чоро
Ойду кудай келдиң деп
Оң көзүңдү ойбойбу
Өкүртүпминтип койбойбу

Чопкутту бойдон чечпейби
Чогу келдиң мында деп
Чогултуп келдиң мында деп
Чогу алып чогу өтүп
Сен окшогон арамды
Шишине сайып койбойбу
Калканды бойдон чечпейби
Кегим бар сенде бурут деп
Кекенип кардың тешпейби
Аттарды колдон албайбы
Амалды кытай салбайбы
Менин айтаар кеңешим
Кыраан тууган кырк чоро
Биз Таластан кетели
Кимге барып батабыз
Калкандуу менен кагыштык
Сооттуу менен согуштук
Чопкуттуу менен чабыштык
Найзакер менен качыштык
Мылтыктуу менен атыштык
Садактуу менен басыштык
Алптар менен алыштык
Айкөлүң Манас барында
Ат боорунан кан акты
Кабыр менен мусулман
Канча алпты жайладык
Ойлоп кара кырк чоро
Кайсы жерге батабыз
Биз Таластан кеткенде
Кимдин көзүн карайбыз
Касиеттүү кан Бакай
Акылга дыйкан киши эле
Абакем Бакай баатырга
Абыдан акы салалы
Бизден кеткен иш болсо
Кечиргин баатыр аба деп
Биз Бакайга баралы
Бурулчанын колунан
Даам ооз тийип алалы
Каныкей сындуу жеңеңдин
Астына түшүп баралы
Арбагын сыйлап Манастын
Аттарды тартуу кылалы
Айылына чогу баралы
Айкөл Манас баласы
Терең болсо откозор
Теңиз болсо кечирер
Баштан өткөн кемчилик
Баатырсың Семе кечир деп
Баарыбыз чогу барсак деп
Менин айткан кеңешим
Буга баатыр не дейсиң
Арыстан Мажик айтканда
Кыргыл чал турду күүлөнүп
Өзүнөн өзү сүйлөнүп
Атаңдын көрү Мажик кул
Бул эмине деген кеңешиң
Жанында чогу мен жүрүп
Айтылуу Манас төрөдөн
Жакшылыык көргөн эмесмин
Манастын уулу Семетей
Эми тирүү коёбу,
Ойлоп байкап карачы
Кызыталак сен Мажик
Кече Манас барында
Жоону чаап биз алдык
Мына ошонун тушунда
Согуштан башка эмине
Бул Манастын баласы
Так атасындай шер болду
Акыры мындан кетпесек
Амалдуу башка бир өлүм
Дагы айланып бир кекти
Сен кетпесең кетпегин
Калган чоро кеңешим
Бир айлап атты суутуп

Бээжинге кирип кетемин
Бакай менен Каныкей
Кантип тирүү көрөмүн
Душман болду эрте мен
Эми мындан кетемин
Сур калмакка жетемин,
Деп Кыргыл чал күүлөндү
Мына ошондо эр Мажик
Кайра ойлонуп кеп салды
Угуп тургун мен Кыргыл
Туугандан алыс сен кетип
Кай мураска жетесиң
Тууганга кара санаган
Түбүндө көрбөйт жакшылык
Арыстан Манас айкөлүң
Кырк чоромдун төрөсү
Кыргыл болот деп көндү
Жанындай көргөн жолдошум
Кыргыл билет деп көндү
Кырк бөрүмдүн төрөсү
Кыргыл болот деп көндү
Кыргыз-калмак ичине
Даңазанды көтөрдү
Кенедейден кошулуп
Жолдош болду деп көндү
Айтканыңды эч качан,
Айкөл Манас көк жал шер
Качан капа кылды эле
Ойлосоң боло сен Кыргыл
Ошондон бери кырк чоро
Атыңды токуп алалат
Алып келип сагалап
Арыстан Манас баатырдын
Арбагын сыйла сен Кыргыл
Рас маган атасың
Арууке бар колумда
О дүнүйө кеткен Алмакем
О Манаска тапшырган
Боюнда калган бала бар
Он эки жылдан бери жакка
Өсбөй келген чама бар
Быйыл өсүп калды деп
Арууке байкуш кеп айтат
Эр Семетей келгени
Эртелеп өсүп калды деп
Ойлосоң боло ушуну
Боюнда бала чоңойсо
Аман-эсен ал болсо
Эркек болсо, эр болсо
Эр Алманбет төрөмдүн
Аманатты дагы бар
Аны кайда алып барам
Башка келсе көз тартар
Өз башына келгенди
Эми мындан көрүндү
Чын ажалым бир жетсе
Мен Таласта өлөмүн
Бээжинден келгендин үчүн
Ааламдын бири үчүн
Калмактан келген дин үчүн
Калкар султан бир үчүн
Бээжинге эми барбаймын
Барсам барам Бээжинге
Калмагыңа барбаймын
Каңгайдын тилин албаймын,
Кытайдын тилин албаймын
Мен Тыңшаңа барбаймын
Кечилдин каны Коңурбай
Мунун тилин албаймын
Андан көрө сен Кыргыл
Тарып көчсөң Таластан
Кетели качып эми биз
Кемтик сайга баралы
Өзүнчө айыл бололу
Өзөндүү сууга конолу
Азган-тозгон элдерди

Айыл кылып алабыз
Ээн эркин биз болуп
Өзөн  суугa консок биз
Мына ошолордо оңобуз
Мындан кетсек кырк чоро
Түбү жаман болобуз
Эсиңде болсун кырк чоро
Менин тилим алгыла
Кан Бакайга баргыла
Өткөн кеткен иштерди
Кечирим сурап калгыла
Деп Мажик айтканда
Камбар турду сүйлөнүп
Түбү калмак кулсуң деп
Кан Коңурбай улуктан
Качып келген кулсуң деп
Ошону үчүн сен калмак
Көрүп мында турасың
Ойлойсуңбу муну деп
Менин айткан кеңешим
Аттарды суутуп таптаңар
Ат семирип ык болсун
Азамат жайкап бир болсун
Эр семирип ык болсун
Кетүүгө жолдор так болсун
Бир ай мында жатабыз
Ат семирген кезинде
Бээжиндин жолун чалабыз
Камбары туруп муну айтып
Калган чоро тараган
Бул кабарды Мажигиң
Түн ичинде түн катып
Бурулчага айтыптыр
Мына ошондо Бурулча
Акырын басып келгенде
Абакем үйдө барбы деп
Ак үйгө басып киргенде
Таазим кылып жүгүнүп
Айланайын жан аба
Азыраак кабар айтайын
Айта түшүп кайтайын
Калмактан келген кайранчы
Качып келген айанчы
Кайран Мажик келиптир
Баатырдан калган кырк чоро
Баштамак болду балааны
Салмак болду деп уктум
Адам көрбөс жалааны
Бээжинди көздөй кетем деп
Кыргылды кудай урду дейт
Сур калмакка барам деп
Сандап аскер алам деп
Кан Семетей баланын
Айылын чаап алам деп
Кечилдин каны Коңурга
Эми мындан барам деп
Эчен миң аскер алам деп
Эр Семетей баатырдын
Айылын чаап алам деп
Күүлөнүп атат деп уктум
Кыргыл Мажик Камбарды
Чыкыртып мында алыңыз
Бул эмине кебиң деп
Кеңешти катуу салыңыз
Айтып турган кебиме
Абыдан мыкты каныңыз
Амалкөй Кыргыл куу эле
Жообун угуп алыңыз
Жоболоңдуу кырк чоро
Бул эмине деген кеңешиң
Толук угуп алганда
Анан сенин уулуңду
Алалык мында чакыртып
Деп Бурулча айтканда
Аган да макул мен болдум
Эртең киши жиберип

Эр Кыргылды чакыртып
Аңгемени салдык биз
Астына тамак койдук биз
Ак сакалсың сен Кыргыл
Андай кылба деп айтып
Айкөл Манас баатырдын
Чоросу элең сен дагы
Чоросу эмес ошондо
Төрөсү элең сен Кыргыл
Ойлогун баатыр ишиңди
Макул болбойт дегенде
Мына ошондой Кыргыл чал
Айланайын кан Бакай
Абакемсиң сен деди
Арыстан Манас арбагы
Арамдык кылсам а мени
Уруп кетсин деп айтты
Алтайда бирге туулдук
Торпок минип бир жүрдүк
Айкөл Манас баатырдын
Ар кылганын иштедик
Арамдык жок менде деп
Ар кандай сөздү салганда
Болуптур баатыр эми деп,
Мына ошондо мен айттым
Береги турган көп элди
Өзүң жакшы билесиң,
Кебез тоону бүт алгын
Бүт аргынга кан болгун
Мен айтамын ушуну
Алты шаар Кашкарды
Арыстан Чубак башкарган
Же ушул элди сен алгын
Өзүнчө айыл болосуң
Өзөн суугa коносуң
Кан Кыргыл чал төрө деп
Калыкка мыкты болосуң
Менин айткан акылым
Баатыр Кыргыл не дейсиң
Кабарласаң мына ошо
Камбар баатыр жанында
Калган кырк чорону
Атасынан калды деп
Кан Семетей балага
Чоро кылып берели
Менин айткан кеңешим
Камбар,  Мажик не дейсиң,
Деп кепти мен салдым
Мына ошондо Кыргыл чал,
Мен да ойлонуп көрөйүн
Кең дүнүйөнү тартытпай,
Айтканыңдай болоюн
Адырга барып коноюн
Акылымды токтотуп
Анан жооп берейин
Деп Кыргыл айтканда
Абакем Бакай кеп айтты
Убада ушул Кыргылым
Уяткарбай ишиңди
Кечирдим баатыр деп айттым
Мындан Кыргыл кеткенде
Кырк чорону алып чогултуп
Кыйкырык кепти баштаптыр
Бул Бакайдын кеби деп
Айтып турган сөзү деп
Ал чоронун баарысын
Менден бөлүп ар жакка
Таратмакка ала бар
Кыркың кетсең кырк жакка
Салаалатып бөлсөм дейм
Анан бирден чакыртып
Арманы жок сойсом дейм
Бууданды колдон алсам дейм
Бул Манастын чоросун
Тындым кылып койсом дейм
Эми чоро не дейсиң

Эртең эрте туралы
Элдин алды серпилип
Жайлоого көчкөн убагы
Жайлоого көчөм эми деп
Төтө жолго салалы
Ашуу төр менен кара төр
Ошого чыгып баралы
Бул Бакайдын мурдараак
Көчүп кирип кетели,
Жайлоо убагы болду деп
Жай алмашкан убакта,
Каркырада бололу
Үргөнчүдөн өтөлү
Үч кайнактан кечели
Ары эңкейип отуруп,
Иленин башы Үч-Арал
Ушуга жетип коnолу
Артыман келсе Семетей
Тындым кылып коёлу
Деп Кыргыл чал күпүлдөп
Кырк чоронун баарысы
Ал күнү жатып эс алып
Алты миңдей жан болуп
Таң агара көчкөндө
Бээжинге кетет экен деп
Кабарды эч ким уккан жок
Эртеси бешим кезинде
Эр Семетей жаш бала
Кара кандын ак тулпар
Кабылан Семең миниптир,
Абам эмне болду деп
Мени карай жөнөтүптүр
Келди бала бастырып,
Үйгө алып киришип
Кыргыл чалдын иштерин
Толук айтып түшүндүп
Анда Семең кеп айтты
Эмесе үйгө барайын
Каныкей менен Чыйырды,
Энеге кабар салайын
Калыкты алып чогултуп
Кан Манастын кырк чоро
Семетейге келди деп
Кабарды элге салалы
Деп эр Семең кеткенде
Эр Семең барса үйүнө,
Жолбуудан кеп угат
Таласты ашып кырк чоро,
Качып кетип баратат
Бээжинди карай бет алып
Шашып кетип баратат,
Деген сөздү укканда
Байлоодогу буурулду,
Эр Семетей миниптир
Элден уят эми деп
Артынан издеп жөнөптүр
Буурулду минип буратып
Эр Семең жетип артынан,
Эр Кыргылдын астынан,
Арыстан бала чыгыптыр
Айланайын абаке
Атыңдын оозун буруп тур
Арбуудан тартуу мен сатуу,
Азыраак сабыр кылып кет
Тай буурул тартуу мен сатуу
Калың кыргыз эл тартуу
Койгун ага токтоп тур
Бир ачууңду бериңиз
Улуу Манас атанын,
Чоросусуң сен өзүң,
Арбакты баатыр сыйла деп
Айткан сөздү кылба деп
Атам Манас төрөнүн
Жан чоросу сен элең
Жалгыз уулу мен элем,
Кыямат кеткен атамдын

Кыраан чоро төрөсү
Кыйын Кыргыл сен элең
Кымбаттуусу мен элем,
Калмакка баатыр кетпегин
Кандай жер болсо сен алгын,
Качпагын баатыр элден деп
Кан Семетей айтканда,
Мына ошондо Кыргыл чал
Эй Семетей деп айтат,
Эртелеп өлгөн атаңды,
Мен билемин деп айтат,
Кан Семетей баласың
Беттешип калсаң биз менен
Ажалдан мурун өлөсүң
Акыр такыр мүшкүлдү
Абыдан мурун көрөсүң
Кайра келбес чымжанды
Кайран бала көрөсүң
Бетиме келсең өлөсүң,
Деп күпүлдөп айтканда
Эр Семетей кеп айтат
Угуп тургун сен Кыргыл
Манастын уулу мен болсом
Баатыр Кыргыл сен болсоң,
Токто десем болбодуң
Астыңа буурул ат тарттым
Ага да баатыр болбодуң,
Бул эмине дегениң
Ойлогун Кыргыл сен эми,
Уят болот мунуңуз,
Баатыр болсоң шер болсоң,
Ошо эле жерде туруңуз.
Сен Манастын чоросу
Эчен жылы жолдошу
Калмакка качып кетти деп
Калкың шылдың кылбайбы
Эр айкөлдүн чоросун
Эр Семетей келгенде,
Элден качты дебейби,
Кырк чоро баатыр не дейсиң
Алты миң түтүн элиң бар
Баарың көчүп барасың
Жалпы кайра тарттыңар
Бекер забул болбоңор
Бөөдө ажалдан не байда
Кырк чоро байкап карагын
Деп Семетей айтканда
Жан адам мындан унчукпай
Ошондо баатыр Мажиктин
Кеби чыкты жаңыдан
Асылдан калган медерим
Армансыз кетип барамын
Баштаган Кыргыл чалыбыз
Башынан билгем мен муну
Куйту Кыргыл чал ошо,
Деген кезде кырк чоро
Эр Мажиктин койгулап
Сабап кирди четинен
Мына ошондо эр Семең,
Буурул минип буратып
Четине кирген чорону
Айдап кирди чуратып
Мына ошондо кырк чоро
Мажикти кошо жол менен
Качып жөнөп калышты
Жана жетип күүгүмдө
Качпагыла баатырлар
Арбууданды тартуу эле
Ага да чоро болбоду
Калган элди эр Семең
Кайра айдап отуруп
Кең Таласка жетиптир
Кайра айланып жөнөдү
Артынан кууп олтуруп
Эртеси бешим болгондо
Кең Кызарттын оюна,

Эр Семең жете келгенде,
Эр Семеңдин Тайбуурул
Ошо жерге жыгылды
Чоролорго жете албай
Же кан Бакайга айта албай
Кан Манастын тукуму
Кара жолдо калганда
Өлүм орток чоң буудан
Күйүккөндөн жыгылган
Жайдакталуу күнү ошо
Семиздиги буурулдун
Эки элидей көрүнөт
Суутуп минбей буурулду
Сууда өлөт экенмин
Кадырлап минбей буурулду
Капталда өлөт экенмин
Эмине болсо жатсында
Ак келтесин көтөрүп
Арыстан абаң ошондо
Адырга чыгып барыптыр
Алтын ооз чоң дүрбү
Оң көзүнө салыптыр
Айкөл Манас баласы
Абдан карап калыптыр,
Ак келтесин октотуп
Уюлгуп жаткан чорону
Арсыландай эр Семең
Абдан жакшы көрүптүр
Мына ошондо эр немең
Ак келтеге ок куюп
Алтымыш окту бир салып
Сүмбү менен сүмбүлөп
Сүргү менен сүргүлөп
Тарты менен тарткылап
Тазалап ичин арткылап
Баладай болгон зомогун
Баатыр өзү тарткылап
Баатыр Манас арбагы
Колбой көргөн эми деп
Чоролордун ортосуна келтирип
Арыстан тартып ийгенде,
Катарында олтурган
Кыргыл чал, Мажик экөө өлдү,
Катары менен тийгенде.
Алты чоро кошо өлдү
Мына ошондо чоролор
Эмине кылар биле албай,
Ак келте үнү чыкты деп
Кан Манастын баласы,
Келер маалы болду деп
Алар да калды камынып,
Мына ошондо эр Семең
Кайра айланып келиптир
Күн батканда буурулдун
Жанына келип жатты эми
Муураздайын деп ойлонуп
Атамдын аты экен деп
Аны ойлоду эр Семең
Таң агарып сөгүлүп
Жерге жарык төгүлүп,
Эр Семетей турганда
Айдай сулуу бир кыз
Маңдайында олтурат
Кана баатыр кандайсың.
Ай талаада жатасың
Атың жатат жаныңда
Эмине болгон баласың
Мына ошондо эр Семең
Айтайын кулак салыңыз
Атакем Манас аты эле
Ошону үчүн буурулду
Мууздай албай жатамын
Деп Семетей айтканда
Алиги сулуу күлдү эми,
Азаматсың сен баатыр
Арбагын сыйлап атанын

Атыңды азыр тирилтем,
Эмине баатыр бересиң
Ушул сөздү укканда
Айкөлдүн уулу эр Семең,
Арслан күлүп кирди эми
Кааласаңыз алыңыз
Канча керек дүнүйө
Деп Семетей айтканда
Алиги пери сулуу кыз,
Эми жете келди эми
Айланайын Семетей,
Али бала кезиң сен
Ат дегенди сен баатыр
Суутуп минип сен жүргүн
Жебелүү күлүк буурул ат,
Жел кайыптын малы ошо
Атакең Манас айкөл шер
Ардактап менден алды эле,
Артында калган уулуна
Ат болор бекен деди эле,
Азыр буурул ойгонот
Ордунан туруп толгонот
Атаңдан калган кырк чоро,
Кас болду сагаң билемин
Аттанып эми жөнөгүн
Аябагын эч кимди
Азабын берип сен кеткин
Эки айдын ичинде
Эки мыкты бала бар
Мына ошону сен алгын
Куржунуңа сен салгын
Энекең Каныш бейбакка
Алып барып бергин ошону
Алтын шакек жаны эле
Мен буурулдун таңдайы
Азыр ачып саламын
Капаланбай сен эми
Кайраттуу болгун чырагым
Мен кыз Сайкал апаңмын
Эр Семетей күлүптүр
Токтой эми туруңуз
Адамдан кетет күнөөлүк
Кечирип эми коюңуз
Деп Семетей айтканда
Кайыптын кызы кыз Сайкал,
Тура калып ордунан
Алтын шакек алды эми,
Арбуудандын оозуна
Ачып туруп салды эми
Үч чүчкүрүп буурул ат
Ордунан тура калды эми,
Сайрап турган сулуу кыз
Көздөн кайым болду эми
Мына ошондо эр Семең
Бир кудайга жалынып
Ар бууданды токунуп,
Энеси эркек туугандай
Али бала эр Семең,
Айкөлүң атка минди эми
Качып кеткен чоронун
Артынан издеп жүрдү эми
Арыстандай эр неме,
Жете келди ошондо
Качып жаткан чорону
Кан какшатып кириптир
Арууке менен Акмыскал,
Арыстан кармап алды эми
Калмакка чогу сенби деп
Ичиң жарып экөөңдү
Эки куржун көзүндө
Алып келип салыптыр,
Мына ошондо согулуп
Кырк күнгө толгондо
Кырк чоро ойрон болгондо
Кең Кочкордун боюна
Төрткүл төмөн жагына

Талдан эшип кирпичин
Арыстан өзү койгондо
Отуз күндө бүтүрүп
Кайра Таласка барганда,
Экөөңдү тең Каныкей
Эмчегин берип бакканда
Кандан калган тукум деп
Ардактап сени бакканда
Эр Канчоро экөөңдү,
Ай талаадан тапканда
Эсенкандын Бурулча
Каныкейге келиптир
Кандай жеңе эми деп
Балдарды сурап билиптир
Маган бергин эми деп,
Эр Гүлүстөн баатырды
Алты жылы бакканда
Сен алты жашка чыкканда,
Энең Бурулча өлгөндө
Өзүңдө кошо билесиң
Асмандан дуба окудуң
Ажалын жайын токудуң
Айланайын Гүлүстөн
Аттанып эми жөнөйлү
Арбак кудай колдосо
Алаке кандын Коңурдун
Айылын таап алалы
Армансыз калча калмакты
Бир беттешип калалы
Барабандар кагылсын
Аскерлер эми камынсын
Деп кан Бакай айтканда
Эр Семетей кеп сүйлөп,
Абабыз Бакай карысың
Акылга дыйкан баарысың
Айтылган сөздү бир канча
Аттанып жоого чыгалы
Калмакты кармап алалы
Кайгыга башын салалы,
Тыңшаны кармап алалы
Тындырбай согуш салалы
Бээжинде өлгөн эрлердин
Эми кегин алалы
Серияз ылдый Гүлчоро
Салган бойдон жөнөсүн
Самагандай жанына
Жан жолдошун бул алсын
Каркыранын сазына
Кан абаке сиз баргын
Маңдайына чыгайын,
Мен калмакты тозуп турайын
Эр Канчоро, Сары таз
Жамгырчы баштап бул үчөө
Орто жолду байкасын
Аскер эми бөлүнсүн
Атаңдын көрү калмакты
Кезеги келген турбайбы
Издеп барчу сур калмак
Изи мында турбайбы
Куткарып ийсек калмакты
Эми кудай урбайбы,
Деп ошентип эр Семең
Айкөлдүн уулу эр немең
Кийди тонду жаңыдан
Киймек болду абыдан,
Энекең кылган ак олпок
Уз чыкырып кураган
Уккан элге дүң кылган
Кыштын күнү болгондо
Кулан бээнин бал кымыз
Ашаткыга кандырган
Жайдын толук күнүндө
Токсон миң төөнү байлаган
Токсонун тынбай сабаткан
Кылкылдаган кыз-келин
Кырк жатып иштеген

Арууке менен Акмыскал,
Сексен күнү тиштеген
Жарабас жерин сөктүргөн
Ортосуна энекең
Каухар эчен төктүргөн
Кулан боор бүктүргөн
Куп келише тиктирген,
Сөксөң, жаксаң чок өтпөйт
Сыр бараң атсаң ок өтпөйт
Ташкөмүр жакса өтпөгөн
Жазайыл атса өтпөгөн
Ортосу болот төгүлгөн
Уздарда байкап көрүшкөн
Келтенин огу тайыган
Көргөн адам олпокту
Кандай адам тикти деп
Даңазалап караган
Арыстан шердин олпогу,
Атагы кеткен Алайга
Арбагы жеткен далайга
Милте коюп бүктүргөн
Туура эмес жерин сөктүргөн
Болот өгөп Каныкей
Ортосуна төктүргөн
Ажыдаардын терисин
Алты сыйра каптаган
Тоо текенин терисин
Он эки сыйра каптаган
Чымчык чаар чырма көз
Чың барама торко көз
Чындап согуш киргенде
Чыдап коюп ак олпок
Берениңдин олпогун
Мен бек айтайын угуп тур,
Канчороңдун олпогун
Кайра айтайын угуп тур
Кан Манастын олпогу
Памирдин тоосун чалдырган
Мергендерге аттырган
Алып келген мергенге
Алтын-күмүш бул берген
Каңгайдын тоосун чалдырган
Атып келген мергенге
Ат аябай бул берген
Кемпир бычып, кыз тиккен
Келиштирген уз тиккен
Келин бычып,  кыз тиккен
Келбеттүү келин уз тиккен
Байбиче бычып, уз тиккен
Падашалуу кыз тиккен
Кымбылдаган кыз-келин,
Кырк күн жатып иштеген
Тигиштерин байкаган
Арууке менен Акмыскал,
Токсон күнү тигишти
Ойрон кыздар тиштеген
Ошол кайран жеңең Каныкей
Кан Манастан кеп угуп
Кан атасы каракан
Кара зоотун ал бербей
Мына ошондо Каныкей
Алтындан камчы колго алып
Айды эсептеп олтуруп
Күмүштөн камсы кол алып
Күндү эсептеп олтуруп,
Намысына чыдабай
Кайран Каныш толтуруп
Айкөл Манас төрөм деп
Төрөм үчүн жараткан
Керек болсо мен бейбак
Аманат жанды берем деп
Керт кудайым төрөмө
Ок өтпөс жасап берем деп,
Түн уйкудан төрт бөлүп
Түн терметип олтурган
Айкөлүмө керек деп

Айтылган сөздөр бөлөк деп
Кан төрөмө керек деп
Ак олпок жасап берсин деп
Санаасын санга бөлүнүп
Сандыргалуу бей таалай
Самаган ишин көргөндө
Салтанаттуу бир башка
Сан элден алган бир сулуу
Саламат койсо кудай деп
Сан ойлор өтпө болбостон
Жасаган экен олпокту
Эр Семетей жаңкы шер
Эми алып таштады
Арыстан кийип баштады
Мындан кийин байкасаң
Он эки олпок, он чопкут
Ойрон балдар алышты
Атан төөлүк жүгү бар,
Алманбет уулу Гүлчоро
Кийимди эми кийди эми
Он миң аскер кол менен
Жөнөмөккө келди эми
Келишимдүү чоң сур ат,
Кайыптан бүткөн бул сур ат.
Он эки чоро жетелеп
Алп келди октолоп
Эр Гүлүстөн жанагы эр
Келишимдүү чоң сурдун
Жабуусун чоро ачтырып,
Алыстан байкап көрдү эми
Чоң сур атты көрүңүз
Кашка тиши кададай
Кара көзү айнектей
Кулагы бар кыйгандай
Как чокусу кумандай
Кетмен туяк кең сары
Кенен жердин бууданы
Келбети артык чоң сур ат
Арыстан бала Гүлүстөн
Мигени алып келгенде
Абасы Бакай көрдү эми
Али күлүк сур атты
Бери тартчы эми деп
Мен көрөйүн деги деп
Абасы басып келди эми,
Арыстан чоро баатырдын
Атынан сылап көрдү эми
Айланайын Гүлүстөн
Аттанамын деп турсуң
Айтайын кулак салып тур
Абаңдын айткан сөзүнө
Арсылан чоро угуп ал
Жебелүү күлүк чоң сур ат
Чылбырын жоого чалдырбай
Чын ажалы жетпесе
Эч бууданга алдырбай
Коңурбайдын Алкара
Как ошонун тууганы
Бул желмогуз чоң Сур  ат
Ичинде кеги болбосо
Жетип басар кара атты
Жеткен жерде кара атка
Тоодой болгон калчаны
Токтобостон сулатсаң
Айтайын кулак салып тур,
Атаңдын көрү калчанын
Атын кармап байлап ал
Эгерде атка жетпесең
Кысыталак кара аттын
Каңыл жарын үзө аткын
Арам өлгөн кара аттын
Оң капталын сыя аткын
Оңурайган калчаны
Ошону менен койбостон
Бетине келсе бүктөгүн
Бери жакты карай жүктөгүн

Бүгүн жүрүп сен кайгул
Мураманын жанына
Айдан алып кеңешти
Эртең түшкүн артына
Бүрсүгүнү кечинде
Үкүргүнүн оюн
Үч капканын боюн
Кезиккенде а жерде
Калчанын айылын билели
Канча экен көрөлү
Азыр минчү чоң сур ат
Бу дагы буудан мал экен
Ичинде кеги бар экен
Бирок буудан жаныбар
Сен Бээжинден кайрылсаң
Текестен таап алганча
Ачылган го санаасы
Сенден бөлөк адамга
Чуркабайт го карачы
Санаасы башка мал экен
Айткан шерти бар экен
Гүлүстөн сенден башкага
Моюн сунбас мал экен
Сенден бөлөк бирөөнү
Жолотуучу көрүнбөйт
Кырк бир асый мал экен
Буурул, буурул дейсиңер
Буурулдан катуу тигиңер
Буурул сындуу чоң сур ат
Бу дагы кайып мал экен
Муну минген Күлчоро
Бу дагы мыкты бала экен
Айланайын Гүлүстөн
Аттанган баатыр сен болсоң
Абеде жылдыз оң болсун
Барчын балам ар жакта
Таптырдың Алла ар бакка
Жолуңду Алла жер болсун
Арыстаным Манас, Алманбет,
Арбагында колдосун
Аттангын төрөм жол болсун
Батасын алды Гүлүстөн
Бастырып жоого жүрмөккө,
Жараткансың бир кудай
Жалгай көргүн бизди деп
Алдымдагы чоң сур ат
Аркар аяк, жез билек
Айбандан түрү бир бөлөк
Жебелүү күлүк, чоң сур ат
Жетелеп жаңы келди эми
Супсуруна сур аттын
Алты чепкен бөктөрүп
Добулбасты көштөрүп
Он миң аскер кол менен
Сарыгы карай жол тартып
Арсыландай Гүлүстөн
Артынан аскер жүрдү эми
Мылтыктуусу бетинде
Найзакери алдында
Кылычтуусу четинде
Жоон мына күрсүлдөп
Коён жүрөк түрсүлдөп
Катылганы кашында
Казанын башында
Билегин түргөн чоңдордон,
Үйүндө жаткан балбандан
Күлүн бузган дардаңдан
Челеги менен бир жарма
Такыр ичкен акмактан
Ортосуна алды эми
Кайнаган аскер ким болсун
Кабылан бала Гүлүстөн
Каңгайды карай жүрдү эми
Бетине алып душманды
Беттенип чоро келе атат
Каптал менен Гүлүстөн

Кайран чоро жүрдү эми
Калың аскер кол болуп
Астындагы сур аттын
Өлөрүнө карабайт
Жеткилең күлүк сур атты,
Жебеден мурун чуратып
Жеткилең бала Гүлүстөн
Келе жатат белесте
Аскер жайнап артынан
Аламандап кол келет
Калайык жайнап мол келет
Мына ошондо Гүлүстөн
Белестен ашып жол чалды
Береги жаткан аскерде
Сары аязга түшүрүп
Өзүм жалгыз жол чалам
Менден болбой улуксат
Эч кимиң эч жакка барбайсың
Бейжай кеткен кишинин
Башын кесип аламын
Онуңа коём бир башчы
Онуңан бирөө жоголсо
Он башыңды соёмун
Жүзүңө коём бир башчы
Жүзүңдөн бирөө жоголсо
Жүз башыңды соёмун
Миңиңе коём бир башчы
Миңиңен бирөө жоголсо
Миң башыңды соёмун
Он миңиңе бир башч
Он миңинден бирөө жоголсо
Он миңиңди соёмун
Башчы болгон баатырды
Тындым кылып коёмун
Өзүм жалгыз бастырып
Белеске чыгып барамын
Бети кара душмандын
Белестен кабар аламын
Кайда экенин билемин
Калчадан кабар аламын
Кайгуулду жалгыз саламын
Тыңшадан кабар аламын
Тындырбай жолду чаламын
Кечилден кабар аламын
Кезектүү жоого барамын
Манжуудан кабар аламын
Бастырып жоого барамын
Баатыр сынган калмакты
Буткулдан издеп табамын
Бул сур калмак Калчанын
Кайда экенин билемин
Кезеги келсе Калчанын
Кетиремин эсебин
Тентиреген сур калмак
Келди мунун кезеги
Кетти деген сур калмак
Керүлүктө жатыптыр
Кезекти берсе бир Алла
Кетиремин айласын
Кекенген экен сур калмак
Кезектешип көрөйүн
Кезекти берсе жараткан
Кекти алып келейин
Кара ат менен калдайып
Кайран кытай далдайып
Каарданып жаткандыр
Калмагын тилдеп аткандыр
Ачуусу келип жаткандыр
Акимин тилеп аткандыр
Шайтаны келип жаткандыр
Шаңый тилдеп жаткандыр,
Сур коён менен барамын
Калмактан кабар аламын
Какандын каны Коңурбай
Канткенде сенден каламын
Жеткилең күлүк сур атка

Жетип камчы саламын
Жети жаны болбосо
Мен кара атка барамын
Жеткилең манжуу улукту
Жетип найза саямын
Жети сан кытай күлүккө
Жете келип барамын
Коңурбай менен Жойкара
Мен ошо кайдан болсо табамын,
Жолуңду бекем чала бер
Жолдун баарын чаламын
Өзүмөн кабар болгончо
Ат өргүтүп жата бер
Аскерим сага айтамын
Анча-мынча душманды
Азыраак чалып кайтамын
Эртең келип силерге
Болгон ишти айтамын
Азыр жүрүп олтуруп
Мен барамын калмакка
Калмакты таап алмакка
Мурашка барамын
Мындан кабар аламын
Кандай болуп жатты экен,
Кайсы жакка кетти экен
Андан таап алган соң
Ары жүрүп олтуруп
Ар кыл жаткан манжуну
Карагыча табамын
Кайда экенин билемин
Белсемдүү күлүк сур аттын
Чоң күчүнө саламын
Үкүргү менен үч капкан
Ушуга чейин барамын
Күнү-түнү келемин
Камынгыла ошондо
Чоң майданга барамын
Чоң калчанын эсебин
Мына ошондо табамын
Капаланбай жатыңар
Мыкты болсун атыңар
Жоо жарагым камдагын
Жоболоңдуу душманга
Жоолаштын жайын айтайын
Бети жок душман менен
Беттешкени барамын
Эсиңде болсун баарыңдын
Эстетип кетем мен эми,
Эми айтам кулак салгыла
Эртең эрте тургула
Белестин жолун чалгыла
Менден мурун жоо келсе
Беттешип жолун тозгула
Береги саруу күңгөйдөн
Өтүп жөнөп олтуруп
Кара кыр ылдый киргиле
Карагайдын ичине
Аттарды байлап салгыла
Атаңдын көрү калмактан
Абдан кабар алгыла
Деп Гүлүстөн кеп айтып
Келишимдүү Сур атты
Арыстан минип жөнөдү
Мына ошондо Гүлүстөн
Белестен жолду чалмакка
Беттешип эми бармакка
Бетегелүү шибердин
Берениң жөнөп келе атат,
Кара кыр ылдый жол менен
Кабылан чоро келе атат
Алтымыш уруу кытайдын
Амалын эми билмекке
Жетимиш уруу кытайдын
Жетилгенин билмекке
Жеткилең күлүк чоң Сур ат
Чуда жерге таянбайт

Кара жанын аябайт
Жаадай болгон чоң ат менен
Жайдары бала Гүлүстөн
Жаңы түшүп келди эми
Жазайылды асынган
Жайнаган элди көрдү эми
Аскери менен жүрдү эми
Алаңказар калмактын
Айылын эми билди эми
Мурашаны изине
Эми Гүлүс келди эми
Калмактарга кекенип
Атынан ыргып түштү эми,
Алтымыш уруу кытайдын
Кийимин тонун жаңыдан
Кийип келди абыдан
Ат куржунду алды эми
Алаке кандын ушундай
Алты сан манжу улугу
Аныгы болду Гүлүстөн
Жетимиш уруу кытайдын
Кийимин тонун кийди эми
Көбкөрдөй кызыл таш
Төбөсүндө жаркылдап
Алтымыш түгөй солкобой
Аркасында жаркылдап
Кара күрмө тон кийди
Калмагнча чоң кийди
Кызыл күрмө тон кийди
Кытайынча чоң кийди
Атына минди Гүлүстөн
Бет алып жөнөп калды эми,
Белестен кабар алмакка
Берен манжу солотту
Беттеп кетип баратат
Бети кара душманды
Кектеп кетип баратат
Алдындаг Сур атты
Олбуй-солбуй камчы уруп
Ойлоп кетип баратат
Ойдуң жерден тапсам деп
Оолжуган Калчанын
Ойронун эми чыгарып
Ойротко айдап барсам деп
Эстеп кетип баратат
Мурашманы тапсам деп
Калкы кайда болду экен,
Андан кабар алсам деп
Эр Гүлүстөн келе атат
Астындагы чоң Сур ат
Алты тердеп, үч кургап
Алган экен жаныбар,
Басканына жел жептпей
Калган экен жаныбар
Жебелүү күлүк чоң Сур ат
Жети тердеп, үч кургап
Алган экен жаныбар
Басканына мал жетпей
Калган экен жаныбар
Арсыландай чамынып
Алиги чоро камынып
Ач арстандай арсылдап
Ачуусу келип Гүлүстөн
Ашуу кийик белестен
Ашып кетип Гүлүстөн
Будур будур белести
Басып келет Гүлүстөн
Буркураган чоң сур ат
Бура тартып буратып
Бута бою жарлардан
Буюлбастан чуратып
Бул калмактын азабы,
Качан колго тийсеңер
Калмактарың ээрчитип
Сен кайсы кырда жүрөсүң
Шашпагын калмак эми деп

Таанышамын деги деп
Токтогун калмак эми деп
Токотормун деги деп
Мына ошондо Гүлүстөн
Адыр менен чуратып
Алачыктай Калчанын
Амалын издеп келе атат
Адырманын ичинен
Арсыландай Гүлүстөн
Аламандуу согушта
Амал табуу жоого ошо
Бет алышкан душманга
Беттеп барчу эр ошо
Келип калды бастырып
Керектүү жоонун жанына
Калмактын ичин карады,
Арыстан чоро токтоду
Алты кытай,  беш манжу
Салам берди кошо деп
Учурашты Гүлүстөн
Аман-эсен аба деп
Мына ошондо Гүлүстөн
Атынын түшүп келди эми
Аким манжу сур калмак,
Кайда экенин билмекке
Арсыландай жанагы эр
Айтып сурап кирди эми
Сарыяда канча аскер
Алмаңдын уулу Гүлүстөн
Атайын сурап алды эми
Алиги кытай кеп айтат
Улугу манжу сур калмак
Сарыядан кетти деп
Кароолго бизди койду деп
Кабарын алып билди эми
Мурашанын айылына,
Бура тартып жөнөдү
Сабап жөнөп олтуруп,
Сарыядан кайкаңдан
Мурашага жетти эми
Эр Гүлүстөн барганда
Учурашып бул калмак
Айланайын Гулустон
Аман-эсен келдинби
Алеке калмак Суркалмак
Аттанып мындай жоноду
Нечен куну кетишти
Кезекти бизге беришти
Жойкара менен Карагул,
Каркырадан көчүптүр
Калмактын ишин укканда
Кете бергин сен деди
Мен кайра айланып
Аскериме барамын
Аларды алып отуруп
Үкүрчүдөн табамын
Ошол жерге сен барсаң
Калмакты жакшы байкагын
Деп Гүлүстөн жөнөдү
Кош айтышып айтамын
Бура тартып ошондо
Буруксуган чоң сурду
Буратып чоро келе атат
Эртеси бешим болгондо
Элдин баарын айдады
Сандаган аскер кол менен
Сабап жөнөп келе атат
Муну мындай таштайлы
Баатыр Бакай абакем
Барабандар кагылып
Баатырдын баары ошондо
Аттарына камынып
Арсыландай эр Семең
Арбууданын миниптир
Ала байрак туу алып
Айланып эми жүрүптүр

Кан Бакай атка минипир
Бээжинди бузган кызыл туу
Абакең Бакай жарыктык
А дагы алып жүрүптүр
Сары таз атка миниптир
Сандаган аскер кол менен
Сабап жолго кириптир
Канчоро атка миниптир
Кандай иш болот эми деп
Кан жолго чоро жүрүптүр
Жамгырчы атка миниптир
Жазайылды өңөрүп
Жалпы кыргыз жүрүптүр
Ат аламан болбостон
Айланган аскер конбостон
Каркыранын сазынан
Өтө турган болгондо
Эр Семетей жанагы эр
Канчоросун ээрчитип
Кайгуулду Семең чалыптыр,
Кайда экенин манжуунун
Кабылан билип алыптыр
Сары таз менен Жамгырчы
Каптал жагын тозсун деп
Кандарга буйрук бериптир
Каркыранын сазында
Тууну тигип салышты
Кана кытай келсин деп
Кабылан тосуп жатканда
Мына ошондо сур калмак,
Сары аязды ашыптыр
Буруттун жаткан жерлерин
Баатыр калмак билиптир
Калкын алып чогултуп
Кайран калмак кеп сүйлөп
Менин айткан кеңешим
Баатырларын ал дейсиң
Бул Манастын баласы,
Бурут оңой жоо эмес
Буруттан олжо алам деп,
Береги турган белеске
Бекер келген экенмин
Эки бирдей баламды
Эми берип барамын
Барганда Бээжин калаага
Ас мураска жетемин
Атаңдын көрү буругту
Мен бир тоюнтуп кетемин
Беттешемин көрөмүн
Ажалым жетсе өлөмүн
Аскерлерин кыйратып
Менде кегимди ала кетемин
Кан Манастай кан эмес
Кан Семетей баласы
Как ошону менен урушуп
Мен Каркырадан көчөмүн
Жойкара жолду баштагын
Карагул барсын капталга
Кан майдан согуш жол кайда
Кайсы жолду айтамын
Асмандан булут сөгүлүп
Атаңдын көрү бурут да
Алааман жаан төгүлсүн
Талаадан булут сөгүлсүн
Төбөңдөн урган бурут да
Төрттөн мөндүр төгүлсүн
Күндү жайлап Жойкара
Кайнаган аскер колуңа ал
Кан майданга өзүң бар
Аттанып жолун тозгула
Атасы бөлөк бурутту
Акыр такыр мүшкүлдү
Ак ушинтип салгыла
Каркыранын талаасын
Тегиз каптап алгыла
Кан майданда согушуп

Бир кумардан кангыла
Менин айткан кеңешим
Баатыр калмак не дейсиң
Карагул азыр жөнөсүн,
Оң жагында боломун
Сол жагында Жойкара
Жолду өзүм чаламын
Манастын уулу Семетей
Жалтанбай найза саламын
Сага айткан кеңешим
Баатырлар жалпы аттангын
Өзүм жолду карагын
Күлүктүгүн билмекке
Буурулдун изин чаламын
Манасын уулу Семетей
Кайда экенин билемин
Күлчоро кайда болду экен
Гүлүстөн чоро ошо экен
Канчоро кайда болду экен
Кармашчу бааатыр ошо экен
Кан Бакайдан кабар ал
Кайда болсо карагын
Сары таз,  Жамгыр кандар
Жалпы билип келгин сен,
Карагул баатыр сен эми
Тору айгыр менен барып кел
Токтобой жолду чалып кел
Бурут келе жатабы
Мына ушуну көрүп кел
Жоону көрсөң шашпагын
Жолдон мылтык атпагын
Душманды көрсөң качпагын
Чочуп мылтык атпагын
Жоо өлчөмүн алып кел
Жолдогу кайсы эл экен
Калтырбай сен байкап кел
Белесте жатса тийбегин
Бер жактан кайра тартып кел
Береним сагаң айтамын
Береги жоодон шашпагын
Бул Манастын баласы
Кайра айланып соо кетпейт
Кан Семетей, Күлчоро
Кезеги келсе көрөсүң,
Кан Бакайды баш кылып
Барып ишти байкап кел
Аттанып эми көрүп кел
Атаңдын көрү бурутту
Эми ташын талкан кылайын,
Алкаранын минишип
Аттанып жоого киришип
Көтөрүлгөн бурутту
Көңтөрө кууп керимин
Мен Бээжинге барбаймын
Бурутту кошо жайлаймын
Мен айланып белесте
Кайра мындан кеткенче
Кандай кен болот ким билет,
Бул Манастын баласы
Баласы эмей эмине
Береги калмак чамасы
Жамгырчы шуму бар
Эр Гүлчоро кулу бар
Бай-бай бала эр экен
Эр Гүлчоро шер экен
Атасы мунун Алманбет
Арта тууган эр экен
Аны байкап көрдүм мен
Сен бүгүн жоого барасың,
Жолдун баарын чаласың
Эр Семетей кайда экен
Абдан кабар аласың
Кайра айланып олтуруп
Мага кабар саласың
Каптал менен келесиң
Бала баатыр Гүлчоро

Кайда экенин билесиң
Таң агара мага келип
Толук кабар бересиң
Деп Коңтөрө айтканда
Эр Карагул жөнөдү
Тоодой болгон туу айгыр
Алты буттай кызыл кум
Артып коюп жонуна
Артына мунун Карагул
Алты чепкен бөктөрүп
Калдайдын мыкты төрөсү
Кайдан издеп табам деп
Каптал менен жөнөдү
Мына ошондо эр Семең
Буурул ат менен буратып
Канчорону ээрчитип
Капталды карап жатты эми
Чынмачындын Карагул
Чын желмогуз мына бул,
Кангайлардын Карагул
Кайраттуу манжу мына бу
Кабыландай чоң кытай
Каптал менен келе атат
Жерге жарык жаңыдан
Эми түшүп келе атат
Жетимиш кылым Каркыра
Жети айлана чалыптыр
Алтымыш кылым Каркыра
Али манжу улугу
Алты айланып чалыптыр
Кайдан келген бурут деп
Каарданып калыптыр
Мына ошондо Тайбуурул
Ат чабым жерден даңыртып
Тору айгырды таңыртып
Биле койду буурул ат
Бул душмандын дабыртын
Мына ошондо эр Семең
Көңүлү келип калды эми
Керемет буурул билди деп
Аттын турду жанына
Канчорону чакырып
Кан Манастын баласы
Кабарды салды жаңыдан
Айнеги алтын ак дүрбү
Арыстан алып колуна
Ат чабымдай алыста
Карагул минип тору айгыр
Келе жатат ушунда
Муну Семең көрдү эми
Арбууданды минди эми
Мына ошондо эр Семең
Табайын манжу эми деп
Арыстан жөнөп олтуруп
Белестеги кайганга
Канчоро экөө келди эми
Мына ошондо Канчоро
Айланайын абаке
Айтайын кулак салыңар
Атаңдын көрү Карагул
Ашкан аяр бул экен
Атын алып салалы
Анан кийин манжуга
Алааматты салалы
Деп Канчоро айтканда
Макул болду арыстаның
Ак келтесин октоду
Ооз омуртка тушу деп
Арыстан тартып жиберди
Алтымыш калмак жанында
Аңырайган чоң калмак
Астына минген тору айгыр
Бир секирип кулады
Кайра тартып көп калмак
Качып калды чөп калмак,
Мына ошондо Канчоро

Манастап ураан салды эми
Алаке кандын Карагул
Айласы кети калды эми
Аскардуу зоону бет алып
Карагул качып келе атат
Артынан түшүп эр Семең
Арбууданды чуратты
Жебеден мурун жеткеним
Жеткен кезде арыстан
Ай балта менен кытайды,
Кошо чаап өттү эми,
Карагул калды суналып
Башын кесип байланып
Баатыр жолго кирди эми
Ору айгырдын башында
Арыстан алды кестирип
Белеске коюп конду эми
Баатыр манжу сур калмак
Байкап көрсүн муну деп
Арыстан айтып таштады
Аттанып жөнөп олтуруп
Кан Бакайга жетти эми
Абаке жолду чалдым деп
Жараткан берип манжуну
Мен башын кесип алдым деп
Белестен жолун тоздум деп
Бети жок душман жоо менен
Бет алышып келдим деп
Кан Семетей кеп айтат
Карагул менен Тору айгыр
Катар соктум эми деп,
Мына ошондо зор калмак
Каңкайда карап олтурган
Кан Манастын баласын
Караңгыда чабам деп
Катуу калды кекенип
Калмактарын чогултуп
Кан Коңурбай сайрады
Калмактар саган не болду
Кармашаар убак келди эми,
Канча күн болсо бир өлүм
Атаңдын көрү дүнүйө
Арбыды азап күлүкчө
Алаң казар буруттан
Көргөнү келген экенмин
Аталаш жетим мен элем
Өлгөнү келген экенмин
Ушул жалган дүйнөнү
Бөлгөнү келген экенмин
Манастын уулу жетимден
Өлгөнү келген экенмин,
Деп сур калмак ойлонуп
Кандай кылсам деп ойлоп
Акылды манжу көп ойлоп
Арыстандай бул баатыр
Алышаармын көрөрмүн
Ажалым жетсе өлөмүн
Кайран кытай аз калды
Бээжиндеги элим жок
Каптаган кытай көп манжу
Кайдан келдим ушуга
Кан Манастын уулуна
Бээжинге салган тамым жок
Жайнаган калмак кол
Калкымдан жок
Ушундай белең дүнүйө бок
Эки бирдей уулум жок
Эчим күйүп боорум чок,
Атаңдын көрү дүнүйө
Канатымдан кайрылдым
Мырамыр баатыр арыстаным,
Сен экөөңдөн айрылдым
Тубарымдан кайрылдым
Тууганым элең Карагул
Боордош сенден айрылдым
Деп ойлонуп сур калмак

Капа болуп олтурат
Бээжинде жаткан чагымда
Беттешип адам барбаган
Берен манжу мен элем
Беттешип мында бурутта
Бибатка түшкөн кезимде
Белимди бууган тууган жок
Белсемдүү күлүк Алкара
Айбан да болсо тууганым
Жойкара калды тар жолдо
Карагул калды калдайып
Кан майданда чоң жолдо
Атаңдын көрү дүнүйө
Ар качандан бир качан
Аламын деген эрлердин
Алып жүргөн мен элем
Азабты башка күч келди
Элдин алды жаткanda
Кан Манастын баласын
Каңтара чаап аламын
Мен ошондо бурутка
Капаны башын саламын
Белестен жолун тозомун
Мен да бирин өлтүрүп
Капага муну саламын
Кандай бурут эми деп
Кайдан да болсо табамын
Бээжинден келчү колдоо жок
Эмине айла кыламын
Катары менен келген го
Кат ажалым жеткенго
Же болбосо бурутту
Ала турган жолдомун
Ошону үчүн мен бүгүн
Душмандар менен беттешип
Качырышып көрөйүн
Кандай да болсо буруттан
Капталынан кирсем деп
Деп сур калмак ойлонуп
Алкарасын булкунтуп
Алты сан манжу улугу
Аттанып түшүп кыядан
Абыдан байкап билди эми,
Нечеде чабуул салам деп
Кандарын алып чогултуп
Кайран Коңур сайрады
Атаңдын көрү бул бурут
Акимдин баарын жайлады
Бурутка кеткен Карагул
Каркыранын белинде
Калдайып жатат көрдүңбү
Кандай бурут чоң болду
Калмак кандай кор болду
Бул бурутту чабамын
Кайгуулга өзүм барамын
Күүгүмдөн баштап бурутту
Күчтүүлөп туруп чабалы
Деп чоң калча айтты эми
Аскер жыйнап камынды
Алты сан кытай сан колдой
Аксакалдуу Коңурбай
Жети сан кытай сан колдой,
Жеткилеңи Коңурбай
Кара байрак узун туу
Кайран манжу бүктөптүр
Кара пилге жүктөтүп
Алты сан аскер кол менен
Аким манжу сур калмак
Алкараны булкунтту
Алты курчап алам деп
Аттанып эми барам деп
Андан кабар алам деп
Кан Коңурбай сур калмак
Кандарын алып жөнөдү
Адам жыйнап мол болуп
Али кытай улугу

Алкарасын булкунтуп
Улук кытай жөнөдү
Төбөлөңү тоо болуп
Тоо жарылып коо болуп
Манжу кытай бир болуп
Кара кытай көп болуп
Шибе жиреп кытайды
Ортосунда чок болуп
Элдин алды жатканда
Каркыранын сазына
Кайран кытай келди эми
Кандай жаткан эл экен
Ким экени билинбейт
Сел-сел кол болуп
Чөкө таандай жайнаган
Кайран кытай келди эми
Мына ошондо Гүлүстөн
Алкым менен келе атат
Адырдан көрдү аскерди
Эми колун таштады
Эртең менен болгондо
Өзүм издеп алам деп
Жата бергин мында деп
Жалтанбаган эр неме
Сабап жолго кирди эми
Кытайча кийим кийинип
Капшытынан кирди эми
Мурашага жолугуп
Мураша баатыр кеп айтат
Арыстан укчу деп айтат
Кан Манастын баласын
Чабамын деп сур кытай
Каркырага түштү деп
Карагул каптал чалыптыр
Кан Семетей өлтүрүп,
Каба болуп сур калча
Кайра ал салып жөнөдү
Бул кабарды укканда
Эр Гүлүстөн сүйүнүп
Айланаайын Мураша
Эми байкап сен тургун
Коңурбай менен Жойкара
Каркырадан табамбы
Мындай кызык болобу
Тиктегениң келеби
Тилекти кудай береби
Самаганың келеби
Баатыр манжу сур калча
Эми мында келеби
Кезеги анын келиптир,
Алгасы эми жетиптир
Качты деген сур калчаң
Капталда жаткан турбайбы
Эми элине барайын
Эрте жөнөп калайын
Эр Семетей аганы
Эрте айтып мен ошо
Кайра жоого барайын
Кайран чоро жөнөдү
Жетип келди аскерге
Кайра түндө келемин
Калмак чапмак болуптур
Кан Семетей аскерин
Мен Семетей барамын
Кабарды катуу саламын
Акылдаган манжунун
Башын кесип аламын
Камынгыла эми деп
Каптал жолго саламын
Эч бирин адам калбайсың,
Мени менен жүргүн деп
Айдап алды Гүлүстөн
Элдин алды жатканда
Эр Семеңдин аскерге
Арстандай Гүлүстөн
Азыр кирип келди эми

Абасы Бакай карыга
Эр Семетей баатырга
Эр Гүлчоро келди эми
Келип салам берди эми
Камынгыла эми деп
Кадлмак келди ээлене
Тегеректеп алмакка
Улугу манжу сур калча
Калкына жардам бериптир
Кана баатыр турбайлы
Аттардын баары токулсун
Актелки менен Сур коён
Аттарыңды алайын
Деп Гүлүстөн камынтты
Мына ошондо эр Семең
Атына минип жол чалды
Жэк жагын эр Семең
Өзү баштап бара атат
Алкым жагын Гүлчоро
Арыстан баштап жөнөдү
Туура жагын кан Бакай
Туйгун баштап жөнөдү
Сары таз менен Жамгырчы
Кандар баштап жөнөдү
Мына ошондо таң келип
Таңдыын алдын сурасаң
Кайнаган кытай калк келет
Тегирмендей кара ташты
Тегерете булкунтуп
Улугу манжу сур калмак
Өзү келе жатканын
Эр Семетей көрдү эми
Жеке-жеке жекелеп
Эр Семетей жөнөдү
Кара ат менен калдайып
Кайран кытай келе атат
Тулгай менен абелдин
Турган жери тиги деп
Кытай мээлеп келе атат
Тизгин менен чылбырдын
Кармаган жери тиги деп
Тайып тийсе карачы
Табарсыктын башы деп
Семең мээлеп келе атат
Эки баатыр кыйкырса
Тоо жарылып келе атат
Жүз жанбай найза коюшту
Экөөнүн сырткы олпогу
Буласы бурт деп бөлүнүп
Алкара менен Тай буурул
Тизесинче кара жер
Батып калып оңолуп
Баатырлар жатат сайышып
Алкым жагын Гүлүстөн
Айдап кирди жабырып
Текес жагын Канчоро
Кармап кирди сабырып
Уруш болду таң ата
Кимдин жайын ким билет,
Тоболоң учуп тоо болуп
Адам пенде чыдагыс
Соотулар согушуп
Сооту калып тытылып
Калкандуулар качышып
Калгандар жолдон жоюлуп
Кандай заман не болду
Кан Семетей сур калмак
Качпай кайра келишип
Бук болуп жаткан арыстан
Букадан жаман челишип
Айбалтасын алышып
Аябай башка салышып
Айбалтадан айла жок
Сабы колдо калышат
Кылычты колго алышып
Кыя тартып салышып

Кылычыңан айла жок
Сабы колдо калышып
Калканын тозо беришип
Кан Коңурбай эр Семең
Жоо жарагы тоо болуп
Азылар булар кыйкырса
Жинди киши соо болуп
Айгырдан бетер алышып
Букадан бетер чалышып
Кочкордон бетер сүзүшүп
Булар минтип жатканда
Эр Гүлүстөн кайран эр,
Элдин алдын жабырып
Эр Калдайдын аскерин
Айдап алды көчүрүп
Жонойулда олтурса
Эр Жойкара келе атат
Кармашсам кытай качабы
Асман менен сызабы
Айласын мунун табайын
Атам Алман төрөнүн
Кунун ала жатайын
Деп Гүлүстөн ок салып,
Алмакеңдин алма баш
Сайрап турган кытайды
Тартып ийди жаңыдан
Талп дей түштү бул калмак
Учуп түштү атынан
Жете келип Гүлүстөн
Байлап муну алды эми
Баатыр Бакай абага
Алып барып жетти эми
Эр Семетей төрөнү
Издеп кирди эки кул
Мына ошо бул экөө
Ээн жерде сайышып
Жаткан экен бул экөө
Жете келди Гүлчоро
Жеткен жерде Калчаны
Эр Гүлүстөн жаңкы эр
Ыргыта коюп өттү эми
Кан Семетей кайран эр
Башын кесип келди эми
Жебелүү күлүк чоң кара ат
Каңыл жардын түбү деп
Эр Гүлүстөн жанагы эр
Жебе менен кара атты
Тартып ийди жаңыдан
Оңкосунан сулады
Башын кесип Канчоро
Баатыр эми байланды
Кайра айланып эр Семең
Кан Бакайга жетти эми
Жеткен жерде эр Семең
Жойкарадай калмактын
Башын кесип алды эми
Көп калмакты кубалап
Катуу согуш болду эле
Калкайган калмак эл качты
Улугу кытай өлгөндө
Улугу кытай бүт качты
Арт жагынан кан Семең
Арыстан кууп бара атат
Токтобостон сел кетти
Токсон сан калмак эл качты
Токтобой калмак бүт качты
Мына ошондо эр Семең
Кан Бакайга кеп айтып
Кана аба кан Бакай
Калмактын жетип артынан
Калкты аман сактачу
Калайыктын шерисиң
Көк тулпар менен буратып
Жөнөйлү баатыр эми деп
Буурул ат менен буркутуп
Баатыр Семең келе атат

Ар кандай иштер болбойбу
Калмактардын дандайы
Колду баштап алыптыр
Кан Манастын уулу деп
Кандай да болсо жетет деп
Бул кысталак бурутту
Элдин баарын чогултуп
Каптатайын эми деп
Калмак манжу аралаш
Калбай кетип бaратат
Кара күрмө тон кийген
Калдай кетип бара атат
Кызыл күрмө тон кийген
Кечил кетип бара атат
Манжу солом аралаш
Чогу кетип бара атат
Мына ошондо чоң Дандай
Калмактарды токтотуп
Атаңдын көрү бурут деп
Караңгыда жүргөндө
Карышкырдай журт деп
Булар менен беттешип
Эми согуш салалы
Атаңдын аты Музкиндик
Алаке менен Македен
Артык тууган Коңурбай
Коңурбайды Семетей
Башын кесип байлады
Астындагы Алкара
Жеткилең күлүк мал эле
Алманбет уулу Гүлчоро
Өз дининен кеткен кул
Кан башын карып кылган кл
Азиз канды өлтүрүп
Атасына карабай
Бурутту карай качкан кул
Кылжейренди минген кул
Сары аласын жетелеп
Бээжинден качып төтөлөп
Бурутту көздөй өткөн кул
Мына ошонун баласы
Артык тууган Гүлчоро
Адамдан ашкан алп экен
Кайраттуу бала алп
Коңурбайдын балдарын
Баарын сойду бул калмак
Аягында калганы
Тоодой болгон кара аттан
Томолотуп түшүрдү
Кан Манастын баласы
Калганды жайлап бүтүрдү
Эй Гүлчоро болбосо
Манастын уулу Семетей
Кылбайт беле кызыкты
Сызбайт беле сызыкты
Арыстан Бакай карысы
Алтымыш түрдүү баарысы
Сары таз менен Жамгырчы
Хандарын байкап келемин
Кече Каркыранын сазында
Алтымыш күнү салышып
Аябай найза майышты
Кан Коңурбай төрөңдүн
Азабын эми тартабыз
Акыр Бээжин барганда
Биз Эсен кандан өлөбүз,
Өлбөгөндө нетебиз
Кече Бээжинден Коңур кеткенде
Эсен кан сындуу падыша
Эр Коңурбай улукту
Чакыртып алды өзүнө
Таласты чаап алам деп
Тамаша болду сага эмне
Ойлобо баатыр сен эми
Тынч жаткан элди чабам деп
Жылкымды Манас баласы

Алып кетти эми деп
Бөөдө зыян болосуң
Кан Манастын тукуму
Кандай да болсо чоң Бээжин
Сен кеткенде келер деп
Эсен кан айткан болучу
Бул буруттун иштери
Башынан бизге маалим
Эми болсо көрөмүн
Бул Текестин боюнан
Арыстан Манас уулуна
Бир сайышып кетемин
Кан Коңурбай төрөдөн
Айрылып калдым деги мен
Жойкарадан дагы эми
Кабарсыз болдум жаңыдан
Эрлердин баарын сойгонду
Алманбет уулу Гүлчоро
Мына ошону менен сайышып
Качпай тура майышып
Кан Манастын тукуму
Жетмек болду түбүмө
Кече Манас арыстан шер
Бээжинди бузуп алганда
Айбалта тийип башына
Ак кула окко учканда
Ар кандай кыйын кезеңде
Атка минген бала элем
Менин атам Музкиндик
Бээжинди бурут алды деп
Беттешип кууп чыгууга
Убакты болуп калды деп
Калыктан аскер алганда
Мен ошо кан майданга барганда
Көргөнмүн Манас төрөнү
Кырк чоросунун кашында
Кыраан Манас башында
Бет алып Коңур чоң калча
Алымыш жайсаң кырк соңкол
Тегеренип алганда
Тегирмендей кара атты
Тегеретте булкунтту
Ээң өлгөн кара атты
Эр өлгөндөй жулкунтуп
Көбкөөрдөй кызыл таш
Кан Коңурбай бул бир баш
Капталдан чыгып качырып
Кан Манас Коңур урушу
Алтымыш күнгө толгондо
Алманбет шейит болгондо,
Арыстан Манас ошол шер
Жаагындагы жараны
Алып ийип ыргытып
Бээжинди карай сүргөндө
Алаке кандын Коң төрө
Качпай туура салышып
Бура тартып келишип
Бурут менен беттешип
Эр Сыргактай буруттту
Кайра ашып түшүрүп
Кыргыздын кыраан эчени
Кытайдын каны Алаке
Кыраандыгын билгизип
Алган болчу көп калмак
Кан Коңурбай болбосо
Мына ошондо бул бурут
Көрсөтпөйт беле далайды
Коңурбайдан айрылып
Армандуу болуп барамын
Кызыталак бул бурут
Эминени кылбады
Алаке баштап кан өлдү
Эр Жолой сындуу жан өлдү
Эр Эшен менен Музкиндик
Эчен мыкты жан өлдү
Он жолойдо Бөрүкөз

Он оргодо Карагул
Эргешбай менен Бозкертик
Тешер аркан көлгөндү
Тегиз канкор бөлгөндү
Жезкара менен Мурадыл
Жойкара менен Субатбай
Ушунун баарын бул бурут
Атасы Манас баш болуп
Башын кесип байланды
Мына ушул баатырлар
Өткөн дүйнө ушуга
Мен Бээжинге барбаймын
Элдин тилин албаймын
Кызыталак бурутту
Аттанып чабуул аламын
Деп күпүлдөп мен дандай
Кара кызыл аргымак
Камчыланп түйүлтүп
Мылтыктуусун бир бөлүп
Найзакерин бир бөлүп
Калдайган калың калданды
Калкандуусун бир бөлүп
Мергенчисин бир бөлүп
Балтакерин бир бөлүп
Мына ошенип жатканда
Эр Мураша жанында
Эр Гүлүстөн жетти эми
Мында жаткан көп колду
Турнабай менен көрдү эми
Мына ошондо Мураша
Калмакча киши эми деп,
Эр Гүлүстөн жиберди
Эр Мураша чоң калмак
Жетип кабар алды эми
Калмактын кылган иштерин
Мураша кабар берди эми
Кан Семетей Гүлчоро
Эр Канчоро, кан Бакай
Сары таз менен Жамгырчы
Жайнап чыга келди эми
Алтай, алтай, алтайлап
Калмактар сала берди эми
Астында келет эр дандай
Эр Семетей жанагы эр
Арбууданга камчы уруп
Эрдигимди бул кытай
Эми көрүп алсын деп
Отко, көлгө түштү эми
Кызыталак кытайды
Алар жерим ушу деп
Манастап ураан чакырып
Баатырлар кирип барды эми
Манжу салып ураанын
Эрдандай айтып бакырып
Бетине келе калганда
Арыстан Семең жанагы эр
Өпкө боорлун тушуна
Айкөл муштап өттү эми
Музагүлдүү сыр найза
Карыш кирип кетиптир
Кара кызыл буудандан
Аргамжы бою эр Семең
Алыс алып таштады
Башын кесип Гүлчоро
Сур коёнго байланып
Жамгырдай төккөн кытайды
Айдап алып жөнөдү
Качпагыла эми деп
Кан Бакай айтып токтоду
Өлтүрбөйбүз силерди
Эмине жазык элде деп
Аны кытай ойлобой
Бээжинди карай көп калмак,
Качып кетип баратат
Эр Семетей баш болуп
Эр Калчанын азабын

Эми берип болгондо
Калкы качып Бээжинге
Калбай кетип баратат
Каркыранын сазынан
Калмактар качып келе атат
Иленин башы Үч-арал
Үч коңуздай барышты
Эр Семең басып келе атат
Текестин башыы Күрпүлдөк
Күрпүлдөккө жетти эми
Жайнап жаткан көп элди
Арстандар мында көрдү эми
Аттарын минип алышып
Уйларга жүгөн артышып
Шашаып жүргөн эл көрдү
Бээжинди карай бет алып
Качып жүргөн эл көрдү
Музоо-торпок айдашып
Шашып жүргөн эл көрдү
Эшекке жүгөн артышкан
Экиден кытай басышкан
Качырга жүгөн артышкан
Канча калмак шашышкан
Төөгө жүгүн артышкан
Төрттөн кытай басышкан
Калбай кетип баратат
Калмак манжу көп солом
Жандай кетип баратат
Эр Семең менен Гүлүстөн
Элдин жетип астына
Калмакты баатыр токтотуп
Кең кундуз менен жылдызда
Баатырың тозуп жатты эми
Кан Бакай менен Сары таз
Канчоро менен Жамгырчы
Мураша өңдүү чоң калмак
Булар жете келди эми
Мына ошондо эр Семең
Акырын айтып кеп сүйлөп
Эй баатырлар деп сүйлөп
Силерге айтаар кеңешим
Билермандар не дейсиң
Биз кароолдо жүргөндө
Бириң да камчы жебейсиң
Калдайды чаап таштадык
Кандай болот дебейсиң
Улугу манжу чоң калмак
Кылымды билген чоң ошо
Каркырадан сойдук биз
Жойкарадай калмактын.
Башын кесип кондук биз
Карагулду кармадык
Канчаларын жалмадык
Мурадылды сойдук биз
Башын кесип анан кондук биз
Хандарын кармап алдык биз
Калкын аман коёлу
Кандарым эми не дейсиң
Калмактарды токтотуп
Өлтүрбөйлү силерди
Эч кайда качпа бул жерден
Калк сенде не жазык
Кандарың акмак болбосо
Элдер сенде не жазык
Төрөңдө жазык болбосо
Калмак деп бекер кырбайын
Каныңды зобул кылбайын
Кытай деп сени кырбайын
Бөөдө өлүм кылбайын,
Текес, Кыяс, Кундузда
Жата бергин айтамын
Бээжинге өзүм барамын
Кайра айланып алам деп
Деп Семетей кеп айтат
Калмакты мындан көчүрбөй
Кан Манастын баласы

Кайра айдап көчүрүп
Андан ары жөнөдү
Аскерлерин ээрчитип
Кундуз менен жылдызды
Басып Семең келе атат
Эр Коңурбай калчанын
Айылын карай жол жүрүп
Аламандап көп кыргыз
Арт жагында келе атат
Көөлү деген жер келди
Он беш күндүк жол келди
Мына ошондо Гүлүстөн
Астында минген Сур коён
Олбуй-солбуй камчы уруп
Оң-тетири теминип
Күнгө булут жиберип
Күндүн көзүн имерип
Айга булут жиберип
Айдын көзүн имерип
Жаканын баарын жамгырлар
Тоонун баарын мөндүрлөп
Бөксө туман тургузуп
Бөтөнчө жайчы Гүлүстөн
Аттын каны катат деп
Эрдин каны катат деп
Ушунчалык чөлдөрдө
Талаалар суусап жатат деп
Туш-тушка туман тургузуп
Кара сууну уютуп
Катуу жайчы уул экен
Кан Алмаңдын баласы
Алты сан калың кол менен
Аксакал Бакай кан менен
Жети сан аскер кол менен
Жеткилең Семең эр менен
Жетимиш түрдүү эл менен
Бээжинди карай бет алып
Берениң келе жаткан экен
Оңой эмес журт милдет
Жакшы кылса бул элдин
Сообу мунун мойнунда
Жаман кылса бул элдин
Убалы мунун мойнунда
Аз гана эмес кол менен
Азаматтар келе атат
Айтылуу Бээжин калаага
Айкөлдүн уулу Семетей
Он беш күндүк көчүүдөн
Арыстан өтүп келе атат
Мындан өтүп олтуруп
Аламан күнгөн оң тескей
Коңурбайдын Ак кулжа
Абакем Бакай аткан жер
Алтымыш күндө жетип
Мындан өтүп олтуруп
Коңурбайдын Куу  өрдөк
Жаткан жерге жетиптир
Он беш күнү эс алып
Андан көчүп олтуруп
Талмазардын Тал чоку
Буга жетип конушуп
Мындан өтүп олтуруп
Гүлөшөндүн гүл токой
Мындан өтүп келе атат
Алтынайдын ак күмбөз
Ага жетип конушуп
Эмалдуунун чынарды
Калайык баштап көрүшүп
Мындан өтүп олтуруп
Ашуу төр менен Кыркайык
Камалдуунун белинен
Ашып Семең келе атат
Артынан түшүп көп аскер
Басып жөнөп келе атат
Эр Гүлүстөн астында
Эр Семетей жанында

Токсон күнү жол басып
Күтүшү ойдун ташындай
Күрмөлүп аткан чоң Бээжин
Ташпысы аттын башындай
Жаңырып аткан чоң Бээжин
Кан Семетей Гүлүстөн,
Калаанын келди четине
Дарбазасын кайтарган
Канча миң кытай ок өтөт,
Мына ошондо эл келди
Мурашаны эр Семең
Чакырып алып жанына
Калмактарды жиберип
Дарбазасын ачтырып
Чет Бээжин чоң калаа
Элин Семең жыйдырып
Өлтүрбөймүн эч кимди
Калк сенде не жазык
Кабарын айтып түшүнтүп
Элинин баарын чогултуп
Кан Коңурдун тагына
Кан Семетей олтуруп
Алаке кандын тагына
Абакең Бакай олтуруп
Элиңден кабар угулуп
Коркуп турган көп кытай
Мына ошондо Семетей
Эми жарлык айтты эми
Кан шайладым Мураша
Чет Бээжин калаага
Айтканым менен болосуң
Кандаган жерге коносуң
Деп Семетей айтты эми
Кан болуп Мураша калды эми
Айланып эми Семетей
Ал Бээжинден жөнөдү
Алтымыш күнү турду да
Таласка балаң эр Семең
Тамаша менен жөнөдү
Токсон күнү болгондо
Ай бөксөрүп күн өтүп
Арадан канча түн өтүп
Аман-эсен Семетей
Айлына жетип келди эми
Жылгындуу Кең-Кол Таласка
Жыргап жатып калды эми.

## ҮМӨТӨЙДҮН ОКУЯСЫ

Манастын уулу Семетей,
Баатыр болуп атанды.
Кең Таласта жашады,
Баатыр Манас шер экен.
Он сегиз миң ааламды,
Бийлеп жеген бөрү экен.
Жанында кошо бажасы,
Айдаркан уулу Эр Көкчө.
Ааламда даңкы чоң болуп,
Алтайды жердеп турганда.
Арыстан Манас төрөгө,
Арка болгон киши экен.
Айтылуу Талас жерине,
Аман-эсен кан Манас.
Арыстан көчүп келгенде,
Айдаркан, Көкчө эки хан.
Сары-Арканы жердеген,
Сансыз казак биздин эл.
Самагандай болгон дейт,
Санаасы менен толгон дейт.
Өрүшкө эли конгон дейт,
Ойдогудай болгон дейт.
Жалпы казак элим деп,
Жайылып малы семирип.
Жайнап турган кезинде,
Жалпы баатыр угуптур.

Менин айтаар кеңешим,
Кой баатырлар не дейсиң.
Баатыр экен Көкчө хан,
Какалайсың булкунтуп.
Көп турмушту көрүптүр,
Азиз кандын Алманбет.
Бээжинден кайра качканда,
Бет алып жөнөп шашканда.
Менин атам Көкчөгө,
Келип жигит болуптур.
Үч жыл мында жашаптыр,
Мен келгенче кетем деп.
Эрненчө айтпастан,
Алманбет жөнөп кеткен дейт.
Манжун баатыр төрөсү,
Сары аласын булкунтуп.
Сандаган казак көп элди,
Санаасына албастан.
Сабарта кетип калганы,
Сарала ат менен желиптир.
Сандыргалуу Манаска,
Саап кирип кетиптир.
Кан Алманбет барганда,
Кан баатырды көп кыргыз.
Кайкалашып тозуптур,
Кайран Чубак эр кыр чал.
Качырып найза салыптыр,
Камарабай калмак кул.
Кан Манаска барыптыр,
Кабыландай Манаска.
Атчан салам бериптир,
Кайран Манас чоң төрө.
Саламын алик алыптыр,
Атынан алып түшүртүп.
Ак өргөгө түшүрүп,
Арыстан Алма баатырды.
Абдан конок кылыптыр,
Алты күнү хан Алмаң.
Анда конок болуптур,
Жетинчи күнгө жеткенде.
Кылжейренин токунуп,
Сары ала атты коштонуп.
Алмакең сапар тартмакка,
Хан Манаска келиптир.
Мына ошондо кан Манас,
Айланайын Алмаке.
Күлүк болсо мингин деп,
Ак куласын тартыптыр.
Аттиң болбойт эми деп,
Алманбет туруп алыптыр.
Кыргыл чалдын Арууке,
Он үчтөгү кыз экен.
Арыстан Манас төрөсү,
Алмаңа тартуу кылыптыр.
Калмактан келген Алманбет,
Тартуусун кабыл алыптыр.
Кең Таласка Манаска,
Кошулуп айыл конуптур.
Арыстан Манас төрөгө,
Жаңыдан айыл болуптур.
Мына ошондо хан Манас,
Алманбет тилин алган дейт.
Менин атам Көкчөнү,
Бир чаппастан үч чапкан.
Муну ойлоймун көп журтум,
Андан кийин байкасам.
Бээжинге казат жасаган,
Берен Манас шер экен.
Он эки ханды чогултуп,
Аскер жайнап мол болуп.
Азамат жайнап мол жүрүп,
Бээжиндеги чабуулда.
Адыбай-Көкчө хан өлүп,
Арыстандардын баары өлүп.
Менин атам Көкчө өлсө,
Көркөмдүү баатыр көп өлсө.

Манастын уулу Семетей,
Жалгыз Манас өлгөнсүп.
Бээжинге өзү бардыбы,
Кан Коңурду өлтүрүп.
Коңурбайдын көп жылкы,
Камчыга ченеп көп кыргыз.
Кандары бөлүп алдыбы,
Эмине болот дебестен.
Тынчып жатып калдыбы,
Андан кийин атайын.
Хан Манастын ашында,
Тайбуурулду чаптыбы.
Байгени өзү алдыбы?
Бул Манастын уулу Семетей,
Мени киши ордуна теңебей.
Менин атам Көкчөнү,
Арыстан Манас бул кандай.
Мен да барам Таласка,
Тайбуурул менен Гүлчоро.
Беренсиген баатырды,
Бекем байлап аламын.
Тайбуурулду бербесе,
Согушту эми саламын.
Атам Көкчө баатырды,
Айдап барып согушка.
Арыстан Манас өлтүргөн,
Атамдын кунун аламын.
Карк алтын тартуу кылса да,
Кантип карап турамын.
Кандай кыргыз чоң болот,
Казак журт неге кор болот.
Ара бериш жашасак,
Кеңешти мага салышпай.
Бээжинден жылкы алдыбы?
Берен Манас баатырдын,
Ашын берип салдыбы.
Бир тууган болот дебестен,
Киши ордуна көрбөдү.
Бээжинден келген көп жылкы
Мага эмине бербеди.
Кан көтөрүп алгансыйт,
Жалаң сару таздарын.
Жамгырчы менен Канчоро,
Айылын бийлеп калгансыйт.
Бүт бийликти Гүлчоро,
Исламча жүргүзөт.
Калмак кайдан чоң болот,
Казак кандай кор болот.
Кытай кул кандай чоң болот,
Үч уруу журтум барында.
Кылымды бузаар чагымда,
Манастын уулу Семетей.
Менден өткөн баатырбы?
Баатырлар сагаң кеңешим,
Байкаган сөздүн жүйөсүн.
Бул Манастын баласы,
Зын-зын этет кенебей.
Гүлчородон башканы,
Киши ордуна теңебей.
Деп Үмөтөй күбүлдөп,
Көкчөнүн кунун куумакка.
Таласка эми бармакка,
Масилетти курду эми.
Баатыр Көкчө баласы,
Айтып мында турду эми.
Жана айтар кеңешим,
Жалпы журтум не дейсиң.
Бул Манастын уулу Семетей,
Ар качандан бир качан.
Мени киши ордуна теңебей,
Кылган ишин көрдүңбү.
Буудандын оозун чойбосом,
Манастын уулу Семеңе.
Кылгылыкты кылбасам,
Атасы Манас чапкансып.
Мен да чаап алып тынбасам,

Кылгылыкты кылайын,
Кызы талак кыргызга.
Кайда барса жол бербей.
Жаман көпкөн турбайбы,
Ким экенин булардын,
Таанытайын булардын.
Үмөтөй кандай экенин,
Көргөзөйүн көзүнө.
Бир түшөйүн эсине,
Айкөлдүн уулу Семетей.
Баатыр десе барбайын,
Өз алдынча дардайып.
Кими экен чоронун.
Жанагы калмак баласы,
Адам заат бендени,
Жан экен деп теңебей.
Киши ордуна бир көрбөйт,
Көргөзөйүн атасын,
Ушу менин айтканым.
Ичим жалын боломун,
Ойлоп көргүн баатырлар.
Менин айткан кеңешим,
Бул Манастын уулуна.
Менин да ишим оңунда,
Кандай да болсо барамын.
Элин чаап талкалап,
Тайбуурулду аламын.
Баатыр чоро Гүлүстү,
Баштап байлап саламын.
Канчородой арамын,
Казыр башын аламын.
Сарытазын соёмун,
Калганын тирүү коёмун.
Деп Үмөтөй күпүлдөп,
Элин алып чогултуп.
Айтып турду ушул сөз,
Калың казак тим турду.
Карыя киши бар экен,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй.
Кеп уккун бул казак,
Кеп айтмак болду жаңыдан.
Алиги казак карыя,
Жакентай деген киши экен.
Токсон беште киши экен,
Эй Үмөтөй баатырым.
Айтайын кулак салгыла,
Сенин атаң эр Көкчө.
Өзүндөй болгон эр болчу,
Мен Көкчөнүн жигити.
Мен көргөндү көрбөдүң,
Ажал жетип мен какбаш.
Ажалдан бери өлбөдүм,
Сенин атаң Айдаркан.
Калыс адам болуучу,
Кыргыз-казак аралаш.
Ушуларга конуучу,
Алтайда элин чогултуп.
Арыстан Манас көчкөндө,
Кошо келген болуучу.
Эмине үчүн сен бүгүн,
Бөөдө өлүмдү каалайсың.
Казак-кыргыз бир тууган,
Керегеси биргелеш.
Менин тилим сен алсаң,
Ушул жерден кайт баатыр.
Мен айтайын силерге,
Ак буудай куйдук аралаш.
Айыл кондук биргелеш,
Кулун-тай салдык ширелеш.
Ата-баба башынан,
Бөлүнбөгөн эл элек.
Мен бир сагаң айтайын,
Эр Манастын шердигин.
Кең Алтайда турганда,
Кайнап калмак көп келет.
Казак менен кыргызды,

Талап алып жеп келет.
Сенин атаң Көкчөнүн,
Айылын калмак чапканда.
Эсен кандын көп аскер,
Айылды келипп басканда.
Айкөл Манас жакынга,
Кабарга киши чапканда.
Калың калмак көп экен,
Кара курттай басканда.
Кабалын Манас баатырга,
Калың казак шашканда.
Кан Айдаркан чоң атаң,
Кабарын угуп кан Манас.
Кырк чоросу жанында,
Кызыл чийкил жаш бала.
Айбанбоз менен арбайып,
Ала-Тоодой дардайып.
Айкөл Манас баатырың,
Келип калды барбайып.
Мына ошондо жанында,
Акбалта,  Жакып атасы.
Бул кыргыздын сарасы,
Айдаркан баатыр шашбылап.
Баатыр гана Көкчө качбылап,
Кара кытай калмакты.
Сайып кирди жаралап,
Төбөсүнөн басам деп.
Келген экен бул калмак,
Төрт түлүктү чачам деп.
Келген жоону көргөндө,
Көк жал Манас кайран шер.
Көтөрүлүп кеп айтат,
Калың казак,  көп кыргыз.
Калмакка эми чыгайын,
Канын суудай чачайын.
Калмактар кандай зар болду,
Менин ушул журтум кор болду.
Кытай бир кандай зар болду,
Менин кыргыз журтум кор болду.
Алтайды жердеп турсак да,
Алышкан душман көп болду.
Деп ошентип кайран эр,
Ак кула менен аргытып.
Катары менен экини,
Каптай сайып бир коюп.
Бабедин деп бакырып,
Исламдап чакырып.
Качпагын калмак эми деп,
Кан Манас сайып киргенде.
Какандын эли колоду,
Баатырың сайып киргенде.
Манжуну-солош жоголду,
Арыстаның жоого киргенде.
Айтылуу калмак колоду,
Мына ошондо кан Манас.
Айланайын туугандар,
Алтай бизге жер болбойт.
Атадан калган конушка,
Айланайын элим баралы.
Атаңдын көрү калмакты,
Айдап чыгып салалы.
Деп кан Манас айтканда,
Баатырдын сөзү акыл деп.
Айттың тууган макул деп,
Кең Алтайдын эл көчтү.
Келишимдүү Таласка,
Үч ай көчүп биз келдик.
Сары арка биздин жерибиз,
Сандаган казак элибиз.
Санабыз менен болгонбуз,
Сай-сайга келип конгонбуз.
Айрылып калган конушка,
Айланып кайра келгенбиз.
Атаандашкан калмактын,
Азабын колго бергенбиз.
Арыстан Манас болбосо,

Айганы келип бир алса.
Айжанжуңу эл чапса,
Алаке салык салганда.
Айлабыз кетип калганда,
Армандуу дүйнө не дейин.
Азабың журт тартканда,
Алтайда жүрдүк сенделип.
Эй Үмөтөй кулунум,
Менин тилим сен алсаң.
Берен бала Семетей,
Беттешем деген бекериң.
Таарынчың болсо айта гой,
Мен кан Бакайга барайын.
Карын бала Үмөтөй,
Катуу жатат таарынып.
Калмакты чаап алганда,
Кан Манас өлгөн арманда.
Сенин атаң Көкчө эмес,
Көк жалдар эчен бөлүнгөн.
Алманбет, Чубак арыстан,
Бу дагы кең дүйнөдөн.
Адыбай-Көкчө кан өлгөн,
Бала жолборс, эр Сыргак.
Оттой күйгөн бала эле,
Ал жыйырма бирде чак эле.
Арсыландай айбаттуу,
Арслан бала кайратуу.
Мына баатыр ойлочу,
Ошолор кетти дүйнөдөн.
Бул Манастын Семетей,
Коңурбай келип чапканда.
Кең Кашкарды алганда,
Үмөтөй баатыр кел деди.
Каркырада согушуп,
Кан Манастын балдар деп.
Калмагыңды кыйратты,
Кабыландай Гүлчоро.
Өзүңө келип чн айтты,
Угуп тургун деп айтты.
Таласты карай бир калмак,
Өтпөсүн баатыр деп айтты.
Ай дегенге болгон жок,
Сары аркадан көп калмак.
Сандап чубап өттү эми,
Чоң Таласка жетти эми.
Арыстандай Семетей,
Айдап чыкты кытайды.
Ошону өзүң ойлочу,
Бул Манастын тукуму.
Башын кыдыр даарыган,
Байкагын баатыр Үмөтөй.
Жан жолдошу Семеңдин,
Жайнаган баатыр Гүлчоро.
Эр Манастын тукуму,
Кабылган тирүү калчу эмес.
Каның тартып атпасын,
Алаң казар сен баатыр.
Дагы айтайын кеңешти,
Айдаркан уулу Көкчө кан.
Алманбет менен дос эле,
Акеркечтин үйүндө.
Асыл Алма жанында,
Жан жолдошу Көкчөнү.
Алыбай менен Чалыбай,
Ушулардан кеп угуп.
Акеркечке Алманбет,
Көзүн артат деп угуп.
Ачуусу келип атаңдын,
Азиз кандын Алманы.
Өлтүрөмүн деп айткан,
Ошол кезде Алманбет.
Камбар, Мажик жигитин,
Ала кеткен калкына.
Кыл ээртип байлап баруучу,
Кытайдан жылкы алуучу.
Чет кароолго баруучу,

Бээжинден жылкы алуучу.
Сан карабоз көп жылкы,
Сандап айдап келүүчү.
Үч жыл жүрдү Алманбет,
Атаң Көкчө менен бир.
Төртүнчү жылга жеткенде,
Бээжинди карай Алманбет.
Кароол карап жол жүрүп,
Калмагын кеткенде.
Жанагы сөздү Көкчө кан,
Кан жигитке айтканда.
Бир калмакты эми деп,
Алаңказар көп казак.
Масилетти ачканда,
Алты миңдей жылкы айдап.
Алманбет келди чалгындан,
Астынан киши жиберип.
Сенин энең Акеркеч,
Атайын айткан Алмаңа.
Акылдан Көкчө шашты деп,
Армандуу дүйнө не дейин.
Айтылуу Көкчө каның,
Алдап салмак сени деп.
Акеркеч айтып түшүнтүп,
Мына ошондо Алманбет.
Он төрттөгү бала эле,
Эр Көкчөнүн үстүнө.
Кирип келди тайманбай,
Баатыр Көкчө жан досум.
Көк ала бергин минейин,
Көк чопкут бергин кийейин.
Көңүлгө түйбөй кетейин,
Антты-шертти өзүң ал.
Айтылуу Көкчө жан досум,
Кайрылбаймын эч жакка.
Кана Көкчө сен айткын,
Деп Алманбет айтканда.
Кымыз ичип кырк жигит,
Алмаңдын түрүн көргөндө.
Кыркасы менен жыгылган,
Арак ичкен кырк жигит
Керегеге байкасаң
Баштары менен тыгылган,
Кайра айтып Алмакең.
Сурасам бербес Көкала,
Суу укурук салармын.
Каалабасам бербес көк чопкут,
Булкуп-жулкуп кийермин.
Кайран Көкчө кош эми,
Деп Алманбет айтты эми.
Коштошуп алып кайтты эми,
Эшикке чыгып барды эми.
Акеркечтей жеңеге,
Кайыр кош айтып кайтканда.
Акеркеч байкуш ыйлаптыр,
Кең Таласка кайрыл деп.
Жеңекең кепти баштаптыр,
Баатыр Манас төрөгө.
Учурашып кеткин деп,
Үч кайтара айтыптыр.
Барса барып кетсем деп,
Баатыр Алма айтыптыр.
Калактан келген көп жылкы,
Бечара менен мусаапыр.
Ошолорго бөлүңүз,
Карып менен мискинге.
Кайрылыша жүрүңүз,
Деп Алманбет кеп айтат.
Сары аласын коштотуп,
Кылжейренин буратып.
Кыраанын жолго кириптир,
Ичи жалын өрт болуп.
Имерилип боз талаа,
Эки күнү жүрүптүр.
Мына ошондо кан Көкчө,
Артынан барбай койгондо.

Анан кеткен Алманбет,
Адырлуу жолду бакалап.
Кылжейрен менен Сары ала,
Буудайларын талкалап.
Буруксуган чоң калмак,
Мен Меккеге барайын.
Сыярат кылып алайын,
Деп ошентип Алмакең.
Кайкаң талаа жер менен,
Кабылан сындуу калмагың.
Кайрылып Талас барыптыр,
Кабылан Манас түш көрүп.
Түшүндө сонун иш көрүп,
Ак албарс алып колуна.
Айкырып жоого кириптир,
Маңдайда турган кара таш.
Чапса болот өтүптүр,
Үйдөй болгон кара таш.
Эки айрылып кетиптир,
Мына мындай түш көрдүм.
Ким жорут муну дегенде,
Аргын кандын Ажыбай.
Мен жоруймун баатырым,
Айтайын сөздүн акырын.
Аныктап эми жорусам,
Айткан туура бир келсе.
Айтылуу калык атпай журт,
Кан көтөрүп алсаңыз.
Мен жоруйун түшүңдү,
Оңдоптур кудай ишиңди.
Оңкосунан салыпсың,
Оюңда кектүү кишиңди.
Жалпы ислам баш ийип,
Бээжинди чаап аласың.
Уктум эле улуудан,
Узун кулак карыдан.
Орто Бээжин жердеген,
Ойроттун каны Азизкан.
Азиз кандын Алманбет,
Үч жылча болду келгени.
Кан Көкчөдө жүрчү эле,
Кан Алманбет кытай кул.
Как өзүңө келиптир,
Он эки канды билишип.
Калмакты кошо каратып,
Айкөл Манас төрөбүз.
Ааламга атың чыгыптыр,
Мен бир келген иш болсо.
Сиз бир көргөн түш болсо,
Мына ушундай баатыр деп.
Ажыбай жоруп айтыптыр,
Эртесинде Алманбет.
Кең Таласка барыптыр,
Айтылуу Манас чоң төрө.
Абыдан жакшы тозуптур,
Кырк чорону кан Манас.
Жылкындуу бойлоп салыптыр,
Жылажындай Алмаңдын.
Алдынан тозуп алыптыр,
Манас, Манас, Манастап.
Баатырлар ураан салыптыр,
Азиз кандын кан Алмаң.
Кабарына албастан,
Кайран Алмаң өтүптүр.
Мына ошондо кырк чоро,
Таңданышып калыптыр.
Бакай менен Манаска,
Анан Алмаң барыптыр.
Баатыр Манас баш болуп,
Баланын ишин көрүптүр.
Ак ордого ал кирип,
Алмаңды конок кылыптыр.
Алты күнү эс алып,
Алмакең мында жатыптыр.
Кетемин десе кеирбей,
Арыстан Манас дос болуп.

Анан алып калыптыр,
Мына ошондо Алманбет.
Баатырың кепти салыптыр,
Айланайын сен баатыр.
Айтайын кулак сал эми,
Менин бир айткан кеңешим.
Билимдүүлөр не дейсиң,
Мен Меккеге барсам дейм.
Көрүп кайтсам дегеним,
Көк жал Манас не дейсиң.
Айкожомдон бата алсам,
Алманбет баатыр атасам.
Кан кожомдон бата алсам,
Күн кожомдон бата алсам.
Күндөй күлүп мен жансам,
Ак сакалдуу кары бар.
Айта турган кебим бар,
Көк сакалдуу чалың бар.
Көк жал чоро баарың бар,
Мен билүүчү кеп болсо.
Менин сөзүм эп болсо,
Мен Меккеге барамын.
Ислам дини ушул деп,
Андан бата аламын.
Деп Алманбет айтканда,
Абакең Бакай кайран эр.
Эй Алманбет баатырым,
Кулак салып сен уксаң.
Мен айтайын акырын,
Бээжинден келдим дин үчүн.
Мекке барсаң биз үчүн,
Беренim сендей баатырды.
Кой деп айтат эмне үчүн,
Барсаң Мекке калаага.
Баатыр сендей балага,
Бай Жакып,  Манас,  Ак балта.
Баары ыраазы садага,
Бээжиндин каны сен болдуң.
Беренim Алма кулак сал,
Баарысы чогу Меккеге.
Менин сөзүм чеки эмес,
Сендей алтын немеге.
Кулак салып сен уксаң,
Азиз кандын Алманбет.
Арыстан Манас келди деп,
Мекедеги кан кожом.
Бейлеп тозуп албайбы,
Берен бала экен деп.
Сага кожом ошондо,
Оңдоп көзүн салбайбы.
Батасын алып кайтканча,
Баатыр Манас не дейсиң.
Деп кан Бакай айтканда,
Айкөл Манас төрөсү.
Арыстан кепти баштапыр,
Айланайын Алмадан.
Айткан сөзгө көнөмүн,
Ал бар деген жагына.
Алып барып келемин,
Мекке менен Медина.
Шаарларын көрөмүн,
Хан Алманбет баланын.
Айтканындай боломун,
Айдаган жерге кономун.
Баатыр эрдин ишине,
Кийлигишпей коёмун.
Ата журтум не дейсиң,
Алтынды суудай агызсаң.
Артык кылат дебегин,
Күмүштү суудай агызсаң.
Күйүп кетет дебегин,
Менден камчы жебегин.
Менин айткан кеңешим,
Баатыр Бакай не дейсиң.
Эртең эрте турамын,
Бууданга камчы урамын.

Буруксута жол тартып,
Азаматтар камдалсын.
Аргымактар тандалсын,
Буудандын баары камдалсын.
Кырк чоро кошо аттансын,
Бай Жакып менен Ак балта.
Батасын берип эл калсын,
Деп айкөлүң айтканда.
Баатырларың шаңданып,
Барчын куштай камданып.
Көй баатырлар шаңданып,
Көк жалдын баары камданып.
Хан Алманбет улуктун,
Айтканын толук угушуп.
Кан Манастын кырк чоро,
Бармак болду Меккеге.
Мына ошондо калайык,
Баатыр Манас төрөсүн.
Батасын берип эл калды,
Айкөл Манас кайран шер.
Меккеге карай аттанды,
О Манастын кырк чоро.
Каткырышып күлүшүп,
Кең Таластан жол тартып.
Меккге карай мол тартып,
Баатарың жолго кириптир.
Баатыр Манас баш болуп,
Азаматтар жүрүптүр.
Хан Алманбет баш болуп,
Арыстан Бакай өзү бар.
Атактуу Мекке шаарына,
Алигилер барган дейт.
Мекедеги кан кожом,
Мындан бата алган дейт.
Мединада ак эшен,
Андан бата алган дейт.
Кан Манасы баш болуп,
Берениң кайра келгенде.
Сенин атаң кан Көкчө,
Хан Манаска таарынган.
Мына ошондо Алманбет,
Хан Көкчөнүн кылыгын.
Кабылан алтын отурган,
Алманбет үчүн хан Манас.
Хан Көкчөнү таарынткан,
Андай эмне мындай деп.
Акылга дыйкан Акеркеч,
Атаң Көкчө баатырдын.
Ар бир ишин камдаган,
Менин тилим сен алсаң.
Хан Манастын баласы,
Кадимки баатыр Семетей.
Ойноп турган жоо эмес,
Бара турган эл эмес.
Ажал каалап олтурса,
Аттана бер Үмөтөй.
Семетей менен Үмөтөй,
Согушуп өлгөн экен деп.
Элге уят болбогун,
Эл ичинде көп жакшы.
Бекке уят болбогун,
Мунун жайын укканда.
Эр Үмөтөй баатырың,
Эми кепти салганы.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Айтайын кулак салгыла.
Айкөл Манас баласын,
Эмине болсо көрөмүн.
Кең Таласка барамын,
Чалгынды эми чаламын.
Тай буурулду минемин,
Манастын уулу баатырга.
Анан кийин тийемин,
Коңурбайдын сан жылкы.
Колум менен бөлгөндө,
Хан Көкчөнүн уулу деп.

Кабарга мени алган жок,
Казак кыргыз бир тууган.
Кан майданда согушта,
Менин атам Көкчө өлсө.
Көк жалдарың көп өлсө,
Канча казак эл өлсө.
Кабары жок жатканым,
Деп Үмөтөй күпүлдөп.
Мына ошондо Акеркеч,
Көп сүйлөдү дүпүлдөп.
Айланайын  Үмөтөй,
Айтайын кулак салыңар.
Айкөл Манас жездекем,
Ааламга чыккан атагы.
Сенин атаң Көкчөгө,
Ала тоодой аркасы.
Тилеп турчу артаган,
Манжу солом чапканда.
Арыстан Манас тоңоткон,
Койгун балам тилим ал.
Манастын уулу Семетей,
Жеңдире койчу эр эмес.
Алманбет уулу Гүлчоро,
Арзан бала ал эмес.
Көтөрүлүп албагын,
Бир балаага калбагын.
Менин тилим сен алсаң,
Ушу сабар барбагын.
Айланайын жалгызым,
Бир балаага калба сен.
Казак-кыргыз бир тууган,
Укканга уят болорбуз.
Ушуну менен көрөрбүз,
Кытайга уят болорбуз.
Кыргынды катуу саларбыз,
Жаш баладан сен өлсөң.
Уят кылып саларсың,
Бала баатыр Гүлүстөн.
Байкосуна барарсың,
Баатыр кайра тарт десе.
Качырып найза саларсың,
Канкор чоро колунан.
Кулунум арам өлөрсүң,
Каныкей,  Бакай,  Сарытаз.
Кабарыңды укканча,
Кайгулу бейбак элең деп.
Азапка башың саларсың,
Азаматтар ыйлашар.
Арыстан Бакай жарыктык,
Намысы  үчүн кыйналар.
Нарбууданды тартуулап,
Эжекеси байкуш кыйналар.
Сен да жалгыз,  ал жалгыз,
Намысды сен коюп.
Өзүм баштап барайын,
Тай буурулду мен сагаң.
Тактап сурап беремин,
Аркалуу күлүк Буурулду.
Атайын сурап келдим,
Айланайын Семетей.
Ар намысты койгун деп,
Жанаша айыл конолу.
Жалпы тууган бололу,
Деп ошентип барайын.
Каалаганың Бууданды,
Кадексиз сурап беремин.
Менин тилим сен алсаң,
Алтын-күмүш артайын.
Эжекеме барайын,
Андан кабар аалайын.
Каалап келдим бир тайды,
Кайтарбагын мени деп.
Кан Бакайга айтайын,
Айып анан кайтайын.
Каалаганың Тайбуурул,
Калың кыргыз эл менен.

Кандарына барайын,
Кагылайын жалгызым.
Кабарды өзүм чалайын,
Кандары болбой койгондо.
Кайра кабар салайын,
Камынып тургун биякта.
Андан кийин согуштан,
Армансыз болуп калайын.
Барбагын балам Таласка,
Акарат кылган оңчу эмес.
Айкөлүң Манас арыстанча,
Сенин атаң кан Көкчө.
Арыстан Манас баатыр,
Чалгынды бирге чалышкан.
Чалгындан жылкы алышкан,
Доону бирге доолаган.
Жоону бирге жоолаган,
Бээжинди бирге чабышкан.
Коңурбайга барышкан,
Бул Манастын уулу Семетей.
Атасындай эр болду,
Коңурбайдай калчаңды.
Койдой айдап сулатты,
Ошондо кошо чабуулда.
Көзүң менен көргөнсүң,
Манастын уулу Семетей.
Арзан бала ал эмес,
Ала калчу сен эмес.
Жеңил бала ал эмес,
Жеңип келчү сен эмес.
Оңой-олтоң уул эмес,
Кан Манастын ашында.
Байкадыңго сен өзүң,
Балам тилим сен алсаң.
Ачуу душман, акыл дос,
Акылыңа акыл кош.
Оң колуңдун ачууңду,
Сол колуңа кармагын.
Сол колуңдун ачууңду.
Оң колуңа кармагын,
Кимдин тилиң аласың.
Ушул барсаң Таласка,
Ажалсыз өлүп каласың.
Айкөл Манас жылкысын,
А дегенде аласың.
Кайдан келген душмандан,
Кандарга кабар саласың.
Кабыландай Гүлчоро,
Суркоён менен келбейби.
Султан бала көрбөйбү,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй.
Көзүңдү ачкын эми деп,
Көрсөтөйүн сонунду.
Көпкөн экен казак деп,
Көрсөтөйүн оюнду.
Деп көк жалың жетпейби,
Көк тулпардын үстүнөн.
Көмө коюп өтпөйбү,
Алаң казар көп казак.
Азабыңа түшпөйбү,
Ай ушунуң болбойт деп.
Айтканда кабар жетпейби,
Дүнүйөгө көпкөн деп.
Көп душманың айтпайбы?
Көк жал Манас баласы,
Көп көңүлү бөлүнөр.
Бул эминеси казактын,
Кордугун көргүн эми деп.
Кан Семетей оолугаар,
Канышка кабар жеткенче,
Канча азамат союлар.
Баатыр Манас баласы,
Ачуу келет ошондо.
Арыстандарын чакырар,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй.
Көпбөсүн эми баатыр деп,

Кан Семетей сүйлөнөр.
Мен билүүчү кеп болсо,
Менин сөзүм эп болсо.
Кагылайын Үмөтөй,
Сен да жалгыз, ал жалгыз.
Экөөң тең карын бөлөсүң,
Кабарыңа барайын.
Кан Манастын уулуна,
Өзүм ишиң бүтүрүп.
Бир керекке жарайын,
Деп Акеркеч айтканда.
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Көрүп айткан сөздөрүн.
Айланайын энеке,
Менин тилим сен алсаң.
Манастын уулу Семетей,
Үмөтөйдөй эр бекен.
Калың казак элимен,
Кыргыз калкы эр бекен.
Бул Манастын кылганы,
Бээжинди чаап алганда.
Менин атам Көкчө кан,
Кошо барган Манас менен.
Кан майдандуу согушта,
Канчалар өлүп кыйраган.
Как ошону мен айтам,
Кан Манастын баласы.
Кан Коңурдун жылкысын,
Тийип келип Таласка.
Бул олжодон бербесе,
Семетей кандай чоң ошо.
Ошол үчүн барамын,
Атамдын кегин аламын.
Төрт түлүгүн чачамын,
Төбөсүнөн басамын.
Баатырын байлап аламын,
Башкасын кошо чабамын.
Төрөсүн байлап аламын,
Төрт кулдун оозун чабамын.
Баатырсынган чоросун,
Башын кесип аламын.
Тайбуурулду аламын,
Тамашаны саламын.
Кыз буурулду аламын,
Кыйла жолду чаламын.
Кыйынсынган кыргызды,
Кырып чаап аламын.
Аскерди арбын аламын,
Айкырыкты саламын.
Атам Көкчө баатырдын,
Кунун кууп барамын.
Деп Үмөтөй дүпүлдөп,
Казак калкы күпүлдөп.
Кан майдандуу согушка,
Камынмак болду күпүлдөп.
Казак журту камынып,
Кан Көкчөнүн баласы.
Жаткан экен абырып,
Казактын элин жабырып.
Аскерди мыктап кураптыр,
Азаматтын жыйнаптыр.
Менменсинген көп казак,
Үмөтөйдөн кеп угуп.
Манастын уулу Семетей,
Баатырды чабат деп угуп.
Бул эмине сонун деп,
Бул иш кандай оюн деп.
Караган жандар дүркүрөп,
Казак калкы күрпүрөп.
Көкчөнүң уулу Үмөтөй,
Эмине болуп кетти деп.
Семетейден Үмөтөй,
Ашкере баатыр эрби деп.
Арыстан Манас баласы,
Ааламга кеткен атагы.
Бул Көкчөнүн баласы,

Көпкөн экен карачы.
Өзүнчө барып жоо чапса,
Бүтмөк эмес чатагы.
Таласка адам барбаган,
Баргандар аман кайтпаган.
Кең-Колго адам барбаган,
Кейишин тартып көп каазк.
Келтек жеп келсек Таластан,
Көкчөнүн уулу а бүгүн.
Көрсөтөт эми ызат деп,
Барбай көнчү алы кайда.
Баатыр турса маңдайда,
Деп көпчүлүк ойлонуп.
Санааны тартып толгонуп,
Айласы кетип эл байкуш.
Азыр турду маң болуп,
Бул эмине жорук деп.
Эчен мыкты азамат,
Кайгырышты баш чайкап.
Кандай иш болот эми деп,
Казак калкы кайгырган.
Кан Көкчөнүн уулуна,
Кандай шайтан түштү деп.
Казактын эли кеп кылган,
Мына ошондо Үмөтөй.
Чырга бүткөн эмедей,
Көк дөөнүн бургутта.
Көп казакты чогулта,
Аттанамын эми деп.
Айтылуу Талас жерге деп,
Кан Манастын уулуна.
Кармашты катуу салмакка,
Калың кыргыз элине.
Кабар айтып бармакка,
Канча миң адам кол менен.
Кайран Үмөт жөнөдү,
Кан Семетей баатырга.
Ашуу ашып, таш басып,
Алиги баатыр келе атат.
Адырлуу кайкаң жер менен,
Ак карлуу бийик тоо менен.
Будурлуу ашуу бел менен,
Буруксуган эл менен.
Кылычтуулар кыңкырап,
Найзалуулар шыңгырап.
Мылтыктуусу бетинде,
Көк жалдары четинде.
Токсон миң казак эл болуп,
Тоо жаңырткан сел болуп.
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Көк асаба ызы-чуу,
Көз жетпеген улуу дуу.
Адыраңдап алышып,
Адырлуу белес кыяда.
Азаматтар жарышып,
Аламыз энди сени деп.
Алиги казак айтышып,
Мына ошондо көп казак.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп.
Айтылуу Кең-кол чоң Талас,
Азаматтар келишти,
Ат өргүтүп мына эми.
Алиги казак жатканда,
Оо банын кайкы белинен.
Ойрон бала Гүлүстөн
Ат арытып жол чалып,
Сур коёнду булкунтуп.
Алты миң чоро жанында,
Арсыландай Гүлүстөн.
Абайлап дүрбү салганда,
Меркин кайкы четинен.
Чоң Таластын оозунан,
Кайнаган адам мол жатат.
Кайдан келген эл деди,

Кайран эр дүрбү салганы.
Катуулап карап калганы,
Мына ошондо Гүлүстөн.
Күлүп карап калды эми,
Кайдан келген душан деп.
Карап турду далайга,
Сур коёнду минмекке.
Качырып эми жанагы эр,
Ушул жоого кирмекке.
Караса Көкчө уул экен,
Кайраттуу мырза бул экен.
Ак тулпарын коштотуп,
Айгайлаган казакты.
Алган экен токтотуп,
Жаткан жери кеңмерин.
Бул эмине сонун деп,
Гүлүстөн байкап олтурду.
Алаңказар казак кул,
Кайдан бизге келгени.
Айтылуу Манас ашында,
Билген жокпу биздерди.
Деп ошентип ойлонуп,
Сур коёнду токунуп.
Султан бала чогулуп,
Алтымыш жигит жанында.
Арыстандай бул бала,
Аттанып жөнөп калды эми.
Алманбет уулу Гүлчоро,
Жоого кирсе миң чоро.
Жолборс сындуу бул чоро,
Сур тулпарын бургутуп.
Жөнөп калды дыргытып,
Бул казакка барайын.
Эмине болсо чалайын,
Душман бекен, эл бекен.
Эми кабар алайын,
Анык душман ал болсо.
Атышып жатып калайын,
Эр Үмөтөй улукка.
Эми жетип барайын,
Баатырсынган казакты.
Байкап бир аз карайын,
Эң эле мыкты эр болсо.
Эңилип жатып калайын,
Көөдөк казак төрөсү.
Көп жылкыга келдиби,
Тийишип мага бул келсе.
Типтик найза сайайын,
Баатырлыгын билейин.
Баштан аяк кирейин,
Деп ошентип Гүлүстөн.
Жоо жарагын байланып,
Жолборстой бала айланып.
Жалаң кылыч байланып,
Жаачуу күндөй айланып.
Ачуусу келип ээлигип,
Арсыландай Гүлүстөн.
Келе жатат жээлигип,
Бууданы менен бургутуп.
Бу дагы келет дыргытып,
Жаландай болгон арыстан.
Жандай салып бастырган,
Келишимдүү чоң сур ат.
Келип минди жаңыдан,
Казакка эми бармакка.
Баатыр Көкчө уулуна,
Бастырып салам айтмакка.
Жоо бөрүсү Гүлүстөн,
Жолго чыкты шатырап.
Жолдон кабар алмакка,
Көп жылкынын ичинен.
Көпкөн казак экен деп,
Ойлоп келет жаңыдан,
Арыстан Манас жылкысы.
Адам мында келбеген,
Арыстандай баатырдын.

Жылкысын киши тийбеген,
Жете келди жылкыга.
Желмогуз бала ээлигип,
Баатыр шердин малына,
Батынып киши келбеген.
Бул эмине сонун деп,
Бул киши бизге оюн деп.
Ойнобосун бул казак,
Ошо турган бул казак.
Айтып жолго салайын,
Адамдыгы бар болсо.
Учурашып калайын,
Баатырдыгы бар болсо.
Барып салам айтайын,
Эминеге келгенин.
Эми кабар аламын,
Ушу казак баласы.
Учурашып каламын,
Суркоёнду бургута.
Султан бала чулгутуп,
Ак телкини коштотуп.
Арыстан бала токтошуп,
Сур буудан менен чуратып.
Султан бала буратып,
Келип калды бастырып.
Келип көрмөк болду эле,
Кан Көкчөнүн баласын.
Эр Алмаңдын баласы,
Эми чыкты бастырып.
Жараткан Алла бир кудай,
Колдой көр деп шашылып.
Сур коёнду бургутуп,
Арыстан мырза дыргытып.
Олуя-ата жер менен,
Оюна түшүп келди эми.
Оолуккан казак менен,
Ошо жерден Гүлчоро.
Кезек менен жетти эми,
Буудан менен буратып.
Буруксутуп чуратып,
Алиги Алмаң баласы.
Келип түшүп олтурду,
Кең өзөндүн боюна.
Кеп салмакка казакка,
Кепти эми белендеп.
Кара тоонун боюна,
Кабылан келди жаңыдан.
Улуу тоонун боюна,
Улук келди жаңыдан.
Жан жолдошу Абышты,
Эр Гүлчоро жанагы эр.
Эми туруп кеп айтып,
Эй жолдошум деп сөз айтат.
Атаң Акбай артык кан,
Айтамын сөздү жаңыдан.
Аркы-берки жумушка,
Кошо жүргөн бала элең.
Кан майдандуу согушта,
Кагышып жүргөн жан элең.
Менин айткан кеңешти,
Жан жолдошум алтымыш.
Арыстан балдар не дейсиң,
Алиги турган казакка.
Абыш баштап сен алтооң,
Аттанып азыр барып кел.
Арыстан Манас баласы,
Салам айтты эми деп.
Улуксат болсо төрөгө,
Үйгө келсин эми деп.
Манастын уулу Семетей,
Баатыр айтты эми деп.
Кебиме кулак салгын де,
Кезмерликти ал коюп.
Келет түшүп калсын де,
Сөзүмө кулак салсын де.
Султан болсо Үмөтөй.

Учурашып калсын де,
Баатыр болсо шер болсо.
Байкап кабар алсын де,
Алаң казар болбосун,
Айткан сөз менен токтосун.
Көп ашепке болбосун,
Көпкөндүгүн токтотсун.
Казак-кыргыз бир тууган,
Калыкка шылдың болбосун.
Бөлөсү менен Семетей,
Бөлүнүп атат эми деп.
Казак-кыргыз жоо болуп,
Канды кудай урарда.
Кагышып атат эми деп,
Калайык шылдың кылбасын.
Кан Манастын ашында,
Калайык болуп кашында.
Кан Үмөтөй улукка,
Кабар салбай койдукпу.
Бул эмине кылганы,
Улуу-кичүү таң болуп.
Ушул заман бир болуп,
Боордош өскөн эл элек.
Бул эмине кылганы,
Канды кудай урарда.
Калкына жаман кас болот,
Байды кудай урарды.
Дөөлөтүнө мас болот,
Баатырды кудай урарда.
Тууганы менен кас болот.
Жрди кудай урарда,
Алтымыш ашып кас болот.
Айта баргын улукка,
Алманбет уулу Гүлчоро.
Адырдын боюн чалды де,
Алиги калмак баласы.
Атайын издеп калды де,
Буудандын оозун чойду де.
Буруксуган калмак кул,
Бура тартып тозду де.
Урушпасын биз менен,
Улуксат кылсын эми де.
Келсин мында бастырып,
Кеби болсо угамын.
Керек болсо Үмөтөй,
Кепке мыктап кансын де.
Бир тууган элдин баласы,
Бирибизге баркпыз.
Керек болчу жансың де,
Сөздү мыктап айтып бар,
Сөз соблети эмеспи.
Кепи толук айтып кой,
Арыңан бериң дебесин.
Алаңказар казагым,
Келжиреп барчу жебесин.
Кенедей кыргыз элең деп,
Кебим өтөт дебесин.
Барып кабар алып кой,
Баатырсынган казактын.
Байкап толук чалып кой,
Сөзүн угуп канып кой.
Дөгүрсүгөн казактын,
Кебине мыктап канып кой.
Айланайын Абышым айт,
Айтамын сөздүн аныгын.
Ак телкини минип бар,
Алты жигит ээрчитип.
Алиги казак улуктан,
Аттанып эми кабар ал.
Бууданды токуп минип ал,
Буруксуган казактан.
Буйдалбастан кабар ал,
Тулпарды токуп минип ал,
Тоодой болгон казакты.
Токтобостон кабар ал,
Жандай салып сен баргын.

Саламдашып сен калгын,
Желе-жорто сен баргын.
Жеткилең казак улуктан,
Жетип кабар сен алгын.
Жолоочу болсо жол менен,
Жоо чулсу болсо эр менен.
Баатыр казак баласын,
Байкап кабар сала кел.
Жаман-жаман кеп айтса,
Токтобостон кайра кел.
Адыбай менен Аманга,
Менден салам айтып кел.
Айдаймын десе жылкыны,
Жайына койгун казактын,
Жылкыны бүтүн таштасын.
Чыр болбос жагын баштасын,
Жылкычы башы Адыбай.
Жылкы баккан Аманбай,
Гүлчоро айтты муну деп.
Эркине койсун казактын,
Эмине ою бар экен.
Белестен дүрбү саламын,
Беттеп карап жатамын.
Бети кара жоо болсо,
Артынан издеп барамын.
Алаңказар казакты,
Азабын берип саламын.
Деп Гүлүстөн айтты эми,
Жан жолдошу Абышты.
Аттангын деп айтты эми,
Алты чоро жанында.
Ак телкини токунуп,
Алиги чоро чогулуп.
Жөнөп калды чуратып,
Ак телкини буратып.
Сабап жолго түштү эми,
Салган бойдон эр Абыш.
Салып уруп олтуруп,
Сан жылкыга келди эми.
Алты миңдей жылкычы,
Алдын тозуп алыптыр.
Адыбай, Аман баш болуп,
Алакандай жылкычы.
Жылкыны жолго салыптыр,
Чеине келген жоо менен,
Четтеп атып жатыптыр.
Ал Көкчөнүн баласы,
Токсон миң казак эл менен.
Токтобой келип калыптыр,
Кан Манастын жылкысын.
Такыр жыйнап алыптыр,
Эр болсо келгин кыргыз деп.
Эми тозуп жатыптыр,
Гүлчоронун жигити.
Эми келди бастырып,
Сан жылкынын ичинде.
Сандап казак көп жүрөт,
Адыбай, Аман кеп айтат.
Абдыш баатыр Аманбы,
Жылгындуу Кең-Кол чоң Талас.
Жериң аман жатабы,
Кыраан жолборс эр Семең.
Каның аман жатабы?
Абакем Бакай, Каныкей,
Энең аман жатабы?
Сары таз менен Жамгырчы,
Кандар аман жатабы?
Арсыландай Гүлүстөн,
Арыстан аман жатабы?
Кайраттуу баатыр кан чоро,
Каның аман бар беле.
Мына байкап карагын,
Биздин күндөр тар болду.
Белеске адам чык болду,
Беттеп келип көп казак.
Беттешип жоодон качпадык,

Кан Манастын жылкысын.
Кирбегин деп тилдедик,
Тилди душман албады.
Жаш балача алдады,
Мен Көкчөнүн уулумун.
Казак-кыргыз бир тууган,
Капа болбо тууган деп.
Кан Көкчөнүн уулуна,
Айканыма болбоду.
Ар кандай жолун торгодук,
Айылды бүт көчүрүп.
Олуя-Ата, Меркеден,
Өткөзүп салдым мен өзүм.
Алты миңдей жоо менен,
Алты күнү алыштык.
Жети миңдей жоо менен,
Жети күнү алыштык.
Кайнап душман киргенде,
Кайра тартып калыштык.
Жылкыны бүтүн айдады,
Жылдырбай элди байлады.
Баатырларың келсин деп,
Балакетти баштады.
Ар бир мыкты жылкычы,
Атка таңып айдады.
Каяша кылган жылкычы,
Бешин кесип байлады.
Ар кайсы жерге топ башы,
Аркыда келген казагың.
Алааматты салганы,
Баатыр болсо Семетей.
Бастырып мында келет деп,
Кысыр эмес сезим тай.
Коногуна сойгузуп,
Чатырашып татышат.
Таластан кабар аламын,
Чоң Кең-Колду чабамын.
Белестен кабар аламын,
Мен Манастын баласын,
Эми чаап алам дейт.
Бул Көкчөнүн баласы,
Бул эмине кордугуң.
Көрүп алып биз эми,
Кетмек болдук Таласка.
Айтып кабар берсек деп,
Айтылуу Манас баласы,
Ааламга кеткен атагы.
Абийириң менен Үмөтөй,
Кайтсаң кантет деп айтып.
Анда туруп кеп айтат,
Ала тоодой кыргызды.
Көчүрүп айдап салам дейт,
Көргөндү эми айтайын.
Жылкынын келди четине,
Эч кимди атка мингизбей.
Камап алып сабады,
Кана кыргыз сайыш деп.
Канчабызды камады,
Белеске коюп коюшту.
Тамаша кылып биз менен,
Улак тартып ойноду.
Айланайын сен Абыш,
Атайын келсең биз үчүн.
Кашкаранын оюнда,
Кан Көкчөнүн баласы.
Ордо ойноп жаткандыр,
Ошого баргын сен эми.
Жетип жылкы алганын,
Элчилик болсо келгин деп.
Эми кабар сен айтып,
Баатырсынган казакты.
Байкап көрчү чамасын,
Деп Адыбай айтты эми.
Мына ошондо эр Абыш,
Ак телки менен чуратып.
Кан Көкчөнүн уулуна,

Бармак болуп кеп айтып.
Адыбай, Аман эки ага,
Аман-эсен барсыңбы.
Азапты көрүп турупсуң,
Жылгындуу Кең-Кол чоң Талас.
Жериң аман барында,
Калың кыргыз ак калпак.
Элиң аман барында,
Капаланба абаке.
Кабыландай кан Семең,
Шериң аман барында.
Кыраан жолборс эки дөө,
Ороң аман барында.
Мактанбасын казагың,
Жүргөн жери азабың.
Катар күлүп албасын,
Бул Көкчөнүн баласы.
Мендей баатыр жок го деп,
Сары аркада айткандыр.
Салышып мында келгенин,
Ажалынын жеткенин.
Көпкөндүгү болбосо,
Таласка киши келчүбү.
Хан Манастын уулуна,
Кайрылып киши келеби.
Эр Гүлүстөн турганда,
Баш багып адам жетеби.
Кайырбаңыз казактан,
Кайнатабыз ушунун.
Катуу демин биз кагып,
Башын кесип байланып.
Баатырга ала барамын,
Ашкере баатыр эр болсо.
Мен да байкап өтөмүн,
Жан жолдошум Гүлүскө.
Айтып эми жетемин,
Кан Манастын уулуна.
Кабар салып жетемин,
Эч кандай болбой коркунуч.
Элим шашып калбасын,
Кайгырбасын калайык.
Ханга да бир сөз ылайык,
Шашпай чыгып барайын.
Шайтаан айдап келгенго,
Мен Үмөтөй улуктан.
Эми кабар алайын,
Деп Абыш келип айтат.
Ак телки менен белеске,
Арыстанго чоро жигити.
Келип калды бастырып,
Ак желекти бет алып.
Алиги чоро барды эми,
Азамат мырза төрөгө.
Салам айтып калды эми,
Үмөтөй деген хансыңбы?
Сак-саламат барсыңбы?
Курдашыңа ылайык,
Кудай сүйгөн жансыңбы?
Сары арканы жердеген,
Сансыз казак эл аман.
Саламдашып айтууга,
Алдыңызга мен келдим.
Атайын кабар алмакка,
Алманбет уулу Гүлчоро.
Саламдашып келгин деп,
Салтанаттуу эл экен.
Сагынышып келгендир,
Тамаша-оюн болгондур.
Баатыр Семең балага,
Таарынгансып жүргөндүр.
Тартынбай мында келем дейт,
Бир боорлош эл элек.
Учурашып алалык,
Туугандык кумар эмеспи.
Жарпыбызды жазалык,
Жалпы тууган эл менен.

Эр Үмөтөй келиптир,
Келгендин дайынын айткын.
Кеңешип эми кайткын,
Сөзүнө абдан каныккан.
Сөз баймагын алыткан,
Деп Гүлүстөн айтты эле.
Сиздей мыкты төрөгө,
Салам дугай айтты эле.
Кайраттуу баатыр Үмөтөй,
Капалыкты койсун дейт.
Казак-кыргыз бир тууган,
Кайрылып тууган болсун дейт.
Күнөөбүз болсо айтсын дейт,
Куру бекер сөз болсо.
Ушул жолдон кайтсын дейт,
Адырдагы көп жылкы.
Арыстан Гүлүс кеп айтты,
Каалашынча алсын дейт.
Кан Манастын баласын,
Капа кылбай кайтсын дейт.
Белестеги жылкыдан,
Самаганча алсын дейт.
Бейен бузук кишиче,
Бейбайга түшпөй кайтсын дейт.
Улуксат болсо барам дейт,
Укмуштуу баатыр Үмөтөй.
Ушул сөздү уксун дейт,
Алты сан каазк ээрчитип.
Аттанып мында келишиң,
Азыраак айып эмеспи.
Адамды көзгө илбесе,
Ушуну айтты Гүлүсүң.
Учурашып кол берет,
Өзү да өрттөн келиши.
Деп Абышың айтканда,
Үмөтөй турду күпүлдөп.
Кызы талак калмак кул,
Кыргыз-казак бир тууган.
Мунун атасы калмак Алманбет,
Көкчө менен Манастын.
Арасын бөлгөн калмак де,
Сары аркадан келгенмин.
Сандап элди ээрчитип,
Манастын уулу Семетей.
Баатыр келсин мында де.
Арыстан Бакай, Каныкей,
А дагы келсин мында де.
Жамгырчы менен Сары дөө,
Каның келсин мында де.
Канчоро менен Гүлчоро,
Баатырың келсин мында де.
Айта турган кебим бар,
Ойлой турган оюм бар.
Сүйлөй турган сөзүм бар,
Аскерин алып камынсын.
Чоң Таласты чабамын,
Мен Семетей бөлөнүн.
Бурулуш тартып аламын,
Буруксуган кыргызга.
Катуу чатак саламын,
Атам Көкчө төрөнүн.
Кунун эски аламын,
Айта баргын калмакка.
Үмөтөй айтты эми деп,
Менден салам айтып кой.
Алакөөдөн калмакка,
Баатыр болсо көрүшөм.
Карагайй найза майышат,
Каңгайдан келген калмакка.
Көчбөй туура сайышам,
Атымдын оозун бурбаймын.
Не болом деп турбаймын,
Буудандын оозун бурбаймын.
Чын амалым жетпесе,
Калмакты сайбай тынбаймын.
Баатырсынган Семеңди,

Баштап чаап аламын.
Төбөсүнөн басамын,
Төрт түлүгүн чачамын.
Кең Таласты аламын,
Астына минген буурулду,
Арыстан Манас уулунан.
Атайын тартып аламын,
Бөлө экен деп ойлойбойм.
Калдайдан алган жылкысын,
Кан Манастын уулунан,
Кайрып тартып аламын.
Киши ордуна көрбөгөн,
Ушу Манас уулунан.
Эмине болсо көрөмүн,
Деп Үмөтөй айтты эми.
Мына ошондо эр Абыш,
Эми бура тартты эми.
Эр Гүлчоро баатырга,
Эми жетип айтмакка.
Ак телкини катуулап,
Алиги бала жөнөдү.
Жаасы катуу казак кул,
Бул эмине көргөн деп.
Чын ажалы жеткенби,
Чыны менен казакты.
Ажал айдап келгенби,
Деп Абдышың ойлонуп.
Ак телки менен келе атат,
Кандай оюн болот деп.
Кайкаңда турган Гүлүскө,
Чоросу келип жетти эми.
Казакка бардым бастырып,
Кайнаган эли көп экен.
Кан Манастын уулунан,
Атам Көкчө төрөнүн.
Кунун кууп келдим дейт,
Тай буурулду берсин дейт.
Тай буурулду бербесе,
Найза кармап туу тигип.
Сайышар жерин айтсын дейт,
Жылкыны жолго салам дейт.
Жылдырбай айдап барам дейт,
Жылкычынын баарысын.
Жылаңайлак сабаптыр,
Кылбаганың барбы деп.
Кыл арканга таңыптыр,
Кызы талак кыргыз деп.
Көөп кеттиң эми деп,
Көрсөтөйүн деги деп.
Баатыр болсо келсин деп,
Баштан аяк сабаптыр.
Баатырың жеткизбей,
Баарың башың алам деп.
Башатка байлап салыптыр,
Баш ийбеген жылкычы.
Балакетке калыптыр,
Казагың катуу кириптир.
Кансыктатып малчыны,
Капталын сөгүп салыптыр.
Канакей келчи кыргыз деп,
Канча адамды кыййнаптыр.
Көкөнгө тартып мал айдап,
Көгөнгө байлап каоюптур.
Көрсөтөйүнн сагаң деп,
Көк союл менен уруптур.
Кандарыңды алып кел,
Кармашайын эми дейт.
Бектериңди алып кел,
Беттешемин эми дейт.
Казактын сөзү эң катуу,
Кандай айла кылабыз.
Кан Манастын уулуна,
Барып кабар салабыз.
Эмине деген кордук иш,
Кагышпай кантип калабыз.
Деп жигити айтканда,

Гүлүстөн турду ойлонуп.
Суркоён менен барсамбы,
Султан болгон эменин.
Башын кесип алсамбы,
Атасы Көкчө баатырды.
Атайын барып Бээжинден,
Шейит болгон деп угам.
Жеке Көкчө кан эмес,
Жети сан элдин далайы.
Жетип Бээжин калаадан,
Жети саан адам өлгөн дейт.
Бул эмине деген иш экен,
Байкап тынган эми деп.
Сур коёнду буратып,
Атаңдын көрү дүнүйө.
Аталаш казак тууган деп,
Алтайда Манас турганда.
Айдаркан,  Жакып бир болуп,
Калмактын жолун бурган деп.
Алаташ казак эл экен,
Бул эмине кеп экен.
Мен Семеңе барайын,
Атаңдын көрү казактын.
Чоңдугу өттү эми деп,
Улуксат берчи эми деп.
Улуксат алып абамдан,
Атадан артык агадан.
Анан кайра келейин,
Кашкар менен Меркиден.
Кабар алып келдим деп,
Кан Манастын уулуна.
Кайгуулда ишти көрдүм деп,
Кайрылып айтып келейин.
Азыр кирип мен барып,
Алакөөдөн казакты.
Алда эмине кылайын,
Ачуу шайтан,  акыл дос.
Акылыңа акыл кош,
Бөөдө кирип барбайын.
Дөөгүрсүгөн казакты,
Күчүн көрүп калбайын.
Мактансын эми казак кул,
Барбай кайра кетейин.
Баатыр Семең, Бакай кан,
Барып айтып келейин.
Улуксат берсе агалар,
Анан кийин казакка.
Качырып келип тийейин,
Сагынган экен найзаны.
Садага менен бөлөйүн,
Баатырсынган улуктун.
Башын кесип келейин,
Деп ойлонуп Гүлүсүң.
Кайра жолго кирди эми,
Чоң Кең-Колду бет алып.
Чочубай баатыр жөнөдү,
Казагыңды оюнда киши экен
деп ойлобой.
Бучкагына теңебей,
Буруксуган арыстаның.
Келе жатат Таласка,
Келип калды береги.
Кең-Колдун оозуна,
Кан Манастын баласы,
Жайлап жаткан калаага.
Эр Семеңдин үстүнө,
Эми түшүп олтурду.
Арыстан чоро келди деп,
Сенин жеңең Айчүрөк.
Батымызга бал коюп,
Кертип-кертип жал коюп.
Келишимдүү жанагы эр,
Тамагын ичсин эми деп.
Байтал бээнин бал кымыз,
Баатырың ичип олтурду.
Эр Семетей кеп баштап,

Арыстан мырза деп баштап.
Кагылайын чырагым,
Кабарыңды айтчы деп.
Белеске чыгып сен бардың,
Белден кабар сен алдың.
Жонго чгып сен бардың,
Жоодон кабар сен алдың.
Эмне көрүп, не аздың,
Айтчы баатыр угайын.
Угуп бир аз тынайын,
Эки-үч күнү кечиктиң.
Эгиз козу сыңарым,
Эмине болду убагың.
Арсыландай чырагым,
Аттанып жоону кууганым.
Алыңды баатыр сурайын,
Деп Семетей айтты эми.
Мына ошондо Гүлчоро,
Жоого кирсе миң чоро,
Айланайын жан ага,
Атадан артык сен аба.
Адырдан жолду чалдым мен,
Атайын кабар алдым мен.
Белестен жолду чалдым мен,
Белге чыгып бардым мен.
Жонго чыгып бардым мен,
Жоодон кабар алдым мен.
Дүрбү менен эл көрдүм,
Олуя-Ата, Меркеден.
Көп жылкынын ичинен,
Кайнаган адам көп көрдүм.
Кан Көкчөнүн баласы,
Кайнап казак келиптир,
Чаап алам деп Таласты.
Арыстан тууган Семетей,
Эр Көкчөнүн куну бар.
Мына ошону берсин дейт,
Бул эмине кеби эле.
Бул сөзү кандай эп эле,
Бул Көкчөнүн баласы,
Алты миңдней жылкычы.
Баарын байлап алыптыр,
Кайаша кылган адамдын.
Калтырбай башын алыптыр,
Казак-кыргыз бир тууган.
Кай жеринен жазыппыз,
Коңурбайдын сан жылкы.
Соогашын мага бербейт дейт,
Бул эмине кеби экен.
Бул сөзү кандай эп экен,
Тайбуурулду берсин дейт.
Манастын уулу Семетей,
Таазим кылып келсин дейт.
Кыз буурулду берсин дейт,
Кыраан арыстан келсин дейт.
Кан Бакай баштап кан келсин,
Канча түрдүү жан келсин.
Манастын уулу Семетей,
Эр болсо күчүн көрөм дейт.
Сайышамын эми дейт,
Сары аркадан келдим.
Күрөшүп күчүн көрөм дейт,
Бул иши мага жаккан жок.
Бир тууган туруп чабышсак,
Чакчелекей алышсак.
Ага-тууган эл болсок,
Жат кишидей кабышсак.
Айланайын жан ага,
Ичим күйүп, тышым чок.
Белестеги жылкынын,
Баарын ээлеп алыптыр.
Улуксат берсең абаке,
Бастырып өзүм барайын.
Баатырсынган казактын,
Башын жулуп алайын.
Башка келсн көз коркок,

Бир беттешип калайын.
Береги тууган бөлөңдүн,
Кылган ишин карачы.
Ушул менин көргөнүм,
Айкөл Манас баласы.
Каткырып койду жаңыдан,
Айланайын арыстаным.
Агыны катуу суудайым,
Ашуусу бийик тоодоюм.
Артымда жүрсө сан колдой,
Астымда жүрсө ак жолтой.
Кагылайын чырагым,
Мен кайратыңа кубандым.
Менин айткан кеңешим,
Жолборс балдар не дейсиң.
Канчороңду ала бар,
Кайгуулду катуу чала бар.
Жан жолдоштон миң жигит,
Жабыла кошо аттанып.
Жайыктын жолун чалышсын,
Баатыр Көкчө уулуна.
Менден салам айта бар,
Тайбуурул тартуу деп айкын.
Керек болсо Буурулду,
Үмөтөй магаң бир тууган.
Келип минип кетсин де,
Саламдашып алып кел.
Канчоро экөөң барып кел,
Учурашып алып кел.
Канчоро менен барып кел,
Тегеректи чала кел.
Жылкычы башы Аманды,
Мында кошо ала кел.
Адыбайдай карыга,
Менден салам айтып кой.
Казы жеген казакты,
Мынд ээрчитип алып кел.
Абакем сени чакырат,
Айылыбызга келсин де.
Атайын абам жиберди,
Каалаганы Буурул ат.
Келип минип кетсин де,
Каныкей менен Бакайга.
Учурашып өтсүн де,
Ашык малың шайтан иш.
Ал ишке баатыр таштасын,
Акимдиги чын болсо.
Атайын мага келбейби,
Тай эжеси Каныкей.
Таамай салам бербейби,
Бир тууганы Семетей.
Учурашып кетпейби,
Атасы Көкчө эр экен,
Атакем Манас баатырга.
Бажа экенин билишсе,
Баатырсынган оң бөлөм.
Бастырып келип Үмөтөй,
Алыстан мында келген соң.
Мен Акеркечти алдырам,
Кимде күнөө,  кимде жок.
Ортого жайып коёбуз,
Семетей менен Үмөтөй.
Каныкей менен Акеркеч,
Төртөөбүз мында болобуз.
Таргылыкты жоёбуз,
Керек-жарак,  ок, атты.
Ортого жыйып коёбуз,
Сен, мен дебей мына ошо.
Чын бир тууган болобуз,
Өйдө-ылдый кеткенди.
Андан кийин жоёбуз,
Таарынчыны коёбуз.
Таамай тууган болобуз,
Буурул түгүл Үмөткө.
Ак олпогум кийгизем,
Керек болсо береги.

Ак келтемди тартамын,
Айланайын тууган деп.
Алдап-соолап алып кел,
Тайбуурул тартуу деп айткын.
Ханышың экен Манастын,
Каныкей сизди чакырат.
Касиеттүү кан Бакай,
Кан абам сизге айттырат.
Эр Семетей кеп айтты,
Эрдик кылса Үмөтөй.
Келип түшсүн Таласка,
Куран окуп өтпөйбү.
Айкөл Манас баатырга,
Чоң Кең-Колго келбейби.
Чоголдук кылбай Үмөтөй,
Бир тууган экен Каныкей.
Тай эжесин көрбөйбү,
Тамаша кылдым аба деп.
Таскак айтып күлбөйбү,
Өлүмдөн коркпос шерденби.
Же ажал айдап келгенби,
Же ашкере баатыр шерденби.
Эки чоро сен барып,
Канчоро канды алып кел.
Ал ойгуттун баатыры,
Бачымыраак келсин де.
Келип кабар берсин де,
Деп Семетей күпүлдөп.
Канчорону чакыртып,
Арыстан күтүп жатты эми.
Как телкисин бургутуп,
Камбардын уулу Канчоро.
Кайран кул келип түштү эми,
Салам айтып бүгүлүп.
Эр Семетей улукка,
Кирип келди жүгүрүп.
Мына ошондо кеп сүйлөп,
Айланайын абаке
Өкүмүңө кулдук биз,
Кайда айдасаң барамын.
Кандай иш болду угамын,
Кебиңизди биз угуп.
Анан тышка чыгалык,
Мына ошондо эр Семең.
Ай башы кыйын эр немең,
Айланайын Канчором
Кангайды бирге чалыштык,
Кайсы жерде көңүл калыштык.
Кадектүү эрдин баласы,
Кабар айтам мен сага.
Өзөктөн чыккан өрт жаман,
Өздөн чыккан жоо жаман.
Өзөктөн чыккан өрт,
Өчүрө албай жадайсың.
Өздөн чыккан тең тууган,
Жаман болсо кызыталак.
Басыра албай жадайсың,
Менин айткан кеңешим.
Кан баласы не дейсиң,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй.
Кашкар менен Меркеде,
Кайнап казак толуптур.
Көп жылкыны алыптыр,
Көтөрүлүп калыптыр.
Хан Көкчөнүн куну дейт,
Кан Манас баштап Бээжинден.
Кана шерлер өлдү эле,
Кабарды Бакай айтканда.
Кандай иш экен билебиз,
Атайын сени чакырдым.
Эр Үмөтөй улукка
Экөөң эми барып кел,
Баатыр Көкчө уулуна.
Саламдашып кайтып кел,
Сан жылкыдан ээрчитип.
Жылкы мында алып кел,

Учурашып алалык.
Душмандыкты жоёлу,
Теңтуш тууган бололу.
Чабалдыкты жоёлу,
Жалпы тууган бололу.
Аттанып эми баргыла,
А эгерде болбой койгон соң.
Адырдын боюн чала кел,
Айланайын Гүлчором
Өзүңдү өзүң мыктагын,
Өрнөгү жаман казакты.
Кара жерге ыктагын,
Эки-үч жолу сурангын.
Болбой койсо казакты,
Кашкарага бүктөй кел.
Кайра тартса казакты,
Алың келсе ала кел.
Алың келбей баратса,
Айланып мага кабар бер.
Деп Семетей айтты эми,
Мына ошондо эки кул.
Аттанып жөнөп калды эми,
Алты миңдей жан болуп.
Артынан келет калың кол,
Эр Гүлчоро, Канчоро.
Сандап жолго кирди эми,
Эртең менен күн чыга.
Кашкара менен Меркеге,
Кабылан сындуу эки кул,
Салып жетип келди эми.
Мына ошондо Гүлүстөн,
Айланайын кан аба
Деп Гүлчоро сүйлөдү,
Канчоро сындуу агага.
Алтм жигит алыңыз,
Ак жолу алып колуңа.
Алаң казар казакка,
Аттанып барып кел деди.
Мына ошондо Канчоро,
Көк телкисин бургутуп.
Абдышты алып жанына,
Арыстан Чубак баласы.
Атайын кырга барды эми,
Акимиң болсо бери кел деп.
Айгайды чоро салды эми,
Мына ошондо Үмөтөй.
Жакабай деген жигитин,
Жанына алып ээрчитип.
Көк дөкөндү бургутуп,
Көп казактан бөлүнүп.
Алтымыш жигит жанында,
Келип түшүп олтурду.
Сары жондун түзүнө,
Эр Канчоро арыстан.
Эр Чубактын баласы,
Бу дагы келип түштү эми.
Салам айтып көрүшүп,
Үмөтөй баатыр аманбы?
Сары арка сиздин жериңиз,
Сандаган казак элиңиз,
Саламдашып алууга.
Сандыргалуу бир чоро,
Келип калган кезибиз.
Улуктугуң чын болсо,
Сөзгө конок бериңиз.
Атанын уулу сен болсоң,
Жүк көтөрчү нар болсоң.
Арка бериш тууганбыз,
Рас Манас арыстан.
Ааламга кеткен атагы,
Бээжинди чаап алганда.
Канча адам кыйрады,
Төбөлөң учуп тоз болду.
Тоо жарылып түз болду,
Так ушундай жүз болду.
Капалыкты койсун дейт,

Кан Манастын баласы.
Ушул бүгүн Семетей,
Туугандыкка келсин дейт.
Керек болсо Буурулду,
Келип минип кетсин дейт.
Каныкей менен Бакайга,
Учурашып өтсүн дейт.
Тайбуурулду алсын дейт,
Тамаша сөзгө көнсүн дейт.
Кыз буурул тартуу сизге дейт,
Кыйышпаспыз бирге дейт.
Ак олпогум кийсин дейт,
Ак келтени алсын дейт.
Чатак салбай, чыр салбай,
Айылына келсин дейт.
Чоголдукту койсун дейт,
Чогу тууган болсун дейт.
Чабалдыкты койсун дейт,
Чарчабай тууган болсун дейт.
Өжөрлүктү койсун дейт,
Өткөрө тууган болсун дейт.
Арыстан Манас баласы,
Сизге айткан саламын.
Кан Манастын күмбөзгө,
Куран окуп кетсин дейт.
Каныкейди көрсүн дейт,
Кең Таласка келсин дейт.
Келип тууган болсун дейт,
Күнөбүз эмес экенин.
Как Үмөтөй айтсын дейт,
Көп капа болбой сен баатыр.
Кайра айланып барсаңыз,
Кан Манастын ордого.
Кайрылып келсин сизди дейт,
Кан баласы эмеспи
Калыстык кылар деги дейт.
Астыңызга биз келдик,
Адектүү элдин баласы.
Акылы артык карачы,
Абийирдүү элдин баласы.
Акыл-эсин карачы,
Улуу казак баласы.
Урматтап айткан карачы,
Сенин атаң Айдаркан.
Менин атам Акбалта,
Кордук көрүп калмактан,
Корголоптур Алтайга.
Ошондон бери бөлүнбөй,
Жүргөн тууган экенбиз.
Айыл конуп биргелеш,
Кулун-тай салып ширгелеш.
Ак буудай унун бир жешип,
Жан-дилибиз бир дешип.
Доону бирге доолашып,
Жоону бирге жоолашып.
Арыстан Манас атабыз,
Кең Алтайда туулуп.
Келип калган Таласка,
Ээ кылганын угамын.
Айдаркандын Көкчөнү,
Сары арка менен Меркеге
Алма-атанын боюна,
Кары иртишке ээ болуп.
Хан Көкчө жаткан деп угам,
Кан Манас баштап Бээжинге.
Кабыландар барганда,
Кайгуулду Алмаң чалганда.
Кан Чубак баштап өлүптүр,
Кан Сыргак шейит кеткенде.
Алманбет, Чубак баатырлар,
Алар да кеткен дүйнөдөн.
Атагы кеткен ааламга,
Ат аябай салышып.
Алаң казар калмакты,
Ат-Башыдан айдадык.
Каркыранын эки баш,

Как ошондо жайладык.
Кан Көкчө уулу Үмөтөй,
Кан Манастын Семетей.
Семетей менен Үмөтөй,
Бир эненин баласы.
Каныкей менен Акеркеч,
Каракандын кызы экен.
Кай жеринде кемиң бар,
Экөөң бирге туугансың.
Душмандын оозун буугансың,
Шайтан ишти таштагын.
Өрнөктүү иштен баштагын,
Менин айткан кеңешим.
Арыстан казак не дейсиң,
Алиги Манас баласы.
Атайын мени жиберди,
Жолум бирге туган дейт.
Жолдош болсо Үмөтөй,
Ат аябайм андан дейт.
Билсе кыргыз эл мына,
Минсе буурул мал мына.
Сураса кыргыз эл мына,
Султандык кылсын сизди дейт.
Жооп бергин кептемин.
Көп сүйлөшүп нетемин,
Ачык жооп сен берсең.
Эр Семеңе жетемин,
Деп Канчоро айтты эми.
Мына ошондо Үмөтөй,
Топ казактан бөлдү эми.
Маселет жасап биз эртең,
Анан жооп берем деп.
Канорону жөнөттү,
Канчоро келди бастырып.
Гүлчоронун чатырга,
Чатырга түшүп олтуруп.
Канчоро баатыр кеп айтат,
Эр Гүлүстөн балага.
Арыстандай ынагым,
Айтайын кулак сал эми.
Казакка бардым бастырып,
Казак-кыргыз бир тууган.
Кандардын жайын мен алдым,
Эл бололу деп айттым.
Бектердин жайын мен алдым,
Бир тууган болгун деп айттым.
Бул сөзүмө көн дедим,
Көнүп жооп бер дедим.
Айланайын Гүлчоро,
Менин сөзүм кандай сөз.
Деп Канчоро айтат ошо,
Сөзүн угуп Гүлүстөн.
Каткырып күлүп калды ошо,
Айланайын кан аба.
Кепке кулмак салгын деп,
Кебимди угуп алгын деп.
Сөзгө кулак салгын деп,
Сөзүмдү угуп алгын деп.
Бул Көкчөнүн баласын,
Кайрап жүргөн бирөө бар.
Кан Манастын уулунан,
Кантип жесе болот калаасын.
Деген үчүн келгендир,
Сандап кошуун ээрчитип.
Сайышканы келгендир,
Көтөрүлүп желгендир.
Көп казакты ээрчитип,
Көпкөндүктөн келгендир.
Айткан тилди албаса,
Ажалы жеткендир.
Ашыкпайлык жаталык,
Ай туякка мал союп.
Аллам берсе тилекти.
Да бир күнү күтөлү,
Деп Гүлүстөн айтты эми.
Ак сарбашыл мал союп,

Алар жатып калышты.
Мына ошондо Семетей,
Зордугу жаккан жанагы эр.
Кең Таластын боюнда,
Чоң Кең-Колдун оюнда.
Сарытаз менен Бакайды,
Каныкей менен Жамгырчы.
Кандарды алды чакырып.
Тамак берип олтуруп,
Кан Семетей кеп сүйлөйт.
Жалпы тууган агайым,
Силерге айтар кебим бар.
Менин айтаар кеңешим,
Ак сакалдар не дейсиң.
Кашкары Меркиге,
Кайнап казак келди дейт.
Кан Көкчөнүн баласы,
Көп жылкыны алды дейт.
Жылкычыны сабаптыр,
Кыйлаларын камаптыр.
Эки чоро жибердим,
Тайбуурулду берсин деп.
Үмөтөй баатыр айтыптыр,
Макул Буурул берейин.
Ээрчитип мында кел дедим,
Кепке конок берсин де.
Менин атам кан Манас,
Бээжинди чаап алганда.
Кыйла азамат өлүптүр,
Адыбай, Көкчө өлгөн дейт.
Алтымыш уруу көп элден,
Кыйлалар шейит кетиптир.
Бул эмине кеп экен,
Кебин угуп таарындым.
Гүлчорого тапшырдым,
Макулдугун алгын деп.
Болбой койсо казакты,
Капчыгыңа сала кел.
Баатырсынган казакты,
Кайра байлап ала кел.
Мынчалык мени камаса,
Бул эмине кебиң деп.
Ачуум келди агалар,
Аттантып ийдим балдарды.
Аксакал сиздей чалдарга,
Айтканым туура келет деп.
Атайын алдым чакырып,
Айтып турган кебим бул.
Деп Семетей айтты эми,
Мына ошондо кан Бакай.
Коңгурап кепти баштады,
Айланайын Семетей.
Аазыраак ишиң чала экен,
Баланын иши чала деп.
Кайнап казак келишсе,
Көк жал балдар бардыбы.
Көтөрүлбө казак деп,
Сур коён менен желбейби.
Жебирейл болсоң да,
Жеп салайын сени деп.
Бала баатыр Гүлүстөн,
Кашкарада сойлотор.
Казак-кыргыз ажырап,
Кандай заман күн болор.
Менин айткан кеңешим,
Сары хан баатыр не дейсиң.
Эртең кечке күтөлү.
Келемин десе ала кел,
Келбесе кечте жөнөйлү.
Салышып жаткан балдардын,
Как астынан чыгалы.
Ачуу шайтан, акыл дос,
Койгула балдар эми деп.
Ажыратып коёлу,
Ак эркеч укса таарынар.
Ак сакал Бакай кары деп,

Элчилик жолун билишет.
Эрте келет деп ойлоп,
Ак эркеч үйдө калгандыр.
Деп кан Бакай кеп айтып,
Макулду бекем жасашып,
А күнү жатып калышты.
Эртең менен казакка,
Бармак болду бул экөө.
Мындай ишти баштайлы,
Үмөтөй баатыр казактан.
Эми бир кабар баштайлы,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй.
Калкын алды чакырып,
Кана журтум не дейсиң.
Кан Манастын баласы,
Элчиге киши жиберди.
Элдешип кайра тартсакпы,
Эмине кылсак эми деп.
Же жылкыны алып кайтсакпы,
Мына ошондо Жакебай.
Ордунан туруп сүйлөдү,
Манастын уулу Семетей.
Алдап үйгө алып барса,
Аттарды колдон албайбы.
Атаңдын көрү казак деп,
Азапты берип салбайбы.
Теңдешчү киши менби деп,
Теңирсийсиң деги деп.
Башты кесип салбайбы,
Жылкы эми тиейбиз.
Элдин алды жатканда,
Меркеге түшүп кетебиз.
Мына ошондо көп казак,
Ак шайтан торуп алыптыр.
Кан жутканы калыптыр,
Көпчүлүгү дүпүлдөп.
Көнбөйбүз деп дүпүлдөп,
Үмөтөй баштап ээлигип.
Көп жылкыны тийди эми,
Айдап жолго кирди эми.
Адырмалуу сеңерден эңкейип,
Эми кетишти
Жылкычыны өлтүрүп.
Калыкты кошо айдаптыр,
Гүлчоро менен Канчоро.
Үч маралда жатканда,
Жолго түшүп кеп айтты.
Арыстан бала Гүлчоро,
Элдин алды жатканда.
Сур коёнду токунуп,
Султан бала чогулуп.
Алты жигит ээрчитип,
Белеске келип токтоду.
Элдин алды жатканда,
Жылкынын алдын топтоптур.
Жыйнап жүргөн эл көрдү,
Келин-кызы кыргыздын.
Саап жүргөн эл көрдү,
Кантер экен казак деп.
Кайран бала жөн турду,
Кашкараны ашырды.
Канча адамды качырды,
Мына ошондо Абдышка.
Сен аттанып бар деди,
Канчоронун үстүнө.
Күндөн мурда мен барып,
Кең Меркинин оозунан.
Жылкыны чыгып сайышам,
Жылкычыны бошотом.
Артыман баатыр тез келсин,
Он миң да болсо токтотом.
Жүз миң да болсо токтотом,
Семетейге сен барып кел.
Болгон ишти дайында,
Канчорону тез кел де.
Кайкыдан кабар алышка,

Гүлүстөн калды жекеде.
Меркенин кайкы белинде,
Беттеп жылкы алайын.
Кайра айдап барайын,
Баатыр болсо Үмөтөй.
Бир токтотуп алайын,
Эки жигит сен алып.
Эрте чапкын айылга,
Калган төрт баатырга.
Ак телкини коштотуп,
Арыстан бала топтошуп.
Жоо жарактуу Гүлүстөн,
Келип калды жаңыдан.
Суу тунугу суп кийип,
Бар келтирип куп кийип.
Бадага соот чарайна,
Баатыр кийди жаңыдан.
Он эки олпок он чопкут,
Ойрон чоро кийди эми.
Кишимтандуу Гүлүсүң,
Кийип болду ак олпок,
Ак кагазга кат жазып.
Айкөл Манас баласы,
Согушка кирдим эми деп.
Эртең бешим кезинде,
Меркеден тапсын мени деп.
Дөгүрсүгөн казакка,
Беттешемин эми деп.
Эркелетсе болбойт деп,
Эминесинен ойлойт деп.
Жоо жарагын тагынып,
Арсылан бала камынып.
Астына минген Суркоён,
Эликтей ыргып түйүлүп.
Чоң сур ат менен буратып,
Арсылан бала чуратып.
Менде калба эми деп,
Төрт жигитти ээрчитип.
Төрө Манас баласы,
Таарынбасын эми деп.
Жана жигит кеп айтып,
Кызыталак казакка.
Көргөзөйүн деп айтып,
Тайбуурул менен келсинде.
Тартынбай Семең келсин де,
Кыз буурул желсинде.
Кыраан жолборс келсин де,
Кызыгымды көрсүн де.
Канчорого кеп айткан,
Кечеги кеби кана де.
Казакка баргын деп айткын,
Кошкун баатыр турба деп,
Жолго жолтоо кылба деп.
Токтобостон түз баргын,
Тоо жаңырган күч алгын.
Кетти эми саламат,
Кошкула балдар алманат.
Чоң сур атты бир салып,
Султан бала жөнөдү.
Ак телкини коштотуп,
Берен издеп келе атат.
Келсе казак көрөм деп,
Кези келсе сайышып.
Кезегин эми берем деп,
Гүлүстөн ойлоп келе атат.
Көп жылкыны тозмокко,
Кө жал жолдо келе атат.
Мына мындай таштай тур,
Эр Канчоро улукка.
Эки жигит келди эми,
Канчоро сындуу ханым ук.
Кабар айтам кайгуулдан,
Кандай иш болот билбедим.
Көп жылкыны Үмөтөй,
Айдап жолго салыптыр.
Ажыратып алам деп,

Гүлчоро кетти артынан.
Меркиден астын тозом деп,
Казагына барсын дейт.
Кабарды баатыр алсын дейт,
Хан Манастын уулуна.
Жетип кабар кыламын,
Деп кабарды айтты эми.
Канчоро турду камынып,
Ат токулап бакырып.
Атаңдын көрү Үмөтөй,
Жебесемби сени деп.
Көк телкини токутуп,
Канчоро баатыр жөнөдү.
Чоң кашканы коштотуп,
Алтымыштай жигит бар,
Ала байрак кызыл туу.
Арыстан Манас баатырдын,
Арбагына сыйынып.
Манас, Манас,  Манастап,
Барабанын койгулап.
Алтымыш адам чуу тартып,
Артынан түштү жылкынын.
Жерге жарык төгүлө,
Эр Канчоро жанагы эр.
Жете келди жылкыга,
Жеке, жеке, жекелеп.
Канчоро үндү салды эми,
Кызыталак казак кул.
Убадага турбадың,
Жооп бербей качканың.
Сенин катындан жаман бул ишиң,
Атайын издеп мен келдим.
Баатыр болсоң сайыш деп,
Манас, Манас,  Манас деп.
Как чыбыкка кол коюп,
Көк жал тартып келди эми.
Мына ошондо Үмөтөй,
Зың-зың этип кетпейби.
Чубактын уулу чорону,
Бучкагына теңебейт.
Жакебайды чакырып,
Береги турган кыргызды.
Кармап келчи эми деп,
Ак сурду минип бургутуп.
Алиги казак дыргытып,
Көкчө, Көкчө, Көкчөлөп.
Казак үндү салды эми,
Манас, Манас, Манастап.
Канчоро үндү салды эми,
Кан майдандуу согушка.
Көнүп калган Канчоро,
Эрдигимди көрсүн деп.
Айтып казак жүрсүн деп,
Казак ээрдин кашы деп.
Табарсыктын башы деп,
Арыстандай Канчоро.
Ошол мээлеп келе атат,
Ак каңкынын кашы деп.
Кызы талак кыргыздын,
Алар жери келди деп.
Беттеп найза салды эми,
Экөөнүн сырткы олпогу.
Буласы бурт деп бөлүнүп,
Бет алыша келгенде.
Көк телкинин артынан,
Мине түшүп оңолуп.
Ачуусу келди чоронун,
Кайра айлана калышып.
Жалтанбаган эр чоро,
Өпкө менен колконун.
Турган жери ушу деп,
Кызыталак Жакетай.
Алар кезиң келди деп,
Сыйлаганды билбейсиң.
Улук казак көп эл деп,
Урматтасын билбейсиң.

Деп ошентип Канчоро.
Көк телкини камчылап,
Манастап ураан бат айтып.
Кайра чоро камчылап,
Катуу келип урду эми.
Өпкө менен боорду,
Быркырата койду эми.
Ат үстүнөн Жакеңди,
Аргамжыл бою бүт аттым.
Арыстандай Канчоро,
Алыс алып таштады.
Кайра тартып жылкыны,
Кайран чоро жөнөдү.
Жетип басып алам деп,
Гүлчорого жеткизбей.
Жылкыны эми тозом деп,
Күчөгөн экен бул казак.
Күрпүлдөшүп көрөм деп,
Жана сабап олтуруп.
Жете келди жанагы эр,
Мына ошондо көп жылкы.
Меркенин кайкы белине,
Эчак жылкы жетиптир.
Астын тозуп Гүлүстөн,
Эми кайра айдады.
Чоң суратты бир салып,
Жылкыны кайра айдады.
Алдымдагы жылкысы,
Качырып калды серең деп.
Кайран бала Гүлүстөн,
Жалпы айдап алды эми.
Кайра тарткан кишини,
Камап айдап алды эми.
Качан чоро келет деп,
Кайрылып кабар алмакка.
Төрт чоро жанында,
Жол менен айдап жылкыны.
Бала баатыр Гүлчоро,
Качбай айда эми деп.
Казакты чоро атканы,
Жылкынын алдын тозду деп.
Үмөтөй кабар укту эми,
Гүлчоро менен Канчоро.
Учурашып көрүшүп,
Эр Гүлүстөн кайта баштады.
Хан абаке кандайсың,
Жылкычынын башчысы.
Адыбай, Аман эки дөө,
Аман-эсен жаттыбы.
Эмине болду айтчы деп,
Гүлүс сурап турду эми.
Мына ошондо Канчоро,
Гүлчоро кайдасың.
Жылкыны казак алганда,
Сен ашунун кайкы белинде.
Кароол карап жыткансың,
Жете келдим ал түндө.
Жакетай деген бир казак,
Жалтанбай кирди качырып.
Капталдан сайып түшүрүп,
Атын алып айдадым.
Алкымда келет Үмөтөй,
Аябай тозуп турабыз.
Айдаркан уулу Көкчөдөн,
Арта тууган эр болсо.
Азыр уруш салабыз,
Башкасын карап нетебиз.
Баатыр болсо бул казак,
Бир сайышып өтөбүз.
Деп Канчоро айтты эми,
Мына ошондо Гүлчоро.
Күлүп карап турду эми,
Улуу шашке маалында.
Эр Көкчөнүн баласын,
Көк тулпарын ойнотуп.
Жонго чыгып келди эми,

Мына ошондо Гүлчоро.
Казагыңа баргын деп,
Канчорону жөнөттү.
Көк телки менен Канчоро,
Салып чыгып жетти эми.
Үмөтөй баатыр кандайсың,
Жоопко келбей жылкы алып.
Эминени тандайсың,
Алдырып ийип жылкыны.
Артында калчу биз эмес,
Деп Канчоро айтты эми.
Үмөтөй үндү салды эми,
Эмне дейсиң албуут кул.
Семетейдей байыңан,
Кордук көргөн коркок кул.
Атам Көкчө баатырдын,
Кунун кууп алам деп.
Качырып калды тигинен,
Ачуусу келип Канчоро.
Эмине дейсиң казак кул,
Атаң Көкчө баатырды.
Биз өлтүргөн эмедей,
Өкүрөңдөп калыпсың.
Мыкты болсоң сайып көр,
Деп Канчоро күүлөнүп.
Көк телкини бир салып,
Көк жал чороң жөнөдү.
Экөөнүн сырткы олпогу,
Буласы бурт деп бөлүнүп.
Көк телки менен Көк дөөнөн,
Жыгылчудай көрүнүп.
Кайра тарта беришип,
Кыя тартып чабышып.
Кылычты колго алышып,
Мына ошондо Гүлчоро.
Сур коён менен буратып,
Жетип келди Үмөткө.
Үмөтөй баатыр токто деп,
Сабырдын түбү сары алтын.
Урушпай алгын жылкыны,
Уятың барбы сенин деп.
Мына ошондо Гүлүстөн,
Канчорого кеп айтты.
Сан казакты Таласка,
Айдагын баатыр эми.
Үмөтөйгө согушка,
Мен калайын деги деп.
Арсыландай Гүлчоро,
Алкымды айдап Абыштай
Айдап келди бер жакын,
Теңин айдап Канчоро.
Мына ошондо Гүлчоро,
Жете келди Үмөткө.
Кана Үмөтөй не дейсиң,
Эселене келесиң
Элчиликке келбейсиң.
Ажалсыз өлүп кетесиң,
Деп Гүлүстөн айтты эми.
Мына ошондо Үмөтөй,
Атаңдын көрү калмак кул.
Жуудураган жуксуз кул,
Дили кара динсиз кул.
Коңурбайдын байынан,
Сенин атаң Алманбет.
Кордук көрүп келген дейт,
Сенин атаң Алманбет.
Сан казакка бата албай,
Сары аласын желген дейт.
Сары арканы ал таштап,
Манаска качып келген дейт.
Мыктысынба калмакка,
Мен айтайын билип ал,
Баатыр болсоң тилимди ал.
Манастын уулу Семетей,
Башкарса кыргыз элди дейт.
Калмакты чаап алдыңар,

Мындан соогат бербедиң.
Кытайды чаап алдыңар,
Мында соот ат бербедиң.
Бээжинди чаап алдыңар,
Менин атам кан Көкчө.
Кан майданда өлгөн дейт,
Манас менен Алманбет.
Бээжинге элди алып барып,
Берендин баарын өлтүргөн.
Ошол үчүн мен сага,
Айтып турган кебим бар.
Биринчи мага кун берсин,
Кан Көкчөнүн кунун дейм.
Экинчи мага мал берсин,
Бээжинден жылкы алганда.
Алманбет келип Көкчөдө,
Үч жылы жашап турган дейт.
Ошондо баккан атамды,
Ойлогун калмак эми сен.
Тай буурулду алып келсин,
Ак олпогун кийгизсин.
Анан тууган боломун,
Же болбосо кыргызды.
Алманга айдап коёмун,
Деп Үмөтөй күпүлдөп.
Гүлчорого сүйлөдү,
Мына ошондо Гүлүсүң.
Айтып турган жөнү бул,
Кан Көкчө уулу Үмөтөй
Рас кабылан Манас атабыз,
Бээжинди бузган ушундай.
Мына ошондо ойлочу,
Алты ай жатып атышып.
Ардактуу калаа Бээжинди,
Арсыландай кырк чоро.
Асманда Манас баш болуп,
Алган экен ошондо.
Кан майданы болгондо,
Калыкты бөлүп алмак экен.
Кандар согуш ачыптыр,
Он жолойдо Орук-кыр
Он маргада Бөрү көз,
Калдайдын каны Мурадыл.
Эр Эшен менен Бозкертик,
Нескара менен Суукара
Жойкара менен Карагул,
Киндиги жон Китен алп
Куйругу жоон Кутан алп,
Аттан күлүк Шыпшайдар.
Каратай уулу Каркабос,
Канча кытай улугу.
Кайнап мында келгенде,
Кан согушту Алмакем.
Кандарды бөлдү деп угам,
Алаке кандын алты уулу.
Алты канды бөлгөн дейт,
Эламан уулу Төштүктү
Катаган уулу Кошойду,
Айдаркан уулу Көкчөнү.
Атабек уулу Сынчыбек,
Эштен уулу Агышты.
Буудайык каны Музбурчак.
Бул алтоону бөлүптүр,
Алкымды тозуп турган деп.
Алмакем айтып ушундай,
Калган алты каныңды.
Орто Бээжин жердеген,
Ойрот элге коюптур.
Мекеден хан Кожом,
Медийнада Ак эшен.
Букардагы Кара кан,
Кең Үргөнчтө Акун кан.
Эрби таздын эр Үрбү,
Ушуларды бөлүптүр.
Мына ошондо Манаска,
Түпкү Бээжин калаадан.
Мөңүлүм деген желмогуз,
Өгүз менен келиптир

Алманбет-Чубак кош баатыр,
Ажыбай, Сыргак арыстандар.
Кырк чоросу бүт болуп,
Алтымыш күнү сайышып.
Айарды тоз-тоз кылганда,
Алиги кытай күчөптүр.
Эч кимдин алы жете албай,
Алар жаман жүдөптүр.
Мына ошондо Алма кеп айтып,
Ак куласын токунуп.
Айкөл Манас кабылан шер,
Атына Манас миниптир.
Согуш эми күчөптүр,
Алты күнү алышып.
Арсылан Манас атакем.
Бакалоорго калмакты,
Баатыр сайып кулатып.
Кымкуут түшкөн кезинде,
Алаке кандын алты уулу.
Алмакем баатыр жеткенче,
Сенин атаң Көкчөнү
Ажыратып алганча,
Башын кесип кетиптир.
Кан Коңурбай улуктун,
Башын кесип алганмын.
Ашкере баатыр сен болсоң,
Эмине үчүн барбайсың.
Атаңдын кегин албайсың,
Кан майданда киши өлдү.
Жеке сенин атаң Көкчө эмес,
Алманбет, Чубак эр өлдү.
Ажыбай, Сыргак дөө өлдү,
Айкөл Манас шер өлдү.
Бул эмине кебиң дейм,
Рас менин атам Алманбет.
Кара динден ак болду,
Келмек тили так болду.
Билип келди бириңди,
Меккеде султан дининди.
Сенин атаң эр болсо,
Эр Алмам кайдан кетсин дейм.
Эречише коюңуз,
Бөөдө өлүм болбостон.
Жылкыдагы казакты,
Эр Канчоро баш болуп.
Жылдырбай айдап келишет,
Кетирбеймин мен сени.
Кутулбайсың сен эми,
Астыма минген Сркоён.
Атымды таруу кыламын,
Арка билиш эл элек.
Аргымдын элин сен алгын,
Кан көтөрүп алалы
Баатыр Көкчө уулу деп.
Элге кабар салалы,
Күнү бүтсө нары өлөт
Күйүткө пенде бат көнөт,
Ажалы жетсе кары өлөт.
Азапка пенде бат көнөт,
Койгун дедим тилимди ал.
Деп Гүлүстөн түштү эми,
Астына түшүп Үмөтөй.
Акимдик кылган деди эми,
Мына ошондо Үмөтөй.
Рас айттың Гүлчоро,
Акылга дыйкан кең чоро.
Манастын уулу Семетей,
Бастырып мында келбесе.
Эминеге токтоймун
Береги турган Канчоро,
Жакебайдай казакты.
Жандай салып өткөнү,
Эсимден менин түк кетпейт.
Чубактын уулу бул эмне,
Камбар таздын Канчоро.
Кызыталак калмак кул,
Сен мени кызыл тил менен арбаба.
Мыкты болсоң келип көр деп,

Деп Үмөтөй күбүлдөп.
Качып жүргөн качкын деп,
Тозуп жүргөн тозгун деп.
Гүлчорону тилдеди,
Жылпы казак киргин деп.
Мына бу турган калмактын,
Башын кесип кеткин деп.
Токсон миң казак качырып,
Эр Гүлүстөн баланын
Тегиз курчап алды эми,
Көкчөлөп ураан салды эми.
Токсон найза бир тийсе,
Жан экен деп карабайт.
Кан майдандуу согушту,
Көргөн чоро эмеспи.
Көк жалдар менен сайышып,
Көнгөн чоро эмеспи.
Манас, Манас, Манастап,
Баатыр Гүлүс кайран эр.
Баарын айдап алды эми,
Көкчөлөп ураан бир салып.
Үмөтөй мээлеп келе атат,
Ак каңкынын кашы деп.
Качырып келип бир сайды,
Сур коён кандай жаныбар.
Жалдын үстүн жардырып,
Сайдарбай өтө берди эми.
Эр Үмөтөй кой деди,
Кой дегенге болбоду.
Ажалың жеткен казак кул,
Ак шайтан сени тороду.
Деп Гүлүстөн күлдү эми,
Манас, Манас, Манас деп.
Алмабашын үч ачып,
Сүр атмак бир салып.
Гүлүсүң жетип келди эми,
Өпкө менен колконун.
Турган жери тиги деп,
Жүз жанбай найза урду эми.
Экөөнүн сырткы олпогу,
Буласы бурт деп бөлүнүп.
Ат маты менен Гүлчоро,
Көтөрүп кармап турду эми.
Ажалың жетти казак деп,
Алып келип таштады.
Көкдө менен тешип Үмөтөй,
Көтөрүп кире урганда.
Өпкө боор колконун,
Арыстандай Гүлчоро.
Кошо сайып салыптыр,
Ат маты менен жан берип.
Казагың шашып калды эми,
Казактын баары жабыла.
Качып калды айылына,
Кабылан сындуу Гүлчоро
Эч кимиң качпа эми деп,
Өлтүрбөймүн сени деп.
Арыстанды чогултуп
Мына ошондо кабарга,
Сары таз, Бакай келиптир
Өлгөнүн мунун көргөн соң,
Семетейди алдырып.
Каны менен кошо алып,
Тайбуурулду коштотуп.
Алтымыш нарга бул жүктөп,
Абакем Бакай барыптыр.
Ак эркечке Каныкей,
Алы-жайын айтыптыр.
Тай буурул тартуу кылыптыр,
Казак-кыргыз бир тууган.
Капаланба эми деп,
Кайратын булар айтыптыр.
Кудайдын кылган иши деп,
Ак эрке байкуш ыйлаптыр.
Үмөтөйдү Семетей
Абдан жакшы коюптур,
Кайра Талас келиптир
Кабылан жатып калыптыр.

## «СЕЙТЕК» ЭПОСУНАН ҮЗҮНДҮ

Алманбет уулу Гүлчоро,
Арстан шерден  айрылып.
Ак-телкисин токунуп,
Алтын жандан чочунуп.
Сары хан сөөгүн жүктөтүп.
Алты миң жигит жанында,
Арстан Семең айылына.
Хан Бакайды ээрчитип.
Катыгүн абам  кана деп,
Айчүрөктүн ак ордо.
Алиги баатыр келди эми.
Атынан түшөт жанагы эр,
Айланайын аба деп.
Ала-Тоонун ургу,
Ураганда келдим мен.
Арыстан шердин баласы,
Сулаганда келдим мен.
Айланайын энеке.
Ак эмчегиң бергенсиң,
Ардактап багып мени сен.
Азамат кылып келгенсиң,
Абакемен айрылып.
Азабак түштүм эми мен.
Тай бурулду минчи элем,
Тартылбай жоого жүрчү элем.
Тан абам көзү барында,
Кайын жерде ким элем?
Кара кийбей Канчороң,
Кас душман болуп кетти эми.
Кабылан Бакай хан аба.
Сенин күнүң не болот.
Касиеттүү байбиче,
Эненин күнү не болот,
Кайра айланып чыгайын,
Канчоро итти өлтүрүп.
Канымды суудай чагайын,
Кайдан эми турамын,
Аттанып эми чыгайын.
Атаңдын көрү душманга,
Атышпай кантип тынайын.
Кашкарга мени жериген,
Каттуу кирип барайын.
Багыштын уулу Кыязга,
Качырып найза  сунайын.
Арстан абам айлынан.
Армансыз өлүм калайын.
Деп Гүлүстөн турганда
Каныкей туруп кеп айтат.
Кагылайын Гүлүсүм.
Кабылан сындуу жүрүшүң.
Хан абаң кайып болгону.
Сенин таалайың тайкы экенсиң.
Карыган энең Каныкей.
Кадамы кайтты дегениң.
Кандай айла кыласың,
Хан Бакай абам  айтпаса,
Кайда барсак батабыз.
Каран күн эми болгону,
Канчоро итке туш кылып.
Кабаны эми салганы,
Кандай болот билбедим.
Кайгыда Каныш кылганың,
Мына ошондо кеп айтат,
Абакең Бакай  жарыктык.
Каныкей менен Айчүрөк
Айтайын эми билип ал!
Арыстан балам Гүлүстөн,
Абакеңдин тилин ал,

Аттанып жалгыз барганда.
Кармашты кайтуу салганда,
Көрбөгөн жан арманда,
Колдон келбейт бул ишиң.
Көрүнө туруп сен өлсөң
Көрүнбөй абаң ал кетсе
Эр сактаган, эл өлбөйт
Эл сактаган, шер өлбөйт.
Койгун балам  Гүлчоро
Хан Манастын күмбөзгө.
Хан сарымы койолу.
Семетей эрдин ашы деп.
Айдап келип көп жылкы,
Жарды менен жалчыга.
Карып менен мискинге,
Камчыга ченеп бөлөлү.
Анан айтар акылым.
Кабылан баатыр жакыным.
Менин айткан кеңешим.
Билерман Каныш не дейсиң,
Деп хан Бакай айтты эми.
Кандай болсо макул деп,
Каныкей кабыл алды эми,
Алтымыш адам жиберип.
Хан  Сарынын мүрзөсүн.
Кайран чоро каздырып.
Эртең менен ал барып
Эр Гүлүстөн,  хан Бакай
Эми коюп кайтышып
Семетей менен Сарынын
Караанына калайык,
Алты жүз жылкы союшуп.
Жалпы куран окушуп
Жети күнгө толгондо,
Эр Гүлүстөн,  хан Бакай
Каныкей менен Айчүрөк
Кеңешке булар келишти.
Мына ошондо Айчүрөк
Айланайын кайнимсиң
Канкор Кыяз, Канчоро.
Колуна түшсөң соо койбойт
Өлбөй турган жан болбос.
Он эки жылга чыдагын.
Болор-болбос боюмда
Алты айлык бала бар.
Эркек болсо ошондо
Атасын тарткан эр болор
Он төрт атты тең алгын,
Алтымыш төө жүктөтүп.
Алтын, күмүш зер алгын,
Он эки хандын бирөөнө.
Арыстаным  барып жан сакта.
Он эки жылга толгондо,
Менден кабар сен алгын
Деп Айчүрөк айтканда.
Эр Гүлүстөн  кеп айтат,
Айланайын абаке,
Кагылайын энеке,
Жеңемин сөзүн уктуңар
Ахундун кызы Айчүрөк
Атаңдын көрү Кыязың
Абамдын үйүн бүктөтөр,
Жеңемди алып кеткенде
Он эки хандар хан кылар.
Кыраан жолборс Гүлчоро
Кантип качып кетти деп.
Кайда барып батамын,
Андан көрө душманга,
Атышып өчтү аламын
Деп Гүлүстөн болбоду
Абакең Бакай, Каныкей
Койгун балам антпегин
Сабырдын түбү сары алтын.
Санаңды бузба эми деп
Сандыргалуу хан Бакай
Сандашып акыл айтты эми,

Кароолчу  келди алыстан,
Кагылайын Гүлчоро,
Кайнап душман  келе атат
Oобанын белин эңкейип,
Эми түштү деди эми.
Он эки атты алдырып.
Алты жүз жигит жанында,
Алтымыш миң нарга артынды,
Каныкей артып берди эми
Ак шумкарды колго алып
Ак тайганды ээрчитип,
Арстандай Гүлүстөн,
Таласты өрдөп жөнөдү.
Кош коштошуп ыйлашып,
Каныкей, Бакай, Айчүрөк,
Акбала байкуш калды эми,
Баатыр чоро аттанып.
Кең Таластын башына
Эми чыгып барды эми
Барганда кайра батам деп
Баатыр токтоп жатты эми.
Алты күнү эс алып,
Арыстан бала Гүлчоро,
Эртең менен турду эми.
Алты жүздөй жигитке,
Алтын менен күмүштү
Арстандай Гүлчоро,
Камчыга ченеп бөлдү эми
Он эки атты агытып
Ак шумкар менен Ак тайган
Ал экөөнү агытып,
Кошкула балдар эми деп.
Коштошуп элге кеткиле
Өлбөсөм таап аламын
Жолуңар менен жүргүлө.
Жан адамга айтпа деп.
Эр Гүлүстөн коштошуп
Эр жигиттер кейишти.
Мына ошондо Гүлчоро,
Кара зоонун башына,
Кабылан чоро чыкты эми.
Акыр өлгөн баатыр деп,
Арстан шерден айрылып.
Кайсы жакка барам деп,
Кайран чоро чоң зоодон,
Сууну карай кулады
Агымы катуу зор дайра.
Гүлүстөн келип түштү эми,
Эми өлдүм дегени,
Арыстан көзүн ачканда.
Агып жүрүп отуруп,
Айкөл Манас баатырдын,
Күмбөзүнүн жанынан
Арыстан аман чыкканы,
Тегерегин карасаң,
Тегиз душман жатыптыр.
Адам көрөт деп ойлоп,
Акылман Бакай отурчу.
Жазды, күздү ыштыка
Алтымыш саба, кырк чанач,
Кадымкидей басуучу,
Арыстан басып кирди эми
Олуя чалыш абай туу,
Ал ыштыка бата албай
Бир саны чыгып калды
Атаңдын көрү Канчоро
Жети күнү чалыптыр
Гүлчоронун изине,
Бекем түшүп алыптыр,
Жети жүздөй кол менен
Жете келди артынан
Жетимиш жигит түштү эми
Канчоро, Кыяз келишти
Кабылан шерди көрүштү
Тартып чыккын эми деп.
Кыяз памыр  берди эми,

Мына ошондо жигиттер.
Жетип  адам чорону
Канчоро баштап ыштыктан
Араң сууруп алышты
Кара болот айбалта,
Гүлүстөн колго алды эми
Он алтыдай жигитти
Көмө чаап салды эми.
Канчородой чочкону,
Көтөрүп жерге урду эми.
Алтымыштай жигитти,
Айбалта менен сойдоду,
Аңгыча Кыяз жетти,
Арстан эрдин мойнуна.
Чалма салып өттү эми.
Кара болот айбалта,
Кан Кыязга туштады,
Оң далыга балык эт,
Оркойто коюп өттү эми.
Канчоро жатат тура албай
Оң ийин сынган ушундай.
Жети миң адам жабылып.
Жети күнү эрдүү жыгышты,
Кийим тонун чечишти
Колунун артына байлашты
Айчүрөктүн көп колу
Эми келип калышты
Кыяз анда шыбырап
Канчорого айтты эми.
Оң далынын балык эт
Эми кесип алгын деп,
Кыяз камир берди эми,
Сол колу менен  Канчоро
Арслан Гүлүс баланын,
Далысын кесип алды эми.
Алтактай болгон балык эт
Алыс кесип таштады
Мына ошондо Гүлчоро
Күлүп койду жаңыдан.
Кудайга койдум тузу кор.
Өлбөсөм  сендик болормун
Оң колумду байлап кой
Сол колум менен Канчоро
Кел күрөшүп мени жык.
Сенин ушул ишиңди.
Өлбөсөм келсем Таласка
Көрүнөрмүн көзүңө
Деп Гүлүстөн күүлөнөт.
Анан колго болбоду
Боз жорго минип Айчүрөк.
Жете келди жанына
Караналап чорону,
Баатыр Кыяз  соо кайт деп
Ажыратып алды эми.
Боз жорго мингизет.
Шору катуу байкуш деп.
Жеңилишин билгизип.
Кайрылып барат Гүлчоро.
Кайылда  болот  Айчүрөк
Кайнаган аргымак кир,
Аман болсо Гүлчоро
Элге калар белгиси деп.
Эси болсо Гүлчоро
Бир акылын табар деп.
Айланайын Гүлчоро,
Аман болсо экен деп.
Калың кыргыз кайышпайт
Калайык журту жайылат,
Акылмандай Гүлүстөн
Аман болоор бекен деп.
Жети миң түтүн көп кыргыз
Жергеси сенин бараттат,
Жетимиш шердин келиши,
Каба болуп  келатат.
Жетимиш күнү жол жүрсө,
Анан калча болбоду.

Боз жорго менен Айчүрөк,
Жете келди жанына,
Карап коюп чорону.
Баатыр Кыяз соо кой деп.
Ажыратып алды эми,
Боз жоргого мингизип.
Шору катуу байкуш деп,
Жеңелигин билгизип.
Кармалып барат Гүлчоро,
Кайгыда барат Айчүрөк.
Кайнаган аргын эл келер,
Аман болсо Гүлчоро,
Элге кошор бекем деп
Эсен болсо Гүлчоро,
Бир акылын табар деп.
Айланайын Гүлчоро,
Аман болсо экен деп
Калың кыргыз калк ыйлайт.
Калайык журт жалпы ыйлайт,
Арыстандай Гүлүстөн
Аман болор бекен деп
Жети миң түтүн көп кыргыз,
Жергеси менен баратат,
Жеткилең шердин калаанын,
Каба болуп келе атат
Жетимиш күнү жол жүрсө,
Талыбаган Гүлчоро,
Жеткилең шердин  далайын.
Кайсап келгин Гүлчоро,
Кайран чоро  туткунда,
Жети күнү жол басып.
Хан Манастын жылкысы
Жата турган Жети-Суу.
Гүлчоронун жылкысы
Алкым жакын ээлеген,
Семетейдин жылкысы,
Орто жылкы ээлеген.
Сары хандын жылкысы.
Башкы жыкын ээлеген
Хан Бакайдын жылкысы,
Түрө жакын ээлеген
Канчоронун жылкысы
Буткул жакын ээлеген
Жамгырчынын жылкысы
Жакар жакын ээлеген,
Эр Манастан көп жылкы,
Ушул жерди жердеген,
Мына ошого келди эми
Жети миң экен жылкысы
Көрүп алып жөнөдү,
Жана жети күн жүрүп.
Жеткай тоого келгенде.
Мына ушул  жерге деп,
Жылкынын баарын таштады.
Жылкычы башчы Токто сарт
Сен башкаргын эми дейт
Гүлчорону ушул жерге
Жылкычыга беришти
Күндө үч убак саба деп.
Он эки окту далыга,
Ойнок болуп салгын деп.
Токто сартка таштады.
Арыстан бала Гүлүстөн
Азамат калды бейбайда,
Айчүрөк кетти коштошуп.
Кабар алып тургун деп.
Кайран жеңең болукшуп.
Кандай заман болот деп.
Гүлчоро калды бейбайда.
Хан Ахундун Айчүрөк
Кайгырып ыйлап ал кеттиң
Кабылан баатыр Гүлчоро,
Кайдагы бир адамдын,
Отун алып, суу куюп,
Ойрон чоро калды эми,
Буларды мындай жаштаңар.

Каныкей, Бакай, Акбала
Булардан кабар алыңар
Кара ниет Канчоро
Ордого келди жаңыдан.
Хан Бакайга кеп айтып.
Олуяттын хан Бакай
Ойлоп айтам эми деп
Чачыкейди аламын.
Семейтейдин ордосун.
Ордо кылып аламын.
Таластын башын бурамын.
Хан Семетей ордуна
Кандык кылып турамын
Үч-Кошой менен Кызыл-Таш
Жерди Бакай бересиң.
Калың аргын, көп кыргыз
Элди Бакай бересиң
Сары тазды жайладым.
Санаамды бир аз айтамын.
Жамгырчы ханды колума,
Отунчу кылып аламын.
Каныкей кемпирди.
Музоочу кылып коёмун,
Хан Манастын зайыбын,
Как ошентип коёмун.
Алдыңдан Көкчолок
Атты Бакай бересиң,
Жамгырыңдын Жайдак сур,
Сары хандын Көк тулпар,
Аттарды алдым жаңыдан.
Он эки атты Гүлчоро,
Орто Кеңкол башына
Агыткан экен калмагың.
Аны таап алдым мен.
Мына ошондо хан Бакай
Канчоро баатыр хан болдуң.
Эми сен калайыкка тең болгун.
Чоң атакең Акбалта
Хан болгондо чоңойгом.
Калыстыкка сен келсең.
Менин тилим сен алсаң
Алсаң алгын чачымды
Талашым жок мен анда.
Бирок өзүң байкагын
Каныкей сенин энекең.
Эмне берип бакпады
Каныкей менен Бакайды
Жакшы баккын сен эми
Чачыкейди сыйласаң
Арыстан Манас баатырдын
Арбагына мал сойгун.
Ак батасын Каныштын
Алып койгун сен эми.
Эр Чубак тилим алчу эле
Абакелеп калчы эле.
Арам заада куу пейил.
Артыкча болдуң сен эми,
Хан абаңды сулаттың.
Жан жолдошуң Гүлүстү,
Кармап алып далысын.
Кай беттиң менен ураттың,
Айчүрөктү алып берген деп.
Атасы башка душманча,
Сан жылкыны тийдиң сен.
Сандыргалуу кыргызды,
Кай бетиң менен саттың сен,
Сары ханды көзгө аттың.
Санагандай болдуң сен.
Саламат койсо өлүмдөн,
Көрүшөрмүн сени мен.
Каңылдаган Канчоро,
Карматып келдиң сен мени.
Кай жериңен жаздым мен.
Калмакка барса бир барган
Кайгулдан жылкы бир алган.
Тай-кунандай тебишкен

Каныкейдин эмчегин
Талашып бирге эмишкен.
Эгиз козу түгөйүң
Түгөйүң берип душманга
Канткенде пейлиң берилген.
 Манастын уулу  Семетей
Шайдалган эр эле
Кызыталак тузу кор.
Сени эмне кылып бакпады
Бараңды берди аткызды
Мамакты берди жаткызды
Сулууну берди алдырды
Шумкарын берди салдырды
Эрине тартып эр кылды.
Эр уулу менен тең кылды
Кай жериңен кем кылды.
Турпан ханы Турумбек
Турумбектин турганы
Айдай сулуу киши эле.
Алып берди кудалап.
Кай жериңен жаздык биз.
Кайра каяша айткандай,
Менин сөзүм ук эми.
Каныкей менен Бакайды,
Акбала менен Канайым.
Биз төртөөбүз туткунда,
Өзүбүзчө бололу,
Кызыл ташка конолу,
Кайран калган сан дүйнө.
Бизге азыр жетишет.
Өзүнчө оокат кылалы
Канайымды бошоткун,
Кара кийип отурса,
Караматып мында келесиң
Кай бетиң бар сен акмак,
Сага окшогон акмакка,
Кудай берсе тилекти,
Курутабыз жүрөктү.
Аллам берсе тилекти,
Айтамын сендей акмакка,
Айтышамын жүрөмүн,
Ажалым жетип өлбөсөм.
Мен тилекке жетемин.
Төрт күл санга жай болбойт.
Кара ниет Канчоро,
Кандай кылсаң алай кыл.
Карыган Бакай кары өлбөйт,
Кагылайын Гүлүсүм.
Кайра айланып келеби,
Кара ниет Канчоро,
Азабын колго береби.
Сен айткан сөзүңө.
Карыган Бакай көнө албайт.
Жанган отту көк буудан,
Атып түшүп бере албайт.
Хан экениң чын болсо,
Жарлык кылчы угайын.
Жараткандын буйругу,
Эмне болсо чыдайын.
Деп хан Бакай айтканда
Канчоро ханың сүйлөдү,
Арсыз Бакай карысың,
Азабың тартып карырсың.
Менин айткан тилимен,
Кайсы  кыргыз чыгыптыр,
Алтын жигит келди эми.
Каныкей менен Бакайды,
Токмоктомок болду эми.
Мына ошондо Канайым.
Канчоро баатыр хан болдуң,
Энекем менен абама ,
Кандай адам катылат.
Касиеттүү кишилер,
Кай жеринен жазышты.
Алтымышың  кааласаң.
Аялда болсо мен мына,

Аттанып көр Канчоро.
Ичи бузук ит чоро,
Көк теңирди мага бергин
Качырышып көрөлү.
Бир беттешип өлөлү,
Баатыр болсоң кел эми.
Майданга чык көрөлү
Гүлүстөндүн Ак телки,
Ак-балага бересиң,
Айтамын эми көрөлү,
Абакең Бакай, эне үчүн
Курман болуп өлөлү.
Курган жанды түрүүдө.
Алып жүрүп нетели.
Сен өңдөгөн тузу кор
Кордугун тирүү көргөнчө.
Арданып жашып өлөлү.
Карма кулду, байла деп.
Хан Бакай үндү салганда,
Кармай алып жакадан,
Хандын мыкты кызы экен.
Кан айым кирди урушка
Алтымышың жеңекең
Ар кайсы жерге сулашты.
Кара болот айбалта
Кандай салып сабалап,
Акбала кирди четинен,
Жети миң адам болобу,
Канчоро кулдун көп аскер
Он айланып алды эми.
Ойрон эки келинди,
Баатырдыгын көрдү эми,
Төрт түлүктүн төмөн жагына
Келиндер айдап келди эми.
Колума мыкты ат тийбей,
Акбала жайдак миниптир.
Абакеңдин көк чолок,
Канайым жайдак миниптир.
Акылмайдын ар кызым,
Күнү-түнү салышып келиндер
Келиндер бербей жашынат.
Каныкей, Бакай баш болуп
Кароол карап турушат.
Канчоро баштай он миңдей.
Жана каптап кирди эми.
Көп жаткайдан калган эл
Дагы жайнап ордону,
Он эки курчап алды эми,
Келиндер ыйлап болукшуп.
Абакең Бакай, Каныкей.
Он эки күнчө ордону
Булар бербей турушту,
Бетине келсе атышып.
Берендер жатты катышып,
Ок дарылар түгөндү.
Ойрон мыкты келиндер,
Ошентип чыдап жүрүштү.
Он беш күнгө толгондо.
Канчоронун көп колу,
Ордого басып кириштi.
Хан Бакай менен Каныкей
Акбала менен Канайым,
Канчоронун аскери.
Канчоро ханга ал барды.
Мына ошондо Канчоро.
Канайымды жайлады.
Бакай менен Каныкей.
Сенин ишиң ушу деп.
Карыганда хан Бакай,
Төө кайтарып калды эми.
Атка минбей абакем.
Жөө кайтарып калды эми.
Кайран энең Каныкей,
Музоочу болду ойгутка,
Өз эмчегин эмген кул,
Эмгекке мындай салганы

Эки энеге тең эмген.
Эки музоо кайтарат.
Жана эки түйдөктөн,
Жип ийрийт Чачыкей,
Кечке маал келгенде.
Арамзаада Канчоро,
Бакай менен Канышты,
Калмактарга бийлетип.
Мына көргүн кордукту,
Абакең Бакай, энекең,
Канчоронун кордугун.
Кайран эрлер көрүштү
Гүлчоронун Акбала
Казан-аяк кармаган.
Канчорого күң болду.
Бир күнү туруп Ак бала
Канчорого жүгүнүп.
Хан абаке улуксат,
Берсең боло мага ырай.
Анда туруп Канчоро,
Семетейдин көп кою.
Кандай төлдөп жатканын
Мал эсебин аласың,
Малчыларга барасың,
Деп Канчоро ат берди.
Акбала кетти сүйүнүп
Каныкей менен Бакайды
Кайра келип басты эми.
Булар мындай таштаңар.
Гүлүс менен Чүрөктөн,
Эми кабар алыңар.
Ахундун кызы Айчүрөк.
Хан Кыязга кармалып.
Кайран жеңең келди эми.
Жедигер деген эл экен,
Жаткай деген жер экен.
Хан Кыяздын ошондо.
Жети аялы бар экен.
Бооз катын келди деп.
Бир кооз катын келди деп,
Жети миң түтүн көп кыргыз.
Жети айлана чүрөктү.
Жетип конуп алды эми.
Мына ошондо көп кыргыз.
Аман Чүрөк төрөсө.
Жылкынуу Кең-Кол чоң Талас.
Жерге жетип өлсөк деп.
Көксөп турган убагы.
Жедигердин чоң Кыяз.
Ааламга кетти кабары.
Үч ай өтүп жыл болуп.
Сенин жеңең Чүрөккө.
Толго келди жаңыдан.
Мына перинин кызы бей таалай
Мунун билгичтиги бир далай.
Мына ошондо Айчүрөк.
Кызыталак бул Кыяз.
Кылгылыкты кылбысын.
Деп ойлонуп жеңекең.
Толгосун эми жандырып.
Кайра тогуз ай болсун.
Өз баласы эми деп,
Эл айткандай кылайын.
Деп жеңекең ойлонуп.
Кайра тогуз ай болуп.
Толго жаңы киргенде.
Баатыр Кыяз баш болуп.
Жети-Суу элин чакырды,
Менин алган зайыбым.
Уктар эмес төрөбөй.
Кимде кимиң ушуну,
Аман-эсен төрөтсөң.
Анан анын баласын.
Бул дүйнөдөн жок кылса
Каалаганын беремин.
Деген жерин айтканда.

Жети кемпир жер мастан,
Элден чыкты бөлүнүп.
Өзүнүзгө айтабыз.
Анча-мынча арманды.
Деп чогулуп барышты,
Биздин айткан арман бар.
Ага бир баатыр макул де.
Биз баланы өлтүрүп.
Өз колуңа беребиз,
Макул десең падыша.
Он бештеги балдардан.
Алып бергин барабыз
Деген сөзгө эр Кыяз
Макул болуп келди эми
Айтты кемпир мастаның.
Алыс жолду басканың,
Жанына жигит алганы.
Айчүрөктүн ордого
Салган бойдон барганы.
Мына ошондо жеңекең.
Айласы кетип калганы.
Ар ким эле көзүнө.
Жан тотудай көрүндү,
Кемпирлер жүрөт кедеңдеп.
Чүрөктү мактап эбиреп.
Ойрон жеңең Айчүрөк.
Алты күнү толготкон.
Кыргыздан келген бир киши.
Бышалак сары күңү бар.
Ошо бир жакта бирөөнө бир жакта.
Аман кайтар бекен деп.
Калың кыргыз урматта,
Түн ортосу оогондо,
Алты күнү уктабай.
Жүргөн киши ойлонуп.
Азырак уктап келгени.
Сары күңгө кеп айтып.
Көзүңдү ачып кара деп.
Үйүн көздөй кеткени.
Азыраак уктап калганы.
Таңга жакын ойгонуп.
Жетип мында барганы.
Келиндин аты Алтынчач.
Алтынчач үйгө киргенде.
Алтын бакан бек кармап.
Айчүрөк турат үргүлөп.
Балтыр бешик баласы.
Жети кемпир алыптыр.
Босогого барыптыр.
Орду казып баланы,
Өлтүргөнү жатканын.
Келин көрө койду эми.
Жетип келип Чүрөккө,
Катүгүн жеңе эл кайда,
Кайдагы мастан келгени.
Бала кана дегенде
Көзүн Чүрөк ачты эми.
Таң атарда төрөгөн.
Төрөгөндө кемпирлер
Кырк жылкы таптың Чүрөк деп.
Кана деп мына ошондо жеңекең
Керилген Кең-Кол жер калды
Кениксиз кыргыз эл калды.
Кейиш тартып тамшанып.
Кемиги каткан уул калды,
Деп жеңекең ойлонуп.
Эстен танып кетиптир.
Алтынчач келип айтканда
Чүрөк жүрөт секирип,
Бала уктап калыптыр.
Кемпирлерге жеңекең.
Жетип келип калганы.
Кылыч менен баланын
Башын алган жатканын,
Көрө калып Айчүрөк,

Кемпирди келет жетелеп.
Керегенин оозуна,
Башы калды тыгылып.
Дагы бирин тепти эле.
Ал дагы калды жыгылып.
Кемпирлер кетти кедеңдеп.
Баласын алып Айчүрөк.
Бышалакты ойготуп.
Суу жылытып, баланы
Кайран келин киринтип,
Оозуна майды салганы,
Бир карынды жалмады.
Үч карын менен оозантып.
Ахундун кызы Чүрөктү
Табалап суугa алдым эми.
Аруу кийим кийгизип.
Алтын үрзү керебет
Алып келип жаткызды.
Кемпирлер барды ханына,
Бир көк жал бала тууду деп.
Кайнардын кара көзүндөй
Көк чынардын өзүндөй.
Оң колуна ал бала,
Май чеңкелдеп түштү деп.
Аман-эсен чоңойсо,
Алааматты салчудай,
Жети ханды жедигер.
Бүтүн айдап Таласка.
Жалгыз өзү барчудай
Уу-тукуму,  уу-болот
Муну Кыяз өлтүргүн.
Өлтүрбөсөң иш болбойт
Биз ыразы ишиңе
Деп кемпирлер тарашты.
Мына ошондо зор Кыяз
Ачуусу келип абыдан.
Атаңдын көрү дүнүйө.
Бул Манастын келинин.
Учканын жума ким билген.
Кандай кылсам деп ойлоп.
Акылды Кыяз көп ойлоп
Семетейдин ордого
Жакындап келип калды эми.
Мына ошондо жеңекең
Жети сан элди бийлеген.
Жеткилең катын эмеспи.
Баатыр Кыяз келгенде.
Келгин баатыр эми деп.
Орунду жеңем көрсөттү.
Атаңдын көрү зор Кыяз
Улама койсом башыңа
Укумчу койсом жаныңа
Баарын сабап турасың.
Ар каганда бир каган.
Ушунуңду койбойсуң.
Деп ошентип кан Кыяз
Ахундун кызы Чүрөктү
Сулпукар менен чабарда.
Жеңең өтө берди эми.
Кайра айланып чабарда
Баланы таштап жеңекең
Асманга учуп чыкты эми.
Торгой болуп түндүктө.
Кана баатыр Кыяз дейт.
Мыкты болсоң баланы.
Өлтүрүп көр эми дейт
Ак куу болуп учбасам.
Айланамды сызбасам.
Алты күндө мен келип
Айлыңды чаап албасам.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана сызбасам.
Төрө Кыяз сен болсоң.
Как төбөңдөн баспасам.
Төрт түлүгүң чачбасам.
Кандай болот экени.

Как өзүңүн көзүңө.
Көрсөтөйүн эми мен.
Баатыр болсоң сен Кыяз.
Башташып көр эми деп.
Кайран жеңең айтты эми.
Мына ошондо эр Кыяз
Уламадан укканын
Акундун кызы бей талай
Ак куу болуп учкан деп.
Ай ааламды сызган деп.
Балакетти салбасын
Башка жактан эр тапса
Башты кесип албасам.
Бул бейбактын амалын.
Башынан билем кабарын
Анда эмне болот деп.
Айласы кетти Кыяздын
Тамашалап кеп айтсам.
Таарынасың Айчүрөк
Ойноп келип кеп айтсам.
Оолукпагын жөнү жок
Деп ошентет эр Кыяз
Эшике чыгып жөнөдү.
Мына ошондо Айчүрөк.
Көзүнөн тамчы төгүлүп.
Учуп  келип жеңеңин.
Алтын үргү керебет.
Келип жеңең жыгылды.
Атаганат дүнүйө.
Арстан шерим бар болсо.
Айчүрөк минтип жүрөр деп.
Алтымыш атты байлатып
Алтымыш  кожо кырк элим.
Тегеректеп турбайбы.
Кызыталак бул Кыяз,
Душмандыгын кылды деп.
Айкөлүм Семем бар болсо.
Чүрөгүм мындай болду деп.
Алтымыш буудан кырк тулпар.
Босогомо байламак,
Аргын кыргыз аралаш
Сүйүнчү кетмек далайга.
Уккан менен көргөнгө.
Кошоматчыл элдерге.
Чүрөгүм эркек тапты деп.
Калк чогулуп мал союп
Таласка жетсе кабарым.
Карыган Бакай сүйүнөр.
Каныкей менен Акбала
Кайраттанып жүрүшөр
Байкуш Гүлүс укканда
Хан абасы Семетей.
Тирилгендей болорсуң
Оң далыңдын жарасы
Айыккандай болорсуң.
Ойноп Талас жатканда
Ойюңа түшөр ушулар.
Деп жеңекең ойлонуп
Көзү шишип кетиптир.
Алтынчач менен Аманбай .
Үйгө кирип келишип.
Айланайын жеңеке
Бешик бооңуз бек болсун.
Туткунда жүргөн бизди эми.
Бир кубанттың жеңеке,
Аксар башыл бир ирик,
Алып келип бул жерге,
Капыр Кыяз көрбөсүн.
Кароолчу көрүп коёт деп.
Кайран жүрөк чочуду,
Кана эмесе соёлу
Деп Аманбай аттанды.
Болуптур баатыр эми деп.
Кайран Чүрөк турду эми.
Жаратканга жалынып.
Баатыр Манас арбагы

Колдогун деп ашыгып
Аксар башыл союлуп.
Калың туткун көп кыргыз
Түшүнө мал союп.
Аман-эсен чоңойсо,
Элди табат экенбиз,
Касиеттүү чоң Талас,
Жерди табат экенбиз.
Деп ошентип жатканда
Атаңдын көрү көр Кыяз.
Мунун баласын кандай өлтүрөм.
Деп ойлонуп жатканы.
Жети күнгө толсун деп,
Жети сууну бойлорун.
Бүт чыкырып алайын
Калбай мында кел дейин.
Малдан тогуз соёюн.
Алтымыш метр кызыл так.
Төбөсүнө мен барып,
Баланы таштап ийейин.
Кара ташка бир тийип.
Мээсин жарып салайын.
Деп ойлонуп хан Кыяз
Жети күнү жатты эми.
Жети күнгө толгондо
Айчүрөктүн ордого.
Баатыр Кыяз келди эми.
Ахундун кызы Айчүрөк,
Жеткайды бүтүн чакырдым.
Балама тойду берели.
Ат койдуруп алалы.
Деген кезде жеңекең
Баатыр Кыяз ханыбыз.
Биздей карып кишини.
Эсиңизге алдыңыз,
Айтканыңыз рас иш.
Ат койдуруп алыңыз.
Ошол болчу көөнүмдө.
Мен да кошо барайын
Тамак-ашты камдайын.
Анда Кыяз кеп айтат
Тамак ашты мен эми.
Киши койдум дайындап.
Барам десең барып кел,
Баланы мага бергин сен.
Анда Чүрөк кеп айтат.
Ат коёр жерге барганда
Арстаным сага беремин.
Эртеңге сабыр кыл деди.
Эртең келип жедигер.
Кайры-жашы тойго деп,
Кайран кыргыз айтканы,
Жети миң түтүн көп кыргыз.
Кели-кызын жеңекең,
Жалпы алды чогултуп.
Мына ошондо эртеси.
Баатыр Кыяз хан келди.
Көтөрүп алып баланы.
Кайран Кыяз жөнөдү.
Сенин жеңең Айчүрөк.
Кыз кезинде кийүүчү.
Кыз кийимин кийиптир
Сөкүлөсүн жашынып.
Отуз келин кырк кызды.
Ээрчитип кошо жөнөдү
Башында муну көрбөгөн
Баатыр Кыяз таң калып.
Адамга боюн салбаган.
Ахундун кызы бей таалай
Аны айтып күлдүрүп
Муну айтып Кыязгы.
Алаксытып отуруп.
Алтын тактан өткөзүп.
Калк ичине келди эми.
Мына ошондо жедигер
Тамак жешип жатыптыр

Ахундун кызы Айчүрөктү
Көргөн адам бар экен.
Көрбөгөн адам бар экен.
Ургаачыдан  ушундай
Укмуштуу сулуу болобу.
Кайдан келген катын деп.
Калайык карап калыптыр.
Эт тууураган жигиттер
Эстен танып калыптыр.
Кынамы жорго кыл торго.
Кытай торгун көк-жашыл
Кызык уруу киймин кейиген.
Бели кындай бети айдай
Мелтиреген бей таалай
Эттин бары кан болуп
Тамак ичпей жедигер.
Талып карап калышты
Мына ошондо чоң Кыяз.
Жедигер сага не болду
Астыңа койгон тамакты
Ашынбай жегин деди эми,
Бул Кыяздан корккондор.
Наны менен эт жешип
Тамакты ичип болгондо,
Баатыр эрдин баласын.
Кайран Кыяз алды эми.
Кана журтум не дейсиң
Мына турган балама
Ат коюп бергин дегеним
Жакшылап атты койгонго
Аябаймын ашты мен.
Желини карыш бээ берем.
Жетелетип  төө берем.
Алтын-күмүш зер берем.
Аманат жаным барында
Каалаганым да берем.
Деп ошентип калганда
Аксакалдар жер карап
Ким деген адам ант коёт
Деген сөзгө келгенде
Ак сакалдар караштты
Көк сакалдын барысын.
Көк сакалдар карашчу
Асыл таштан эмеспи.
Акыл жаштан эмеспи.
Балдар айтар бекен деп
Жаш балдардын баарысы,
Бирден качып тараштты.
Жан адам айтпай турганда
Күн батыш жак четинен
Көк эшек минген бир адам.
Көрүнө чыгып келди эми.
Арстан Кыяз сенсиңби.
Сен да ушундай эрсиңби.
Жоомарттыгың бар болсо
Тоо тору менен Ак тулпар.
Мага баатыр сен берсең
Мен коёмун атты дейт.
Көңүлүңө сен алба
Көпкөн Кыяз сен баатыр.
Көп жарытып сен калба
Адилет Кыяз сен болсоң.
Кырк чилтен кайып мен болом.
Эскертип айтып өзүңө.
Эми Кыяз угуп тур
Колуңда турган баланын.
Теги жайын менден ук.
Менден уксаң  билип ук.
Бул баланын тарыхын
Мен айтайын сен да ук.
Түпкү атасы Бөйөн хан.
Андан тууган Чаян хан.
Андан тууган Кара хан
Карахандан тараган.
Андан тууган Ороз хан
Ороз хандан Нокой хан.

Нокой хандан хан Жакып.
Хан Жакыптан тараган.
Кабылан Манас атасы.
Сөзүмдүн болбойт катасы
Хан Манастан Семетей
Кайып болгон чамасы
Андан туулган бул бала
Атын Сейтек коёмун.
Күрөшкөнүн жыксын дейм.
Күбүргө башын тыксын дейм
Алышканын жыксын дейм.
Аңгекке башын тыксын дейт.
Беттешкенин алсын дейт.
Берен атка консун дейм.
Менден уктуң кабарды.
Билсең Кыяз кеп ушу
Айтып кел деп жиберген.
Алла таалам  шарт ушу
Деп ошентип айтканы.
Калайыктын баары калдайып.
Карап калды таң калып
Сайрап турган абышка.
Көздөн кайып болду эми.
Колундагы баланы
Ыргытып ийди эр Кыяз
Жанында турган Айчүрөк.
Көтөрүп алып жөнөдү
Жети миң түтүн, көп кыргыз
Ээрчип алып жөнөдү
Манас,  Манас деп.
Кудурет бизге берди деп.
Көп кыргыз чогу келе атат
Семетейдин ордого
Жалпы кирип келди эми.
Алты жылкы  Ак боз бээ.
Ай туякка келди эми
Аты Сейтек коюлуп
Жаратканга жалынып
Жатып калды көп кыргыз
Баласы минтип табылып
Хан Семетей келгендей.
Калк чогулду ордого.
Баабединге мал союп
Бардык кыргыз чогулуп.
Алтын бешик жоо салып
Аты Сейтек аталып.
Жума күнү төрөлүп
Ак бешике бөлөнүп.
Манастын уулу Семетей
Семетейдин уулу эр Сейтек
Аман эсен чоңойсо
Эми табат элин деп.
Жылкылуу Кең-Кол, чоң Талас
Жерин табар эми деп.
Ак карлуу бийик Кыядан.
Жалгыз чыккан уядан.
Жараткан берсе тилекти.
Жерге барат экенбиз
Калың кыргыз ак калпак
Элге барат экенбиз.
Деп ошентип калайык
Ак боз бээнин этинен.
Жеп келгендер айтышты.
Мына ошентип эр Сейтек
Энесинин жолунда
Мына ошондо эр Кыяз
Көңүлү кетип бөлөнүп.
Санаасы санга төгүлүп,
Семетей уулу Сейтекти.
Өлтүрмөккө көрүнүп
Күнү кечке толгондо.
Кырк  жигитиң эр жетип.
Айчүрөктүн ордодо.
Муну билип жеңекең
Хан Кыязды коноктоп.
Элдин алды жатканда.

Ала качып баласын.
Башка жака бактырат.
Жети эжеси бар экен.
Перин кызы бей таалай
Билгичтиги бир далай.
Асман менен учуптур
Жан адамга билгизбей
Жан кишиге туйгузбай
Алып жүрүп бакты эми.
Жыл маалына толгондо,
Бала таман басканча.
Түн ичинде баланы
Өлтүрдүм деп эр Кыяз
А дагы келе жатып бек уктап
Эртең менен караса.
Бул ажайып тамаша
Бала тургай секирип
Түн ичинде эр Кыяз
Мууздадым деп ойлойт
Эртең менен турганда
Баатыр Сейтек таптаза.
Муну көрүп кор Кыяз
Атаңдын көрү дүнүйө
Эмне кылсам деп ойлойт.
Эч айласын таба албай
Кайран Кыяз кетти эми.
Манастын калаган тукуму.
Касташкан душманга
Кайран бала чоңойсо.
Эсебин табар эми деп.
Элдин баары кеп кылат.
Мына ошондо эр Сейтек.
Энесинин доорунда.
Эркин басып чоңойду
Чоң Таласка жетсек деп.
Калайык сыйлап жайына.
Мына ошондо Айчүрөк
Элине кабар айтты эми.
Эч ким капа болбосун.
Кеми келсе бир элге
Менден келип алсын де.
Деп ошентип айттырып
Эр Сейтектин үстүнөн
Жетим менен жеңеңе.
Садагасын бериптир
Элине кайры мол болуп.
Эр Манастын тукуму
Эр жетсе деп эл тилейт
Эрте жетип Таласына.
Өлсөк деген адам көп.
Эр Семетейдин тукуму
Эркелетип Айчүрөк
Эми турат баласын.
Кан тукуму чоңойсо
Кайрыларбыз деп ойлоп.
Бек баатырдын тукуму.
Бергендер келер эми деп.
Семетей уулу эр Сейтек.
Аман-эсен чоңойсо.
Арстан бала жатканда.
Мына ошондо Гүлчоро
Оюн алып от жагып.
Бир күнү барып Гүлүстөн.
Кырк кулачтуу арканга
Отун алып отуруп
Көтөрөйүн деп жатса.
Уркуюп келип бир киши.
Уй башындай бир дүмүрү
Оң далынын чырагы
Ойрон чоро ордунан
Отура калды кыйналып
Көзүнөн  жашын төгүлтүп
Көк жал ыйлап отуруп.
Арстан уктап калганы
Бир адамга жолукпай
Мени кандай кыйнады.

Деп Гүлчоро жатканда.
Бир убакта капыстан.
Уйку соонун ортосу.
Уктап жатса Гүлчоро
Айланайын Гүлүсүм
Көзүңдү ачып кеп уккун
Сүйүнчү баатыр сүйүнчү
Кудурет бизге берген бейм
Сенин жеңең Айчүрөк.
Белин бекем бууптур
Жыйырма төрт ай кош деди
Жеңекең эркек тууптур
Атын Сейтек коюптур
Аттанып барып келсеңчи.
Жеңең менен иниңдин
Жүзүн байкуш көрсөңчү
Уруксат алып барсаңчы
Бир кумардан кансаңчы.
Көзүн ачса Гүлүстөн
Ак-шумкары колунда
Ак тайганы жанында.
Суркоёнду миниптпр.
Хан Семетей абасы
Кайып болуп жүрүптүр
Калың кара токойго
Кабылан кирип барганда.
Абакелеп кыйкырып
Эр Гүлчоро жыгылып,
Арстан тура калганы
Манас, Манас, Манас деп.
Кырк кулачтуу арканды
Оң колу менен Гүлчоро
Көчүрүп келип таштады
Үйдө жаткан жылкыны
Тоо урады белем деп
Эс алганы андан көп.
Жүрөгү түшүп дабыштан.
Жата калган мындан көп.
Эсин жыйып токто деп.
Ордунан турат бакырып
Карма кулду кармалап
Бул эмне карачы деп.
Алтымыштай жылкыны
Суу укурук алышып.
Арыстандай чорону
Алар сабап киришти.
Эмне көрдүң деги деп
Кементай кийген Гүлүстөн.
Кеп айткан жок буларга
Суу укурук сынганча
Султан кулду сабады
Аргын кыргыз баласы
Адыбай, Маңбай экөө бар
Арачалап ал экөө.
Ага-тууган эл экен
Арстан эрдин бир башы.
Бизге бергин соо кой деп
Такто сырттай дөөсүнөн
Араң сурап алышты
Алып келип чорону
Ак кайыңга жаткызып
Эс алдырып алышты
Абаке Гүлүс арыстаным
Ушуну көрмөк белек деп
Эки бала ыйлады
Мына ошондо Гүлүстөн
Капаланба жаш балдар
Кудурет бизге берген го
Абакем менин көзүмө
Атайын келип көрүндү
Мен Чүрөккө барайын
Жеңемен кабар алайын
Аман-эсен төрөптүр
Атын Сейтек коюптур
Ак боз бээни союптур
Кан Манастын тукуму

Кадимкидей болуптур
Токто сарттан суранып
Мен Чүрөккө барайын
Деп Гүлүстөн айтканда
Энеси эркек туугандай
Эки бала сүйүндү
Оозуңа май абакем
Арстан элең башынан.
Биз да жардам берели.
Эртең сурап көрүңүз
Дешип балдар айтышты
Эртесинде Гүлүстөн
Чоң сабанын кымызын.
Күпүлдөтө бышыптыр.
Токто Сартты баш болгон.
Жылкыга кымыздан.
Келиштире бериптир
Токто сырт баатыр кимиң бар.
Азырак айтар арзым бар.
Аманат жандын карызы бар.
Ак олпок кийбес мен элем
Кеменетай кийип шер болдум.
Бутум шишип чор болду
Кийик ичик жок болду
Мен барайын Чүрөккө.
Кийим кийип келейин.
Ары барам эки күн.
Бери келсем эки күн.
Бир жумада келермин
Улуксат бергин мага деп.
Гүлүстөн сурап турду эми.
Бармак болгон кезимде.
Токтосарт түшүп кеп айтты.
Жети күндөн калба деп.
Жылкынын башы Токтосарт деп.
Токтобой айтты кеңешти
Жылкыдан кармап ат алсаң.
Өзүң кармап алгын деп.
Жылкычы  кетти жайына.
Мына ошондо Гүлүстөн.
Кырк кулакты арканды
Арыстан колго алды эми.
Бар тобокел мейли  деп.
Кызы жардын башына
Караның чыгып барды эми.
Мына ошондо байкасаң
Адыбай, Манбай жылкычы.
Бул кыргыздын балдары
Салып жетип келди эми.
Көп жылкыны чогултуп.
Көк жол барда келгенде.
Эр Гүлүстөн чалмагы
Арыстан эми ырайым
Эч бир жылкы түшпөдү
Мына ошондо Гүлүстөн.
Капаланып сүйлөдү
Атаңдын көрү дүнүйө.
Ак келте жаза ашбаган.
Сыр найза сайбаган.
Бул эми укмуш иш
Салган бойдон жаңкы экөө.
Салышып кирип келишет.
Кармадыңбы аба деп.
Гүлүскө салам беришти.
Айланайын жаш балдар.
Кармай албай койдум деп.
Гүлүс жооп берди эми.
Мына ошондо жаңкы экөө.
Айланайын абаке.
Ак жолтой  Гүлүс агасы.
Менин атым мингин деп.
Экөө тең түшө калышты.
Башын чайкап Гүлүстөн
Баатыр болбой койду эми.
Силердин атын мен минип.
Аргамы жерге баралбайт.

Айла кетсе  жөө барам.
Капаланба балдар деп.
Кабылан Гүлүс аттанды
Мына ошондон берки экөө
Кайнаган каран мал болсо.
Катүгүн аба не дейсиз.
Сиз ушунтет  белеңиз.
Жалпы кыргыз ак калпак.
Элиң тилейт тилегин.
Аман болсо абакем
Элге алпарып кошот деп.
Биз тилейбиз тилекти.
Атаңдын көрү эми
Өлсө өлсүн мейли деп.
Балдар ыйлап болбоду.
Мына ошондо жылкыдан.
Кызыл жар өйдө бир жылкы.
Салып чыгып бaратат.
Гүлчорону бет алып
Желип чыгып келе атат.
Кула кашка бир жылкы.
Жаңы жетип келди эми.
Гүлчорону көргөндө.
Көзүнөн жашы төгүлүп
Оттон келди кула бээ
Эр Манастын арбагы
Жактан келди кула бээ.
Гүлчорону жаныбар.
Жыттап жүрөт кула бээ.
Башын салып чорого.
Туруп берди кула бээ.
Мына ошондо жаңкы экөө
Ээр токум беришти.
Эрте келгин аба деп
Саламдашып бөлүнүп.
Эр Гүлүстөн жөнөдү
Жеткайды көздөй бет алып.
Тулпар бээнин кула бээ
Ала качып аркырап
Арыстан эрди көтөрүп.
Алып учуп келерде
Сабап жүрүп отуруп
Эртең менен чыккан эр.
Бешим ченде келди эми.
Эр Кыяздын айлына.
Токсон миң акер кайтарат.
Бул Кыяздын аскери.
Гүлчорону көргөндө.
Эчен адам жүдөдү.
Кайдан келген эми деп.
Канча аскер сурады.
Мына ошондо Гүлүстөн.
Кимден сурайм эми деп.
Арыстан токтоп калганда
Алтын такта отурган
Арсыз Кыяз калды эми
Тагынан туруп бул Кыяз.
Атаңдын көрү калмак кул.
Бул кайдан келди эми деп.
Гүлчоро турган белеске.
Жетип Кыяз келгенде.
Аттан түшүп Гүлчоро.
Падыша Кыяз аманбы.
Амандашсам жаманбы.
Колдогон калың жедигер.
Элиң аман жатабы?
Деп Гүлүстөн жанагы эр.
Учурашып калды эми.
Мына ошондо бул Кыяз.
Атаңдын көрү калмак кул.
Эмне мында келесиң,
Ким  улуксат берди деп.
Кара болот  булдурсун
Кармай алып колуна
Эр Гүлүстөн баатырды
Басып-басып калганда.

Атаңдын көрү дегендей.
Эми эмне калдым деп.
Гүлчоро үндү салганда.
Ак өргөдө отурган.
Ахундун кызы Айчүрөк.
Ордунан ыргып турду эми.
Эшикке чыгып жүгүрүп.
Эми көрө койду эми.
Жетип келип Кыязды
Жемелеп Чүрөк тилдеди.
Падыша Кыяз деп жүрсөм.
Бала Кыяз экенсиң.
Арыстан Кыяз деп жүрсөм.
Акмак Кыяз экенсиң.
Айтып жүргөн кеп кана.
Уялар болсоң бет кана
Койо бергин чорону.
Деп ошентип Айчүрөк.
Эр Гүлүстөн баланы
Аты менен жетелеп
Ак өргөгө ал барып.
Ээр токумун алдырып.
Эр Гүлүстөн баатырды.
Таза суугa салганы.
Алты сыйра тазалап.
Айланайын кайним деп.
Ак уруйна көк чепкен.
Арыстанга кийгизип.
Алты балбан жигитти
Артык коюн сойдуруп.
Алты илеген кара нар
Ирең менен алдырып
Алтымыш уруу даарыдан
Алты сыйра жапты эми.
Эс алып жаткын эми деп.
Эр Гүлүстөн баатырды.
Эс алдырып жаткызды.
Эки күнү эс алып.
Үчүнчү күнгө толгондо
Эр Сейтектин  жанына
Ээрчитип барып көрсөттү
Эки жашка толду деп.
Эки жылда бир келсең.
Аман болсо чоңоёт
Сага жолдош болор деп.
Айчүрөк айтып отуруп.
Эр Гүлчоро ошондо
Үч ай жатып эс алып.
Эл кыштоого киргенде.
Эми чоро жөнөдү
Кула бээни бургутуп.
Алты сыйра кийим алып.
Эр Кыяздан кат алып.
Эми чоро жөнөдү
Эр Гүлүтөн жол жүрүп.
Эми келди жанына
Жылкычылар келишти.
Эр Гүлүстөн баатырдын
Кийимин тартып алышты
Кементайды кийгигип.
Отун алып от жаккан.
Жылкычыга кул болуп.
Эр Гүлчоро жүрдү эми
Жана эки жыл болду
Гүлүстөн бир күн отуруп.
Жылкычыдан сурады.
Айчүрөккө бармакка.
Барсаң баргын эми деп.
Жылкычы берди улуксат.
Кула бээни Гүлүстөн
Алып келип минди эми.
Санап жүрүп отуруп
Чоң жеткайдын айлына
Эми жетип барды эми.
Айчүрөккө кезигип
Эр Сейтегин сурады.

Иниң келди алдыңа
Кырк чоро күттү жанына.
Ойно бала кези деп.
Ириден алган кармашта.
Аябаган ат болду.
Анык тулпар мал болду.
Деп Айчүрөк айтты эми.
Эр Гүлүстөн абакең.
Дагы үч ай жатты эми
Эми келгин эки жыл
Деп Айчүрөк айтты эми
Кайра тартып Гүлчоро
Жылкыны карай жөнөдү.
Жетимиш сыйра кийим алып.
Жетилеген чоро келди эми
Жети сан элди башкарган
Жетилген чоро кайран эр
Жылкыга келди эми
Мына ошондо жылкычы.
Кийимин баарын алышып.
Эр Гүлчоро баатырдын.
Эски жаман кементай
Эми кайра кийгизип.
Мына ошентип жатты эми.
Эки жыл түгүд үч жылга
Эми чоро чыдады
Эми ойлонуп Гүлчоро.
Алдап-соолап жылкыдан.
Арстан алды бир атты.
Бармак болду кайрадан.
Баатыр  Сейтек балага.
Кайра айланып жөнөдү
Хан Манастан келинин.
Эми барып көрмөккө.
Мына ошондо Гүлүстөн.
Келди баатыр жол тартып.
Хан Кыядын элине.
Элдин арты жатканда.
Келип түнөп отурду.
Хан Семетей үйүнө.
Кабарды айтып ал күнү.
Арстан шашып келди эми.
Мына ошондон баштап эр Сейтек.
Айланайын абаке
Баатырлык шердик мүнөзүң.
Сен эми кайдан бир келген элесиң.
Ары баатыр, ары шер.
Адамдан чыкпайт сендей эр.
Бери баатыр, бери шер.
Бериден чыкпайт сендей эр.
Кайсы жактан келгенсиң
Абаке жайыңды айтчы билейин.
Оң колуң эмне жаралуу.
Ошону айтчы угайын.
Эй энеке Айчүрөк
Эми кетсе келемин.
Хандын жайын билейин.
Кайраты баатыр эр киши
Кандай карып болучу.
Кана баатыр сен айтчы
Кай себептен Кыяздын
Жылкысын багып жүрөсүз?
Мындан кийин жылкыга.
Барчу болбо абаке.
Барып калсаң кокустан.
Мен да кошо барамын
Кайнап жаткан жылкыны
Бирден санап алайын.
Сиз өңдөнгөн адамдын.
Өлгөн жерге өлөмүн.
Өлүм орток бир мтууган.
Өзүң менен боломун.
Жылкы баатыр кайтарба.
Аба баатыр тил алсаң
Ат мыктысын алабыз.
Кунан менен куш салып.

Куунап ойноп калабыз.
Эриксек элик атабыз.
Эрикбесек жатабыз.
Салышсак кунан алабыз.
Салышпасак жатабыз.
Тогуздан ашып он болдум.
Эр азамат бир болдум.
Менин бир сөзүм кошулсаң.
Кысыр эмидүү тайлардан.
Күнүгө бирден табайын.
Кырк жигит күтүп жаныма
Ордосун чагып Кыяздын.
Ойноп жыргап алалы
Деп Сейтегиң айтты эми.
Эми чоро сүйлөдү.
Айланайын Сейтегим.
Мендей карып жылкычы.
Эки жыл болду далыма
Аяктай эти кетилген
Жарам жаман айыкпайт.
Мен жылкычы бир карып.
Тур десеңер турайын.
Үч ай кыштап алайын.
Жаздын алды болгондо.
Жаратым калса оңолуп.
Мен жылкыга барайын.
Деп Гүлчоро айтты эми.
Эч жака аба кетпейсиң.
Өзүм берем улуксат.
Деп ошентип эр Сейтек.
Эр Кыяздын ордосун.
Алты жүз чүкө, кырк томпой
Арыстан бала жасатат
Чүкөсүн баары алтындан.
Кечке ойноп чогулуп
Канчоросу жанында.
Күндүн алды батарда.
Кырк баланы чогултуп.
Карып менен мискинге.
Кайырчыга бердирип
Жана берген буйрукту
Таң атканча агарып.
Алты жүз чүкө, ккырк томпой
Күндөн-күнгө күн өтөт.
Күн сайын  ойнойт чүкөнү.
Күн сайын Сейтек турганы.
Жети миң түтүн аргынга
Жедигерге зордукту
Сейтек салды кордукту
Оо Кыяздын жети аялы.
Эмине болсо үйүңдө.
Арстан Сейтек жаш бала
Бечера менен карыпка
Кайырчыга алып барып
Кабылан бала бериптир
Балтыр эти чаначтай
Баатыр бала болуптур.
Муну көрүп Гүлчоро
Аман койсун кудай деп.
Эч айласын таба албай
Алтайга чейин Гүлчоро
Астыртан түшүп табына
Аракет кылып жатты эми.
Эртең менен эр Сейтек
Эрте келип ордого.
Эр Гүлүстөн абакең
Жеңеси менен кеңешип.
Эмне кылам душманды?
Солор жакын сүйлөшүп.
Каныкейдин оо ак дары
Аны сыйпап Айчүрөк
Мурунку  калганда.
Колу калды жакшырып
Кыштын көбү оогондо
Калмак кул келбей койду деп.
Кер кашканын жанынан.

Гүлчоронун кула бээ
Айран жедигер уурдап алды эми.
Муну союп эр Кыяз
Согум кылып алды эми.
Арыстан баатыр Гүлчоро
Атсыз жөө калды эми.
Кудай бардыр Кыяз деп.
Кордугуңа көндүм деп.
Эр Гүлчоро кайран эр.
Эми ичинен бейпайда
Алты ай болду келегим
Көк чымырап жаз келди.
Өрдөк учуп каз келди.
Эми ойлонуп Гүлчоро
Атаңдын көрү дүнүйө.
Мен Таласка барайын
Жаратым калды айыгып.
Эр Семетей, Манастын
Күмбөзүнө сыйынып
Кең колду өрдөп чагайын
Тузу корду соёюн
Бууданды колго алайын.
Андан кийин Кыязга.
Айланып чабуул салайын.
Ак-телкини минейин
Абакем Бакай, Каныкей
Амандыгың билейин.
Сумсайып жоого кирейин
Ак олпокту кийейин
Айланып кайдан табамын.
Алтынайдын ак чепкен.
Алмакеме бап чепти.
Атайын таап кийейин
Атаңдын көрү душманга
Анан бир кирип көрөйүн.
Деп ойлонуп Гүлүстөн.
Айчүрөкө кеп айтып.
Жеңе укчу деп айтып.
Менин айткан кеңешим.
Перинин кызы не дейсиң.
Бетегелүү майдан саз.
Өлбөгөнчө болду жаз.
Мен эмине жатамын
Мен Таласка барамын.
Кызыталак Канчоро
Тузу корду чабамын.
Он төрт атты аламын
Канчородой чочкону.
Башын кесип саламын.
Бууданга келген бек уруш.
Буу жерде карап не туруш.
Хан Бакай менин энекем.
Кандай күндө болду экен.
Сен экөөдүн аркаңда
Жедигердин айлында.
Жети ай болду жатканым.
Оң далымдын бези ооруп.
Айлана албай мен жаттым.
Оңолуп калдым байкасам.
Оюма ишти албасам.
Оңой бекен журт милдет.
Тегерегим бүт кыргыз
Качан элге жетебиз.
Кагылайын Гүлүс дейт
Калкым ыйлап отурса
Карыганда Каныкей
Музоочу болду деп уккам.
Кабылан баатыр даанышман.
Төө кайтарат деп уккам.
Карыган жанын көп кыйнап.
Көк буудандан айрылып
Жөө кайтарат деп уккам.
Сен укпасаң мен уккам
Акбала менен зайыбын
Чачыкейге барып турганы.
Жеңекелеп жалынып.

Кайнап жактан көп калды.
Акбала байкуш башкарат
Каныкей Бакай экөөнү.
Кечинде келсе Канчоро.
Калмактары  бийлешет
Бийлебесе буларды.
Таң атканча сабатат
Кылбаганың барбы деп.
Өз аягы турганды
Койгун баатыр уят деп
Курган жеңең кеп айтат
Башын кесип Канчоро
Кара жолго койгон дейт
Кансарынын аялын
Как ошондон сойгон дейт.
Билесиң го жеңеке.
Душманго дейм Кыязды
Рас акасы менен бабасын.
Башын сайган биз элек
Береги турган Канчоро
Кылган ишин көрдүңбү.
Так ушуну ойлосом.
Кантип жашайм бул жерде.
Азыр жоо кийемин.
Эр Манастын арбагына.
Мен сыйынып жөнөймүн.
Кысыталак тузу кор
Кыядан кармап соёмун.
Арстан Манас атамын
Арбагына атайын.
Деп Гүлүстөн айтты эми.
Мен жылкычы барбаймын.
Деп жылкыдан кабар албаймын.
Кийинмек болуп жатканда
Эр Сейтек келди жанына.
Кер баштыны мингизип
Кейибей жолго кириңиз.
Мен да кошо барам деп
Бала болбой койду эми.
Кошо эмес жүрү деп.
Эр Гүлүстөн ээрчитип
Эми жөнөп калды эми.
Жети күндөн калбагын.
Жеңеке мени эсте деп.
Жете көргүн деги деп.
Гүлчоро кетти коштошуп.
Мына ошондо Айчүрөк
Жети күндө жетемин
Капаланбай баргыла.
Кайратуу болгун баатыр деп.
Кайран Чүрөк антказып
Эр  Гүлчоро,  эр Сейтек.
Эми кетти аттанып
Бет алышты жылкыга
Бармак болуп шаттанып
Баатыр бала эр Сейтек.
Келе жатат аттанып
Эр Гүлүстөн жанында.
Эчен акыл ойлонуп
Санаасы санга бөлүнүп.
Сандыргалуу арыстан.
Санамат жолдо келетат.
Кең колду карай барсам деп.
Кейиш тарткан көп элди
Ажыратып алсам деп.
Таласты бойлоп барсам деп.
Каныкей, Бакай экөөнү
Ажыратып алсам деп.
Жараткан берсе тилекти.
Мен Таласта болом деп.
Азабы өткөн Канчоро
Бет алышып бир көрсөм.
Кызыталак тузу кор.
Жаткан жайга мен барсам.
Бербес белем азабын.
Көрсөтөт белем кызыкты.

Тартпайт белем тузакты.
Тамаша кылып ошону.
Тарткылашып бир көрсөм
Кыяз менен  Канчоро
Экөөнү алып мен өлсөм.
Айланайын хан Манас
Арбагыңды  колдосоң.
Деп Гүлүстөн сүйлөнүп
Күнгүр-күнгүр күлөөнүп.
Гүлүстөн бала сүйлөнүп.
Жаратканга жалынып.
Жаа бадигер баралы
Кербыштыны минишип.
Кермип жолго киришип.
Кең колду карай бет алып.
Келе жаткан Гүлчоро
Жылкынуу кең Талас.
Жерин ойлоп бир ыйлап.
Калың кыргыз ак калпак.
Элин ойлоп бир ыйлап.
Хан Семетей абаке
Бегин ойлоп бир ыйлап.
Каныкей, Бакай экөөнү
Кайра ойлоп бек ыйлап.
Алган жары Акбала
Аны ойлоп дагы ыйлап.
Азаптан Алла жараткан
Куткара көр деп ойлоп.
Белсетектин беш тумшук.
Ашып келер Гүлчоро.
Белгилүү элди санаасын.
Берен бала жаңкы эр.
Шашып келет  Гүлчоро.
Адырманын сеңирип.
Ашып келет Гүлчоро
Айлын карай  бет алып.
Шашып келет Гүлчоро.
Эңкейиште жанагы.
Эр Сейтекке учкашат.
Өр таянып жөө басты.
Адырмалуу белести.
Алты күнү басышты
Атчан болуп, жөө болуп.
Арстан байка жакында
Арсландай Гүлүстөн
Алар кетип баратат
Буларды мындай таштаңар.
Буруксуган жеңеңи.
Эми кабар баштаңар.
Ахундун кызы бей таалай
Билгичтиги бир далай
Бели кындай, бети айдай
Мелтиреген бей таалай
Учканың жума түн билген
Келгенин анын бир билем.
Жылкы болсо дулдулуң
Сөз жакшысы булбулуң
Багыштын уулу Кыязды.
Алдап жеңең чакырды.
Менин айткан кеңешим.
Баатыр  Кыяз не дейсиң.
Жалгыз уулуң Сейтектин
Жылкыга кетти айдалып.
Бала менен жанында.
Гүлчоро кетти таптанып.
Кеткени бүгүн жети күн.
Артынан жете барайын.
Аман-эсен жалгызды.
Алып келип калайын.
Ойлочу баатыр арыстаным
Аттанып үйдөн чыга элек.
Алиги  сенин жаш бала
Деп ошентип Айчүрөк
Бактыбызга балкайып.
Кертип кертип нан коюп.
Алаша көөкөр шараптан.

Алтын аяк чыныга
Ага толтура куйду эми.
Арстан Кыяз ичкин деп.
Алып келип сунду эми.
Мына ошондо эр Кыяз.
Бою ысып балкылдап
Денеси ысып шалкылдап
Алтын аяк чынынын
Алып тартып ийди эми.
Бирди эмес жеңекең
Үч толтуруп куйду эми.
Мына ошондо жеңекең.
Кымыз берип кызытып
Алаң казар Кыязды
Арак берип ысытып.
Алдап жолго салмакка
Баатыр Кыяз не дейсиң.
Балаң кетти алыстап
Басырып мен да барайын.
Тоо тору берсең минейин.
Толгонуп жолго уулуңду.
Ээрчитип мында келейин.
Бууданды берсең минейин.
Буруксуп жолго кирейин.
Жалгыз го уулуң Сейтекти.
Ээрчитип алып келейин.
Деп жеңекең айтканда.
Баатыр Кыяз оолугуп.
Ахундун кызы Айчүрөк.
Бул эмне деген кебиң бар.
Тулпарды катын минчүбү
Туралап жолго кирчүбү
Бууданды катын минчүбү
Буруксуп жолго кирчүбү?
Бузуку ишке жүрчүбү.
Укбаймын сенин сөзүңдү.
Бербеймин тулпар атымды.
Катынга атын берди деп.
Калайык шылдың кылбайбы?
Бейбакка атты берди деп.
Береке учуп кетти деп.
Катынга атын берди деп.
Кадыры учуп кетти деп.
Калмак  шылдың кылбайбы
Боз жорго минип Ак-тулпар.
Кой күрөң менен Тел күрөң.
Каалаган атты мингизип
Кадырлуу Чүрөк бей таалай
Кайкалап жолго кириңиз
Деп  ошентип эр Кыяз
Сөзүн айтып болду эми.
Мына ошондо бей таалай
Дагы шарап куйду эми.
Баатыр Кыяз төрөбүз.
Оозуңан чыккан сөзүңөн
Нур жаагандай көрөбүз.
Алты катын мен алып.
Андан пезент көрбөпсүң.
Жети катын эс алып.
Мындан перзент көрбөпсүң
Жалгыз уулуң Сейтекти.
Аман алып келейин.
Алда кандай күн болот?
Жалгыз антың  Тоо тору
Адал өлсө бир казат.
Арам өлө бир талпак.
Бир тыйынга көрбөйсүң.
Өмүр кызык кор болдук.
Акыреттик жан болдук.
Бербесең кой атыңды.
Качан бүлөө болосуң.
Бөлөксүнтүп жүрөсүң.
Деп жеңекең оолугуп.
Сөзүн айтып келгенде.
Мына ошондо эр Кыяз.
Ахундун кызы Айчүрөк

Ар качандан бар качан.
Кайратыңды койбойсуң.
Алган жарың Кыязды.
Киши ордуна көрбөйсүң.
Оңбогон Чүрөк оңбойсуң.
Сураган Буудан сеники.
Каалаган Чүрөк меники.
Бууданды бердим минип бар.
Өлгөндөн көргөн жалгызды.
Ээрчитип мында келип кал.
Жылкың башы Токтосарып
Такто сартка кеп айткын
Айланайын Сейтегим.
Жаман жерге жатпасын.
Күн сакты болуп кайтпасын.
Эрте барып тез келгин.
Жети күндөн калбай кел.
Жети суу биздин жерибиз.
Жети сан кыргыз элибиз.
Жетүүчү бала Сейтекке.
Жетип алып келиңиз.
Деп ошентип эр Кыяз.
Бууданын берип салганы.
Мына ошондо жеңекең.
Ат баккан жигит келсин деп.
Алдырып мында алып кел.
Алтын аяк чыны менен
Аны абдан мас кылып.
Тоо торудай буудандын.
Жанына жеңең келди эми.
Тай буурул менен Сур коён
Таптап жүрүп жеңекең.
Көнгөн бейбак эмеспи.
Күндө үч убак жем берип.
Билген жеңең эмеспи.
Буудангa басып келиптир.
Бир айдан бери жем берип.
Тоо тору менен Айчүрөк
Кадимкидей көнүптүр.
Окуранып чоң тарайт.
Жол басарын билди эми.
Алып чыгып эшике.
Алигиче бейбак токуду.
Булгары тердик, көк желдик.
Бургуна чеке жылдыздан.
Буластаган кыз-келин.
Бурала басып ыргыштап.
Ээр токум салды эми.
Басмайылды бош тартты.
Чаап олоңду бек тартып.
Куюшканды жеңекең
Куткун түптөн кыскартып
Төш олоңун узартып
А -тери көрпөчө
Алты бүктөп салды эми.
Он эки куржун ок дары
Алты чепкен бөктөрдү.
Жараткан бер деп тилекти.
Аардай болгон торуга.
Чачын жеңең төбөгө.
Баса түйүп алыптыр.
Эр Сейтегим кийсин деп.
Жасап жүрөм суусар бөрк.
Басып жеңең кийди эми.
Жебелү күлүк тору атка
Жеңекең жаңы минди эми.
Мына ошондо чоң тору ат.
Окуранып оңдонуп.
Оң жакына толгонуп.
Айры белес кезең бол
Арстан Кыяз эсен бол.
Катынга атын алдаткан.
Катын Кыяз жат эми.
Кайрылып тору минбейсиң.
Качырып жоого кирбейсиң
Кайкалактап сен эми.

Кадимкидей жүрбөйсүң.
Толгонуп тору минбейсиң.
Торушуп жоого  кирбейсиң.
Тоодой болгон сен Кыяз.
Тотукуштай Чүрөктүн
Алдаганын билбейсиң
Эселек Кыяз жат эми.
Тоо торудай  бууданды
Оо дүйнөдөн тап эми.
Карабай Чүрөк калганың.
Кайран Кыяз билбедиң.
Хан башың менен сен Кыяз
Катыңга алың алдаттың
Кайрылып сени көрбөймүн.
Катраң Кыяз жат эми.
Деп ошентип чоң тору ат.
Окуранып калганын.
Ойрон Кыяз укту эми
Оңбогон Чүрөк жөнө деп.
Обдулуп Кыяз жөнөдү.
Ахундун кызы бей таалай
Кара болот бүлдүрсүн
Кармай алып имерип.
Каң дегизе чокуга.
Жеңекең тартып жиберип.
Дуба менен тору аттын
Тилин байлай салды эми.
Баатыр Кыяз мына деп.
Бастырып жетип барды эми.
Атың сүйлөп кеп кылса.
Айтырып көрчү эми деп.
Ахундун кызы бей таалай
Айтып жеңең жүрдү эми ай.
Жаныбарым Тоо тору ат.
Кенедейден кезигип келген.
Келген күлүк сен элең.
Бала Кыязды ардактап.
Баккан Кыяз мен элем.
Жамандык менен жакшылык.
Билген жылкы сен элең.
Окуранып алганың.
Оголе укмуш угулду.
Маңдайыңан сыласам.
Айтчу элең сонунду.
Айланайын Тоо тору ат.
Бир кишини койгонуң.
Эң эле жаман угулду.
Эмне болдуң жаныбар?
Айтып берчи чыныңды.
Деп ошентип эр Кыяз
Ары карай бир сылап.
Бери карай бир сылап.
Маңдайымда турду эми.
Айбандан эстүү  Тоо тору ат.
Көзүнөн жашы кылгырат.
Айталбай турат Тоо тору ат.
Эки айланып эр Кыяз
Эч айласын табалбай
Араң турат Тоо тору ат.
Кайран Кыяз ошондо
Ахундун кызы Чүрөккө
Уят болдум эми деп.
Кайра басып жөнөдү
Кайран Чүрөк жеңекең.
Кадимкидей жол менен.
Камчыланып жөнөдү.
Аркалуу күлүк чоң тору ат.
Желип жолго кирди эми.
Аркалуу Күлүк  Тоо тору
Өз ичинен ойлонуп
Оңбогон Чүрөк оңбойт деп.
Эр алдаган катынды
Сазайын колго берейин.
Өтө шашып чоң тору
Асман менен учайын.
Араңдай ооз ачайын.

Ак көбүктү чачайын
Аскалуу бийик тоо келсе.
Алып барып урайын.
Өтө шашып чоң тору.
Желип жолго кирди эми.
Буурадай өскөн тал көптүр.
Бута бою жарлардан.
Буйдалбай барат чоң тору.
Өйүз-бүйүз жарлардан
Аттап барат чоң тору
Жору түйгөн соң тизгин.
Ачуусу келет тартканда.
Аркан болуп узарып.
Эңкейишке келгенде
Эликтей буту сайылып.
Ортоякка бергенде.
Тал куйругу жайылып.
Тал жибектей куйругун.
Такымына чапкылап.
Омуродо ак көбүк
Ахундун кызы Чүрөктүн.
Бетине  чейин чабылып.
Эки тизгин, бир чылбыр.
Эки жолдо карышып.
Тарталбай колу сөгүлүп
Колтук эти чоюлуп.
Эр алдаган катындын.
Заманасын учуруп.
Арам өлгөн  Тоо тору
Адырга уруп кетеби
Арамзаада мал экен.
Күн эмне болом деп.
Учуп келе жатканда
Дуба менен жеңебиз.
Төрт аяк турду эми.
Жебелүү күлүк тору атты.
Келип жөнөп калды эми.
Аркалуу күлүк Тоо тору ат.
Асталап жөнөп калды эми.
Арамзаада катындын.
Арам оюн билди эми.
Ата кудай саган деп.
Курган тору ат келе атат.
Жылкыны карай бет алып.
Желип жеңең келе атат
Кармашканын дайны жок.
Изин таппай жеңекең.
Жети суу ордоп салды эми.
Айры белес кайкаңдап
Ашкан жолго түштү эми.
Андан изин байкаса
Ашып кеткен жери бар.
Гүлчоро менен Сейтектин.
Басып кеткен жери бар.
Муну жеңең чалды эми.
Таласка кетчү чоң жолго
Салган бойдон барды эми.
Бетегелүү кашка жол
Беш айланып чалды эми.
Берен чоро баатырдын
Изин таап алды эми.
Узун жолду төтөлөп.
Жылкыга Гүлчоро барбастан
Эр Сейтек ээрчитип.
Таласты карай салыптыр
Жерине карай байкуштар.
Эми жөнөп калыптыр.
Жылкымдуу кең кол чоң Талас.
Жерди ойлоп бир ыйлап
Аргын кыргыз көп элди.
Аны эстеп бир ыйлап
Абакең Бакай, Каныкей
Эмне болду деп ойлоп?
Алган жары Акбала
Аны эстеп дагы ыйлап.
Адырманын беш тумшук

Ашып келет Гүлчоро
Айлын карай бет алып.
Шашып келет Гүлчоро.
Кер быштыны камчылап.
Кегин ичке жашырып.
Келе жатат Гүлчоро
Мына ошондо Айчүрөк
Күнү-түнү  алты күн.
Издеп келет жеңекең.
Чоң Таласка жеткизбей
Кармасам деп чорону.
Шашып келет Айчүрөк.
Алтынчы күнү кечинде.
Артынан жеңең жетти эми.
Арыстан чоро токтолоп
Жеңекең үндү салды эми
Кербыштыдан Гүлчоро
Гүлүс үчүн түштү эми.
Тоо тору менен толукшуп
Жеңең жете келди эми.
Учурашып билүүгө
Эми кеч да кирди эми.
Эр Гүлүстөн кеп айтат
Айланайын жеңеке
Кесилген Кең-Кол жер калды
Кешиксиз кыргыз эл калды
Кейиш тартып Кыяздан
Кеңгиреп чороң мен калдым.
Арыстан сенин барыңда.
Тай буурулду минчү элем.
Тартынбай жоого кирчү элим.
Ак олпокту кийчү элим
Атаңдын көрү душманга
Акбарчындай тийчү элим.
Жараткан Алла не дейин
Кең буурулду минчү элим.
Кызы талак душманга
Ылаачындай тийчү элим.
Ак болот элем мокодум.
Арыстан элим бир кезде.
Абакең айкөл барында.
Гүлчором билет дечү эле
Күчтөп душман келгенде
Гүлүсүм кайда дээр эле
Жедигердин Кыяздын
Жылкычысы мен болдум.
Жеткилең душман экенин.
Жедигердин Кыяздын
Сейтегим кайдан ал билсин.
Атасы башта душманда
Асырап жүрүп чоңойттуң.
Айланайын Сейтегим.
Эми менин кеңешим ук
Сенин атаң Семетей.
Атаң Манас айкөл шер.
Энеси мунун Каныкей.
Жаныңдагы Гүлчоро
Каныкейдин эмчегин
Бирге жүрүп эмишип.
Сенин атаң Семетей.
Чалкынды бирге чалышкан
Доону бирге дooладым.
Жоо кубалай жооладым.
Бээжинди чаап алганбыз.
Берен абам барында
Чоң Талас болчу жергебиз.
Көп кыргыз болчу элибиз
Өзүбүздөн Канчоро
Арыстан чыкты кас болуп.
Жалгыз эмне кылат деп.
Кабарына албады.
Чоң атасы Акбалта
Өз атасы эр Чубак.
Алманбет, Чубак атаган.
Ай кожомдон бата алган.
Менин атам Алманбет

Кара динден ак болгон.
Он төрт күндүн ичинде.
Келмек тили так болгон
Атакем Алма арыстан
Хан  Жакып сенин атаңдын
Улуу зайбы Чыйырды
Хан Манастын энеси.
Так ошонун өзүнөн.
Эмчегин ээм бар болгон
Хан Манас менен Алманбет.
Бир туугандык иш болгон.
Атырашпай атаңдан
Бир тууган болуп келебиз.
Канчоро жайын айтайын.
Сенин энең Каныкей.
Эмчегин ээм чоңойгон.
Ошо Канчоро тузу кор
Хан атаң менен кас болуп
Береги Кыяз ит менен
Жең ичинен кат жазып.
Акыреттик дос болуп
Атаңдын аты буурул ат
Канчоронун уулу Үмөтай.
Ажал айдап толгоду
Мына ошону өлтүрүп.
Тартуусуна  буурулду.
Эр Семетей алып барды
Муну билип Канчоро.
Эр Кыязга кат  жазып.
Жедигер кайнап келгенде
Абакең кайып болгон жер.
Алып барып сени көрсөтпөй
Он эки жылга толду эми.
Таласты  карай бет алып
Кетээр маал болду эми.
Деп Гүлүстөн айтты эми.
Буркурап ыйлап жеңекең.
Муңканып кепти салды эми.
Айланайын арыстаным.
Арыстандардан сен карып.
Аял заттан мен карып.
Берендерген сен кырып
Пери заттан мен кырып.
Таласка азыр барбайлы
Тамашаны салбайлы
Кайра айланып жылкыга.
Кайта чыгып баралы.
Айланайын арыстаным.
Оң далыңда ок турса.
Оңой бекен жоо менен.
Бет алышып урушуш.
Жылкыга баралы.
Семизинтандап соёлу
Казы менен картага.
Өзүңдү бөлөп коёлу
Бир айдан кийин айыксаң
Анан жоого баралы.
Ага чейин эр Кыяз
Аттанып жолду табалбас.
Атын издеп жылкыга.
Алиги Кыяз келбейби.
Алааматты салаарбыз.
Атаңын кегин аларбыз.
Тоотору миниңиз
Токтобой жолго кириңиз.
Деп Айчүрөк айтты эми.
Ак куу болуп жеңекең
Асман менен жөнөдү
Жылкычыга бет алып.
Эр Гүлчоро келетат.
Эр Сейтекти ээрчитип.
Күнү-түнү жол басып.
Жети сууга жетти эми.
Эр Манастын тукуму.
Эми көрүп жылкыны
Гүлчорого кеп айтат .

Абаке укчу деп айтат.
Кайнап жаткан көп жылкы.
Хан Манастын малы экен
Кара ниет хан Кыяз.
Айдап мында келиптир
Атакем Манас жылкынын
Ою менен болуптур
Малын айтып нетейин.
Калың кыргыз көп элди.
Айдап мында жетиптир
Аман-эсен айыксаң.
Азабын мен да берейин
Атаңын кунун алайын.
Атаңдын көрү душманга
Аттанып мында барайын.
Деп эр Сейтек сүйлөнүп.
Жылкычыга келди эми
Мына  карап көргүн деп.
Эр Сейтектин жанында
Эр Гүлчоро келетат.
Кайнап жаткан көп жылкы
Кайран эрлер келишти.
Адырда жылкы ала баш
Аргымак аралаш, буудан аралаш
Ак калпактуу кыргыздын.
Арыстан уулу көрдү эми.
Атаганат дүнүйө.
Арманын айтып Гүлчоро.
Акырын кепти салды эми.
Айланайын Сейтегим.
Абакең сенин барында.
Атагы чыккан мен элем.
Эми эмнени айтайын.
Отун алып от жаккан
Жылкычыга кул болдум.
Деп Гүлүстөн келатса.
Элүү-кырктай жылкынын
Астынан чыга келди эми.
Атаңдын көрү калмак кул.
Алты айдан бери жоголуп.
Кайсы жакта жүрдүң деп.
Кайыңдан кылган укурук
Тарсылдатып чорону
Жылкычылар киргенде.
Кабылан Сейтек кеп айтат.
Көңүл бур баатыр деп айтат.
Сейтектин сөзүн укпастан.
Кайра сабап киргенде.
Араң калды Сейтектин.
Кайыңдан кылган укуру.
Кайрап бала бир огун.
Колунан жулуп алды эми.
Кимди сабап жатасың?
Көргөзөйүн көзүңө.
Бир түшөйүн эсиңе.
Деп ошентип эр Сейтек
Карсылдата сабады.
Элүү-кырктай жылкычы
Атынан түшө жалынып
Айланайын баатыр деп.
Таазим кылды сабылып.
Жылкыны бүт айдап.
Токтосарттай төрөгө.
Эр Сейтек айдап барды эми.
Мына ошондо жеткайдын
Жылкычыңдын төрөсү
Гүлчорого сүйлөнүп
Алты айдан бери келбейсиң.
Оңбого чоро оңбойсуң
Эркиңе койсо болбойсуң.
Деп күбүлдөп киргенде.
Керебеттин үстүнөн.
Арыстандай эр Сейтек
Ал жакадан алды эми.
Көтөрүп жерге урду эми.
Кементайды кийгизип.

Отун алып от жак деп.
Гүлчоронун ордуна
Отунчу кылып койду эми.
Кыргыздан келген жылкычы
Бүт чогулуп келди эми.
Ай туякка мал союп.
Эр Гүлчоро баатырды.
Ак кийизге салышып.
Хан көтөрүп алышып.
Арбагына Манастын
Арбын малды союшуп
Эр Семетей баатырды.
Атап жылкы коюшуп.
Кагылайын Гүлүс деп
Жылкычы башы Самакбай.
Акыры келди жүгүнүп.
Жеткайдын бүтүн жылкысы.
Колуңузда турат деп
Эмине десең кылабыз
Бүт жылкыны сен алсаң
Кайдан болсо сактайбыз
Деп жылкычы кеп айтып
Амантур менен Эсентур
Айылыңдан келген жылкычы
А дагы менин колумда
Эмнени айтсаң ошону
Аткарабыз жолуңда
Деп жылкычы кеп айтат
Жолум үйлөр чогулуп
Өрүшкө таяп конушуп
Кудай бизге берди деп
Арсыландай Гүлүстөн
Аман-эсен келди деп
Ак өргөнү тигишип
Гүлчоро менен Сейтекти
Ал өргөгө коюшуп
Кайран жеңең Айчүрөк
Жылкычыга кеп айтып
Байтал бээден алдырып.
Аны жеңең сойгузуп.
Казы менен картага
Эр Гүлүстөн баатырды
Жеңең ороп келди эми.
Күндө үч убак даарылап.
Кытайдын  кызыл кырманы
Кырып келип салды эми
Калмактын кара дарысын
Кайнатып келип салды эми
Күнү отуз болгондо.
Түнү отуз болгондо.
Көп оорудан айыгып
Арыстан бала Гүлчоро
Кадимкидей какайып
Атка минди сакайып.
Мына ошондо Гүлчоро
Айчүрөккө кеп айтты.
Айланайын жеңеке.
Ороону кең каздыргын.
Деп Гүлүстөн айтты эми.
Ороого чоро түшкөнү.
Тогуз кетмен, тогуз нан.
Оң далыга койду эми.
Арыстан Сейтек балага.
Алманбеттен сырбараң
Алтымыш окту бүт салып.
Атып көрчү эми.
Ал баатырга беришти
Мына ошондо эр Сейтек.
Бетине алып жанагы эр.
Эми тартып ийди эми.
Тогуз кетмен  өтүптүр.
Канага барып коргошун.
Жаңы жетип токтоптур
Мына ошондо Гүлчоро.
Каткырып күлүп турду эми.
Айланайын Сейтегим.

Арыстан абам барында.
Айланып жолду чалганда.
Так ушундай эми деп
Алышар маалым болду эми.
Абаң күчкө толду эми.
Аттанаар маалы болду эми.
Алла берсе тилекти.
Атаңдын көрү душманды
Алым келсе макоого
Аттанып барса не болот
Алиги Кыяз баатырга
Күрөштө күчүм толду эми.
Аттанаар маалым болду эми.
Деп Гүлүстөн сүйлөнүп.
Айчүрөк менен Сейтекке
Ал-абалын айтты эми.
Жылкыны бүт жыйнап
Масилетти курушту
Буудан барбы жылкыда
Чубатууга салмакка
Буудан тапса Гүлчоро
Жоого аттанып бармакка.
Тоо торуну Гүлчоро.
Тогуз күнү минди эми.
Тегеректи бир байкап.
Душман аты болбойт деп.
Аны чоро таштады.
Арстан Манас атаңдын.
Арбагына сыйынып.
Арстандай Гүлчоро.
Аралап кирип жылкыны
Ар бир түрдү малдарын
Али чоро көрдү эми
Мына ошондо Гүлүстөн.
Адырмалуу боз тумшук.
Арстандай Гүлүстөн.
Аттанып чыгып барганы.
Баабединге мал айтып.
Манастын атын жат айтып.
Береги баатыр жаңкы уул.
Беш айланып көрдү эми
Жон ойул менен боз дөбө.
Жандай салып келе атат.
Жолдон буудан табам деп.
Жолдун баарын карады.
Жоо бөрүсү арыстан эр.
Жолдо жаткан жылкыдан.
Аралады канчасын.
Андан буудан таппады.
Эмне кылсам деп ойлоп.
Акылды чоро көп ойлоп.
Белестеги кыяга.
Берениң келди бастырып.
Белсемдүү буудан табалбай.
Берен чоро кайгырып.
Адырмалуу белестен.
Ашып келет Гүлчоро
Ат табалбай кайгырып.
Жашып келет Гүлчоро.
Кайнаган каран көп жылкы.
Кантейин сенин азабың.
Бууданды кармап минчү элем.
Бурутуп жоого кирчү элем.
Ак- телкини минчү элем.
Айкырып жоого тийчү элем.
Сур коёнду минчү элем.
Сумсайып жоого кирчү элем.
Султаным абам барында.
Гүлүстөн билет дечү элең.
Канатыман кайрылдым.
Хан аба сенден айрылдым.
Адырманын боз тумшук
Ат табалбай кайсалап.
Адырда калчу мен белем.
Атаңдын көрү шум дүйнө.
Армансыз өттү эл билем.

Деп Гүлүстөн ойлонуп.
Эр Сейтегин ээрчитип.
Эми кошко келди эми.
Абасынын кабагын.
Арыстандай жаш бала.
Эми байкап билди эми.
Аба Гүлүс агабыз.
Атаман калган абасың.
Айтайын кулак салыңыз.
Оң далыңа ок салып.
Оңбогон душман жумшады.
Олжонун кегин алмакка.
Аттанып жоого бармакка.
Ат таба албай кыйналдың.
Абаке Гүлүс ойлочу
Кербыштыны миниңиз.
Кечикпей барып тийиңиз
Тоо торуну минейин.
Кенедейден Тоо тору.
Кээде минип жүрчү элем.
Душман аты дебестен
Кошо аттанып жөнөйүн.
Агыштын уулу Кыязга.
Качырып барып тийиңиз.
Оң жагыңа чыгайын.
Кароолуңда турайын.
Өзүңө жакын болоюн.
Найзаны камдап коёоюн.
Бет алышып сайышсаң.
Бекем байлап турайын.
Эгерде алың жетпесе.
Бер жагыңдан качырып.
Манастап ураан салайын.
Качырып тоого барайын.
Кара ниет душманды.
Кайтарып өчтү алайын.
Абаке байкап көрүңүз.
Деп эр Сейтек айтты эми.
Атаганат Сейтегим.
Айтканыңа кубанам.
Аттын жолу болбосо
Ме Кыязга алдырбайм.
Адырма жолду чалдырбай.
Алтын башым баарында.
Атаңдын көрү душманга.
Абакең байкуш алдырбайт.
Бүдүрлү жолду чалдырбай.
Буруксуган душманга.
Бул башым түрү барында.
Гүлчоро агаң алдырбайт.
Айланайын жеңеке.
Менин айтаар кеңешим.
Эч бир жакта жылкычы
Кете турган болбосун.
Түн ичинде жол чалам
Күн батканча мен барам.
Деп ошентип аттанды.
Айкөл жеңең Айчүрөк.
Ак куржунду көтөрүп.
Алып мында келди эми.
Сенин жеңең Айчүрөк.
Он эки жылы күтүнгөн.
Кайран жеңең бүтүргөн.
Кагылайын Гүлүсүм.
Оң далысы айыгып.
Кийер бекен эми деп.
Кетип калса кокустан.
Кызы талак душманга.
Тийер бекен эми деп.
Так ошондо кийсин деп.
Перинин кызы бей таалай.
Билгичтиги бир даалай
Жакасы каухар, жеңи алтын.
Кош бадама,  торгой көз
Айчүрөк кылган ак чепкен
Атышып калса жоо менен.

Арасында кийсин деп.
Жеткайдын тоосун чалдырган.
Көзгө атаар мергенден
Көп жал жеңең алдырган.
Атып келген мергенге.
Алтын-күмүш берип ал.
Кыштын күнү болгондо
Кулан бээнин кул кымыз.
Ашаткыга кандырган
Жайдын күнү болгондо.
Жетимиш миң мыкты балбанга.
Тогуз ай мыктан сабаткан
Ойрон энең Каныштан.
Үлгү алган эмеспи.
Он эки жылы бир жүрүп.
Көнүгүп алган эмеспи.
Хан Манастын ок олпок.
Көрүп калган эмеспи.
Көк жал Семе баатырга.
Эчен жолу кийгизип
Көзү канган эмеспи.
Алманбеттин ак чопкут.
Көрүп калган эмесби.
Каникейдин ар ишке
Сенин жеңең Айчүрөк.
Көнүп калган эмесби.
Ургаачынын узунан
Үлгү алган эмесби.
Энеси менен бир жүрүп.
Түйүп алган эмеспи.
Айтылуу баатыр олпокту
Кайра иштеп кабыштап.
Жасап жүргөн эмесби.
Эр Семетей баарында.
Айкөлүңдүн ак олпок
Иштеп жүргөн эмесби.
Тилектештин баарысын.
Кайран жеңең Айчүрөк
Тиктеп жүргөн эмесби.
Кандагай менен олпокту
Кармап турган эмесби.
Кабыланың сенин барында.
Ак келте менен Сыр бараң.
Атып жүргөн эмеспи
Ар өргөгө Айчүрөк
Батып жүргөн эмесби.
Жоо жарак менен Ак олпок.
Адис болгон эмесби.
Кайнененин кесибин
Калбай алган эмесби.
Кагылайын Чүрөк деп.
Кайран энең Каныкей.
Калк энеси болосуң.
Кабыландардын башына.
Кандай кыйын иш келет.
Кака жолдо кийгизип.
Кайран жеңем берди деп.
Кабылан эрлер аттанды.
Катарга башың кошулат.
Катындын иши ушу деп.
Менин көзүм өткөндө
Энекем байкуш айткан деп.
Эстей жүргүн эми деп.
Эчен жолу Каныкей.
Айтып берген эмеспи
Ишиңди мендей иште деп.
Ишкер энең Каныкей.
Кагылайын келиним.
Канып калса экен деп.
Ар нерсеге көз салып.
Таалим алса экен деп.
Ошо айран Каныш энеңиз.
Жалгызымдын шору деп.
Акыреттик жаны деп.
Ахундун кызы Айчүрөктү
Абдан жакшы үйрөтөм.

Ар шайманга маш болгон.
Адам менен сүйлөшсө
Алтын тили так болгон.
Каныкейдин өнөрүн.
Калбай такыр үйрөнгөн
Калк башкаруу жагынан.
Канышыңан кем эмес
Кесипти жеңең үйрөнгөн
Кандай олпок жасоону
Кайран Каныш энеңдин
Кадими болгон эмеспи
Канча элдин ичинде
Айтылып калган эмеспи
Мына Чүрөк жеңеңдин
Жасап келген ак чопкут
Жакасы каухар, жеңи алтын
Айчүрөктүн ак чопкут
Кыштын күнү болгондо
Байтал бээнин бал кымыз
Ашаткыга кандырган
Жаздын күнү болгондо
Алты миң мыкты балбанга
Алты ай жатып сабаткан
Уккан элге дүң кылган
Уламадан улаган
Уз чыкырып кураган
Жарабас жерин сөктүргөн
Алтын өгөп жеңекең
Арасына төктүргөн
Табылгы жакса от өтпөйт
Очогор атса ок өтпөйт
Чымчык чаар, чырма көз
Чн баадана торгой көз
Милте коюп бүктүргөн
Жарабас жерин сөктүргөн
Ортосуна жеңекең
Жалаң болот төктүргөн
Келтенин огу тайыган
Карап турса ак чопкут
Кишинин көзү тайыган
Кабарыңда бар бекен
Кан Кыяздын устасы
Ашуубай байкуш кадаган
Кылкылдаган кыздарга
Кырк күнү каптаткан
Топтон ашкан келинге
Токсон күнү кайыткан
Келин бычып, кыз тиккен
Келишимдүү уз тиккен
Кемпир бычып, кыз тиккен
Атагы ашкан уз тиккен
Алты жерде чыйратма
Найзаңдын учун кыйратма
Жети жерде чыйратма
Сыр найза учун кыйратма
Аны чоро алды эми
Оң далыга салды эми
Оолжуган кайран эр
Айчүрөктүн ак чопкут
Баса келип алды эми
Андан кийин Гүлүстөн
Жеңекең кылган дандагай
Кайран катын Айчүрөк
Көк милтесин кайыштап
Кандагай жайын айтайын
Көргөндүн көзүн тайыткан
Кош милтелеп кайыган
Карап турган адамдын
Көз кумарын кандырган
Кармап койсоң кандагай
Шили октой жыйылат
Тартып алсаң кандагай
Ак булача чоюлат
Ажыдаардын терисин
Алты сыйра каптаган
Уу майына сугарган

Кармаган адам баласы
Кара көзү тайыган
Аны чоро алды эми
Арсыландай Гүлүстөн
Баса кийип алды эми
Жоого барчу баатырга
Куп келишип калды эми
Курган чоро Гүлүскө
Куп жарашып калганы
Жоо кийимин кийинип
Жолборс сындуу Гүлчоро
Жоого барчу эмедей
Жоо жаракты алды эми
Алманбеттин ала баш
Он эки жыл атылбай
Ойрон Чүрөк үйүндө
Жаткан экен дат басып
Аны чоро алганы
Сүмбү менен сүмбүлөп
Сүрү менен койгулап
Тарткы менен тарткылап
Тазалап ичин арткылап
Болот учкай ак даки
Алты сыйра тазалап
Аны чоро алды эми
Алабашты асынып
Алманбеттин арбагы
Колдосун деп камынып
Жазайылды салынып
Жараткан алла кудайга
Арсылан бала жалынып
Атадан калган сыр найза
Үч карагай үстүндү
Улап келип жасаган
Үч маргалаң көкөндөн
Сурап келип жасаган
Эки кездей жерине
Тору тил кылып орноткон
Көш каракыл тактырган
Арыстанымдын сыр найза
Каруусуна салганы
Кабылан бала алганы
Андан кийин Гүлүстөн
Атадан калган айбалта
Өзү колго түшкөндө
Эр Кыязга жумшаган
Ошонун баарын чогултуп
Кайран Чүрөк жыйнаган
Үзүлгөнүн улаган
Чачылганын жыйнаган
Арсылан бала Гүлүстөн
Алар бекен муну деп
Катып келген эмеспи
Арыстандын айбалта
Унгусу болот, учу курч
Бүтүн тене теремин
Бүлдүр огун жасаган
Муну чоро салды эми
Оң колуна имерип
Арыстан кармап турду эми
Андан кийин Гүлүстөн
Кан Манастын келинден
Алмакеңдин кан төгөр
Шиберге койсо өрт кеткен
Шилтегени мүрт кеткен
Кармарынан кол корккон
Карарынан көз корккон
Узун кайкы келтирген
Чаранын колго толтурган
Сүрүп алып жой болот
Душманды карай шилтесең
Аргамжы бою узарган
Кайра кынга киргенде
Алты кездей кыскарган
Аны чоро алды эми
Андан кийин Гүлүстөн

Аланкер жебе, сыр жааны
Аны баатыр алганы
Андан кийин Гүлүстөн
Арыстандын чоюн баш
Аны баатыр алганы
Андан кийин жанагы эр
Аттанмак болуп калганда
Бүлдүрсүндү алды эми
Арыстан эрдин бүлдүрсүн
Чапса кулак тундурган
Эки өгүздүн терисин
Өзөгүнө жиберген
Алты теке терисин
Камчылатып жиберген
Кайсайбаган байларды
Кокуйлатып бүлдүрсүн
Каяша берген катынды
Кайкалаткан бүлдүрсүн
Эчен көк жал баатырга
Бара турган бүлдүрсүн
Баатыр чоро алды эми
Ач билекке салды эми
Атына эми бармакка
Эр Сейтекти ээрчитип
Тоо торуну минди эми
Жол чалмакка арыстан
Аттанып эми жүрдү эми
Мына ошондо белестен
Эл таба албай жоо көрбөй
Күндүн мурду жайыла
Гүлүсүң кайта келди
Ак чатырга түштү эми
Арыстан уктап жатты эми
Муну мында таштаңар
Каныкей, Бакай абаңдан
Эми кабар алыңар
Канчоронун кордугун
Көрүп жүрөт бул экөө
Чындап жаны кашайып
Өлүп жүрөт бул экөө
Муну билет Акбала
Эр Гүлүстөн аялы
Куу Тынай уулу Карагул
Карагулга кеп айтат
Алты буудан ат алдым
Аман бекен Гүлчоро
Сен жылкыга баргын дейт
Эмине болсо билгин дейт
Айчүрөккө баргын дейт
Аман бекен баласы
Андан кабар алгын дейт
Мына ошондо Карагул
Кан Бакайдан бата алып
Каныкей менен Акбала
Чүрөккө жазган катты алып
Алты буудан кат алып
Жеңеңе жзган катты алып
А дегенде Гүлүстүн
Амандыгын билмекке
Кандай экен абалы
Кайран эрди көрмөккө
Мына баатыр Карагул
Төгөрөктү чалмакка
Арыстан баатыр төрөндү
Аман таап алмакка
Кабарды элге бермекке
Кайрып Талас келмекке
Убаданы бекитип
Эми жөнөп чыгыптыр
Жети күнү жол издеп
Көп жылкыга келди эми
Жылкыдан кең сур ат
Алманбет уулу Гүлчоро
Аман-эсен барбы деп
Арыстан баатыр көп сурап
Анда жаткан жылкыны

Эмне баатыр сен ким деп
Көрсөтөйүн чорону
Кайдан келген душман деп
Гүлүстөнгө ээрчитип
Көп жылкыга ал келди
Алты буудан ат менен
Алиги баатыр Карагул
Эми келип калганы
Салам айтып чорого
Карагул кирип барганы
Уктап жаткан Гүлчоро
Ордунан тура калганы
Айчүрөк менен Гүлчоро
Көзүнөн жашын төгүлтүп
Өксүп ыйлап калганы
Жылгындуу Кең-Кол чоң Талас
Жериң аман жатабы
Калың кыргыз ак калпак
Элиң аман жатабы
Каныкей Каныш эне
Тегиз аман жатабы
Карыганда кан Бакай
Абам аман жатабы
Акбала аман жүрөбү
Айланайын Карагул
Асман менен келдиңби
Гүлчородой баатырга
Же сени кудай айдап келдиби
Кудурет тилек бердиби
Жараткан айдап келдиби
Жасаңар тилек бердиби
Эми сени ким айдап
Эрте маган жеткизди
Деп Гүлүстөн сурады
Мына ошондо Карагул
Элдин жайын айтмакка
Эми кирди кеңине
Арыстан чоро барсыңбы
Айланайын жеңеке
Аман-эсен жүрсүңбү
Кеткенден калгант керезиң
Арыстан Сейтек сенсиңби
Эми элден кабар берейин
Акбала сенин аялың
Караниет Канчоро
Көй башчы болгон эми
Койлоруна чоң кылган
Эптеп-септеп Акбала
Энеси менен абасын
Араң багып ал жүрөт
Абакем Бакай ал жайын
А дегенде айтайын
Карыганда кан Бакай
Төө кайтарат бу кезде
Жоодо калса абакем
Жөө кайтарат абакем
Энемдин жайын айтайын
Канчородой чочконун
Эми тууган тел эмчек
Эки музоо кайтарат
Түн ичинде бул экөө
Канчородой музу кор
Калмактарга бийлешет
Карып калган экөөнүн
Көрбөгөнү көр болду
Кирбегени жер болду
Деп Карагул айтты эми
Айчүрөк менен Гүлчоро
Ичи күйүп өрт болуп
Ачууу келип Гүлчоро
Айланайын Карагул
Сенде күлүк ат барбы
Азыр кошун барайын
Канчоро итти жайлайын
Деп Гүлүстөн айтканда
Карагул туруп сүйлөдү

Айланайын Гүлүсүм
Мен айтайын билиңиз
Өзүң минген Тел кызыл
Ала келдим бул жерге
Алты буудан ат келди
Энекең жазган кат келди
Жети буудан ат келди
Кан Бакай жазган ат келди
Деп Карагул айтты эми
Энеси жазган катты алды
Эми окуса ичинде
Эр Бакайдын кеби ба
Аман-эсен Гүлчоро
Арыстан балам барсыңбы
Уламадан угамын
Кербендерден сурадым
Семетей уулу эр Сейтек
Эр жетти деп угамын
Эки жылдаан бер жакта
Эр Гүлүстөн баатырым
Кыязга барат деп уктум
Эр Сейтекти ээрчитип
Алып жүрөт деп уктум
Ушул уккан сөздөрүм
Аныгы менен чын болсо
Эр Сейтегим тың болсо
Атаңдын көрү кыяздын
Айылын чаап алгыла
Арыстан эрдин балдары
Атаңдын кегин алгыла
Тындым кылып Кыязды
Анан мында кайткыла
Абакең Бакай, Каныкей
Арманы көп ичинде
Андан капа болбоңор
Душмандын жолун торгоңор
Акбала аман, эл аман
Жылкындуу Кең-Кол жер аман
Силерге биздин батабыз
Аман бол деп жатабыз
Жараткан Алла кудайга
Мунажат кылып жатабыз
Баатыр Манас арбагы
Ар качандан бир качан
Жаныңарда болсун дейм
Алманбет, Сыргак арбагы
Арыстан Гүлүс баатырды
Колдогун деп жатамын
Күндө үч убак айтамын
Жараткан алла жар бол деп
Жасаган кудай колдо деп
Жалгызга жардам берчи деп
Мен тиеймин силерди
Бир аллага зар ыйлап
Силер да жатып албаңар
Эртелеп келгин айлында
Калкыңдын баары бейпайда
Кайткыла балдар айылга
Калкыңдын баары бейпайда
Кан болгон сур турган кул
Каары өттү абыдан
Качан болсо Канчоро
Жазалоодон талбады
Каныкей Каныш энем деп
Кабарына албады
Кан абаңды сыйлабайт
Канчоро чочко эң жаман
Калкыңды жаман каарыды
Каба болбой Гүлүстөн
Оң далың байкуш оңолсо
Обдулуп атка мине көр
Айчүрөк,  Сейтек баш болуп
Айылыңа эми келе көр
Амандыгың тилейбиз
Айнектей сендей баланын
Аргылып ишти кетирбей

Амалын таап жоо алгын
Акылдаш болгун жеңеңе
Атаңдын көрү душмандын
Айласын жаман кетиргин
Анан кийин аттанып
Ала кеткен элиңди
Көчүрүп алып сен келгин деп
Деп ошентип жазыптыр
Мына ошондо Гүлүстөн
Баарын окуп чыкты эми
Айчүрөк менен Сейтекке
Ачык айтып берди эми
Аны угуп жаңкы экөө
Абдан калды кубанып
Жылкычы башы Ашуубай
Гүлүстөн алды чакырып
Жети миңде жылкычы
Тегиз аскер болосуң
Мен айтканды кыласың
Адырдан жолду чаламын
Атаңдын көрү душманга
Аттанып чабуул саламын
Деп Гүлүстөн айтты эми
Кан Манастын арбакка
Ак боз бээни сойдуруп
Алманбет, Сыргак баатырга
Атап жылкы сойду эми
Мына эми баатырлар
Кош башына бирден бээ
Кармап союп жегин деп
Гүлүстөн берди улуксат
Гүлчоро эми жаңыдан
Тел кызылды минди эми
Теңселип элди аралап
Эми жолду чалмакка
Карагул менен Сейтекке
Ээрчитип жолго кирди эми
Жеткайдын кайкы белеске
Эрте чыгып келди эми
Айчүрөк берген ак дүрбү
Эми колго алды эми
Баатыр Кыяз кайда деп
Байкап дүрбү салды эми
Мына ошондо эр Кыяз
Элинин баарын чогултуп
Калкынын баарын камынтып
Аскерди арбын алыптыр
Төлөктү баштап ээрчитип
Токсон миң аскер кол болуп
Атаңдын көрү шум Чүрөк
Алдан атты алды деп
Алааматты салды эми
Желмогуз Чүрөк шуркуя
Төгөрөктү чалды деп
Келеби десем келбеди
Эми байкап барайын
Кызы талак Гүлчоро
Аны жайлап салайын
Андан кийин Чүрөктү
Кошо жайлап салайын
Деп күпүлдөп эр Кыяз
Кайдасың жетпей эми деп
Калкын алды чогултуп
Аттанмак болуп жатканда
Арыстан көрүп кетти эми
Кайра сабап олтуруп
Айчүрөккө келди эми
Катын Кыяз келет деп
Гүлчоро жолду тозду эми
Мына ошондо Айчүрөк
Асман менен учту эми
Качан душман келет деп
Камынып жаткан кези ошо
Аскердин алдын топтоду
Аттанмакка үндөдү
Мылтыктуусу бетинде

Кылычтуусу четинде
Найзакери алдындаа
Сап-сап болуп чогулуп
Саап жолго кирди эми
Мына ошондо эр Кыяз
Ак тулпарды токунуп
Азиз жандан чочунуп
Катынга атын алдадып
Капа болуп аттанды
Батпакка атын алдаткан
Бейбай болуп жөнөдү
Ичи-башы өрт болуп
Ачуусу кайнап токтобой
Алиги чоро Сейтекти
Жеп ийчүдөй октонду
Атаңдын көрү дүнүйө
Тоо торумдан айрылып
Тоодой башым кор болду
Чоң торумдан айрылып
Чоюлган Кыяз кор болду
Ак тулпарга камчы уруп
Аттанып Кыяз келе атат
Урунаарга жоо таппай
Урушаарга жоо таппай
Акундун кызы шуркуя
Алдаган экен мени деп
Алты күн өтүп,  ай өттү
Канча түрдү күн өттү
Асман менен учкан күн
Ай ааламга сызган күн
Перинин кызы бейтаалай
Тоо торумдан айрылып
Калчу бейбак эмес го
Эптеп атты алыптыр эр
Арамдыгы ичинде
Айланып качып жөнөптүр
Кандай болсо жетсем деп
Кайда экенин бизсем деп
Ачуусу келип эр Кыяз
Ала байрак узун туу
Чоң Багыштын ушул туу
Артынан Төлөк көтөрүп
А дагы кошо келе атат
Мына ошондо эр Кыяз
Күңкүр күүлөнүп
Кайран Кыяз сүйлөнүп
Ачуусуна чыдабай
Калкын кайрып күүлөнүп
Күнү-түнү эки күн
Аскер жайнап келе атат
Мына ошондо эр Кыяз
Акундун кызы бейтаалай
Асман менен учтубу
Аскер камдап койдубу
Гүлчоро баатыр эр эле
Оң далысы толдубу
Аттанар маалы болдубу
Перинин кызы Айчүрөк
Төгөрөктү чалдыбы
Мен-менсиген баатырдан
Эрин камдап алдыбы
Ушуну ойлоп эр Кыяз
Ичи күйүп өрт болуп
Анжыян, Кашкар,
түп Бээжин
Ушундан бери чалдыбы
Эр издөөчү шуркуя
Эрин камдап алдыбы
Эмине болсо билсем деп
Эңсем Кыяз келе атат
Айчүрөк менен Гүлчоро
Издеп Кыяз келе атат
Буудур-буудур белеске
Түнөп Кыяз келе атат
Эр алдаган катын деп
Бугуп Кыяз келе атат

Колго тийсең өлдүң деп
Өксөп Кыяз келе атат
Көрсөтсө менин көзүмө
Акундун кызы карабет
Көрсөтөрмүн өзүнө
Адырмалуу тумшукка
Конуп Кыяз келе атат
Айчүрөктүн кордукка
Өлүп Кыяз келе атат
Жолдун баарын каратып
Артып Кыяз келе атат
Тоо торунун изи кайда деп
Тоо тоону карап келе атат
Жети-суунун адырын
Артып Кыяз келе атат
Атымды таап алсам деп
Шашып Кыяз келе атат
Бери жаккы шабырды
Тартып көрдү бул Кыяз
Тоо торунун артынан
Басып көрдү бул Кыяз
Айчүрөктүн зарбынан
Санаалуу болду эр Кыяз
Сан миң аскер кол алып
Шашкан экен Кыяз дөө
Салгылашып алам деп
Санаасында ойлонуп
Кызы талак Гүлчоро
Тоо торуну минер деп
Токтобогон эр эле
Толгонуп мага тиер деп
Атым тийсе колума
Азабыңды бербесем
Айчүрөк менен Гүлчоро
Тирүү кармап албасам
Сол далыңды кыспасам
Кызы талак калмагым
Азабыңды бербесем
Деп ошентип эр Кыяз
Күнү басып алты күн
Түнү басып алты күн
Кең жеткайдын четине
Жылкычынын бетине
Баатыр Кыяз жетти эми
Мына ошондо эр Кыяз
Элди таштап белеске
Турнабай салып байкаса
Эр Гүлчоро жол тозуп
Жаткан жерин көрдү эми
Калмак кулга барайын
Качырып найза сайайын
Деп ошентип эр Кыяз
Аттанып алып жөнөдү
Адырмада олтурган
Алиги баатыр көрдү эми
Тел кызылды минди эми
Тилекти кудай бергин деп
Теинип чоро жөнөдү
Манас, Манас, Манас деп
Баатыр чоро келе атат
Багыш, Багыш, Багыш деп
Кайран Кыяз келе атат
Эки баатыр кыйкырса
Тоо жаңырып келе атат
Эки тулпар жүгүрсө
Жер жарылып келе атат
Мына ошондо Гүлчоро
Өпкө менен колконун
Турган жери тиги деп
Кызы талак Кыязды
Бере көргүн эми деп
Арыстан баатыр Гүлчоро
А дагы мээлеп келе атат
Чылбыр менен тизгиндин
Кармаган жери тиги деп
Кыяз мээлеп келе атат

Экөөнүн сырткы олпогу
Буласы бурт деп бөлүнүп
Ак тулпар менен Телкызыл
Тизесине батышат
Бирин-бири ала албай
Бээжинге чейин жатышат
Алты күнү удаа сайышып
Аттары баспай калганча
Кылыч менен урушуп
Сабы колдо калышып
Айбалта менен урушуп
Сабы колдо калышып
Чоюн баш менен урушуп
Саптары колдо калышып
Жетинчи күнү бул экөө
Атынан түшүп келишип
Армансыз баатыр бул экөө
Ал жакадан алышып
Жети күнү күрөшүп
Кочкордон бетер сүзүшүп
Айгырдан бетер алышып
Жетинчи күнү Айчүрөк
Гүлчорого келди эми
Мына ошондо байкаса
Баатыр Кыяз дөөңдүн
Кырк күчкөсы бар экен
Гүлчорого кириптир
Перинин кызы билиптир
Жети эжесин чакырып
Күчкөздөрдү өлтүрүп
Ош беш күнгө толгондо
Кыязды чоро жыкты эми
Көтөрүп уруп жанагы эр
Кантигер менен мойсоду
Башын кесип алганда
Алкымдагы уруштан
Жедигер качып жөнөдү
Манас, Манас, Манас деп
Баатыр чоро Гүлүстөн
Кан Кыяздын башы деп
Байланып алып жөнөдү
Артынан жете келди эми
Эр Сейтекке берди эми
Карагул, Сейтек баш болуп
Жеткайды карай жөнөдү
Азуулары аркайган
Ат өлүгүн көрүп ал
Эр мурутунт шыпшыйтып
Эр өлүгүн көрүп ал
Жеткайды айдап Гүлүстөн
Жетинчи күнү кечинде
Жээдигердин калаага
Жетип келип конду эми
Эч киминди кырбайм деп
Эч кандай уруш кылбайм деп
Коркпогула менден деп
Коркутпаймын эми деп
Эр Гүлүстөн түшүнтүп
Эч кандай уруш болбойт деп
Элдин баарын чогултуп
Эр Кыяздын мунарга
Эми чыкты Гүлчоро
Карып менен мискинге
Алтымыш үңкүр казына
Арыстан бала ачтырып
Ою менен Гүлүстөн
Бечара карып элдерге
Аркы-терки чачтырып
Жети күнү жатты эми
Эми элди чогултуп
Жети-Суу, Өзөн, Жерге-Тал
Элдин келсин баары деп
Кайнап жаткан көп жеткай
Жедигер келсин мында деп
Айта турган сөзүм бар
Кеңеше турган кебим бар

Деп Гүлчоро айттырып
Калкка кабар салганы
Жайнап жаткан жедигер
Жер жайнап келди чогулуп
Бул Алманбет уулу Гүлчоро
Алды эмине кылат деп
Ачуусу келсе кокустан
Башты кесип тынат деп
Алтымыш ашкан чал келди
Азаматтар да келди
Арыстан бала Гүлүстөн
Алтымыш бээ сойдурду
Калың жеткай жедигер
Менин айткан кеңешим,
Улуу журтум не дейсиң
Агыштын уулу эр Кыяз
Аттанып Талас барганда
Жылгындуу Кең-Кол Таласка
Кыргызга колун салганда
Айдап келген малы бар
Ала келген жаны бар
Байлп келген дөөсү бар
Чоң Таласты чапканда
Керегe-уук кыйраган
Келин-кызы ыйлаган
Азаматтан канча өлдү
Арсылан Манас баласы
Дайынсыз кетти жок болду
Канчоро ишти баштады
Калыктын көбүн Кыязың
Талаада кырып таштады
Чоң Кең-Колдун боюнда
Айтылуу Манас баатырдын
Күмбөзү бар билесиң,
Мына ошонун жанынан.
Багыштап ууран чакырып.
Баатыр Төлөк баш болуп
Басканды билемин
Койгун десем болбостон
Карыя Төлөк турасың
Шашканыңды билесиң
Жети миң адам бир болуп
Моюнуна чалманы
Салганыңды билесиң
Оң далымдын балык эт
Кара ниет Канчоро
Кескенинде сен Төлөк
Бар экениң билемин
Кызыталак калмак деп
Айтканыңды билемин
Толтойду сойгон ушу деп
Токтобой саба муну деп
Төлөбайды сойгон деп
Башкасын тирүү койгон деп
Чынкожону сулаткан
Чыркыратып далайды
Чыр кылган калмак ушу деп
Далай айттың сөздөрдү
Токсондогу абышка
Баатыр Төлөк сен элең
Башканы айтып не дейин
Далымды кесип ок салып
Далай адам сабады
Жылкычыда мен жүрдүм
Отун алып от жагып
Менин да сендей карым бар,
Абакем Бакай дагы бар,
Эмчекти берип чоңойткон
Энекем Каныш кары бар
Эки көздөн аккан жаш,
Ушу күнгө жете элек.
Менин да жарым Акбала
Эркинсиз жүрөт талаада
Ар бир жанга бир оокат
Табылат экен өлбөсө
Таарынып Төлөк карыга

Мен да ошондой кылсамбы,
Оң далыңды кессемби
Отунчу кылып койсомбу
Сол далыңды кессемби
Чоң Таласка алып барып.
Кан Бакайга берсемби,
Жедигердин Төлөгүн,
Берен абам Бакайга.
Ат токур кылып берсемби
Мен Кыяздын катынын
Жетелүү бирдей Таласка
Көчүрүп кошо барсамбы,
Айчүрөк көчкөн зар ыйлап.
Арыстан шерден ашырып,
Агыштын уулу Кыяздын.
Аябаган зарынан
Алманбет уулу Гүлчоро
Карып болгон абыдан,
Калайы сагаң айтамын.
Кан ичер Кыяз дартынан,
Бөлөсүң мен да бөлөмүн.
Бул Кыяздын үй-бүлө
Мен көргөндү көрсүнбү
Мендей болуп талаада,
Как ошондой кылсам дейм,
Жылгындуу Кең-Кол Таласты
Он эки жылдан бер жакка
Бир көрүүгө зар болдум
Калың кыргыз көп элди
Аралап барып өлсөм деп.
Армандуу дүйнө не дейин
Ар убакта ойлодум.
Бакай менен Каныкей,
Кандай күндө болду деп.
Кабарымдан чыкпады
Кан Төлөк баатыр карысың
Калайык мында олтурат.
Калыс болуп карасын,
Жети миң түтүн эл келди.
Жети сан элдин ичинен,
Жети миң нарга пул келди.
Келин-кыздар келишти
Керекти мага эми деп
Кан Манастын жылкысын
Камчыга ченеп бөлгөнсүң
Каяша кылган адамды
Катыныңдай сөккөнсүң
Бууданды кармап мингенсиң
Булуң өтүп кеткенсип.
Сен букара элди сөккөнсүң
Тулпарды кармап мингенсиң,
Тууганың Кыяз барында
Туйгундарды сөккөнсүң
Аргымакты мингенсиң,
Атаңдын өчү барчылап.
Сен Каныкей, Бакай карыны,
Канча жолу сөккөнсүң.
Абакем Бакай карым,
Жалгыз аты Көкчолок
Алып келип мингенсиң
Көкчолокту бересиң.
Менин да абам Бакайдай,
Сен дагы жөө жүрөсүң.
Ак тулпарды бересиң
Менин энем Каныштай
Сен да ошону көрөсүң
Баатыр Кыяз баланы
Кече рас Толтой өлгөндө
Өзүңдүн көзүң бар эле.
Кан көтөрүп кеттиңби,
Аягында ал келип,
Абдан жапа биз чектик.
Кан Манастын уулуна
Каччырып найза салышты,
Канчоро экөө бир болуп.
Кандай кордук жасады,

Буудандын баарын табасың
Кан Төлөк сага айтаарым,
Ушунун баары жалганбы,
Уулу-кичүү баарың бар,
Укмуштуу элдин ичинде
Уламалуу карың бар
Кимге кылдык жамандык
Жалгыз тайың албаймын
Кереги жок калайык,
Өз өзүңдө болосуң.
Өзөн сууга коносуң,
Кан Төлөк сындуу карыны
Асыраак айтып коёмун,
Эч кимге кылбай жамандыкк.
Муна бул Тынай уулу Карагул,
Кайраттуу баатыр мына бул
Бектынай уулу Карагул
Берен баатыр мына бул
Эки тизгин бир чылбыр
Так ушуга беремин,
Кайнаган жеткай жерине
Жедигер сенин элиңе,
Кан көтөрүп коёмун.
Көч деген жерге көчөсүң
Кон деген жерге коносуң
Карагул баатыр төрага
Жедигер тууган эми сен
Айтканыңдай болосуң,
Берен тууган Карагул,
Душман келсе жол бербейт,
Доочу келсе мал бербейт
Менин айткан кеңешим,
Улуу-кичүү не дейсиң.
Деп Гүлүстөн кеп айтып.
Карагулду жеткайга,
Кан көтөрүп салды эми,
Жети миң түтүн Таластан.
Жеткилең бала көчүрүп,
Алты миң түтүн көп кыргыз.
Арыстан алды көчүрүп.
Кош айтышып эл менен,
Кайран бала таратып,
Алтымыш бээнин эттерин,
Алиги элге бердирип.
Эр Сейтекти ээрчитип,
Айчүрөктү баш кылып,
Эми Талас жөнөдү.
Карагулду калтырып,
Кайран чоро Таласка,
Кайра айланып жөнөдү...

**МАМБЕТАЛЫ АШЫМБАЕВ**

# «МАНАС»
# «СЕМЕТЕЙ»
# «СЕЙТЕК»

## ТҮЗҮҮЧҮДӨН

Мамбеталы Ашымбаев арык уруусунун Сейитказы андан Дөөлөт уругунан. М.Ашымбаевдин туулган жылы тууралуу илимий булактарда 1897-жыл деп берилип жүрөт. Ал эми КР УИАнын Кол жазмалар бөлүмүндөгү маалыматтарга караганда 1962-жылкы фольклордук экспедициянын материалдарында М.Ашымбаев 63 жашта деп айтылганына карап манасчынын туулган жылы 1899-жыл деп болжолдоого болот. Ушул эле илимий булактарда манасчынын жашаган жери Ысык-Көлдүн Түп району Кайырма-Арык кыштагы деп берилген. Изилдөөчү М.Мамыров Ашымбаевди караколдук манасчы деп атап анын айткан эпостун бөлүмдөрүн Саякбай Карала уулунун вариантына окшош экенин жазган[1].

М.Ашымбаев сабатсыз адам болгон. Башка көпчүлүк манасчылар сыяктуу эле М.Ашымбаев да өзүнүн манасчы болуп калышын түш көрүү менен байланыштырат. Ал өзүнүн кантип «Манас» айтып калгандыгы тууралуу мындайча айткан: «Мен бир жолу катуу ооруп жатканымда Алмамбет келип мени басып калды да, манасты айтасың деп кыйнады. Ошондон баштап айтып калдым. Жыйырма беш жашыман баштап өзүм эле айта баштадым. Чоң манасчылардан Чоюкени көрүп калдым. Бирок андан таалим алганым жок. Алмамбеттин кыйноосу мага манас айтууга себепкер болду»[2]. М.Ашымбаев Чоюкеден таалим алган жокмун дегени менен Кол жазмалар бөлүмүндө инв. №234-папкада манасчы Чоюкенин манасчылык өнөрү, жалпы адамдык сапаты жөнүндө Ашымбаевдин өз оозунан жазылып алынган маалыматтар сакталып турат. Демек, Мамбеталы Ашымбаев кандайдыр бир деңгээлде Чоюкенин чыгармачылыгы, манас айтуучулук өнөрү менен тааныш болгон, аны уккан жана таасирленген.

[1] КР УИА, Ч.Айтматов ат. Тил жана адабият инст. Кол жазмалар бөлүмү, Инв. №233. 1-дептер, 3-бет.

[2] КР УИА, Ч.Айтматов ат. Тил жана адабият инст. Кол жазмалар бөлүмү, Инв. №231. 1-дептер, 1-бет.

Мамбетаалы Ашымбаевдин варианты Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар бөлүмүндө кирилл алфавитинде сакталып турат. Бул бөлүмдө манасчыга тиешелүү инвентарь № 231-234 кө чейинки төрт папка бар. Ар бир папкага аныктама берели:

КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар бөлүмү инв. № 231. «Манас» эпосу боюнча Чоң казат. Бул папкада 18 дептер бар. Жалпы 4782 сап. Айтуучу: М.Ашымбаев, 63 жаш, турагы Кайырма-Арык. Жыйноочулар: Байходжоев, Токомбаева, Закиров, Аманбаев. Тоң району, Пржевальск шаары, 1979-жыл.

Инв. № 232. Бул папкада 2 дептер бар. «Манас» эпосунун үзүндүлөрү. Чоң казат окуясынан. 2102 сап. Айткан: манасчы Мамбеталы Ашымбаев. Жазган: Мамыров М. 1979-ж. Папканын ичиндеги дептердин биринчи барагында М.Мамыровдун «Жомокчу Ашымбаев Мамбеталы эпостун «Манас» бөлүгүнүн Чоң казат окуясынан. Чоң казат окуясы 1962-жылы фольклор жана акындар поэзиясы сектору уюштурган экспедициянын мүчөлөрү тарабынан жазылган. Бул үзүндү ошол Чоң казаттын жазылбай калган жери. Б.а. чоң казатта Манас калмак, кытайлар менен катуу салгылашып кол токтойт. Ошондо айтылуу Чубак жок болуп чыгып, Манас катуу капаланат. Окуя ошол жерден башталат. Жазган М.Мамыров, 25-август, 1968» деген жазуу бар. Бул маалыматка караганда инв. № 231-папкадагы Чоң казат окуясы 1962-жылы жазылып алынган да, ал эми бул папкадагы үзүндүлөр анын жазылбай калган жерлери.

Инв. № 233. Бул папкада 2 чоң дептер бар. Папканын эң сырткы бетинде «Манас» үзүндү деп жазылып турат. Ал эми ичинде «Семетей» эпосунан Семетейдин Таласка көчүп келиши, Хан көтөрүлүшү, Семетейдин өлүмү жазылган. Жарымынан кийин «Сейтек» эпосу берилген. Жалпы 4924 сап. 1979-ж.

Инв. № 234. Мамбеталы Ашымбаев «Манас», «Семетей», «Сейтек». 1976-жыл. Жалпы 18578 сап. Жыйнаган: М.Мамыров. 1968-ж. деген жазуу бар. Бул папкада 2 калың дептер бар. Анда «Манас» эпосунун «Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Көкөтөйдүн ашы», «Манастын өлүмү», «Алмамбеттин аңгемеси» эпизоддору жана дагы бир жолу «Көкөтөйдүн ашынан» үзүндүлөр деп өзүнчө жазылган.

«Семетей» эпосунан «Каныкейдин жомогу» айтылган. Папканын эң сырткы бетинде 1979-жыл деп жазылып турат.

Папкаларда сакталып турган кол жазамалар салттуу сюжеттик сызык боюнча ирээттүү түрдө берилген эмес. Үчилтиктин бир бөлүгүнө тиешелүү болгон эпизоддор башка-башка инвентарь номер менен ар кайсы папкага чачырап кеткен. Мисалы, «Семетей» эпосуна тиешелүү болгон Каныкейдин жомогу «Семетейдин» башка эпизоддору менен чогуу инв. № 233-папкада эмес, инв. № 234-папкада берилген. Ал эми инв. № 233-папкадагы «Семетейдин» аягы «Сейтек» эпосу болуп уланып кетет. Кээ бир эпизоддор мисалы, Каныкейдин күмбөз салдырышы, Манастын өлүмү улам-улам кайталанып айтылган учурлар да кездешет. Мунун себеби, ар бир эпизод ар кандай мезгилде жазылгандыгына байланыштуу болсо керек. Манасчы эпостогу улам кийинки окуяны айтып жатканда эргип, эпостун дүйнөсүнө сүңгүп кирип, транс абалында өзүнүн эсинде жакшы сакталып калган эпизоддорду сюжеттик контексттин ыгына жараша кошуп кете берет эмеспи. Биз бул кайталоолорду инвентарь номерине жараша эпостун текстине тизмектеп киргизип бере берсек башка окурмандар да биз сыяктуу эпостун сюжеттик-композициялык түзүлүшүн, окуянын жүрүшүн түшүнбөй, башы «тегеренип» калаары күмөнсүз. Ошондуктан айрым кайталанган эпизоддорду тексттин аягында атайын көрсөтүп өзүнчө бердик. Максатыбыз эпосту изилдөөчүлөр үчүн керектүү болор деген ой. Мындан сырткары текстте кездешкен адам, жер-суу, эл-уруу аттарын сыдырып чыгып, айрым түшүнүксүз сөздөрдүн маанилерин жаздык. Кол жазмалар көп жылдык жана эскиргендигине байланыштуу кээ бир сөздөрдү окуу кыйынчылык жаратты. Катчы кээде бир сөздү туура эмес жазып алса, анын үстүн бастырып кайра башка сөз жазган. Улам-улам үстүнөн бастырылып, чиймеленип, караланып жазылган сөздөр да туура окууга кыйындык туудурду. Айрым шашып жазган сөздөр эмне экени белгисиз бойдон калды. Туура эмес окуп текстин мазмунуна доо кетирип албайлы деген ойдо айрым сөздөрдүн орду бош калтырылды жана .......* белгиси коюлду. Кызыккан изилдөөчүлөр тексттин кол жазмасынан таап, окуп биздин кетирген кемтигибизди толуктайт деген ишенимдебиз.

Жогоруда М.Мамыровдун кыскача түшүндүрмөлөрүнө жана анын М.Ашымбаевден жыйнап келген материалдарына жазган

Э.Абдылдаевдин рецензиясына, ошондой эле Ашымбаевдин айткан эпостун тексттеринин сюжеттик өзгөчөлүктөрүнө, тилдик айырмачылыктарына карап Ашымбаевдин текстин С.Каралаевдин вариантына жакын түзүлгөн Чоюкенин шакирттери деп кароого болот. Анткени Ашымбаев айткан эпостун тексттеринде көлдүк манасчыларга мүнөздүү болгон амаз – намаз, амыз – намыс, окто – нокто, ойгут – нойгут, огой – ногой  ж.б. сыяктуу н тыбышынын түшүп калышы, каз – кас, тозуп – тосуп, кайзар – кайсар өңдүү з чыл тилдик өзгөчөлүктөр кездешет.

Ашымбаевдин айтуусундагы текстте «Манас» эпосунда Манастын Каныкейге үйлөнүшү, Көкөтөйдүн ашы, Чоң казат, Алмамбеттин аңгемеси, Манастын өлүмү, Каныкейдин күмбөз салдырышы; «Семетей» эпосунда Каныкейдин Букарга качышы, Каныкейдин Тайторуну чапканы, Семетейдин Сары тазга жолугушу, Каныкейдин жомогу, Семетейдин Таласка көчүп келиши, хан көтөрүлүшү, Семетейдин Чачыкейге үйлөнүшү, Семетейдин Чынкожо, Толтой менен күрөшү, Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү, Коңурбайдын өлүшү, Семетейдин өлүмү; «Сейтек» эпосунда Айчүрөк менен Күлчоронун кордук көрүшү, Сейтектин төрөлүшү, эр жетиши, Сейтектин Кыястан өч алышы, хан көтөрүлүшү деген салттуу эпизоддор айтылган. Чоң манасчылардын варианттарынан айырмасы эпизоддор кыскартылып схемалуу түрдө берилген. Сюжеттик өзгөчөлүк катары Манас менен Алмамбеттин алгачкы жолу Көкөтөйдүн ашында көрүшкөнүн айтууга болот.

Манасчы Мамбеталы Ашымбаевдин айтуусундагы «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторундагы тексттер алгачкы жолу жарыяланып жатат. «Манаска» кызыккан бардык окурман, изилдөөчү, окумуштуулар үчүн кызыктуу материал болот деп ишенебиз.

***Жанар ӨМҮРАЛИЕВА***
***КР УИАнын илимий кызматкери***

# МАНАС

## МАНАСТЫН КАНЫКЕЙГЕ ҮЙЛӨНҮШҮ

Шоорук кан кызы Акылай,
Шоодураган капырай,
Шооруктун элин алганда,
Катылбай Шоорук катылбай,
Дыдарын көрүп Манастын,
Колун сунуп калганда,
Ошондо уялып кетип зор Манас,
Жанында Бакай турганда,
Аба, бул кылганың назар деп,
Анда Бакай муну айтат:
«Акылай өзү келгени,
Муну кудай бергени,
Баатыр аял албай жүргөнү,
Саа кудай бергени.
Ушундай болгон иши деп,
Ак боз бээни соёлу,
Тал түштө нике кыйып коёлу».
Акылайды алган ушундай.
Алты жыл жүрүп байкашты,
Келгендерден кеп угуп,
Ушак-айың сөз угуп,
Каракан кызы Каныкей,
Каныкей сулуу деп угуп,
Ошону алсам деп айтып,
Кара кыздын нурлуусу,
Мусулмандын сулуусу,
Акылы артык деп угуп,
Арага киши салмакка,
Ошондо баатыр бармакка,
Кызыр чалган арыстан,
Жолго өрүүн болгондо,
Баатыр менен аралаш,
Акбалтайдын Чубагы,
Чалгынга чубап жүргөндө,
Каракандын шаарына,
Кадимки Чубак барганда,
Ошондо Чубак баатырың,
Акыл ойлоп калганда,
Каракан кызы Каныкей
Ургачыдан мыкты деп,
Ошондо Чубак барганда,
Караанын көрүп Каныкей
Мунарага чыкканда,
Дүрбү салып Каныкей
Эки жагын караса,
Көк ала тулпар ат минген,
Көк рапыс тон кийген,
Каныкейдин кабарында бар экен,
Алышса адамдын алы жетпеген,
Бөрүнүн тиши өтпөгөн,
Баягы алсыз Чубак келатат.
Караканга айтканда,
Аргымагын токунуп,
Эзелде келгис кылайын,
Ушуга эңкейип найза салайын.
Каныкей аргымагын мингенде,

Бүчүлүгүн топчулап,
Жоо-жарагын кийгенде,
Мени аламын дегенби,
Ушу менин теңимби!?
Жоо-жарагын салганда,
Жалгыз тосуп барганда,
Бейдаарат адам келчү эмес,
Аз оюнга бир болуп,
Билгени келген экенсиң,
Көөдөнүңдү көтөрүп,
Өз билгениң кылсам деп,
Колуман келет деп ойлоп,
Тушарыңа теңебей,
Чубак, алганы келген экенсиң.
Жолуңду тостум мен мына,
Теке маңдай болгун деп,
Баатыр болсоң келгин деп,
Карагай найза майышты,
Чубак менен Каныкей,
Качпай туруп сайышты,
Бет алышып коюшту.
Каныкей сайган найзага,
Чубак турuштук бере албай,
Эрдигин Чубак билди эми,
Эрлигин Чубак билген соң,
Айласын таппай кан Чубак
Эңип тартмай болгондо,
Оодарышмак салганда,
Ак каңкы ээрден Чубакты,
Эңкейтип эңип аларда,
Кара жанды куткарып,
Кайран Чубак качты эми.
Аргымак менен тургутуп,
Тазкарадай далдайтып,
Каныкей кууп калган кези экен.
Ал аңгыча болгон жок,
Көк-Кайкынын белинен,
Бакай баатыр баш болуп,
Кабылан Манас келатат,
Кашкар жолдун бетинен,
Кадимкидей чаң чыкты,
Чаңга көздү салды эми,
Арстан Бакай көрдү эми,
Көкала тулпар чаңы экен,
Артынан кууп алганы,
Каракан кызы Каныкей,
Көрүп калган кези экен.
Ошондо Бакай күлдү эми,
Артынан түшкөн бул жооң,
Каныкей өзү турбайбы,
Аргымак оозун бурду эми,
Кайра тартып белести,
Каныкей туруп ошондо,
Манасты көрүп турду эми.
Аккула минип зоңкоюп,
Арстан тууган баатырды,
Каныкей сынап калган кези экен.
Ичи көлдөн кең экен,
Телегейи тең экен,
Шай колдогон эр экен,
Купулуна толтурду,
Нике кайып буюрса,
Баатырга сугу түшүп турду эми.
Ошол күнү кечинде,
Кулдук уруп бээ союп,
Арага Бакай түштү эми.
Анда куда болгон кезинде,
Келеринде баатырың,
Медиянды чөлүндө,
Шай колдогон кайран эр Манас
Жортуул тартып келгенде,
Тараза жылдыз батканда,
Даарат алып кабылан,
Амаз окуп жатканда,
Кара-Зоонун түбүндө,
Күчүк кыңшып жатыптыр,

Амазын окуп болгондо,
Күчүктүн үнүн укканда,
Арстан басып барганда,
Баатыр этегине салганда,
Балта жутар көк жору,
Тууп таштап кетиптир,
Ошо турган зор Манас,
Этегине салганда,
Кырк чоронун улуусу,
Кыргыл чал куржунуна салыптыр,
Күчүктү багып берсин деп,
Сынамакка көк жалың,
Берип ийген кези экен.
Келерки жылы болгондо,
Күйөөчүлүк сүрмөккө,
Көк жалың барып калган кези экен.
Кан кыздары жыйылып,
Башталыш салган кези экен,
Сур тайган баккан кези экен.
Кыштын кыраан чилдеде,
Каныкей ак боз бээни сойдуруп,
Ак боз бээнин казысын,
Тырмагы менен сыдырып,
Күчүктү баккан кези экен.
Ак үйгө орду каздырып,
Азуулар мындан наз болот,
Каныкей,
Сур тайган баккан кези экен.
Жыл маалына келгенде,
Сур тайган,
Илбээсин көрсө куткарбайт,
Азуулардын баарысы,
Сур тайган,
Жолборс көрсө куткарбайт.
Ошо күндөн ушу күн,
Сур тайган Каныкейге үйүр эле,
Келип кыздар жыйылып,
Тамаша салып жатканда,
Эшиктен кирип сур тайган,
Каныкейди бет алып,
Сур тайган төрдү көздөй чуркады.
Ошо күнү сур тайган,
Саксөөлдүн кызыл чогуна,
Сур тайган,
Куйруктун учун малыптыр,
Куйругун чалып алыптыр,
Ошо күнү дардайып,
Кабылан Манас келиптир,
Кызыңдын
Жакшы экенин билем деп,
Сур тайган алып келет дейт,
Сур тайган алып келгенде,
Күчүктү жакшы бакбаптыр,
Кызыңды албайм деп айтып,
Каарданып калыптыр.
Алты жыл салбар кылганда,
Албаймын деп калганда,
Арага Бакай түшкөндө,
Ошондо Шоорук кан кызы Акылай,
Кечээ Карача кандын кыз Сайкал,
Кыз Сайкалды алсам деп,
Келгендерден кеп угуп,
Арага кепти салганда,
Акылай туубай калды деп,
Мыкты болсо алсын деп,
Ошондо кабылан Манас барганда,
Жалгыз барбай көк жалың,
Чубак кошо барганда,
Серек, Сыргак эгизи,
Ушулар чогуу барганда,
Карача кандын кыз Сайкал,
Ургачынын шери экен,
Мыкты болсо Манаска,
Бир сайышмак салышып,
Тие турган мен эмес,
Ала койчу ал эмес,

Тоорукенин жолуна,
Бакай кошо барганда,
Эмне келдиң Бакай деп,
Сен да куру калба деп,
Сайыша турган табыңбы,
Ошондо абам бар эле,
Элүү беште чагы эле,
Абаңды узунунан салганда,
Бурчатпай Бакайды алды деп,
Аркадан Чубак барганда,
Чубакты көмө муштап калганда,
Ардангандан кабылан,
Ардыгып өзү барганда,
Тоорукердин жолунан,
Качпай туруп эки шер,
Карагай найза майышты,
Качпай жатып сайышты,
Оодарышмак салганда,
Түйөгүп кетип зор Манас,
Баатырды тоңкойтуп кете
таштады.
Баатыр тап этине келбептир,
Аккула жүрбөй калыптыр,
Аккула кулагына жал алып,
Табына келбей Аккула,
Бууданын тап этине келтирбей,
Кабылан Манас султан деп,
Эрди баптап Акылай салыптыр.
Баатырды ык семиртип,
Ошо жолу сайышып,
Баатыр алдырып ие таштаган.
Акыл ойлоп зор Бакай,
Катыгүн болбой калды деп,
Абам Бакай ой ойлоп,
Караканга барды эми,
Ошол өткөн жазында,
Баатыр Манас кабылан,
Каныкейди алганы.
Каныкей,
Баатырдын атын алды эми,
Кырк чоро колго алганы,
Кырк чоросун бакканы,
Кылыгына жакканы,
Аккуласын байлатып,
Тап этине келтирип,
Семирип калган көк жалың,
Катыгүн түтөгүп калган табы деп,
Ала кийиз алдына,
Алты ай арнап салганы,
Баатырды тап этине келтирди,
Эми быйыл күзгө баргын деп,
Быйыл саяр чагың деп,
Убадага жеткенде,
Тоорукердин жонунда,
Ыргайтынын бетинен,
Ыргайлашып алышып,
Кыз Сайкал менен салышып,
Жети күнү болгондо,
Бири-бирине эки эрен,
Айласын таппай турушту,
Бел-Таштын башы жайлоодо,
Кечээ Алмамбет көк жал келгенде,
Карагай найза майышып,
Айла таап Алмамбет,
Алты күнү сайышып,
Как жүрөккө малышып,
Караганды кузушуп,
Эми өзүң бергин деп,
Алмамбет өзү айтканда,
Ошондо оодарышмак салганым,
Сайкал, мени
Эңкейтип кете таштады,
Сайкалды бир эңкейтип алганда,
А дүйнөлүк болгун деп,
Убадасын бергенде,
Сайкалды алган жер ошол.

# КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ

Кан Көкөтөй бар экен,
Төрт түлүгү шай экен,
Ошо малдын ичинде,
Кызыл нары бар экен,
Кызыл нарды көргөндө,
Ичкен ашы бал болуп,
Дүнүйөсү шай болуп,
Төрт түлүк малдын ичинде,
Кызыл нарды жоготуп,
Капа болгон кези экен.
Күнү-түнү нечен түн,
Каңырыгы бек түтөп,
Издеп калган кези экен.
Издеп жүрүп Көкөтөй,
Будур-будур жер кезип,
Үйдөй болгон кызыл таш,
Кызыл таштын түбүндө,
Кызыл нар чөгүп калыптыр,
Кыңылдаган жаш бала,
Кыңылдап үнү бир чыкты,
Ошо күндөн ушу күн,
Бала көрбөй жүрүптүр,
Жаш баланы тапканда,
Сүйүнгөндө Көкөтөй,
Оң өркөчтүн түбүндө,
Оң жаккы жыгылары жагында,
Ай туягын бат айтып,
Бокмурунду тапкан жер.
Кудай бизге берди деп,
Байбичеге келген жер,
Калкына тойду бергенде,
Атын коюп Бокмурун,
Калкына кабар айтканда,
Бокмурун эрешен тартып эр болду,
Эр уулу менен тең болду.
Так ошентип жатканда,
Өзүң көргөн Көкөтөй,
Бу дүйнөдөн көчөм деп,
Балам катуу оору болдум деп,
Кабагын салып Көкөтөй,
Балам бул дүйнөдөн көчөрдө,
Айта турган кебим бар,
Мекедеги ак эшен,
Ак эшенди алдыргын,
Артыкта атты бере көр,
Аябай кызмат кыла көр,
Төрт түлүк малды чача көр,
Калганы жетет балам деп,
Аябай кызмат кыла көр,
Атым чыгып калсын деп,
Артымда калган пендеге,
Салты калып калсын деп,
Төгөрөктүн төрт бурчу,
Арнаганы Мааникер,
Арнап жүргөн мал эле,
Аябай кабар бере көр,
Күчү болсо Мааникер,
Тулпардан бүткөн мал эле,
Он эки күнү чуркаса,
Чаркы жетер мал эле,
Төгөрөктүн бурчуна,
Күн батыш менен Күн чыгыш,
Туруштук берер мал эле.
Деп ошентип Көкөтөй,
Он беш күнү болгондо,
Жаздыкта жатты Көкөтөй.

Балам, айткан сөзүм кылгын деп,
Кошойго кабар салгын деп,
Азырак сөзүм уккун деп,
Кыргыздан чыккан Кошойдун,
Балам, айткан тилин алгын деп.
Акылды табат кан Кошой,
Сыйнатымды билет деп,
Энеңдин тилин ала көр,
Кошой менен энеңдин,
Балам, айтканына макул де.
Азырак чолуп алмаң бар эле,
Акыл тапкан Кошойдун,
Андай эмес, мындай деп,
Балам чолуп кетме жериң бар,
Мен дүйнөдөн көчкөндө,
Төрт түлүк малды айдар кез,
Капыр менен мусулман,
Чек арага бара көр,
Айткан сөзүм ушу деп,
Бейшембинин күнүдө,
Жуманын кадыр түнүдө,
Көкөтөй дүнүйөдөн кайтты эми.
Атамын айткан сөзүн кылам деп,
Ташкенден көчтү Бокмурун,
Кара нарга жүк артып,
Каркырасын сайдырып,
Турна моюн үргүл жаак,
Шөкүлөсүн сайдырып,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Өзү кыпчак тукуму,
Ташкенден көчүп жөнөдү.
Буудайкан кандын Музбурчак,
Өрүүн болуп жатканда,
Алптарга кабар салганда,
Ал акыреттик дос экен,
Кайдан көчтүң балам деп,
Атамын айтканын чогуу кылам деп,
Кең Алайга туралык,
Сары-Өзөн деген жери бар,
Так ошо жерге туралык,
Анда буйлап турганда,
Абам Кошой келгенде,
Кошойдун айтканына болом деп,
Бокмурун кулагын тосуп калганда,
Абакең Кошой келгенде,
Менин балам айтканымды
кылат деп,
Атаңдын айткан сөзүн билгин деп,
Кең Каркыра жери бар,
Карагай менен кайыңын,
Арча менен четинин,
Аралаштыра жагабыз,
Кең Каркыра жер ошол,
Аркар менен кулжасы,
Аралаша оттогон,
Атын койсоң дырдыгып,
Алда кайра оттогон,
Кең Ысык-Көл жер ошол.
Калмак менен кыргыздын,
Карчылашар жери ошол,
Ошондо калкка кабар салалык.
Кең Каркыра келди эми,
Кошокчусун бир бөлүп,
Санат болуп калсын деп,
Ташкенден көчүп Бокмурун,
Самаган жерге жетмекке,
Каркырага келди эми.
Төрт түлүк малды айдатып,
Мааникерди мингизип,
Жаш Айдарды жиберип,
Калкына кабар салмакка,
Арбагын сыйлап атасын,
Бокмурун санат кылды эми.
Малдын келген жерин айтайын,
Ташкенден келди миң төө,
Бул жүктөгөн миң төө,

Төрт түлүк малын айдатып,
Каркырага келгенде,
Бул кимдин малы деп,
Көрүп пенде таң калды.
Көкөтөйдүн малы деп,
Самаркан келет көп малы,
Санат жетпейт адабы.
Сан ар башка ат келди,
Букардан келет сан жылкы,
Буган акыл жетпей турганы.
Кашкардан келет миң төө,
Санат жетпей бу дагы.
Төрт түлүк малы шай келип,
Акыл жетпейт адабы.
Кең Каркыра барганда,
Чек аранын бою деп,
Баарына кабар салганда,
Колдун жайын айтайын.
Жолойго кабар айтканда,
Кабарлашып алыптыр,
Калмак менен кытайдын,
Аралаша барыптыр,
Карыянын ашы деп,
Тамашаны көрсүн деп,
Бул ашыма келсин деп,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Баарына кабар бериптир.
Эртеңден улуу шашкеде,
Жолойго кабар тийиптир.
Асаба колдо калкылдап,
Айбалта белде жаркылдап,
Асаба колдо калкылдап,
Бу кимдин колу деп,
Нескара менен Жолойдун,
Колу көчүп келиптир,
Тогуз миң ирик, миң байтал,
Союшуна бериптир.
Токсон миң төөнүн отунун,
Жагышына бериптир.
Жаткан төөдөй чаккан кант,
Чагышына бериптир.
Түш кыйшая бererде,
Илек-илек кол келди,
Бу кимдин колу деп,
..........* салып караса,
Бөрүкөз менен Ороккыр,
Катар келген бул экен.
Сегиз миң ирик миң байтал,
Союшуна бериптир,
Сексен миң төөнүн отунду,
Жагышына бериптир,
Жаткан уйдай чаккан кант,
Чагышына бергенде,
Эртеңден улуу шашкеде,
Асаба колдо калкылдап,
Өңчөй кызыл кийинген,
Бу кимдин колу деп,
Коңурбайдын өзү экен,
Алты миң ирик, миң байтал,
Союшуна бериптир,
Алты миң төөнүн отунун,
Жагышына бергенде,
Жаткан уйдай чаккан кант,
Чагышына бергенде,
Ал аңгыча болгон жок,
Сары-Арканы жердеген,
Айдаркан кандын зор Көкчө,
Алачтан чыккан эр Көкчө,
А да келди жол алып.
Иримчик, айран көп курут,
Таруусун кумдай актаган,
Катынын кыздай мактаган,
Буган союш бергенде,
Төшкө таяп койгондо,
Андан бери келгенде,
Алптын жайын айтайын,

Тазбайматтын эр Үрбү,
Өзү мундуз тукуму,
А да келди жол алып,
Аз гана киши кол алып.
Буларды тескеп болду эми,
Буудайкан кандын Музбурчак,
Кең Алайды жердеген,
Серпишкенин койбогон,
Теңдигин элге бербеген,
А да келип жол алып,
Анча-мынча кол алып,
Төмөнкү Кокон, Маргалаң,
Ар жагы берки Түркистан,
Аманген менен Индустан,
Кокондуктун Сынчыбек,
Тегерек кылган наны бар,
Төрт бурчтап соккон тамы бар,
Сара жөөлүк көчөтүн,
Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Курчанган куру бир кучак,
Мингендери тобурчак,
А да келген жол алып,
Аз гана мынча кол алып.
Чамбылдын башын жайлаган,
Чалкуйругун байлаган,
Эламандын Төштүгү,
Бу да келди жол алып.
Жети-Сууну жердеген,
Жедигердин эр Багыш,
Бу да келди жол алып,
Аз гана түмөн кол алып.
Бу Ат-Башыны жердеген,
Кыргыздан чыккан карыя,
Кымбаттуу Кошой олуя,
Батасы журтту байыткан,
Бу дагы келди бу ашка.
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Кемегенин кашына,
Ат келерде жип болду,
Сойгон малдын канына,
Колоңсоодон көп болду.
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Алптар чогуу келгенде,
Кан Кошойду чакырып,
Акыл тапкын аба деп,
Ашты кандай берем деп,
Атты кандай чабам деп,
Айлам кетип калды деп,
Кемегенин кашына,
Эр Шыгайды коюптур,
Чынкожонун атасы,
Шыгайга койбой жеп кетет,
Союшту артык жеп кетет,
Көк ала чокой көп манжу,
Шишке сайып жеп кетет,
Бурут этиңди тарткын деп,
Калмактардын Нескара,
Алакандай буруттун,
Акылынан шаштырып,
Алптардын баарын сынады,
Алакандай буруттун.
Буудайкандын Музбурчак,
Бул Манаска окшошпойт,
Качан Манас келет деп,
Көзүнүн майы түгөнүп,
Карап турган кези экен.
Жети-Сууну жердеген,
Жедигердин эр Багыш,
Бул Манаска окшобойт.
Эштектердин Жамгырчы,
Ал Манаска окшобойт,
Эламандын Төштүгү,
Азыраак куну бар экен,
Ал Манаска окшобойт.
Буудайкан кандын Музбурчак,

Бул Манаска окшобойт.
Минген аты Тобурчак,
Курчанган куру бир кучак,
Кокондуктун Сынчыбек,
Ал Манаска окшобойт.
Ат-Башыны жердеген,
Катагандын кан Кошой,
Батасы журтту байыткан,
Бу дагы,
Пайгамбар чалыш киши экен.
Манас келбей ашына,
Алакандай кыргызды,
Бөлөгүндө сыймык жок,
Алптарды сынап бүткөндө,
Алакандай бурутту,
Бурутка кызык салсак бейм,
Сулуу катын, сулуу кыз,
Кыйкым таап булардан,
Ат сооруга салсак бейм,
Ороккыр менен Нескара,
Коңурбайы баш болуп,
Катар үчөө кеңешип,
Бурутка алмаң салалык,
Төгөрөктүн төрт бурчу,
Чарчабай кабар бериптир,
Баарына кабар бергенде,
Мааникер күлүк мал экен,
Мааникер күлүк алалык,
Чакыртып алдың ашыңа,
Бизге,
Мааникер тартуу кылгын деп,
Мааникерди бербесең,
Тарткан этиң жебеймин,
Тамаша салып бербесең,
Көрсөтөмүн сонунду,
Мааникерге кызыгат,
Карап турган Нескара
Өзү сынчы кул экен,
Кабырга сөөгү калдайган,
Калдай минчү ат экен,
Белдемчисин байланып,
Бээжинге минер ат экен.
Эсенканга тартарга,
Алтын, күмүш артууга,
Эптүү күлүк мал экен.
Мааникерди алалык,
Коркутуп жатып буруттан,
Мааникер күлүк алалык,
Омуроолоп калалык,
Арага киши салды эми,
Калмактар акылдаша калды эми.
Кан Кошойду чакырып,
«Мааникерди бербесе,
Журт атасы кан Кошой,
Кыргыздын белдүү эрени,
Кошой сөзүм уккун,– дейт,
Чакыртып алдың ашыңа,
Бизге,
Мааникер күлүк бергин!– дейт,
Мааникер күлүк бербесең,
Өз билгеним кыламын,
Бурут
Согушар жериң кылгын» – деп.
«Баатыр акылдашып алалык,
Анан жообун айталык».
Бокмурунду чакыртып,
Алакандай кыргызды,
Күн батыш менен Күн чыгыш,
Чакырып алып бул ашка,
Капырлар алман салып турганы.
Алптын баары кеңешип,
Адал өлсө Мааникер
Бир казан толгон эт эле,
Арам өлсө Мааникер
Ит менен кушка жем эле.
Чатагы жок калсак бейм,

Мааникер буудан берсек бейм,
Алптын баары кеңешип,
Кайнап жаткан каапырга,
Калмак уйдун түгүндөй,
Чек арага аш берип,
Акылы жок аш бердик,
Азапты чогуу салат ко,
Чатакты капыр баштайт ко,
Кошой абаң кеп айтты,
Анда Эламандын Төштүгү,
Акыл таап бул айтат,
Кошой аба, сөзүмдү ук,
Кабылан Манас келбесе,
Кайнап жаткан бул калмак,
Ал эмесе, туздап кимди таштайбы,
Мааникерди дагы алып,
Катыгүн дагы алмаң салбайбы,
Айла кетип калбайбы.
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Бокмурунду чаптырып,
Манаска киши жибер деп,
Айла кетип калды деп,
Бокмурун туруп кеп айтат,
Манасыңды чакыртпайм,
Манасың качан киши эле,
Манасың жок аш берем,
Атакемин сан жылкы,
Төрт түлүк малы шай болчу,
Бияктан азыраак жылкы бөлүнүп,
Манастын айлына барган болучу,
Өзү буйруп келди деп,
Согумуна токсон бээ,
Союп жеген болучу,
Манасыңды чакыртпайм,
Манасы жок аш берем.
Деп ошентип Бокмурун,
Күүлөнүп турган кезинде,
Акыл таап кан Кошой,
Айсалкынды чакыртып,
Көкөтөйдүн зайбы экен,
Айсалкын туруп кеп айтып,
«Кагылайын жалгызым,
Деп ошентип кеп айтат,
Аркаларга атаң жок,
Артыңда бел байлар трууган жок,
Атаңдын айткан сөзүн аткаргын,
Мен айтамын кебим ук,
Томуктай кыргыз жыйылды,
Кагылайын жалгызым,
Кабылан Манас келбесе,
Салган алман бергин деп,
Айтканыма көнбөсөң,
Мааникер күлүк бергин деп,
Мааникерди алганда,
Кайтадан алмаң салбайбы,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Бокмурун минтип турганда
Кан Кошой менен Төштүккө,
Касиеттүү Көкөтөй
Ар түлүгү шай эле,
Дүнүйөдөн көчкөндө,
Мунун айтканы мынча бар эле,
Кызыл нардын жанында,
Менин согончогум канабай,
Туубай калган күң элем,
Өркөчүнүн алдынан,
Кең Кызарттын белинен,
Кара таштын түбүнөн,
Чөгүп жаткан кызыл нар,
Өркөчүнүн жанынан,
Таап алган бала эле.
Сүйүнчүлөп келгенде,
Боорума кысып баланы,
Чүмкөнүп жатып алгамын,
Калың тойду бергенбиз,
Билгендери айтчу эле,

Нурдан бүткөн бала деп,
Билбегендер айтчу,
Айсалкын өзү тууп алды деп.
Кагылайын жалгызым,
Кайнап жаткан көп манжу,
Ээ кылбай этиң жеп турат,
Ээ кылбай ашыңа,
Капыр көптүгүнө салганда,
Айлаң кетип калат ко.
Манастын жайын айтайын,
Ак марал кууп уй кылган,
Ааламдын баарын буй кылган,
Олуязаада Манаска,
Бак таалайын баатырдын,
Кудай аны жараткан.
Манаска адам тең келбейт,
Кайнап жаткан адамга,
Манас баатыр келгенде,
Койзары келди буруттун деп,
Ителги таанга тийгендей,
Калмак менен көп манжу,
Жарыла берип турат деп.
Амыз кылба жалгызым,
Чакыртып алгын арстанды».
Жаш Айдарды жиберди,
Айтканына көндү эми,
Кара-Буура, Чаткалда,
Төрткүлдүн төмөн жагында,
Баатырдын сайган багында,
Эриксе кулан аткандыр,
Баатыр Манас келсин деп,
Ак кагазга кат жазып,
Жаш Айдарга бат жазып,
Кабылан Манас келсин деп,
Бул ашыма келсин деп,
Аш башкарып берсин деп,
Болоттон калем колго алып,
Болжоп жазды Бокмурун.
Айтканынча бар экен,
Жаш Айдар барган кези экен.
Баатырдын жайын айтайын,
Каалгасы сом калай,
Даңгыраган чоң сарай,
Салтанаты бир далай,
Болушуптур Манаска,
Алтымыш башка бир малай.
Бокмурун берген бул катты,
Сууруп берди койнунан,
Окуп алып зор Манас,
Каарданып кабылан,
Барбаймын деп ашына,
Чакыртсакпы Манасты,
Жөн койсокпу Манасты,
Деп ойлонгон турбайбы,
Алакандай көп кыргыз,
Мени тушарына теңебей,
Деп ошентип зор Манас,
Акыл ойлоп Каныкей,
Барбай койсоң баатыр деп,
Капырдан кордук көрбөйбү,
Амыз кетип калат ко,
Алакандай кыргыздын,
Аттангын баатыр деп айтып,
Капыр менен мусулман,
Калк жыйылган жери деп,
Эр элүү беш келгиче,
Мерзент көрбөй калдың деп,
Элден бата алалы,
Казынаны ачайын,
Алтын, күмүш артынып,
Жетим менен жесирге,
Туяксыз өтүп барабыз,
Баатыр элден бата алалык,
Аттангын төрөм, деп айтып,
Төгөрөктүн төрт бурчу,
Баары келди деп уктум,

Чоң тамаша болот дейт,
Баатыр амыз кетип калбайбы.
Барбай койсоң баатырым,
Капыр алман салбайбы,
Өз билгенин кылбайбы,
Алакандай кыргыздын,
Айласы кетип калбайбы.
Кырк чороңу чакыртып,
Ата амыз кетип калар деп,
Баатыр Манас кабылан,
Аттанып чыккан жери экен.
Айтканын кылды Каныкей,
Казынасын ачты эми,
Дилделерин жүктөтүп,
Кара нарга кошо артып,
Аргымагын токунуп,
Кара көздүн нурлуусу,
Мусурмандын сулуусу,
Каныкей аттанып кошо
жүрдү эми.
Кырк чоросун ээрчитип,
Баатырың Таластан,
Аттанып чыккан жери экен.
Мааникердей күлүктү,
Жети күн мөөнөт сураган,
Жети күнү күтүп бер,
Акылдашып алалык,
Анан Мааникер күлүк берелик,
Кошой улуксат сурап турганда,
Кара жанга күч келди,
Мааникер күлүк бергин деп,
Түш кыйшайып калганда,
Капыр камап үч келди.
Ал аңгыча болгон жок,
Кызыл-Кыя бел ашып,
Кылымды бузган кайран эр,
Бара жаткан кезинде,
Кырк чоросун ээрчитип,
Кылымды бузган арстандын,
Чоронун жайын айтайын,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Кутунайдын Мажиги ай,
Аргын кандын Ажыбай,
Атасы менен кас болуп,
Көчүп келген Таласка,
Чоро болгон Манаска.
Узун сакал, кызыл көз,
Кара тилин кайраган,
Кан алдына сайраган,
Ажыбай жайын айтайын,
Кан алдында сайраган,
Ойдологон Ажыбай,
Он эки буруу тил билет,
Ажыбай жайы момундай.
Ырамандын Ырчы уулу,
Ычкыры түпөк кырк мууну,
Бу да келген Таласка,
Чоро болгон Манаска.
Баары бирдей көй кашка,
Ач жолборстой чамынган,
Чоронун баары ушундай.
Ойгуттардын кырааны,
Акбалтайдын Чубагы,
Акыреттик дос болуп,
Адамдын алы жетпеген,
Бөрүнүн тиши өтпөгөн,
Бу дагы келген Таласка,
Акыреттик дос болуп,
Айыл конгон Манаска.
Кырк чоро башы Кыргыл чал,
Кыркында көпкөн жинди чал,
Бу да келген Таласка,
Анан чоро болгон Манаска.
Кабылан көк жал баратат,
Олуяттын Бакайы,
Көкала тулпар ат минген,

Көк ырапыс тон кийген,
А дагы келген Таласка,
Акыреттик дос болуп,
Бакай айыл конгон Манаска.
Салтанаттуу карыдан,
Абакем Бакай астында,
Арстанга көзүн салды эми,
Карап туруп көк жалды,
Нескара тиктеп калды эми.
Артылып көзүн салган соң,
Атайы тиктеп калды эми,
Сынчы болуп Нескара
Сынап калган кези экен.
Кабылан тууган эр экен,
Ошо баатыр келатат,
Ат байлоочу мамысы,
Алакандай кыргыздын,
Таалайына бүтүптүр,
Зорлугу тоонун теңиндей,
Ким көрүнсө жегидей,
Кабылан тууган эр экен,
Алты шердин кенжеси,
Алданын сүйгөн пендеси,
Мекедеги бек экен,
Алакандай бурутка,
Бек кармаган чеп экен.
Ичи көлдөн кең экен,
Телегейи тең экен,
Ат качырбас боз айгыр,
Ааламды бузар шер экен.
Бою салак мойну кез,
Толукшуган эр экен,
Эч жеринде кеми жок,
Толукшуган эр экен.
Жазы маңдай жар кабак,
Жазбай чапчу эр экен,
Каарданса кабылан,
Барып калса Бээжинге,
Бир чабары эр экен.
Деп ошентип Нескара,
Алакандай кыргызга,
Үй тиктирип бээ союп,
Ордо кызды чакыртып,
Арстанды күтүп калды эми.
Ошондо Манас булкунуп,
Бокмурунга жулкунуп,
«Кызыталак Бокмурун,
Самоору алтын жез эле,
Быйыл сапар жүрчү кез эле,
Кеңеши жок аш берип,
Алакандай кыргыздын,
Айласын таппай калбайбы,
Чакырып алып ашыңа,
Кайнап жаткан капырга,
Кеңеш салбай аш берип,
Кызыталак Бокмурун,
Бул эмине дегениң?»
Кабылан Манас көк жалың,
Калкамандын кара атын,
Камчыланып алды дейт,
Калың жыйын ичинен,
Кабылан алчыланып алды дейт.
Алдыңдагы мингени,
Калкамандын кара аты,
Калк жыйылып келгенде,
Кабылан туйгун баатырдын,
Мине жүрчү адаты.
Кемегенин кашынан,
Шишке сайып жеп кетип,
Бурут этиңи тарткын деп кетип,
Калашалап турганда,
Ошондо Манас айкырды,
Кырк жайсаңы кашында,
Кылымды бузган кабылан,
Кемегенин кашынан,
Айда баатыр дегенде,

Көк ала чокой көп калмак,
Ээнбаштык кылганда,
Эсебин көк жал тапты эми.
Карсылдап сабап киргенде,
Ээнбаштык кылдым деп,
«Чакырып келип ашыма,
Тойгузбасам ит капыр,
Мейманкулдук менде деп,
Кемегенин кашына,
Келип калсаң көрсөтөм,
Өңгөсүн айтып нетейин!»
Тукубай деген бир балбан,
Алышканын койбогон,
Алты чочко, эки кой,
Арамың бир жегенде тойбогон.
Кемегеде эттерди,
Шишке сайып жеп кетип,
Кабылан Манас келди эми,
Ыргай саптуу ак камчы,
Кабыланга чак камчы,
Сегиз кыр кылып өрдүргөн,
Түшкүнүнө түйдүргөн,
Түшкүндүн ичи жагына,
Билектей болгон коргошун,
Түшкүнүнө түйдүргөн,
Өзөк кылып өрдүргөн,
Кабылан Манас келгенде,
Каарданып бастырды,
Ачуусу келип кабылан,
Жаакты көздөй шилтеди,
Узунунан түштү эми,
Ошондо капыр жөнөдү,
Мүдүрүлүп жыгылып,
Мүргүп кетип баратат,
Жолум үйдөй эт кертип,
Үзүп алып баратат.
Муну көргөн кан Манас,
Бута атым кетип дыркырап,
Ошондо Манас айкырып:
«Кемегеге келбе деп,
Келип калсаң адамдар,
Төө баштаган бир тогуз,
Айбыңды тарткын!» – деп келет.
Ошондо Манас айкырды,
Калкамандын кара атын,
Камчыланып алды эми,
Капыр менен мусулман,
Ошондо бир кишидей билди эми.
Ал аңгыча болгон жок,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Этим салып кетти деп,
Ашты кандай беремин,
Атты кандай чабамын,
Ошондо Манас сурады,
«Чыккан аттын байгесин,
Эмне болот?» – деп сурап.
«Сан сарбашыл кой саям,
Миң кара кашка бээ саям,
Жалдары менен төө саям,
Тогуз жамбы миң кундуз,
Жүгү менен нар саям,
Арбала турган кул саям».
Дүнүйөгө кызыкты,
Аккула сындуу бууданды,
Байгеге кошуп иймекке,
Сынчыларга сынатты,
Нескараны чакыртты,
Капыр менен мусулман,
Нескара сынап турган кези экен.
«Нескара беркел,– деп айтып,
Аккуланы сыначы,
Чыга турган бекен – деп,
Чыкпай калса чаппайын,
Нескара сынап кара!»– деп.
«Кеменгер соору сом туяк,
Аккула кенен жердин тулпары,

Көкөтөйдүн баш байге,
Чаап ийсең баатыр – деп,
Ала турган мал экен,
Маңдайынан караса,
Марал жайлап жаткыдай,
Башкача күлүк мал экен.
Куйрук жагын карасам,
Кулан оттоп түгөнгүс,
Кудай куруп берген мал экен.
Аккула буудан алат ко,
Экинчи аттын байгесин,
Жолойдун Ачбууданы алат ко,
Чет сүрөөнгө келгенде,
Азыраак чатак болот ко,
Аяккы аттын байгесин,
Кокон менен Маргалаң,
Ошондой байге болот ко.
Муну сынап болгондо,
Үчүнчү аттын байгеси,
Орокчунун кула бээ,
Орку-шаркы кула бээ,
Бу да байге алат ко.
Кутунайдын куу кунан,
Бу байгеге кызыгып,
Бу да байкуш чабат ко,
Жапан жер болсо бу кунан,
Ыраак чыгып келет ко,
Ыраак айдап бир койсо,
Жаштыгына жеңдирип,
Эки колу суурулуп,
Эч керекке жарабай,
Куу кунан минтип калат ко».
Муну айтып болгондо,
Ат чубатуу саларда,
Аккула сындуу бууданды,
Атты коштоп болгондо,
Ак кагазга кат толду,
Эки миң кырк үч ат болду.
Ошол аттын жайын талашты,
Сыдырым жолго салмакка,
Кең Илени бойлотуп,
Кең Кулжаны бастырып,
Аттарды мындай айдайлык,
Ушу жолго салсам деп,
Үрбү калды талашып,
Ошондо Манас муну айтат,
Калмак менен кытайлар,
Аралаша турбайбы,
Акылдашып албайбы,
Шай күлүккө кызыгып,
Атыңды кармап албайбы.
Араң турган капырлар,
Аттан калсаң ажырап,
Жорудай болуп калбайбы.
Алакандай кыргызды,
Капыр ошондо кегин албайбы.
Жердин жайын мен билем,
Темирликти бастырып,
Чогонойду ашырып,
Кең Челекти бойлотуп,
Аягы Ак-Жыяндын акыр таш,
Он эки күнү айда деп,
Ошондо Манас баатырың,
Ажыбайга коштотуп,
Аккула сындуу бууданды,
Атын кошуп кабылан,
Атын кошуп жөнөдү.
Ат келгенче болбойт деп,
Калк зеригип кетет деп,
Чоң тамаша болсун деп,
Тамашаны көрсүн деп,
Калк зеригип кетет деп,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Жар чакырып турду эми.
Ошондо какандан келген
Коңурбай,

Сайышка чыкты бу калча,
Көргөнүмдү айтайын,
Алтын айлуу сыр канжа,
Келген экен Коңурбай,
Алачыктай зор калча,
Канжасынан татканы,
Тогуз карыш казандай,
Ала жүргөн ак куржун,
Тогуз чеңгел урганда,
Бөксө толуп калганда,
Кытай оттук боор таш,
Кырып тартып чок койду,
Ууртуна кыстарып,
Коё берсе түтүнү,
Кол ышталат буркурап,
Каштарын карасаң,
Бөктөрүлүү чапандай,
Муруттарын карасаң,
Бөксөгө чыккан чалкандай,
Көзү көлдүн буткулдай,
Алачыктай сур калча,
Бу капыр көрүнгөндү жуткудай.
Сайыш болот деп айтып,
Таптанып турду зор калча,
Канетсе Манас чыгат деп,
Камданып турат зор калча.
Бээжинден калча чыкканда,
Саптай чыккан эмеспи,
Манас түшүп оюна,
Камдап келген эмеспи.
Эсенкандын алдында,
Тоо көрүнчү зор балбан,
Калча аттан жыгылса,
Асмандан булут тутулат,
Алачыктай манжуну,
Акаяр деген балбан бар,
Камдап келди көрдүңбү ай.
Үмүт этип зор калча,
Ак куладай күлүктү,
Бу байгеге кызыгып,
Бурут атын чаап ийди деп,
Көөдөктү кудай берди деп,
Сайышка чыкса Манасты,
Муну узунунан салам деп.
Ал аңгыча болгон жок,
Ат айдашып зор Манас
Кабылан көк жал келгиче,
Коңурбай турду айкырып.
Аттангын бурут деп айтып,
Чыкпасаң бурут байге бер,
Үч күндө Манас келгиче,
Коңурбайды көргөндө,
Алакандай кыргыздан,
Калчага адам чыкпай турду эми.
Ошондо Манас келгенде,
Атаңдын көрү Бокмурун,
Эр сайышы болот деп,
Теги айтып койсоң болбойбу,
Ишенип минчү Аккула,
Же чаппай койбой байгеге,
Өзүнөн өзү күүлөнүп,
Акыры намыс кетип калар деп,
Бокмурунга сүйлөнүп,
Ат жаратып минмекке,
Тон жаратып киймекке,
Алакандай дин ыслам,
Алдыман чубап берсин деп,
Калкамандын кара аты,
Минип жүргөн аты экен,
Коштогу атты таба албай,
Кабылан карап жүргөн кези экен.
Алакандай көп кыргыз,
Алдынан чубап өттү эми,
Ат сынап баатыр турганда,
Ат жаратпай турду эми.
Эл тосулуп болгондо,

Эл бириндеп калганда,
Сарала сындуу ат минген,
Сары ырапыс тон кийген,
Сунса найза тартпаган,
Сумсайса жоодон качпаган,
Атышса октон качпаган,
Узун моюн кең далы,
Карадан туулап ак болгон,
Алмамбет жайын айтайын.
Кечээ калмактан качып
жат болгон,
Талак кылган буттарын,
Таштаган манжу журттарын,
Бала ителги көздөнгөн,
Бал шекердей сөздөнгөн,
Аттанып чыкса ак жолтой,
Атышкан жоого сан колдой,
Чалгын чалса чарчабас,
Алты ай жатса арыбаган,
Алакем борукта жатса талбаган,
Ошондо кабыланга кез болду.
Ошондо Алмамбетти сынады,
Алдындагы Сарала,
Жагалмайдай жылкы экен,
Кыр жагынан караса,
Кыргый чалыш мал экен,
Эңиш карай жер келсе,
Колу узун Сарала,
Мине калчу мал экен.
Жан жагынан караса,
Жагалмайдай жылкы экен,
Өргө сала бергенде,
Колу узун караса,
Өксүп калчу мал экен.
Аккула сындуу буудандын,
Же таяке, жээниби,
Бир сийдиктен чыкпаса,
Бир серпилиш кем экен.
Алтын айдар чок белбоо,
Азизкандын жалгызы,
Алтайдан качты деп уктум,
Алтайдан качып олтуруп,
Шаңкайга кирди деп уктум.
Каңгайдын канын өлтүрүп,
Сары-Аркада Көкчөгө,
Алты жыл турду деп уктум,
Көрбөсөм да билбесем,
Ой Алмамбет көк жал аманбы,
Экөөбүз кол алышып коёлу,
Жамбашын жерге таяса,
Баатыр алдындагы Сарала,
Сарала терин аяба,
Аккуладай күлүктү,
Чаап ийип байгеге,
Баатыр амыз кетип калат ко,
Муну Алмаң укканда,
Курун мойнуна салды эми,
Баатыр колду бергин деп,
Ыргып түшө калды эми.
«Баатыр мен жайымды айтайын,
Алооке кан, Азизкан,
Тактыда турган Эсенкан,
Үчөө бир Чынгыштын баласы.
Коломтодон кор чыккан,
Учмактуу тууган Бээжинден,
Коңурбай аттуу зор чыккан.
Азизкандын Алмамбет,
Алоокенин Коңурбай,
Иттин айбатынан жан чыккан.
Эсенкандан Музбилек,
Буга теңдешкен адам жок болгон.
Эки кочкор бир казан,
Кайнабастан чыкканын,
Кечээ Кан-Жайлакты талашып,
Айзамдын учу майышып,
Таш көпүрө зынданда,

Ошондо калча менен сайышып,
Кезекти мурда бергемин,
Ушу кол менен кайран жан,
Кезегими алганда,
Арамды алты жол көмө койгомун.
Коломолуу сыр жебе,
Колтугунда койкойтуп,
Алгаранын жонуна,
Отурган иттей чочойтуп,
Сайган көк жал мен өзүм.
Кара сууга кан куюп,
Качкан чоро мен өзүм,
Ушу турган Бээжинге,
Чыдап алты ай салышып,
Келген чоро мен өзүм.
Жолуңду берсең баатыр деп,
Көмө коюп өтөйүн,
Көмө коюп өткөндө,
Арамдын башын алайын,
Арамдан капкайда кегим алайын.
Кызыл көгөн кылайын,
Белге саадак салайын,
Алакандай дин ыслам,
Дин билген сенин барыңда,
Бээжинге санат кылайын.
Баатыр жолуңду бергин» – деп,
Жолун сурап турганда,
«Буруттан киши чыкпады,
Бизден кеткен качкын кул,
Баягы Алмамбетти салды деп,
Күбүр кылып албайбы,
Баатыр амыз кетип калбайбы».
Кыңырылып Алмамбет,
Сараладай күлүктү,
Сурасаң мына баатыр деп,
Кабыланга берди эми.
Баатыр коштоосуна алды эми,
Баатыр кезегиңи бересиң,
Кезегимди алганда,
Баатыр көмө коюп өтөрсүң,
Көмө коюп өткөндө,
Унутуп баатыр кетерсиң,
Арамды узунунан сала көр,
Башын кесип ала көр,
Башын албай калсаң деп,
Түбү ажалың ошондон,
Капырдын кеги калбайбы,
Түбү ажалың ошондон.
Баатыр чыкты сайышка,
Калкамандын кара атын,
Аркы олоңун бек тартып,
Куюшканды узартып,
Чап олоңун тартты эми,
Атка жайлап салды эми,
Сайышка чыгып келди эми.
Жебенин огу жетпеген,
Очогор ойноп кетпеген,
Бөөдөдөн өлүм жетпеген,
Ал күчүнү жыйды эми,
Алты кулач сыр найза,
Ар түрлүүсүн сураба,
Тутам жерин кылдатып,
Учуна болот учтатып,
Сайган жерин ырбатып,
Бөлөкбай кылган сыр найза,
Эшик эндүү айбалта,
Уңгусу болот учу курч,
Учуна тарткан кара курч,
Бу жабдыгын алды эми.
Медияндын чөлүндө,
Асмандан кылыч түшкөндө,
Эр Бакайдын Жойкума,
Ажыбайдын Ачалбарс,
Эр Чубактын Наркескен,
Капкара Жойболот,
Кызыр чалган Манаска,

Кыябы менен табылган,
Кылычтын жайын сурасаң,
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен,
Душманды көздөй шилтесе,
Мизи оттой кызарган,
Кан ичме кара жой болот,
Жанына салып алды эми.
Алмамбеттин Сарала,
Коштоосуна алды эми,
Алты кулач сыр найза,
Жерге муштап турду эми.
Кезегиң мурда алгын деп,
Кыбыла көздөй бет алып,
Айкырып карап турду эми.
Көз кыйыгын салгын деп,
Алмамбет менен Чубакка,
Айтып карап турду эми.
Эми Коңурбайдан баштайын,
Калчанын жайын сурасаң,
Алдындагы Алгара,
Басканына мал жетпейт,
Желгенине жел жетпейт,
Казандай соору даңкайган,
Кайыптан бүткөн бууданды,
Турганын түбү көк таштап,
Атка минди зоңкоюп,
Устундай найза улаткан,
Учуна болот сулаткан,
Жарды сайса ураткан,
Сайышка чыкты Коңурбай.
Бет алган жоосун сулаткан,
Бала экенде жат алган,
Өзү балбан калча атыккан,
Коңурбай турду дегенде,
Дүмөктүү турган чоң Бээжин,
Козголо түшүп токтогон.
Алтындан кылган кең күрмө,
Айдалыда былкылдап,
Алтын боолуу шуру таш,
Төбөсүндө жаркылдап,
Жайсаңдары башында,
Солондору кашында,
Ай караңгы түн бүркөк,
Түн эмине болот деп,
Буруттун каны зор Манас,
Күнү эмине болот деп,
Көмө коюп өткөндө,
Төө көтөргөн зор балбан,
Акаярды чакырып,
Камдай келди Коңурбай.
Көктөн жылдыз тутулат,
Калча аттан жыгылса,
Көтөрө качып кутулат.
Кезегиңди алгын деп,
Так ошентип турганда,
Кең Каркыра боюнда,
Сайыштын жайы момундай.
Эки жакка бөлдү эми,
Нескара менен кан Кошой,
Калмак менен кыргызды,
Эки жакка бөлдү эми.
Айымбача мусулман,
Кан Кошойдун зайбы экен,
Каныкей менен ошондо,
Моюн алышып турган кез,
Коңурбайды көргөндө,
Алакандай кыргыздын,
Манасты сайып бир кетсе,
Ай баткандай болбосун,
Коңурбайды көргөндө,
Эки айымдын
Көздөн жашы төгүлдү.
Алакандай мусулман,
Кудай өзү сакта деп,
Бир оокумда Коңурбай,

Каңгайлап ураан чакырып,
Качырып сала берди эле,
Алтын күрмө чети деп,
Айдалынын бети деп,
Күмүш күрмө чети деп,
Күзгүдөй далы өзү деп,
Кемеринин чети деп,
Кең далынын кечир деп,
Жоон өпкөнүн тушу деп,
Түрс этип найза тийгенде,
Калкамандын кара аты,
Саралага бир тийип,
Сараланы карасаң,
Сыр найзага бир тийип,
Кагылышып турду эми.
Найзасы өтпөй кычырап,
Салмакты баатыр салды эми,
Коңурбай айласы кетип
калды эми.
Болбойт экен каран деп,
Тигишинин өзү деп,
Такыр колтук тушу деп,
Тигишинен ыдырап,
Ыдырап найза кирди эми,
Жан колтуктун булчуң эт,
Колу канга толду эми.
Эти алынды баатырдын,
Эшик эндүү айбалта,
Манас белинен сууруп алды эми.
Карыш сөөм төрт эли,
Колтуктап найза чапканда,
Айбалтанын сырты менен,
Түпөктү көздөй урду эми,
Айзасы үч бөлүнүп кетти эми.
Кезегин эми алмакка,
Кырк чоро барабанды какканда,
Коңурбай өргө тартып качты эми.
Өргө кетип баратат,
Эңиш тартып алганда,
Сарала сындуу күлүккө,
Жайдак чурап ыргыды,
Эңиш кара жер келди,
Сарала айтканынча бар экен,
Алгарадай күлүктү,
Изине түшүп алды эми.
Кагылайын эр Манас,
Кабылан көк жал жеткенде,
Ошондо баатыр муштады,
Алачыктай сур манжу,
Жаздым айтып койбосом,
Аргамжы бою ыргыды,
Алгара сындуу күлүккө,
Буруп кылган кош тизгин,
Колуна калды оролуп,
Калкан менен илем деп,
Асмандан булут түйүлдү,
Калың кара кытайга,
Бугудан соккон чылбырды,
Алгара үч имерип тиштеди,
Карматпастан качты эми,
Окудай болуп Коңурбай,
Жер таянып тургуча,
Көөдөктү кудай алды эми,
Айтпадым беле бая деп,
Түбү,
Ажалы ушундан болуп калды эми.
Эр Көкчөнүн Көкала,
Алмамбет сурап минген кези экен,
Башта кеги бар экен,
Акаяр балбан жеткиче,
Көк шилинин тушуна,
Шашып кетти Алмамбет,
Камындырбай жетти эми,
Алмамбет көмө чаап өттү эми.
Асмандан булут тутулду,
Ал аңгыча калчаны,

Акаяр деген зор балбан,
Ала качып кутулду.
Көктөн жылдыз тутулду,
Акаяр деген зор балбан,
Калчаны көтөрө качып кутулду.
Башы-көзүн койгулап,
Алмамбет кейип келатат,
Көөдөктүн ажалы
Ушундан болуп калды эми.
Ошондо Манас келди булкунуп,
Эри өлгөндөй жулкунуп,
Калың топту как жарып,
Кармай калды кан Кошой,
Коё бер Кошой колумду,
Кылычымды майлайын,
Бул калчаны жайлайын,
Ошо бугудан кылган чылбырды,
Кармай калды кан Кошой,
Катыгүн муну өлтүрсөң,
Капырдын каны турбайбы,
Араң турган көп капыр,
Талап кысып калбайбы,
Ай карарып албайбы,
Чакырып келип ашына,
Бурут бузук салды деп,
Кыз-келиндин барысы,
Катыгүн, кеп-сөзүнө калбайбы,
Кайкаңдын чөбү бал экен,
Катыгүн, мусулман колу аз экен,
Бөксөнүн чөбү бар экен,
Капырдын колу көп экен,
Кармап алып кан Кошой,
Алдындагы Сарала,
Туягын жерге мылгытып,
Көкүлдү көккө зыргытып,
Кийин тартып кергиштеп,
Бугудан таккан чылбырды,
Кан Кошойдун колунан,
Айбан да болсо Сарала,
Жулуп ала таштады.
Бул мөрөйдү алганда,
Байракты Бакай булгады.
Ал аңгыча болгон жок,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Ат келгиче болбойт деп,
Эл зеригип кетет деп,
Бокмурун турду айкырып,
Кыргыздан чыккын бир балбан,
Калмактан чыккын бир балбан,
Калмактан чыкты эр Жолой,
Жолой чыкты дегенде,
Алты күн адам чыкпай колоду.
Жолойдун жайын айтайын,
Алты батман буудай жеп,
Дан жыттанган эр Жолой,
Алтымыш эрди өлтүрүп,
Кан жыттанган эр Жолой.
Турду Жолой айкырып,
Көк камандай чаңырып,
Жолойдун булчуң эти букадай,
Чакмак эти чарадай,
Жолойго
Жолуккан адам соо калбайт,
Ошондо Манас баатырың,
«Балбандар келгин,– деп айтып,
Мен күрөшкө жок элем,
Сары-Арканы жердеген,
Өтүгүнүн өкчөсү,
Айдаркандын Көкчөсү,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөрөй алганга,
Жыгылсаң куру калганга?»
Көкчө туруп кеп айтат:
«Алачтан чыккан мен элем,
Эр жалгызы мен элем,
Мен күрөшкө жок элем,

Жолобоймун Жолойго».
«Тазбайматтын эр Үрбү,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөрөй алганга,
Жыгылсаң куру калганга?»
Анда Үрбү туруп кеп айтат:
«Жолойго
Жолуккан адам соо калбайт!»
Анда Манас муну айтат,
«Кудай алган пир Үрбү,
Жолойуңдун жанында,
Жалаңкыч карап турабы!?»
Андан өтө бергенде,
Жети-Сууну жердеген,
Жедигердин эр Багыш,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөрөй алганга,
Жыгылсаң куру калганга.
Андан өтө бергенде,
Эштектердин Жамгырчы,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөрөй алганга,
Жыгылсаң куру калганга,
Жамгырчы туруп кеп айтат,
«Жолобоймун Жолойго,
Жолуккан адам соо калбайт!»
Кең Алайды жердеген,
Буудайкандын Музбурчак,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөрөй алганга,
Жыгылсаң куру калганга.
Музбурчак туруп кеп айтат,
«Букадай болгон Жолойго,
Жолуккан адам соо калбайт!»
Андан өтө бергенде,
Эламан кандын эр Төштүк,
Тогуз уулдун кенжеси,
Кудайдын сүйгөн пендеси,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөрөй алганга.
Ушу турган Жолойду,
Узунунан сала көр,
Айры Төштүк алдына,
Жатпай жүрөт деп уктум,
Түп этектен бек кармап,
Төштүктү алып келди балбанга.
«Мен жайымды айтайын,
Жер алдына жеткеним,
Жети жылча болду эле,
Этим калды көк жашык,
Каным калды бир кашык,
Көкдөөнүн кызы Алтынай,
Аламын деп барганда,
Жети мөрөй сайганда,
Кырк кулактуу мис казан,
Кулачымды жайгамын,
Чалкуйрук көлгө киргенде,
Ошо казанды алып чыгарда,
Кулачымды жайгамын,
Кулагынан бир кармап,
Төшүмөн жатып алсырап,
Кара кан кусуп калгамын,
Мында гана күчүм бир кетти.
Жети катар темир үй,
Жепирейтип тепсең деп,
Мында кызым берем деп,
Ошондо жети мөрөй сайганда,
Чалкуйрук менен келатып,
Чаап келип тепкемин,
Жепирейтип тепкенде,
Кашка тишим быркырап,
Анда боконо сөөгүм тайыган,
Мында күчүм бир кетти.
Алп кара куш алчу экен,
Жыл маалында ошондо,
Алп кара куш баласын,

Ажыдаар жеп салчу экен.
Алп кара кушка тил кирип,
Төштүк бери кел деп келди,
Пайдаңды көрсөт Төштүк деп,
Маа жакшылык кылсаң деп,
Жеткиземин элиңе,
Балапаным учарда,
Ажыдар жемек болду го,
Айланы тапкын Төштүк деп,
Ошондо Төштүк баргамын,
Алты кулач жойболот,
Белиме таңып алгамын,
Ажыдаар илим тартканда,
Кекиртектен шыркырап,
Куйругуна баргамын,
Куйругун чапканда,
Тоголонуп жерге түшкөндө,
Думугуп өлө таштадым,
Мында гана күчүм бир кетти.
Жеткиземин Төштүк деп,
Кырк күн азык камдатты,
Бугу, марал аткамын,
Кырк күнгө азык мен камдап,
Кырк бир күнгө азык дегенде,
Бир күнгө азык таппай калгамын.
Мингин Төштүк дегенде,
Шилисине мингизип,
Эки канат үстүнө,
Жер үстүнө чыгарга,
Жети күнү калды дейт,
Кантесиң достум дегенде,
Жемсөөм талып бөксөрүп,
Канатым кетти далдайып,
Ылдый тартып баратам,
Кантесиң достум дегенде,
Жото жилик балык эт,
Коң этимен кескилеп,
Алп кара куш достума,
Сугундуруп бергемин,
Умачтай көзү ачылып,
Жер үстүнө чыкканда,
Ошо күндөн ушу күн,
Менин балтыр этим толо элек,
Түш десеңер түшөйүн,
Капырлардын кан Жолой,
Толорсукка тепкенде,
Төштүктү узунунан салбайбы,
Ардангандан сырттаным,
Катыгүн,
Төштүгүң өлүп калбайбы».
Ошондо Манас капа болгону,
Эки жакты каранып,
Бакайды туруп кармады,
Бакай жайын көп айтат,
Мен күрөшкө жок элем,
Жолум үйдөй капырга,
Жыгып алсам жакшы го,
Жыгылып калсам жаман го.
Аргасын таппай кан Манас,
Кагылайын абаке,
Кыргыздан чыккан карыя,
Ат-Башыны жердеген,
Журт атасы кан Кошой,
Батасы журтту байыткан,
Кагылайын абаке,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөрөй алганга,
Жыгылсаң куру калганга.
Кошой Кошой болгону,
Кошой атка конгону,
Айры төштүн алдына,
Жатпай жүрдү деп угам,
Кагылайын абаке,
Ушу турган Жолойду,
Узунунан сала көр,
Абамдын болгон кези экен,

Буурадай болуп кол жайып,
Абамдын
Сексен беш жашта табы экен.
Ошондо Кошой муну айтат:
«Атаңдын көрү бок дүйнө,
Кечээ жылаңайлак жалаң баш,
Жер солкулдап жыйырма беш,
Же ошо кезде табы эмес,
Оттой жанып күркүрөп,
Же отуз беште чагы эмес,
Кырк жашыма келгенде,
Кылымга кабар салганда,
Же ошо кезде табы эмес,
Элүү беште чагы эмес,
Сексен беште абаңды,
Жетелеп келдиң балбанга,
Түш десеңер түшөйүн,
Көчүгүмдө кийгеним,
Окура болгон кандагай,
Жазгы марал териси,
Капырлардын кан Жолой,
Чап билектен алышып,
Багалектен алганда,
Чиренишип калганда,
Тигишинен дыркырап,
Жонума чыгып барганда,
Абаңдын куулук башы көрүнүп,
Капырга уят болбойлу.
Мага,
Кандагай тапкын» – деп айтып,
Манас баатырларды чакырып,
Көкчөнүн зайбы уз эле,
Көкчөнүн шымын алып кел,
Акеркеч кылган кандагай,
Абаңа Көкчөнүн шымы чак келбей,
Ошондо басып келди Каныкей,
Акылга зирек куу экен,
Ажыбайды чакырып,
Көрпөчөнүн астында,
Ала келген кандагай,
Ошону мен жасаган кандагай,
Кийсе туура чак келер,
Ошону Ажыбай алып келгенде,
Күздүн күнү болгондо,
Отуз мерген жиберип,
Абыкени баш кылып,
Беш-Таштын башы жайлоодон,
Алтымыш теке аттырып,
Жайдын толук кезинде,
Ашаткысын келтирип,
Көк шиберге таштатып,
Алматыны чалдырып,
Талдап кабык алдырып,
Малмасына салдырып,
Бычмачыга бычтырып,
Ичине макмал ичтетип,
Кан Көкөтөй ашында,
Чоң тамаша болот деп,
Капыр менен мусулман,
Карчалышар жери деп,
Балбандар түшсө күрөшкө,
Шымды кайдан табат деп,
Кишмиш менен жээктеп,
Көк мисте кадап жээктеп,
Курду тартып ийлетип,
Ишмекейди чакырып,
Аруукеге тиштетип,
Тиштеп жатып кара бет,
Кашка тиши жоюлган,
Тартып койсо кандагай,
Ширидей болуп чоюлган,
Алтымыш такап тарткылап,
Үч кошкондун тушуна,
Кабылан Кошой кийгенде,
Төмөн жагы төрт эли,
Тайкы болуп калды эле,

Ошондо Кошой муну айтат,
«Байгесин башын сурасаң,
Алты ала байталга,
Айгырын сурдан салыптыр,
Алты миң жамбы миң кундуз,
Аралаша сайыптыр,
Ошо дүнүйөгө карабайт,
Сексен бешке келгиче,
Абаң
Мындай кандагайды көрбөгөн».
Ошо кандагайды кийгенде,
Кошой кан Манаска кеп айтат,
«Баатыр абийиримди кетирбе,
Менден кандагай чечип алба,– деп,
Ошондо Каныкей карап турганда,
Ажыбайга шыбырайт,
Үч кошкондун тушунда,
Танабын чечпей калыпмын,
Ошондо келип Каныкей,
Ажыбай танабын тартып калганда,
Абаңа баягыдан эки эсе,
Кандагай туура чоң болду,
Ошондо баатыр Манас кабылан:
«Эр элүү беш келгиче,
Алты катын алгамын,
Ошолордон тукум жок,
Кечээ ээри токум, куу найза,
Жортконумду койбодум,
Мен жоо малына тойбодум,
Кечээ калмакка жалгыз барганда,
Катын менен балдарын,
Камчыга ченеп алганда,
Мындан каргыш өткөнбү,
Мерзет* көрбөй баратам,
Аба батаңы берип кийип ал».
Ошондо келип Каныкей,
Көзүнүн жашы төгүлдү,
Кошой Каныкейди сынады,
Карасурдун нурлуусу,
Мусулмандын сулуусу,
Кереметги бар экен,
Касиеттүү киши экен,
Эч жеринде мууну жок,
Азыраак айып бар экен,
Желке чачы жүн экен,
Туубас болор күң экен,
Баатырдын көзү өткөндө,
Күйүттүү болчу киши экен.
Бөлөк зайбың барбы деп,
Кошой эки жакты карады,
Ошондо Манас бүгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Шоорук кан кызы Акылай,
Кырк чорому бакпады,
Кылыгыма жакпады,
Кечээ Орозон сарттын он уулу,
Олжого кордук кылганда,
Кечээ Көзкамандын беш уулу,
Арак берип, уу берип,
Чакырып барып конокко,
Жар көчүрүп саларда,
Каныкей өлгөн жаным тиргизди,
Өчөр отту тамызды.
Кырк чоромду бакты го,
Кылыгыма жакты го.
Кагылайын абаке,
Батаңы берсең ушуга бер».
Ата жабыктын башы туюк без,
Бүгүн түндө эригип,
Кошой абаң ошондо,
Алаканды жайды эми,
Аргын эли көп кыргыз,
Алакан жайып чуркурап,
Ошо абаң алакан жайганда,
Бурут эмне болуп кетти деп,
Кошо бата берди эми.

Эми абаңдан сөздү баштайын,
Кандагай кийип атакең,
Жылаңайлак болду эми,
Жолойду көздөй басты эми,
Тоодой болгон капырга,
Жолойго жакын барганда,
Атаңдын көрү ит Жолой,
Кечээ Кутманбеттин тоюнда,
Экөөбүз бодарытып* өлгөндө,
Атаңдын көрү ит Жолой,
Кан кустурдум билдиңби,
Кечээ алтыга бөлүп кыргызды,
Мен Ат-Башыда турганда,
Алман бергин деп келдиң,
Нескара менен эр Жолой,
Алман бербей өзүңө,
Айлыңа айдап келгенде,
Атаңдын көрү ит Жолой,
Менин жайымды билесиң,
Сага жыктырып ийчү мен эмес,
Карысамда курган жан,
Билек күчтү салайын,
Тоодой болгон доңузду,
Бир серпишип калайын,
Билегин сунуп абакем,
Билегин сунуп барганда,
Мурунку кезек капырга,
Чап билектен алганда,
Балтыркан булкан эмедей,
Абам билегин жулуп алды эми.
Эми Жолой билек сунганда,
Чап билектен алганда,
Жулалбай жатып ошондо,
Эки жолу силкип Кошойдон
Араң билегин жулкуп алганда,
Кисенин жогор жагынан,
Алган экен мусулман,
Кый сүбөөнүн тушунан,
Аткый кармап чеңгелдеп,
Ой жер тартып дөң болуп,
Букадай болуп челишип,
Буурадай болуп жөөлөшүп,
Тоодой болгон доңузга,
Түш кыйшая бергиче,
Абаң алдырбай колду кармашып,
Ошондо Кошой абаңын,
Азиретаалы шер колдоп,
Кошой аба көтөр деп,
Баатыр үндү салганда,
Кең Каркыра боюнда,
Кетенчиктеп Жолойду,
Жаздым айтып кетпесем,
Кең Каркыра боюнда,
Ошо мейкин талаада,
Кежигеге дал болду,
Кетенчиктетип Жолойду,
Чалкасынан урду эми,
Абаң күп дедирип урганда,
Башын аттап кетти эми.
Жыкмак бар да бурут деп,
Баш аттамак жок болчу,
Бурут чакырып алып ашыңа,
Бурут бул эмине дегениң,
Жабы, жабы, жабы деп,
Уй түгүндөй көп капыр,
Бөлүнүп атка минди эми,
Башын аттап кеткени,
Буруттун бу эмине дегени,
Деп ошентип көп калмак,
Бул эмине ырымы,
Жыгып алып балбанды,
Башын аттап алганы.
Кара кытай көп манжу,
Кайрылып атка миниптир,
Ошондо Манас айкырды,
Эки балбан күрөшсө,

Илгертен бери ошондо,
Башын аттап калучу,
Башынан калган адабы.
Калмактар бүлүк салмак болгондо,
Манас каарданып ошондо,
Айбанбозду токунду,
Айкырып кирип бул Манас,
Алмамбет имерилип турду эми,
Эрдин кесе бир тиштеп,
Ат-та, бүлүк болсо деп,
Караламан манжуну,
Кызыл көгөн кылсам деп,
Желбегей салып Алмамбет,
Имерилип турду эми.
Ошондо Кошой балкылдап,
Тамаша салып берем деп,
Дагы экинчи күрөш болсун деп,
Бокмурун жар чакырып турду эми.
Ошондо,
Калмактан чыккан Түкүбай,
Түкүбай жайын сурасаң,
Алышканын койбогон,
Арамың бир жегенде тойбогон,
Бүкүр каман бүк таман,
Желкесинин арасы,
Он эки карыш оп тамак,
Түкүбай чыкты балбанга,
Түкүбай чыкты дегенде,
Алакандай кыргыздан,
Манас эки жагын көп карап,
Айла кетип калды деп,
Сексен беште Кошойду,
Жолойго салып салдым деп,
Манас кол кыдырмак болгондо,
Ошондо Каныкей басып келди эми:
«Мен көргөмүн ошондо,
Бул Этекбайдын эр Агыш,
Мен ошондо сынап калгамын,
Ошондо,
Агыш алты жашар табында,
Оролмонун
Акийин деген бүркүтүн,
Балдагы жок көтөргөн,
Ошондо сынап калгамын.
Мусулмандын өзүнө,
Бир пайдасы тиет деп,
Агышты издеп тапкын» – дейт.
Агыштын жайын айтайын,
Кызыл курун чубаган,
Кызды көрсө сулаган,
Кымызды жерде аякчы,
Кыздуу жерде кыякчы,
Күндүзү келин түнү кыз,
Күрсүлдөп Агыш жатыптыр.
Төтөнүн алкым жагында,
Чоң Каркыра боюнда,
Отуз келин, отуз кыз,
Төргө чыгып барыптыр,
Селкинчекти салыптыр,
Ыргайды ырдап алыптыр,
Агышжан ортосунда жатыптыр.
Чакырды Манас дегенде,
Чарчы бойлуу кул экен,
Күрсүлдөгөн эр Агыш,
Ошондо Агыш жөнөдү,
Букадай болгон капырга,
Алакандай мусулман,
Агышка бата берип турду эми.
Чыканактай эр Агыш,
Түкүбайга барганда,
Билегин сунуп барды эми,
Ошондо Түкүбайдын айтканы,
Кезегинди алгын деп,
Аттай Агыш мен десем,
Ашыктай Агыш турбайбы,
Тоодой балбан мен десем,

Томуктай бурут турбайбы,
Буга кол булгабайм деп айтып,
Тушарына теңебей,
Бурут байгемди бергин деп айтат,
Бөлөк балбан келсин дейт,
Муну бучкагына теңебейт.
Менин теңим бул эмес,
Жана туруп кеп айтат,
Байгемди бурут бергин деп,
Тоодой болгон чыкты го,
Экинчи бурут сунду эми,
Экинчи билек сунганда,
Турбай койду Түкүбай,
Чыксаң чыккын капыр деп,
Үчүнчү билек сунду эми,
Агыштын мурун Манаска,
Айткан сөзү бар экен,
Сологой колтук жагымда,
Бир кытыгым бар эле,
Арсайып күлүп алганда,
Күчүм кетет ошондо,
Оң көзүңдү сала көр,
Ошондо,
Мени май куйрукка чаба көр,
Үчүнчү билек сунганда,
Тура калды Түкүбай,
Чап билектен алганда,
Түкүбайдын билегин,
Агышың жулуп алганда,
Күрөштүн жайын сурасаң,
Эки киши күрөшсө,
Тегеректеп калучу,
Манас армансыз болсун деп айтып,
Анын колун бир сүрүп,
Мунун колун бир сүрүп,
Букадай болгон капырга,
Чыканактай эр Агыш,
Аш бышымга кармашты,
Ары ыргытса эр Агыш,
Тикесинен тик түшөт,
Бир оокумда караса,
Агышты кудай алыптыр,
Арамдын колу тийгенде,
Арсайып күлүп алыптыр,
Атаңдын көрү ит Агыш,
Көтөр Агыш, көтөр, деп,
Арсайып күлүп алыпсың,
Арсайып күлүп алгыдай,
Сенин кыз жатабы койнуңда?!
Керилдеп күлүп алыпсың,
Сенин келин барбы койнуңда?!
Ычкыр байлоо кашаттан,
Май куйруктун тушуна,
Сегиз кыр кылып өрдүргөн,
Булдурсунду алганы,
Май куйруктун тушуна,
Агышты тартып өткөнү,
Кончу канга толгондо,
Агыштын
Алтымыш тамыры күч алды,
Тоодой болгон арамды,
Төбөсүнө алганы,
Чарк айланып калды эми,
Үзүктөй кылып айлантып,
Жолум үйдөй арамды,
Кең Каркыра боюнда,
Жүктөй болгон кара таш,
Көзүн кысып зор Манас,
Кара ташка чапкын деп,
Так көтөрүп алды эми,
Чыканактай эр Агыш,
Ташка чаап калды эми.
Көөдөнүнөн баш кетти,
Көкүрөктөн төш кетти,
Түкүбай өлүп калды эми.
Байгенин башын карасаң,

Алты жүз ала баш болду,
Айгырын сурдап салганда,
Агыш баатыр аларды,
Байгеңи өзүң ала бер,
Олжо албастан эр Агыш,
Эки жакты карабай,
Ала бергин олжоңду,
Агыш баатыр жөнөдү.
Ал аңгыча болгон жок,
Эми аттан кабар баштайлы,
Келер убак болду деп,
Темирликтин жолунан,
Манас дүрбү салып көрдү эми,
Капыр көптүгүнө салат ко,
Суркула сүрөп калат ко,
Айла тапкын Алмамбет,
Эң алдына жиберип,
Акбалта кандын Чубагын,
Такоол болуп бергин деп,
Алмамбетти жиберип,
Олуяттын Бакайын,
Бер жагына жиберип,
Кыргыл чалды баш кылып,
Анын бер жак жагында,
Узун сакал, кызыл көз,
Он эки буруу тил билген,
Не экенин билгин деп,
Ажыбайды жиберди.
Ал аңгыча болгондо,
Темирликтин жонунда,
Аккула буудан келатат,
Анын арты жагында,
Жолойдун Ачбууданы келатат,
Анын арка жагында,
Орокчунун Кула бээ,
Анын арты жагында,
Кокондуктун Чоң кашка,
Капыр көптүгүнө салыптыр,
Тепсерүүнгө* калат деп,
Аңгайлап ураан тартканда,
Капыр көптүккө салганда,
Суркуладай күлүктү,
Аккуланын артынан,
Жакындатып келиптир,
Айла тапты Алмамбет,
Алдыңкы келген баланын,
Арткысына кийгизип,
Арткы келген баланын,
Алдыңкыга кийгизип,
Каңгайлап ураан салганда,
Тыргооттун тилин бир сүйлөп,
Айгайлап ураан бир салып,
Суркула сүрөп манжунун,
Алмамбет Аккуланы сүрөтүп,
Капыр тааныбаган андан көп,
Оодарылып көп манжу,
Аккуланы сүрөдү.
Айгайлап үн чыкканда,
Топусун бөлөк кийгизип,
Толгонтуп жолго киргизип,
Аккуланы сүрөтүп,
Артынан келди Суркула,
Деңгел тушка келгенде,
Кан Манастын тушуна,
Чубама жолдун кашатта,
Манас айла тапмак болду эми,
Ыргай саптуу камчыны,
Бүктөй кармап алды эми,
Бүктөп туруп кабылан,
Маңдайга тартып өттү эми,
Ачбуудан мүдүрүлүп жыгылды,
Узатып кетти зор Манас,
Аккула узап кеткенде,
Артынан Жолой көргөндө,
Кара манжу кытайдын,
Суркула чыгар мезгилде,

Кылганын эми көрдүңбү,
Аккула чыгып байге алса,
Алыстан Манас келгиче,
Аккуланын байгесин,
Арманды салып көп капыр,
Ошодо тартып кетти эми.
Капыр ээнбаштык кылды эми,
Алакандай кыргызды,
Каптап капыр калды эми.
Кошой, Төштүк алптарга,
Ээ кылбастан карандар,
Көптүгүнө бир салып,
Кабылан Манас келгиче,
Байгени талап кетти эми.
Кемегенин кашына,
Нескара капыр келгенде,
Ак ордонун түбүнө,
Жамбыны жүктөп кетерде,
Нескарадай чочкого,
Каныкей туушар* болуп калды эми.
Атаңдын көрү Нескара,
Ээнбаштык кылдың деп,
Адеби жок капыр деп,
Нескаранын кисесин,
Каныкей жулуп калды эми.
Ал аңгыча болгон жок,
Аркадан Алмаң жетти эми,
Сексен нардын жүгүнөн,
Капка салып жүктөгөн,
Алып бараткан жеринде,
Алмамбет ажыратып келди эми.
Кара манжу кытайдын,
Жарымы кайра кеткени,
Тосуп калды капырдын,
Байгеңди бурут алдың деп,
Дагы тамаша барбы көрсөт деп,
Тамашаны көрөрдө,
Талоонду өзүң койдуң деп,
Ошондо Кошой муну айтты,
Менин айтканыма көнгүн деп,
Тамаша көп калмак деп,
Нескара менен Музкиндик,
Булардын колу кетиптир,
Жолойдун колу калыптыр,
Тамашаны бүтүүгө,
Жети күнү калды деп,
Кыргыздын
илгертен бери салты деп,
Жамбы аттырып калучу,
Жамбыны байлап шыргайга,
Кезек менен атууга,
Мурунку кезек сеники,
Капырга кезек бергенде,
Ирет менен атууга,
Капырга бир күн кечке бергенде,
Кезектешип атууга,
Кезеги бүттү капырдын,
Тийгизе албай калды эми.
Көкчөнүн колу келди эми,
А дагы ата албады.
Кокондун колу келди эми,
А да ата албады.
Жамгырчы колу келди эми,
Азырак мергендери бар экен,
Аталбай кайра кетти эми,
Буудайкан каны Музбурчак,
Анда Шалбыр деген мерген бар,
Жети атамын деп айтып,
А да тийгизе албай кетти эми.
Төштүктүн колу келди эми,
Ыктыбай деген мергени,
Булар да атып болду эми.
Кошойдун мерген келди эми,
Бу дагы куру кетти эми.
Агыштын колу келди эми,
Алар да ата албады,

Үрбүнүн колу келгени,
Ата албай кайра кеткени,
Эми Манаска кезек келгени,
Шай колдогон көк жалга,
Баатыр өзүң аткын деп,
Калк чогулуп келди эми,
Кызыр чалган баатырга,
Баатыр
койчагыр мылтык алды эми,
Баатырга атыш буюрду,
Койчагыр мылтык даң этип,
Чап этип огу тийгенде,
Кырк танабы бар экен,
Баатыр канатын кыя атты эми.
Бирдей атты кырк чоро,
Абийир берип баатырга,
Кыркынын огу тийгени,
Сыргакка кезек келгенде,
Сыргак жамбыны кыя атты эми.
Ыргып жамбы түшөрдө,
Көкала менен чу коюп,
Чубак илип кеткени,
Бул тамаша бүттү эми.
Беш метророо каздырып,
Төө чечмекке кезек келди эми.
Калк тегеректеп турмакка,
Таңылчак булду жүктөтүп,
Аң каздырып койгон жер,
Артынан адам барат деп,
Ургачыдан барса деп,
Жыпжылаңач болот деп,
Арка чачын жаят деп,
Ошондо өзү ырдап барат дейт,
Тоңкоюп туруп бураңдап,
Төөнү чечип алат дейт.
Ошондо келди бир келин,
Алайдын эли бар экен,
Андан чыккан Кишимжан,
Арка чачын жайды дейт,
Ал жүрөктүү киши экен,
Титинбай басып бармакка,
Тамаша салып калмакка,
Мыктыны таптым өзүм деп,
Улуу тууган бул өзүм,
Төмөн жагын чапкылап,
Титинбай барды бул төөгө,
Буйладан алып жетелеп,
Таңгабы менен күл алды,
Анда тамашаны салганы.
Бу тамаша бүткөндө,
Жөө тартыш болсун деп айтып,
Жөө тартышка келгенде,
Калмактан Кажоол келгени,
Аргамжы коюп шилиге,
Кыргыздан чыкты ошондо,
Үрбүдөн келди Самкара,
Самкара баатыр алгын деп,
Жетелеп келди эр Үрбү.
Экөөн эки жакка коюшуп,
Ит тартыш болуп калганда,
Экөө чирелишип жер мыкчып,
Буту тийген жерлери,
Кара жер казыла түшүп оюлуп,
Бир оокумда Самкара,
Кажоолду эшик төрдөй сүйрөдү,
Бу мөрөйдү алды эми.
Эми көкбөрү тартып калмакка,
Экиден киши салганы,
Калмактан чыксын экөө деп,
Кыргыздан чыксын экөө деп,
Улакты таштап коюшуп,
Төтө жолго коюла,
Үчтөн тартса жакшы деп,
Жолойдон чыкты эки жан,
Мындан мөрөй алса деп,
Кыргыздан барган экөөнө,

Ажыбай ала келген эмеспи,
Ала келген Көктулпар,
Көктулпар минип жүргөн деп,
Көкбөрү менен улакка,
Бу да байге бербей жүргөн деп.
Жамгырчы берди жаш канат,
Бу да оодарышмак улакка,
Бу да анча-мынча адамга,
Бу да кезегин бербей жүргөн деп,
Калмактардын Мөндөсү,
А да байге алуучу,
Буларды салып турганда,
Тамаша көрүп турду эми.
Эки жолу Мөндү алганда,
Бирөөн кыргыз алышып,
Тайталаш болуп калганы,
Казы болуп кан Кошой,
Байгесин бөлүп бергени.
Байгени талап кеткенде,
Кабылан Манас булкунуп,
Эр Жолойго жулкунуп,
Ошондо Жолой муну айтат:
«Манас, Манас деп койсо,
Барбая түшөт экенсиң,
Суугa салган чаначтай,
Дардая түшөт экенсиң.
Атымды жыга чаптың сен,
Калыстык кылбай калдың сен».
Ошондо Манас булкунуп,
Балдыр-булдур сүйлөгөн,
Мусулман тилин билбеген,
Эмине Жолой келдиң деп,
КечээҮч-Капкактын белинде,
Уюңду тийип үч алдым,
Атаңдын көрү ит Жолой,
Кана Жолой кылганың,
Ыргай саптуу ак камчы,
Кабыланга чак камчы,
Сегиз кыр кылып өрдүргөн,
Билектей болгон коргонун,
Муну түшкүнүнө түйдүргөн,
Өрмөчүгө өрдүргөн,
Өзөгүн жезден бурдурган,
Шыкап жатып өрдүрүп,
Түшкүнүнө салдырган,
Кармай турган жерине,
Бүлдүрчө салып тоготуп,
Тага турган жерине,
Чулгур менен көзөгөн,
Жолой жакын келгенде,
Атаңдын көрү Жолой деп,
Ачуусу келип зор Манас,
Төбөгө берип өткөндө,
Жолойдун жаагы кетти айрылып.
Энтеңдеп Жолой кеткени,
Жолум үйдөй кебезди,
Жабыштырып басканы,
Ошондо кара калмак көп манжу,
Бул эмине болгону,
Сурап турду Жолойдон.
Ошондо Жолойдун айтып
турганы:
«Манасың чыркыраган неме экен,
Ачуусу жаман киши экен,
Сурак жетпейт Манаска,
Көк ала чапан көп манжу,
Жолойдубу не дегени деп,
Айран болуп калганы.
Кара манжу көп кытай,
Жолойдун жаагын көргөндө,
Намысданат Коңурбай,
Чакырып келип ашына,
Буруттан көрдүк кордукту,
Жолойду жаакка чапканы,
Качанкы өчтү алсак деп,
Өкүрүп кетти Коңурбай.

## ЧУБАКТЫН ТААРЫНЫП КЕТИШИ. КОҢУРБАЙДЫН ЧАБУУЛУ

Кечээ кабылан Манас жатканда,
Кең Таластын боюнда,
Чалгынга барганды,
Кырк чоро кезектешип алчу эле,
Жарым айдан барчу эле,
Ошондо Чубакка кезек келиптир,
Кереметтүү Каныкей,
Аттанып Чубак турганда,
Алдыңан чыгат душман деп,
Алдыңа душман келгенде,
Шек алдырбай жайла деп,
Кечээ Үкүрчү деген жеринде,
Коңурбай алтымыш эки туу менен,
Бээжинден чыккан кези экен.
Чубак чалгынга барганда,
Чалгынчысы калмактын,
Чубакка кезигип турган жери ошол.
Кармап алып эр Чубак,
Экөөнүн башын алганы,
Экөөнүн атын жетелеп,
Жети күнү болгондо,
Айылга келип эр Чубак,
Көргөнүн Чубак айтканда,
Кызымтал болуп эр Чубак,
Арак ичип алганда,
Адыраңдап бастырып,
Кырк чорого тийишип,
Кыжырланып барганда,
Кыйыгы келбей жүрчү эле,
Кыйыгы келсе кырк чоро,
Кылганы келбей жүрчү эле.
Бирин-бири көрө албай,
Чубактын Чубак болгонун,
Кырк чоро жүрчү көрө албай.
Кантип көөлөп алабыз,
Чубак кетсе элине,
Өз билгенди кылабыз,
Айкөл бизден чыкпайт деп,
Бизди айкөл билди деп,
Кечээ ойгуттан келген эр Чубак,
Манасты Чубак билди деп,
Каныкей менен ойнош деп,
Ынандырып алалык,
Ошондо туруп Манастан,
Кыргыл чал келет кеңешип,
Чубакка кызык салалык,
Куран кармап алалык,
Ынандырып Айкөлдү,
Чубакка кызык салалык.
Жайдын күнү болгондо,
Кымыздан арак тартчу эле,
Ичип алып кымызды,
Кыйкырынып жатчу эле,
Жээрине тай союп,
Кымыз ичип кызышып,
Кыйкырып кыргыз жатчу эле.
Жайдын күнү болгондо,
Жайлоого көчүп барчу эле,
Кошту тартып Каныкей,
Кара нардын үстүнө,
Сабааны жүктөп алчу эле.
Көөкөргө арак куйчу эле,
Манас менен акыреттик дос эле,
Кан Балтанын Чубагы,
Алдындагы мингени,
Көк тулпардай мал экен,

Араандай оозун ачтырып,
Кызымтал болуп эр Чубак,
Көч үстүнөн берениң,
Каныкейдин тушуна,
Салып жетип келди эле,
«Арак бергин, аяш» – деп,
«Конушка барып конолук,
Аяш, анан ичерсиң».
Болбой мойноп түштү эми,
Кара нарды чөгөртүп,
Кумарада аракты,
Уй башындай жан аяк,
Куркурата куйду эми,
Арак ичип жатканда,
Үстүнөн чыгып кырк чоро,
Арак ич десе кырк чоро,
Такыр болбой койду деп,
Конушка барып конгондо,
Жүк түшүрүп болгондо,
Ак ордону тиккенде,
Желеге бээ байланып,
Ат кермеге байланды,
Мына ошол учурда,
Кабылан Манас келгени,
Ат оозундай самоордон,
Онду-бешти койгону,
Кабылан Бакай баш болуп,
Айкөл Манас келгени,
Ошо кезде Кыргыл чал,
Манас сөзүм бар эле,
Алардан бөтөн бөлүнүп,
Манаска барып күңкүлдөп,
«Чубакты кудай уруптур,
Үстүнөн чыктык өзүбүз,
Баштагы баягы айткан сөзү бар,
Көк-Кыянын түбүндө,
Көк-Өтөктүн өзүндө,
Кара нарды чөгөрүп,
Ошондо Чубак керилип,
Арак ичип жатыптыр,
Кара бетти кудай урганы,
Белдемчи бүктөп алыптыр,
Үч кошконго бүктөптүр,
Белсенип Чубак жатыптыр.
Капысынан келдик биз».
Кыргыл чал айткан сөз экен,
Анда Манас муну айтты:
Айтканың сенин бекер деп,
Аны кылса Каныкей,
Кереметтүү күң эле,
Аны кылып бул жүрсө,
Ага керемет кайдан токтойт!?» – деп.
Ынанбасаң баатыр деп,
Кыркыбыздан сура деп,
Калп айтсак кокустан,
Актыгымды алганың,
Куран кармап берелик,
Кабагын бүркөп зор Манас,
Болсо болот деп ойлоп,
Ордону көздөй жүрдү эми.
Алыстан төрө келгенде,
Чылбырынан бир кармап,
Баатырдын атын алчу эле,
Ала коюп Каныкей,
Кермеге буудан байлады,
Эшикти ача салды эле,
Аюудан талпак алпештеп,
Отура турган жерине,
Каныкей аппак мамык койгону,
Ак мамыкка отурбай,
Сурун салды көк жал эр.
Ак дасторкон жайды эми,
Алдына алып койгондо,
Жанында Бакай абам бар,
Баарына тамак куйганда,

Кабагын бүркөп баатырың,
Каркыттагы аракты,
Кыдырата куйганда,
Колуна албай зор Манас,
Алтын жаа сыр кесе,
Арнап туруп Каныкей,
Айкөлгө арак сунганда,
Албай карап турду эми.
Төрөм эмнеден кыр таптың,
Айткын баатыр дегенде,
Камчысын жерге таянып,
Албай баатыр турганы,
Кагып ийди кесени,
Кесе ыргып кеткени,
Тегеренип кесеси,
Төгүлбөй турат арагы.
Ал аңгыча болгон жок,
Акылга тууган Абыке,
Көк аланы тааныды,
Чубактан сөз алмакка,
Абыке келди кашына.
Ал чатакты көргөндө,
Уламадан сөз баштап,
Акылга тууган Абыке,
Кокуйлап турган жеринде,
Ичпей койду зор Манас.
Манас ичпей койсо деп,
Каныкейдин колунан,
Ала койду эр Чубак.
Тилеп турган түгөтүң,
Мен ичейин аяш деп,
Алтын жаа кумура,
Удаа тартып ийгени.
Дагы куйчу аяш деп,
Сыргактыкы деп ичип,
Серектикин бергин деп,
Жана төрттү ичкени.
Кызымтал болуп калганда,
Чубак Манастын сол жагында,
Ойдологон эр Чубак,
Сол тизеси жагынан,
Башын коюп эр Чубак,
Куш уйку салып калганы.
Коңуругу баш жарып,
Уйку салган Чубакка,
Араң турган кырк чоро,
Жапа тырмак турду эле,
Жабылып басып калганда,
Тура калды эр Чубак.
Кырк чоро менен ошондо,
Койгулашып калганы,
Ал келгенин ал уруп,
Бул келгенин бул уруп,
Каныкей анын колун бир кармап,
Мунун колун койгулап,
Колу күчтүү эр Чубак,
Ал келгенин ал уруп,
Бул келгенин бул уруп,
Эшикти көздөй сүргөнү,
Бузукту салган Кыргыл чал,
Жаагын айра койгону,
Эшикти көздөй сүргөндө,
Дарбактап турду зор Манас,
Кыйкылдатып Чубакты,
Ошондо жыгып бергени,
Чубакты кокуй көтөк кылганы,
Кыркы өз билгенин кылганы.
Бүткөн бойдо тамтык жок,
Баягы чатак болгону.
Абыке жетип келгенде,
«Көөдөк сени кудай урганы,
Бузуку түшүп калганы,
Акыреттик дос элең,
Антка учурап алганы,
Сени кудай урганы!»
Асынып жүргөн ак келте,

Керегеге илгенде,
Ак келте чыртылдап турчу эле,
Ак келтеде белги жок,
Ант өзүңдө болгон го,
Арстан тууган Чубакты,
Антка учурап алдым деп,
Асмандан түшкөн боз кисе,
Ак болсоң боз кисе өзү ачылар,
Боз кисе оозун ачканда,
Манас ала албай турганы,
Мына актыгын мындан билдиңби,
Мына кереметин билдиңби,
Актыгын көрүп Чубактын,
Ак келте менен бута аткын,
Бута атса тийбесе,
Көөдөк,
сыймыгың кетти бул жерден.
Антка учурап алганың,
Көөдөк сени кудай урганы,
Эртесинде Чубактын,
Абыке, Бакайды алды чакыртып,
Чубак ойгуттан көчүп келгенде,
Ырыс келип калганы,
Чубак кетти дегиче,
Ырыс кетти десеңчи.
Эртесинде болгондо,
Чубак кызыл-жаян болгондо,
Эч жеринде тагы жок,
Атаңдын көрү кырк чоро,
Качан да болсо кырк чоро,
Бузуку салбай жүрбөйсүң,
Чубак элине көчмөй болду эми,
Таарынып Чубак көчмөккө,
Айтсаң боло Манас деп,
Күнөөмдү койсун мойнума,
Актыгыман өлөмүн,
Ант урган кырк ит сабады,
Көчмөккө Чубак камынды,
Мунарык көздөй кетмекке,
Ошондо,
Бакай келип калганы,
Чакырып ал кырк чорону,
Кырк чорону камады.
Кырк чорону эр Бакай,
Эр Чубактын алдына,
Айдап барып калганы.
Кыркын аттан түшүрүп,
Мойнуна камчы салдырып,
Алдына айдап алганы.
Көгөрүп Чубак болбоду,
Карарып Чубак жөнөдү,
Чубактын элин сурасаң,
Алты жүзгө толгон кез,
Ошондо Чубак көчкөнү,
Маа кылдың Манас деп,
Эки күндүн ичинде,
Коңурбай колу келет деп,
Маа кылдың саа кылам,
Шашпагын Манас деп айтып,
Чубак элине көчүп жөнөдү.
Мунардын чыгып белине,
Чубак эки жакты карады,
Жылгын, Кең-Кол кайран жер,
Жыргалдуу ногой кайран эл,
Ордолуу Кең-Кол кайран жер,
Орчун ногой кайран эл,
Ата кадырыңы көп самайм,
Ата акылга тууган Абыке ай,
Ата кылыгыңды көп самайм.
Атаңдын көрү бок дүйнө ай,
Ата кадыры калбас аяшты,
Ата кадырыңды көп самайм,
Кайран аяш Каныкей,
Ата мен үчүн салбар болду деп,
Чубак дүрбү салганда,
Жети күнчө болгондо,

Манас конушунан көчүптүр,
Каныкейди карасаң,
Ал көчтүн артында,
Кыркма тору бээ минип,
Элден кордук көргөндөй,
Боз туурдукту токунду,
Айкөлдү кудай урганбы,
Салынды катын Акылай,
Акылайга кетиптир.
Каныкей салбар болгону,
Жип басмайыл, жип боон,
Кордукту көрүп Каныкей,
Акылай конушуна конуптур.
Чубак айтканындай кылганы,
Ал аңгыча болгон жок,
Акылай баштагыдай болду эми,
Салбар болгон Акылай,
Алынды катын болгону.
Эми муну мындай таштайлык,
Кечээ алтымыш эки туу менен,
Коңурбайдан баштайлык,
Чубак периден катты учуруп,
Коңурбайга баргын деп,
Манастан кегиң алгын деп,
Жаздыкта Манас жатат деп,
Коңурбай өрүүн болуп жатканда,
Чатырында жатканда,
Жасоосун тигип келгенде,
Ак кагаз келди далбактап,
Манжулар кармап алганы,
Муну окуп турган киши жок,
Илгери мусулманды чапканда,
Ошондо олжого түшүп барыптыр,
Арачы турган чаркештен,
Ошол чаркеш окуду,
Мусулманча жазыптыр,
Манас оору дегенде,
Күлүп ийди Коңурбай,
Каткырыгы баш жарып,
Бурутту кудай берет бейм,
Алтымыш эки туу алып,
Көмкөрө көчө баратып,
Эрдемсинген Манасты,
Эсебин чогуу табалык,
Алтымыш кызыл туу алып,
Кыркалай карап барайын,
Бурутка кызык салайын,
Кыйынсынган Манаска,
Кызыкты катуу салайын,
Бел байлаган Чубагы,
Бөлүнүп кетти деп уктум,
Маа муну кылды деп,
Чубак кетти деп уктум.
Кербенчиден кеп уктум,
Ушак-айың сөз уктум,
Чоң тамаша болгондо,
Алмамбет колу сынды деп,
Ушак-айың сөз уктум,
Муну кудай бергени.
Талоон салып Коңурбай,
Тал түштө келмек болду эми,
Эки күндүк жолдордон,
Таласка эки күн калганда,
Кереметтүү Каныкей
Касиети бар эле,
Алыстан душман келет деп,
Азапты быйыл салат деп,
Жаздыкта Манас калганы,
Жаман болуп катуу ооруп,
Арстан Манас жатканы.
Антка учурап алганы,
Сыймыгы калып көк жалдын,
Аралап бузук кылганы,
Көзүнүн майы түгөнүп,
Бутаны атса ак келте,
Бутага тийбей калганы.

Көөдөктү кудай алганы,
Көк бөрү тартып Алмамбет,
Кокустап колу калганы.
Алмамбет айлы алыста,
Бекташтын башы жайлоодо,
Кереметтүү Каныкей,
Серек менен Сыргакты,
«Кагылайын уулуке,
Абаңды кудай урганы,
Чубак менен мени деп,
Чубакка бузук салганы,
Эми Коңурбай колу келатат,
Туура келген токойдон,
Камданып уулуке баргын деп,
Чалгынга барган калмактан,
Анысынан кабар жок,
Аңтаңдап калча келатат,
Керемется мен көрдүм,
Мен түшүмөн чоочудум,
Кагылайын уулуке,
Бел байлаган бегим жок,
Чубак кетти элине,
Бел байлай турган тууган жок,
Ант уруп баатыр калганы,
Сыйкыры качты баатырдын,
Колдогону кырк чилтен,
Чубакты ээрчип кеткени,
Сыйкыры качып абакең,
Каруу кылар шайы жок,
Жаздыкта абаң калганы.
Кара-Көлдү тосо көр,
Канетсе алдыңан чыгат Алгара,
Антаңдаган зор калча,
Ошо чубама жолдо кез болбой,
Күүгүм кирип калганда,
Шабырлап аттын табышы,
Тыңшап карап отурсаң,
Кара-Көлдөн кечет деп,
Ошондо калча алдыңан,
Жабдыгын албай чоң калча,
Жапайы жалгыз келет деп,
Түштүк колу көт жакта,
Кереметтүү Каныкей,
Билип турат бу канча.
Айтканы жалган болбосо,
Каракан кызы Каныкей,
Касиеттүү жан эле,
Илгери турду эр Сыргак,
Серекти жолдон алганы,
Шабыр-шабыр бастырды,
Кызыл күүгүм киргенде,
Буктурманын чубама,
Бери чыгар жерине,
Токойдон Сыргак тоскону,
Жабдык албай бир тарым,
Айбалта чалып тилекке,
Чубама жолдун өзүнөн,
Коңурбай чыгар жолунан,
Тосуп турду эр Сыргак.
Аңдабай калча келатат,
Даярланган эр Сыргак
Калчаны чаап калганы.
Алгаранын үстүнөн,
Жал кучактай түштү эми,
Имериле түшөрдө,
Кара жаак айбалта,
Камынып Сыргак чапканда,
Жанында Серек бар эле,
Артынан келип Шыпшайдар,
Кага берди эр Сыргак,
Камындырбай зор калча,
Бурулуп Сыргак качарда,
Шыпшайдар жол тоскондо,
Сыргакты кармап алганы,
Алтымыш эки туу алып,
Артынан колу келгени,

Манас оору деп айтып,
Сыргакты кыйноого алганы,
Колун аркага байлады,
Көк ала чокой көп манжу,
Өлтүрүп койсок Сыргакты,
Тирүү болсо Манас деп,
Бизди эгерде тирүү койбойт деп,
Серекти кыйнап урганда,
Жаздыкта жатат Манас деп,
Калп айтат жаның чыккыр деп,
Сыргак эрдин кесе тиштенди,
Каныкей кароолго коюп Сыргакты,
Кармаганын билгени,
Кечээ казактын колу кириптир,
Коңурбайдай чочкого,
Корккконунан кириптир,
Жамгырчы колу да кириптир,
Жаздыкта жаткан Манасты,
Үйүнөн байлап алам деп,
Түн ортосу болгондо,
Серек менен Сыргакты,
Алпарып орго салганы.
Манасты байлап алмакка,
Таласты көздөй жүргөнү,
Таң кашкайып атарда,
Кереметтүү Каныкей,
Баатырга киргени,
Башыңды көтөр баатыр деп,
Очогор үнү көп чыгат,
Алтымыш эки туу алып,
Коңурбай калча келген бейм,
Алакандай дин ислам,
Түгөл байлап алат бейм,
Түпкө чогуу жетет ко,
Көзүңү ачкын баатыр деп,
Салынды катын Акылай,
Баатырды бел кучактан алыптыр,
Болжошкон күнүң келди деп,
Такымдан чымчып койгону,
Ошондо да Манас козголбойт.
Жамгырдай болуп ок жаады,
Тургун баатыр дегенде,
Баатырдын көзүнүн майы түгөнүп,
Кара жаным куткас деп,
Каныкей ал аңгыча болгон жок,
Каныкей Аккуланы токуду,
Ак олпогун кийгизип,
Манас күрмөлүп атка мине албайт,
Мобу жол менен качкын деп,
Аккула менен качканда,
Акылга тууган Абыке,
Көктелкисин миниптир,
Башта айткан Каныкей,
Ишенбегин уулуке,
Коңурбай калча келет деп,
Көк ала соотун бөктөрүп,
Көкала тулпар ат минип,
Бакай абам келгени,
Күркүрөп калча келгени,
Он бештей солон жанында,
Айкырыкты салганы,
Көк соот кийип булкунуп,
Көк тулпар атка камчы уруп,
Бакай салды урушту.
Акылга тууган Абыке,
Абыке салды урушту.
Карындашы Карлыгач,
Капыр көптүгүнө салганда,
Эштектердин Шайымбет,
Коңурбайга кириптир,
Абыкеге барам деп,
Коңурбайга кеп айтат,
Абыке сайыш берем деп,
Кечээ ойноок бала жаш чакта,
Торпок минип жүргөндө,
Абыкени ошондо,

Моюн чалып үстүнөн,
Оодара тартып алчу элем,
Сайышка чыкты Шайымбет,
Алкара күлүк мингени,
Ант уруп кеткен Шайымбет,
Корkконунан Коңурбайга киргени.
Жекеге эми келгин деп,
Баатыр болсоң Абыке,
Жекеге өзүң келгин деп,
Камданып Абыке барганы,
Эштекти кудай урду деп,
Абыке Аккуланы минди эми,
Ак олпокту кийди эми,
Кезегин берип Абыке,
Алкара менен моюндан,
Артыман келди Шайымбет,
Алты кулач көк найза,
Аркыратып бууданды,
Шайымбет муштап калганы,
Сайдың койдуң дебестен,
Аккула оозун бурганы,
Кезекти мага бергин деп,
Качырып келип урганда,
Шайымбет аттан кулады,
Асмандан булут тутулду,
Кайнап жаткан калмакка,
Алкара качып барганы,
Имериле тартты эми,
Шайымбеттей баатырды,
Эңип алып Абыке,
Колду көздөй качканы.
Коңурбай каптап киргени,
Шайымбет кайра бергин деп,
Алың келбейт бурут деп,
Каптап уруш саламын,
Каңырыгын түтөтүп,
Манасты байлап аламын,
Же болбосо сен бурут,
Айтканыма көнгүнүң,
Менин сөзүм угуп тур,
Аккула тартуу бергин дейт,
Ак олпокту бергин дейт,
Каныкейди аламын,
Анан жаның калат дейт.
Аккула менен ак олпок,
Тартууга алып бергин деп,
Алакандай бул кыргыз,
Жети күн мөөнөт сурады.
Акылдашып алалык,
Убадага келелик,
Анан тартуу берелик,
Мөөнөт берип Коңурбай,
Таласты жети күн камады.
Каныкейге жалынып,
Абаң Бакай ошондо,
Чубакка барып келгин деп,
Каныкей болбой турганда,
Айласы кетип айкөлдүн,
Көзүнүн майы түгөнүп,
Камчысын салып мойнуна,
Менден кетти Каныш деп,
Эки чылбыр бир тизгин,
Колуңа бердим Каныш деп,
Минерине ат таппай,
Карткүрөңдү мингени,
Күнү-түнү жол тартып,
Мунардын белин ашканы,
Нойгутта жаткан кыраанга,
Каныкей жетип барганы.
Каныкейдин
көзүнүн жашы төгүлүп,
Акбалтага жүгүнүп,
Алтымыш эки туу менен,
Бээжинден калча келди деп,
Түгөл кырып кетем дейт,
Кагылайын атаке,

Түпкө чогуу жетем дейт,
Араң жети күн мөөнөт сурадык,
Кантесиң аяш деп айтып,
Каракөк Чубак болбоду,
Жөн жаткан жерге койбоду,
Манас бир өлмөктөн үч өлсүн,
Каш кайтарбас аяшка,
Кадимки Чубак ойнош деп,
Кырк чорого сабатып,
Манастын кылбаганы калбады.
Ырас келдиң Каныкей,
Тал түштө нике кыям деп,
Акбалтага бой бербей,
Тал түштө үч бээ сойгону,
Каныкейди алам деп,
Чубакты кудай урганы.
Атасы Акбалта буркурап,
Каапыр көптүгүнө салбайбы,
Манасты байлап албайбы,
Алакандай кыргыздар,
Ай баткандай болбойбу,
Балам антка учурап каласың,
Антка учурап калганда,
Манастан жаман болосуң.
Жакып өлбөс болсунчу,
Акбалта өлбөс болсунчу,
Антка учурап каласың,
Аттангын балам, деп айтып,
Кереметтүү Каныкей,
Көзүн салып караса,
Манасты колдогон кырк чилтен,
Кайра тартып калыптыр,
Адырдан чыгып ак кулжа,
А да кетип баратат.
Кара чаар арстан,
Тилин салып акактап,
Капталда кетип баратат.
Боору кара сырты көк,
Боз ала туйгун, ителги,
Кайра учуп баратат.
Ардана түшүп Каныкей,
Чубакка суук айтты эми,
«Ант урган Чубак аттангын,
Айтканыма көнбөсөң,
Көрсөтөмүн сонунду!»
Сырын билет Каныкей,
Темиркандын төрүндө,
Оролмо чагы толгондо,
Жаңы он бешке чыкканда,
Анда Чубак барганда,
Аргымагын токунуп,
Атайы келгис кылмакка,
Чубак менен сайышып,
Каарына чыдабай,
Тазкарадай далдайган,
Чубак качып кутулган.
Корккондон Чубак жөнөдү.
Жети күн мөөнөт бергенде,
Алтынчы күнү Каныкей,
Чубак экөө келгени.
Бурут убадаң бүттү деп,
Тартуумду бергиниң,
Бербес болсоң сен бурут,
Каптап уруш салам деп,
Капыр көптүгүнө салганы.
Кагылышып калганы,
Тополоң учуп, тоз учуп,
Мунарыктап, боз түшүп,
Топурак учуп тоо болуп,
Каптап уруш салганда,
Намысына чыдабай,
Кайран Чубак кирди эми.
Карындашы Карлыгач,
Бел байлаган манжунун,
Бектери менен урушуп,
Кара тон кийип бурушуп,

Калмактын калдайы менен урушуп,
Чыйырды уулдан бирди эр тууган,
Кыздан бирди эр тууган,
Кара манжу кытайдын,
Далай дөөсүн мерт кылды.
Каапыр көптүгүнө салышып,
Карлыгач колго түшүп калганы.
Бекташтын башы жайлоодон,
Алмамбет колу келгени,
Колдогону кырк чилтен,
Кара чаар кабылан,
Капталынан чамынды,
Көсөө куйрук көк даңгыт,
Көт жагынан чамынды,
Боору кара, сырты көк,
Боз ала туйгун ителги,
Оболоп учуп келди эми,
Алтын айлуу ак бугу,
Адырдан маарап келди эми.
Алачыктай сур манжу,
Суугуна жага албай,
Ысыгына бата албай,
Кайра качты көрдүңбү.
Артынан түшүп Алмамбет,
Кең-Кулжанын боюнан,
Алтымыш дөөнү өлтүрүп,
Карындашы Карлыгач,
Ажыраткан жери экен.

## ЧОҢ КАЗАТ

Алптар жыйылып, Манас, Төштүк, Кошой, Тасбаймат казатка аттанардагы бир көрүнүштүн сүрөттөөсү:

Кечээ нечен бир айза кармап
топ бузуп,
Ажалы жетсе окко учуп,
Алптардын баары жыйылып,
Убаданы бек кылып,
Ак боз бээни сойдуруп,
Канга колун матырып,
Каруусунча салышып,
Качпас болуп алышып,
Ай караңгы түн бүркөк
Түн эмине болот деп,
Барып калса каканга
Күн эмине болот деп,
Бука биттеп салдырып,
Уй да болсо алдырып,
Кочкор бычып ирик кылып,
Койдун баарын тирк кылып,
Айгыр биттеп салдырып,
Бээнин баарын кызыр калтырып,
Теке биттеп салдырып,
Эчки кызыр калтырып,
Төрт түлүк малды сойдуруп,
Жайы кышы кургатып,
Тегирменге тарттырып,
Түгөнбөгөн күл азык.
Опондогон ундан чалдырып,
Азыктын жайы момундай
Алты ай сапар жүргөндө
Бул азыкты кайдан табат деп
Жүктөп берген мол азык.
Экөө бирөө дегендин,
Үйдөн койбой айдады,
Өзү жангыз дегендин,
Сарпоштотуп айдадым.
Кара көңүл киши эле,
Акбалтанын Чубагын

Такоол кылып айдатып,
Карап турсам бир бөлүк
Кайраттуусун бир бөлүп,
Союлдашса койбогон
Жолундуусун бир бөлүп,
Айзакердин мыктуусун,
Аябаган ыктуусун,
Анын колун бир бөлүп.
Көкала тулпар ат минип,
Көк ырапыс тон кийип,
Олуятты зор Бакай
Олда баштап баратат.
Бир нече күн жол тартып,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Чалгынга барар эл келди,
Ошол колдун ичинен
Кабылан Манас сүйлөдү:
Маңкан менен Кордойду
Баскан Чоро бар бекен,
Эчки өлбөстөн эки жат
Көргөн адам бар бекен,
Таңашардын бурулдун
Ашкан чоро бар бекен?»
Ошолордун ичинен
Чакырып келди эренди,
Кече кытайдан келген беренди.
Кече Кошойдун төмөн жагында
Чыканактап Алмамбет
Кашка тиши кашкайып,
Берен Алмамбетти чакырып,
Аргын эли кыргызды
Сүйгөн атың мингин дейт,
Сүйгөн тонуң кийгин дейт,
Кагылайын Алмамбет
Мен суроосуз алып берейин,
Кимдин атын минемин,
Чаяндуу тонун кийемин,
Бармактайда баш кошкон
Сараламды минем дейт,
Аргын эли кыргыздан
Жактырып жолдош алам дейт.
Улак хан, Жакып кан
Манас менен тең тууган
Ага-ининин баласы,
Самоору кымбат чайы арзан
Самаркандай калаа жок.
Сапарга жолдош алууга
Сыргак өңдүү бала жок.
Сыргакты берсең барайын
Сыргактын жайын сурасаң
Тулку бою ок экен
Жумуру баштуу бендеден
Бул өңдөнгөн жок экен.
Туурасы бийик бою бас,
Тулку бою кара таш,
Билек темир кара көк,
Бир мүчөлү бадырек
Болуп турган табы экен.
Жыйырма бирге илинип,
Көзөлдүн чыгып келген чагы экен.
Барып калсаң Каканга,
Кагылайын Алаке,
Жолдош кыла баргын деп,
Теке жоомарт ат минип,
Оң жагына Алманга
Жолдош кыла баргын деп,
Сыргактын кумар туткан
чагы экен.
Мына Сыргакты жолдош алды эми,
Эрикбеген эки эрен
Ок дарыны мол алып,
Ат жаратып алмакка
Ажыбайдын Карткүрөң
Сурап туруп Алмамбет
Коштоосуна алды эми.

Карткүрөң жайын айтайын,
Басканына мал жетпейт,
Желгенине жел жетпейт,
Сомол куйрук сом туяк,
Чындап жоого киргенде
Чыйырын жоого алдырбайт,
Айкашкан жоого киргенде
Алдына киши салдырбайт.
Тик багып жоого келген кез,
Келерин кудай берген кез,
Боконо эти толгон кез,
Жаздым айтып койбосок
Ажыбай хандын Карткүрөң
Карткүрөң
он жети асый болгон кез.
Карткүрөңгө кош артып,
Кече ал малдын жайын айтайын,
Ай Сарала ат минген,
Сары жаргак шым кийген,
Сары ачык тон кийген,
Сунса найза тартпаган,
Сумсайып жоодон кайтпаган,
Кабылан тууган эр болчу,
Байкап калган адамга
Жүрөккө бүткөн чер болчу.
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Кабылан тууган эр болчу.
Кулагына муруту
Алакем алп сындуу эр болчу.
Эми Алмамбет тонун айтайын,
Алмамбеттин сур чепкен
Жакасы алтын жеңи жез,
Кош бадана торгой көз,
Жебенин огу жетпеген,
Барандын огу батпаган,
Келтенин огу тажаган,
Очогор огу өтпөсө,
Болоттон кылган шибеге
Болжоп сайса өтпөгөн,
Тигишинен келбеген,
Мынабу Алакемдин сур чепкени.
Кечээ ай караңгы түн бүркөк,
Түн эмине болот деп,
Кечээ барып калсаң Алмамбет
Мунун күнү эмне болот деп,
Кечээ кырк кечилге барганда
Алмандын күнү эмне болот деп,
Кайран Алмаң кантет деп,
Күн эмине болот деп,
Сараланы тааныйт деп,
Кечээ кайран жеңең Каныкей,
Кара көздүн нурлуусу,
Мусулмандын сулуусу,
Кечээ Каныкей берген себет бар,
Кечээ кан Көкөтөй ашында
Эр семирип бук болуп,
Ат семирип ык болуп,
Ошо кезде карасаң
Кумурскадай быкылдап,
Кан Көкөтөй ашында
Баарына кабар тийгенде,
Көрүп алып жеңекең
Канетсе Бээжин бараар деп,
Кара жибек киймени
Саралага кийгизип,
Отуз келин, отуз кыз
Кайран жеңең Каныкей
Жибектен чалып тор түйүп,
Туягына туягы
Алгара болуп алсын деп,
Кырк кечилге барганда
Кан Коңурбай бар болуп,
Кагылайын Алакең,
Арамдын башын алсын деп,
Жеңең жүктөп берген эмеспи.

Же кагылайын уулуна,
Кечээ айкашкан жоого киргенде
Дарыны кайдан табат деп,
Баскан изин чалдырып,
Төгөрөктөн кыдыртып,
Ат башындай алтынды
Канжыгага бөктөртүп,
Кайран жеңең Каныкей
Желмаянды билгизип,
Үзүктөй калпак эр Шоту
Эр Шотуну жиберип,
Ат башындай алтынды
Жеңең Мангубага жиберип,
Мындан дары алдырып,
Сүйүнүп кетип Мангуба
Ак куржундун түбүнө
Ак кагазга бир ороп,
Берип ийди Мангуба.
Тоголоктоп дарысын,
Балдан таттуу даамы бар,
Таңдайына салганда,
Шилекейиң бир толуп,
Уй башындай жан аяк,
Суусун чайып ичкенде
Ооруган жериң басылат,
Умачтай көзүң ачылат.
Айса койгон жериңе,
Кырып алып сыйпасаң,
Момунда көөнүң ачылат.
Ак куржундун түбүнө,
Ар түлүгүн жай кылып,
Ок дарыны шай кылып,
Карткүрөңгө кошо артып,
Аттанып чыкты Алмамбет.
Кара болот кыргагы,
Кан Манастын Сыргагы,
Ошондо Кан Кошойдон бата алып,
Туйгун туулган Алмамбет,
Чалгынды көздөй бет алып
Алмамбет
аттанып чыккан жери ошол.
Бир нече күнү жол тартып,
Аз гана эмес мол артып,
Кайкаңдын белин ашканда,
Көк-Өтөккө жеткенде,
Алдындагы Сарала
Ооздугун чыгарып,
Азымай тартып отуруп,
Таз кардын чөпкө толтуруп,
Муңардын ашуу белинен,
Мунарыктап чаң чыкты,
Кайсы аттын чаңы деп,
Карап турду Алмамбет.
Дүрбү салып караса,
Калкамандын кара аты
Кара атынын чаңы экен
Үстүндөгү келаткан,
Серекжан деген бала экен.
Карап туруп Алмамбет
Бул Серек эмне келет деп,
Ал аңгыча болгон жок
Серек жетип келгени,
Салам айтып турганы,
Салам деген парыз деп,
Алмамбет алик алып турганда,
Ошондо Серек муну айтат,
Сарала мойнун бурсун дейт,
Манас досуң келатат,
Санжыргалуу Алмамбет,
Азыраак аял кылып турсун дейт.
Бир эле ооз сөзүм бар
Айтамын ага, айтам дейт,
Алмамбет аябай капа болду эми,
Кандарды кудай урганбы,
Кагылышып калганбы,
Алмамбет чалгын чалды деп,

Арага бузук салганбы,
Кырк чоро башы Кыргын чал,
Колдун көт жагында
Ак чатырын бүктөтүп,
Акбалта уулу Чубакка
Бузуку салып Кыргын чал,
Бузуп айткан жери экен:
«Чалгынды калмак чаларбы,
Чалгындап Чубак каларбы,
Кеңешти калмак билерби,
Кеңештен Чубак каларбы,
Олжону калмак аларбы,
Оорукта Чубак каларбы?»
Айткан сөзү ырас деп,
Ошондо Чубак күүлөнүп,
Көк ала атын токуду,
Ошондо көөдөк Чубак жөнөдү.
Манаска барып күүлөнүп,
Барсылдап Чубак сүйлөнүп:
«Кечээ Кара шаар менен Камбылда
Жашап турган чагымда,
Мында Алмамбет калча кайда эле!?
Кечээ Ооганды бузуп олжо алып,
Ортосун бузуп жол салып,
Буларды туура ченеп өткөздүм
Мында Алмамбет калмак
кайда эле.
Кеп кеңешке албастан,
Алмамбет чалгын чаларбы?
Арада Чубак каларбы?»
Айткан сөзүң ырас деп,
Айбан болдум токунуп,
Арстан Манас жөнөдү.
Эр Чубактын Көкала,
Баскан ташы быркырап,
Кологой тартып зыркырап,
Ыраактан Чубак айкырып,
Калмак, калмак, калмак деп,
Калмактап ураан салыптыр,
Чубакты кудай уруп калыптыр.
Бузукуга кирди деп,
Муну кудай алды деп,
Өзүн көргөн Алмамбет,
Алмамбетке жеткенде,
Деми кара динсиз ит,
Дин билбейсиң бирсиз ит!
Кууп келдиң кандайсың,
Качкын кул бүгүн тири калбайсың!
Колго түйгөн кант кана,
Кечээ кол алышкан ант кана,
Бээжинге бирге барам деп,
Ант ургур убада кылган сөз гана.
Казына мүлкүн чачкан ит,
Какандан качып келген ит,
Сары-Арканы жердеген.
Алты жыл кызмат кылган ит,
Көкчөгө батпай келген ит,
Көкчөдөн запкы көп көрүп,
Таласка качып келген ит.
Коңурбайдай манжуудан,
Запкы көрүп келген ит.
Ошондо Алаң күүлөнүп,
Чубакты көздөй сүйлөнүп.
Күлүмсүрөп кашкайып,
Алмаңдын күскүдөй бети
таздайды.
Чалгынды бердим чала кой,
Талашсам оңбой кетейин,
Чубагым,
чалгынды бердим бара гой.
Болбой Чубак турганда,
Оозунан чыккан жалыны,
Көкала менен эр Чубак,
Омуроолоп турганда,
Атаңдын көрү ит Чубак,
Таш сайынган калмактын,

Тазасынын уулу элең,
Кара чоктуу манжуунун,
Калдайынын уулу элең
Сага акыл салгандай,
Чубак сен
кайсы ойкуттун* уулу элең.
Качып келдим дин издеп,
Мен Калыйпа султан пирди издеп.
Жана баатыр тим койсо,
Жана калмак дей берди.
Болбой Чубак турган соң,
Ыргай саптуу ак камчы,
Алмамбетке чак камчы,
Оңуна келген Чубакты,
Алмамбет тартып ийди төбөгө.
Кулактын туура тушунан,
Куйкасын айра чапканда,
Жалт берип кетти Көкала,
Каргашалуу калмак кул,
Камындырбай жеди деп,
Кара болот Наркескен
Чубак сууруп алып кабынан,
Качырып сала берди эми.
Сенде кылыч бар болуп,
Бөлөктө кылыч жокпу деп,
Эки миздүү жойболот,
Алмамбет сууруп алды кынынан.
Буларды кудай урду деп,
Биринин башын алат деп,
Өзүн көргөн эр Сыргак,
Арага түшө калды эми.
Ошондо Манас барбактап,
Айбанбоз менен дардактап,
Атаңдын көрү эки ит деп,
Эмине болуп кетти деп,
Эл четине келгенде,
Жоо бетине келгенде,
Урушумуш болушуп,
Алайын деген экенсиң,
Экөөң убадаңды бир кылып,
Калың кара динстан,
Алдайын деген экенсиң.
Алдап жүрүп душманга,
Салайын деген экенсиң.
Көкала менен Сарала
Теминишип турганда,
Суулуктан кармап алды эми,
Экөөнү эки жакка какканда,
Аркан бою дегдеңдеп,
Ажырашып калды эми.
Ошондо Алмаң күүлөнүп,
Эр Чубакка сүйлөнүп,
Каалап билдим диниңди,
Калыйпа султан пириңди,
Кан кыл деп айттым киминди,
Кыңкылдаган ит Чубак,
Каның экөөң бир болуп,
Же кагайынбы жиниңди.
Ээлеп билдим диниңди,
Бек кылгын дедим киминди,
Бегиң экөөң бир болгун,
Сенин кагайынбы жиниңди.
Алмамбет кайра тарткан кези экен,
Кайкы кара белеске,
Белести көздөй Алмамбет,
Бастырып жалгыз түштү эми,
Кечээ аргын эли көп кыргыз,
Артынан кууп келишип,
Чалгынды Алмаң чалды деп,
Атказып турду кан Кошой,
Кабагы жерге салынып,
Алмамбет
кайгырып капа болду эми.
Айкөл Манас кабылан,
Боз булакка түштү эми,
Түшө калып кабылан,

Даарат алып калды эми,
Айкөлдүн тиштегени ок болгон,
Тиштешкени жок болгон,
Кармаганы ок болгон,
Кармашканы ок болгон.
Атаңдын көрү эки кул,
Урушуп көрчү кана деп,
Айкөл күңкүрөп капа болду эми,
Жанындагы эр Сыргак,
Айбанбоз сындуу күлүктү,
Атырып кармап калды эми.
Арстан тууган Алмамбет,
Кантсе бузуку кылды деп ойлоп,
Алмамдын ичи көлдөн кең эле,
Баатырдын телегейи тең эле,
Падыша өңдүү Чубакты
Башка чаап ийдим деп,
Өзүмдөн бир жаш улуу эле,
Арам, адал тышында,
Аңкылдаган эр эле.
Чубакка бузуку салды деп айтып,
Алмамбет Сараланы жетелеп,
Сарала тартуу, биз тартуу,
Көрө калып эр Чубак,
Бүткөн бою чечилди,
Бузуку кылды деп айтып,
Чалгынды чалган Алмаңды,
Артынан кууп келгидей,
Маа эмине болду деп,
Алмамбеттин алдында
Көкаланы жетелеп,
Менден мурун келсе деп,
Алмамбет өңдүү туйгунду,
Ата, сурагы баса болот деп,
Чубак колун суна берди эми.
Кучакташып алышып,
Алмамбет Чубак эки шер,
Кан Манас көздөй бет алып,
Баатырга тартууга барган жер экен.
Ошондо айкөл үйлөндү,
Баркылдап баатыр сүйлөндү,
Мен жакындык кылдым кимиңди,
Калыстык менден кеттиби,
Эртең менен болгондо,
Темиркан кыз Каныкей,
Ак тастаркан* жайчы эле,
Казы менен картаны,
Мис табакка салчу эле.
Бергел Алмаң дечү эле,
Оң тиземе алчу элем,
Berеним Чубак келгин деп,
Сол тиземе алчу элем.
Алмамбет, Чубак барында,
Мен ааламга татыдым дечү элем.
Чубак жаңкы сөзүң бек тийди,
Ок эле сөзүң бек тийди.
Алмамбет менен урушуп,
Тетиги каның экөөң дегениң,
Мени ала жыгылып,
Алмамбет эң эле сөзүң бек тийди.
Же болбосо Алмамбет
Эрдигиңди билгемин,
Кечээ Карача кандын кыз Сайкал
Мен алам деп барганда,
Кырк чоро атын тийгенде,
Кыялап уруш салганда,
Ошондо Чубак барганда,
Чубакты көмө коюп салганда,
Сайкалга жекеге барды Алмамбет
Карагай найза майышып,
Качпай тороп сайыштың.
Айлакер тууган Алмамбет,
Эрдигиңди билгемин.
Кыз Сайкал менен Алмамбет
Ошондо алты күнү сайышты.
Тоорукердин жанынан

Аккула минип баргамын,
Карача кандын кыз Сайкал
Аны кемитпесек болот го,
Эрдигин көрдүм Сайкалдын
Сайкал менен
оодарышты салгамын.
Тоорукердин жанынан
Аккула жүрбөй калганы,
Тап тап этине келбептир,
Өзүмдү төгүп кетип курган жан,
Карача хандын хан Сайкал
Эрме чөлү долунун,
Тоорукердин жонунда
Мени танкайта кете жаздаган.
Сайкал менен
алыша албай кайткамын,
Кара хан кызы Каныкей
Ондо салбар кылып салгамын,
Анда мен Акылайга чыккамын,
Акылай Аккула табын билбептир,
Ык семиртип бууданды
Казы алдырып салыптыр.
Ошол олуяттын Бакайы,
Касиеттүү хан Бакай,
Акылай менен жүрсөң деп,
Күлүктүн табын билбейт деп,
Каныкейди алсаң деп,
Бакай арага жүрүп калды эми.
Каныкейди алсаң деп,
Өзүңдүн табың билет деп,
Атыңды байлап берет деп,
Каныкейди алды эми.
Каныкей оң колуна алды эми,
Аккуланы байлады,
Кабылан туйгун Манасты
Түтөгүп кетип Сайкалга
Алдырып ийе жаздады.
Каракан кызы Каныкей,
Кабылан туйгун Манастын
Жата турган жанбашка
Жеңең ошондо
Кабаттап аркан салыптыр,
Табетине келтирип,
Билгизбей туруп Сайкалга!
Келерки күзгү болгондо,
Табетине келтирип,
Барсаң эми долуга
Алар быйыл табым деп,
Аккула келип табына,
Табетине келди деп,
Батеркенин жонунан
Болжолдуу жерге барыптыр,
Болжомдуу эле дөбөгө
Сайкалга жангыз барыптыр,
Кабарлашып алганда,
Ошондо Сайкал келиптир,
Сайкалы менен сайышып,
Баягыдай сайышып,
Карагай найза майышып,
Качпай туруп сайышып,
Шай колдогон кабылан
Сайкалды оодарышмак салам деп,
Ошондо туруп Сайкалды
Ээрден көчүк эңкейтип,
Эңип алды Сайкалды.
Тал түштө нике кыям деп,
Беймазаны салганда,
А дүйнөлүк болоюн,
Барбаган жайым айтайын,
Ургаачынын уздуусу,
Бусурмандын сулуусу,
Кара көздүн нурлуусу,
Өзү бусурмандын сулуусу,
Тилинде жангыз мөөрү бар,
Каргап коёт Каныкей.
Убадасын бир берип,

Баатыр менен
ажырашкан жери экен.
Ошондо ичте турган арамым,
Эрендер суугa салып ийишти,
Ошондо Алмам кеп айтат,
Алмамбет бала ителги көздөнүп,
Бал шекердей сөздөнүп,
Жайгап турат Алмамбет
Ээн талаа кең болчу,
Агасы менен иниси
Аз жемелеп тим бочу.
Арстандар атка миништи,
Арандашып жүргөндө,
Алакем сөздү баштаган.
Сарала мойнун бурду эми,
Баатыр барамын десең кабылан,
Аккула атың минип бар,
Ак олпок тонуң кийип бар.
Алдыңдагы мингениң
Кызыл ээк Айбанбоз
Кырк ээк асый болуптур.
Айбан боз жайын мен билем,
Төмөнкү какша жылкы тукуму,
Алты күнү суу ичбесе,
Бул айбан басбай калчу беле,
Узун кулак шалчылдан,
Айбанбоз жүрбөй калчу мал экен.
Алмамдын айтканы келди
деп айтып,
Баатыр капа болуп каласың.
Алда талаа кудурет,
Аккуладай бууданды
Сага арнап берген мына ошо.
Күнү-түнү кырк күнү,
Суу ичпесе чыдоочу,
Казатка минчү мал ошо.
Ак күбөңдү кийбебсиң,
Кара тон кийип келипсиң,
Акылай кылган кара тон,
Айза тийип калса деп,
Тигишинен сөгүлүп,
Баатыр, этиң чыгып көрүнүп,
Баатыр Алмамбет бейпай
болбосун,
Чукелте алып келипсиң
Ак келтени таштапсың.
Чукелте жайын айтайын,
Жоо камап келгенде,
Алты-жети аткан соң,
Этиң ысып албайбы,
Анан чопулдап огу түшпөйбү?
Асынып жүрсөң Аккелте,
Айдалынын айнеги,
Айкашган жоого келгенде,
Аккелте, аманат жандын баркеги.
Аккелте мылтык албапсың,
Ак кулаңды минбепсиң,
Кайра тартсаң баатыр деп,
Бир жолу бар Бээжиндин
Барса келбейт дечү эле,
Кайра тартып кетсем деп,
Ошондо Манас муну айтат:
«Берипте беш кол сунганда,
Алаке, коргоймун десең оңбойсуң.
Алаке, мага капа болбо,– деп,
Тал-Чокуга чыгам – деп,
Орукта жатып алам – деп,
Алаке эмнеден камың бар».
Ошондо Алмаң муну айтат:
«Тал-Чокудан түшпөскө,
Баатыр убадаңайтыпбергин,–дейт,
Бээжиндин чайын ичпеске,
Баатыр убадаңды дагы айткын» –
Деп ошентип турганда,
Болбой көк жал күүлөндү,
Баатыр жана бир айтар сөзүм бар,

Алакең жылкыны айдап калганда,
Түрбү салып аларсың,
Кызууң менен кирерсиң,
Айбанбоз менен барганда,
Же ошондо,
Алмамбет бейпай болбосун.
Болбой Манас кабылан,
Кошо жүргөн кези экен.
Мелмилдеген боз талаа,
Алакандай түз талаа,
Агаң айткан тилди албады,
Жүргүн Сыргак деп айтып,
Аттан көнөк алсын деп,
Акыл ойлоп бул баатыр
Алакем айтканы келди деп айтып,
Кайра тартып калар деп,
Шайтан мойнун сындырып,
Кагылайын Сыргагым
Деги бир,
Жарашып алсак деп,
Алмамбет Сыргак эгиздер,
Жанында Чубак жаракөр,
Төрт эрен араандашып жарышып,
Алмамбеттин Сарала
Алакачып дыркырап,
Одогой тартып зыркырап,
Сараланын баскан ташы быркырап,
Жеткизбей барат Сарала
Карткүрөң алып колуна
Кадимкидей эр Сыргак,
Удаа кетип баратат.
Эр Чубактын Көкала,
Аларды койбой барат такымдап.
Айбанбоз менен барбактап,
Айкөл кан үч чакырым көт жакта,
Ал аңгыча болгон жок,
Күрпүлдөктүн Сары-Суу,
Сары-Суuга келгенде,
Тозуп турат Алмамбет,
Күркүрөп аккан дайрага,
Айкөл сууга кетет деп,
Тозуп турат Алмамбет.
Чоң дайрага жеткенде,
Чагарак куйрук чаар жолборс,
Чамынгандан кайтпаган,
Жакыптын уулу зор Манас
Адамга сырын айтпаган,
Бууданды сууга салды чуратып,
Кабылан туйгун Манасты,
Сууга көкжал көчөт деп,
Бугудан кылган чылбырды,
Бооруна басып Алмамбет,
Алмамбеттин Сарала,
Тоногон нардай комдонуп,
Өзү суучул мал экен,
Сарала жамбаштай тартып жөнөдү.
Суу ортого барганда,
Алмамбет
кылчайып карап калды эми,
Боору кара сырты көк,
Боз ала туйгун ителги,
Алып кетчү немече,
Айланып кетип баратат.
Көсөө куйрук көк жолборс,
Айкөлдүн артында сүзүп баратат.
Он эки кулач ал жылаан,
Ажыдардай ышкырып,
Айкөлгө алты оролуп баратат.
Суудан аман чыктык деп,
Айкөлдүн оң муруту булк этип,
Кыябы кырк күн жол басып,
Ашуу ашып таш басып,
Алтымыш күнү жол тартып,
Тал-Чокуну таянды.
Тал-Чокунун түбүндө,
Кара ташта каты бар,

Жазып койгон аты бар,
Алты шердин кенжеси,
Алланын сүйгөн пендеси,
Кабылан Манас барат деп,
Тал-Чокуга барат деп,
Жазып койгон аты бар.
Тал-Чоку өңдүү тоо экен,
Айланасы зоо экен,
Алп каракуш, ажыдаар,
Мекен кылган жер экен.
Тал-Чокуга ким чыккан.
Илгери Азиреталы шер чыккан.
Үрүстөн-дастан чыккан жер,
Амир-Темир күрөгөн,
Акбайгамбар Мустапа,
Кабылан Манас чыккан жер.
Тал-Чокунун жонунда,
Үйдөй кызыл талы бар,
Көк жору уя басыптыр,
Куркулдай уя жасаптыр,
Айланасын ышкырып,
Ажыдаар ээлеп калыптыр.
Асан айтып ийгенде,
Ажыдаар кетти жайына,
Алмамбет менен эр Чубак,
Ажыдаар заарын төккөндө,
Эси эңгиреп кетти эми,
Жан ачыган берендер,
Терекке байлап тулпарды,
Жатып жамбаш талдырды,
Уктап уйку кандырды.
Уштагандай зор чоку,
Эртең менен болгондо,
Таң сөгүлүп калганда,
Чымчык учуп чыркылдап,
Торгой учуп чуркурап,
Жапырмагы доолдоп,
Карагач чымчык чуулдап,
Колун бир сууга салды эми,
Кабылан Манас султаның
Ошондо кол дааратын алды эми.
Жаратканга жалынып,
Заңгырап асан айтты эми,
Намасын окуп алган соң,
Эми боосун албай койнунан
Болжолу жок зор дүрбү,
Сууруп алды койнунан.
Жомок айтып бермекке,
Дүрбүнү салып көрмөккө,
Дүрбүнүн жайын айтайын,
Кылымга кабар салдырып,
Бөлөкбай уста алдырып,
Маа дүрбү жаза* деп,
Бөлөкбайдын өзүнө,
Этектен жамбы төктүрүп,
Кызматыңа кыз алгын,
Жайдын аптап табы элең
Дүрбүнүн жайы мамындай,
Жакут таштан алдырып,
Жарып ийип ковхарды*,
Бөлөкбай арасына салдырып,
Ар кайсы жерге болжотуп,
Башка каран беш киши,
Төгөрөгүн төгөдү,
Айнегинин тышына
Бөлөкбай алты ай жатып өгөдү.
Жазабасам дүрбүнү,
Кыйыгына калам деп,
Ажагандан тажаган,
Кокконунан Бөлөкбай,
Дөөтү менен дос болуп,
Бөлөкбай алган чоң дүрбү,
Караңгы үйгө жазаган.
Эриккенде салсын деп,
Жоонун ченин алсын деп,
Көрүп туруп адамзат,

Көз кумары кансын деп,
Беш имерип толгоду,
Алыс жолу жакындап,
Алты аркан бою келгени
Кадимкидей көрсүн деп,
Алты жарым толгогон,
Алты айчылык жолдорду,
Алты аркан бою келгени
Болоттон кылган сабы бар,
Бой тумар чалыш кабы бар,
Бетине дүрбү алды эми,
Ишимди кудай оңдо деп,
Азирет Аалым жол бер деп,
Мындай салып караса,
Будур-будур жер келди,
Бурулуп аккан суу келди.
Бугусу койдой куюлуп,
Бугусун атып алгысыз,
Муңдуу пенде таанытгыз,
Адыр-адыр жер келди,
Аркырап аккан суу келди,
Аркарын атып алгысыз,
Аны бир пенде таанытгыз.
Тектир-тектир жар келди,
Текесин атып алабыз,
Теги бир пенде таанытгыз.
Балтырканы билектей,
Маралдарын айтайын
Мала кашка инектей,
Чымчыктары бүркүттөй,
Чычкандары күчүктөй,
Кара курту бармактай,
Ышкын менен жөргөмүш,
Айдап койгон аштыктай.
Алмасы чыгып көң болуп,
Жийдеси чыгып дөң болуп,
Жаңгагы чыгып сай болуп,
Чагып жесең май болуп.
Кумурскасы тайгандай,
Кудурет жан жаратат ар кандай.
Эриткен бир сонун жер экен,
Төгөрөктүн төрт бурчу,
Төбөсүнөн көрүнгөн.
Чий түбүндө жумуртка,
Капталынча көрүнгөн.
Айнек экен Тал-Чоку,
Эми жомогун айтып бермекке,
Жана дүрбүнү салып калды эми,
Дүрбүнү салып карады,
Шаарын көрдү Бээжиндин,
Качыры бар бээси жок,
Калкын көрдү Бээжиндин.
Кумурскадай жайнаган,
Жалпы көрдү Бээжинди.
Тетиги боюң карала бурчтанган
Булуңгур тартып уштанган
Айнектей болгон Аккула
Шаарын көрдү Бээжиндин.
Араба, чана көп жүрүп,
Каңгайдаган кара шаар,
Алтын бир айдар чок белбо
Ай Алмамбет кел деп айкырып,
Бадана сындуу балкылдап,
Алмаңдын
айдай бир бети жаркылдап,
Айбалта алып таянып,
Кан Манастын жанына
Алмамбет
басып бир келди зыңгырап.
Кылычка таккан кыныңды айт,
Кылдырап албан кабылан
Бу Бээжинден чыккан жериңди айт.
Бел байлаган белегим,
Берееним Алман кабылан
Бээжинден чыккан эреним.
Калалуу коргон чебигим,

Менин кайтарып турган шеригим.
Ошондо Алмаӊ муну айтат:
«Досум,
тетиги дүмүрөйүп түптөнгөн,
Чоӊ Бээжин деген шаар ошол.
Башка бир салдыӊ домокту
Баатырым
айттырмак болдуӊ жомокту.
Тетиги айнектей болгон ак калаа
Менин атам Азиз хан,
Азиз хандын калаасы ошол.
Боз ала керги кызыл чап,
Менин атам Азиз хан,
Азиз хандын калаа ошол.
Сары бир жайык кеӊ талаа,
Ит агытып, куш салып,
Алмамбет
ойноп бир жүргөн жер ошол.
Тетиги салынып түшкөн кара кыр,
Сайындын Кара-Тоосу ошол,
Чай алуучу кен ошол.
Жебе белбоо, кеӊ өтүк
Кечилдин каны Коӊурбай
Кемедей болгон эр ошол.
Алыстан келген душманы
Калалуу коргон чеп ошол,
Муну кайтарып жаткан шер ошол.
Найзакерден мыкты кол,
Аябаган акты кол,
Же калалуу коргон чеп ошол,
Же кан Коӊурбай эр ошол.
Бээжин бекер жер эмес,
Казып койгон ору бар,
Кайнатып койгон шору бар.
Аӊда бир жаткан мерген бар,
Бийиги кырк кез аӊы бар.
Бээжиндин бер жак жагында
Мамытбек деген алпы бар.
Үйдөй болгон боз качыр
Байлатып койгон аты бар,
Кол токмоктой шери ошол,
Акылы кем дебесе
Коӊурбайдай манжуну
Көмө койчу эр ошол.
Буруттун ханы Манаска
Теӊ келемин деп айтып,
Жолуӊду тозгон жер ошол.
Төрт миӊ аскер миӊ кечил,
Жазасы бар капырдын,
Камдап койгон эр ошол.
Бадана кийген Маӊкуш алп,
Кулагы темир Кутан алп,
Киндиги темир Китен алп,
Жолуӊдан чыксам оӊдурбайт.
Эчен бир түркүн алпы бар,
Барып чаап алуучу
Маргалаӊдын эли эмес,
Коркутуп тийип алуучу,
Баягы Коженттиктин эли эмес.
Аттанып олжоӊ алуучу,
Анжияндын жери эмес!»
Ошондо Манас муну айтат:
«Ой Алмамбет оӊбой кал,
Чын бусурман болбой кал,
Баштатан айтсаӊ Алмамбет
Чийбейт бир белем сызыкты,
Салбайт бир белем кызыкты.
Бойдок бир жүргөн динистан
Экиден катын мен алып,
Ата көрсөтпөйт белем кызыкты.
Ай Алмамбет оӊбой кал,
Кечээ Чынмачындын белинде,
Кечээ миӊ төөнүн чайын алганда,
Кечээ көрдүӊбү Бээжин дегенде,
Көргөнүм жок деп айттыӊ.
Көрсөм бир Бээжин Айкөлүм,

Кудай урсун деп айттың.
Кече Ооганды бузуп олжо алдык,
Ортосун бузуп жоо сайдык,
Мында көрдүңбү Бээжин дегенде,
Көргөнүм жок деп айттың.
Көрүп калсаң Бээжинди,
Ат байлаган чоң мамы
Такыр бойдон өссүн деп,
Кестирбеген куурап жан,
Каапыр бойдон өссүн деп,
Буган куран кармадың.
Кудай урган болобу
Кайра айтчы жанкыңды,
Калмак кул чыгарайын калпыңды.
Кечээ Аккандын кызы Арууке,
Арам кана динстан
Сага тартуу кылганда,
Койнуңа минтип салганда,
Түп этектен бир кармап,
Жаткызбай туруп сыр сурап,
Мында көрдүңбү Бээжин дегенде,
Көргөнүм жок деп айттың,
Алмамбет
калпты мынча көп айттың?!»
Ошондо туруп Алакем
Мындай деген кеп айтат,
Кеп айтканда муну айтат:
«Көйнөгүм чечип жайган жер,
Көпөлөк кууп чоңоюп,
Көңүлүм өскөн кайран жер.
Киндигим кесип бууган жер,
Киндик бир каным жууган жер,
Кичинемде турган жер,
Мен кантип
бир билбейм Бээжинди.
Уй куймулчак Сарала
Минбей бир келди дейсиңби,
Уюп бир жаткан капкара
Алмамбет
билбей бир келди дейсиңби.
Айтпаган жайым айтайын,
Кече кара көздүн нурлуусу,
Бусурмандын сулуусу,
Айтпагын аяш деп айтып,
Бакай экөө баш болуп,
Кабылан Манас сураса
Айтпагын аяш деп айтып,
Кереме шарип куранды
Кече үч карматып алганда,
Айтпаган жайым ушу деп,
Айтып бир койсоң Бээжинди
Катын бир жесир калбайбы,
Бала бир жетим калбайбы.
Бээжинге барган көп болгон,
Келген киши аз болгон.
Чалыяр чаркы жетпеген,
Искендер издеп барбаган,
Сулайман сурак салбаган,
Топон суу каптап калбаган,
Экөөбүз эмей Бээжинге
Баатыр, баатыр кабылан
Ошондо Азирет Аалым барбаган.
Чалыяр барбас Бээжинге
Чамаң келбейт дегенмин,
Искендер барбас Бээжинге
Баатыр Манас кабылан,
Сенин алың бир келбейт деген-
мин.
Кечээ чек арасын бузгамын,
Ченебей чыккан кайран жан
Тынбай бир алты ай салышып,
Мен Бээжинден чыгып калгамын.
Алты сан кара бир калбай,
Аксакалы Коңурбай
Тынбай бир алты ай салышып,
Ошондо,

алдырбай чыктым мен кандай.
Жети сан кара бир калбай,
Мен жеткилеңи Коңурбай
Тынбай бир жети ай салышып,
Оо, баатыр
алдырбай чыктым мен кандай.
Ушуларды мен таштап,
Сары алтындан чаптырган,
Тагым бир калды Бээжинде,
Бу дүнүйө жалган деп,
Качып бир чыккан мен кандай.
Өз атамды Азиз хан
Тилимди албай турганда,
Кылычымды май кылдым,
Тактыда башын жай кылдым.
Калкында тай зор экен,
Калкынан азган кор экен.
Мени бир калмак дегизип,
Оо, Манас,
кангыткан кудай зор экен.
Элинде калмак чоң экен,
Элсиз бир адам кор экен.
Мени бир калмак дегизип,
Эмгектүү Алмамбет шор экен,
Бу кудайдын кылган иши экен.
Мен Бээжинде турганда,
Кечээ Коңурбай качан киши экен.
Алооке хан, Азиз хан,
Тактыда турган Эсен хан
Үчөө бир Чынгыстан уулу экен.
Алакөөдөн Коңурбай
Айбатына жан чыккан,
Эсенкандан туулуптур
Музбилек деген эр чыккан,
Буга теңдешкен адам кем чыккан.
Менин атам Азиз хан,
Зайып алып алган бейм
Бала көрбөй калган бейм.
Мерсет көрбөй калдым деп,
Тууй турган аял тапкын деп,
Кандан жардык болгон соң,
Чөпкүчүк деген сынчысын
Жети жылы багыптыр,
Жер алдына катыптыр.
Катса тууйт деп айтып,
Кыз келиндин баарысын
Чубатууга салыптыр.
Дүмөктүү Бээжин элинен
Күнү-түнү жети күн
Кыз-келин чубап калыптыр.
Караганын жактырбай
Чөпкүчүк сынап калыптыр.
Түш кыйшая берерде,
Менин энем Алтынай,
Соорондук хандын кызы экен,
Он алтыда табы экен.
Карап туруп Чөпкүчүк
Ургаачынын шери экен,
Чаткал бир сөөгү кең экен,
Уул туусаң уу тууйт,
Буруттун ханы Манаска
Тең келдеше уул тууйт.
Кол токмоктой шери тууйт,
Коңурбай сындуу манжуну
Көмө койчу уул тууйт.
Эркек бала туубаса,
Башымды алып салгын деп,
Кагаз жазып, мөөр басып,
Эсенкандын алдына
Убада кылган жери экен.
Кандан жардык болгон соң,
Алып келип берген соң,
Жыл он эки ай болгондо,
Толгоо жакын көргөндө,
Илгери кабарыңда бар бекен,
Айдаркан элин чапканда,

Алты жашар бала экен.
Ат сооруга салыптыр,
Коңурбай олжо кылып алыптыр,
Чоң көчө коюн кайтартып,
Мажикти уйчу кылып алыптыр.
Жайдын аптап табы экен,
Чоң көчө уюн кайтарып,
Мажиктин
шорлоп жүргөн чагы экен.
Ошо кезде Алтынай
Толгоо жакын келиптир,
Толгоо жакын келген соң,
Мажикти кел деп чакыртты.
Ороюң актан жаралган,
Кагылайын тажик деп,
Көкмазар ыйык тал болчу,
Бутагын кыйып берсең деп,
Толгоо жакын келгенде,
Алмамбетти толготту,
Бейшембинин күнүндө,
Жуманын кадыр түнүндө,
Күнү-түнү алты күн,
Алмамбетти толготуп,
Энемден түштүм келме айтып.
Кулагым үстү тешилүү,
Сүнөтүм кесилүү,
Алмамбет туулду дегенде,
Чокунган чоюн буттуулар,
Буту кыйрап кетиптир.
Алман бала тууду деп,
Даңсасына чийилип,
Калайманды салат деп,
Күнү-түнү жети күн,
Асмандан Алланын күнү төгүлдү,
Тоюнбаган көп пенде,
Үч жылы эгин айдабай,
Тоюнуп жатып калыптыр.
Алты жашка келгенде,
Таятам Соорондүк канга бактырып,
Жети жашта желпиндим,
Сегизимде серпилдим.
Тогузумда токтолдум,
Он жашыма келгенде,
Орошон тартып ок аттым.
Он бириме келгенде,
Үйрүн бузуп үй чаптым.
Келгендерден кеп уктум,
Алооке кандын Коңурбай
Тыргооттун ханы Нескара
Шибенин ханы Эр Жолой,
Ороккыр менен Музкиндик,
Окууга барат деп угуп,
Жети баштуу ажыдаар,
Сууктөр деген жеринде,
Көлдөн сабак берүүчү,
Алты жүз бала бир барып,
Алты бала бир келдик.
Тогуз жүз бала бир барып,
Тогуздун бири мен келдим.
Алооке хандын Коңурбай,
Бияктан душман келет деп,
Кырк кулач кызыл түлкүнү,
Тилмер кылып окуган.
Жез канаттуу куу өрдөк,
Коңурбай учкучтун жайын окуган.
Эки тиштүү куу кулжа,
Бияктан душман келет деп,
Душманды көрүп алганда,
Аркардай арыш алуучу,
Коңурга жайын айтуучу.
Ошондо,
Алмамбет күндүн жайын окуган,
Жай ташты колго алганы,
Күндү жайлап калганы.
Жайкы чыккан булутту,

Кыш булутка которуп,
Кышкы чыккан булутту,
Жай булутка которуп,
Ала кайыр шыбыркак,
Ак жайдын күнү кыш кылам.
Кийими жука душманды,
Кыңшылатып кыз кылам.
Ак байталын токунган,
Каражой уулу Кожояр,
Алмамбет качып чыкканда,
Ал доңуз алты жыл кийин окуган.
О, баатыр Манас кабылан,
Он алты жашка келгенде,
Келгендерден кеп угуп,
Алооке хандын Коңурбай,
Хандыкты сурайт деп угуп,
Өзүң көргөн Алмамбет,
Тыргооттун ханын сурасам,
Нескарага бериптир,
Шибенин ханын сурасам,
Ошондо эр Жолойго бериптир.
Кечилдин ханын сурасам,
Коңурбайга бериптир.
Жашың канга толо элек,
Аркы жылы кан бол деп,
Шондо ташын сайды эми,
Өзүм хандын уулумун,
Убайым тартып көп жедим,
Арамды өлтүрүп кетсем
мен дедим.
Кайкалаган Кара-Тоо,
А чайдын кени болуучу.
Билек күчүн көрсөтүп,
Алооке хандын Коңурбай,
Энчилеген Кара-Тоо,
Чайдын кенин алганда,
Кечээ Хан-Жайлакты талашып,
Жайлоосун тартып алганда,
Менин атам Азиз хан,
Ошо алдыма келди айкырып,
Арамдан кегим албасаң,
Коңурбайдай манжуудан,
Мындан көрдүм кордукту,
Ат көтөргүз зордукту,
Туубай туна чөгүп кал,
Кегимди алып бербесең,
Алмамбет, бу көрөкчө өлүп кал.
Коңурбай кетти дегенде,
Артынан издеп баргамын,
Таш көпүрө зындандан
Карга-кушга камындык,
Азиз хандын арамы.
Бул эмине дегениң,
Эсебиңди табамын,
Эшектей кардың жарамын.
Айсамдын учу майышып,
Бет алыша келгенде,
Арамды көмө коюп өткөмүн,
Таш көпүрө зындандан,
Арманда калды манжуу деп,
Алты жол кезек бергемин,
Ушу кол менен кайран жан
Арамды алты жол көмө койгомун.
Артынан кууп зыргытып,
Жайымды манжуу көргөндө,
Кача берди Коңурбай,
Артынан кууп жеткенде,
Коломолуу сыр жебе,
Колтугунда койкойтуп,
Алкаранын үстүнө
Отурган иттей чочойтуп,
Бугалчанын кара аты
Качанда болсо жеткизбейт,
Бар бүтөткө деп ойлойм
Капырдын колтугунда канаты.
Энекем менен кырк бир жан,

Бээжинден чыккан жер ошол,
Кагылайын энекем,
Кече Сараланын энеси
Тору бээни миниптир,
Олоңдой болгон кара чач
Төбөгө гана түйүптүр,
Узун моюн балбандан
Кырк чоро тандап алыптыр,
Мында туруп этебиз,
Намазды көздөй кетебиз.
Ороюң асыл Алтынай,
Алмамбет Ур атам берген белегим,
Сенин атаң Азиз хан,
Таңдын машкар күнүндө,
Тозоко күйчү арам деп,
Кагылайын кулунум,
Сенин атаң Азиз хан
Мойнуңду бурап бара көр,
Колду боорго ала көр,
Атаңа салам айтып бара көр.
Өз диниңе бир кирсе,
Аны кан көтөрүп алалык.
Өз диниңе кирбесе,
Кулунум, арамдын башын алалык.
Мага далайды кылган деп,
Арамзаада киши экен,
Менден бүткөн бала эмес,
Зыйкырларын жиберип,
Ай эсебин алганда
Кагылайын кулунум,
Бир ай ашык көтөрдүм,
Ушу турган чочконун
Азапты колго бергенде,
Койнуна сүрөт жаткызып,
Алдап жүрдүм каапырды.
Салам айтып барганда,
Ай-ай балам, аяй деп,
Бөлөк динге баспа деп,
Бурутту көздөй качпа деп,
Чоюндан кылган сүрөтүң
Алып келди дарбайтып,
Бизди жараткан кудай ушу деп,
Жанар жакка чуркады.
Кудайдан кылган сүрөтү
Калай кудай болобу,
Каалаган адам оңобу.
Колунан жулкуп алгамын,
Кум талканын чыгарып,
Майыштырып тепкемин,
Эшке бардым деп салып,
Энекеме деп салып,
Ата деген чочкого
Асты колум барбады.
Кеңеш салып энеме
Кагылайын энекем,
Ологой саптуу жез камчы
Алмамбеттей көк жалды
Төбөгө чаап ийгенде,
Эти ачынган курган жан
Арамдын башын алып кел,
Арамдын башын албасаң,
Ак сүтүмдөн кечпейм дейт.
Эртең менен атама,
Алмамбет кайра кирдим бүгүлүп,
Кан ичме кара жин болот,
Кынынан сууруп алганы,
Аюдай болгон арамды
Тактыда башын алганы,
Чөйчөктөй болгон кайран көз,
Чарадай болгон кайран баш,
Түрс этип жерге түштү эми,
Көкүлдөн сүйрөп чыккамын,
Чарадай башын арамдын
Тоголотуп баргамын,
Кагылайын кулунум,
Ак сүтүмдөн кечтим деп,

Арамдын башын алдым деп,
Уядан жангыз туума жолборсум,
Түшө калып энекем
Чылбырдан кармап чыркырап,
Көз түрүүдө кулунум,
Алда кандай болот деп,
Сен бусулман болуп барганда,
Кайрылып келбе Каканга,
Кайрылып келсең Каканга
Кичинеңде туулган жер,
Киндик бир гана жууган жер,
Учмакчы тууган чоң Бээжин
Канетсе бооруна тартып алат деп,
Кагылайын кулунум,
Айткан сөзүм ушу деп,
Алмамбетке көп айтып.
Бир оокумда болгондо
Кыркына айза бериптир,
Кыркына мылтык мол камдап,
Ошондо
Бээжинден чыктым бөлүнүп.
Түбүндөгү арамы
Ошондо көргөн Эсенкан
Ошондо көрүп түш көрүп,
Түшүнөн кыйын иш көрүп,
Азиз кандын арамы
Бурутту көздөй качты деп,
Муну кудай урду деп,
Кашайта көзүн оюп кел,
Алың келсе арамды
Түрүү кармап келгин деп,
Коңурбайды чакыртып.
Алың келбейт арамга
Адагы ашкан балбан деп,
Жаныңа жолдош берем деп,
Бөксөдө туулган Бөрүкөз
Бөрүкөздү чакырып,
Ороккырды чакырып,
Киндиги темир Китен алп
Музкиндикти чакырып
Карагандын Камчыбек,
Карайгыр минген Жаңыбай.
Жаңыбайды чакырып
Алтоо келет жол менен.
Алты жүздөн кол менен.
Ата жаңгыздыгы курусун
Арамдар каптап келгенде,
Бел салышып туруугa
Же, жанымда Сыргак болбодуң,
Бел байлашып турууга,
Медери кылып турганга,
Же, берениm Манас болбодуң.
Камышты көр, селди көр,
Каптаган манжу элди көр,
Мунарык көр, чокту көр,
Бузулбай тийген окту көр,
Алдымдагы Сарала
Көнөктөй болгон кайран баш,
Кып-кызыл канга бөлөнүп,
Ит менен
өлбөгөн жерден калышып,
Ошондо күнү-түнү кырк күнү
Бир тал чөптү кыйбады,
Сарала буудан чыдады.
Бир пиала чай ичпей,
Шондо, Алмамбет көк жал
чыдады.
Кагылайын энекем,
Ургаачынын шери экен,
Карыш сөөм төрт эли
Эки эсе энем эр экен,
Жангызга медер болом деп,
Айзаны колго алыптыр,
Энекем торуна минип алыптыр,
Качыр минген кая боз
Как алдынан келгенде,

Анан табарсыкты жара
муштаптыр.
Бир жерге жетип мен келсем,
Кырк чором шейит кетиптир,
Өлөр жерден өлбөптүр,
Кожоярдан өлүптүр,
Кырк жигит шейит кетиптир.
Тополоң бүтүп, тос түшүп,
Алоокенин Коңурбай
Күүгүм кирип калганда,
Энекемдин алдына
Карпа-курпа кезигет.
Коңурбай турду дегенде,
Үч мактаган зор бийди
Ошондо,
токшолуп барып токтолот.
Айдыңынан бата албай,
Көзүн жуумп ийгенби,
Ушу турган айзасын
Ата ургаачылык курусун,
Айзаны ылдый шилтеп ийгемби,
Кар жиликтин булчуңду
Ошондо жара сайыптыр,
Канчык сайып салды деп.
Кара атты кудай алды деп,
Омуроо шишип алыптыр,
Үч буту менен оңкоңдоп,
Алгара жүрбөй калыптыр.
Жангызым
кетирбей кегин алсын деп,
Булчуңун жара сайыптыр.
Алачыктай сур манжу
Кара жандан түңүлүп,
Ошондо качып калыптыр.
Ыраактан көрүп Алмамбет
Саралага камчы уруп,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Боз талаанын оюнда,
Калчаны кууп баратып,
Жебеден мурда жетерде,
Жетип алса Алмамбет
Калчаны ыргыта коюп өтөрдө,
Бу Калчанын кара аты
Кара атынын канаты
Арамда барбы деп ойлойм,
Капталында канаты.
Дарбазага жетерде,
Таз Карадай далдайтып,
Каалганы тартыптыр.
Алтымыш жайзаң миң кечил,
Даяр болуп калыптыр.
Жебеден мурда эр Мажик
Жетип кармай калды эми,
Башыңды манжу чабат деп,
Дарбазага келгенде,
Тирүү кармап албайбы,
Катыгүн,
башыңды ыргыта чаппайбы,
Деп ошондо Эр Мажик
Жетип алып кармады.
Кайра тартты Алмамбет,
Бир жерге жетип мен келсем,
Тору бээ ойноп жүрүптүр,
Ак байбиче энекем,
Ыргайдуунун бетинде,
Кара ырчынын түбүнө,
Энекем узунунан түшүптүр.
Кагылайын энекем,
Эмчегинин алдына
Ок жаңылып кетиптир.
Өлөр жоодон өлбөптүр,
Каражойдон өлүптүр.
Энекемди көргөндө,
Тоодой болгон сары аттан
Урап бир жерге түшкөмүн,
Он эки түймө тарткамын,

Эмчегинин алдына
Аманат жанды кыйнадым,
Энекелеп бакырып,
Аябай жатып ыйладым.
Кагылайын энемди,
Чоң четиндин түбүнө,
Көк мазардын ичине,
Энемди аманат коюп жөнөдүм.
Бир оокумда болгондо,
Эсимди жыйып карасам,
Эр Мажик маңдайымдан жөлөдү.
Экөөбүз тең ыйласак,
Соороторго киши жок,
Ачкын Алма көзүңдү,
Казган кара ор келди,
Илек-илек кол келди,
Жер майышкан мол келди,
Ошондо көргөн Алмамбет,
Жай ташты колго алгамын,
Бир чөйчөктө кара суу,
Алкымды көздөй ургамын,
Алакайыр шыбыркак,
Ак жайдын күнүн кыш кылдым,
Кийми жука арамды,
Кыңшылатып кыз кылдым.
Ошондо көптүгүн көр капырдын,
Кырк миңдей турган аскери,
Эсебиңди алам деп,
Уй майына бышырган,
Экиден кирпич бериптир,
Бирден таштап кеткенде,
Бийиги кырк кез болуптур.
Алмамбет жолун торгоптур,
Учайын десе канат жок,
Тегеректеп алыптыр.
Кашайта көзүн оёрдо,
Куткасбай кармап соёрдо,
Кагылайын тажигим,
Мындай деген кеп баштайт:
Же добулга тийип өлсөкпү,
Көктоколдун чылбырын,
Он эки кабат ороду (үзөнгүгө)
Экөөбүз бирге өлөлүк,
Добулду көздөй бет алып,
Өлүп калсак Мажигим,
Бир чуңкур күтүп калсын деп,
Тирүү болсо Мажигим,
Бир дөбөдө болсок деп,
Добулду көздөй бет алып,
Камчы салбас Сарала,
Катуулап камчы урду эми,
Дин устам атам колдо деп,
Өлмөйүнчө жан таттуу,
Аркыратып калганда,
Көзүмдүү жуумп ийгенде,
Аржакка түшүп калгамын.
Бели үзүлүп кетти деп,
Он эки мүчөм карасам,
Алмамбет көк жал дагы аман,
Оозун силкип карасам,
Алдымда Сарала буудан дагы аман.
Сарала бапбаягы жерге барыптыр,
Артымды карап кылчайсам,
Жолдошум Мажик эр аман.
Айлансам болот кудайга
Бийик кырк кес сепилдин,
Же бийиги бир жарым кес
болгон бейм.
Асмандан Алланын күнү тутулду,
Кайнап аткан капырдын
Ошондо аттатып Алмаң кутулду.
Ошондо Алайдын сары талаага,
Салып келдим Алмамбет,
Мыйзамдын күнү учуптур,
Теректин түбү саргайып,
Эсебин алып караса,

Күздүн күнү болуптур,
Туура алты айга толуптур.
Алмамбет качып чыканы,
Ошо талаада жылдыз батканда,
Таң кашкайып атканда,
Сары белди ашкамын,
Сары арка көздөй бет алып,
Самсып жатат көп жылкы,
Аргымагы аралаш,
Алты сан жылкы бир башка
Ээси болсо келсин деп,
Добулбасты ургамын,
Жылкыны тийип калгамын.
Алаштап ураан айкырып,
Динистам деп бакырып,
Айдаркандын зор Көкчө
Артыман кууп жеткени.
Көкчөнүн жайын сурасаң,
Көкала тулпар ат минип,
Көк ырапыс тон кийип,
Муруттарын сурасаң,
Чыйратып койгон аркандай,
Өзүн көргөн зор Көкчө,
Каштарын сурасаң,
Бөктөрүп койгон чапандай,
Көзү көлдүн быткылдай,
Көрүнгөн жанды жуткундай,
Көк найзасын көтөрүп,
Тоодой болгон Көкчөгө,
Карагай найза майышып,
Көкчө качпай сайышты.
Ай балта менен чабышып,
Саптары колдо калышып,
Ойбойлогон казак менен
Жакалашып калгамын,
Оодарышмак салгамын.
Аттан түшүп күрөшүп,
Ошондо шамдагайлык кылгамын,
Тоодой болгон Көкчөнү,
Тизеге тартып калгамын,
Ойбойлогон чоң казак,
Бет алдынан кулады.
Шилисинен баскамын,
Башыңды алам дегенде,
Ошондо Көкчө дин айтат,
Акка моюн сундум деп,
Эки ирекет намазды
Эптеп окуй коёюн,
Анан өлтүр деп айтып,
Дин издеген курган жан,
Коркпой Көкчө дин айтты,
Байгамбар сындуу жер айтты.
Акыреттик дос болуп,
Сыр бараң оозун өбүшүп,
Көкчөнүн
жылкысын кайра бергемин.
Көкчөдө
алты жыл кызмат кылгамын,
Кандайсың баатыр дебеди,
Каканчылуу Бээжинден,
Алаке, кантип келдиң дебеди.
Же, алдыма минер ат бербей,
Үстүмө тигер үй бербей,
Эриккенде курган жан,
Жаталбастан курган жок.
Салбырын жортуп кетчү элем,
Алтай сапар жол жүрүп,
Көкчө көлдөлөң кылып алсын деп,
Сексен аюу, жүз жолборс,
Атып келип берчү элем.
Көкчө көбөйүп жатып калчу эле.
Түшүмдө кыйын иш көрүп,
Айза тийчү жерлерим,
Белгим тартты курган жан.
Эр Мажикти ээрчитип,
Ак чатырды бүктөтүп,

Желмаянга жүктөтүп,
Бир оокумда болгондо,
Алда кандай болот деп,
Бетиме дүрбү салгамын,
Белгирээк тиктеп калгамын,
Эр Көкчөнүн айлында
Калың кара кол жатат,
Төбөсүнөн баскан бейм.
Төрт түлүгүн чачкан бейм,
Бээжинден калча келген бейм,
Кыз катынын карактап,
Коңурбай олжо кылган бейм.
Эр Көкчөнүн айлында,
Эсебин алса бул колдун,
Беш жүзгө жакын кол жатат.
Эр Мажикти ойготуп,
Аттангын Мажик деп айтып,
Тизгинин барып ыргытып,
Көкчө аман бар болсо,
Белиме таңуу кылайын,
Белсемдиген Калчаны.
Бээжинге чейин кубайын.
Деп ошентип Алмамбет,
Сарала менен зыргытып,
Кайкы кара белеске,
Жетип келди Алмамбет,
Эр Көкчөнүн ак ордо,
Жүз кишиге чак ордо,
Аңыраңдайт көп казак.
Ошондо эшике чыгып Акеркеч:
«Кагылайын уулуке,
Алдагы жерге туруптур,
Күлүктүн мойнун буруптур,
Күтүп жакын туруптур,
Казакты кудай урганы,
Ант урган Көкчө бузулуп,
Кырк чоро тилин алганы,
Көкчөнү кудай уруп салганы.
Ак буудайдан камыр жеп,
Аяш катын Акеркеч
Алмамбет менен тамыр деп,
Кара сууну бойлош деп,
Акеркеч Алмамбет менен
ойнош деп,
Жалгыз жүргөн Алмамбет
Эсебин минтип тапсак деп,
Кагылайын аяш деп,
Казакка барбай мындай кет,
Ак боз бээни сойду эми,
Ант урган казак кан Көкчө,
Сени өлтүрмөкчү болду эми.
Казып койгон ору бар,
Кайнатып койгон шору бар,
Анда жаткан мерген бар,
Отура турган жериңе,
Бийиги кырк кес аңы бар.
Аңга түшсөң өлөсүң,
Минтип кордук көрөсүң.
Казака барбай мында кет,
Манаска барсаң марыйсың,
Бабеде көйнөк жатасың,
Сендейдин сексени барган Таласка,
Чоро болгон Манаска.
Кырк чорону баккан кез,
Алдына минер ат берип,
Үстүнө тигер үй берип,
Баарына үйлөп болгон кез,
Кырк чорону баккан кез,
Адамына жаккан кез.
Келеңкер чачпак кең саруу,
Келини сулуу кыргыздын
Карегинде күрүч көп,
Калайынан күмүш көп,
Барып калсаң Манаска,
Эми казака барба уулуке».
Ошондо Алмаң муну айтат:

«Көкчөнүн антын берип кетпесем,
Мүдөөсүн коюп Көкчөгө
Же беттешип туруп кетейин,
Актыгыман өлсөм деп,
Антын берип Көкчөгө
Амандашып кетсем» – деп.
Олоңуна оролуп,
Ойноп кармайт Акеркеч
Чылбырына чырмалып,
Чындап кармайт Акеркеч.
Чылбырдан алып аяш деп,
Алып алып Алмамбет
Айылды көздөй жөнөдү.
Кымыздан арак тартыптыр,
Өзүң көргөн көп казак
Охалашып жатыптыр.
Эшигин кайра серпти эми,
Минип турган Сарала
Түшө калып Алмамбет,
Чылбырды эр Мажикке берди эми.
Бээжинден ала келген сыр бараң
Эр Мажикке берди эми.
Эшикти ачып серпкенде,
Эр Көкчөнүн өрдөгү
Жык жыйылып алыптыр.
Бир үйдөй болгон кызыл көз,
Жайына түшүп кетти эми.
Кара сакал суюлуп,
Чайдай түшүп кетти эми.
Алмамбет суук түрүн салды эми,
Иткелдей болуп уюлган,
Шакардай болуп кайнаган,
Көкчө сага келген кол барбы,
Кызыл көтөн кылайын,
Кыйкасынан салайын,
Айчыктуу алтын туу барбы,
Көкчө атыша турган жоо барбы?
Оопаздай болгон зор Көкчө
Алмамбет төрдү көздөй өттү эле,
Көкчөгө келди жакындап,
Оң тизесине Алмамбет
Алмамбет баса отуруп калды эле:
«Көкчө, ак буудайдан камыр жеп,
Аяш катын Акеркеч
Экөөбүздү тамыр деп,
Көкчө, анты өзүңө болдубу,
Көкчө, аксак сары ат миндиңби?
Көкчө, антыңа койсоң болбойбу?
Көкчө, актыгыман өлөйүн.
Көкчө, акыретке барганда,
Келме шарип куранды
Ынанбасаң өлсөм деп,
Куран кармап берейин».
Ошондо Көкчө ынанбай,
Текесин сойгон эмедей,
Дегеле Алмамбетти карабай,
Алмамбет актык сөзүн көп айтат,
Аманбай, Көкчө деп айтат,
Кобо калды зор Көкчө
Кытай кул сага кылам дейт,
Кыла албасам сага Көкчө
Алмамбет келе бери колуңду,
Алмамбет
умтулуп колун сунду эми,
Көкчөнүн колун силкип койгондо
Кол алыша түштү эми,
Башында суусар кара бөрк
Катыраак силкип койгондо,
Кара бөрк отту көздөй кулады.
Акмактар эмне кылат деп,
Ошондо турган кырк чоро,
Тегеле жакын бир чоро,
Айткан сөзүң арамдык
Алмамбет менен каз* экен.
Бычактын учу жылтырап,
Кындан турган кылтайып,

Акмактар эмне кылат деп,
Карап турат шыкаалап.
Эр Көкчөнүн казаны,
Кырк кулактуу зор казан
Бүтүрбөгөнүн бүтүрөт
Кайнап болгон кези экен,
Ачуусу келип Алмамбет
Эки мизи жойболот
Эр Көкчөнүн казанын
Бөлө чаап өттү эми.
Дарбактай басып Алмамбет
Эшикти көздөй чурады.
Эки болус сом темир
Чойбой көк жал минди эми,
Айры белес кайкаңга
Алмамбет чыгып турду эми.
Ойбойлогон көп казак
Аттан салды айкырып,
Артынан түштү көп казак.
Бээжинден ала келген сыр бараң
Кабаттап окту урду эми,
Кытай оттук кырка таш
Кыдырата ок казан
Алмамбет кароолуна тойгузуп,
Катары менен келсин деп,
Эми ирмеп саларда,
Кармай калды эр Мажик.
Качып бир чыкты дин издеп,
Калыйпа Султан пирди издеп,
Дин издеген Алмамбет
Акыретке барганда
Сурагына каласың!
Атпагын Алмаң деп айтып,
Бизге коё бергин деп,
Буларга камчы менен керсек деп,
Күчүн сынап буларды
Сегиздеп өргөн булдурсун,
Казакча өргөн булдурсун,
Алты аралап өткөндө
Аттуу казак калбаптыр,
Ой, бай, жаке дегисип,
Ойбайлаган казакты
Ойбайлатып сабады.
Көк ала тулпар ат минип,
Артынан келди бул Көкчө
Тозуп туруп Алмамбет,
Ант өзүңө болсун деп,
Тоодой болгон Көкчөнү,
Алмамбет тоголото койду эми.
Ыргай саптуу ак камчы,
Алмамбетке чак камчы
Көкчөнү төбөгө салып өттү эми.
Көкчөнү чаап өткөндө,
Журтка улуган күчүктөй,
Ыңшып калды чоң Көкчө.
Капканга түшкөн аюудай,
Айкырып калды ал Көкчө.
Суук курук салды эми,
Сурабастан Көкчөдөн
Көкала тартып алды эми.
Көкаланы жетелеп,
Кемедей болгон Алмамбет,
Айры белек кезеңге
Козголбой чыгып барды эми,
Соогат аяш деп,
Акеркеч жетип барды эми,
Кадыры калбас аяштын
Көкаладай тулпарды,
Соогатка берип кетти эми.
Мында туруп этем деп,
Алмамбет Медина көздөй бет алып,
Мекени көздөй кетти эми.
Жалпак тикен кыядан
Жапырмагын чалдырып,
Желмаянды миниптир.

Үзүктөй калпак эр Шooту,
Алмамбет,
Көкчөдөн быйыл качат деп,
Каныкей эжесин жиберген.
Кырк күнү азык бериптир,
Азыгы мындан түгөнүп,
Шоотудан
Алмамбет кайчы өтүп кетиптир.
Кереметтүү кан Бакай
Кереметтен билиптир,
Шууту кулдан кеп угуп,
Көк тулпар атка миниптир,
Бара жаткан жолунда
Кабылан Бакай билиптир.
Алмамбет жолун тозуптур,
Ээн белес кайкадан
Алмамбетке кез болуп,
Ошондо Бакай кеп айтат:
«Карадан туулуп ак болгон,
Калмактан качып жат болгон,
Алтын айдар чок белбоо,
Алтай-алтай, алтай деп,
Алтайдын жанын өлтүрүп,
Шаңгай жерде деп уктум.
Шаңгайдын канын өлтүрүп,
Каңкай кирди деп уктум.
Каңкайдан качып Алмамбет,
Сары-Аркада Көкчөгө
Алты жыл жүрдү деп уктум.
Көрбөсөк да билбесек,
О, алтын айдар чок белбоо,
Алакем көк жал аманбы?»–
Деп ошентип кан Бакай,
Бакайдын кол алышкан жери экен.
Баатыр бизге конок болуп кет,
Болбой Алмаң турганда,
Чылбырдан алып эр Бакай
Айылды көздөй ээрчитип,
Ортоңку тиккен Ак ордо,
Ойдологон чоң келин
Аш тамагын жай койду,
Суусунуна бал берип,
Супатына чай берип,
Багылан козу ширин баш
Бал бышырып алышып,
Тамактанып болгон соң,
Ошондо кара көздүн нурлуусу,
Каныкей бусурмандын сулуусу,
Бакай менен Алмамбет,
Экөөнө төшөк салды эми.
Ошондо жеңең кеп айтат,
Кагылайын аяш деп,
Какканчылуу Бээжинден,
Уулуке, кантип чыктың деп айтат.
Ошондо жеңең сыр сурап,
Кабылан Манас сурасаң,
Айтпагын аяш деп айтып,
Көргөнүм жок деп айтты,
Айта көр аяш сөзүңдү.
Айтып койсоң Бээжинди
Катын жесир калбайбы,
Он эки кан динстаң
Түгөл айдап барбайбы.
Кереме шарип куранды
Колунан берип Каныкей,
Үч удаа антын алды эми.

## АЛМАМБЕТТИН ЖОМОГУ БҮТҮП, СЫРГАК МЕНЕН ЧАЛГЫНГА АТТАНДЫ

Алмамбет, Сыргак эгиз эр,
Телегейи тегиз эр,
Тал-Чокуну эңкейип,
Бир нече күнү жол тартты.
Кагылайын Сыргагым,
Бул жерде
кырк кулач кызыл түлкү бар,
Адамдын жытын бул доңуз,
Алыстан жыттап билчү эле.
Түлкүгө амал кылайын,
Алакең күндүн жайын окуган.
Кара суuга Алмамбет
Жай ташты салып салды эми,
Кыраңда түлкү жатат деп,
Асмандан Алланын күнү тутулду.
Алакең күндүсү ачык түн бүркөк,
Алакең күндү жайлап баратат.
Сегиз сай мөндүр куюлуп,
Түлкү жаткан белеске,
Ошо турган түлкүнү
Мөндүр менен сабатып,
Алты бир чычкан алдырбай,
Ийинге кирди каматып.
Ийинден чыга берерде,
Аяктай болгон ак мөндүр
Чокудан ары бир койду,
Түлкүнү камап Алмамбет
Өңүтүнө жетерде,
Күндү ачып Алмамбет
Жел аргы жүрүп калды эми.
Түлкү кыңышып чыкты эми,
Түлкү Алмамбет жайын тааныды
Алтайдын канын өлтүргөн,
Канетсе Алмамбеттин жайы деп,
Түлкү эми качарына кез келди.
Ошондо кайран Алакең
Сыр бараңды дүрмөттөп,
Такыр колтук тушу деп,
Жоон өпкөнүн өзү деп,
Түлкүнү атып алды эми.
Муну кудай берди деп,
Конурбайдын чалгынчы
Эки тиштүү куу кулжа,
Чалгынга барып куу кулжа
Чарчап келген кези экен.
Алты күн чалгын бир чалып,
Куу кулжа уктап калган кези экен.
Кара арчанын түбүндө
Төрт буту жаткан тарбайып,
Алмамбет дүрбү менен көрдү эми.
Сыр бараңды дүрбөттөп,
Жетип алып Алмамбет
Ок чыгармак калды эми,
Ата, көмүскөй жерде жатат деп,
Белин үзүп кетсин деп,
Алакем даң дегизе койду эми.
Карыш сөөм төрт эли
Алыс атып салды эми.
Сыр бараң огу тийбеди
Алыс атып салган соң,
Үйдөй болгон кара арча
Сыр бараң огу ошондо
Оңторо таштап кетти эми.
Ошондо туруп  куу кулжа,
Бир силкинип алды эми.
Алмамбетти тааныды

Бетегелүү дапкырды,
Куу кулжа арыш уруп калды эми.
Кара болот кыргагы,
Кан Манастын Сыргагы
Кача бир турган жолуна
Алакем даярдап койгон эмеспи,
Ак-Кыяны ашарда
Мерген тууган эр Сыргак
Даяр болуп калыптыр,
Бала экенде жат алып,
Сыргак, бала мерген атыгып,
Ийнинен жулкуп алды эми,
Кең майдандын өзү деп,
Теке маңдай качканда
Ылдый тийсе буту деп,
Омуроонун тушу деп,
Ирмеп туруп калды эми,
Алыс кетип баратып,
Бир мүйүзүн чочконун
Ыргыта атып салды эми.
Кайра тартты куу кулжа
Эч аргасын таба албай,
Капталын сала баштады
Алыс атып салдым деп,
Алакең өзүн жемелеп,
Жүктөй болгон кара таш
Алмамбет арта салып калды эми.
Төрт эли мерген чөгөлөп,
Тартып туруп калды эми.
Ак боролдой кулады,
Куу кулжа көк этек барып сулады.
Көк этекке жеткенде,
Жетип барып эр Сыргак
Болоттон кездик белинде,
Жүлүнгө муштап алды эми.
Ар бучкакка ар муштап,
Кулжаны союп калды эми.
Каныкей берген жан казан
Үч таш тулга асты эми,
Этектеп тезек терди эми,
Куу кулжа этин бышырып,
Өрүүн болуп калды эми.
Алты күнү атты өргүтүп,
Бой сергитип алалык
Бой жанчылып калды деп,
Каныкей берген суусунду
Ай башындай жан аяк
Суусунду чайып жутушуп,
Умаштай көзү ачылып,
Ошондо чарчаган эрлер зыңкыйып,
Атка минип берендер
Бастырсак деп калды эми.
Андан өтө берди эми,
Чалгындын экөө алдык деп,
Эми көк өрдөк көздөй бет алды.
Кара-Суунун боюнда,
Тилмир экен көк өрдөк
Канатты көлгө чабуучу,
Коңурбайдай манжуга
Түндүгүнөн түшүүчү,
Көк өрдөк кабар берүүчү.
Көк өрдөк жаткан чоң көлгө
Арыстан Алман барды эми,
Милтенин учун кызартып,
Уча берер жеринде,
Ата көр Сыргак, деп айтып,
Табыш салса көк өрдөк,
Учпай койду көк өрдөк,
Чыбыткыга салганда
Чыкпай койду куу өрдөк,
Көк өрдөк уя баскан го,
Баласына каралап,
Балыр чөбүн оттоптур,
Эсенканга барыптыр,
Балапаны балкылдап,
Темине канат болуптур.

Алакем койнундагы дүрбүнү
Алакем көлдүн түбүн каратты,
Тогуз бала бар экен
Көк өрдөк көл түбүндө жойлоптур.
Муну көрүп Алмамбет
Жай ташты колго алды эми,
Жайлап карап калды эми,
Колоттун баары тумандап,
Көк өрдөк жаткан чоң көлгө
Алакайлуу шыбыргак
Ат капталдан кар болду,
Аркан бою муздатты,
Жаткын эми деп айтып,
Жана муздатып сала берди эми.
Жанымдагы бир Сыргак
Жаагынан сары түк чыкты,
Кашка тиши шакылдап,
Сыргак үшүп баратат.
Кагылайын Алакем,
Сенин өнөрүңө ыраазы
Эр Сыргактын өзүнө
Табактай болгон бул күндү
Эр Сыргакка тийгизип,
Алакем жылытып кетип баратат.
Эми муну мындай таштайлы,
Эми мунун биягынан баштайлы.
Мадыгандын иниси,
Маматбек деген алпы бар,
Чоң дайранын боюнда
Тозуп турган жери бар,
Төрт миң аскер миң кечил,
Маматбектин алдында
Даяр болгон жери бар.
Быяктан душман келет деп,
Коңурбайдай манжунун
Маматбек сындуу алпы бар.
Өзүң көргөн боз качыр
Маматбектин аты экен,
Качырына минсе деп,
Тең болбой турган каапырга
Экөөбүзгө бой бербей,
Бээжинге кирип кетет деп,
Качырына мингизбей
Айла тапкын Сыргак деп,
Амалдап тура калайын,
Жебеден мурда жете көр,
Качырына мингизбей,
Кыя чаап өтө көр.
Эми мен айта турган сөзүм бар,
Кечээ Каныкей берген себет бар,
Сыргагым кара жанды боёюн
Кан Коңурбай бир болуп,
Сыргагым бир кубулуп алайын.
Кечээ, Карткүрөңдүн үстүндө
Сыргагым куржунду алып келе бер,
Алып келди эр Сыргак
Кече Каныкей берген себетти.
Куржундун оозун тартты эми,
Туулгалы себетти
Туура тартып кийди эми.
Беш кабырга себетти,
Бейлеп койду Алмамбет.
Жеримден урган карачач,
Алмамдын желкесинде бурбуйду.
Башка кийчү калканды,
Башка кийип алды эми.
Отогосу балкылдап,
Көз айнеги жаркылдап,
Көөкөрдөй болгон чоң күпсөр
Алмамдын далысында жаркылдап,
Кара тоодой майдан таш
Төбөсүндө жаркылдап,
Алтындан кылган доолбас
Капталында жаркылдап,
Орок орок зоңкоюп,

Аркасынан карасаң
Бүкүр каман бүктөмө,
Желкесине арасы
Он эки карыш он таман,
Кең маңдайын карасаң
Бай жайлачу чоң төрдөй,
Кашка тиши күрөктөй,
Эки каштын ортосу
Суу жеген кашаттай,
Көзү көлдүн быткылдай,
Алачыктай сур манжу
Көрүнгөндү жуткудай.
Кече Каныкей берген себетти
Кара жибек түймени
Саралага кийирди,
Тулку боюн үпчүлөп,
Такыр колтук тушуна
Казанын жогор жагына
Топчулугун тээктеп,
Ал Алгара минип алды эми.
Ак куржунда тамаки
Алакем сыр канжыга урду эми.
Кытай оттук боор таш
Кырып ийип от коюп,
Уурутуна кыстарып,
Тулку боюн жашырып,
Алакең маңкан-манкан бастырып,
Ошондо эр Сыргакка кеп айтат
Кеп айтканда деп айтат:
«Сыргагым,
үйдөй болгон көк ыргай,
Карткүрөндү жетексиз
Көк ыргайга туруп бер.
Мени унут чыкканда
Даяр болуп кулак сал!»
Ошондо таңкан бастырып,
Жолдун четин кастырып.
Мамбетбек көздөй тарттырды,
Мамбетбектин жанында,
Төрт миң аскер миң кечил
Шайланып турган кези экен.
Алакем барды күүлөнүп
Кечилдерге сүйлөнүп,
Атаңдын көрү кечилдер,
Кара суудa кеме жок,
Мен манжунун тушунда
Силерге кош кайтарар неме жок.
Өлүм бейпил жер аруу,
Учкундардын баары аман
Түлкү жатат кыраңда,
Куу өрдөк жатат көлүндө,
Кабарчынын баары бар.
Кербенчиден кеп уктум,
Бизден кеткен качкын ит,
Алмамбет келет деп уктум,
Жаканын жолун тозгула,
Улуу ашууну ачып кой,
Бизден кеткен Алмамбет,
Сары-Аркада Көкчөгө,
Алты жыл жүрдү деп уктум.
Акэркеч менен ойношуп,
Качып кетти деп уктум.
Манасы жатат Таласта
Ойлоп көрсөм баары аман.
Жылкыны коктуга жапкыла,
Баскан жерим кок кылдым
Оңко-чоңко бүгүлүп,
Төр миң аскер миң кечил
Бай Коңурбай келип калды деп,
Кечилдин каны Коңурга
Таазим кылып жүгүнүп,
Келин болуп бүгүлүп,
Төрт миң аскер миң кечил,
Кете бергин деп айтып,
Атандын көрү кечилдер,
Кызыгып төмөн баспадың,

Букараны багам деп,
Кыз койнунда жатпадың.
Кайран жанды кор кылып,
Учмакты тууган Бээжинге
Келген соо кетпеген.
Илгери көк бука минген Мадыгаң,
Тоодой чочмор көтөрүп,
Буруттун тополоңун тоз кылган,
Эминеден камың бар.
Баркылдап сүйлөп турганда,
Алмамбет бир жеринен жаңылган.
Алтайдан бери жол чалдым,
Укуругу менен Бээжинди,
Баардык жолун мен чалдым,
Манасы жатат Таласта».
Ошондо Опол тоодой барбайып,
Жолум үйдөй Маматбек,
Маматбек чыкты барбайып,
Арамдын
Алтайдан бери жол чалып,
Айткан сөзүн кара деп.
Коңурбайдын келгени,
Алты күнчө болду эле,
Калп айтканын кара деп.
Бизден кеткен качкын кул,
Алмамбет алдап жүрбөсүн,
Туулгандан жалгыз көзү бар,
Адамга айтчу сөзү бар,
Маматбек деген ополу.
Пилимотун* көтөрүп,
Алты буттай дарыны
Күлдүрлөтүп от койду,
Жаткан уйдай коргошун,
Дүрмөттөп жатып от койду.
Качкын кулдун аты деп,
Сарала өңдү ат эле,
Бай Коңурдун Алгара,
Бул акмак кайдан минди деп,
Бушуркай түшүп Маматбек
Кытай оттук боор таш,
Кырып тартып чок койду.
Ошо кезде Алмамбет
Кара көзү коюлуп,
Кытайынча чоюлуп,
Билгизбей карап турду эми.
Кан Коңурбай болсо деп,
Бүкүр каман бүк таман.
Желкесинин арасы
Он эки карыш он таман,
Кан Коңурбай ушу эле,
Аркасынан карады
Бүшүркөп карап калды эми.
Имерилип кылчактап,
Маңдайынан карады
Кан Коңурбай болсо деп,
Кең маңдайын көргөмүн
Бай жайлаган чоң төрдөй,
Кашка тиши күрөктөй,
Манжуну тартып көргөмүн,
Имерилип басты эми.
Байкап калса Алмамбет
Эсепти чогуу табат деп,
Кара жанды мерт кылып,
Туура айтып салат деп,
Чыйкылдап турат Алмамбет.
Өзүн көргөн Маматбек
Бай Коңурду көргөндө,
Туурасынан көргөндө,
Ай кулагы калкандай,
Алагар көзү чолпондой,
Кулагынын көлчөктө
Төрт эличе бар беле
Мындан таанып алам деп,
Туурасынан карады.
Имериле чыкканда
Кашайта белди оёт деп,

Кара жанды соёт деп,
Кагылайын Алмамбет
Алмамбет капа болуптур,
Жаңыз көздүү Маматбек
Туурасынан карады,
Кулактын туура алдына
Кеберин байкап калды эми.
Кайран төрө Коң төрө
Бизди сынап жүргөн го,
Деп ошентип Маматбек
Пилимотун ыргытты.
Таазим кылып Калчага
Алмамбет бурут качкын деп,
Байкабай калдым баатыр деп,
Кечиргин баатыр таксыр деп,
Уят болуп калдым деп,
Улугунун алдына
Маматбек келди бүгүлүп,
Таазим кылып жүгүнүп,
Бейман кулдук бизде деп,
Көтөрүп алгын ардактап,
Бээжинден келген көк килем
Көк килемди көтөрүп,
Төрө келип калды деп,
Алты чочко сегиз кой
Азыгына даярдап,
Бай Коңур келип калды деп,
Уламаны чакырып,
Ошондо туруп Алмамбет
Ошол турган килемди
Төрт бурчунан аларда,
Беймаал келген төрөнү
Түшө калгын баатыр деп,
Суулуктан кармай каларда
Ары карап айкырып,
Улама деп бакырып,
Баатыр келди деп айтып,
Килем салгын деп айтып,
Как чылбырдан аларда,
Эңкейип колун саларда,
Арыстан тууган Алмамбет
Эки миздүү жойболот
Белинен сууруп алды эми,
Арамды как доңдука салды эми.
Бит жегенче көрбөдү,
Качырды көздөй жүгүрдү.
Үзөңгү бутка саларда,
Эки болот сом темир
Чойбой чурап аларда,
Боз качырга минерде,
Кош тизгин колго аларда,
Бура тартып Маматбек
Эми качып каларда,
Жебеден мурун жетти эми,
Бала Сыргак көй кашка
Өзүң көргөн качырды
Башын кыя чаап өттү эми.
Өзүң көргөн Маматбек
Үйдөй чокмор колунда,
Салмагын салып байкасам
Алты жүз батман колунда,
Адырга кирди саксактап,
Анда адырдан койбой токмоктоп,
Токойго кирди соксоктоп,
Анда токойдон койбой токмоктоп,
Камышка кирди соксоктоп,
Анда камыштан койбой токмоктоп,
Чамбылала чаң болуп,
Кызыл ала кан болуп,
Ит урушун салышып,
Өлбөгөн жерде калышып,
Сыргагын кармап аларда
Түрө кармап Маматбек,
Эми эсебин табарда
Жети байды салды эми,
Сыргагын ажыратып калды эми.

Алмамбет айза салды эми,
Дүп деп айза тийгенде
Кудайдын берген арбагы,
Азда болсо капыр да
Жарты экен бүткөн салмагы.
Кый сүбөнүн тушунан
Кыңырыла бир түшүп,
Алмамбет
кош колдоп айза урду эми,
Иче кардын булгайын,
Арамга айда кылайын,
Алмамды
казыктай кылып токтотту,
Жулкуп айза аларда,
Жангыз көздүү Маматбек
Алакем кайра тартып каларда,
Бура тартып качарда,
Алаканды жайды эми,
Маматбектин колуна
Сараладай буудандын
Куйругу колго тийди эми,
Мыкты болсоң Алмамбет
Жулуп кетчи кана деп,
Алмаңды турумтайдан тартты эми,
Үзөнгү бутта салактай,
Алмаңдын эки эле көзү алактай,
Таруудайдан талкалап,
Кашайта көздү оёт деп,
Алты жүз батман күч менен
Маматбек чаап калганда,
Кайран жан
канткенде тирүү калат деп,
Акыретке барганда
Улак кандын Сыргагы
Ажыратпай кетсең деп,
Кара эшек кылып минем деп,
Бир оокумда болгондо
Жебедей огу жетти эми,
Жетип айза салды эми,
Такыр колтук тушу деп,
Жоон өпкөнүн өзү деп,
Жалгыз көздүү арамды
Муштап кадап өттү эми.
Алмаңдын өлгөн жанын тиргизди,
Өчкөн отун тамызды,
А кудайың Алмаңды
Ажыратып калды эми.
Бул өңдөнгөн доңузду,
Көрбөдүм мындай жандарды,
Кагылайын Сыргагым,
Чечекейге муштап келсең,
Муштабасаң каапырды,
Бээжинге качып кетет деп,
Алты күндүк калды деп,
Мерген тууган эр Сыргак,
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Акка мойнун бир сунуп,
Кече талаадан жаңы чыкканда
Ажал жетсе окко учуп,
Аттанып чыккан эмеспи.
Каптал кыя белестен,
Алдына чаап чыкты эми,
Алты кулач сыр найза
Тутам жерин кылдаркан
Тутам жерин сырдатып,
Ар түрлүүсүн сураба
Мында алтымыш эки бурама
Кармай турган жерине
Бил терисин каптаган,
Учуна болот учтаткан,
Тийген жерин ырбаткан,
Мубакүлдүү сыр найза
Адамдын көз жашына сугарган,
Жангыз көздүү чочкону
Кайка кара белестен,

Эми ашып жолго килерде,
Жебеден мурда жетти дейт,
Бала Сыргак көй кашка
Маңдайга берип өттү дейт.
Чечекейге муштады,
Челектей болуп ыргыды,
Сыр найза желкесинен койкойду,
Опол тоодой барбайтып,
Ол арамды сойду дардайтып.
Кечки бешим дигерде,
Обого жылдыз толгондо,
Алма, Сыргак аты уйкаш
Өлгөндө жатып доңузду,
Жойболот менен койгулап,
Арамдын башын кесип алды эми.
Опол тоодой барбайтып,
Арамды сойду дардайтып.
Жар дөбөлдөп калды эми,
Жору айланып калат деп,
Жорудан кабар алат деп,
Кара кумду жери эми
Кара арчанын түбүнө,
Оң кеңешип эр Сыргак
Ошо турган арамды,
Жар көчүрүп салды эми.
Шилисинде кара арча
Оң буруп тартып көтөрүп,
Алакем күлдү буза тепти эми.
Кагылайын Алакем,
Бастыра жүрө берди эми,
Бой жанчылып калды деп,
Бой сергитип алалык
Ат ташыркап калды деп,
Ат сергитип алсак бейм.
Чамбыл ала чаң болуп,
Маматбек менен урушуп,
Алты күнчө болду деп,
Кагылайын Сыргагым,
Те бой сергитип алалык.
Ак зумбалда азык бар,
Карткүрөңдүн үстүндө,
Камдап койгон азык бар,
Уй башындай жанада
Каруусуна койду эми,
Гүлазыктан чеңгелдеп,
Суусун чайып ичкенде
Ооруган жерлер басылып,
Умачтай көөнү ачылды.
Алп уйкусун алды эми,
Жатып жамбаш талдырып,
Уктап уйку кандырып,
Эрикпеген эрендер
Ошондо жатып калды эми.
Аттанып чыкты Алмамбет,
Канышай көздөй бет алып,
Жапания эл экен,
Ургаачынын шери экен,
Катын кандын эли экен,
Кырк төрөгө баш болуп,
Аким болгон кези экен,
Канышайды алсак деп,
Бизге кудай бергени
Ат аябай жол тартып,
Арыстан тууган Алмамбет
Жер эңкейиш болгондо,
Өбөктөп желди Алмамбет
Дарыяга барганда,
Кечил келет чойкоюп,
Суу алганы койкоюп,
Суу алуучу идиши,
Көк буканын чылгый меш,
Улама деген зор кечил,
Суу алганы келди эми,
Кара арчанын түбүнө,
Карткүрөң менен Сарала
Күктөп байлап койду эми.

Желбегей тартып Алмамбет
Чымдактап эми калды эми,
Жойболотту алды эми,
Ач билекке салды эми,
Суу алып аткан кечилди
Оозун төөнөп алганда,
Оң ийинге саларда,
Жебеден мурда жетти эми,
Ушу турган адамды
Башын чаап калды эми,
Дарыяга салды эми.
Кечилдин кийимин чечти эми,
Кечилдин кийимин кийди эми.
Эр Сыргакка кеп айтат.
Ошондо туруп деп айтат,
Мен суу көтөрүп барамын,
Менин үнүм чыкканда
Ошондо көзүң салгын деп,
Даяр болуп тура көр,
Деп ошентип Алмамбет,
Көк буканын чылгый меш
Оң ийинге салды эми,
Алакем оң ийинге салды эми,
Чоң коктуну өрдөдү
Көк буканын чылгый меш
Алакем айдалыга көтөрүп,
Суу көтөруп баратат,
Алакемдин жонунда
Көк буканын чылгый меш,
Толорсугун койгулап,
Ойноп кетип баратат,
Жонунан койбой тер агып,
Жолум үйгө жетсем деп,
Алакем тердеп кетип баратат.
Жолум үйгө жеткенде,
Кырк кулакты ызгытып,
Көк буканын чылгый меш
Чечип шону куйду эми.
Ашаа* тарткан маңгилер,
Арак ичкен заңгилер,
Баары тегиз бар экен,
Алптардын баары бар экен.
Чаганайы тууптур,
Көк буканын чылгый меш
Босогого кыстарды
Жез көөкөрдө аракты.
Кызымтал болуп жатыптыр,
Баарын тегиз ойготуп,
Кыдырата куйду эми,
Кыркалата сунду эми.
Тама салган кечил деп,
Алмаң арак сунду эми,
Кара калпак күрмөнү
Алакем башка кийиптир,
Чыныга сууну куйду эми,
Алмамбет төбөсүнө койду эми.
Төбөдө суусу чайпалбай.
Катуу бийлеп турду эми.
Көчүгү кучак Канышай
Ошолордун каны экен,
Бүгүн жакшы бийлеген
Эртең курдашым жаным берем
Алмамбетке сугу түшүп турду эми.
Узун бойлуу кең далы
Бул өнөрүң бар экен,
Башта кайда жүргөнсүң,
Он эки жылдан бери деп,
Суу көтөртүп койдум деп,
Убалың менин мойнума
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Узун моюн чоң кечил,
Канышай сугу түшүп турду эми.
Бой кошор кезим бар бекен,
Даярданып салынган,
Аябай кечил бул экен,

Эртең жарым каргаша берейин
Жез көөкөрдө аракты
Алты кесе куйдурду,
Ичкен тамак биздики,
Ичегой кечил деп айтып,
Алмаңа сунду эми.
Шек алдырбай коём деп,
Алтын жаа сергеси,
Канышайдан алды эми
Капысынан алдырбай,
Билгизбей соксом деп ойлоп,
Шек алдырып койсом деп,
Мында кармап алат деп,
Алтын жаа сыр кесе,
Алакем төрттү жутуп койду эми.
Кайра куйгун кечил деп,
Жез көөкөрдө аракты,
Канышай Алмаңа берди эми.
Баарын тегиз куйган соң,
Алакең бир жеринен жаңылды,
Кутан алп Музкиндикке салыптыр,
Бүшүркөп калды Канышай,
Кендиргелеп Алмамбет
Ийиктей тартып имерди,
Аракты ичкен Алакем,
Карагулдун Канышай
Сулуулукка кызыгып,
Алакем койнуна колун салды эми,
Эмчегин кармап калды эми,
Көчүгү кучак Канышай
Карап туруп билди эми
Кара таман кузгундай
Капыр го журт бузгундай.
Кызыл тонуң бозгун го
Алтай, Алтай, Алтай деп,
Алтай ханын өлтүргөн
Алмамбет бурут турбайбы,
Кубулуп жүргөн турбайбы,
Бу, доңузду кармап деп,
Канышай туруп үн салды,
Дарга тарткын деп айтып.
Кызымтал болгон Алмамбет
Күйүп турган фанарды,
Алакем тээп калды эми
Көөкөрдөгү аракты.
Отту көздөй имерди,
Караймын деп көз күйдү,
Алмаңды
кармаймын деп кол күйдү.
Эшикти алды Алмамбет
Эшиктен чыккан адамды
Кыя чаап турду эми,
Кызыгына батты эми,
Тирүү чымчык учурбай
Барынын башын алды эми.
Музкиндик менен Канышай
Билек күчкө салыптыр,
Он эки канат жолум үй,
Оодара тартып ыргытып,
Алты кулач шамшарды
Канышай ач билекке салыптыр,
Алмамбеттин артынан,
Алакең качып калганда,
Саралага жеткизбей
Аркан бою калганда,
Алмамбет
айкырып үндү салды эми,
Сыргак деп үн салды эми,
Жебеден мурда жетерде,
Жетип алып Канышай
Аркан бою калганда,
Алмаңды чаап өтөрдө,
Кара болот кыргагы
Кайдан жетти билбейсиң,
Кан Манастын Сыргагы,
Жебеден мурда жетти эми,

Музкиндик менен Канышай
Сыргак катар чаап өттү эми.
Өлгөн жанын тиргизип,
Өчкөн отун тамызып,
Алмамды ажыратып кетти эми.
Кылычын мындан май кылды,
Кырк итти ошол жерде жай кылды,
Бастыра берди Алмамбет,
Ат аябай жол тартып,
Алмамбет
алты күн өрүүн болду эми,
Ат сергитип алды эми,
Алмамбет
бой жанчылып калды деп,
Бой сергитип алды эми.
Каныкей берген гүлазык,
Суусун чайып ичти эми,
Умаштай көөнү ачылды,
Ооруган жерлер басылды.
Аттанып чыкты Алмамбет
Бешим дигер болгондо,
Айнектей болгон ак калаа
Ат аябай жол тартып,
Азиз хандын чоң калаа
Алмаң туулган жер экен,
Коңгурап кирди Алмамбет
Саадагы төрдө илинүү,
Салып кеткен дүмөгү
Мунун сарайына чийилүү,
Алтымыш айым курдаптыр
Алмамбет качып чыкканда
Азизхан алтымыш катын алыптыр.
Алмамбеттин айынан
Алмамбеттин иниси
Кезек менен бакчу экен,
Алмамбеттин айынан
Алтымышта эжеси
Баары зыярат болгон кези экен.
Муну көрүп Алмамбет,
Булкулдап ыйлай Алмамбет
Сол бөйрөгүн таянып,
Солкулдап ыйлайт Алмамбет.
Кичинемде туулган жер,
Киндигим кесип бууган жер,
Көйнөктүн кирин жайган жер,
Көпөлөк кууп чоңоюп,
Көңүлүм өскөн кайран жер.
Ойноп бала жаш чакта
Сайып койгон чынарым
Учу куурап алыптыр,
Түбү бүрдөп алыптыр,
Үч жылы өмүрү калган бейм,
Же Алман көк жал өлөт бейм,
Түбүндө тукум көрөт бейм,
Деп ошентип Алмамбет
Сыргакка керээзин айта баштады.
Алганым Акун кызы Арууке
Боюнда бар деп уктум,
Талгак болду дегенде
Багылан шерди аткамын,
Талгагын мындан кандырып,
Жолборстун
жүрөгүн алып бергемин.
Менин көзүм өткөндө
Аккандын кызы Арууке
Эркек бала тууса,
Эр Гүлчө деп койгула.
Минген аты сур болор,
Кылымды бузган кул болор.
Менин көзүм өткөндө
Аккандын кызы Арууке,
Бычакка түшүп өлсүн де,
Эсенкан кызы Бурулча
Өз күнүн өзү көрсүн деп,
Коңурбайдай Калчанын,
Чаптырып алган өстөнүм,

Дарыядан бурдуруп,
Түштүгүнө акысы
Кунан берип чаптырдым,
Кез бою бөксө болуптур,
Мен Бээжинден качып чыканда
Өстөнүнөн ашты эле,
Кез бою бөксө болгондо,
Быйыл Алмамбет өлөр го,
Тиш түбүнөн тукум көрөр го,
Сарала оонай турган жерине
Тизеден кумду төктүрдүм,
Шыпыргы менен түздөттүм,
Тааныйт бекен жаныбар деп,
Сараланы агыттым,
Оонап алып Сарала
Алтындан кылган зер акыр
Тай чагынан жем жеген
Акырды көрүп Сарала
Окто чоюп булкунду,
Энесин көргөн эмедей
Сарала акырды көздөй жулкунду.
Алтындан кылган чоң акыр
Жыттап алып жаныбар,
Казандай болгон карагым
Чапчып алып ыргытты.
Көкүлдү көккө зыргытты,
Жыттап алып акырды
Улутунуп жаныбар,
Көзүнөн
буурчак-буурчак жаш кетти,
Айбан муну кылган соң,
Адамзат менин жаным кандай деп,
Мен Бээжинден чыкканда,
Менин энем Алтынай
Соорондук
кош мингизген тору бээ,
Алмамбет көк жал туулганда
Энеме берген тору бээ,
Ошондо Сарала кунан тууганда
Сара биттейимде бирге өстү,
Бармактайда баш кошту,
Ошондо Алмаң Бээжинде
Менин энем Алтынай
Чылбырдан алып чыркырап,
Кетип калсаң Алмамбет
Сен кайрылып Бээжин келбечи,
Келип калсаң Алмамбет
Ынтымак тууган чоң Бээжин
Киндигиң кесип бууган жер,
Киндик каның жууган жер,
О, кайрылып келбе Каканга
Алаке бооруна тартып албасын,
Уядан жалгыз жолборсум,
Дин издеп чыктың жолборсум,
Энемин айткан сөзү бар эле,
Конгурап ыйлап турганда,
Кагылайын Сыргагым,
Качып чыккан мен кандай.
Казына жыйган көп дүйнө
Таштап чыккан мен кандай,
Калыйпа Султан пир кандай.
Бу дүнүйө жалган деп,
Тозок оту барам деп,
Өз атамды Азизхан
Алтын бакты май кылдым,
Тетиги турган атамды
Тактыда башын жай кылдым.
Сары алтындан чаптырган
Тагың калды Бээжинде,
Сара солдон сайдырган
Багың калды Бээжинде,
Ушуларды мен таштап,
Качып чыккан мен кандай.
Калыйпа Султан пир кандай.
Коңгурап ыйлап Алмамбет,
Ошондо Сыргак муну айтат

Кагылайын Алаке,
Чокунсаң чоюн пут мына,
Калсаң кытай журт мына,
Деп ошентип эр Сыргак
Айтканың ырас деп айтып,
Алакем Сараланы токунду
Эми ат аябай жол тартып,
Эсен хан кызы Бурулча
Ал он төрттө, мен он беште
Ойноо бала жаш чакта,
Койнуна колум салгамын
Колумду силкип калганда,
Мени мусулман болсоң алгын деп,
Алмамбет туруп нетесиң,
Не мураска жетесиң,
Кербенчиден кеп уктум,
Ушак айың сөз уктум,
Жакып уулу хан Манас
Сен өңдөнгөн эренге
Жолдош болот деп уктум.
Ак марал кууп уй кылган,
Даңкын угам Манастын,
Ааламдын баарын буй кылган.
Дин истеп* барсаң болбойбу,
Убадаңа жетейин.
Он беш жыл күтүп берейин.
Ороюм актан жаралган
Кошой, Төштүк алпыңа
Каныгат сөзүң айта көр,
Эч болбосо Бээжинди
Алты ай сурап билгин де,
Мен өңдөнгөн бейбакты
Ажыратып ала көр.
Бурулча менен ошондо
Кол алышып коштошуп,
Алмамбет убада кылган ушунда
Убадама жеттим деп,
Бир жыл өтүп кети деп,
Ат аябай жол тартып,
Эсенкандын калаага
Күүгүм кирип калганда,
Алмаң олбу-солбу камчы уруп,
Карабеттин
айтканы жалган болбосо,
Бүгүн бейшембинин күнү эле
Жуманын кадыр түнүндө,
Эсенкан кызы Бурулча,
Кантсе эми келет деп,
Бурулча жолум тосуп жүргөндүр.
Качырга чүмбөт курдуруп,
Урумдун кызы Калыйча,
Айжаңжуң кызы Мыскал
Үч сулуу жолун тосуп жүргөндүр.
Дарбазанын оюнда
Иликтир* менен шам чырак
Күндүзгүдөй болду эми,
Булуңгул тамдын түбүндө
Алмамбетке кез болду.
Кол алышып көрүшүп,
Эсенкан кызы Бурулча
Карынга тырыш киргенде,
Этке бырыш киргенде,
Алтын айдар чоң белбоо
Аман эсен келдиңби,
Келгендерден кеп уктум,
Аккандын кызы Арууке
Тартуулга алды деп уктум,
Ошо зайыбың кут болсун.
Калп айтасың деп айтып,
Алакем тетири карап күлдү эми,
Пендеден ушак сөз уктум,
Эсенкан кызы Булрулча
Коңурбай сындуу манжуга
Тийип кетти деп уктум.
Кашкайып күлүп Бурулча
Конок болуп кеткин деп,

Каалгасы сом калай,
Каңгыраган чоң сарай
Дарбазага кийирип,
Багылан козу ширин баш,
Бал бышырып салышып,
Аш тамагын шай коюп,
Суусунуна бал берип,
Сугатына чай берип,
Кабылан туулган Алмаңды
Күтүп алган кези экен.
Душман жакын көрөт деп,
Арыстан тууган эр Сыргак
Качан Алмаң чыгат деп,
Уктаган экен кайран эр
Оң бир ийнин жазданып,
Коңуругу баш жарып,
Уктап жаткан Алмаңды
Жакадан силкип ойготуп:
«Таласка курган бак барбы,
Дардайып жатар чак барбы!?»
Келтенин огу тажаган,
Очогор оюп кетпеген,
Бөйдө ажал жетпесе
Бурулча кылган чен тонду
Күзгө маал болгондо,
Тоо текени аттырган,
Алтымыш мерген жиберип,
Ашаткысын келтирип,
Көк шибергеташтaшып,
Тигишине келгенде
Ак була менен тиктирип,
Тигишине келгенде
Мадыган деген алпы бар
Мадыганга тиктирип,
Алмамбети көк жалга
Белек бердим кийип ал.
Сен да куру калба деп,
Алтындан кылган билерик
Эр Сыргакка берди эми,
Кол алышып көрүшүп,
Эки эр аттанып чыккан жери экен.
Үч чакырым узарды
Шаар четине чыкканда
Аркан бою кара кол
Алмамбет так секирип өттү эми,
Аттан атым кемби деп,
Эр Сыргак дагы аттатты
Атынан аты кем эмес,
Имерилип бастырып,
Үйдөй болгон чоң дөбө,
Алмамбет имерилип бастырды.
Коломтодой кара чым,
Алмамбет айзаны колго алды эми,
Алмамбет курс дегизе муштады
Алаке, бул эмине ырымың?
Кагылайын Сыргагым,
Бадана кийген Маңкуш алп,
Кучагы темир Кутан алп,
Алооке, Манжу Коңурбай
Түн ичинде баратып,
Коңурбайдай манжуга
Түн ичинде баратып,
Туюндуруп салгамын
Арамдын башын аларда,
Кароолчу көрүп калганда,
Алгарадай күлүктү
Туюнуп калып бул чочко
Бөрүкөз менен Ороккыр
Алтоо бирге мен жалгыз
Алтоо кууп калганда,
Аркамдан келип Коңурбай
Алтымыш күрсү батман мен*
Аркыратып өткөндө,
Аркамдан келип жеткенде,
Оозумдан алтын канжа ыргыган.
Түшө калып эр Сыргак

Камчы сап менен түрткүлөп,
Тыкылдатып Алмамбет
Алтындан кылган канжаны
Алмамбет айын жара сайды эми.
Алмамбет чырпыгынан чырпылбас,
Алаакем чын олуя турбайбы.
Өзүң көргөн эр Сыргак,
Ыраазы болуп турду эми.
Аттанып чыгып эки эрен
Күүгүм кире күн бата
Кыр кайыңдын боюнда,
Укурчунун тумшукта,
Сонун кыңыра бурчукта,
Каз айланган тоо менен
Кандын кара жолунан
Чымандын уулу Карагул
Чын ажайып мына бул.
Торайгырга токунуп,
Кайыптан бүткөн Торайгыр
Торайгырды токунуп,
Асман бүркөө жол ачык
Калайманды салат деп,
Канетсе быйыл келет деп,
Аттанып чыккан жер экен.
Карагулду көргөндө
Түп этектен алсам деп,
Кымыздай канын ичсем деп,
Кыркыратып арамдын
Башын кесип алсам деп,
Алмаңдын эки көзү төрт болуп,
Алдындагы Сарала
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Олда кудай урду эми,
Кулжундашып турду эми,
Жакын келбе жаныма
Эл экениң билбедим,
Жоо экениң билбедим,
Ыраак туруп сөзүңдү айт
Ата жакын жетип алсам деп,
Алмамбетке үн салды.
Алмамбетти сынады
Оолак туруп сөзүңдү айт,
Арак ичпей сөзүңдү айт,
Антаңдабай чыныңды айт.
Кымыз ичпей кебиңди айт,
Кылтылдабай чыныңды айт,
Мен билем сенин дайныңды.
Алмамбеттен сөз сурайт
Кайыбынан кеп тапты,
Кагылайын Алмакем
Карагулга сөз тапты.
Акырын сүйлөп жай таштап,
Аба адам болбой калыпсың,
Акылыңдан таныпсың,
Укурчу менен Бээжинди
Баарын чалып келдим деп,
Манасы жатат Таласта
Элим бейпил жери аруу
Эминеден кемиң бар,
Жакындай түшүп Алмамбет,
Акылдатып Алмамбет.
Жакын келбе жаныма,
Суук көрүндүң көзүмө,
Жаныңдагы жолдошуң
Жолдошуң эмес жолборсуң,
Жолдошуңа жол болсун.
Кирпиги жалын көзү чок,
Жолдошуң жайын айта гой,
Кишиден туулбайт мындай жок.
Кабагы бийик өңү саз,
Калтасы жазы бою пас,
Тулку бою оо экен,
Билеги темир кара көк,
Бил мүчөлүү бадырек
Болуп турган табы экен,
Быйыл жыйырма бирде табы экен.

Алдындагы мингени
Бука моюн бокто сан,
Кеменгер соору сом туяк,
Берен жердин тулпары.
Үстүндөгү адамы
Жакындап ойду бербечи,
Азыркы жандын султаны.
Мен көргөндөн жок экен
Бу жолдошуңа жол болсун,
Жолдошуңдун жайын айта гой.
Жолдош жайын айтайын,
Абаке ол айтканың дагы ырас,
Жолдош жайын сурасаң,
Атасы жакыр болучу,
Энеси инди болучу,
Каптоосунан алдыртып,
Өлгөндө адам тилин үйрөтүп,
Эки кулак чылк бүтүк
Жандап айтсаң кеп билбейт,
Укпаганы дагы бар,
Жолборстугу дагы бар,
Жолдоштун жайы момындай.
Аба бул айтканың дагы ырас,
Ошондо туруп Карагул
Күрөң атка жол болсун
Биздин Бээжин малы эмес,
Бекер жүргөн мал эмес,
Эн тамгасы жок экен,
Жети-Сууну жердеген
Теген күлүк мал экен.
Алты-Сууну жердеген,
Ашкан күлүк мал экен,
Кара байыр казан ат
Опсуз күлүк мал экен.
Тик багып жоого кирчибиз,
Коштоп жүрсөк күрөң ат
Тилегин кудай берген кез,
Боконо эти толгон кез,
Коштоп жүрсөк күрөң ат
Он төрт асый болгон кез.
Басканына мал жетпейт,
Баштаак болчу мал экен,
Коштоп жүргөн күрөң ат
Бул бекер жүргөн мал эмес,
Бу күрөңдүн жайын айта гой.
Күрөңдүн жайын айтайын,
Илгери Айдаркан элин чапканда,
Олжого түшкөн мал эле,
Чөп көчүкө сынатып
Опсуз күлүк мал экен
Алты айдан бери жол артып,
Аба, агытып ийем жылкыга
Кечээ кайра тарта берерде,
Жылкыңа минтип кошуп кой
Алмамбет күрөң атты агытты.
Алтындан кылган октону
Шыпырып алды башынан,
Кулду кудай урду эми
Эл экенин биле албай,
Жоо экенин биле албай,
Алмамбет менен Сыргактын
Ысыгына бара албай,
Не болсо келген жоо го деп,
Карагул кайра качканы.
Карагул качып кетти деп,
Күүгүм кире күн бата
Жору куйрук Кубан жан
Жолдон кармап жарды эми,
Арамдын башын жарды эми,
Башын кесип алды эми,
Терекке илип салды эми.
Эртең менен шашкеде
Жылкыга тийип калды эми.
Коңурбайдын сан жылкы
Ууруга кулун алдырбас,
Бөрүгө тайын жегизбес,

Кара айгыр
жылкыны бөгөп калды эми.
Ажыбайдын Карткүрөң
Барбайсыңбы жериңе,
Баштагын күлүк элиңе,
Алмамбет тартып ийди сооруга.
Кутпаны көздөп заңгырап,
Үч кишинеп алганда,
Сан жылкы
чоргодой болуп калганда,
Кулун тайдын баарысы
Чоргодой болуп баратат,
Кыргый көздүү кырынды
Сыргак жылкыны айдап баратат.
Качып кеткен Карагул
Жылкыны көрүп алганда,
Коңурбайга барбастан
Жылкыңды бурут алды деп,
Бир сайышып албасаң,
Же кызыл көтөк болбосоң,
Өзүң бердиң дебейби,
Деги бир сайышып калайын,
Деп ошентип Карагул
Эңкейиште кезеңден
Алдынан кайра тосту белестен.
Тозгонуна болобу,
Эңкейиштей жерлерде
Карагулдай арамды
Тепсеп кете таштады.
Кулду кудай бердирип,
Ажал айдап келди деп,
Айдай бер Сыргак жылкыңды
Артынан түштү Алмамбет
Алмамбетти көргөндө,
Качып берди Карагул.
Бээжиндин бер жак жагында,
Боз талаанын оюнда,
Өргө сала бергенде
Өксүп кетип баратат,
Кеменгер соору сом туяк
Айланса болот Сарала
Сарала жандай түшүп өттү эми.
Алтын күбөө чети деп,
Ай далынын бети деп,
Күмүш күбөө чети деп,
Күн далынын бети деп,
Жетип алып Алмамбет
Кең далынын кечир деп,
Уштап карап калды эми,
Жата калып Карагул
Алмамбеттей көк жалды
Бир өксүтүп салды эми.
Болбойт экен караш деп,
Жата калып калганда
Ээрдин арты комкор каш
Быркырата сайды эми,
Май куйрукту Алмамбет
Жыра муштап салды эми.
Камандуу көлдүн оюнда,
Кара суунун боюнда,
Бута атымдай көл калды
Торайгыр так секирип өткөндө,
Ээр токум бир минип,
Өрдөк болуп сүзүлүп,
Туруп калды Карагул.
Түшө калып Алмамбет,
Ийиндеги сыр бараң
Жулуп алып Алмамбет.
Кароолуна толтуруп,
Эми тартып ийерде
Өзү суучул кул экен
Асмандан булут тутулуп,
Карагул өрдөк болуп кутулат.
Карагулду таба албай
Үйдөй болгон жекенге,
Карагул оролуп качып кутулду.

Эми Торайгыр кабар берет деп,
Айдай бер Сыргак жылкыңды,
Келбей койчу эр эмес,
Эрдиги бизден кем эмес,
Деп ошентип Алмамбет
Тосуп калды белести.
Эми Торайгырдан баштайлык,
Коңурбай келген даракка,
Таң кашкайып атарда,
Тараза жылдыз батарда,
Барган экен Торуайгыр
Ар жумадан бир жума
Чагаан кылган жер экен,
Өзүн көргөн Торайгыр
Бай Коңур жаткан чатырга,
Алтын түркүк көк чатыр
Жаткан экен зор Коңур,
Ай ааламдын кызыкка
Баткан экен зор Коңур.
Көк чатырга барганда
Торайгыр салды кызыкты,
Казандай болгон кара чым
Чапчып алып ыргытып,
Көкүлдү көккө заргытып,
Көк чатырды койгулап,
Күрсө-күрсө урганда
Баш көтөрдү чоң Калча.
Чатырдан чыкты эшикке
Белине саадак урду эми
Тору айгырды караса,
Окто чоюп булкунуп,
Өзүн көргөн Торайгыр
Окуранып жулкунуп,
Сүйлөйүн десе тили жок,
Туякты жерге мылкытты,
Көкүлдү көккө зыргытты,
Артын карап кылчактап,
Бир укмуш болуп калды деп,
Алган экен Торуайгыр.
Көздөн бурчак чолок жаш
Аккан экен Торуайгыр.
Ымдалышып тер болуп,
Омуроодо жүйшүн кал
Ымдалышып тер болуп,
Муну көрүп зор калча
Жылкымды бурут алгам бейм,
Шилиси канга тойбогон
Таластан Манас келгенби,
Эсепти чогуу билгенби,
Чалгынчыдан кабар жок
Эсепти чогуу тапкан го,
Деп ошентип Коңурбай
Качан жообу келгенде,
Болоттон соккон доолбас
Кече күңгүрөтүп уруучу,
Улуу шашке болгондо
Катуу кабар кылды эми.
Жердин жүзү жыкылдап,
Ак асаба кызыл туу,
Ач айкырык ызы-чуу,
Кайда бурут кайдалап,
Бөксөдөн келди Бөрүкөз,
Карайгыр минген Жаңыбай,
Аржактан келди Ороккыр,
Музкиндик менен эр Жолой
Катар айдап келатат,
Аркасынан чоң Манжу
Айкырып карап турду эми.
Жылкымды бурут алды деп,
Айзакерден мыктың кел,
Караан болуп бергин деп,
Алып келгин бууданды
Алтын сарай ичине,
Казандай соору заңкайган
Кайыптан бүткөн бууданды,
Биттейинде бирге өскөн,

Бармактайда баш кошкон,
Туудум деген эне жок,
Туудурдум деген ата жок,
Бай Коңур менен бирге өскөн.
Туяктын түбү көк таштан
Атка минди зор калча.
Коңурбай жайын айтайын,
Бүкүр каман бүк таман,
Желкесине карасак
Он эки карыш он таман,
Алтындан кылган зор күрмө
Ай далыда балкылдап,
Алтын болот шуру таш
Төбөсүндө жаркылдап,
Сок билектей карачач
Желкесинде бурбуюп,
Кол чачтуу кой көздүү
Кечилдин каны зор калча,
Келе жатат ошондо
Жердин жүзүн уратып,
Алгара менен чуратып,
Кең маңдайын сурасаң
Бай жайлоочу чоң төрдөй,
Кашка тиши күрөктөй,
Эки каштын ортосу
Суу жеп кеткен кашаттай,
Мурду тоонун сеңирдей,
Көзү көлдүн быткылдай,
Алачыктай зор Коңур
Көрүнгөндү жуткудай.
Көзүнөн чыккан шоросу
Кой жалаган марчадай,
Алдындагы Алгара
Баскан ташы быркырап,
Ологой тартып зыркырап,
Ооздук чайкап жер чайкап,
Кологой тартып баш чайкап,
Келе жатат зор манжу
Кара суунун боюнда.
Камандуу көлдүн боюнда,
Карагул барды дарбайып,
Жылаңбаш барды арбайып,
Жылкымды бурут алды деп,
Анталаган ит калмак
Өрдөгүм жатат көлүмдө
Түлкүм жатат деп айтып,
Өрдөгүң менен өлүп кал,
Кулжаң менен куруп кал,
Тукуясыз бастырып,
Түпкө чогуу жетти деп,
Буламык болуп кызыл май
Жылкымдын баары болду деп,
Алмамбет бурут алды деп,
Жанында Сыргак эр экен,
Мен көргөндөн жок экен,
Жалгыз барбай сак болгун
Кезикпегин Коңурбай
Кезиксең эгер мерт кылат,
Деп ошентип Карагул
Туруп калды ошондо.
Жалгыз өзүм барам деп,
Ажыратып алам деп,
Өзү тийген бурутту
Мекеге чейин кырайын,
Таласка чейин кырайын,
Кыз катынын карактап,
Калың олжо алайын,
Катылган жоо бурутту
Кадемин мындан катырып,
Эсебин чогуу берейин,
Келе жатат Коңурбай
Каалгадай кашка тиш
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Ызырканып бир койсо
Таруудайдан быркырап,
Алдындагы Алгара

Кологой тартып зыркырап.
Калчанын келе жатканын
Тосуп турат Алмамбет
Келбей койчу эр эмес,
Эрдиги бизден кем эмес,
Айдай бер Сыргак жылкыңды,
Ыргайдынын жонунан,
Көк кыянын белинен,
Тосуп турду Алакең
Алмаң азырак капа болду эми,
Алдымдагы Сарала
Таластан жаңы чыккандай,
Ошо күнү болсо деп,
Чийбейт белем сызыкты,
Салбайт белем кызыкты.
Ай караңгы түн бүркөк
Түн эмине болот деп,
Сарала жүрбөй калса деп,
Алмаңдын күнү эмне болот деп.
Ал аңгыча болгон жок,
Кыраңдан чыкты зор манжу
Манжуну көрүп Алмамбет
Бастыра берсем деп ойлоп,
Кайра тартып кылчактап,
Туулмак бар өлмөк бар,
Эгенин салганын көрмөк бар,
Качан да болсо бир өлүм
Алдымдагы Сарала
Таз кардын чөпкө толтуруп,
Асыбай тарттым отуруп,
Мына ошондо Коңурбай
Алмамбетти көргөндө
Себети калың сексен төрт,
Серпишкен жагы кызыл өрт,
Алдындагы мингени
Бука моюн буктоо сан,
Үстүндөгү адамы
Азыркынын султаны,
Алдындагы тулпары
Кеменгер соору сом туяк,
Кенен жердин тулпары.
Жанында бойду бөлбөчү
Алмамбет
азыркы жандын Султаны.
Сынап турду Коңурбай
Кечээ а да кандын уулу эле,
Мен да хандын уулу элем,
Жашы он алтыга толгондо,
Кече Кан-Жайлакты талашып,
Айзанын учу майышып,
Мени менен сайышып,
Таш көпүрөө зындандан
Кечээ Кан-Жайлакты талашып,
Кезегин мурда бергенде,
Таш көпүрө зындандан
Мени алты жолу көмө койгондо,
Кой башындай эт жүрөк
Колтугумда болкулдап,
Алмамбетти көргөндө
Ыстыгына бата албай,
Суугуна жата албай,
Кара аттын мойнун бурду эми,
Коңурбай кайра тартты эми.
Алмамбет туулгалуу себетти
Туура тартып кийди эми,
Беш кабырга себетти
Бийлеп кийди Алмамбет,
Алмамбеттин сур чепкен
Жакасы алтын жеңи жез,
Кош бадана торгой көз,
Жебенин огу жетпеген,
Бараңдын огу батпаган,
Келтенин огу тажаган,
Очогор ойноп кетпеген,
Алдадан ажал келбесе
Бойдо өлүм жетпеген,

Кече Каныкей кылган сур чепкен
Береним Алмам кийсин деп,
Кайнап аткан арамды
Каканды көздөй сүрсүн деп,
Сымбаттуу Алмам кийсин деп,
Кечээ айгышкан жоо келгенде,
Алмамбет
жалгыз айдап жүрсүн деп,
Сур чепкенди кийди эми.
Акылы менен болжогон,
Караңгыда жол жүрсө
Жакасынын алдына
Кохардан чырак орногон,
Топчу кылып бастырган,
Жаңайыкка салынып,
Алмакең жаратканга жалынып,
Карадан туулуп ак болдум,
Капырдан качып жат болдум,
Ушу турган капырдан
О кудай, ажалымды бас кылба.
Деп ошентип Алмамбет
Жерден айза алды эми,
Байрак ураан бакырды
Манастап ураан чакырып,
Алакем качырып калды манжуну.
Ысыгына бата албай,
Суугуна жата албай,
Алачыктай зор манжу
Кайра качты Коңурбай.
Кууп барат Алмамбет
Өргө сала бергенде,
Өксүп барат Сарала
Эңкейиште жетем деп,
Жебедей болгон арамды
Тоголото коём деп,
Кууп барат Алмамбет.
Ал Саралага үн салды
Кагылайын Саралам,
Аркардай арыш ала көр,
Алачыктай манжудан
Кегимди алып бере көр.
Олбуй-солбуй камчы уруп,
А дүйнөгө барганда
Бакканымдан кечем деп,
Кууп барат Калчаны.
Ата бадикти колго берсе деп,
Өксүп кетип баратат
Алмамбет үндү салганда
Алты запкыр кезеңди
Ашып чуркап алды эми,
Эңкейиш жерге келгенде,
Кечилдин каны Коңурду
Сарала жалдай түшүп өттү эми.
Алтын күрмө чети деп,
Ай далынын бети деп,
Күмүш күрмө чети деп,
Күң далынын бети деп,
Омуртканын кезиң деп,
Оңбочу жериң ушу деп,
Кузгундай көзүн кызартып,
Алмадай боюн узартып,
Арстандай көзүн кызартып,
Келишимдүү Манжуну
Муштап өттү Алмамбет.
Алгаранын үстүнөн
Урап кетчү эмедей,
Үзөңгүдөн бут кетти,
Алгаранын үстүнөн
Таз карадай залдайып,
Коңурбайдан ал кетти.
Эки болот сом темир
Бутка илимбей калды эми,
Ыйык жалдан бек кармап,
Кара атты кудай урду эми,
Сарала жетип алганы
Кашайта көздү оёт деп,

Кайран жанды соёт деп,
Качып калды Коңурбай.
Айза бошоп баратат,
Таз карадай Калчаны
Сайып кетип баратат,
Эшик төрдөй узады
Аркардай болуп арышты
Алалбай калды арышты
Алалбай калды Сарала
Алты күнү суу ичпей,
Жүрбөй калар түн болду.
Бээжиндин бер жак жагы экен,
Кайирдин кытай жер экен,
Кумга сала берди эми,
Жыгылып кетсе адамдын
Бетке саяр чөбү жок,
Бир кашык такыр суусу жок,
Какыраган кызыл кум
Чу деп кетсе Сарала
Тушардан кумга бөлөнөт,
Жетпей барат Алмамбет
Жетпей калган жеринде,
Алаңгир жаа сур жебе
Агып кетип баратат,
Акмак кылып Калчаны
Ителгидей тепкилеп,
Ала коюп Алмамбет
Аябаган дүмөктү
Салып кетип баратат.
Сарала жүрбөй калды эми,
Эки көзү мекийип,
Ичегиси чоюлуп,
Таз карында чөбү жок
Алты күнү суу ичпей,
Көөдөнү такыр кургаптыр,
Сарала жүрбөй калар кез беле.
Оңолуп минди зор Калча
Сарала жүрбөй калганда
Алгара жаңы кызыптыр,
Жел аргыдай ыркырап,
Басканына мал жетпей
Башкача чуркап алды эми,
Сарала жүрбөй калганда
Кайра тартты Алмамбет.
Көтүнөн түштү Коңурбай
Алкымдагы жол менен
Аскер алып кол жыйнап,
Карма кулду карма деп,
Чубаманын жалгыз жол
Качып калды Алмамбет.
Куугунду жаңы куугандай,
Калчанын катыны уул туугандай,
Артынан түштү Коңурбай.
Өргө сала бергенде
Мине түштү Алгара
Коңурбай жетип үн салып,
Үн салганда деп салды,
Атаңдын көрү качкын ит,
Какандан качып келген ит,
Чымачын менен Бээжинди
Көрөйүн деген экенсиң,
Чын ажалың бир жетип,
Өлгөнү келген экенсиң.
Эшектей кардың жарайын,
Эсебиң эми табайын,
Сууга каның чачайын.
Бел байлаган бегиң бар,
Берениң Манас эриң бар,
Таластан келип Манасты
Ажыратканын көрөйүн.
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Түптү кыргыз тукуму
Таластан келип кыргызың
Ажыратсын көрөйүн.
Деп ошентип Коңурбай

Мубакүлдүү чоң найза
Устундан айза ураткан,
Учуна болот сулаткан,
Жарды сайса ураткан,
Бет алган жоосун сулаткан,
Бала экенде жаралган,
Балбанга эчен атыккан,
Эңкейиштей жер келди
Айласы кетип Сарала,
Чарадай болгон боз даңкан
Кечилдин каны Коңурдан
Буйтап кетер жери жок,
Сарала даңкан менен бир чачып,
Бетти көздөй бир коюп,
Сарала кетип баратат.
Түү деп алып Коңурбай
Алтын күрмө чети деп,
Ай далынын бети деп,
Кемердин төмөн чети деп,
Кең далынын кечир деп,
Айзаны салды чөмөрүп,
Күрс деп айза тийгенде
Сараланын үстүнөн
Учуп кете таштады.
Үзөнгүдөн бут кетти,
Алакемден ал кетти,
Чап өлөңдөн бек кармап,
Алда жалга алда деп,
Арыстан Манас колдо деп,
Акер чакыр мүшкүлдү
Көрмөк болду Алмамбет,
Кайрылып келбес ол жайды
Көрмөк болду Алмамбет.
Лайла деп келме айтып,
Эми андан башка айла жок
Айланасы аска зоо
Үн чакырым калды эми.
Салмагын салса Алмамбет
Сарала төрт аягы бүрүштөйт,
Акыретке барганда
Улак кандын Сыргагын
Кара эшек кылып минем деп,
Ажыратпай кетсең деп,
Үзөңгү бутта салактайт,
Алмаңдын эки эле көзү алактайт.
Кара зоого жетсе деп,
Коңурбай өлчөп кетип баратат.
Ошондо Сыргак канетсин,
Жылкыны таштап белестен
Алакеңди көргөндө,
Кайран жанды таштады.
Карадан туулуп ак болгон,
Капырдан качып жат болгон,
Кагылайын Алмамды
Белек берип кетемби,
Туубай туна чөгөйүн,
Алмамды белек бергиче,
Эмне жоопту айтамын
Алакемдин өзүнө
Курман болуп өлөйүн.
Алдындагы Көкчебич
Олбуй-солбуй камчы урду,
Жебеден мурда келет бейм,
Жеткилеңди эр Сыргак
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Аска-зоонун бетинен
Алты бута калды эми,
Чымындай жанды таштады,
Кыска кармап айзаны
Кең далынын күзгүгө
Омуртканын кезең деп,
Карчыттын туура тушу деп,
Кыска кармап айзаны
Калчаны берип өткөнү,
Алгаранын үстүнөн
Бөрүктөй ыргып кеткени.

Кайра тартып келгенче
Асмандан булут тутулат,
Агыяр деген балбаны
Ала качып кутулат.
Алагар көзү алайып,
Кыямат кетчү немеге
Оозун ачып дем албай,
Эси ооп Манжу жатты эми,
Аска-зоодон Сарала
Аркан бою калды эми,
Күүлөнүп келип Сарала
Зоодон алыс кетерде,
Алакең шейит болоордо,
Өлгөн жанын тиргизди,
Өчкөн отун тамызды.
Бугудан кылган чылбырдан
Тартып калды эр Сыргак.
Оң далыдан бир чапчып,
Ак каңкыга мингизип,
Өчкөн отун тамызып,
Алмаңды ажыраткан жери экен.
Алакем ооруган жери басылбайт,
Умачтай көөнү ачылбайт,
Анда Сыргак муну айтат:
«Алаке, сынадым сенин өзүңдү,
Текебер кеткен өзүңдүр.
Байкадым Алма өзүңдү.
Кечээ кең Таласта жатканда
Шеринеден тай союп,
Дуулап турган табыңда,
Күндүзү келин түнү кыз
Болуп турган табыңда,
Кайнап жаткан Каканга
Барып калсам Сыргагым,
Жалгыз татыйм дечү элең».
Деп ошентип эр Сыргак
Алмаңды ажыраткан жери ошол.
Алмаңдын
ооруган жери басылбайт,
Кечээ Карткүрөңдүн үстүндө
Кечээ ай караңгы түн болуп,
Түн эмине болот деп,
Барып калса Каканга
Күн эмине болот деп,
Каныкей берген дары бар
Кырма кызыл дарыны
Сыртына сыйпап алды эми,
Уй башындай жалаяк
Кара сууну куйду эми,
Алакең куркурата жутканда
Умачтай көөнү ачылды,
Ооруган жери басылды.
Айдай бер Сыргак жылкыны
Келбей койчу эр эмес,
Эки айзаны тең жеген
Эрдиги бизден кем эмес,
Келбей койчу эр эмес,
Айдай бер Сыргак жылкыңды.
Түшө калды эр Сыргак
Алаке жолуңду берсең болбойбу,
Кур моюнга бир салып,
Он эки күндө келемин
Алачыктай Манжуга
Алаке, алдырып ийсем шорум деп,
Жолун тосуп калды эми
Алакем жылкы айдап калды эми.
Он эки күнү болгондо
Коңурбайдан дайын жок,
Кош кабырга кыйраптыр,
Карабөркке барыптыр
Ичкен ашы бал болуп,
Апаптап атка мингизип,
Ар жагында сан колу
Бай Коңурдан ажырап.
Кимге тукум болобуз
Аттанып чыкты көп колу

Келе жатат Коңурбай
Эминеден камы бар,
Ажыратар элим бар,
Ороккыр менен Музкиндик
Каптап келген колу бар,
Каяооз менен Нескара
Катар алптар дагы бар,
Муну көрүп эр Сыргак
Кыз кайнын көргөн эмедей,
Тилекти кудай берди деп,
Тилегеним ушу деп,
Качан да болсо өлүм ак
Кечээ Таластан жаңы чыкканда,
Коло чайнап ок тиштеп,
Айза кармап топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп,
Не болсо да көрөйүн
Коңурбайдай Калчаны
Ит ай, жекеге келсе деп айтып,
Аттын мойнун бургуча
Кыраңдан чыкты зор Калча.
Чыгып алып тиктеди
Сыргакты сынап турду эми,
Кирпиги калың көзү жок,
Кишиден туулбайт мындай жок,
Кабагы бийик өңү саз,
Капталы жазы бою бас,
Болуп турган табы экен
Жыйырма бирде чагы экен.
Улак кан менен Жакып кан
Ал экөө тең бир тууган,
Манас менен тең тууган
Ага ининин баласы,
Ааламга жетер чамасы.
Билеги темир каракөк,
Бил мүчөсү бадырек,
Ушу турган Сыргактын
Көкөтөйдүн ашында
Манастын көрдүм айзасын,
Чучугума жетти го
Бу Сыргактын айзасы.
Ушу турган балага
Те бел салышып алсам бейм,
Эмнеден камым бар,
Ажыратар дагы бар,
Деп ошентип Коңурбай
Сыргакты көздөй бет алды.
Ак каңкы ээрдин кашы деп,
Мээлеп кетип баратат
Калмак ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Теке маңдай келгенде
Күпө-күпө болду эми,
Соотунан кебездер
Чарадай болуп ыргыды,
Алгаранын үстүнөн
Урап жерге түштү эми.
Минип жүргөн Көкчебич
Чабалдыгы билинип,
Сыргагы ат-баты менен бир түштү.
Тартып койгон кош бартма
Бир бирине барбастан,
Тартып койгон жырымы,
Алптардын ырымы,
Атаңдын көрү Көкчебич
Ээн талаа эрме чөл
Таштамак экенсиң ит, ай деп,
Кылычты кындан сууруду,
Башыңды алам эми деп,
Тизелеп көчтү Көкчебич
Бышкырып ийди Көкчебич.
Таноосунан кара кан
Атып-атып кетти эми,
Мингенине жарады
Коңурбайдын Алгара
Качканына жарады

Амалды салды Коңурбай
Кылчактап энди качайын,
Колу көпкөн жаш бала
Артыман кууп калбайбы.
Эңкейиш жерге келгенде,
Алты миң кытай солодум,
Ортосуна салайын
Сыргакты кармап алайын,
Манасынан кем эмес,
Мындан тукум алайын,
Качып калды Коңурбай.
Эчтеңке менен иши жок
Колу көпкөл жаш бала
Көтүнөн кууп калды эми.
Алгара закым болуп калды эми,
Алгара оозун тартты эми,
Эңкейиште жер келди
Алгара оозун жыйды эми,
Мүчүлүштөп калсын деп,
Көмө коюп өтөм деп,
Тал-Чокуда Манаска
Тартуу кылып барам деп,
Сыргак кууп баратат.
Эңкейип айза саларда
Эңкейиш эңкей жер келди,
Калың кара манжунун
Сыргак ортосуна кез келди.
Мыктап торду жайды эми,
Кутказбай курчап калды эми.
Жүргөн жерин майдалап,
Барган жерин майдалап,
Бай балбан Калча кайдалап,
Өңгөсүн капталына теңебейт,
Жети күнгө болгондо
Жейрендей көзү киртийди,
Бир сайганда Сыргакка
Жетимиш айза бир тийди.
Күнү-түнү он төрт күн
Тегеректеп алды эми,
Бүткөн бою дал болду,
Кең далынын үстүнө
Удаа-удаа айзасы
Күрсүлдөй берип көп тийди.
Айзанын сокмогунан кан кусуп,
Эки мыкты болсо да
Калча чабуу капырга
Бир оокумда болгондо,
Темирден аркан курчоо бар,
Артынан түштү Коңурбай
Ат күлүгүн бир бөлүп,
Темирден торду жаймакка,
Баланы тегеректеп каларда,
Медиандын чөлүндө,
Эки миздүү жойболот
Асмандан жети кылыч түшкөндө
Кабылан тууган Манастын
Кайыбынан табылган,
Кызыр чалган Манаска
Кыйыны тийген эмеспи,
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтеген жагы бүрт кеткен,
Душманды көздөй шилтесе,
Аркан бою узарган,
Мизи оттой кызарат,
Кан ичме кара жойболот
Таластан Сыргак чыкканда,
Сапарга жалгыз бараткан
Абаке маа берген жок,
Кабылан тууган Манастан
Сурап алган эмеспи.
Эми кармап аларда,
Билгизбей туруп эр Сыргак
Белинен суурук алды эми,
Кар жиликти кан алып,
Жото жилик жон алып,
Азууларын аркайтып,

Айдап чөлгө кирди эми.
Карап туруп манжулар
Кара жандан түңүлдү,
Он төрт күнгө толгондо
Тегеректеп алды эми,
Улака кандын Сыргагын
Алмамбет дүрбү салып карады,
Өлбөгөн жерден калышып,
Ит урушун салышып,
Сыргакты белек беремби
Не мураска жетем деп,
Алмамбет
күндү жайлап калды эми.
Чөйчөктөй болгон кара суу
Алкымды көздөп урду эми,
Асманда Алланын күнү тутулду,
Жайкы чыккан булутту
Кыш булутка которду,
Кышкы чыккан булутту
Жай булутка которду,
Колоттун баары тумандап,
Ала кайыр шыбыргак
Ак жайдын күнүн кыш кылды,
Кийими жука манжуну
Кыңшылатып кыз кылып,
Ажыраткан жери экен.
Аман-эсен көрүшүп,
Аттанып чыкты эрендер.
Кезек менен урушуп,
Айдай бер Сыргак жылкыңды
Ажыбайдын Карткүрөң
Алдыда баштап баратат,
Сыргак жылкы айдады
Алакем жолду тосту эми.
Тогуз жолдун тоомунда,
Он эки жолдун оозунда,
Алмамбет жолду тосту эми
Алмакеңдин аргымак
Камышты көр, .........* көр,
Казаттын жайы мамындай,
Каптаган кытай элди көр.
Мунарык көр, чокту көр,
Бузулбай тийген окту көр.
Кагылайын Алмама
Он эки жолдун оозунда
Башка каран иш келди,
Капшыттан келди Каябөз
Алкымдагы жол менен
Шибенин каны эр Жолой
Ажыдар минип булкулдап,
Алдына келди жулкунуп,
Ороккыр менен Музкиндик
Туш тушунан келди эми,
Жаңгыздыгы курусун
Алмамбет арман кылып турду эми.
Кабылан Манас баш болуп,
Кашымда карап турбады,
Кошой, Төштүк алптардан
Же булар карап турбады,
Алптар катар келди эми,
Жеке, жеке, жеке деп,
Эзкара капыр келди эми,
Эзкаранын артынан
Качырып калды Алмамбет.
Эзкара өр талашып качты эми,
Өйдө жерде жеткени
Кемедей болгон доңузду
Алмакең көмө коюп өткөнү,
Алакем кобо кылып сойгону,
Алакем ээрдин көтүнө
Мине калып калды эми,
Абайлабай калыптыр,
Алоокенин Коңурбай
Кыйыгы менен жетиптир,
Кең далынын күзгүгө
Алмамды жаза муштап өттү эми,

Алмакең аттан ыргыды.
Сараладан ажырап,
Сараланы Коңурбай
Муну кармап алган деп,
Тегеректеп калды эми.
Бугудан кылган чылбырды
Сарала учун тиштеди
Асмандан булут тутулду,
Кайнап аткан капырга
Сарала аттай качып кутулду,
Адырга сала качты эми,
Алгара менен Коңурбай
Артынан түшүп калды эми.
Чап куйруктан аларда
Адырга сала качты эми.
Буйт берип кетти Сарала,
Асмандан булут тутулду
Өлгөндө жатып Сарала
Алтынчы күнү
Коңурбайдан кутулду.
Кагылайын Алмамбет
Ичи оттой кызарды,
Асынып жүрсө сыр бараң
Ай далынын айнеги,
Айгышкан жоого келгенде
Аманат жандын белеги.
Күнү-түнү алты күн
Бой бербей турат Алмамбет
Дүрбү салып эр Сыргак
Алакем тамак ичпей калды деп,
Кайнап аткан каапырга
Белек берип кетемби,
Деп ошентип эр Сыргак
Кайрат кылып кирди эми,
Капшытынан кирди эми,
Кирген жерин майдалап,
Алмаке деп айкырып,
Каарданып киргенде
Чамбыл ала чаң болуп,
Капшытынан кирди эми.
Кирген жерин майдалап,
Алмаке деп айкырып,
Каарданып киргенде
Чамбыл ала чаң болуп,
Көнөктөй болгон кайран баш
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Калкандары быркырап,
Күрмөсүн кийип булушуп,
Күңкүп жаткан кытайдын
Күчтүүсү менен урушуп,
Кара тон кийип булушуп,
Каарданган капырдын
Кандары менен урушуп,
Кайран Сыргак канетсин
Арамдар каптап кол салды
Алты миңдей кол менен
Аянбай уруш салды эми.
Жети түмөн кол менен
Алмамбет уруш салды эми,
Капыр көптүгүнө салды эми,
Жылкыны кайра тосту эми,
Тостурбастан Алмамбет
Калың кара капырдын
Алмамбет ортосунда калганда,
Агылга боло түшкөндө
Аянбай Сыргак кирди эми,
Чапчый кармап Алмаңды
Далбардай болгон султанды,
Сыргак ала качып кутулду.
Айбан да болсо Сарала
Жылкынын көт жагында,
Ооздугу менен чөп чайнап,
Бугудан калган чылбырды
Сарала кесе басып жүрүптүр.
Кара кыяк шиберди
Кабары менен бир чалып,

Алакем качан келет деп,
Жылкынын көт жагында
Жаныбар
кылчактап жүргөн кези экен.
Кыройт, кыройт, кыройт деп,
Сарала доңуз деп айтып,
Ошондо Алмаңды койду тизеге
Жүктөй болгон кара таш
Сарала капталына салды эми,
Жаныбар мингизе качып кутулду.
Аны мындай таштайлы,
Баатырдан кабар баштайлы.
Тал-Чокунун жонунан
Дүрбү салып кабылан,
Эрикпеген эки эрен
Жылкыны айдап алыптыр,
Ажыбайдын Карткүрөң
Алдына баштап алыптыр,
Акбалтанын Чубагы
Кыраан кыраан дечү элем,
Кыруучу болсоң кол келди,
Жоём жоём дечү элең,
Жоючу болсоң кол келди,
Тал-Чокудан түштү эми,
Арыстан Чубак ошондо
Көкала күлүк эмеспи,
Айкөлдөн бир күнү
мурун келди эми
Алтын жакут курчанып,
Ай жаңжуң кытай жерине
Айкырып жалгыз кол салып,
Күмүштөн кемер курчанып,
Күңжаңжун соло элине
Күркүрөп жалгыз кол салып,
Туруштук берип турду эми,
Жаңы колдук кылды эми.
Алмаң менен Сыргактын
Сооттору быркырап,
Тамтыгы кеткен эмеге
Көнөктөй болгон кайран баш
Кыпкызыл канга бөлөнүп,
Болуп калган кези экен.
Өрүүн болуп алгын деп,
Акбалтанын Чубагы
Кайнаган калың капырга
Туруштукту берди эми.
Айкөлүң өзү келатат,
Ажыбайдын Карткүрөң,
Карткүрөң
туягын жерге мылкытты,
Көкүлүн көккө зыргытты,
Айкөл мени минсе деп,
Аккула минбей келди деп,
Азапты чогуу тартат деп,
Мени минип алса деп,
Алаар элем ошондо
Алгарага бир жетип,
Капкайдагы бир кекти
Алып берсем деп айтат.
Арыстан мени минсе деп,
Кан Манасты көргөндө
Баштап барган жылкыдан
Үн чакырып узады.
Кабыландын мингени
Кызыл жээк Айбанбоз
Кырк эки асый болуптур,
Кырсыгын тартып калар деп,
Өрүү алган Айбанбоз
Арам жүрбөй калар деп,
Алты күнү суу ичпей,
Узун кулак шалпылдап,
Баспай калат талпылдап,
Кабылан кордук көрөт деп,
Айбан да болсо Карткүрөң
Айтайын десе тили жок,
Бир кишинеп алды эми,

Бек кишинеп салды эми.
Баатырга жакын барганда
Мойнун созуп калды эми,
Мени минсең баатыр деп,
Кордукту көрбөй каласың
Айбанбозду мингенде
Капыр тегеректеп келгенде
Эңкейтип жоого жете албай,
Качырып жоого кире албай,
Кууган жоого жете албай,
Акылай кылган кара тон
Далдалынан сөгүлүп,
Айза тийсе Айкөлгө
Эти чыгат көрүнүп,
Деп Карткүрөң турду эми.
Мойнун созуп барганда,
Маңдайынан сылады.
Жылкы баштап баратат
Ажыкем минген Карткүрөң,
Казатка сени минбейин
Тизгинин тиштеп турду эми,
Болбой тороп турган соң,
Колдун сырты менен
Карткүрөңдөй бууданды,
Жаакка кагып койду эми.
Эми Карткүрөң кирди жолуна
Мени минбей койдуң деп,
Айбанбоз берсин жазаңды
Тушарыңа теңебей,
Мени минбей койдуң деп,
Жазаңды жоо берсин деп,
Карткүрөң жолго кирди эми.
Бир оокумда болгондо
Алты түмөн кол менен
Алмаң калды урушуп,
Жети миңдей кол менен
Чубак калды урушуп,
Алты миңдей кол менен
Сыргак калды кырышып,
Дүрбү салып Коңурбай
Манасты көрүп калганы,
Кудай өзү бериптир,
Чакырса келбес Манасты
Ажал айдап келген бейм,
Көк дөңгө Манас келиптир,
Айбанбозду миниптир,
Аккуласын минбептир,
Ак күбөсүн кийбептир,
Канкорду кудай берет бейм
Ажал айдап келиптир,
Ак келтесин албаптыр,
Чорт келте мылтык алыптыр,
Манасты ажал айдап калыптыр.
Өзүң көргөн Коңурбай
Көөдөк болбой эр болбойт,
Манас ичи кең экен,
Телегейи тең экен,
Шай колдогон шер экен,
Алты шердин кенжеси,
Алланын сүйгөн пендеси,
Мекедеги бек экен,
Бек кармаган чеп экен,
Ушу турган Бээжинге
Көөдөктүн келери эп экен.
Көөдөк болбой эр болбойт,
Муну сынагы Коңурбай
Манасты ары сайып өтөйүн,
Кызыл ээк Айбанбоз
Кырк эки асый болуптур,
Кырсымын тартып калыптыр,
Аты жүрбөй калат деп,
Кычыгына тийейин,
Жеке-жеке-жеке деп,
Жекеге жалгыз барайын,
Кезегимди бергин деп,
Демитип Манас барайын,

Кара батка көзүнөн
Ары сайып өтөйүн,
Бери сайып өтөйүн,
Ачуусуна тийейин,
Эңкейиштен качайын,
Аттанарым кемби деп,
Артыман кууп калбайбы
Чоң баткакка келгенде
Кара атым так секирип калбайбы,
Ачуусу келип зор Манас
Айбанбозго камчы уруп,
Качырып катуу албайбы,
Күүлөнүп барып Айбанбоз
Так секирем деп атып,
Баткактын так ортосунда калбайбы.
Жиби жок жипсиз байлоого
Манасты кармап албайбы,
Тирүү кармап алсак деп,
Бизге кудай бергени,
Деп ошентип Коңурбай
Акыл айдап келди эми.
Адамдан өзгө бөлөкчө
Айзакердин мыктысы,
Аябаган ыктуу кул,
Бала экенде жат алган,
Балбан калча атыккан,
Баатырга келди кез болуп,
Мына Манас деп койсо,
Барбайып калган экенсиң,
Сууга салган чаначтай
Дардайып калган экенсиң,
Көкөтөйдүн ашында
Сайып алдым деп айтып,
Көөп калган экенсиң,
Деп ошентип Коңурбай
Солондору кошунда,
Жайсаңдары кашында,
Ат күлүгүн бир бөлүп,
Коңурбай жөө күлүгүн бир бөлүп,
Төө күлүгүн бир бөлүп.
Манастын үстүндөгү кийгенин
Тондук жайын айтайын,
Жаман катын Акылай
Акылай кылган кара тон,
Тигишинен сөгүлүп,
Эти чыгып көрүнүп,
Абийирин мындан кетирип,
Арпа сайып өткөндө.
Бекем барды Коңурбай,
Мыкты болсоң Манас деп,
Жекеге мыктап келгин деп,
Айкырып кирди Коңурбай.
Ийиндеги мылтыгы
Асынып жүргөн чарт келте
Алты-жети аткан соң,
Ичи ысып албайбы,
Аркан бою ок түшүп,
Огу түшүп чопулдап,
Чарт келте ичи ысып албайбы.
Огун таанып Каражой
Аркасынан салайын,
Манасты кармап алайын,
Деп ошентип Коңурбай
Айкырып киргени.
Ээн талаа эрме чөл
Экөөбүз күч сынайлык,
Кезегимди бергин деп,
Жеке-жеке-жеке деп,
Мас болгон пилдей чамынып,
Баатырды көздөй камынып,
Көк күпөнү* бөктөрүп,
Көк найзасын көтөрүп,
Балбансыган зор Калча,
Колду таштап Коңурбай
Баатырды көздөй бөлүнүп,
Ошондо келип күүлөнүп,

Кезегимди бергин деп,
Макул Калча макул деп,
Кезегиңди ала кой,
Мурунку кезек меники
Кезекти берсең болбойбу,
Макул айтып зор Манас
Кезегин берип турду эми.
Мубакүлдүү көк найза
Ашкан балбан Коңурбай
Учуна болот учтаткан,
Жарды сайса ураткан,
Бет алган жоосун сулаткан.
Баатыр экен зор Калча
Алтын күрмө чети деп,
Ай далынын бети деп,
Баатырга найза урду эми,
Күрс деп айза тийгенде
Салмагын салып турду эми.
Колдогону Кайберен
Айза өтпөй кычырап,
Темир болду кырк чилтен.
Бир оокумда Коңурбай
Алек болуп турду эми,
Айзасы кирбей күрмөдөн
Акмак болуп турду эми,
Козголто албай Манасты
Убара болуп турду эми,
Кылчайып карап алды эми,
Болду Калча болду деп,
Коңурбай качып калды эми.
Айбанбозго камчы урду,
Өргө сала бергенде
Азырак өксүп баратат,
Эңкейиштей жер келди
Айбанбоз оозун тарта албай,
Чоң баткакка келди эми.
Шайлап келген Коңурбай
Баткакка жакын калганда
Так түйүлүп өттү эми,
Ортосунда калды эми.
Солондору башында,
Жайсаңдары кашында,
Айкырыкты салды эми,
Кабылан тууган Көкжалды
Капырлар тегеректеп калды эми.
Баткакта туруп зор Манас
Баткактан сууруп чыкканы
Өйдө карап желдирсе,
Көтөн сөөгү карк этет.
Эңиш карап желдирсе,
Бокту ичеги шолпулдайт.
Алты күнү суу ичпей,
Айбанбоз баспай калды калчылдап,
Жейрендей көзү киртийди,
Бир сайганда баатырга
Жетимиш айза бир тийди.
Эти чыгып көрүнүп,
Акылай кылган кара тон
Тигишинен сөгүлүп,
Алмамдын
айтканы келди деп айтып,
Тал-Чокудан
түшпөй койбой не болдум
Асынганым чорт келте
Айтканындай болду эми,
Ичи ысып алган соң,
Алты-жети атканда
Аркан бою ок түшөт,
Эңкейип жоого бара албай,
Качырганга жете албай,
Кезиккенин жойгулайт,
Ай балта менен койгулайт.
Аккула буудан бир болсо
Чийбейт белем сызыкты,
Кылбайт белем кызыкты,

Деп ошентип баатырдын
Арман кылган жери экен.
Уңгусу болот учу курч,
Учуна тарткан кара курч,
Эшик эндүү ай балтам
Уңгусунча сайбадым,
Арамдан кегим албадым,
Ак келте мылтык бар болсо,
Ак күпө кийип мен турсам,
Алдымда Аккула буудан бул болсо,
Чийбейт белем сызыкты,
Салбайт белем кызыкты.
Алмамдын
айтканы келди деп айтып,
Үзөңгү бутта салактап,
Акбалтанын Чубагы
Ажыратып кетпесең,
Акыретке барганда
Кара эшек кылып минем деп,
Үзөңгү бутта шалактайт,
Күрсүлдөп айза тийгенде
Эки көзү алактайт.
Удаа айза тийгенде
Эти чыгып көрүндү,
Көңүлү жаман бөлүндү,
Өңгөсү качса капырдын
Асты качпай Коңурбай,
Айзакердин мыктысы
Турасыңбы деп айтып,
Айкырыгы баш жарып,
Капырлар каптап келгенде
Алты жүз кытай миң солон
Баатырды алты курчап алды эми.
Бир оокумда болгондо
Акбалтанын Чубагы
Көрмөксөн болуп алыптыр,
Көкала менен дыр коюп
Көрмөксөн болуп өттү эми,
Ата кудайга койдум Чубакты.
Азиздин хандын Алмамбет
Аман эсен бар болсо,
Ажыратып кетер деп,
Калың топту таштады,
Алмамбет жорук баштады.
Удаасы менен айкырып,
Калың топту как жарып,
Өңгөсү качса Коңурбай
Асты качпайт Коңурбай.
Шашып кетип Алмамбет
Жебеден мурда жетти эми,
Алты түмөн калың кол
Таштап атып чу койду,
Калың топту как жарып,
Туубай туна чөгөйүн,
Айкөлдү белек бергиче
Бу көрөкчө өлөйүн.
Коңурбайды көздөдү
Темир торун жайыптыр,
Турасыңбы деп айтып,
Тегеректеп калыптыр.
Аткан сайын бапылдап,
Тобун бузуп Калчаны
Шашып кетип Алмамбет
Кый сүбөөнүн тушуна
Коңурбайдай манжуну
Ошондо уштап өттү эми,
Кый сүбөөнүн кабырга
Көзүнөн өттү чагылып,
Түгөл кыйрап кетти эми.
Оңдоп сайса Алмамбет
Эми эсебин табаарда
Кыбы деген балбаны
Алмамбеттин артынан
Жойболот алып колуна
Алмаң сындуу көк жалды
Көзөмөлдөп калыптыр,

Шашып кетип Алмамбет
Манжуну муштап кеткени
Ит ай кайдан жетти деп,
Ажыратып кетти деп,
Көзүнөн кара кан агып,
Кача берди Коңурбай.
Бугудан кылган чылбырды
Бооруна басып Алмамбет
Кокуй киши экенсиң,
Айтып турсам билбейсиң,
Теги алат киши экенсиң,
Тал-Чокудан түшпө деп,
Эчен жолу көп айттым.
Айтканымды билбейсиң,
Те алат күн киши экенсиң,
Ажыратып Манасты
Туруп калган кези экен.
Акбалтанын Чубагы
Кайра тартып келди эми,
Куюшкандан алды эми,
Сыргак келди бир жактан
Үзөңгүдөн алды эми,
Айкөлдү
көк бөрү тартып калды эми.
Асмандан булут тутулду,
Эрендер аман эсен кутулду.
Тал-Чокунун түбүнө
Боз талаанын бер жакта
Айбанбоз баспай калды эми,
Капыр көптүгүнө салды эми,
Жылкыны тийип алды эми,
Карткүрөң колго түштү эми,
Улама деген бир кечил
Жайдак минип алды эми.
Казаттын жайы момундай,
Алты саржан жөө баспас
Айкөлгө карап иш келди
Тал-Чоку көздөй бет алып,
Ак каңкысын көтөрүп,
Барбактап басып калды эми.
Манасты кармап келгин деп,
Буңул арда чыгуучу
Чынжырлалуу балбандар,
Балбандын атын сурасаң
Кутан алп деген зобол бар
Тар капчыгай келгенде
Зордугун көр капырдын
Жөөлөп кетет Кутан алп,
Кең капчыгай Бээжинди
Кырып салат Кутан алп,
Үйдөй чокмор колунда
Чокморунун салмагы
Алты жүз батман өзү бар,
Дөбөнү көрүп шилтесе
Топурагын тоо кылат,
Манасты көздөй бет алып,
Коңурбай жандап жиберди
Мынакей жоо деп айтып,
Шилтеп карап калды эми.
Манасты кармап келсең деп,
Кызыл алтын бүт берем,
Ушу турган Бээжинден
Тандаган сулуу кыз берем.
Муну айтып Коңурбай
Тал-Чокунун түбүндө
Тал-Чокуну таянса
Карматпай чыгып кетет деп,
Тал-Чокуга жеткизбе
Манасты кармап келгин деп.
Тал-Чокунун өзүнө
Үн чакырым калды эми,
Кара-Күңгөй капталда
Айкөл басты жол менен
Чапкан кыя өзүндө
Айкөл Манас баратат,
Артынан түшүп Кутан алп

Аркан бою баратат.
Тар капчыгай келгени
Төмөн жагы Көк ирим
Ошондо Айкөл үн салды
Динистан ата колдо деп,
Баатыр үндү салганда
Тоодон келет кызыл таш,
Топтоголок кызыл таш,
Үйдөй болгон кызыл таш
Эми төрдөй калганда
Кутан колун сунарда
Түп этектен бир кармап,
Бир ыргытып саларда
Колдогону кайберен,
Колдоп жүргөн ак эшен,
Кырк чилтен кайып колдогон
Топтоголок кызыл таш,
Кутан өңдүү балбанды
Капталга коюп өттү эми.
Зоодон алыс кетерде,
Кыбы деген балбаны
Арамды кармай калды этектен.
Улак кандын Сыргагы
Абамдан калган бул күндү
Тирүү калып нетемин,
Не мураска жетемин,
Арка олоңун бек тартып,
Чап олоңун узартып,
Ажыбайдын Ачалбарс
Ач билекке салыптыр,
Жебеден мурда жетти эми,
Бала Сыргак көй кашка
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Кутан менен Кыбынын
Башын катар чапты эми.
Тал-Чокуну таянып,
Карматпай баатыр кетти эми.
Тал-Чокуга чыкты эми,
Кезектешип барышып,
Кезекке жаңгыз барды эми,
Улак кандын Сыргагы
Коңурбайдай манжу менен
Айбалта менен чабышып,
Саптары колдо калышып,
Куржун болуп теңшерип,
Ооодарышып салышып,
Анда туруп Коңурбай
Алдап турат баланы
Экөөбүз тамактанып алалык,
Анан тамашаны салалык,
Мен Эсенканга барайын
Күч кубатым кетти деп,
Мындан бата алайын,
Сен Манасыңа барып кел,
Андан бата алып кел,
Деп ошентип Коңурбай
Жөнөп кетти момундай.
Өзүң көргөн эр Сыргак
Уктабай калган кези экен,
Кан Манаска баргыча
Калчаны ушул жерден күтөйүн,
Таш өбөк салып астына
Куш уйку салып калды эми,
Эми Сыргакты малты басты эми.
Үргүлөп жаткан Сыргакты
Алыстан Калча көрдү эми,
Алдындагы Алкара
Басканына мал жетпейт,
Шиберде бастырды
Адамга жакын келгенде,
Буруттун басканы бөтөнчө
Шырп алдырбай жетти эми,
Аркасынан чоң Коңур
Кара жаак айбалта
Өзү ашкан балбан кул
Көкчебичтин үстүнөн

Кобо калып чапты эми.
Жазы маңдай өзү деп,
Кулактан төмөн дың сөөк деп,
Тартып ийди зор Калча.
Макалайы зыркырап,
Асманга чыкты чыркырап,
Сыргак ооп кетерде,
Таш өбөк болду Көкчебич.
Сындыра коюп Коңурбай
Ары ойноп кетти Көкчебич.
Куюшкандан аларда,
Кылт коюп кетти Көкчебич.
Эси энгиреп эр Сыргак
Бүктөлүштү бир аттап,
Карматпай кетти көрдүңбү
Бир оокумда болгондо
Сыргактын
көңүлү жаман кетти эми,
Ooруган жери басылбай,
Умачтап көөнү ачылбай,
Сыргак окшуп кетип баратат,
О дегенде сары зил
Жаба кусуп баратат,
Жаны жаман бир кейип,
Ошентип Сыргак баратат.
Айбалта тийди чекеге
Катуу көрдүм касапты,
Капырдан көрдүм азапты.
Тал-Чокунун жонунан
Ошондо Манас үн салды,
Үн салганда деп салды,
Ажыбай, Бакай эки дос
Эки доско салам де,
Аккуладай бууданды
Алып келсин деп айткын,
Ак күпөдөй асыл тон
Ала келсин деп айткын,
Аманат сөздү айта көр,
Ошондо Манас үн салды.
Ошондо Сыргак кетти эми,
Көкчебич кызып алыптыр
Ооздукту кемирип,
Кандуу көбүк кандуу туу
Жана жайда буркулдап,
Ала качып дыркырап,
Ошондо Сыргак баратат
Кереметтүү кан Бакай
Катар туусун бир бөлүп,
Кайраттуусун бир бөлүп,
Союлдашса койбогон
Жонумдуусун бир бөлүп,
Ак асаба кызыл туу
Бакайдын ай кулагы калкандай,
Алагар көзү чолпондой,
Колду баштап келетат.
Карартуусун бир бөлүп,
Ыраактан көрүп зор Бакай
Көкчебичтин дүбүртүн
Жерди тыңшап зор Бакай
Ошондо Бакай келетат.
Энтелеген эки кул
Не болгонун билбедим,
Ошондо Бакай түш көрүп,
Түшүндө кыйын иш көрүп,
Айбанбоз калып кыяда
Арыстан калды кыяда,
Манасты кудай сактай көр
Деп ошентип зор Бакай
Колдун алды жагына
Эки күн мурда келди эми,
Сыргакты көрүп сезди эми,
Арыстан Бакай жол тартып,
Ала качып дыркырап,
Сыргакты кармап алсам деп,
Ошондо сырды сурайм деп,
Минип жүргөн Көк тулпар

Көк тулпарын тердетти.
Күчү болсо доңуздун
Ушул эңкейиштен кармайм деп,
Аңгыча Сыргак дыркырап,
Келе жаткан кезинде
Бешмантчан болду зор Бакай
Кийимдин баарын бөктөрүп,
Сандыра кууп зор Бакай
Бугудан кылган чоң чылбыр
Бакайдын оң колуна тийди эми,
Такымына басты эми,
Абаңды алты бура сүйрөтүп,
Тайгандай кылып сүйрөтүп,
Өлгөндө Бакай токтотту.
Аба, коё бергин торгобой,
Менин жаным кейиди,
Кейигеним момундай,
Айбалта тийди чекеге,
Мен кетемин Мекеге.
Алтымышта энемди
Көрбөй калат белемин,
Кагылайын энемдин
Ак сүтүн тартып көп эмдим
Деп ошентип эр Сыргак
Жөнөмөкчү болду эми.
Бакай болбой кармады,
Болбой Сыргак турган соң,
Капырдан көрсөң касапты,
Менден азырак көргүн азапты.
Болбой Сыргак турган соң,
Сыргакты калкан менен чапты эми,
Эси ооогон эр Сыргак
Аттан ыргып кулады.
Ошондо Бакай кеп айтып,
Макалайын алды эми
Кайсы жерге тийди айбалта
Текшерип Бакай калды эми.
Мээ чайкалып калбаптыр,
Азыраак сөөгү ылдыйлап,
Бакай тинтип салып көтөрүп,
Кырма кызыл дарыны
Тинтип салды зор Бакай
Каныкей берген дарыны
Уй башындай жанаяк
Куркуратып жутту эми,
Умачтай көзү ачылды,
Баланын ооруган жери басылды.
Кумар туруп калды эми,
Кайра барсам аба деп,
Колго кайра баргын деп,
Кан Кошойго барып кел,
Кызыл алтын мүлк алып,
Үптөй албай келебиз
Кыз келинди көп алып,
Үйлөшө албай келебиз
Кошой абам келсин де,
Олжосун абам бөлсүн де,
Кырк чорого кеп айткын
Аккула сындуу бууданды
Чуу көтөргөн Аккула
Кулагына чуу тийсе,
Ала качып кетет деп,
Кулакка кебез тыккыла.
Деп ошентип кан Бакай
Чалыбайга коштурду,
Ошондо Буудайкандын Музбурчак
Кең Алайды жердеген
Аны колу бир башка,
Жети-Сууну жердеген
Жедигердин эр Багыш
Мунун колу бир башка,
Маселенди жердеген
Эламандын эр Төштүк
Анын жолу ар башка,
Ат-Башыны жердеген
Катагандын кан Кошой

Мунун колу бир башка,
Кичи-Кемин жайлаган
Тазбайматтын эр Үрбү
Анын колу ар башка,
Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Сарала жоолук, көк өтүк
Анжиян менен Түркстан,
Аягы кожон Маргалаң,
Кокондуктун Сынчыбек
Мунун колу бир башка,
Буудайкандын Музбурчак
Буда келди кол менен.
Аккуланы Ажыбайга коштотуп,
Күндөп-түндөп мол жүрүп,
Асандын үнү чыкканда
Тал-Чокуну таянып,
Так ошондо жеткизди
Ошондо көрүп зор Манас
Аккуланы көргөндө
Дарбактап көк жал чуркады.
Төгөрөктүн төрт бурчу
Издесем буудан табамбы,
Маңдайынан бир жыттап,
Айкөлдүн
сакалынан ылдый жаш кетип,
Аккуланы карасаң
Көзүнөн шоро жаш кетип,
Сүлүк тартып жаныбар
Ак келтени дүрмөттөп,
Капырдын колу токтойт деп,
Заң дегизе атты эми
Каптап келген көп манжу
Коңурбай жандан түңүлдү
Манастын Аккуласы келди деп,
Ак келте мылтык келди деп,
Тал-Чокудан түштү эми
Капырдын колу токтоду
Кан буугандай басылды.
Тал-Чокудан түшкөндө,
Алачыктай зор манжу
Бээжинди көздөй качты эми.
Казаттын жайы момундай,
Каршылашып калды эми
Эчен түнөп урушуп,
Каптатып уруш салды эми.
Жер көрүнбөйт түн болуп,
Жети күнү салышып,
Бир оокумда караса,
Капыр сүрүлө тартып калыптыр,
Карткүрөң минген кечил бай
Карткүрөңдү миниптир,
Тууну кармап алыптыр,
Кагылайын Алакем,
Күүгүм кирип калганда,
Шиберин кийим кийди эми,
Кечил болуп кубулуп,
Ыламанын кашына
Кайда жүрөт бурут деп,
Алмамбет сөздү баштады
Туу кармаган кечилди
Кесип башын алды эми,
Тирешип атсак капырга
Жыл маалына барат деп,
Алмаң мындай жорук баштады.
Карткүрөңдү минди эми
Кагылайын Алакең
Бээжинди көздөй бет алып,
Тууну ала качты эми
Туу жыгылып калды деп,
Адаты бар капырдан
Бээжинди көздөй качты эми
Качканды кимдер кырбайт деп,
Бээжинди алган жери ушу экен.
Элчиге киши жиберип,
Үрбү менен Ажыбай

Тартынбай сүйлөп Ажыкең,
Эсенкан кызы Бурулча
Тартуугa берсең болот деп,
Коңурбайдай калчаны
Кул жумшатып бергин деп,
Эсенкан кан ошондо
Мунарага чыкты эми,
Дүрбүсүн салып карады
Канча элчи барды деп,
Алмакең кызык баштады
Ат жабдыгын салынтып,
Кан Бакайга коштотуп,
Аккула менен Айкөлүң
Булкундуруп турду эми.
Арт жагынан караса
Алптар тегиз камданып,
Жайлап ийчү эмедей
Мылтык атып, жаа тартып,
Эсенкан ысыгына бата албай,
Берейин деп Бурулча
Коңурбайды чакыртып,
Айла кылар жер барбы
Коңурбай туруп болбоду
Ушулардын келгени
Бурут бекер эмес деп,
Аты чыккан кандары
Сынап билдим баарысын
Алп экен бири миңге татыган
Айла жок эми деп айтып,
Коңур башын чайкады.
Ак болот найза сундуруп,
Тээ түнөрүп жаткан Бээжинге
Түз эле кирип кол салып,
Айчыгы алтын туу алып,
Аргып-дүркүп кол салып,
Барган жерге алптарды
Карап турсаң .............*
Атаңын көрү дүнүйө,
Алптар кирип атканда,
Ар бириси ошондо,
Салам берип алышып,
Амандыгын көрүшүп,
Аттанып чыккан колдорун
Аман алып алмакка,
Амалы тийип ошондо,
Өткөрүп санап алмакка,
Кимдер аман калганын,
Кабылан Манас айкырып,
Эсебин алып алмакка,
Эрендерге айкырып.
Жарадар болгон мындан көп,
Осмонкул барып чогултуп,
Эсебин алып алмакка,
Өз алдынан Манастын
Чоролорун санаса,
Баарысы төрө аман деп,
Акбалтайдын Чубагы
Ошондон дайын такыр жок.
Чубак кайда оён деп,
Кайгы тартып кабылып,
Чубакты билген барбы деп,
Калкына кабар салышып,
Карчылдашып киргенде,
Узактарды өрдөптүр.
Сексен алптын көтүнөн,
Эскаранын артынан,
Артынан түшүп эр Чубак
Суук-Төрдүн башына,
Айланышка камаптыр.
Айласын таппай калтырап,
Жекеге өзүң келгин деп,
Чубак үндү салыптыр,
Баатырың кел деп үн салып,
Баатыр Чубак бакырып,
Баатырың жалгыз келгин деп,
Баатыр Чубак үн салып,

Алтын жарак курчанып,
Айдыңы күчтүү Чубагың,
Көкала сындуу ат минип,
Көк ырапис тон кийип,
Чубактын жайын айтайын,
Адамдын алы жетпеген,
Азуулуу тешип өтпөгөн,
Акбалтайдын Чубагы
Болуп турган табы экен.
Отуз бешке илинип,
Ойронду салар чагы экен.
Шай колдогон эр Чубак,
Каман торуп айкырып,
Жекеге келди Эскара,
Эскара менен сайышып,
Эсенгирээк Эскара,
Туруштукту бере албай,
Баатыр өз билгенин кылды деп,
Аттан түшүп Эскара,
Эскаранын айтканын,
Сексен алп макул алганы.
Укпай калсаң сексен алп,
Башымды бириң байла деп,
Эскара буйрук кылганы.
Сексен алп айтканыма көнгүн деп,
Эскара буйрук кылган соң,
Айтканын жасап сексен алп,
Аркага колун байлатып,
Сексен пилге мингизип,
Суук-Төрдүн ошондо,
Күргүштөтүп айдатып,
Чубакты издеп калганы.
Он бир күнгө толгондо,
Кечки бешим болгондо,
Айкыра баштап ошондо,
Кап кыш болсо ит улуп,
Намас окуп турганда,
Суук-Төрдүн оозунан,
Оргуп-оргуп чаң чыкты.
Чаңга көзүн салганда,
Сексен алпты айдаптыр,
Ылаачын тийген немедей,
Берен Чубак артында,
Алптарын байлатып,
Асыл Чубак ошондо,
Баарын тегиз айдатып,
Артынан түшүп алыптыр.
Кылчактап артың карасаң,
Башыңы алам деп айтып,
Кан ичме кара жойболот,
Каруусуна салыптыр.
Артынан түшүп эр Чубак,
Буларды айдап алыптыр.
Арстан Чубак шайлаптыр,
Сексен алптын үстүнөн
Эки канды байлатып,
Баарын чогуу айдатып,
Баатыр Чубак артында,
Келе жаткан кезинде,
Баатыр Чубак ошондо.
Намаз окуп жатканда,
Түңүлүп калган Чубактан,
Кайда өлгөнү билинбейт,
Кайгы тартып зор Манас
Асылым Чубак келатат,
Кудай өзү берген бейм,
Аман-эсен калганбы,
Шашып кетип зор Манас,
Чубакты көрүп калганда,
Намазды алыс таштады.
Намазыңы окубайм,
Арстаным Чубак келатат,
Бейишиңе барбаймын,
Берениm Чубак келатат.
Арстан Манас дардактап,
Намазды бузуп барбактап,

Чубакты көздөй жүгүрүп,
Чубак менен көрүшүп,
Кучакташып өбүшүп,
Арстаным аман барсыңбы,
Кантип байлап келдиң деп,
Сексен алпты ошондо
Эзкара колго түшкөнү,
Бизге кудай бергени.
Кылычты кындан алды эми,
Кыя тартып зор Манас,
Кан ичме кара жой болот,
Сууруп алып кынынан,
Акыл таппай калсын деп,
Эзкараны ошондо,
Бир өлтүрүп салсам деп,
Кабылан тууган зор Манас,
Башыңды алам дегенде,
Айкожо менен Кошойго,
Ошондо туруп Эзкара,
Баатыр сөздү уккун деп,
Сөзүмдү менин угуптур,
Бир-эки ооз сөз айтам,
Уруксат кыл баатыр деп,
Эзкара туруп кеп айтат,
Кеп салганда деп айтат,
Менин сөзүм угуп тур,
Алты калаа Бээжинге,
Акыл табар мен элем,
Абайлап мени угуп тур,
Акылманы мен элем,
Кереметти менден ук,
Акылман тууган зор Манас,
Айтканым жалган бир болсо,
Тиги Алмам жетсин буга деп,
Эрдигиңи билгемин,
Кечээ кан Көкөтөй ашында,
Аш башкарып турганда,
Барып калса Бээжинге,
Баатыр Манас кабылан,
Сурарыңы билгемин,
Мен түшүмдө көргөмүн,
Түш көрүп Манас билгемин,
Алты капка Бээжиндин,
Бир эшиги ачылган,
Батыш көздөй эшиги,
Өзүнөн-өзү ачылган,
Алты шердин кенжеси,
Кабылан Манас ачат деп,
Зыйкырчы көрүп шашканда,
Өзүнөн-өзү ачылат.
Калайманды салат деп,
Кабылан Манас келет деп,
Айтканым жалган десеңер,
Алмамбеттен сура деп,
Шай колдогон баатыр деп,
Айтканым жалган бир болсо,
Башымы анан алгын деп.
Ынанбасаң ошондо,
Эсенкандан сура деп,
Айтканымы Эсенкан,
Дегенимди кылат деп,
Ишенбесең баатыр деп,
Арага киши жибер деп,
Суурган кылыч сеники,
Баатыр Манас кабылан,
Сунган моюн меники.
Ойлонуп туруп Эзкара,
Ошондо сөзүн айтканда,
Ажыбай менен Үрбүнү
Эсенканга баргын деп,
Эзкара колго түштү деп,
Акылман Кошой, Бакай бар,
Арага киши жиберип,
Алптын баары кеңешип,
Акылдашып алышып,
Элчиге киши жиберип,

Айтканыма көнсүн деп,
Айтканымды тапсын деп,
Ак кагазга кат жазып,
Арага киши жиберип,
Эсенкан акыл тапкын деп,
Айтканын кылган буруттун,
Ажыратып албасаң,
Казандай башым кесет деп,
А дүйнөгө барганда,
Ошо кезде эстесем,
Эки колум жакаңдан
Такыр кетпей калат деп.
Соогатка сурап алгын деп,
Солкулдап ыйлап Эзкара,
Аман-эсен калсам деп,
Акыл тапсаң Эсенкан,
Мени өлтүрбөй каласың.
Акыл таппай сен калсаң,
Мени өлтүрөт Эсенкан,
Таш-талкаңың чыгарат,
Талаада жалгыз каласың.
Акыл таап Эзкара,
Ажыратып алгын деп,
Бурулча тартуу берсин деп,
Буруттун айтканына көнгүн деп,
Салымын чогуу берелик,
Эсенкандын кас буурул,
Жанына алып үч кыяры,
Бурутка тартуу берелик.
Айжаңжуң кызы Бирмыскал,
Эсенкан кызы Бурулча,
Урумкан кызы Калыйпа,
Буларга тартуу кылалык.
Токсон билге жүктөтүп,
Казынаны ачкыла,
Алтын, күмүш дүнүйө
Баатырга тартуу кылгыла.
Тартынбастан сүйлө деп,
Он эки уруу тил билген,
Узун сакал, кызыл тил,
Ээрчип калды Ажыбай.
Кара тилин кайраган,
Кан алдына сайраган,
Тартынбай сүйлөп алмакка,
Кан алдына бармакка,
Акылдатып баргын деп,
Аңтаңдатып калгын деп,
Омуроого салгын деп,
Опулдатып алгын деп,
Айтканыма көнсүн деп,
Айтканыма көнбөсөң,
Кайра чабуул коём дейт.
Дүрбүңүзү салгын деп,
Деп ошентип Ажыбай,
Эр Үрбүнү кошчу алып,
Эсенкандын алдына,
Барып калган кези ошол.
Ошондо карап Эсенкан,
Дүрбүсүн алып колуна,
Бурутту карап калганы.
Дүрбүсүн салып караса,
Буруттардын Манасы,
Аккуласын миниптир,
Арстан Манас заңкайып,
Ошо кезде карасаң,
Арстан Манас астында,
Бакай канга коштотуп,
Ай кулагы калкандай,
Алагар көз чолпондой,
Бакай коштоп турганы,
Арткы колду караса,
Кырк чоросу турганы.
Кылымды бузган султаны,
Ошо кезде баатырды
Карап алып Эсенкан,
Кара жандан түңүлдү.

Үстүндөгү кийгени,
Найзанын огу тешпеген,
Бараңдын огу батпаган,
Келтенин огу тешпеген,
Очогор ойноп кетпеген,
Бөөдө өлүм жетпеген,
Ак олпогун кийиптир,
Бээжинди чаап алмакка,
Берен Манас келиптир.
Артын карап кылчайса,
Кайраттуусу бир бөлөк,
Кара аттуусу бир бөлөк,
Найзакерден бир бөлөк,
Жазбай атар мергени,
Эчен түркүн эрен бар,
Камчылашса кайтпаган,
Нечен түркүн эрен бар.
Алптарынан байкаса,
Кошой, Төштүк алпы бар,
Буудайкандын Музбурчак,
Жөө күлүктөн алпы бар,
Нечен түркүн берен бар.
Жээк тартып кылкылдап,
Төргө тартып былкылдап,
Найза колдо жылтылдап,
Жарактар жондо жаркылдап.
Сурнайын тарткылап,
Барабанын каккылап,
Санагын алып караса,
Санатына сан жетпейт,
Алышкан менен ал келбейт.
Айзакерден мыкты көп,
Аябаган мыкты көп.
Алптарын байкап Эсенкан,
Аябай көзүн салганы,
Теңдеше албай Коңурбай,
Бээжинге кире качты деп,
Айласын таппай калча деп,
Туйгун тууган Манаска,
Беттеше албай качыптыр.
Беттеше албай зор калча,
Бээжинге жалгыз качыптыр.
Эзкара колго түшүптүр,
Буларды кудай алыптыр.
Аларды чогуу көргөндө,
Калайманды салууга,
Баштаган экен зор Манас.
Ай-ааламды буй кылган,
Кабылан Манас көргөндө,
Кылды башым деп айтып,
Чапчыса чыны эп экен,
Өзүң көргөн буруттун,
Бу турушу эп экен.
Беттешкен адам соо калбайт,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Ат көтөргүс эр экен.
Ааламды бузган шер экен.
Жан жолдошун карасаң,
Улак менен Жакып кан,
Ал экөө бир тууган,
Манас менен тең тууган,
Бала Сыргак көй кашка
Азаматтын баласы,
Ааламга жетет чамасы.
Тулку бою өң экен,
Жумуру баштуу пендеси,
Бул өңдүү пенде жок экен.
Муну көрүп Эсенкан,
Кара жандан түңүлдү,
Каңырыгы түтөдү,
Беттешкен адам соо калбайт,
Каапыр айтчу Коңурбай,
Каканды көздөй качканда,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Муну көрсө Эзкара,
Аман-эсен болсо деп,

Акыл таап бергин деп,
Өзү келген буруттар,
Өз билгенин кылат ээ.
Сураганын берелик,
Алым салса көнөлүк,
Акыл тапса Эзкара,
Буруттун сураганын берелик.
Беттешкен адам соо болбойт,
Кабылан нтууган Манастын,
Телегейи тең экен,
Өзү көлдөй кең экен.
Манаска кайра кат жазып,
Ажыбайды жиберди.
Келсин көкжал Манас деп,
Алман салса беремин,
Үй тиктирип алабы,
Өз билгенин кылсын деп.
Он эки түрдүү тил билген,
Аргындардын Ажыбай,
Арага туруп калганы,
Алптар чуу тийгенде,
Акыл тапчу Эзкара,
Кара жанын эш тутуп,
Эсенканга келди эми,
Эсенкандын сөзүнө,
Угуп туруп чоң Бээжин,
Ошо кезде зор Манас,
Алман салып калганы.
Казынасын ачтырып,
Алтын менен күмүштү,
Отуз миң пилге жүктөтүп,
Таласты көздөй айдады.
Эсенкан кызы Бурулча,
Тартуу кылып берди эле,
Кошой, Төштүк алптары,
Кыштабастан Бээжинге,
Көп олжо алып кайтканы.
Ошондо Кошой күүлөнүп,
Таласка жүргүн деп айтат,
Баатыр Манас ошондо,
Кыштап кетем деп айтат.
Ошо кезде зор Манас,
Аким болуп Бээжинге,
Алты ай сурап калганы,
Алман салып турганы,
Өз билгенин кылганы.
Эсенкан каны баш болуп,
Убадасын бергин деп,
Кетер күнүң айткын деп,
Сөз салып туруп Эсенкан,
Анда Манас муну айтат,
Кыштап кетем деп айтат.
Убадасын бергенде,
Ошо кезде Алмамбет,
Катуу капа болгону,
Ошондо туруп Алмамбет,
Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө кыйын иш көрдүм,
Деп ошентип Алмамбет,
Боздоп ыйлап турганы.
Алдатып салдың баатыр деп,
Азапты чогуу салдың деп,
Шоруң кетпей калды деп,
Ыйлап турду Алмамбет.
Алдап койду Эсенкан,
Кагылайын Айкөлүм,
Кылгылыкты кылдырдың,
Азапты чогуу салдырдың,
Катыгүн, айла не болду!
Ошондо жатып түш көрдүм,
Түшүмдө кыйын иш көрдүм,
Өлөрүмө көз жетти,
Түмөктүү тууган Бээжинден,
Капшытынан өрт күйдү,
Өрттө күйүп биз кеттик,
Сен көрөсүң Таласты,

Мен көрбөй калдым Таласты.
Айламды таппай калганым,
Жанымда Сыргак бала бар,
Сыргак кошо күйгөнү.
Буудайкан каны Музбурчак,
А дагы көрбөй калды Таласты.
Белгилүү Чубак дайны жок,
Мура кылып жүрчү элем,
Буларды көрбөй мен калдым.
Менин энем Алтынай,
Аны көрдүм түшүмдө,
Киндик каны тамган жер,
Кайрылып келсең кокустан,
Ажалыңын жеткени,
Мына ошондо энекем,
Зарлап айтып турганы,
Алтынай кирип түшүмө,
Адам болбой калдым деп,
Эр Алмамбет ошондо,
Зарлап ыйлап турганы.
Түшүн айтып Алмамбет,
Түпкө Манас жеттиң деп,
Айткан тилди албадың,
Азапка жанды салдың деп,
Мыйзамдын гүлү учканда,
Былкылдап куурай бышканда,
Ошондо келип Коңурбай,
Чоң урушту кылат деп,
Жоругу жаман Эсенкан,
Бурулчаны берди деп,
Бурутту өз билгенин кылсын деп,
Акыл таап Эзкара,
Аман-эсен калганы,
Түшүн айтып Алмамбет,
Таласты көрбөй калдым деп,
Арманын айтып Алмамбет,
Кагылайын Манасым,
Акыреттик дос элең,
Алганым Акмандын кызы Арууке,
Талгак болдум дегенде,
Үрбүстүн башы Ак-Жайык,
Жолборс атып бергин деп,
Жүрөгүн тилип жолборстун,
Баглан жолборс аткамын,
Эркек бала бир тууса,
Эр Күлчоро койгула.
Минген аты сур болор,
Кылымды бузган кул болор.
Ажал жетип күн тууса,
Алмамбет өлдү дегенде,
Асылкечим Арууке,
Бычакка түшүп өлсүн де.
Эсенкан кызы Бурулча,
Манасым өз күнүн өзү көрсүн де.
Керээзин айтып Алмамбет,
Убадасын берди эми,
Алты ай сурап турганда
Алмакең сөздү баштады
Кыштабайлы деп айтып,
Кошой, Төштүк алптардын
Кетмек болгон кез келди.
Жүрөлү баатыр Манас деп,
Хан Манаска жиберди.
Хан Манастын жанында
Акыреттик дос экен
Акбалтанын Чубагы.
Айдаркан уулу зор Көкчө
Бажасы экен бул кандын
Буудайкандын Музбурчак
А дагы кыйбас киши экен,
Хан Манастын жанында
А да калды ошондо.
Көкөтөйдүн Бокмурун
А да калды ошондо.
Алптар мында калганда,
Алмамбет мойноп турганда,

Кыштабай эми кетелик,
Уктуң бекен укмуштан
Кара дөөлү Кожояр
Ак байталын токунган,
Алмакең качып чыкканда,
Алты жыл кийин окуган,
Адеби артык желмогуз
Анын мергендиги бир башка,
Кетели деп Манаска
Болбойт Манас ошондо
Убада кылдым деп айтып,
Алмаңдын сөзүн торгоду
Аккандын кызы Арууке
Арууке тууду деп айтып,
Сүйүнчүлөп келгенде
Калкаманын кара атын
Ай туягын ал айрып,
Кара атты союп той берип,
Ошондо кетем десе Алмакең
Кабылан Манас болбоду.
Мийзамдын гүлү учканда,
Былкылдап куурай бышканда,
Кайрадан уруш бир чыкты.
Дуутар чалып калыптыр,
Сүйгүнчүктүү болгон бейм
Каражой уулу Кожояр
Коңурбай чочко кеткенде,
Түпкө чогуу жеткенде,
Алып келди Коңурбай
Дүмөктү мында баштады,
Учмактуу тууган Бээжинге
Өзү келди Кожояр
Каратып койдуң Бээжинди,
Тартуугa бердиң сулуу кыз,
Бул эмине кылганың,
Коңурбайга сүйлөндү.
Аткандан кайра жазбаган,
Ирмегени бөлөкчө,
Кайра уруш чыкканы
Дуутарын чалып алыптыр.
Ал аңгыча болгон жок,
Кечээ мыйзамдын гүлү учарда,
Ушак-айың сөз үчүн,
Кербенчи сарттан кеп угуп,
Кылганы бузук буруттун,
Алты ай сурап Бээжинди
Аким болду бурут деп,
Келип соо кетпеген,
Өзү келип буруттун,
Буласын булап алганы.
Өз билгенин кылды деп,
Кызыталак бу бурут,
Кыздарга алман салганы,
Каражой уулу Кожожаш,
Алиги артык алардын,
Ак байталын токуган,
Кабарыңда бар бекен,
Алмамбет качып чапканда,
Алты жыл калып окуган,
Боз чымчык болуп кубулат,
Сагызган болуп кайыйт го,
Көзгө илинбей бу каапыр,
Кубулуп жүрүп жылат го.
Аркасы аттын соору,
Мышык болуп секирип,
Билгизбей жүрүп жылт этип,
Атканынан жазбаган,
Иш бу артык мергенден,
Ошол адам келген бейм,
Дуулбасын чалып кол баштап,
Улуу шашке болгондо,
Аркы ала ичинде,
Атактуу кытай элинде,
Аким болуп жатканда,
Кайрадан уруш болот деп,
Кабыланга угулуп,

Убадасы бар эле,
Атаңдын көрү Эсенкан,
Бул кылыкты кылды деп,
Кабарлашып калган деп,
Шибенин киймин кийгендир,
Буларды издеп барам деп,
Эр Алмамбет ошондо,
Он беш күнгө жок болду,
Кечээ чет Бээжинди басканда,
Кечээ намаз окуп жатканда,
Капарында бир иш жок,
Алты ай жатып Коңурбай,
Ажалдан качып жүрүптүр.
Бурутка кызык салмакка,
Ачууланып Коңурбай,
Чуп көчүккө кеңешип,
Талатып алган жабдык бар,
Бээжинден чыккан кара курч,
Учу учма болсун деп,
Учун ууга сугарткан,
Кара жаак айбалта,
Даярланып Коңурбай,
Куралды мурда жасаткан,
Устундан найза улаткан,
Учуна болот сылаткан.
Тетигин керип ырбаткан,
Кылкандай кылып найзасын,
Эбак камданып алган Коңурбай.
Тирүү жүрбөй келатып,
Суратып коюп Бээжинди,
Буруттан кордук көрдүм деп,
Айлакер туутан мыкты кул,
Алоокенин Коңурбай,
Айдыңдуу болсун деп айтып,
Коңурбайды тууганда,
Алты капка чоң Бээжин,
Өзүнөн-өзү силкинип,
Капкал деп каңгырап,
Азап көргөн Коңурбай,
Айдыңдуу тууган доңуз ай.
Уламадан кеп угуп,
Манас Акуласын минсе деп,
Ак олпогун кийсе деп,
Адам бою тең келбейт,
Намаз окуп атканда,
Алсаң ала турган жери деп,
Чоң Бээжинди басканда,
Намаз окуп жатканда,
Төрт ирекет багымдат,
Намаз окуп жатканда,
Заңгырап асан чакырып,
Селдеге башын катканда,
Кароолчусу Ажыбай,
Тараза жылдыз батканда,
Жерге жарык түшкөндө,
Таң кашкайып атты деп,
Кароолчусу Ажыбай,
Куш уйкусун салганда,
Аркадан келип Коңурбай,
Алдындагы Алгара,
Алканына май жетпей,
Алгаранын басканы,
Чөптүн башы шырп этпейт,
Даба болуп Коңурбай,
Асандын үнүн укканда,
Бурутту кудай берет деп,
Кара жаак айбалта,
Опсуз тууган зор калча,
Оң колуна алыптыр,
Кыр арканын кезеңге,
Кош колдоп туруп баатырды,
Ошондо калча урганда,
Уңгусунча оронгон,
Селдеге башын койгондо,
Абайлатпай көк жалды,
Аркадан келип урганда,

Ушундай найза сулаткан,
Коңурбайдын найзасы,
Учуна болот сулаткан,
Жарды сайса ураткан,
Бет алган жоосун сулаткан,
Учун ууга сугарткан,
Омуртканын кези деп,
Оңбоору жери ушу деп,
Коңурбай найза урганда,
Оң кол менен чапчыды,
Аркада турган найзаны,
Түпөгүнөн кармады.
Түрс деп найза сынганы,
Дабырты угуп Ажыбай,
Баш көтөрүп калганы,
Кудай уруп салганбы,
Абайлатпай көк жалды,
Аркадан келип чапканбы.
Найзаны колго алганда,
Атаңдын көрү Ажыбай,
Чаап алып Коңурбай,
Имерилип кагарда,
Өзүң көргөн чоң калча,
Алгара оозун какканда,
Так секирип сепилден,
Карткүрөң тандап мингеним,
Аркасынан качырып,
Эми аттай берерде,
Эр Ажыбай ошондо,
Май куйрукка муштады,
Амалы жок калчаны,
Сепилден ыргып Коңурбай,
Алгара ыргып түшкөндө,
Аттап учуп кетиптир.
Адам көрбөй калыптыр.
Эңгиреген Коңурбай,
Артынан жетсе Ажыкең,
Коңурбай башын кеспекчи,
Атаңдын көрү Ажыбай,
Карап туруп кактырдың,
Сени кудай алдыбы ай.
Ант уруп калган Ажыбай,
Менде кегиң бар беле,
А дүйнөгө барганда,
Атаңдын көрү Ажыбай,
Кара эшек кылып минем деп,
Кабылан Манас айкырды.
Шайтан басып калды деп,
Уктап жатып калыпмын,
Ибилис пулун чачканда,
Минтип периште ыраак качканда,
Арман кылба баатыр деп,
Жазганды пенде көрбөйбү,
Ажыбай сөздү айтканда,
Аны угуп зор Манас,
Кайрат кылып калганы.
Белимде найза калды деп,
Бек тарткының Ажыбай,
Деп ошентип кабылан,
Түпөгүнөн найзасы,
Сынып калган эмеспи.
Коңурбайдын найзасы,
Кыпылдап тартат Ажыбай.
Бек тарт десе Ажыбай,
Бошоң тартып коюптур.
Ылоо наалат алаткүң,
Болоттун учу карс этип,
Омуртканын кезеңге,
Найзанын учу качканы,
Айбалтанын уңгусу,
А да калган арибы.
Кош колдоп туруп чөгөлөп,
Тарта албай катуу Ажыбай,
Алаңгыча болгон жок,
Алмамбет келип калганы,
Өз башын өзү койгулап,

Алмамбет келе жатпайбы,
Айтпадым беле баатыр деп,
Алаткүн Манас өлдүң деп,
Шашып кетип Коңурбай,
Суура албай койгон эмеспи.
Кош колдоп туруп Алмамбет,
Айбалтаны ошондо,
Ыктап сууруп алганда,
Айбалтанын мизине
Учу учуна болсун деп,
Уй майына сугарткан,
Айбалтанын сыныгы,
Бармак басым кириптир.
Кемирилип сыныптыр,
Жарадар болду баатыр деп,
Айласы кетип Алмамбет,
Кырма кызыл дарыны,
Сыртынан жаап салганы.
Алаткүн көк жал өлдүң деп,
Кол алышкан шерим жок,
Бел байлашып турууга,
Кошой, Төштүк эрим жок,
Деп ошентип Алмамбет,
Алыстан келип бу жерге,
Калың кара эл кайда,
Ала-Тоо өңдүү жер кайда,
Арман кылып Алмамбет,
Ээн талаа эрме чөл,
Эртең улуу шашкеде,
Бөлүп ал деп көп колду,
Алмамбет ыйлап турганы.
Ал аңгыча болгон жок,
Эртеңдин улуу шашкеде,
Илек-илек кол келди,
Колуңу жайып сурасаң,
Өзүң көргөн Коңурбай,
Карыкандын камчысы,
Катар айдап алыптыр,
Аркасынан Музкиндик,
Түгөл айдап алыптыр.
Бел байлаган бурутту,
Амаз окуп жатканда,
Капысынан чалдым деп,
Каңырыгын түтөтүп,
Өзү келген бурутка,
Көрсөттүм эми сонунду.
Коркпой барып алабыз,
Ушу турган Манасты.
Тирүү кармап алсак деп,
Манасыңды жашында,
Солондору башында,
Ал аңгыча болгон жок,
Улуу шашке болгондо,
Сурнай үнү бапылдап,
Жердеги бир тал көрүнбөйт,
Илек-илек кол келди,
Жарадар болуп айкөлүң,
Ал кечүүгө жеткенде,
Чоң Бээжинден бет келди.
Кайраттанып Алмамбет,
Манаска акыл салды эми.
Бээжинден чыкпай турасың,
Бээжинден чыксак оңбойбуз,
Айткан тилди албадың,
Алаткүн башка салганың,
Жанымда кимиң барсың деп,
Баатырың эки жагын карады.
Таяныч болуп турууга,
Кан Манастын жанында,
Акбалтайдын Чубак бар.
Алачтан чыккан эр Көкчө,
Бажасы болгон Манастын,
Кыйбастыктан бу калган,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Бокмурун баатыр кошо бар,
Буудайкандын Музбурчак,

Музбурчак баатыр эрен бар.
Ага ишенип баласы,
Сыргак баатыр берен бар.
Дуңгарыш чогуу салганда,
Жер майышып алганда,
Каптап уруш саларда,
Сыргактын каңырыгы түтөдү,
Өзүң көргөн Алмамбет,
Кайраттанып алды эми,
Жайкы чыккан булутту
Кыш булутка көчүрүп,
Алмамбет күндү жайлады,
Алакайыр шыбыргак,
Алакең күндү жайлап алганда,
Ак жайдын күнүн кыш кылып,
Кийими жука кытайды,
Кыңшылатып кыз кылып,
Алмамбеттин жайына,
Дүмөлтү тууган чоң Бээжин,
Бузулуп кете таштады.
Алмамбеттин жайына,
Казандай ташты учуруп,
Үйдөй болгон теринин,
Белин өзү койдуруп,
Катуу бороон салды эми,
Бир оокумда болгондо,
Каражой уулу Кожожаш,
Окуусу жеткен кул экен,
Алмамбет жайын түгөтү,
Айласы кетип Алмамбет,
Каражой уулу Кожожаш,
Ак байталын токуган,
Алмамбет качып кеткенде,
Алты жыл ашык окуган.
Кайраттанып Алмамбет,
Сарала жүрбөй калганда,
Аккуланы минди эми,
Белдемчилүү жекети.
Бекем басып жээктеп,
Ошо кезде карасаң,
Суук-Төрдүн оозунан,
Караламан манжуну,
Айкайлатып киргенде,
Каражой уулу Кожожаш,
Катуу шамал салганда,
Аккуланын омуроо,
Үпчүлүгүн байлабай,
Топчулугу чыгыптыр.
Жардан түшкөн кезинде,
Аккуладай күлүктү,
Аңдып жаткан Кожожаш,
Жүрөгүн такап атканы.
Аккула окко учканы,
Алмамбет аттан кулады.
Башындагы калканын,
Жерден ала тургуча,
Алмамбеттей көк жалың,
Калканды башка кийгиче,
Каражой уулу Кожожаш,
Айтканынан кайтпаган,
Кылыгы менен жетиптир,
Чачыгы этек Кундузга,
Арстан тууган Алмаңды,
Кыса атып өттү эми,
Асыл тууган Алмамбет,
Алмамбет майып болду эми.
Буудайкандын Музбурчак,
Жөө күлүкчө бар экен,
Кангай уруш салганда,
Коңурбайды ыйлатып,
Түп этектен аларда,
Капшытына басарда,
Эсебин эми табарда,
Эми кармап аларда,
Кылыгы менен жетиптир,
Каражой уулу Кожожаш,

Ошо кезде карасаң,
Буудайкандын Музбурчак,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Атып катар өтүптүр,
Акбалтайдын Чубагы,
Адамдын алы жетпеген,
Арстандын тиши өтпөгөн,
Бүткөн бойдо чоло жок,
Тулку бойдун өзүнөн,
Сексен жерден жара жеп,
Арстан тууган Чубагың,
Кай кеткени дайны жок.
Аккула окко учканда,
Алмамбет шейит кеткенде,
Бала Сыргак көй кашка,
Теке жоомарт ат минип,
Бүткөн боюн топчулап,
Кайраттанып алды эми,
Алмамдан калган бу күндү,
Канткенде тирүү калам деп,
Караламан манжуну,
Бир сайышып алды эми,
Ашууну аша бергиче,
Алтымышын бир кайсап,
Бүктөрүштүн түзүндө,
Эзкараны баш кылып,
Сексенин катар бир муштап,
Каканчынын түзүндө,
Каза жетип күн бүтүп,
Аттын мойнун бургуча,
Кайра тартып тургуча,
Каза жетип күн бүтүп,
Жыйырма бирде жашында,
Кожожашка аттырбай,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Кабылан туйгун зор Манас,
Же минерине ат таппай,
Айласы кетип турганда,
Караламан көп манжу,
Чогуу каптап келгенде,
Аламын деп Манасты,
Алачтын элин камаган,
Эчтекеден иши жок,
Кол кайрыр киши жок,
Жөө калды Манасың,
Ошо кезде карасаң,
Калың кара көп манжу,
Тегеректеп алганда,
Асынып жүрсө ак келте,
Айдалынын айнеги,
Айкашкан жоо келчиде,
Аманат жандын баргеги.
Алты жүз кытай миң алып,
Тегеректеп алганда,
Калың кара көп манжу,
Аламын деп камаган,
Эй ал аңгыча болгон жок,
Кереметтүү Каныкей,
Түшүнөн чоочуп ойгонуп,
Айкөл жөө калды деп,
Кагылайын аба деп,
Зор Бакайды ойготуп,
Кабылан тууган Манасты.
Тегеректеп алгандыр,
Манасты кармап алмакка,
Үмүт этип калгандыр.
Ат таба албай көк жалың,
Айласы кетип тургандыр.
Кагылайын аба деп,
Арбууданды жетелеп.
Тайбуурулду коштоп бар,
Ат аябай жол тартып,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Тайбуурулду коштоп бар.
Нечен күнү жол басып,
Таластан чыкты зор Бакай,

Олбуй-солбуй камчы уруп,
Үзөңгүнү теминип,
Кара-Көлдүн тушунда,
Келе жатат зор Бакай,
Ат дүбүртүн укканда,
Чоочуп турган Коңурбай,
Ыргып турду Коң төрө,
Үзөңгүгө бут саларда,
Алгара озоун бурарда,
Көктө жылдыз тутулду,
Так секиртип зор Бакай,
Аны тоскон калчага,
Карматпастан кутулду.
Ал аңгыча болгон жок,
Караса көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Каптап чаңы турганда,
Олуятын зор Бакай,
Ак келте үнүн укканда,
Кантсе көк жал аман деп,
Кайкы кара белеске,
Салып уруп зор Бакай,
Жетип барган кези экен.
Ар жабыдыгын салышып,
Айтылуу баатыр зор Манас,
Жоо жарагын кийди эми,
Арбууданды минди эми.
Арбууданды мингенде,
Манжу кайда деп айтып,
Өзүң көргөн зор Манас,
Ак келтени атарда,
Ок дарысы түгөнүп,
Ок чөнтөктө ок калбай,
Жалгыз атым дарысын,
Кутусунан алды эми,
Ак келтени ошондо,
Кыргы менен кыргылап,
Көтүн жерге ургулап,
Кутуда жалгыз дарысы,
Куркурата куйду эми,
Туулганда жалгыз ок,
Жакасына тигиптир,
Тийбесең саа жазык деп,
Атпасам маа жазык деп,
Өңгөң көзгө илинбейт,
Кожоярды бергин деп,
Аккула окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип,
Кожоярды атсам деп,
Эки көзү төрт болду.
Баарын тегиз кырдым деп,
Кол кайырар киши жок,
Жөө калды Манас деп,
Кара кытай көп манжу,
Манасты кармап алат деп,
Кожояр төштү жайды эми.
Ошо турган Бээжинди,
Сурагын коюп Коңурбай,
Адам болбой калгын деп,
Болжолу жок Алмамбет,
Айласын мындан кетирдим,
Ар кайсы аттын соорусун,
Жаш бала болот кутулуп,
Болжоп атып турганы,
Көрүнбөстөн Манасты,
Боз кептер болуп кубулуп,
Ар порумду салгамын,
Адамзат болуп кубулуп,
Көрүнбөй туруп ошондо,
Баарын тегиз кыргамын,
Атаңдын көрү Коңурбай,
Суратып коюп Бээжинди,
Намыс кылып калды деп,
Мен болбосом Коңурбай,
Тополоңду тоз кылат,
Бир сайганда тең сайды,

Бүктөлүштүн түзүндө,
Эзкараны баш кылып,
Сексенин катар бир сайды.
Өңгөсүн айтып нетейин,
Эр Сыргактан эри жок,
Атышып мойнун бургуча,
Каканчынын кыяда,
Ээр белдин кыяда,
Чачтын этек кундуз деп,
Эки көздүн ортосу,
Кең маңдайдын өзү деп,
Ирмеп туруп калгамын,
Белсенип жаткан Сыргакты,
Ошо кезде сулаттым.
Менден өткөн мерген жок,
Соотун чечип Кожояр,
Мактанып турат дүпүлдөп,
Сегиз кытай күлүшүп,
Кеңеш куруп турганда,
Кара таштын үстүнөн,
Кагылайын зор Манас,
Үйдөй болгон кара таш,
Арта салып калганы,
Жонуна дүрбү таңды эми,
Сегиз кытай көрүнүп,
Бир мыктылап караса,
Коңурбай жүрөт бөлүнүп.
Кароолуна толгузуп,
Тартып көрсөм огуну,
Кара таштын үстүнөн,
Карай салып ошондо,
Кожоярын баш кылып,
Мергенчинин сегизин,
Катар атып салганы.
Ак келтени майлады,
Каражойду жайлады,
Тоо жаңыртып заңк этип,
Ак келте үнү чыкканда,
Кара кытай көп манжу,
Каканды көздөй бет алып,
Кара туман бир болуп,
Кайра качты шайланып,
Аккуладан кем эмес,
Арбуудан күлүк келди деп,
Жетсе канкор саят деп,
Кара жанын куткарып,
Кыйты болгон Коңурбай,
Калың колун таштады,
Тас карагай далдайган,
Качып берди Коңурбай.
Көрө салып зор Манас,
Арбуудан ыргып мингени,
Алачыктай калчанын,
Аркасынан түшкөнү.
Боз талаанын оюнда,
Каканга жакын калганда,
Эңкейтип найза саларда,
Эми эсебин табарда.
Сакал, бетин жок кылып,
Алачыктай манжунун
Аркасынан жетерде,
Ашкан күлүк Тайбуурул,
Эми жетмек болгондо,
Капкага жакын калганда,
Кара жанга күч келип,
Эңкейип найза саят деп,
Канкор эми саят деп,
Алгара оозун какканы,
Алгара оозун какканда,
Асманда булут жуурулуп,
Коң төрөнүн Алгара,
Карап турсаң ошондо,
Так секирип кутулду.
Шай колдогон зор Манас,
Каарданып алганы,
Тайбуурулга камчы уруп,

Так секирип өтөрдө,
Жарымы төгүн жарымы чын,
Жараткан өзү билбесе,
Жанында турган киши жок.
Көбү төгүн, көбү чын,
Жараткан өзү билбесе,
Көрүп келген киши жок.
Теңи төгүн, теңи чын,
Теңирим өзү билбесе,
Кошо жүргөн киши жок,
Асмандан коңур үн чыгып,
Кулагын салса баатырың,
Атыңын башын тарткын деп,
Үн чыкканда деп чыкты,
Атыңын башын тарт Манас,
Ушу турган Бээжинге,
Сулайман сурак салбаган,
Топон суу каптай албаган,
Азирети Аалы барбаган,
Тилимди алсаң ой баатыр,
Атыңын башын тарткының.
Ушу турган көк жалың,
Айтканың ырас деп айтып,
Мен эмес, Азиретаалы барбаган,
Же айтып турган адамзат,
Көрүнбөдү көзүнө.
Аттын мойнун бурганы,
Кызар чалган кайран эр,
Аллага тооп кылды эми.
Караламан көп манжу,
Каканды көздөй куулуп,
Алмамбеттей арстандын,
Качырга чүмбөс салыптыр,
Дуутарын чалып алышып,
Алмамбеттин сөөгүн,
Алып бараткан жеринде,
Кабылан Манас артынан,
Бара жатат сабылып,
Айкырыкты салганда,
Алмамбет сөөгүн таштašып,
Караламан көп манжу,
Каканды көздөй чуулдап,
Качып жүрүп калды эми.
Арстандын сөөгүн,
Айкөл Манас ошондо,
Ажыратып калды эми.
Арстанды көрүп калганда,
Эңип алып зор Манас,
Ободо бүткөн жылдызым,
Жакама тиккен жылдызым,
Башка бүткөн паанайым,
Ырыска бүткөн таалайым,
Канатыман кайрылып,
Кан Алмаман айрылып,
Таласка жалгыз барамбы,
Оң бөйрөгүн таянып,
Ойронум Алмам деп ыйлап,
Сол бөйрөгүн таянып,
Султаным Алмам деп ыйлап,
Канатыман кайрылып,
Кан Алмамдан айрылып,
Сакалы ылдый жаш кетип,
Кошуна келип зор Манас,
Болкулдап ыйлап турган кез.
Арстан тууган зор Бакай,
Алмамбеттин табытын,
Саралага салганы,
Кайран баатыр Алмаңы,
Кагылайын Бакайың,
Саралага салганы.
Бел тырмаштан чөп салып,
Алмамбеттин сөөгүн,
Көк-Ибиштин жонуна,
Ар жабдыгын салышып,
Бел тырмаштан чөп салып,
Бала Сыргак сөөгүн,

Көкибилге жүктөдү,
Арбуудан минип зор Манас,
Таласты көздөй жөнөдү.
Нече түнү жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп.
Касиеттүү зор Бакай,
Нечен күнү жол жүрүп,
Арстан тууган Манасың,
Жүрө албай келди ошондо.
Эңкейсе Манас белим деп,
Жарым жолго келгенде,
Кабылан тууган зор Манас,
Нечен алыс жол тартып,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Эки айга тартканда,
Таласка жетип калды деп,
Арстаны Манас баатырды,
Сүрөп алып зор Бакай,
О дегенде кара кан,
Баатырдын оозунан,
От ордундай кан кетет,
Оозун ачса баатырың,
А дегенде сары зил,
Кан аралаш бир кетет,
Кереметтүү Каныкей,
Жолду тосуп барат бейм,
Буктурмалуу коктуга,
Өрдөп түшүп Каныкей,
Аттын оозун бурду эми,
Бакай менен Манастын,
Артынан түшүп Каныкей,
Өңөргөнү Семетей,
Астындагы мингени,
Кара кашка аргымак,
Адам болор болбосун,
Касиеттүү Каныкей,
Сынап билип алмакка,
Бута атымдай калганда,
Балтыр бешик балага,
Оймоктопчу салганы,
Баланы чымчып алганда,
Бакырып бала калганы,
Баркырап бала ыйласа,
Баланын үнүн укканда,
Баатырдын анда айтканы:
Атымды мындай буруп тур,
Аяр кылып туруп тур.
Боору темир күң эле,
Каракан кызы Каныкей,
Мени сынап келген го,
Баланы чымчып алган го,
Бакырып бала үн салды,
Артынан келип көрүшүп,
Кол алышып турганда,
Каракан кызы Каныкей,
Кара көздөн аккан жаш,
Камчы бою козголуп,
Айтпадым беле бая деп,
Жогору Бээжин бар деген,
Бээжиндин жолу тар деген,
Кожояр мерген бар деген,
Алаткүн төрөм өлгөнүң,
Азапты чогуу көргөнүң.
Чыңырып ийип Каныкей,
Таласка баатыр келгенде,
Ордого аны түшүрүп,
Адам болсо баатырды,
Киши кылып алсам деп,
Бешташтын башы жайлоого,
Желмаянга аш артып,
Жарадар болгон көк жалды,
Чымын-чиркей конот деп.
Муздактын башы булакка,
Алып чыкты жайлоого.
Ажалы жок болсо деп,
Адам кылып алсам деп,

Ак чатырын тиктирип,
Арстан тууган көк жалды,
Дарылап калды көк жалды.
Чечингин баатыр дегенде,
Жараны терең көрмөккө,
Баатыр, кай жериңде жараң бар,
Деп ошентип Каныкей,
Көрмөк болду жараны,
Жаранын оозун көргөндө,
Кой башындай эт жүрөк,
Колтугунан былк этсе,
Көрүп алып Каныкей,
Бакырып ийди ошондо.
Алаткүн көк жал айткын деп,
Жаранын жайын сурады.
Кандайча кылып батты деп,
Каныкей сурап турганда,
Батырдын айткан сөзү бул,
Алдатып туруп сайдырдым,
Өпкөнү канга чалдырдым,
Бээжинден чыккан кара сур,
Эшик өңдүү айбалта,
Намаз окуп жатканда,
Абайлабай чаптырдым.
Ошондо ыйлап ийип Каныкей,
Ага ургачы болбой шер болсом,
Катын болбой эр болсом,
Ажыбай чоро эмне дейт,
Тартпайт белем түрктү,
Арам ой жарбайт белем бүрүктү.

## МАНАСТЫН ӨЛҮМҮ

Алаткүн төрөм өлдүң деп,
Жарадар болуп келгенде,
Азапты чогуу көрдүм деп,
Бээжинге барсаң өлөсүң,
Бейбакты кайдан көрөсүң,
Айткан тилди албадың,
Азапка мени салдың деп,
Ургачы болбой шер болсом,
Жанында
Ажыбай чоро мен болсом,
Тарттырбайт белем түлүктү,
Арамды жарбайт белем бүрүктү.
Бээжинден чыккан кара курч,
Уңгусу болот учу курч,
Учуна тарткан кара курч,
Учу учма болсун деп,
Уй майына сугарткан,
Тийген жерин ырбаткан,
Аркандан келип чапкан го,
Анысы аз келгенсип,
Колундагы көк найза,
Коңурбай
кош колдоп катуу сайган го.
Омурткага сайган го,
Учу сынып калган го,
Жүлүнгө жетип калган бейм,
Жүлүн зилдеп калган бейм,
Адам кылып аламбы,
Адам болсоң жакшы го,
Адам болбой калсаң деп,
Алаткүн канкор жаман го.
Ааламга кулач жеткенде,
Анжияндын Кушбеги,
Мангубада чакыртып,
Мындан картык алдырды,
Кыр арканын кезеңге,
Ак картык салып калды эми.
Ак картык сүрүп чыкканда,
Айбалтанын сыныгын,
Аркадан сууруп алды эми.

Манас эс ала түшкөнү,
Баштагыдан кабылан,
Кичине жакшы болуп калганы.
Алмамбеттин өлгөнгө,
Алты ай жүзү толгуча,
Алмамбеттин зайбы экен,
Аккан кызы Арууке,
Ошо күндөн ушу күн,
Алакем кайда дегенде,
Угузамын деп айтып,
Алмамбеттин ордого,
Араң атка минди эми,
Алмамбеттин үйүнө,
Баатыр угузмакчы болду эми.
Баатыр өкүрүп түшүп калганы,
Баргандар бүтүн жалпы өлдү,
Музбурчак, Көкчө алп өлдү,
Кагылышып кан өлдү,
Кайнаган жандын баары өлдү.
Аккула окко учурдум,
Алмамбет шейит кечирдим,
Берендерден кан өлдү,
Белгилүү Чубак эр өлдү,
Бокмурун баштап алп өлдү,
Алдырып жүрүп сайдырып,
Аяш мен өпкөнү канга чалдырып,
Оң бөйрөгүн таянып,
Ойронум Алмам деп ыйлап,
Сол бөйрөгүн таянып,
Султаным Алмам деп ыйлап,
Обого бүткөн жылдызым,
Жакама салган кундузум,
Ырыска бүткөн таалайым,
Башка бүткөн маанайым,
Канатыман кайрылдым,
Кан Алмамдан айрылдым.
Ошондо Манас солуктап,
Алы кетип көп ыйлап,
Эми Алмаңа дуба кылганы,
Эшик ачты Каныкей,
Эңкейип баатыр чыгарда,
О дегенде каракан,
Оозун ачып окшуду,
От ордундай бир кетти,
Адегенде сары зил,
Каныкей кусундуну караса,
Мээ аралаш шүйшүн кан,
О дегенде бир кетти,
Кусундудан байкады,
Сарпоштоп келет Каныкей,
Араң атка жетелеп,
Каныкей ордого алып келди эми.
Баатырга буладан жаздык салганы,
Адам болбой калдың деп,
Сарамжал жеңең болгону,
Баатыр жаздыкка жатып калганы.
«Баатыр кай жериңде жара бар?»
«Айтпадым беле бая мен,
Эч жеримде жара жок,
Кыр аркадан башка деп».
«Белге найза тийгени,
Билбей калган экенсиң,
Сенин чын ажалың жеткен го,
Бүткөн боюн текшерип,
Карап турган жеринде,
Жаранын оозу бүткөн го,
Сенин чын ажалың жеткен го,
Менин кереметим кеткен го.
Жаздыкта көк жал жашооруп,
Атаңдын көрү бок дүйнө,
Сенин кол тийгениң көп эле,
Көз артканың аз эле,
Барып чаптың Ооганды,
Маргалаң кайдан соо калды,
Аттанып барып олжо алдың,
Аманган кайдан соо калды,

Коркутуп баатыр олжо алдың,
Котон кайдан соо калды,
Ооганды бузуп бир алдың,
Ортосун бузуп жол салдың,
Ооганды бузуп олжо алдың,
Ар жылында барчу элең,
Алман салып алчу элең,
Алты миң жамбы миң кундуз,
Аларга алым салчу элең,
Алман алып алчу элең,
Берип баатыр олжо алдың,
Бээжин кайдан соо калды,
Ойлоп карап мен турсам,
Аккула буту тийбеген,
Жерде бүтүн калган жок,
Сенин колуң тийбеген,
Элде бүтүн калган жок.
Сенин көзүң өткөндө,
Мен карабет бейбактын,
Кайда барып күн көрөт?» –
Деп ошентип Каныкей,
Айласы кетип турганда,
О Каныш,
ойлонуп айтам шашпагын,
Каныш, мен айтайын сөзүм ук,
Жер түбүндө Көкбөрү,
Урдун уулу Майаалы,
Урумкан уулу Көкбөрү,
Кырым деген болгону,
Он эки күндүк жол болот,
Үч антташкан дос эле,
Урумкан уулу Көкбөрү,
Менин көзүм өткөндө,
Буга дагы кабар бер,
Эламан кандын эр Төштүк,
Малеменди жердеген,
Чамбылдын белин жайлоочу,
Чалкуйругун байлоочу,
Төштүккө жетип кабар бер.
Катаган кандын кан Кошой,
Батасы журтту байыткан,
Пайгамбар чалыш киши эле,
Үч антташкан дос эле,
Кан Кошойго кабар бер.
Андан өтө бергенде,
Мекедеги Айкожо,
Айкожого кабар бер,
Мени окуткан болучу,
Айкожо жетип кабар бер.
Андан өтө бергенде,
Үч-Турпанды жердеген,
Кечээ ургачынын жери эле,
Акыреттик болом деп,
Антташып калган кези эле,
Ургаачы болсо да,
Антташкан жери бар эле,
Кыздан чыккан кыз Сайкал,
Буга жетип кабар бер.
Каныкей
кызматың кыла бергин деп,
Ушул алптар келгенде,
Сенин айтканыңды кылбаса,
Ошондо Манас муну айтат,
Каныкей сарамжалым деп айтат,
Талас таштак жер болбойт,
Кең-Кол кумдак бул болбойт,
Кебез тоонун ар жагы,
Чоң Кашкардын бер жагы,
Жетимиш атан жиберип,
Жетимиш пилди жиберип,
Топо жүктөп алдырып,
Баатырга күмбөз кылсак деп,
Анжияндын Кушбеги,
Кушбегин мындан чакыртып,
Кетменин ала келсин деп,
Коркутуп жатып Каныкей,

Буларды ылайына салдырып,
Алты миң эркеч майына,
Кыш бышырып бек салып,
Акыл менен болжоду,
Жети миң эркеч болсо деп,
Баарына жетип калар деп,
Кирпичин куюп болгондо,
Аргын эли кыргызга,
Байларына Каныкей,
Алман сала баштады.
Алман тургай бок бербей,
Аргын тарап кеткени,
Ошондо туруп Каныкей,
Кабар айтпай койсок деп,
Алптар келбей калат деп,
Эми сарамжал бүтпөй калат деп,
Кирпичин куюп бүткөндө,
Ошондо ыйлап ийип Каныкей,
Кандайсың баатыр дебеди,
Аргын эли көп кыргыз,
Жаздыкта жаткан көк жалга,
Көңүл сурап баатырга,
Бир бастырып келбеди.
Үзөңгү буттан тайыса,
Баатыр кимге салам берет деп,
Кандайча кылам баатыр деп,
Эркеч тургай бок бербей,
Аргын кетип калганы.
Кабарга Ажыбайды жиберди,
Ошо күрсө жөтөлүп,
Жаздыкта көк жал турганда,
Ошондо Манас муну айтат,
Кабарга жибер деп айтат,
Жанкы бешөө келгенде,
Бербеймин деген эркечин,
Кыройттоп өзү айдап келүчү.
Баатыр муну айтканда,
Ошондо туруп Каныкей,
Үйгө кирди бүгүлүп,
Кабарга киши тапсам деп,
Эшикке чыгат жүгүрүп,
Ата сарамжал бүтпөй калат деп,
Ажыбайды чакыртып,
Ажыбай жетип келгенде,
Баатырдын айткан сөзүн кылалык,
Алман салса болбоду,
Айткан сөзгө көнбөдү,
Ажыке сарамжал бүтпөй калат ко,
Карткүрөңдү мине көр,
Урумкан уулу Көкбөрү,
Кошой, Төштүк алпына,
Мекедеги Айкожо,
Карача кандын Сайкалга,
Аларга кабар берелик.
Кабылан туйгун Манаска
Кабар айтпай койсок деп,
Көп жемеге калабыз.
Ажыке кабарга ыкчам барып бер,
Макул деп турат Ажыбай,
Ата Арбуудан берсең барайын,
Кабарды катуу салайын,
Өргүп калган Карткүрөң,
Өр талаша бергенде,
Башын чайкап калбайбы,
Караштан жоо чыгыптыр,
Манастан капкайда кегим алам деп,
Манас оору дегенде,
Караштын эли жыйылып,
Канкайдан баары жыйылып,
Караштын колу жатат дейт,
Картайып калды Карткүрөң,
Өр талашып качканда,
Карткүрөң жүрбөй калганда,
Караштын эли жетпейби,
Түп этектен албайбы,
Сакалымдан бек кармап,

Катыгүн башымды кесип албайбы.
Кууп калсам жетем деп,
Кача берсем кетем деп,
Байлоодо турат Тайбуурул,
Тайбуурул берсең барам деп.
Тайбуурул жайын айтайын,
Кечээ Семетейди тууганда,
Калк чогулуп той жеген,
Кытай тоюн жеп кеткен,
Кылымды бузат деп кеткен.
Ошондо,
Кыз Сайкал берген Тайбуурул,
Сүйүнчүлөп барганда,
Семетейди тууду деп,
Ошондо,
Кыз Сайкал берген Тайбуурул,
Бугудай мойнун буралган,
Бута бою оң келсе,
Буйдалбастан чураган,
Буттап алтын зер берип,
Күлүктүгүн билгенде,
Төмөн Букардын каны сураган,
Деп ошентип турганда,
Манас уйкуга киргени,
Коңурук тартып зор Манас,
Жаздыкта жатат кабылан,
Чыканактап ойгонду,
Баатырдын айткан сөзү бул,
Кракан кызы Каныкей,
Берген Каныш деп айтат,
Душман жакын барбаган,
Жаныма душман келбеген,
Кечээ алты кулач сыр найза,
Ар жабдыгым салып кой,
Тушума байлап илип кой,
Көз уйкуга киргенде,
Калп эрмек кылып турайын.
Жебенин огу жетпеген,
Бараңдын огу батпаган,
Келтенин огу жазбаган,
Очогор ойноп кетпеген,
Алдадан ажал келбесе,
Бөйдө өлүм жетпеген,
Ак олпок илип койгун деп,
Каныш тушума илип койгун деп,
Алты кулач сыр найза,
Тушума сайып койгун деп,
Арбуудан байлап койгун деп,
Тушума байлап койгун деп,
Эрмек кылып турайын,
Баатырдын айткан сөзү ушу экен.
Кыйыктанып Ажыбай,
Эч айласын таба албай,
Каныкей үйгө кирип бүгүлүп,
Ажыбай барбайм дегенде,
Баатырдын көзү илинип,
Уйкуга кирип калганда,
Тулпарды акырын жетелеп,
Ажыбай алды токунуп,
Ажыбай ар жабдыгын салынып,
Түш кыйшая бererде,
Тулпардын дүбүртү кете баштады.
Ат аябай көп жүрүп,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Күүгүм кире күн бата,
Кең Букардын боюна,
Ажыбай кирип келди эл жата.
Бир нече күнү жол тартып,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Ат аябай жол жүрүп,
Кең Кырымдын боюна,
Ажыбай салып келгени.
Урумкан уулу Көкбөрү,
Түшүнөн чоочуп ойгонуп,
Жолго чыгып келгенде,

Ажыбай чоро келди эми,
Салам айта бергенде,
Алик алып Көкбөрү,
Атаңдын көрү Ажыбай,
Айткан сөздөн кажыба,
Адам минбес тулпарды,
Артыкча минип алыпсың,
Ар жабдыгың салыпсың,
Антаңдап кайдан келдиң деп,
Ошондо ыйлап ийди Ажыбай.
Кылымды бузган кабылан,
Жаздыкта Манас жатат деп,
Жаман болуп катуу ооруп,
Жаздыкта көк жал жатат деп,
Уктуң белең укмуштан,
Бээжинге бейпай салганда,
Барган бүткүл жалпыңы,
Чалияр барбас Бээжинге,
Сулайман сурак салбаган,
Искендер издеп барбаган,
Каканчылуу Бээжинге,
Бээжинге бейпай салганда,
Жарадар болуп келгенде,
Көкбөрү досум келсин дейт,
Акыреттик дос эле,
Амандашып кетсин дейт,
Ошо кабар айтканда,
Ыйлап ийип Көкбөрү,
Амандашып кайтканым,
Абалын сурап баатырдын,
Өлүп калса баатырдын,
Кызматына турайын.
Жакшы болсо баатырга,
Амандашып кайтайын,
Көкбөрүнүн зайыбы,
Күлнары чыкты үйүнөн,
Баатырга мен да кызмат кылам деп,
Күлнары жүрдү бүлүнүп,
Аяшка барып келейин,
Ошондо Коёналы жаш бала,
Көкбөрүнүн баласы,
Он алтыда табы экен,
Жаңгыз бүткөн карагай,
Көкбөрүнүн баласы,
Аяш атам Манаска,
Ата мен да кызмат кылсам дейт,
Күлнары менен Көкбөрү,
Атка минип алганда,
Болбой бала күйүгүп,
Кошо жүрүп алмакка,
Көкбөрү турат күүлөнүп,
Баласына сүйлөнүп,
Бала болбой турганда,
Малың ээн калбайбы,
Калкым ээн калбайбы,
Балам айылга туруп бергин деп,
Коёналы жаш бала,
Айтканына көнбөдү,
Коёналы жаш бала,
Кошо жөнөп калганы.
Ажыбай андан өтө бергени,
Ат-Башыны жердеген,
Кошойго кабар берди эми.
Чамбылдын белин жайлаган,
Төштүккө кабар берди эми.
Андан өтө бергенде,
Ажыбай Медина көздөй бет алып,
Айкожого кеткени,
Айкожо ак кийизин жайыптыр,
Куранды алып алыптыр,
Кылымды бузган Манаска,
Ажыбай кабар бербесе,
Бармакчы болуп жатыптыр.
Кылымды бузган кайран шер,
Быйыл дүйнөдөн көчөт деп,
Ата армансыз болгон шум дүйнө,

Төрт жылы турса болбойбу,
Төрт жылы туруп калсам деп,
Мусулмандан капырды,
Чегеп ажыратып калбайт беле,
Айкожо ыйлап турганы.
Андан өтө берди эми,
Үч-Турпанды жердеген,
Сайкалды көздөй бет алды,
Жанында Болот алпы бар,
Карача кандын кан Сайкал,
Ит агытып куш салып,
Сейилге чыккан кези экен.
Мунардын башы кайкыдан,
Оргуп-оргуп чаң келди,
Оргуган чаңды караса,
Карача кандын Сайкалы,
Ургаачынын шери экен,
Аргын эли кыргыздан,
Кыз Сайкал дүрбү салып карады,
Чаңды көрүп кыз Сайкал,
Биздин жылкы чаңы деп,
Таанып Сайкал билгени,
Манас оору деди эле,
Кабарга келген киши деп,
Барып калсам Манаска,
Бу дүйнөгө жүрбөйм дейт,
Барбай койсом Манаска,
Кыз Сайкал
баштагыдай жүрөм дейт,
Кыз Сайкал барбас болуп калганы.
Жанында Болот алпыны,
Сен кете бергин деп айтып,
Буктурмага турайын,
Ал аңгыча болгон жок,
Токтой турчу Болот деп,
Келген адам тааныйсың,
Байкап көрүп алалык,
Кылычы белде кыңгырап,
Узун сакал, кызыл көз,
Телегей менен жарышып,
Ажыкең тизгин колдо карышып,
Ажыкең жетип келди эми,
Салам айта бергенде,
Ажы келип турду эми,
Кара тилин кайраган,
Ажыке он эки уруу тил билет,
Ажыкең кан алдында сайраган,
Кыз Сайкалга кеп айтат,
Кабарга келдим деп айтат,
Манас менен акыреттик дос экен,
Акыреттик зайбым деп,
Кызматыма турсун дейт,
Болбой койду кыз Сайкал,
Манас бир өлмөктөн үч өлсүн,
Барбаймын деп кыз Сайкал,
Кыз Сайкал
аманат жанды кыйнады,
Ажыбайды сабады,
Ажыбай айтканымды угуп тур,
Жолуң менен кете бер,
Барбаймын деп кыз Сайкал,
Аттан эңе качарда,
Башыңды алам дегенде,
Кача берди Ажыбай,
Артынан кууп кыз Сайкал,
Күлүктүккө салды эми,
Ажыкең карматпай качып кутулду.
Таласка келди Ажыбай,
Ажыкеңде сакал жок,
Ажыкеңде тамтык жок,
Каныкейдин алдына,
Ыйлап ийип Ажыбай,
Кордукту көрдүм деп айтып,
Ошондо Ажым келгенде,
Ал аңгыча болгон жок,
Кошой, Төштүк алптардын,

Келип калган кези экен.
Көкбөрү келип калыптыр,
Коёналы жаш бала,
Он алтыда табы экен,
Ойронду салар чагы экен.
Алптардын жүзүн көрсөтпөй,
Каныкей
сарамжал бүтпөй калат деп,
Көрсөтпөй турган чагы экен.
Бая бербейм деген эркечти,
Алптар чогуу келгенде,
Аргын эли көп кыргыз,
Айтканына көнгөнү,
Өздөрү айдап келгени,
Жети миң эркеч майына,
Кыш бышырып бек салды,
Жети кылым өткүчө,
Турар эми деп салып,
Алты миң эркеч майына,
Кыш бышырып бек салып,
Алты кылым өткүчө,
Турсун эми деп салып,
Күмбөздү бүтүп калганда,
Эми сарамжал жемек болгондо,
Баатырдын көзү тирүүндө,
Келбей койду Сайкал деп,
Кан Кошойго кеңешип,
Коёналы жаш бала,
Таяжеңи алып келгин деп,
Келбечү болсо Сайкалды,
Коондой башын кесип кел,
Катуу-катуу сөз айтса,
Керилгенсип кеп айтса,
Куйкасын тилип кум салгын,
Таманын тилип туз салгын!
Ошондо Коёналы жаш бала,
Нарбууданды мингени,
Ат аябай жол тартып,
Олбуй-солбуй теминип,
Мунардын ашуу белине,
Чыгып келди белине,
Дүрбүнү салып Кыз Сайкал,
Аргын эли кыргыздан,
Тыңырагы келатат,
Жанында Болот алпы бар,
Буктурмага турайын,
Ыргыта сайып алайын,
Мунун атын алып берейин,
Кыз Сайкал буктурмага келгенде,
Чоң коктуну өрдөдү,
Колу көнгөн жаш бала,
Нарбууданды дыргытып,
Кылычы белде кыңгырап,
Коёналы жаш бала,
Кыя тартып зыңгырап,
Нарбуудан менен зыргытып,
Чарадай болгон боз даңкан,
Төбөсүнөн дыргытып,
Кыйчалыш өтө берерде,
Артынан түштү кыз Сайкал,
Бурамалуу сыр найза,
Омуртканын кезең деп,
Кең далынын тушу деп,
Өлүүчү жери ушу деп,
Өнбөчү жери ушу деп,
Кыз Сайкал мындай муштады,
Күчтөп найза тийгенде,
Сайдың-койдуң дебеди,
Сологой колтук жагынан,
Найзаны чыканак менен какканда,
Найзасы алыс кеткени.
Кайрыла түшүп Сайкалды,
Кый сүбөөдөн кармады,
Кисе тийди колуна,
Койчо кармап Сайкалды,
Ак каңкыга койгону,

Салмагын салып жаш бала,
Катуурак кысып койгону.
Ак каңкыга кабырга,
Кый сүбөөсү быркырап,
Өпкө-боору оозуна,
Каптала түшүп алганы,
Өлөрүн билди кыз Сайкал.
Кылчайып карап баланы,
«Көкбөрү жездем көздөнгөн,
Күлнары эжем жүздөнгөн,
Түгөнгөн Коёналы сен белең?»
«Аяш атам Манаска,
А дүйнөлүк болупсуң,
Кечээ Ыргайлуунун белинен,
Акыреттик болом деп,
Антташып айткан сөзүңүз,
Унуттуңбу антыңы?
Кызматыма келсин дейт,
Дүнүйөдөн кайтканда,
Кыз Сайкал
туу түбүнө турсун дейт.
Бастыргын тайэже деп айтып,
Айтканыма көнгүн деп,
Айтканыма көнбөсөң,
Көрсөтөмүн сонунду!»
Корkконунан Кыз Сайкал,
Боз жоргосун токунуп,
Бойпоктой басып Кыз Сайкал,
Таласты көздөй жөнөдү.
Күн улуу шашке болгондо,
Сайкалды айдап келгени,
Алып келип бергенде,
Баатырдын жайын сурасаң,
Жаздыкта көк жал жашооруп,
Ошондо акылга тууган Каныкей,
Түгөнгөн тоонун тумшукка,
Салынган кара урчукта,
Эчкилүүнүн-Кара зоо,
Зоонун боорун ойдуруп,
Беш балбанды чакырып,
Болоттон кетмен бергени,
Зоону бузуп бергин деп,
Акыңа каалаганың алгын деп,
Күнү-түнү жети күн,
Кара тоону ойдуруп,
Ичине булак жүрдүрүп,
Ичи сасып кетет деп,
Кара зоонун түбүнө,
Таштан каалга жасатып,
Эшик билинбей калсын деп,
Ичин үзүп болгондо,
Туш-тушуна ташытып,
Атчан кирип адамдар,
Тийбегендей кылганы,
Найза алып колуна,
Булгап турса Каныкей,
Тийбегендей болгону.
Душман алып кетер деп,
Кара арча жүктөтүп,
Казынасын ташытып,
Алтын менен жамбыны,
Баатырдын көзү өткөндө,
Талоонго түшөр жан калды,
Деп ошентип Каныкей,
Сарамжалын көргөнү.
Алтын шомшур жамбыны,
Казынаны төккөнү,
Казына ташып бүткөндө,
Кайра тартып Каныкей,
Кайра келсе ордого,
Кабылан кайыл болуп калыптыр.
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Чыканактап зор Манас,
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Кыямат кетмек болду эми,
Кошой, Төштүк алптарды,

Кыз Сайкал менен Көкбөрү,
Мекедеги Айкожо,
Булар келбей турду деп,
Буларды көрүп калса Манас деп,
Дүнүйөдөн көчөт деп,
Анда сарамжал бүтпөй калат ко,
Көрсөтпөй жатып Каныкей,
Ордого тиккен чоң үйгө,
Конок кылып Каныкей,
Көрсөтпөй турган убагы.
Көрсөтмө салды күмбөздү,
Усталарды жыйдырып,
Ар шайманын даярлап,
Белги болуп калсын деп,
Күмбөздү салган жасатып,
Саадагы төрдө илинүү,
Кылычы төргө илинүү,
Кылып кеткен дүмөгү,
Сарайына чийилүү.
Ар жоругун даярлап,
Кечээ Бээжинге бейпай салганда,
Кара кытай манжуну,
Какайлатып турганда,
Аны тартты суракка,
Кечээ дүмөктүү турган Бээжинди,
Аны тартты сүрөткө.
Бакыбай, Дуулат эки кан,
Муну тартты сүрөткө,
Босогого чийгенде,
Оң жагында Алмамбет,
Сол жагында эр Чубак,
Муну тартып турганда,
Кара көзүн кан чалган,
Жаңыдан уруп жанчылган,
Улаккандын Сыргагын,
Буларды кошо тартканда,
Аккуладай ат минген,
Ак олпок сындуу тон кийген,
Баатырды тартты сүрөткө.
Зорлугу тоонун теңиндей,
Ким көрүнсө жегидей,
Муну тартып болгондо,
Аркасынан караса,
Алты атар огу солоюп,
Айдыңына чыдабай,
Аркада душман колоюп,
Муну тартып турганда,
Ороккырды качырып,
Бээжинге бейпай салганда,
Болжоп туруп жеңекең,
Оломолуу сыр найза,
Колтугунда койкойтуп,
Алгаранын үстүнөн,
Отурган иттей чочойтуп,
Муну тартты күмбөзгө.
Ар шайманы бүткөндө,
Кадимки сырды сыйпайын,
Сарамжал бүтүп калганда,
Бейшембинин күнү экен,
Жуманын кадыр түнү экен,
Манас Каныкейди чакыртты,
Дүнүйөдөн өтөм деп,
Алла таала жол берсе,
Убада кылган жайым бар,
Ээ сапарга кетем деп айтып,
Ээ Кошой абам не болду,
Кошойдун жолу байланды,
Ээ Төштүк достум не болду,
Төштүктүн жолу байланды,
Көкбөрү достум не болду,
Көкбөрү жолу байланды,
Карача кандын кыз Сайкал,
Ал акыреттик зайбым деп,
Анын да жолу байланды.
Муну угуп Каныкей,
Менин күнүм не болду баатыр,

Каракан кызы Каныкей,
Эри өлгөндө катынга,
Төркүнү жакын дечү эле,
Төркүнгө түшүп кетерсиң,
Абыке, Көбөш алты арам,
Айласыздан жүрүүчү,
Алы келсе алты арам,
Маа кылганы жүрүүчү,
Кыйыры келсе алты арам,
Маа кылганы жүрүүчү,
Кылагар көзүң кылайып,
Кыямат кетмек болгондо,
Ак ордонун ичинде,
Аябаган ак ордо,
Жүз кишиге чак ордо,
Кошой, Төштүк баатырга,
Учурашып калгын деп,
Бүгүн дүнүйөдөн көчөт деп,
Кошой, Төштүк алптарды,
Баарын келди чакырып,
Эшикти ача бергенде,
Ошондо алдыга баштап кан Кошой,
«Токсондо Кошой мен өлбөй,
Кызматыма сен турбай»,
Толгонуп ыйлап кан Кошой,
Колун кармап кан Кошой,
Салам айтып киргени.
Эламандын Төштүгү,
Артынан кошо киргени,
Бу дагы үч антташкан дос экен,
Артынан келди Көкбөрү,
Бу дагы үч антташкан дос экен.
Мекеден келген Айкожо,
Айкожо келди көрүшүп,
Карача кандын кан Сайкал,
Артынан бу да келгени,
Кол алышып болгондо,
Кыл мурутун чычайтып,
Баары чуркурап ыйлап турганда,
Артынан кирип келгени,
Коёналы жаш бала,
Аяш ата Манас деп,
Колун суна бергени.
Колун катуу кармап турду эми,
Кыямат кетчү бу жолго,
Кол алышып турганда,
Аргын эли кыргыздан,
Мындай бала жок эле,
Бу кимдин баласы,
Жанында эр Төштүктөн сурады.
Анда Төштүк муну айтты:
«Акыреттик досуңдун,
Көкбөрүнүн баласы».
«Акыреттик досум – деп,
Манас Көкбөрүнү карады.
Балаң берсең кантет достум,
А дүйнөгө барганда,
Жолдош болчу бала экен.
Атымы токуп жүрүүгө,
Чай кайнатып берүүгө,
Эптүү болгон бала экен».
Акыреттик досуна,
Бербеймин деп айта албай,
Айкөлдүн сөзүн кайтарбай,
Макул деп койду көрдүңбү.
Ал аңгыча болгон жок,
Буркурап ыйлап Каныкей,
Катыгүн көзүңүн курчу кете элек,
Сенин көзүң өткөндө,
Бизге пайдасы тийбейт беле деп,
Алаткүн,
көк жал бул эмине дегениң,
Көзүң тийип калды деп,
Кайдан кирип келдиң деп,
Ыйлап ийди көрдүңбү.
Булар менен көрүшүп,

Кыл мурутун шыйпайтып,
Алагар көзүн алайтып,
Бейшембинин күнүдө,
Жуманын кадыр түнүдө,
Баатыр дүнүйөдөн көчкөнү.
Короо конуш көп ыйлап,
Койчулардын баары ыйлап,
Келин-кыздын баары ыйлап,
Аргын кыргыз бүт ыйлап,
Айтылуу мыкты баары ыйлап,
Кырк чоро келди баары ыйлап,
Айбалтаны таянып,
Башы-көзүн койгулап,
Боорун жерден албастан,
Кырк чоро боздоп ыйлады,
Кара түшүп башына,
Кырк чоро кара жоолук байланып,
Кырк чоро турду кашына.
Үй тиктирип бээ союп,
Күтүп турат Каныкей,
Тул түбүндө ошондо,
Кыз Сайкалды коюшуп,
Кыз Сайкалдын жанына,
Акылайды койгону.
Алыстан келген меймандын,
Атын алып Каныкей,
Каныкей кызмат кылганы.
Дооранына кур байлап,
Баарын бирдей сур байлап,
Кызыл дилде чачтырып,
Кыямат жолун ачтырып.
Акың болсо алгын деп,
Каныкей казынаны ачты эми,
Капыр менен мусулман,
Акың болсо алгын деп,
Жар чакырып турганы.
Каракчынын кара үңкүрдөн,
Беш адам жетип келгени,
Каракчынын кара үңкүр,
Баатыр Манас кабылан,
Жортуп-жортуп барганда,
Баатырыңдын кырк чоро,
Алтынын тартып алганда,
Ыраазы кылып Каныкей,
Эки эсе алтын бергенде,
Эртесинде болгондо,
Бакай көк теректи чапканы,
Көрсөтмө кылмак болгону,
Көрүнө көркөм Манасты,
Дүмөгүнө өлөт деп,
Мунун кол тийгени көп болчу,
Кол артканы аз болчу,
Манасты кайда койду деп,
Көтөрүп барса Манасты,
Бейүмүт калбай калсын деп,
Бакай чоң теректи жыкты эми,
Ак кепинге оротуп,
Адырдан келди алты арам,
Анда-санда өкүрүп,
Буларга көтөртүп алды эми.
Коргонуна коёрдо,
Каныкей Бакайга койгон шыбырап,
Бакай менен Төштүккө,
Биз коёбуз жайына,
Акылды абдан кылышып,
Төштүк менен эр Бакай,
Баатырды жайга койгону.
Төштүк менен Бакайдын,
Акылын билбей эшени,
Сөөктү коюп болгондо,
Куран окуп кол жайып,
Дуба кылып бүткөндө,
Баатырды койду күмбөзгө,
Баатырдын келди үйүнө,
Акыл, насаат айтууга,
Бакай бир-бирине шыбырап,

Кошой, Тѳштүк алптары,
Катма куран окутуп,
Кырк эшенди чакырып,
Айкожону чакырып,
Түн ичинде баатырды,
Кан Кошойду чакырып,
Кѳргүн аба деп айтып,
Кошой абам барганда,
Кылганын мындан жактырды,
Каракан кызы Каныкей,
Сени ургачы деген оңбосун,
Эчкилүүнүн-Кара зоо,
Кырк эшенди ээрчитип,
Алпарып койчу жерине,
Кыбыла кѳздѳй бет алып,
Арчанын бүрүн тѳктүргѳн,
Алматыны чалдырган,
Алты нарга ошондо,
Арчанын түрүн жүктѳтүп,
Бел кырчоодон салдырган.
Булгарыны алдырган,
Тизе бою салдырган,
Кабаттатып жаздатып,
Кѳк шилинин тушуна,
Чалкасынан жаткызып,
Жаткан уйдай каухарды,
Таңды машар күнүдѳ,
Жарык кылып турсун деп,
Тѳрт кыр кылып сомдоткон,
Мунара карыш толготкон,
Мунар жарык болсун деп,
Таңды машар күнүдѳ,
Ѳчпѳй күйүп турсун деп,
Беш балбандын ѳзүнѳ,
Акыңды үйдѳн алгын деп,
Капшытына Каныкей,
Баатыр жаткан жагына,
Алтындан жамбы тѳккѳнү,
Душман ачып кетет деп,
Түпкѳ чогуу жетет деп,
Казынам талап алат деп,
Айтып койсо адамга,
Казына чачып алат деп,
Каныкей устаны алган
жыйдырып.
Таштан каалга жасатып,
Темирден урган калтекти,
Бакай омуроого салганы,
Калтектей салып зор Бакай,
Тиреп турат кѳрдүңбү.
Кыңын салып жѳлѳсѳ,
Каалга карс деп эпке киргени,
Эбин кылып эпчилер,
Таштан эпти койгондо,
Тышынан кара килим жапканда,
Бек бекитип каалганы,
Эшик тѳрдѳй келгенде,
Артын карап кылчайса,
Жок билинбей калганы.
Кайда экени коргондун,
Адам билбей калганы,
Айылга келди Каныкей,
Үйдѳн акың алгын деп,
Баглан козу ширин баш,
Аш бышырып алганы,
Дүнүйѳ тамак койгону,
Беш адам айтып коёт деп,
Түпкѳ чогуу жетет деп,
Беш адамдын кѳзүнѳ,
Калакка ченеп уу берип,
Кашыкка ченеп суу берип,
Каныкей беш балбанды жайлады.
Муну мындай таштайын,
Каныкей кошокчусун бир бѳлүп,
Алыстан келген меймандын,
Үй тиктирип бээ союп,

Кызматын кантип албайм деп,
Ошондо кызмат кылып болгондо,
Кырк күнү жатты кырк чоро.
Баатырдын кыркын берер
күн болду,
Чоң булактын боюнда,
Бая Кара-Өтөктүн өзүндө,
Баатырдын кыркын бергенде,
Кыркын берип жатканда,
Тайбуурул баштап он төрт ат,
Кермеге байлап койчу эле,
Он төрт аттан дайын жок,
Сурак салса Каныкей,
Эбак олжого түшүп кетти деп,
Абыке, Көбөш алты арам,
Кыркын берип болгондо,
Он төрт дайнын сураса,
Эбак олжого түшкөн кези экен.

## СЕМЕТЕЙ

Чоң атасы чочко кан,
Кыркын бердик Манастын,
Атан өлсө тайлак бар,
Колу жерде калбасын,
Ага өлсө ини бар,
Тону жерде калбасын,
Көбөшүмө көнсүн дейт,
Көбөш менен Абыке,
Сүйгөнүнө тийсин дейт.
Тийбөөчү болсо Каныкей,
Өз билгеним кылам дейт,
Кырк чоро башы Кыргыл чал,
Чоролордун башчысы,
Кыркында болгон жуукур* чал.
Айкөл Манас бар кезде,
Кырк чоро билип жүрчү эле,
Катын билбейт баркты деп,
Кырк чоро кан көтөрүп Көбөштү,
Кан көтөрүп алганы.
Кулаалы кетти жайына,
Курама болгон кырк чоро,
Кырк чоро кетти жайына.
Тели куш кетти жерине,
Тентип келген кырк чоро,
Кырк чоро кетти элине.
Эл кылып алып Көбөштү,
Кырк чоро кетти жерине.
Каралarга тууган жок,
Качып кирер ногой жок,
Кыргыл келди кашына,
Каныкей бейшембинин күнүдө,
Баатырды жоктоп турганда,
Кыргыл жуукур келгени,
Дуба окуп кол жайып,
Баатырга дуба кылганы.
Шыйпалактап сөз айтып,
Каныкейге жеткени.
Кыргыл чалдын жанында,
Кутунайдын шум бала,
Кыргыл чал туруп кеп айтат,
Кеп айтканда муну айтат,
Көбөш кайниң алам дейт,
Арага киши салам дейт,
Тийбөөчү болсо Каныкей,
Өз билгенин кылам дейт.
Анда Каныкейдин айтканы:
«Дөбөттөй болгон чочкону,
Төрүмө кантип жаткызам,
Асылзаада төрөнүн,
Төшөгүн кантип бастырам.
Өлгөнү кырк күн боло элек,
Тытылган бетим айыга элек,
Не болсо да көрсөм дейм,
Элчи келген арамды,
Жазданып жатып өлсөм дейм» –
Каныкей караны баштан алганы,
Бу жорукту уккуча,
Булардан мурун өлөйүн,
Буладан кылган көк ичик,
Каныкей жондон алып ыргытты,
Ачкычты колго алганы,
Ак сандыкка кол салып,
Он эки жамбы кырк койго,
Илгери кыдырма сарттар келгенде,
Сатып алган ак канжар,
Ак канжар колго алганда,

Энчиге келген эки кул,
Карабет бирди кылат деп,
Аттарды көздөй жөнөдү.
Шамдагай тартып Каныкей,
Кыргыл аттана берерде,
Атка минип качарда,
Оңолуп минип ойрон чал,
Эшик-төрдөй качканда,
Болжоп туруп Каныкей,
Ак тинте менен урганда,
Болоттон сокон ак канжар,
Көмкаш кетти бөлүнүп,
Май куйруктун балык эт,
Ак канжар ала түшүп калганы.
Кызыл ала бир болуп,
Кыргыл качып калганы,
Кызыл көтөн бир болуп,
Көбөшкө барган жери экен.
Көбөштү кудай урганы,
Манас кандын сан малды,
Койдун жайын айтайын,
Сан сарыбашыл койлорду,
Абыке, Көбөш алты арам,
Талоодон бөлүп алганы,
Төрт түлүк малды чачканы.
Манас кандын чал кашка,
Атадан энчи алгандай,
Ошо күндөн ушу күн,
Үйрү миңге толгондо,
Ээсин жутуп чал кашка,
Кашамал тартып калганда,
Ат качырбас чал кашка,
Ат качырып калганда,
Мунун үйрүн талап алганда,
Алты арам өз билгенин кылганда,
Чиреген уулун жаратып,
Чиреген уулун жай кылсак,
Кыргыл чал сөздү айтканда,
Тиймек тургай сийбейм деп,
Адыбай, Көлбай эки арам,
Абыкеге тийгин дейт.
Айласы кетти Каныкей,
Эч айласын таба албай,
Тийбөөчү болсо Каныкей,
Көрсөтмөк болду сонунду.
Кечки бешим дигерде,
Жамгырдай окту жаадырып,
Арамдар каптап киргенде,
Айзага таккан желектин,
Асылдан калган белектин,
Жалгыздан калган жалгыздын,
Айласын тапкын эне деп,
Чыйырдыга барганы.
Анда Чыйырды мындай дейт:
«Кагылайын кулунум,
Менде айла калган жок,
Акылды өзүң тапкын» – деп,
Ыйлап турду буркурап.
Акыл ойлоп Каныкей,
Казанчысы Кара күң,
Кагылайын Кара күң,
Балаңды берчи деп айтып,
Айзага таккан желекти,
Асылдан калган белекти,
Аман-эсен сактайлы,
Кагылайын Кара күң,
Балаңды берсең кантет деп,
Алмаштырып бөлөйүн,
Асылдан калган белекти,
Акылдашып алалык,
Ар кимге бала керек деп,
Кара күң бербей тырышты,
Бир оокумда болгондо,
Баланы бербей турганда,
Кан ичме кара жойболот,
Керегеден алганы,

Кудай өзүң кечир деп,
Кара күң башын алганы.
Семетейдин сыр бешик,
Кара күндүн баласын,
Алмаштырып алганы.
Кара күңдү күрөндүгө тапшырды,
Алтындан кылган сыр бешик,
Аябай жатып бөлөдү,
Кара күңдүн бешикке,
Семетейди бөлөдү.
Көпкөндөр келди күпүлдөп,
Тегерете кууду эми,
Көбөштү кудай урду эми,
Кара жаак айбалта,
Ач билекке салганы,
Камындырбай долуну,
Керилип чаап калганы.
Чиренген уулуу найза деп,
Жойболот алып колуна,
Семетейдин сыр бешик,
Кыя чаап салганы.
Каныкейдей долуну,
Узунунан салганы,
Айласы кетип Чыйырды,
Баланы алып колуна,
Күмбөздү көздөй басканы.
Манас кандын ак ордо,
Алты атанга комдонуп,
Жүктөп алып кеткени.
Эси ооп Каныкей,
Талаага жатып калды эми,
Эсин жыйып Каныкей,
Айласын таппай жеңекең,
Күмбөздү көздөй бет алды.
Эки жагын караса,
От ордундай кара кан,
Оозунан кеткен кези экен,
Кирип барып күмбөздөн,
Чыйырдыны тапканы.
Токсон беште Чыйырды,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Семетейди этегине салыптыр,
Болкулдап ыйлап туруптур,
Ошо күнү кечинде,
Жээрине аш таппай,
Күмбөзгө түнөп калганы.
Эч айласын таба албай,
Эртең менен болгондо,
Токойду көздөй басканы,
Кошоктолуу кош музоо,
Жайдын аптап табы экен,
Сайгактаган кош музоо,
Талга илинип калыптыр,
Аны көрүп Каныкей,
Азык кылып алсам деп,
Музоону алып жөнөдү.
Белестен көрдү Карыпбай,
Ааламдан ашкан Карыпбай,
Төрт түлүк малы жай болгон,
Каныкейге арналып,
Өкүл ата койгондо,
Өкүл ата Карыпбай,
Малын жоктоп алыптыр.
Долуну кудай урганы,
Тал түштө музоо уурдап турганы,
Коё бер долу коё бер,
Кагылайын абаке,
Музооңу берсең маа деп,
Азык кылып алайын,
Музооңу маа бер карыз деп,
Ата музооңу төлөп берейин,
Карыпбай мойноп болбоду,
Улам айтып Карыпбай,
Удаа-удаа кыйкырды,
Болбой турат Каныкей,
Удаа-удаа үч айтты,

Чыбык чапты Каныкей,
Карыпбай үч удаа камчы урганда,
Музоо кетти колунан,
Алаканын шак коюп,
Каныкей көчүгүн жерге так коюп,
Көзүнүн жашын шыпырды,
Кыдырма жандын Марчада,
Талап кеткен көп койдун,
Канетсе бирдемеси калды деп,
Эч болбосо курган жан,
Аксак кой жүрбөй калгандыр,
Улутунуп Каныкей,
Бирдеме таап алчудай,
Байкуштун эрди-башы тарткылап,
Марчага салып келгенде,
Куймулчагы сыныптыр,
Марчага барып тыгылып,
Көк козу жатып калыптыр.
Алла насип кылды деп,
Койчу кул көрсө алат деп,
Колуман тартып кетет деп,
Күүгүм кирип калгыча,
Жеңең жашынып жатты Марчага.
Жеңең көк козуну көтөрүп,
Күмбөздү көздөй барганда,
Какылдап бала көп ыйлап,
Чоң энеси Чыйырды,
Басылта албай баланы,
Беймаза болгон кези экен.
Манас кандын күмбөзгө,
Көк козуну Каныкей,
Манастын арбагына чалганы,
Таң аткыча Каныкей,
Кытай оттук боор таш,
Шиш кебек кылып бышырып,
Чоң эркечтин чаначка,
Көк козунун бул этин,
Азык кылып бышырып,
Ойку-кайкы жол менен,
Уюган кызыл кум менен,
Көрбөгөн тоону төтөлөп,
Жоргонун белин ашканы,
Тамандары тешилип,
Ашыгы жооруп кеткени,
Бир бутунда эки өтүк,
Каныкейдей жеңеңдин,
Ашыгы жооруп кеткенде,
Такасын жулуп ыргытып,
Бутума тынч болсун деп,
Жоргонун белин аша албай,
Жабыгып ыйлап баса албай,
Илгеркисин көп жоктоп,
Жайнап өскөн кайран жаш,
Баса албай бутун тарта албай,
Токсон беште Чыйырды,
Жоргонун бели түтөккө,
Түтөгүп калды баса албай,
«Каракан кызы Каныкей,
Айтканыма көнгүн деп,
Эшиле жаткан кызыл кум,
Менин азабым тартпагын,
Тирүү көөмп кеткин – деп,
Акыретте ыраазы».
«Кагылайын энеке,
Уулдан бирди эр туудуң,
Кыздан бирди эр туудуң,
Кагылайын энеке,
Каза жетип күн бүтсө,
Бир чуңкурда бололук,
Тирүү болсок энеке,
Бир дөбөдө бололук».
Чыйырдыны жетелеп,
Жоргонун белин ашканда,
Бир нече күнү жол тартып,
Көк козу эти түгөндү,
Какылдап бала көп ыйлап,

Айласы кетип Каныкей,
Козу кулак .................*
Чайнап берет балага,
Чердин чөбү аш болбой,
Ышкын менен жөргөмүш,
Азык кылса балага,
А да аш болбоду балага.
Какылдап бала көп ыйлап,
Айласы кетип болгондо,
Асмандан эки жору айланып,
Казандай болгон өпкөнү,
Чакмак алып бaратат,
Төбөсүнө жакындап,
Айланып учуп баратат,
Чын жаратсаң кудурет,
Өпкө кетсе колунан,
Жеңең асманды көздөй карады,
Жеңең жаткан дөбөгө,
Колунан кетип жорунун,
Жеңең өпкөнү басып жыгылды.
Жерден тезек тергени,
Оттук чагып жеңекең,
Көп тезекти түтөтүп,
Кара өпкө азык кылганы.
Катканы жебес чунакка,
Чала-була бышырып,
Чайнап берди балага,
Баланын жаагы басылды,
Өпкөнү үч күн азык кылганы.
Кыдырма жарга барганда,
Аябай дайра кириптир,
Суу кыдырып эки атым,
Кыдырма жардын кулакка,
Түнөп калды көрдүңбү.
Төмөн жагы көк ирим,
Уктап жатып калганда,
Жайдын аптап табы экен,
Кыйналып келген байкуштар,
Уктап калган кези экен.
Тараза жылдыз батканда,
Таң кашкайып атканда,
Койнундагы бала жок,
Эмгектеген жаш бала,
Жардан алыс кетти деп,
Безеленип Каныкей,
Эң эле катуу чуркады.
«Кагылайын энеке,
Койнумдагы жетим жок!»
Эч айласын таба албай,
Безелеңдеп Каныкей,
Ой Каныкей кулунум,
Балаң бекер эмес деп,
Жойкунду издеп карачы,
Эмгектеген жаш бала,
Койнунан чыгып эмгектеп,
Өр талашып кеткени.
Жойкунду кууп жөнөдү,
Бута атымдай болгондо,
Чоң түп чийдин түбүндө,
Ошондо туруп ак марал,
Эмизип турган кези экен.
Кайберен багып баланы,
Уктап бала калыптыр,
Ак марал Каныкейди көргөндө,
Көздөн кайым болду эми.
Ууртунан аккан ак көбүк,
Жуурат болуп уюптур.
Өлбөгөн жанга өлбөсөк,
Берет экен кудурет.
Уюп калган жууратка,
Эки адам абдан тоюптур.
Эми муну мындай таштайлы,
Бакайдан кабар баштайлы.
Бекташтын башы жайлоодон,
Бакай түшүнөн чоочуп ойгонду,
Оң жагына толгонуп,

Жетим менен жесирдин,
Ал-абалы кандай деп,
Салып жетип келгенде,
Ала карга, сагызган,
Айланып учуп калыптыр,
Как этерге карга жок,
Кук этерге кузгун жок,
Ойдо Бакай бакырат,
Каныкейлеп чакырат,
Ойдон Бакай бакырса,
Тоодон терек солк этет.
Каныкейлеп бакырып,
Манас кандын күмбөздө,
Эч айласын таба албай,
Салып Бакай келгени,
Манас кандын күмбөзүн,
Багып калган сур тайган,
Күмбөзгө жетип келгенде,
Өкүрүп барды кайран эр,
Көк тулпарды байлады,
Күмбөзгө кирип эр Бакай,
Баатырга дуба кылганы.
Куран окуп болгон соң,
Алакан жайып кол жайып,
Кабылан туйгун Манаска,
Аттанып Бакай чыкканы,
Сур тайган,
күмбөздү багып жатыптыр.
Кыбыла көздөй комдонуп,
Бугу менен маралдын,
Өлүгүн тоодой кылыптыр,
Эч айласын таба албай,
Бакай сур тайганды кууганы,
Көк тулпарды мингени,
Күмбөздү тегерете кууганы,
Ачуусу келип бу Бакай,
Ээң кайда кетти деп,
Жаза-буза бир уруп,
Тайган сууга кирди из жыттап,
Ойку-кайкы жол менен,
Оюлган кызыл кум менен,
Сур тайган,
Каныкей ашкан бел менен,
Кыңшыланып сур тайган,
Бакайды баштап баратат.
Тилин салып сур тайган,
Жоргонун белин ашканда,
Алыстан көрүп эр Бакай,
Башы-көзүн койгулап,
Каныкей менен Чыйырды,
Буларды катар көргөндө,
Бакайдын көзүнүн жашы төгүлдү.
Каңырыгы бек түтөп,
Как талаада калдым деп,
Башы-көзүн койгулап,
Өкүрүп Бакай келатат.
Алмамбет менен Чубакты,
Артыкча кошуп келатат,
Же алардан бири болбоду,
Серек менен Сыргакты,
Буларды кошуп келатат,
Ошондо Бакай өлбөдүм,
Бакырып Бакай келатат,
Үн чакырып келгенде,
Байбиче эки бөйрөк бүлкүлдөп,
Болкулдап ыйлап жөнөдү.
Боору темир Каныкей,
Тетир карап турду эми.
Кайраттуу турган долу жан,
Көзүнө жаш албастан,
Кудайга кусур кеп айтпай,
Кууроттың мени деп айтпай,
Теңирге кусур кеп айтпай,
Тентиттиң мени деп айтпай.
Ошондо Бакай келгени,
Атчан келип зор Бакай,

Атчан эңип баланы,
Ар ууртунан бир сүйүп,
Бир ууртунан бир сүйүп,
Айзага таккан желекти,
Асылдан калган белекти,
Тулпардан калган туякты,
Туйгундан калган чунакты,
Кайда алып барасың?
Баланы кайра берип зор Бакай,
Ач экенин билгени,
Адырга салып чыкканы,
Сыр бараңды дүрмөттөп,
Абаң ала келген эмеспи,
Адырга салып чыгып барганы,
Эки кулжа, бир аркар,
Атып келип бергени.
Табылгынын дүмүрүн,
Теңденип келип зор Бакай,
Үйдөй чокту жайнатып,
Кийикти союп берди эми.
Аябай кардын тойгузуп,
Абамдын жайын айтайын,
Алты күндө келем деп,
Алтынчы күндө келбесем,
Казгалдак этин жеп кеткин,
Абам Бакай өлдү деп,
Балам, куран окуп сен кеткин.
Жетинчи күндө келем деп,
Абаң айылга барганда,
Бөйрөк-Сазда чогулуп,
Калк жыйылып алыптыр,
Бакай кайда деп айтып,
Абыке, Көбөш алты арам,
Балакетти баштаптыр.
Салам айтып абакең,
Топко кирип барганы,
Кайда бардың аба, деп,
Абыке сурап калганы.
Анда Бакай муну айтат,
«Кара нарды жоготуп,
Издеп жүрөм жети күн».
Кандарды кудай уруптур,
Текечи кандын Ормонбек,
Анда тура калып сөз айтты,
Мунардын аша кайкаңдан,
Көк ала тулпар ат минген,
Көк ырапыс тон кийген,
Бакай өңдүү бир киши,
Көрүп калдым алыстан,
Кантсе да Бакай өзүдүр,
Каныкейди качырып,
Жеткизип келди жерине».
Анда Көбөш калды күүлөнүп,
«Журт бузар Бакай өзү – деп,
Каныкейди таап кел,
Айлыңды бүтүн чабам, – деп,
Он күнү берем улуксат,
Каныкейди таап кел!»
Кандарды кудай урганы,
Бакайга зордук кылмакка,
Айткан сөзгө болбоду,
Бакайдын каңырыгы түтөдү,
Абам үйүнө келди көрдүңбү,
Не болсо да көрөйүн,
Ат тапмакка зор Бакай,
Төр кыдырып калганы,
Арам өлгөн он төрт ат,
Олжого түшкөн кези экен,
Боз жорго менен Тайтору,
Ошол аттан бөлүнүп,
Корумдунун сеңирде,
Ошо төрдүн ичинде,
Кан Бакайга кез болду.
Абам талдан кыйды укурук,
Боз жорго менен Тайтору,
Абаң эптеп кармап алганы,

Жетелеп Бакай келгени,
Боз жоргону арнап,
Чыйырдыга токуду,
Тайторуну арнап,
Каныкейге токуду,
Короодон койду семизден,
Боз борукту тапканы,
Азык кылып бышырып,
Эки чанач сүт менен,
Эки тулпар ат менен,
Абаң алтынчы күнү келгени.
Кийик аткан кезеңге,
Өтө албаган эки айым,
Суу кыдырып жүрүптүр,
Бакайды көрүп Чыйырды,
Абыдан мындан сүйүндү.
Кийиктин эти курттаптыр,
Адам жебей калыптыр,
Аябай карын тойгузуп,
Чыйырдыны
боз жоргого мингизип,
Каныкейди Тайторуга мингизип,
Аябаган чоң дайра,
Үрбүстүн суусу кириптир,
Абаң суу кыдырып калганы,
Айкөл Манас бар кезде,
Ошо кечкен жер эле,
Жазык кечүүгө келгени,
Кечип жүргөн дайранын,
Саны жашы көп болгон,
Мүдүрүлүп жыгылып,
Ата, бала сууга кетет ко,
Түшө калып зор Бакай,
Абам шамдагай болуп алганы,
Өзүнүкүн чечти эми,
Көк тулпарга бөктөрүп,
Анжияндын ак курун,
Ала койду зор Бакай,
Баланы суга кетет деп,
Көк имекиге ороду.
Сыр бараңды дүрмөттөп,
Бакай сууну көздөй сундурду,
Шер жараткан кайран эр,
Он эки бирге кол берген,
Олуязаада кайран эр,
Мурутун бурап толгогон,
Сени мустапалар колдогон.
Ак марал кууп уй кылдың,
Кайран шер ааламды буй кылдың,
Конуп кеткен жериңе,
Короодой кызыл тал болгон,
Түнөп кеткен жериңе,
Үйдөй кызыл тал болгон,
Үстүртөн кудай жар болгон.
Шер жаралган кайран эр,
Колдой көргүн кайран шер,
Бакай сууну көздөй сундуруп,
Дүп дедире койгону,
Күркүрөп аккан зор дайра,
Асыштап кетип бөлүндү,
Аллам таалам болгону,
Күркүрөп аккан дайранын,
Сай көрүнүп калганы,
Көк тулпардай бууданга,
Ыргып Бакай мингени,
Эки айымды жетелеп,
Дайрадан аман-эсен чыкканы.
Жарымы төгүн жарымы чын,
Жараткан өзү билбесе,
Теңи төгүн теңи чын,
Теңирим өзү билбесе,
Кошо жүргөн киши жок.
Абабыздын жомогун,
Айтпай койсок болобу,
Ал аңгыча болгон жок,
Арканын башы жайыкка,

Темиркан уулу Ысмайыл,
Качкындын
алдынан каршы келгени,
Ит агытып куш салып,
Сейилге чыккан кези экен,
Аларды көрүп буркурап,
Каныкей аттан түштү чыркырап,
Чоң энеси Чыйырды,
Болкулдап ыйлап алганы,
Канзааданын тукуму,
Ата кандай адам кор кылат,
Ысмайыл кошо буркурап,
Асыл жездем деп ыйлап,
Сооронушуп алышып,
Ысмайыл куран окуп калганы.
Ошондо Бакай муну айтат,
Карып болду эжең деп,
Таластан качып келгени,
Асыл жездең өлгөндө,
Абыке, Көбөш алты арам,
Кордукту чогуу көрсөттү.
Аламын деп эжеңди,
Кордук сала баштады,
Жезденден калган сан дүйнө,
Талоон кыла баштады,
Каныкей саа аманат,
Аман болсо Каныкей,
Атка минди зор Бакай,
Алып келген баланы,
Эже, о Семетей жетимди,
Молдого кармап берели,
Алтысында артылар,
Жетисинде жетилер,
Сегиз жашка келгенде,
Мектепке бергин баланы,
Тогузунда токтолор,
Он жашына келгенде,
Ок жыландай октолор,
Он бирине келгенде,
Календерди камайт ко,
Дубананы сабайт ко,
Он эки жашка келгенде,
Атасынын арбагы таруу болучу,
Кеңдиги болот Таластай,
Келбети конот Манастай,
Айдыңы бар Таластай,
Арбагы конот Манастай,
Он эки жашка толгондо,
Ушу турган баланы,
Көрсөткүн менин көзүмө,
Көрсөтпөсөң көзүмө,
А дүйнөгө барганда,
Бакканымдан кечпеймин,
Эки колум жакаңдан,
Кетпей калат Каныкей,
Баланы бердим аманат,
Сен кудайга аманат.
Бооруна кысып баланы,
Болкулдап Бакай ыйлады,
Баланы кайра бергени,
Көзүнүн жашын шыпырып,
Абаң айылды көздөй чу койду.
Алдындагы көк тулпар,
Көлбөй санга бир салды,
Дыркыратып зор Бакай,
Абаң айлына барып калганы.
Айылга Бакай барганда,
Көрөйүн деген көзү жок,
Он күнүң туура бүттү деп,
Барган кишиң кана деп,
Абыкени кудай урганы.
Жеткизип келип жерине,
Кылганы Бакай турбайбы деп,
Абыке кирди күүлөнүп,
Бакайдын айлын чапмакка,
Арамдар кеңеш кыла баштады.

Жоо бөрүсү зор Бакай,
Айлына кабар салганы,
Кеңеш кылып зор Бакай,
Бекташтын башы бек жайлоо,
Белсенип чогуу баралык,
Жоо каптап келгенде,
Алдырбай турган жер эле,
Чубама жолу тар экен,
Барган жоону кутказбай,
Тосуп калчу жер экен.
Абамдын айлы толгон кез,
Абаңдын айлын сурасаң,
Алты жүздөй болгон кез.
Эч кимге жигин билгизбей,
Абаң түн ичинде көчкөнү,
Билип калып Абыке,
Кол менен каптап жөнөдү.
Чубаманын тар жолун,
Тосуп алды зор Бакай,
Абыке көптүгүнө бир салып,
Артынан кууп калганда,
Бакай камданып алган эмеспи,
Какайманын белге атып,
Караганын көзгө атып,
Абаң алдырбай Бакай кеткени.
Бекташтын башы жайлоого,
Абаң алты жылы турганы,
Мурун чатак болгондо,
Асты мындан өлтүрүп,
Абаң алдырбай чыгып кеткенде,
Жетинчи жылга толгондо,
Абаңа кыдырма сартты
жибертпей,
Айласы кетип зор Бакай,
Кийимден тумак калганы,
Жайдын күнү зор Бакай,
Эликтин жүнүн жыдытып,
Балдарга көйнөк кылганы.
Жутап турду зор Бакай,
Мукуратып болгондо,
Абаңдан айла болбоду ай,
Не болсо да көрөйүн,
Арамдын үстүнө көчө барайын,
Корголоп минтип жүргүчө,
Кордукту чогуу көрөйүн.
Айлынын баарын көчүрүп,
Таласка көчүп келгени,
Анда Бакай менен бир качкан,
Бөлөкбай эли бар эле.
Таласка Бакай келгенде,
Абыке, Көбөш алты арам,
Абыке кан болуп калган кези экен.
Абыке өз билгенин кылмакка,
Бакайдын элин чапканда,
Эки үйүнө бир казан,
Берип койду көрдүңбү.
Эки үйгө бир уйдан,
Саап берип койгону,
Өз эркине койбостон,
Абаңдын элин кыйнады.
Бөлөкбай элин да ошондой,
Катуу кыйноо көрсөтүп,
Кошо жектеп турганы.
Абаңды төө артынан салганы,
Абаңа төө кайтартып алганы.
Минип жүргөн көк тулпар,
Көк чолок атка конгону,
Башындагы суусар бөрк,
Абаңа таң тебетей болгону,
Жакшы кыйгап болгону,
Айласы кетип Бакайдын.
Эми муну мындай таштайын,
Быягынан баштайын,
Каныкей тентип барганда,
Атасы анын Темиркан,
Үйдү үйлөп бергени,

Саарына мал берди,
Тигерине үй берди,
Жеңең жыргап жатып калганы.
Айтканы жалган болбосо,
Балтыр бешик Семетей,
А дүйнөлүк балаң деп,
Чыбыгын кыркып ырымдап,
Ысмайылга бактырды.
Ысмайыл багып баланы,
Алты жашка чыкканда,
Алтысында артылды,
Жетисинде желпинип,
Сегизине келгенде,
Мектепке берди баланы.
Тогузга жашы чыкканда,
Эжекелеп эркелеп,
Кез-кезинде келчү эле,
Ошондо келип калганда,
Каныкей тамак берчү эле.
Каламалуу бешмантты,
Семетейге кийгизип,
Өзүнө баалап Каныкей,
Ылайыктап балага,
Ошондо кийим кийгизип,
Багылан козу ширин баш,
Бал бышырып салчу эле,
Алма шекер аш коюп,
Балага тамак берчү эле.
Кез-кезинде баланын,
Эже деген Каныкей,
Менин энем болсочу деп,
Бала ошондо ойлоп калчу эле.
Он жашына келгенде,
Ок жыландай октолду,
Чүкө атышкан балдардын,
Чүкөсүн тартып алчу эле,
Тентек атка бир конду,
Бала тентек чыгып калды эле.
Он бир жашка келгенде,
Календер көрсө камады,
Думана көрсө сабады,
Он эки жашка келгенде,
Кеңдиги бар Таластай,
Баланы карап отурсаң,
Кадимки өткөн Манастай.
Айдыңы бар Таластай,
Баланы карап отурсаң,
Ага арбагы конгон Манастай.

## КАНЫКЕЙДИН ТАЙТОРУНУ ЧАПКАНЫ

Эми муну мындай таштайын,
Кандан кабар баштайын,
Калкына кабар салганы,
Баласы жок Ысмайыл,
Балалуу болду деп айтып,
Чоңойгону Семетей,
Он эки жашка толгону,
Чоңойгондо той берип,
Ошо кезде Темиркан,
Дүнүйөсү толуптур,
Бөлөк малга сан жетпей,
Койдун жайын айтайын,
Сексен беш миңдей болгон кез.
Байлыгына чыдабай,
Темиркан той бергени.
Акыл ойлойт Темиркан,
Адамга сырын айтпаган,
Кабылан Манас өлгөнү,
Аргын кыргыз мусулман,
Тели куш кармап куш кылган,
Манас тентигенди журт кылган,
Кулаалы кармап куш кылган,

Курама жыйып журт кылган,
Кабыланга аш берилбей
калды эле,
Баатырга атап мал соёлу,
Аш-той бердим деп коюп,
Темиркан мунарадан айкырды.
Жар чакырып элине,
Калың тойду бермекке,
Калкына кабар салганы,
Карыса да Темиркан,
Аксакалы чүчтөдөй,
Мунун устукан сөөгү мистедей,
Балтыры жоон баладай,
Карыса да Темиркан,
Чакмак эти чарадай,
Устукан сөөгү мистедей,
Касиеттүү киши экен,
Ак сакалы чүчтөдөй.
Шай күлүгүн түйгүндөп,
Ат чабам деп айкырып,
Күлүгүңдү чапкын деп,
Жар чакырып турганда,
Ат кабарын укканда,
Жеңең ордо салып келгени,
Жеңең Тайторуну байлады,
Жеңең ат чабам деп алганы.
Аны уккан букарлык,
Баскан изин жамандап,
Жеңекеңди жамандап,
Кечээ Таластан келген жөө тентип,
Ат чабам деп ээлигип,
Бүргөндүн суусун бузуптур,
Кызыңды кудай уруптур,
Өрү калган Тайтору,
Алтымыш асый болду эле,
Ат чабам деп ээлигип,
Кызыңды кудай алганы.
Темиркандын желдеттер,
Жеңекеңди жамандап,
Androidun суусун буруптур,
Кызыңды кудай уруптур,
Биздин Букар жерине,
Алтын, күмүш таш басып,
Бизге келген киши баш болот,
Биздин Букардын тузу ушундай,
Ачка келген тоюнат,
Арыганы семирет.
Androidун суусун буруп ал,
Каным бузулган кызың тыйып ал.
Ошондо туруп Темиркан,
Каныкейлеп чакырып:
«Ой Каныкей кулунум,
Каныкей келди кашына,
Ой Каныкей кулунум,
Он эки кыздын кенжеси,
Кудайдын сүйгөн пендеси,
Артык көрөм баарынан,
Жашың он бешке келгенде,
Артыкча сени сүйчү элем,
Акылды табат дечү элем,
Кагылайын кулунум,
Тил алсаң атты чаппагын,
Ат чабам деп ойлосоң,
Өрү калган Тайтору,
Башынан көк шили болгон
мал экен,
Он эки күнү өлөт ко,
Атың жүрбөй калбайбы,
Өр талаша бергенде,
Өрү калган Тайтору,
Ошондо баспай калбайбы?
Темиркандын бу кызы,
Атың чыкса жакшы го,
Атың чыкпай калса кокустан,
Калкка шылдың болосуң,
Өзүм чаптым Ак тулпар,

Ысмайыл чапты Чоң кашка,
Көлөйкан чапты аргымак,
Койчулар минчү Телкүрөң,
Кошуп чаптым бул атты,
Сүйгөнүңү алгын деп,
Төрт тулпар чаптым угуп ал,
Каалаганың көздөп ал».
Ошондо жеңең муну айтат:
«Өз атымы таптаймын,
Атаке, башканын атын
чаппаймын.
Ата мени өз жайыма коё көр,
Арбагы тирүү Манастын,
Арбагын сартка сатпаймын,
Төлгө кылып чабамын,
Атаке баштагыдай боломбу,
А дүйнө кеткен батырдын,
Конушуна кономбу!?»
Болбой койду жеңекең,
Ошо кезде Темиркан,
Айткан сөзгө болбоду,
Чыккан кыз чийден тышкары,
Кызды кытай алат деп,
Темиркан мындай жорук баштады,
Ачууланып Темиркан,
Ысмайыл деп айкырды,
Жетип келди Ысмайыл,
Тил албаган эжеңди,
Аты чыкса тим койгун,
Кокус чыкпай калса деп,
Кашайта көзүн оё көр,
Тил албаган долуну,
Кармап алып соё көр,
Макул деп айтып Ысмайыл,
Канды кудай урганы,
Темиркан каарданып турганы.
Ошо кезде Ысмайыл,
Ат казыкка айланат,
Кербенчиден кеп угат,
Эл оозунда элек жок,
Семетейге айтат деп,
Арамзаада киши экен,
Өз баласынан көрөт деп,
Семетейден өлөт деп,
Акыл ойлоп калды эми.
Эндей көйнөк кие элек,
Эне экенин биле элек,
Айтканымы кылат деп,
Ысмайыл турду айкырып,
Семетейди чакырып:
«Кагылайын балам,– деп,
Айтканымы кылгын! – деп,
Эжеңди кудай урганы,
Тил албастан кара бет,
Ат чапмак болуптур,
Муну кудай урганы,
Элге шылдың болобуз,
Кечээ Таластан тентип келгенде,
Айрылган бети айыга элек,
Карасам баштан ала элек,
Ошонусун билбестен,
Ат чабам деп көпкөнү,
Аты чыкса жөн койгун,
Аты чыкпай калганда,
Адам көзүн көрсөтпө,
Бүктөлүштүн өзүнө,
Кармап алып союп кел,
Жакын жолдош берейин,
Жалгыздыкта каласың,
Кандын сөзү эки эмес!»
Эки кырдуу сурнайды,
Күңгүрөтө тартканда,
Алтымыштай желдеттер,
Казганактап калганда,
Макул, макул, макул деп,
Убадасын бергенде,

Ат чубатууга салганы,
Атты каттап калганда,
Ат эсебин алганда,
Алты жүз кырк үч ат болду,
Жеңең бөксө жолду төтөлөп,
Күрүчтөн сунуп жем берип,
Күндө терин алганы,
Арпадан убак жем берип,
Атты байлап калган кез.
Арка чачын бир толгоп,
Өрүп алган эмеспи,
Маркум Манас бар кезде,
Жеңең көнүп калган эмеспи.
Ат чубатуу салганда,
Сынчы болгон Каныкей.
Аттарды сынап калганы,
Ар бир күлүк бүт келди,
Опсуз күлүк бу келди,
Үкү жүндүү үкү аяк,
Ар бир күлүк бу келди.
Төмөнкү көкти* Маргалаң,
Кокондуктун Чоң кашка,
Алчусун алып Сынчыбек,
Ат чабам деп ал келди,
Кара байыр казанат,
Камбар өпкө жез канат,
Ар бир күлүк бу келди,
Кеменгер соору сом туяк,
Ар бир күлүк бу келди.
Кеми жердин тулпары,
Каккан соору сом туяк,
Анда ар кыл күлүк келгени.
Кулжа моюн тегерек,
Бу доңузга не керек,
Ар кыл күлүк келгени,
Он эки күндүк кара жол,
Оюбастан чуркачу,
Опсуз күлүк бу келди,
Аттарды сынап болгондо,
Жеңең Тайторуну сынады.
Соору жүнүн караса,
Кылактаган кундуздай,
Жаткан экен Тайтору,
Кузгундай куйрук сапырып,
Калган экен Тайтору,
Бөкөндөй кулак жапырып,
Турган экен Тайтору.
Ат чубатуу салганда,
Кагылайын жеңекең,
Белги болуп калсын деп,
Куйруктун жогор жагына,
Боз шайы менен түйдү эми,
Көкүлүн сүйүп болгондо,
Көк шайы менен түйгөнү,
Бел байлаган беш жыл,
Медер кылып турууга,
Береке кыргыз элим жок,
Артыман ураан салууга,
Антымы сурап алуучу,
Ак калпак кыргыз элим жок.
Атын кошту жеңекең,
Ат айдаган ак эшен,
Айза алып колуна,
Ат дүрбөтүп алганда,
Ичке белди төтөлөп,
Илбирис атын жетелеп,
«Ат айдаган ак эшен,
Атыңдын мойнун буруп тур,
Сөз айтамын туруп тур,
Күлүгүң оозун буруп тур,
Кеп айтамын туруп тур,
Арбагын сыйла баатырдын,
Кагылайын ак эшен,
Анда-санда келчү элең,
Кабылан туйгун Манастын,
Даамын татып кетчү элең,

Тайторунун жерине,
Он эки күндүк кара чөл,
Кең Кырымдын бою ошол,
Самаган тулпар баруучу,
Аркы чоң кайкынын белинен,
Коё берер жер ошол,
Ат алма саат кылганды,
Жол боюна каратып,
Нак жаным өлгөн деп,
Ушу турган жанымды,
Кокус атым чыкпаса,
Өзүмдү-өзүм жарамын.
Он эки жамбы кырк койго,
Сатып алган көк канжар,
Жеңекеңдин белинде».
Муну угуп ак эшен,
Билегинен сап кетти,
Ушу турган эшен чал,
Жүрөгүнөн кап кетти,
Сайса сайып коёт деп,
Катынында калк бузган,
Кыз экенде журт бузган,
Биз эмес тургай Манасты,
Күйөөчүлүк сүргөндө,
Чоочуп кетип кара бет,
Койнуна колун салганда,
Жыласты сайган бадирек.
Кимди тирүү коёт деп,
Макул макул, макул деп,
Болот, болот, болот деп,
Ак эшен аттарды айдап жөнөдү.
Атын кошуп Каныкей,
Ордого салып келгени.
Арбак колдоп алса деп,
Сегиз кандын көзүнө,
Бир көрүнүп өтөйүн,
Эркектин киймин киейин,
Жеңең үйгө кирди бүгүлүп,
Эркектин киймин киймекке,
Туулганы себеттин каккан,
Туура басып кийгени.
Беш кабырга карчытка,
Үпчүлөп соот кийгени,
Айзаны алып колуна,
Салыкта калган суусар бөрк,
Ыкчам жеңең кийгени,
Олоңдой болгон кара чач,
Төбөгө кынай түйгөнү,
Нар кескен кылыч байланып,
Ак булгуңду токунуп,
Ак булгунду минген соң,
Аябаган долу күң,
Эркектин киймин кийгенде,
Жеңеңин жайын айтайын,
Тойго келген сегиз кан,
Калың топту как жарып,
Жеңеңин жайын сурасаң,
Болору салып болгон кез,
Болукшуган эр экен,
Эч жеринде өөнү жок,
Толукшуган эр экен,
Жазы маңдай жар кабак,
Жазбай чапчу эр экен.
Бу кайдан келген немеси,
Тойго келген адамдар,
Көрбөгөн адам таң болот,
Ичи көлдөн кең экен,
Телегейи тең экен,
Узун бойлуу кең далы,
Аябаган эр экен,
Сөлөкөттүү сөөлөтү,
Атка отурган келбети,
Баягы маркум Манас өңдөнгөн,
Так өзүнүн мүчөсү,
Азканакай кыргызга,
Аким болчу эр экен.

Алдындагы мингени,
Бука моюн букта сан,
Кеменгер соору сом туяк,
Көрбөгөн пенде таң калат,
Кенен жердин тулпары,
Урушуп калса пендеге,
Жакында жатып бой бербейт,
Азыркы жандын султаны,
Аралап жеңең турганда,
Көргөндөрү муну айтат,
Маркум Манас өлгөнү,
Он эки жылга болгону,
Тааныгандар муну айтат,
Тиерине эр таппай,
Эрди самап жүрөт деп,
Мунун жайын мен билем,
Көргөндөрү муну айтса,
Ушу сөздү укканда,
Боздоп долу шиш дөбө,
Жөнөп чыгып барганы,
Жеңең боздоп ыйлап турганы.
«Кууну кушка жегизбе,
Баягы курган катын дегизбе,
Казды кушка жегизбе,
О кудай кайран катын дегизбе,
Өрдөктүн этин жедирдиң,
Өзүмөн чыккан баланы,
О кудай, бирөөнүн уулу дедирдиң,
Казгалдак этин жедирдиң,
Кардымдан чыккан баланы,
Кудурет бирөөнүн уулу дедирдиң.
Чаап ийдим тору атты,
Чыгып келсе жакшы го,
Чыкпай калса курган жан,
Кашайта көздү оёт го.
Кандын сөзү эки эмес,
Өзүмөн чыккан жетимим,
Кармап алып соёт ко.
Колумдагы алтыным,
Ысмайылдын болобу,
Атым чыкпай калса деп,
Чаап ийдим тору атты,
Алдыңа барсам бөлөмбү,
Эндей көйнөк кие элек,
Эне экенин биле элек,
Алты аркар жылдыз баткыча,
Алты айланып эмизип,
Ак сүтүм бердим балага.
Жети аркар жылдыз баткыча,
Жети айланып эмизип,
Эндей чапан кие элек,
Курсактан чыккан жетимим,
Эне экенин биле элек,
Ыйлап турду Каныкей.
Атым чыкпай бир калса,
Каза жетип күн бүтсө,
Чарадай болгон кайран баш,
Тоголонуп калат ко,
Карагаттай кара көз,
Сүзүлүп жолдо калат ко.
Чылбырдай болгон кара чач,
Жолдо жайылып калат ко,
Күрүчтөй болгон кашка тиш,
Жаркырап жолдо жатат ко,
Уудай болгон денемди,
Чымын-чиркей талайт ко.
Кара жору каркылдап,
Кара этиме тоёт ко,
Элден мурун сагызган,
Сугалагын көрсөтүп,
Эки көздү оёт ко.
Балта жутар көк жору,
Кабыргамы жутат ко,
Жото жилик балык эт,
Тазкара капыр тоёт ко.
Алмадай болгон ак эмчек,

Ак кажыр капыр жутат ко,
Кайран өлүк жатат ко,
Сүбөөмү түлкү оёт ко,
Тегирмендей кең көчүк,
Бая бөрү капыр тоёт ко».
Өзүн кошуп жеңекең,
Өксөп турду момундай.
«Атаңдын көрү бок дүйнө,
Кагылайын султаным,
Теги жарыгыңды көрсөткүн,
Шай колдогон кайран эр,
Ак марал кууп уй кылдың,
Кагылайын кайран шер,
Ааламдын баарын буй кылдың,
Алты атан огун солодуң,
Айдыңыңа көп душман,
Арканда жатып кологон.
Адырда жылкы алабаш,
Алмамбет, Чубак аты уйкаш,
Арбагыңда колдой жат.
Кагылайын султаным,
Мурутун бурап толгогон,
Мустапалар колдогон,
Шер жараткан кайран эр,
Он эки бирге кол берген,
Олуязаада кайран шер,
Тиштегени ок болгон,
Тиктешкениң жок болгон,
Кармаганың ок болгон,
Олуязаада кайран шер,
Сенин кармашканың жок болгон.
Конуп кеткен жериңде,
Короодой кызыл тал болгон,
Түнөп кеткен жериңде,
Үйдөй кызыл тал болгон.
Үстүдөн кудай жар болгон,
О дүйнө кеткен кайран шер,
О кудай, арбагыңда колдой жат».
Деп ошентип Каныкей,
Мурдунан аккан сары суу,
Көтөрүп жерге ыргытып,
Жеңең ыйлап турду көрдүңбү.
Ошо күндөн ушу күн,
Иши жөнөп турганда,
Жеңең керемети бар болчу,
Жамандык менен жакшылык,
Жеңеңдин айтып берчүсү бар эле,
Жылаңач бала ийнинде,
Айкөл Манас өлгөндө,
Көздөн кайым болгондо,
Он эки жылга толгондо,
Көрүнбөй калган көзүнө.
Жеңеңдин шилисине мингени,
Күркүрөп учуп келгени,
Коркпо долу, коркпо деп,
Тилегиң кудай берет деп,
Атың чыгып келет деп,
Жаш бала айтып кеткен соң,
Тилекти кудай берет ко,
Эми Тайтору чыгып келет ко,
Жеңең медер кылып турганы.
Ал аңгыча болбоду,
Ат келер учур болгону,
Аттан кабар алмакка,
Эми артылып дүрбү салайын,
Кечээ кабылан Манас өлгөндө,
Калк чогулуп көмгөндө,
Манастан калган сан дүйнө,
Талап алып бөлгөндө,
Айзага таккан желекке,
Асылдан калган белекке,
Тулпардан калган туякка,
Туйгундан калган белекке,
Эриккенде салсын деп,
Эрмек кылып жүрсүн деп,
Атадан калган белек деп,

Баласына керек деп,
Айкөлдөн калган зор дүрбү,
Ала келген эмеспи.
Буулумдан кылган белдемчи,
Бекем басып жээктеп,
Кашатына бастырып,
Ала келген эмеспи,
Аябаган дүмөктү,
Салган жеңең эмеспи.
Көпкөндөр кордук кылганда,
Эмчекти жара чапканда,
Өзүң көргөн дүрбүнү,
Камабынан сөккөнү,
Оозун ачып алганы,
Айланайын чоң дүрбү,
Ээсинен калдың сен жесир,
Эримден калдым мен жесир,
Кагылайын султаным,
Далай көзгө салдың деп,
Жоодон кабар алдың деп,
Дүрбүнүн жайын айтайын,
Оогандан тартып алдырган,
Кырымдан уста алдырып,
Бөлөкбайды чакырып,
Жасаткан экен дүрбүнү,
Кабылан Манас бар кезде,
Анда ааламга жеткен дымагы,
Бөлөкбайдын өзүндө,
Жасап берсең дүрбүнү,
Асалап алты кыз берем,
Өзүң көргөн Бөлөкбай,
Жакуттун таштан алдырды,
Жаткан кытдай каухарды,
Бөлөкбай арасына салдырып,
Оогандан каухар алдырып,
Айнегинин оозуна,
Ошондо бурап салдырып,
Беш имерип толготуп,
Төгөрөгүн төгөгөн,
Эрикпестен Бөлөкбай,
Алты ай жатып өгөгөн,
Беш имерип толгоду,
Беш айчылык жолдорду,
Күн чакырым тартсын деп,
Салып турган адамдын
Көз кумары кансын деп,
Алты айчылык жолдорду,
Алты аркан бою келтирип,
Адам карап турганда,
Мунун көз кумары кансын деп,
Чарайна менен чаптаган,
Булгары менен каптаган,
Болоттон кылган сабы бар,
Бой тумар чалыш кабы бар,
Ашагандан машаган,
Дөөтү менен дос болуп,
Корkконунан Бөлөкбай,
Караңгы үйгө масаган,
Айнегин алып алганда,
Удаа-удаа үч өптү,
Эми чыгырыгын имерип,
Чындап көзгө жиберип,
Кайра тартып кабыштап,
Кара көзгө табыштап,
Аттардын жолго дүрбү салайын,
Алдына чыгып Тайтору,
Тайтору чыгып келбесе,
Жетимден кордук көргүчө,
Өзүмдү-өзүм жарайын.
Аттан кабар алмакка,
Келер убак болду деп,
Кантсе кайра тарткан убагы,
Артылып дүрбү салганы,
Күн чагылат көзүнө,
Эми дүрбү салганда,
Кайра тарткан кези экен,

Ит-Өлбөстүн жонунда,
Арам өлгөн союлгур,
Калган экен карачы,
Үч жүз аттын соңунда.
Таманы жерде тарсылдап,
Калган экен союлгур,
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдө карсылдап,
Таманы жерде тарсылдап,
Алдын карай салганда,
Темиркандын төрт тулпар,
Төртөө озуп чыгыптыр,
А да куюшканга карайт ко,
Эң алдында Ак тулпар,
Алты бута алдыда,
Келе жатат дыркырап,
Анын арка жагынан,
Көлөй кандын аргымак,
Анын арка жагында,
Ысмайыл минген Чоң кашка,
Анын арка жагында,
Койчулар минчү Телкүрөң,
Анын арка жагында,
Төмөнкү Кокон, Маргалаң,
Анжиян менен Түркистан,
Аманген менен Индистан,
Кокондуктун Чоң кашка,
А да койбой чуркап келатат.
Намысымы алам деп,
Алыстан келип калдым деп,
А да жетип келатат,
Ак сакалдык кылдым деп,
А да аябай чуркап келатат.
Маргаландын тору аты,
Мунун аркасынан келатат.
Бөлөк аттан дайын жок,
Аш бышымга ойлоду,
Эми жайы кандай деп,
Бетине алып дүрбүнү,
Мелмилдеген боз талаа,
Алакандай түз талаа,
Ээр белди ашыптыр,
Эки жүз тулпар алдында,
Ошондо эми келатат,
Буурсун тиер жери жок,
Бүтүп салар шайы жок,
Суу жеп кеткен аңы жок,
Суур казган ийин жок,
Казгалдак деген кара куш,
Кайрылып учса жетпеген,
Канаты талып калбаган,
Ошо айдаган тулпарга,
Жаздым айтып койбогон,
Он эки күндүк чөл экен,
Аш бышымга ойлонуп,
Муңканып турат Каныкей.
Атаңдын көрү бок дүйнө,
Алаксыткан куу дүйнө,
Ичтен кийчү сур бешмант,
Кие келбей не болдум,
Бу кордукту көргүчө,
Абыке деген арамга,
Тийип албай не болдум.
Дагы дүрбү салганда,
Кадимкидей көрүндү,
Ач-Албастын бетинде,
Калган экен Тайтору,
Алтымыштын соңунда.
Жарымы төгүн, жарымы чын,
Жараткан өзү билбесе,
Жанында турган киши жок,
Көбү жалган көбү чын,
Кудурет өзү билбесе,
Көрүп келген киши жок.
Теңи жалган, теңи чын,
Теңирим өзү билбесе,

Бирге жүргөн киши жок.
Ак асаба кызыл туу,
Айкырыгы ызы-чуу,
Кадимкидей көрүндү,
Айсарала ат минген,
Сары жаргак шым кийген,
Сунса найза тартпаган,
Сумсайса жоодон качпаган,
Атышкан октон качпаган,
Сары алтындан тактырган,
Тагы калган Бээжинде,
Сары талдан сайдырган,
Багы калган Бээжинде,
Бу дүнүйө жалган деп,
Тозок оту арам деп,
Качып чыккан эмеспи.
Казына жыйган сан малды,
Чачып чыккан эмеспи.
Талак кылган буттарын,
Таштаган манжу журттарын,
Өз атасы Азизкан,
Алтын тагын май кылган,
Атасы Азизканда жай кылган.
Майлай келген эмеспи,
Чыдап алты ай салышып,
Кайнап жаткан арамга,
Алдырбай чыккан эмеспи.
Аттанып чыкса ак жолтой,
Атышкан жоого сан колдой,
Чалгын келсе чарчабас,
Алты ай жүрсө арыбаган,
Оорукта жатса талбаган,
Окоро түйгөн чоң чылбыр,
Омуроого салыптыр,
Алтын айдар чок белбоо,
Азизкандын жалгызы,
Кайран аяш аты деп,
Алмамбет сүрөп алыптыр.
Мунун быяк жагында,
Нойгуттардын кыраанын,
Алышса адамдын алы жетпеген,
Бөрүнүн тили өтпөгөн,
Кечээ Бээжинге бейпай салганда,
Айжаңжуң кытай элине,
Айкырып жалгыз кол салып,
Күмүштөн кемер курчанып,
Күнжаңжуң кытай элине,
Күркүрөп жалгыз кол салып,
Көкала тулпар ат минип,
Көк ырапис тон кийип,
Акбалта кандын Чубагы,
Окоро түйгөн чылбырды,
Бооруна басып алыптыр,
Кайран аяш аты деп,
А дагы сүрөп алыптыр.
Артын анан карасаң,
Улак кан менен Жакып кан,
Экөө тең бир тууган,
Манас менен тең тууган,
Ага-ининин баласы,
Ааламга жетет чамасы,
Кирпиги жалын көзү чок,
Кишиден туулбайт мындай жан,
Кабагы тик өңү саз,
Капталы жазык бою пас,
Билеги темир кара көк,
Бил мүчөлүү бадирек,
Кечээ Бээжинге бейпай салганда,
Аккула окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип,
Айла кетип турганда,
Бала Сыргак көй кашка,
Ашууну аша бергиче,
Алтымышын кайсаган,
Бүктөлүштүн өзүндө,
Эңиш тартып жер келген,

Нескара сындуу арамды,
Экисин катар бир муштап,
Атынын мойнун бургуча,
Кайра тартып алгыча,
Жыйырма бирде табында,
Шейит өткөн кайран эр,
Каражойго аттырган,
Окоро түйгөн кең чылбыр,
Теке жоомарт ат менен,
Омуроого салыптыр,
Кайран жеңем аты деп,
Сыргак сүрөп алыптыр.
Оң жаккы кара токумдан,
Чапчып кармап ыргытып,
Өзүң көргөн торуну,
Тебетейдей зыргытып,
Кээ бир кээ бир жерлерден,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Ылбып-сылтып камчы уруп,
Кайран жеңем аты деп,
Каргадай кылып ыргытып,
Кайран бала эр Серек
А дагы сүрөп алыптыр.
Анын артын караса,
Кырк чоросу кашында,
Кылымды бузган кабылан,
Дүнүйөдөн көчкөндө,
Ааламды бузган кайран шер,
А дүйнө кеткен жалаң эр,
Зорлугу тоонун теңиндей,
Ким кезиксе жегидей,
Казандай кара бөркү бар,
Ааламды бузган кайран шер.
Алтымыш эки табында,
Алдындагы Аккула,
Өйдөлөңдөп алыптыр,
Узун карма чылбырды деп,
Баатыр үндү салыптыр.
Он эки жылкы ашырып
Бөлүнүп алган эмеспи,
Атаңдын көрү куу дүйнө,
Алакза болгон шум дүйнө,
Буларды чогуу көргөндө,
Алмамбет менен Чубакты,
Серек, Сыргак эгиз эр,
Буларды чогуу көргөндө,
Алда таала кудурет,
Аманатым тарткын деп,
Табактай болгон чоң бетти,
Аткып калды ыргытып,
Кан аралаш кара жаш,
Жууп кетти көрдүңбү.
Көйнөк бөлөк болгон соң,
Алаксыган шум дүйнө,
Өлбөй калды көрдүңбү.
Эсин жыйып караса,
Өр талашып алганда,
Өйдөгү төрдүн бетинде,
Калган экен Тайтору,
Он эки тулпар соңунда,
Алган экен Тайтору,
Ата чуу көтөргөн ит эле,
Таластан качып чыкканда,
Кара жанга күч келип,
Ак келбетин таба албай,
Алмамбеттин сыр бараң,
Бир пайдасы тиет деп,
Ала келген эмеспи,
Аябаган дүмөктү,
Сала келген эмеспи.
Таяк кылып жеңекең,
Ала келген эмеспи,
Алмамбеттин сыр бараң,
Бараңдын түбүн дат басып,
Он эки жылы атылбай,

Ичин кызыл дат басып,
Кыргы менен кыргылап,
Сүргү менен сүргүлөп,
Кызыл датты чыгарып,
Майлык менен тарткылап,
Кой башындай коргошун,
Кутудагы көк дары,
Куркурата куйду эми,
Колдуратып коргошун,
Оозунан урду эми,
Китин* минип чалкалап,
Баладай болгон кундакты,
Ак каңкыга чапкылап,
Кулактан чыккан дарыны,
Бармак менен талкалап,
Айланайын сыр бараң,
Ээнден калдың сен жесир,
Эримден калдым мен жесир,
Алакем Бээжинге бейпай салганда,
Асынып жүрсө сыр бараң,
Айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого келгенде,
Аманат жандын баргеги,
Кара манжу кытайды,
Кечээ Бээжинге бейпай салганда,
Какайлатып турганда,
Сарала жүрбөй калганда,
Кошой абам ошондо,
Тайтору минип барганда,
Кошоке Тайторуну бергин деп,
Алманбет минип турганда,
Кыпкызыл кылып ок куюп,
Кара манжу кытайды,
Какайлатып турганда,
Сыр бараң үнүн чаңырган,
Күпүлдөтүп атканда
Өзүң көргөн Тайтору,
Сыр барандын үнүнө,
Көнүп калган эмеспи.
Суу көтөргөн мал эле,
Байгеге жакын калганда,
Ала турган табы экен,
Бараң атып басыккан,
Мылтык атып дасыккан,
Темиркандын төрүндө,
Жашы он бешке келгенде,
Кыз да болсо Каныкей,
Баатыр мерген атыккан.
Кулагынан төрт эли,
Окчо кармап Каныкей,
«Заң» дегизе койду эми,
Алты тулпар соңунан,
Озуп чыгып баратат,
Окоро түйгөн чылбырды,
Омуроого салыптыр,
Алты тулпар соңунан,
Алып чыгып баратат,
Эмчегинин алдына,
Токмок этке кыстарып,
Алып кетип баратат,
Куру дүрмөт мылтыкты,
Дүкүлдөтүп койгулап,
Алып чыгып баратат,
Арбак сүрөп алганда,
Эр мүчөлүү долу күң,
Мойнун жулуп алчудай,
Алып чыгып баратат.
Байгеге жакын калганда,
Төрт тулпардын артынан,
Сүрөп чыгып баратат,
Кагылайын султаным,
Жарыгымды көрсөт деп,
Ыйлап чыгып баратат,
Мисирейип бек ыйлап,
Берен төрөм колдо деп,
Телкүрөңдөн озду эми,

Ысмайылдын Чоӊ кашка,
Андан озуп баратат.
Өргө сала бергенде,
Арбак сүрөп алганда,
Көлөй кандын аргымак,
Андан ашып өттү эми,
Эӊ алдыӊкы Ак тулпар,
Эки бута дыркырап,
Алдында кетип баратат,
Башына кийген суусарды,
Бала кийип баратат.
Катындыгын билгизбей,
Сүрөп чыгып баратат,
Өр таяна бергенде,
Куйрук улаш жеткени,
Кудай урган жылкы экен,
Үзөӊгүсү кагышып,
Теминерден тебишип,
Моюн алышып алышып,
Бири чыгып, бири калып,
Кээ бир кээ бир жерлерде,
Ак тулпар чыга калганы,
Байгеге жакын калганда,
Арбак сүрөп алганда,
Аргамжы бою жеӊекеӊ,
Алып кетип баратат,
А дүйнө кеткен султаны,
Арбагына сыйынып,
Алып жеӊеӊ баратат,
Кыӊ-кыӊ үн салып,
Ыйлап кетип баратат.
Муну мындай таштайын,
Эми Семетейден кабар алайын.
Айланайын балбандар,
Чууга кулак салгыла,
Кыӊ-кыӊ үн чыгат,
Кайран төрөм деп ыйлап,
Таластан качып келген эжемин,
Аты чыгып келатат,
Карып болгон байкуштун,
Атын сүрөп алалык,
Ушу турган байкуштун,
Көөнүн бир көтөрүп салалык.
Чыккан аттын байгесин,
Жартысын да албайын,
Силерге үлөштүрүп берейин,
Жанды кудай жаратат,
Айланайын балбандар,
Жаным чыгып баратат.
Алтымыш тамыр зырпылдап,
Айлам кетип баратат,
Семетей туурасынан качырып,
Байрактап ураан чакырып,
Манастап ураан чакырып,
Окоро түйгөн чылбырды,
Омуроого салганы,
Алтымыш балбан аркадан,
Казганактап калганы.
Мыйзамдын гүлү учкан кез,
Былкылдап куурай бышкан кез,
Жерге эгип салыптыр,
Эгин бышып калыптыр,
Орокту көккө ыргытып,
Байрактап ураан бакырып,
Орокчуларды карасаӊ,
Манастап ураан чакырып,
Адырдан келип жылкычы,
Айгырларын суутуп,
Манастап ураан чакырып,
Жылкычы жетпей калганы.
Адырдан келет уйчулар,
Бука минип бултулдап,
Манастап ураан чакырып,
Булар жетпей калганы.
Семетейдин кийгени,
Этеги тешик сары чапан,

Кагылайын эжеке,
Шамалга бетиң тийгизбе,
Атын сүрөп алганы,
Тайтору чыгып калганы.
Ойдо, Манас! Манас! – деп,
Тоодо Манас, Манас – деп,
Жер дүңгүрөп калганы,
Бул байгесин алганы.
Семетей убадага жеткени,
Балбандарын өзүнө,
Тайторунун байгесин,
Үлөштүрүп берген кез.
Тытылган бети жаралуу,
Каныкей ордого кирип кеткени,
Токсон беште Чыйырды,
Керебетте жатыптыр,
Ой Каныкей кулунум,
Күлгүндөй бетиң жаралуу,
Канетсе арбакты көрүп алгансың,
А дүйнө кеткен султандын,
Арбагын көрүп калдыңбы,
Тайтору чыгып келгенби,
Тилегиң кудай берген го,
Атың чыгып келген го.
Тайтору чыгып байге алып,
Кубанып жатып калганда,
Ал аңгыча болбоду,
Мунарада Темиркан,
Анжияндан он балбан,
Букардан чыккан бир балбан,
Эки жакка бөлүнгүн,
Балбан күрөш болот деп,
Баягыдан эки эсе,
Дагы байге сайып турганы,
Байне сайып турганда,
Анжияндын Акбалбан,
Букарлардан Көкбалбан,
Эки балбан кармашып,
Анжияндын балбаны,
Букарлыктын балбанын,
Көтөрүп жерге урганы.
Карап туруп Семетей,
Ата амыз* кетип калат деп,
Жыгып кеткен балбанды,
Токто балбан, токто деп,
Дагы байге сайганы,
Экинчи күрөш кылмакка,
Жыгып байге алмакка,
Семетей чыкты балбанга.
Темиркан чап билектен алганы,
Семетей кармап турганы,
Балтыр этиң толо элек,
Балбан чагың боло элек,
Бала болбойт булкунуп,
Эри өлгөндөй жулкунуп,
Темиркан айтса болбоду,
Ысмайыл айтса болбоду,
Балбанды көздөп басканда,
Каныкей түп этектен алганы.
Бала мойноп болбоду,
Балбанды көздөй бет алды.
Токтогун балбан, токто деп,
Жыгып кетсең балбаным,
Калаа Букар чоң шаарды,
Шаары менен сайдым деп,
Темиркандын алтын так,
Тагын кошо сайдым деп,
Энди Акбалбан муну айтат,
Өзү тийген баланын,
Белин бурап алайын,
Балбандын көзү тойбойт дүйнөгө,
Баланы көздөй басканы,
Бир оокумда болгондо,
Кезегиңи алгын деп,
Семетей басып барганы,
Тойго келген сегиз кан,

Жарданышып чогулуп,
Баланы карап калганы.
Анжияндын Акбалбан,
Билегин сунуп барганда,
Баланы чап билектен алганы,
Кармап турган балбан деп,
Менин айта турган сөзүм бар,
Таңдын машар күнүндө,
Өлүп калсаң балбаным,
Кайдан өлдүң дегенде,
Семетейден өлдүм деп,
Айтпагыдай сен болуп,
Убадаңы бергин деп,
Балбан чап билектен алганда,
Балтыркан суурган эмедей,
Билекти жулуп алганда,
Кезегиң бергиң балбан деп,
Балбанга колун сунганы,
Акбалбан колун бергенде,
Колун бычырата кармады,
Өлөрүнө көз жетип,
Балдырап турду бул балбан.
Торой тээп балбанды,
Узунунан салганы,
Жыгып туруп балбанды,
Ташка тээп турганы,
Тээп туруп балбандын,
Колун сууруп алганы.
Такыр колтук тушуна,
Балбандын өпкөсүн сууруп алганы.
Коркурай түшүп Акбалбан,
Өлүм болуп калганы.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Дүмөктүү Манас тукуму,
Өлгөн сайын өрчүгөн,
Өрт алгырдын тукуму,
Тойго келген сегиз кан,
Аттарды көздөй бүгүлүп,
Анталаган андан көп,
Үзөңгүнү таба албай,
Төшү менен бир тийип,
Калтарыган андан көп,
Чакчалекей түштү эми,
Тойго келген сегиз кан,
Кара жандан түңүлүп,
Той таркады ошондо,
Сегиз кан эми дүрбөшүп,
Шумкар алып колуна,
Ит агытып куш салып,
Сейилге чыгып Семетей,
Аттанып токой барам деп,
Чоң токой көздөй бет алды.
Токойго барба деп айтып,
Ысмайылдын кыздары,
Семетейге жалынат.
Ээ бербестен Семетей,
Шумкар алып колуна,
Токойду көздөй жөнөдү.
Казга кушун салганы,
Каз-өрдөктү алдырып,
Бир кумардан канганы.
Канжыгадан артканын,
Толорсуктан илдирип,
Токойго кирип барганда,
Шумкар учуп колунан,
Түтүн чыккан жерине,
Шумкар барып конгону.
Көмүр өчүрүп көө болгон,
Көл токойго ээ болуп,
Жаткан экен Сары таз,
Жан казандай башы бар,
Алтымыш менен жетимиш,
Арасында жашы бар,
Салам айтып барганда,
Салам тургай алик жок,
Алик тургай караш жок,

Чүйлүсү менен карады.
«Мүмкүн болсо акебай,
Алдыңа конгон шумкарды,
Алып берсең болобу».
Анда отуруп Сары таз,
Балага муну айтканы:
«Кушуңду алып берүүчү,
Атыңы токуп берүүчү,
Жигитиң ала жүргүнүң!
Балтыр бит башка чыгат деп,
Баланын айткан сөзүн көрдүңбү,
Каракандын шаарына,
Качып келген жетимсиң,
Темиркандын шаарына,
Тентип келген жетимсиң!»
Бул өңдүү сөздү укпаган,
Семетей өңдүү балага,
Жаакка муштап ийгендей,
Кулагына бир тийди.
Ошо кезде Сары таз,
Үйдөй болгон көмүрдү,
Иргеп жаткан кези экен.
Жан казан жан аяк,
Суу урттап алып Сары таз,
Дүп дедире бир койду.
Эзелде мындай сөз укпаган,
Ачууланып Семетей,
Каарданып турду эми,
«Бул эмине дегениң,
Сары таз бокту жегениң!»
Сегиз кыр кылып өрдүргөн,
Казакча өргөн булдурсун,
Чапса кулак тундурсун,
Сары таз ары карай бергенде,
Май куйруктун үстүнө,
Тартып карап турганы.
Үйдөй болгон көмүрдүн,
Ар жагына бир ыргыйт,
Бер жагына бир ыргыйт,
Колу канга толгондо,
Эти алынып болгондо,
Сары таз айтат жомокту,
Башка салды домокту,
Мыкты болсо жаш бала,
Сен атаңдын кунун куусаңчы,
Атаң башка болучу,
Атың кашка болучу,
Атаңдын жайын айтайын,
Сенин атаң зор Манас,
Ак марал кууп күй кылган,
Ааламдын баарын буй кылган,
Эже деген Каныкей,
Сенин энең болучу.
Атакең Манас өлгөндө,
Арамдар олжо бөлгөндө,
Эже деген Каныкей,
Таластан келген жөө тентип,
Балтыр бешик чагында,
Көтөрүп келген болучу.
Жоргонун белин аша албай,
Жоготуп ыйлап баса албай,
Каныкей качып келген кези эле.
Деп ошентип турганда,
Баатырдын уулу Семетей,
Айтканың ырас болсо деп,
Атаңдын көрү Сары таз,
Ушу турган Букарга,
Кан көтөрүп аламын,
Жалган болсо айтканың,
Башыңды жулуп аламын,
Сары таздан кеп угуп,
Кайра тартты Семетей,
Кабагы карыш бүркөлүп,
Жылдызы түштү Семетей,
Кайрылып келип үйүнө,
Эч ким менен сүйлөшпөй,

Өз билгенин кылганы,
Ээрин алып жайдактап,
Минип барган тулпарын,
Агытып коё бергени,
Кушуңду көздөп алгын деп,
Таманга кагып ийгени,
Шумкар учуп айланып,
Семетейдин жанында,
Терекке конуп алганы.
Агытып ийген ак шумкар,
Кайрылып оттоп турганы,
Ошол кезде Семетей,
Ак каңкыны жазданып,
Сур чепкенин жамынып,
Кыбыланы бет алып,
Семетей жатып калганы.
Ал аңгыча болгон жок,
Күүгүм кирип калганы,
Агытып ийген ак тулпар,
Киригип жылдыз санайт деп,
Өмүрү кыска болот деп,
Көлөкө кылып ак тулпар,
Соорусун салып турганы.
Ак тулпардын сооруга,
Ак шумкар конуп турганы.
Кандан жарлык болгону,
Семетей кайда деп айтып,
Калкына жарлык кылганы.
Семетей кайда дегенде,
Койчу көрүп калыптыр,
Бешим дигер болгондо,
Биякка келип бир адам,
Уктап жатып калды деп,
Кара оозуңа кан толгур,
Чоң токойго барган го,
Кандай неме айтты деп,
Жин оозуңа толгур деп,
Кандай неме айтты экен,
Кандан жарлык болгондо,
Жыйылып калкы келгенде,
Талып жатты Семетей,
Эч нерсени айтпастан,
Тил сүйлөбөй калыптыр,
Пери тийип калдыбы,
Эмне дарып кетти деп,
Молдолорго окутуп,
Адамзаттын акылы,
Өз бети менен болгон деп,
Молдолор окуп тапканы,
Ак ордону тиктирип,
Күнү-түнү нечен күн,
Таң-тамаша салганы,
Ырчы менен чоорчу,
Алып келип салганы,
Комузчу менен кыякчы,
Кошо келип калганы,
Укпай жатат Семетей.
Кыз-келинди жыйганы,
Кыркалай токмок салганы,
Ыргай жанды ырдатып,
Таң-тамаша салганы.
Ага дагы болбоду,
Семетей турбай койгону.
Таң-тамаша салса да,
Семетей турбай койду эми,
Дүнүйө тамак жайнаса,
Даам татпай койгону.
Айласы кетип Темиркан,
Алапайын таппады,
Агасы экен Көлөйкан,
Көлөйканды чакыртты,
Арам-адал тышында,
Аңкылдаган эр эле,
Илгери үмүт берүүчү,
Кырма кара аякка,
Толтура арак куючу,

Толтура кымыз куйдуруп,
Бир колуна бал алып,
Аяктай арак көтөрүп,
Семетейге сунду эми.
Аякты коюп алдына,
Тургун балам деп айтып,
Ийининен көтөрдү.
Турбай бала турганда,
Колу талып турду эми,
Көтөрүп бул баланы,
Көлөй таштап ийгени.
Дүңк этип башы тийгенде,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Дүмөктүү Манас тукуму,
Өлгөн сайын өрчүгөн,
Өрт алгырдын тукуму,
Таластан алып бул жерге,
Тентитип келген мен белем,
Каракандын шаарына,
Качырып келген мен белем,
Темиркандын шаарына,
Тентитип келген мен белем,
Ошентип Көлөй күүлөндү,
Көлөйдүн сөзүн укканда,
Ошо замат токтолбой,
Шаңк этип бала турганы,
Ачыктай болгон аякты,
Тартып ийди Семетей.
«Эже деген Каныкей,
Менин энем турбайбы,
Каздалый деген байбиче,
Чоң энем өзү турбайбы!»
Эми Каныкейди чакырды,
Алып келгин колуңду,
Колун катуу кармап койгондо,
Каныкей ыштанына сийгени.
«Кайнатпа менин шорумду,
Казбагын менин орумду,
Эрдим ашка жеткенде,
Эмгегиң ташка тийбесин!»
Анда Семетей туруп муну айтат:
«Атым кашка турбайбы,
Атам башка турбайбы,
Менин жерим Талас турбайбы,
Менин атам Манас турбайбы!»
Анан угуп Каныкей,
Айтмак болду жомокту.

## КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ

Башыма салдың домокту,
Айланайын жетимим,
Айттырмак болдуң жомокту.
Атакең Манас эр болгон,
Ааламды бузган шер болгон,
Чалыяр чаркы жетпеген,
Искендер изи чалбаган,
Сулайман сурак салбаган,
Топон суу каптап калбаган,
Азиретаалы барбаган,
Сенин атаң эр Манас,
Кабылан тууган эр болгон,
Ак марал кууп уй кылган,
Ай ааламды буй кылган,
Атакең жайын сурасаң,
Кабылан тууган эр болчу,
Каракулак шер болчу.
Кечээ Бээжинге бейпай салганда,
Калың кара дин ислам,
Атаң түгөл айдап барганда,
Алдатып жүрүп сайдырган,
Атаң өпкөсүн канга чалдырган.

Алты ай сурап Бээжинди,
Алдатып жүрүп сайдырган,
Чоң Бээжиндин баткалда,
Атаң намаз окуп жатканда,
Алооке кандын Коңурбай,
Бээжинден чыккан кара курч,
Учу курч болсун деп,
Уй майына сугарткан,
Колдон тайма болот деп,
Кармай турган жерине,
Коло менен чырматкан,
Амаз окуп жатканда,
Бийиги кырк кез сепилден,
Алооке кандын Коңурбай,
Даяр болуп калыптыр,
Амаз окуп жатканда,
Капысынан Коңурбай,
Аркадан келип чапканда,
Айбалта калып орноду,
Кароолчусу Ажыбай,
Тараза жылдыз батты деп,
Таң кашкайып атты деп,
Куш уйкусун салыптыр,
Ыбырыс уруп чачканда,
Бериште алыс качканда,
Куш уйкуну салганда,
Камындырбай айкөлдү,
Аркадан келип чапканда,
Кара белдин өзүнө,
Какандан чыккан Коңурбай,
Катуурак найза муштады,
Дүбүрттү угуп Ажыбай,
Башын жулкуп алды эми,
Карткүрөңдөй тулпарга,
Жайдак чурап мингени,
Күүлөнүп туруп секиртип,
Так секирип кетерде,
Май куйрук жара муштады,
Бийиги кырк кез сепилден,
Күүлөнүп келип Коңурбай,
Алгаранын үстүнөн,
Коңурбай ыргып кеткени.
Ажыбай өзү келип караса,
Коондой башын кеспейт беле,
Ажыбай эңкейип алдыны карабай,
Эңкейип алдын караса,
Коондой башын кеспеспи,
Ажалы жок бул калча,
Асмандан булут тутулат,
Ажалы жок бул калча,
Мына ошентип кутулат.
Ошентип атаң жарадар болгондо,
Алмамбет кабар укканда,
Буйдалбай жетип келиптир,
Жарасын көрүп Манастын,
Алмамбет ыйлап ийиптир.
Айбалтанын сыныгын,
Ыкшап суурул алганда,
Бек тарт десе бек тартып,
Болоттон кылган сыр найза,
Корт этип сынып калганы.
Омуртка жакка сайыптыр,
Найзанын сынган курч учу,
Омурткада калыптыр.
Атакең мындай эр эле,
Ааламды бузган шер эле.
Алты ай сурап Бээжинди,
Алдатып жүрүп сайдырып,
Алоокенин Коңурбай,
Өпкөсүн канга чалдырып,
Кагылайын жетимим,
Жарадар атаң келгенде,
Атаңдын
айласын таппай калгамын.
Баргандар бүткүл жалпы өлгөн,
Музбурчак, Көкчө алп өлгөн,

Кагылышып кан өлгөн,
Берендерден көп өлгөн,
Белгилүү Чубак шер өлгөн.
Серек, Сыргак бул өлгөн,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
А да баатыр жан эле,
Казатта жүрүп бул өлгөн.
Он эки мыкты кан өлгөн,
Ошолордун ичинде,
Атаңдын колдогону кырк чилтен,
Алаткүн төрөм өлдүң деп,
Азапты чогуу көргүн деп,
Бээжинге барсаң өлөсүң,
Мени кайдан көрөсүң,
Айтпадым беле бая деп,
Адамдын тилин албаган,
Айтып жүрдүм башынан,
Өтүп Бээжин бар деген,
Кожояр мерген бар деген,
Айтпадым беле бая деп,
Атаңдын кол тийгени көп болгон,
Атаң мындай эр болгон,
Ааламды бузган шер болгон,
Кагылайын кулунум,
Мен айтамын сөзүм ук,
Атаң олуязаада киши эле,
Эртең менен болгондо,
Боз кисе салып белине,
Атаң анда-санда барчу эле,
Чын жаралган балбан таш,
Аттанып сапар жүрөрдө,
Балбан ташка барчу эле,
Кулачын жайып атакең,
Балбан ташты көтөрсө,
Атакең самаган жоону алчу эле.
Көтөрө албай бир калса,
Атакең ордо атып жатчу эле,
Эриксе кулан атчу эле,
Эрикпесе жатчу эле,
Атаңын касиети бар эле,
Абыке, Көбөш алты арам,
Атакең дүйнөдөн көчкөндө,
Мени аламын дегенде,
Эмчекти жара чапканда,
Көпкөндөр зордук кылганда,
Мени көк бөрү тартып калганда,
Өлөйүн дедим арымдан,
Өлбөй калган жерим бар,
Бир Семетей барыңдан.
Атаң кыйын болуп жатканда,
Кыл мурутун сыйпайтып,
Кыямат көздөй жол тартып,
Ошо турган атаңа,
Курман болуп өлбөдүм,
Атаңа кызмат кылгамын,
Талас таштак жер болбойт,
Кең-Кол кумдак бул болбойт,
Кебез тоонун ар жагы,
Кең Кашкардын бер жагы,
Алтымыш атан алдырып,
Топо жүктөп алдырып,
Анжияндын Кушбегин,
Кызмат кылып берсин деп,
Аралбай сарттан алдырып,
Анча-мынча кишисин,
Ылайына салдырып,
Жети миң эркеч майына,
Кыш бышырып салгамын,
Жети кылым өткүчө,
Уулум жетим уккунуң,
Бузулбай турсун дегемин.
Алты миң эркеч майына,
Кыш бышырып алгамын,
Алты кылым өткүчө,
Турсун тура салгамын.
Уулум жетим ук муну,

Атаӊ чырпыгынан чыр кылбас,
Чын олуя киши эле,
Атаӊ олуя, пирге кол берген,
Олуязаада эр эле,
Кагылайын атаӊын,
Колдогону кырк чилтен,
Кошо жүрчү кырк чилтен,
Чагарак куйрук чаар жолборс,
Чамынганда кайтпаган,
Атакеӊ жайын айтайын,
Адамга сырын айтпаган.
Алты атар огун сологон,
Кагылайын жетимим,
Айдыӊына көп душман,
Көрбөй жатып кологон.
Атаӊа күмбөз салгамын,
Бекем болсун деп ойлоп,
Көрүп пенде турсун деп,
Кыямат кайым болгуча,
Санат болуп калсын деп,
Атаӊын саадагы төргө илинүү,
Салып кеткен дүмөгү,
Күмбөзүнө чийилүү.
Бээжинге бейпай салганда,
Ат өлүгү бир тоодой,
Муну тартып күмбөзгө,
Эр өлүгү бир тоодой,
Муну тартып күмбөзгө,
Агын суудай кызыл кан,
Муну тарттым күмбөзгө,
Бакыбай, Дуулат эки кан,
Муну тарттым оӊ күмбөзгө,
Оӊ жаккы туура капшытка,
Айсарала ат минген,
Сары жаргак шым кийген,
Аяш атаӊ болучу,
Муну тарттым сүрөткө.
Көкала сындуу ат минген,
Көк рапыс тон кийген,
Акбалта кандын Чубагы,
Алышса адамдын алы жетпеген,
Бөрүнүн тиши өтпөгөн,
Аяш атаӊ болучу,
Аны да тарттым сүрөткө.
Теке жоомарт ат минген,
Улак кан менен Жакып кан,
Ал экөө бир тууган,
Ага-ининин баласы,
Сыргакты тарттым сүрөткө.
Самоору кымбат чайы арзан,
Самаркандай калаа жок,
Сапарга жолдош алууга,
Сыргак өӊдүү бала жок,
Кирпиги жалын көзү чок,
Кишиден туулбайт мындай жан,
Кабагы бийик өӊү саз,
Капталы жазы бою пас,
Тулку бою кара таш,
Билеги темир кара көк,
Бил мүчөлүү бадирек,
Чарчы бойлуу бала эле,
Жумуру баштуу пендеден,
Бул өӊдөнгөн жок болчу.
Бала Сыргак көй кашка,
Жыйырма бирде табында,
Каканчылуу Бээжинди,
Какайлатып турганда,
Аккула окко учуруп,
Ата Алмамбет шейит кечирип,
Айласын таппай турганда,
Каарданып эр Сыргак,
Кара ылама манжууну,
Бир сапырып алганда,
Кайра тартып качырып,
Ашууну аша бергиче,
Алтымышын кайсаган.

Бүктөлүштүн кезеңде,
Нескараны баш кылып,
Сегизин катар муштаган,
Кайра тарта бергиче,
Атынын оозун бургуча,
Жыйырма бирде табында,
Кагылайын жетимим,
Каза жетип күн бүтүп,
Каражойго айттырган,
Кагылайын уулукем,
Боордошуң болучу,
Сыргакты тарттым сүрөткө.
Ата мындай жан эле,
Аккуладай ат минген,
Ак олпок сындуу тон кийген,
Токсон нардай дардайган,
Кагылайын атаңдын,
Тиштегени ок болгон,
Сенин атаң Манастын,
Тиктешкени жок болгон,
Кармаганы ок болгон,
Кагылайын жетимим,
Сенин атаң Манастын,
Кармаганы жок болгон.
Атаң ушундай эр эле,
Сенин атаң зор Манас,
Кабылан тууган эр эле,
Мусулманды капырдан,
Ажыратпай тең көрдү,
Күмбөздүн аркы төрүнө,
Атаңды тарттым сүрөткө.
Өтүп кеткен табында,
Кылымды бузган кайран эр,
Ааламды бузган кабылан,
Алтымыш эки чагында,
Өтүп кеткен дүйнөдөн,
Кечээ Бээжинге бейпай салганда,
Коломолуу сыр жебе,
Колтугунда койкойтуп,
Алачыктай калчаны,
Кечээ Коңурбайды кууганда,
Аккула менен дүр жетип,
Алгаранын үстүнөн,
Олтурган иттей чочойтуп,
Коңурбайды качырып,
Кагылайын жетимим,
Атакеңе сайдырып,
Аяш атаң Алмамбет,
Найза салып орноткон,
Ааламды бузган калчанын,
Алтай көөнүн ооруткан,
Уулум жетим ук муну,
Ороккырды качырып,
Кан Көкчөгө сайдырып,
Уулум жетим ук муну,
Буларды тарттым сүрөткө.
Нескара качып алганда,
Оң жагы туура капшытка,
Сегизи кача бергенде,
Эр Сыргакка сайдырып,
Кагылайын жетимим,
Коңурбайдай калчаны,
Баятан каран кылганым,
Аны босогого тарткамын.
Калчанын жайын айтайын,
Алдындагы Алгара,
Казандай соору даңкайган,
Кайыптан бүткөн мал экен.
Кебез белбоо кең өтүк,
Кечилдин каны зор калча,
Алтындан соккон зор күрмө,
Ай далыда калкылдап,
Алтын болду майдан таш,
Төбөсүндө жаркылдап,
Эки каштын ортосу,
Суу жеп кеткен кашаттай,

Муруттарын карасаң,
Каксоого чыккан чалкандай,
Көзү көлдүн быткылдай,
Алачыктай сур манжу,
Көрүнгөндү жуткудай,
Көп жагынан байкаса,
Тогуз карыш казандай,
Ак сүмбалда тамеки,
Тогуз чеңгел урганда,
Бөксө болуп калганда,
Коё берсе түтүнү,
Кол ыштыкта буркурап,
Ошондо көрдүм калчаны,
Кең маңдайын караса,
Кашка тиши күрөктөй,
Көзүнөн чыккан шоросу,
Кой жалаган шалчадай,
Босогого тарткамын,
Кагылайын жетимим,
Буларды көрүп аларсың,
Эсиң чыгып кетпесин,
Уулум жетим ук муну,
Абыке, Көбөш алты арам,
Атакең Манас өлгөндө,
Атаңдан калган сан дүйнө,
Талоон кылып бөлгөндө,
Тайбуурул баштап он төрт ат,
Тулду салып кермеге,
Ат кермеге байлатып,
Тайбуурулду мингемин,
Атаңдын кыркын берген жерине,
Көзүнөн аккан кара жаш,
Деле саамайы ылдый куюлуп,
Бетими жууган жерлерим,
Кына жошо болгондур,
Кемегенин кашына,
Чачымы жазган жерлерим,
Чытырман токой болгондур,
Көзүмөн аккан кара жаш,
Кайнар булак болгондур,
Уулум жетим ук муну,
Арамдар олжо бөлгөндө,
Мен качып чыгарда,
Сага камдаган бууданды,
Кыз Сайкалдан алганда,
Бугудай мойнун бураган,
Бута бою оң келсе,
Буйдалбастан чураган,
Буттап дилде зар берип,
Букардын каны сураган,
Сураганда бербеген,
Эңсегени Тайбуурул,
Арамза олжо кылганда,
Кермеде турган бууданды,
Кулагына дем салып,
Айтып кеткен болчумун.
Кумда туулуп чөлдө өскөн,
Жаныбарым Тайбуурул,
Кулан менен бирге өскөн,
Жеткайттын башы жерге өскөн,
Жейрен менен бирге өскөн,
Туудум деген эне жок,
Туудурдум деген ата жок,
Кайып менен бирге өскөн,
Сен балтыр бешик чагыңда,
Моюндан тартып кучактап,
Жаныбарым Тайбуурул,
Ыктыру үзүк ала нар,
Жайынкысын болгондо,
Таластын башы Чатыр-Көл,
Чатыр-Көл барып жайлап көр,
Кышынкысын болгондо,
Соң-Көлдү барып кыштай көр,
Күзүнкүсүн болгондо,
Килемчи барып күздө тур,
Жазынкысын болгондо,

Суусамырды сурай көр,
Жаныбарым Нарбуудан,
Суурма көлүн оттоп тур,
Кулагына дем салып,
Айтып келген болчумун,
Он эки жылга толгондо,
Кара-Өтөктүн боюна,
Үч убак келип чалып тур,
Ээң аман бар болсо,
Чоңоюп алып Семетей,
Алла насип бир кылса,
Минер күнү бар бекен,
Муну мындай таштайын,
Атак издеп ак шумкар,
Көзү кара көк шалбан,
Көрүнгөндү койбогон,
Көнөктөй жемге тойбогон,
Текөөрү темир болучу,
Тепкени текке кетпеген,
Арпанын башы жагына,
Шактан учуп жүргүн деп,
Он эки жылга толгондо,
Ээ аман бир болсо,
Атакеңин дубалга,
Учуп келип конуп жүр
Алуучу болсоң куш ошол,
Айтып келген болчумун,
Кагылайын кулунум,
Шумкардын жайы момундай,
Атаңдан калган ак кушу.
Букара өскөн арамдар,
Булайтып кийип алгандыр,
Жакасы кирдеп калгандыр,
Жебенин огу жетпеген,
Бараңдын огу батпаган,
Келтенин огу тажаган,
Очогор ойноп кетпеген,
Бөөдө өлүм жетпеген,
Атаңдан калган ак олпок,
Абыке кулдун колунда.
Асынып жүрсөң ак келте,
Атаңан калган ак келте,
Уулум жетим ук муну,
Жабдыктын жайын айтайын,
Чагара ооз чак келте,
Асынып жүрсөң ак келте,
Айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого келгенде,
Аманат жандын баргеги,
Алуучу болсоң мүлк ошол,
Атаңдан калган айбалта,
Уңгусу болот учу курч,
Учуна тарткан кара курч,
Абыкенин колунда,
Алуучу болсоң мүлк ошол.
Кагылайын жетимим,
Кийүүчү болсоң тон ошол,
Минүүчү болсоң ат ошол,
Салуучу болсоң куш ошол.
Уулум жетим ук муну,
Атаңдан калган сур тайган,
Жайынкысын болгондо,
Жашыгып өпкө жегендир,
Күзүнкүсүн болгондо,
Арпадан атала кылып бергендир,
Өпкөнү кылга сайгандар,
Алтын кынжы мойнунда,
Кең Таластын боюна,
Дакысы түшпөй шумшуңдап,
Күйүт тартып калгандыр.
Койчу кулдан таяк жеп,
Суур аңдып калгандыр.
Атакеңин күмбөзгө,
Кез-кезинде бир келип,
Бул каңшып жүрүп калгандыр,
Алуучу болсоң ит ошол.

Сур тайган жайын айтайын,
Медияндын чөлүндө,
Кыдыр чалган атаңы,
Кара кумдун бетинде,
Атаң намаз окуп атканда,
Күчүк кыңшып турганда,
Кара таштын түбүндө,
Атакең үн чакырым бир басып,
Атакең барып тапканда,
Балта жутар көк жору,
Кумайык тууп кетиптир,
Атаң этегине салганда,
Ошондо маа куда болгондо,
Сур тайганды баккамын,
Он беш жашка келгенде,
Күчүгүмдү баккын деп,
Кызыңды сынап билем деп,
Коркконуман атаңан,
Сур тайганды баккамын.
Ак ордону тиккемин,
Ичине ордо каздырып,
Сур тайгандын өзүнө,
Азуулар чыгып кас болду,
Орду казып баккамын,
Кыштын кыраан чилдеде,
Ак боз бээни сойдуруп,
Тырмак менен сыдырып,
Кызыл эт болгон чагында,
Күчүгүн багып бергемин.
Борбуюп мындан көтөрдү,
Жыл маалына келгенде,
Жолборс көрсө кутказбайт,
Сур тайган
илбээсин көрсө кутказбайт,
Кан кыздары жыйылып,
Баш таңмай кылып жатканда,
Шакаба кылып күлүшүп,
Тамаша салып жатканда,
Атаң кабарсыз келиптир,
Ошо күнү атакең,
Барбайып келип калыптыр.
Күчүгүмдү алып кел деп,
Жигиттерин жиберип,
Ошо күнү курган жан,
Сур тайган атакеңи көргөндө,
Эшиктен туруп баш багып,
Коломтодон секирип,
Сөксөөлдүн кызыл чогуна,
Куйругун чалып алганда,
Күчүгүн көрөр табында,
Итин көрүп зор Манас,
Ишенип күчүк мен берсем,
Итими бакпай коюптур,
Кордукту атаң салганда,
Коркутуп жатып сен атаң,
Алакандай Букарды,
Алты чаап алам деп,
Мени алты жыл салбар кылганда,
Өлгөндө жатып атаңа,
Касиеттүү кан Бакай,
Каныкейди алгын деп,
Каныкейди алсаң деп,
Ар шайманың даярлайт,
Кырк чороңу багат деп,
Кылыгыңа жагат деп,
Кечээ Карача кандын кан Сайкал,
Атаң аламын деп барганда,
Мурун кырк чоросун жиберип,
Кыз Сайкал
кыркын катар сатып алганда,
Кыркынын киймин бир топтоп,
Кыз Сайкал кордук кылганда,
Кыркы жөө калды деп,
Кыркына кийим тапкамын,
Кыркына атты камдадым,
Арага Бакай түшкөндө,

Өлгөн жаным ошондо,
Алынды катын болгомун,
Атаң мындай эр эле,
Сур тайган жайы момундай.
Атаңан калган кара нар,
Билгендери айтчу эле,
Манастын ок жүктөгөн кара нар,
Билбегендер айтчу эле,
Манастын пири дечү эле,
Кара нар күйүт тарткандыр,
Эки көзүн кал басып,
Манас кандын күмбөзгө,
Капшытына чөккөндүр,
Бакай абаң ошондо,
Түлкү көдөө күлүн* бергендир,
Көдөөсү тоодой болгондур,
Көөкөр менен суу берип,
Бакай абам баккандыр,
Кара нар чөгүп жаткандыр,
Уулум жетим, ук муну,
Кагылайын жетимим,
Алтындан кылган окто бар,
Барып калсаң күмбөзгө,
Дуба окуп кол жайып,
Кара нардын бир өзүн,
Атаңын арбагына чалып өт.
Алтындан кылган октосун,
Канжыгага байланып,
Белек кылып ала кел.
Эсенкан кызы Бурулча,
Алмамбет өлүп калганда,
Мен Таластан качып чыкканда,
Келгендерден кеп уктум,
Эсенкан кызы Бурулча,
Абыкедей арамга,
Нике кыйды деп уктум.
Абыкеге бой бербей,
Бадачыга саанчы кирди деп уктум,
Өлбөстүн күнүн көрдү деп,
Өчпөстүн отун жаккандыр,
Аргасыздан жүргөндүр,
Куржунуңа мен салдым,
Кие турган суп көйнөк,
Бурулчага бере кел.
Жамгырчынын Акбала,
Кой кайтарып алгандыр,
Күлчоро алты жашар болгондур,
Кой көтүнө салгандыр,
Койчу кулдан таяк жеп,
Куур тонду кийгендир,
Жылаңайлак жылаң баш,
Күлчоро минтип жүргөндүр.
Кагылайын жетимим,
Уулум жетим, ук муну,
Менин сөзүм угуп тур,
Муну мындай таштайын,
Эми Бакай абаңан баштайын.
Бакай абам ошондо,
Төө кайтарып жүргөндүр,
Абыке, Көбөш арамдар,
Төө кайтарып алгандыр,
Минип жүргөн Көктулпар,
Көкчолок болуп калгандыр,
Башына кийген кундуз бөрк,
Чоң тебетей болгондур,
Такымы кыйгак болгондур,
Көкүрөгү кирилдеп,
Көзүнөн шору куюлуп,
Абаң төө кайтарып жүргөндүр.
Быйыл жылы улуу деп,
Быйыл жылы коён деп,
Абаң жылды сүрүп калгандыр,
Он эки жылга толду деп,
Жетим быйыл келер деп,
Төө кайтарып жүргөндүр.
Кагылайын жетимим,

Канчоро жайын айтайын,
Абыкенин зайбына,
Суу алчу болуп калгандыр.
Кагылайын жетимим,
Илбээсиндер көбөйүп,
Арпанын башы жайыкка,
Абыдан толуп алгандыр,
Алтын, күмүш таш болуп,
Арамдар элге баш болуп,
Арамдар минтип жаткандыр,
Жаман үйдүн жалчысы ай,
Мен бер жакка качарда,
Өкүл ата Карыпбай,
Музоосун бербей койгондо,
Жаман үйдүн тамчысы,
Жонуман тагы кете элек,
Карыпбайдын камчысы.
Кайсы дартты айтайын,
Кагылайын жетимим,
Атакеңин күмбөзүн
Анын да жайын айтайын,
Түгөнгөн тоонун тумшукта,
Атакеңин чын жайы,
Эчкилүүнүн Кара-Тоо,
Зоонун боорун ойдуруп,
Ичин үңүп бергин деп,
Болоттон кетмен бергемин,
Беш балбандын өзүнө,
Аркы тоону тештирдим,
Ичи сасып кетер деп,
Ичине булак жүргүзүп,
Алматыны чалдырып,
Жетимиштей нарларга,
Арчанын бүрүн жүктөтүп,
Бел курчоодон салдырып,
Кабаттатып бүрлөрүн,
Жакшылап тизе бою салдырып,
Кеңдигин билем деп,
Атка минип киргенде,
Айза булгап турганда,
Тийбегидей кылганда,
Кеңдигине ишенгем,
Душман ачып кетет деп,
Түпкө чогуу жетет деп,
Казынаны үч күнү,
Желмаянга жүктөтүп,
Капшытына төккөмүн,
Таштан каалга жасатып,
Ташка эпти кыйдырып,
Атакеңи койгонбуз.
Жаткан уйдай алтынды,
Керебет кылып чаптырып,
Жаткан уйдай каухарды,
Кыямат кайым болгуча,
Жарык болуп турсун деп,
Мунара койдум толготуп,
Кагылайын кулунум,
Доораныма кур байлап,
Баарын бирдей сур байлап,
Кызыл дилде чачтырып,
Кыямат жолун ачтырып,
Акың болсо алгын деп,
Жар чакырып айкырып,
Беш адам акым бар дегенде,
Алганынан үч эсе,
Акысын төлөп бергемин.
Ак эшенди чакыртып,
Түн ичинде атаңа,
Катма куран окутуп,
Уурдап туруп атаңы,
Кара зоонун ичине,
Так ошентип койгонбуз.
Уулум жетим ук муну,
Атаңын кол тийгени көп эле,
Кол артканы аз эле,
Барып чапкан Ооганды,

Маргалаң кайдан соо калды.
Атаң Анжиянга барчу эле,
Андан алман алчу эле,
Алты миң жамбы миң кундуз,
Жылына алман алчу эле.
Коконго кабар салчу эле,
Жети жүз жамбы кырк кундуз,
Мындан алман алчу эле.
Атакең кең Кашкарга барчу эле,
Кашкар менен Турпандан,
Андан алман алчу эле,
Тогуз миң жамбы, миң кундуз,
Андан алман алчу эле,
Маргалаңга барчу эле,
Жети жүз жамбы миң кундуз,
Мындан алман алчу эле.
Жетим уулум ук муну,
Аккула буту тийбеген,
Жерде бүтүн бар бекен,
Манастын колу тийбеген,
Элде бүтүн бар бекен.
Кагылайын жетимим,
Угуп алгын муну сен,
Эми жүрө турган тап келди,
Таятаңын Ак тулпарын минип бар,
Асыл тонуң кийип бар,
Кагылайын кулунум,
Азык-түлүк мол алгын,
Кагылайын кулунум,
Он түрлүү жол келет,
Жетим туурасы Турпан жол,
Турпан деген жер ошол,
Тетиги кайра кеткен кашка жол,
Кең Кашкарга баруучу,
Орто жолдон чыкпай жүр,
Ылдый тартып эңиштеп,
Чоң Кокон деген жер ошол,
Кокондон кордук көрөсүң,
Ал жакка барсаң өлөсүң,
Ортоңку жолдон чыкпагын,
Андан өтүп сен барсаң,
Алты күнү жол бассаң,
Талас деген жер болот,
Ой-Акчийден өткөндө,
Кең Талас деген жер болот,
Бөлөк жерде күмбөз жок,
Ыраактан турар жаркырап,
Үч чакырым барганда,
Токтоно албай каларсың,
Бүткөн боюң бир бошор,
Ак бараң ийинде жаркырап,
Асыл атам деп ыйлап,
Сыр бараң ийинде жаркырап,
Кагылайын жетимим,
Султан атам деп ыйлап,
Күмбөздү көздөп келгенде,
Көк асаба жапырып,
Көк жал атам деп бакырып,
Ак асаба жапырып,
Асыл атам деп бакырып,
Сен өкүрүп барганда,
Атакеңдин күмбөздөн,
Күңгүрөнүп үн чыгат,
Күңгүрөнүп үн чыкса,
Саа кудай бергени.
Үн чыкпаса күмбөздөн,
Орто заада болосуң,
Күмбөзгө кирип барганда,
Айткандарды көрөсүң,
Алтындан тизгин булкунтуп,
Алгара менен жулкунтуп,
Алтын айлуу сыр канжа,
Алачыктай зор калча,
Босогого тарткамын,
Коңурбайды көргөндө,
Учмактуу тууган Бээжинди,

Атаң намаз окуп жатканда,
Аркадан туруп чапканда,
Кагылайын атаке,
Канткенде тирүү келдиң деп,
Капаланып турарсың.
Муну мындай таштайлы,
Семетейдин Букардан,
Жөнөгөнүнөн баштайлы.
Темиркандан бата алып,
Чыйырдыдан бата алып,
Жолуң шыдыр болсун деп,
Жолдошуң кыдыр болсун деп,
Батасын берген жер ошол.
Туура кеткен Турпан жол,
Кайрылып кеткен Кашкар жол,
Ортоңку жолду бет алып,
Семетей жөнөп калганы.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ой-Акчийге келгенде,
Чаалыкпастан жол жүрүп,
Таласка кирип келгени.
Алыстан көрүп күмбөздү,
Мууну кетип баланын,
Ак бараң ийнинде жаркырап,
Асыл атам деп ыйлап,
Күмбөздү көздөй бастырды,
Сыр бараң ийнинде жаркырап,
Султан атам деп бакырып,
Өкүрүп келип күмбөзгө,
Аттан ооп түшкөнү.
Эс учун жыйып алган соң,
Чөгөлөй түшүп Семетей,
Дуба кылып калганы.
Мурунку өткөн төрт шерге,
Дуба кылып кол жайып,
Кабылан тууган Манаска,
Дуба кылып бүткөн соң,
Эки жагын каранып,
Энемдин айтканы туура экен деп,
Ыраазы болду ичинен.
Күмбөздү айлана басканда,
Чөгүп жатат кара нар,
Эки көзүн кал басып,
Кара нар жаткан кези экен.
Кара нарды чалганы,
Кабылан султан Манаска,
Атасына багыштап,
Дуба окуп калганы.
Муну мындай таштайын,
Быягынан баштайын,
Олуязаада зор Бакай,
Жылгындуу токойго,
Бакай төө кайтарып жүрүптүр.
Ак тулпар менен зыргытып,
Төө кайтарган жерине,
Жулкунтуп жүрүп калганы.
Алыстан көрүп зор Бакай,
Жоо бөрүсү эмеспи,
Жоо келип калды деп,
Токойдон талды жулганы,
Чокмор кылып алганы,
Такымына кыстарып,
Алаканга түкүрүп,
Зыргытып Бакай келгени.
Ошондо бала Семетей,
Салам айта салганы,
Алик алып зор Бакай,
Жайын сурап турганы.
Мен Букардан келдим деп,
Семетей айтып турганы,
Ошо Бакай өлбөпсүң,
Кыямат жайын көрбөпсүң,
Кузгундай көзүң кызартып,
Куу сакалың узартып,
Кунжундап Бакай калыпсың,
Мойнуңа бүткөн карыз бар,

Аны качан бересиң,
Кулдук уруп бээ союп,
Куда болгон жериң бар,
Далай малды жегенсиң,
Аны качан бересиң?
Ошондо Бакай муну айтат,
Ырас бербей кеткен жерим бар,
Акжаңылдын сиңдиси,
Кишимжан деген кызым бар,
Бере турган чагым деп,
Ала турган табым деп,
Мен Букардан келдим дегенде,
Кагылайын кулунум,
Семетей аттуу уктуңбу,
Семетей аттуу көрдүңбү?
Деп ошентип зор Бакай,
Жетимин сурап турганда,
Баланын берген жообун көр.
Алты жашта артылды,
Жети жашта жетилди,
Сегизинде серпилди,
Тогузунда токтолбой,
Тентек чыкты деп уктум,
Он жашына келгенде,
Орошон тартып ок атты,
Он бирине келгенде,
Календерди камады,
Дубананы сабады,
Келгендерден кеп уктум,
Ушак-айың сөз уктум,
Биздин айлыбыз алыс болучу,
Кеңдиги болуп Таластай,
Келбети болуп Манастай,
Бала кыйын чыкты деп уктум.
Ошо жылы күзүндө,
Ушу турган айылга,
Келмек болду деп уктум,
Ошол турган айылга,
Кызылча чыкты деп уктум,
Кызылчадан Семетей,
Өлүп калды деп уктум.
Аны угуп зор Бакай,
Көк тулпардан кулады,
Толтолу бычак чоң канжар,
Сынай кындан алганы,
Семетейди укканда,
Кантип тирүү жүрөйүн,
Өзүн-өзү зор Бакай,
Жүрөккө муштап аларда,
Түшө калып атынан,
Кармай калды Семетей.
Айзага таккан желек мен,
Асылдан калган белек мен,
Тулпардан калган туяк мен,
Туйгундан калган белек мен,
Ошондо Бакай муну айтат,
Эртең менен болгондо,
Сүйүнчү белгим тартты эле,
Ачылгырдын кабагы,
Жарылгырдын жүрөгү,
Арстанымдын тукуму,
Деп ошентип зор Бакай,
Бооруна кысып баланы,
Болкулдап ыйлап турганда,
Ошондо бала муну айтат,
Атамын күмбөзүнө келгенде,
Атакемин кара нар,
Арбагына чалдым деп,
Ырас кылдың бала деп,
Кубанып Бакай турганы.
Күмбөзгө келип алышып,
Кайрадан куран окушуп,
Кырк кулактуу мис казан,
Ошо күндөн ушу күн,
Асылып турган кези экен,
Кара нардын этинен,

Ошо кезде зор Бакай,
Жарымын салып алганы,
Табылгынын дүмүрүн,
Алып келип зор Бакай,
Бал бышырып салганы.
Экөө аябай тоюнуп,
Көрбөгөндү көрсөтүп,
Көзөл Бакай турду дейт,
Туйбаганды туйгузуп,
Туйгун Бакай жүргөнү.
Ошондо Бакай муну айтат,
Абыке, Көбөш алты арам,
Арамды көздөй баралык,
Сүйүнчүлөп калалык,
Муну айтып зор Бакай,
Чоң атасы чочко кан,
Жакыпты көздөй жүргөнү.
Чоң атасы Жакып кан,
Сүйүнчүлөп баратып,
Ошондо Бакай жөнөдү,
Кагылайын жетимим,
Мен келгиче бул жерге,
Байыр алып тура тур,
Жакып көздөй бет алып,
Бакай жүрүп калганы.
Салам айтып зор Бакай,
Канына кирип барганы.
Кайдан Бакай, дегенде,
Бакай туруп муну айтат:
«Сүйүнчү Жакып, сүйүнчү,
Найзага таккан желегиң,
Асылдан калган белегиң,
Тулпардан калган туягың,
Туйгундан калган белегиң,
Семетей жетим келди!» – деп,
Баркылдап Бакай кеп салды.
Анда Жакыптын айтканы бул:
«Өзүм толук өппөдүм,
Көзүм толо көрбөдүм,
Алып келгин жетимди,
Аңкап келген жетимди!»
Майдын аптап табы экен,
Кечиктирбей алып кел,
Кыйды болгон зор Бакай,
Ак ордонун ичинде,
Ойлонуп басып турганы.
Чоң атасы чочко кан,
Ошондо туруп муну айтат:
«Бакдөөлөт, сөзүм уккун – дейт,
Бир аякка уу чыла,
Бир аякка бал чыла,
Бакайга балды суна көр,
Ууну берип жетимге,
Узунунан сала көр,
Уйпалгырдын тукуму,
Узунунан түшсүн» – дейт.
Аны укканда Бакдөөлөт,
Безге сайган немедей,
Чоочуп кетти көрдүңбү.
«Оңбогон как баш оңбойсуң,
Бул эмине дегениң?
Кечээги өткөн арстандын,
Арбагы тирүү эмеспи,
Асылыңдын жалгызы,
Араң келсе кашыңа,
Бул эмине дегениң?»
Чоң атасы чочко кан,
Ошондо туруп кеп айтат,
Кеп айтканда муну айтат:
«Ошо кезде Бакдөөлөт,
Айтканыма көнөсүң,
Айтканыма көнбөсөң,
Ажалдан мурун өлөсүң!»
Колундагы жан аяк,
Тартып ийди шилиге,
Жан аяк тийип башына,

Көмөлөнүп кеткени.
Эсине келип Бакдөөлөт,
Ошондо туруп муну айтат:
«Кабылан Манас бар кезде,
Ичпегенди ичкемин,
Кийбегенди кийгемин,
Айкөлүм Манас өлгөндө,
Азапты шондо көргөмүн.
Айкөл Манас өткөндө,
Тирүү турат дебесең,
Мен куурадым ичимде.
Арстан Манас барында,
Эминеден кемидиң,
Капыр менен мусулман,
Баатырдын сурагы жетип турганда,
Аргын эли жыйылып,
Калың топ болуп турганда,
Жакып, Жакып, Жакып деп,
Сегиз кан эли жыйылып,
Саа кезек салып турчу эле.
Кабылан Манас өлгөндө,
Кеңеш турмак кеби жок,
Сандан чыгып калгансың».
Корккомунан Бакдөөлөт,
Бир аякка уу куйду,
Бир аякка бал куйду,
…….* тукуму,
Узунунан түшсүн деп,
Өрт алгырдын тукуму,
Өрт өчкөндөй болсун деп,
А дүйнөгө барганда чочко кан,
Кара эшек кылып минсин деп,
Ал аңгыча болбоду,
Көк тулпар менен дыргытып,
Күтүп турган жетимге,
Бакай барып калганы.
Анда туруп Семетей,
Абасына кеп айтат,
«Кагылайын абаке,
Кечигип калдың – деп айтат,
Каның менен көрүшүп,
Шынарлашып жаттыңбы?»
Анда Бакай муну айтат:
«Кагылайны кулунум,
Күрүчтөн салган бозо бар,
Аңкап келген жетимди,
Күйдүрү дары кошо бар,
Таруудан салган бозо бар,
Чаңкап келген жетимге деп,
Талдырма уусу кошо бар,
Кагылайын кулунум,
Кош колдоп ууну сунганда,
Чоң атаңа суна көр».
Муну айтып зор Бакай,
Аттантып алып жетимин,
Салып уруп келгени.
Эшикти ача бергенде,
Салам айтып Семетей,
Колун берип калганы,
Ошондо туруп Жакып кан,
Бооруна кысып баланы,
«Оозум толо өппөдүм,
Көзүм толо көрбөдүм,
Найзага такан желегим,
Асылдан калган белегим,
Тулпардан калган туягым,
Туйгундан калган белегим»–
Деп ошентип чочко кан,
Кара күчкө ыйлады,
Калп эле жанын кыйнады.
Баягы ичип жүргөн аштардан,
Алып келгин деп айтып,
Ичинен күйүп Бакдөөлөт,
«Атаңдын көрү, чочко кан,
Арстан туулган Манастын,
Арбагын ичип болдуң деп,

Акыры арбак сорот ко,
Өз башыңа өзүңө,
Акыры бир күнү келет ко,
Өз убалың өзүңө,
Кылганың өз башыңа жетет,– деп,
Жыл маалына келет» – деп,
Ичинен тынып Бакдөөлөт,
Убайым тартып ойлонду.
Балды сунуп Бакайга,
Балды Бакай ичкен соң,
Ууну алып колуна,
Балага кантип сунам деп,
Ийменип турат Бакдөөлөт,
Уудургуп турат бозосу,
Аркы-терки көбүрүп,
Арстандын тукуму,
Убалына калам деп,
А дүйнөгө барганда,
Сурагына калам деп,
Арбагы тирүү арстандын,
Семетейге уу берип,
Арстан кирсе түшүмө,
Эзелде тирүү калбайм деп.
Эки бетим ошондо,
А дүйнөгө барганда,
Кара бет болуп калам деп,
Толтолуу бычак ак канжар,
Эптеп колго алалбай,
Кашындагы как башты,
Как жүрөккө мала албай,
Айласы кетип Бакдөөлөт,
Калтаарып турат ошондо,
Атаңдын көрү,
Оңбогон как баш оңбойсуң,
Өз убалың өзүңө,
Кылмакчы элең кылдың деп,
Кыйналып турат Бакдөөлөт.
Ошондо туруп Жакып кан,
Бергин, бергин деп айтып,
Удаа-удаа бек айтып,
Акырая бек карап,
Алып келгин деп айтып,
Удаа-удаа үч айтып,
Кийинкисин күч айтып,
Айласы кетип Бакдөөлөт,
Кош колдоп сунду балага,
Балага сунуп калганда,
Оң колуна алганы,
Тура калып Семетей,
Атасына сунганы,
Кагылайын кулунум,
Айкөлүм Манас өлгөндө,
Ушу турган ит ичкир,
Менин карганып койгон аш эле,
Кайра удаа сунганда,
Ичпей койду чочко кан,
Ичпей койсо бул ашты,
Ит аякка куйду эми,
Маң дөбөт деп чакырды,
Кирип келип маң дөбөт,
Жытына келип уунун,
Тырпырап жатып калганы.
Бакай менен Семетей,
Уу экенин билди эми,
Анда Бакай муну айтат:
«Атам деп келсе чочко кан,
Бул эмине кылганың?
Уялбастан ууну,
Кантип берип турганың?
Атаңдын көрү чочко кан,
Душман кылбас бул ищти,
Уялбастан кылдың?!» – деп,
Оолугуп Бакай турганда,
Обдулуп кылыч аларда,
Өз билгенин кыларда,
Кармай калды Семетей,

Алты арамга баралы,
Аларды байкап көрөлү,
Шашпагын аба,– деп айтып,
Айкөлдүн уулу Семетей,
Сабырдуулук кылганы.
Ошондо абаң Бакай баш болуп,
Абыкени бет алып,
Аттанып чыккан жер ошол.
Абыкеге барганда,
Акылга тууган Абыке,
Ак ордодо жатыптыр,
Бакай барып калганы,
Сүйүнчүлөп калганы.
Абыке арамдыгы жок экен,
Абыке актыгы менен ыйлады,
Эми Көбөштү көздөй бет алды.
Жаткан экен чоң Көбөш,
Ала көөдөн ит Көбөш,
Салам айтып зор Бакай,
Семетей келди дегенде,
Келди койду дебестен,
Бакайды чүйүсү менен карады,
Көрө албастык кылганы.
Атаңдын көрү ит Көбөш,
Аликке да келген жок,
Аны көрүп Семетей,
Ачуусу келип турганы.
Атадан калган керээзим,
Ак олпокту бергин деп,
Ак олпокту сураса,
Ошондо Көбөш күүлөнөт,
Эмине келдиң деп айтып,
Көбөш Бакайга сүйлөнөт.
Бакайга сөзү тийгенде,
Токтоно албай Семетей,
Ызырынып турду эми,
Сураса бербей койгондо,
Ак олпокту Семетей,
Колунан жулкуп алды эми.
Адеби жок баласың,
Тал түштө келип колуман,
Ак олпок жулуп аласың,
Ошентип Көбөш күпүлдөйт,
Анда Семетейге кез келди,
«Атаман калган сан малга,
Тойбой калган экенсиң,
Ак олпок сурап турганда,
Көзүң тойбой сен Көбөш,
Бербеймин дегениң,
Көпкөндүк эмей эмине?
Атамдан калган мураны,
Ак келтени дагы бер,
Атамдан калган ак келте,
Аны дагы бересиң,
Талашып Көбөш турганда,
Ачуусу келип Семетей,
Жаак жакка коюп калганы,
Темтеңдей түшүп ит Көбөш,
Эшикке сүйөнүп калганы.
Атаман калган нар кескен,
Айбалтасы кошо бар,
Чогуусу менен бергин деп,
Семетей сурап турганы.
Сураганга болбоду,
Ачуусу келип Семетей,
Айбалтаны кошо алды,
Көбөш чатак баштады,
Аңгыча Абыке келип калганы,
Абыке калыстыгын айтты эми,
Атасынын керээзин,
Бузбастан чогуу берелик,
Калыстык кылып Абыке,
Ушу сөздү айтканы.
Көбөш болбой мойноду,
Көбөштү кудай урганы,
Ээрчитип келип Бакай деп,

Бакайды көздөй жулунду,
Жабдыкты алып Семетей,
Аттанып алып жөнөдү.
Ошондо Көбөш күүлөнүп,
Бакан алып колуна,
Токмок жалдуу тору айгыр,
Желеден кармап мингени,
Атка минип алган соң,
Бакайдын түшүп артынан,
Кууп алып жөнөдү,
Жете барып Бакайга,
Көбөш кежилдеше кеткени,
Абыке келип арага,
Кой дегенге болбоду,
Бакайды тартып ийди төбөгө,
Бакайдын башы айрылды,
Аны көрүп Семетей,
Ачуусу катуу кармады,
Жакадан тартып Көбөштү,
Аттан алып түшкөнү,
Түшө калып Семетей,
Сакалын жулкуп алганы,
Өз кылганың өзүңө,
Ошону айтып Семетей,
Көбөштү көмө койгону.
Өлөрүн билип ит Көбөш,
Жолуна кайра түшкөнү,
Кордолгонун көрүп Көбөштүн,
Абыке ардыгып кеткени,
Абаң Бакай эрдемсип,
Семетейди ээрчитип,
Үйүн көздөй жөнөдү.
Жетине албай зор Бакай,
Айлына сүйүнчүлөп барганы.
Семетей келди дегенде,
Айлы келди чуркурап,
Кол беришип буркурап,
Жетине албай чуркурап,
Аргын кыргыз чогулуп,
Күбүрөшүп сүйлөшүп,
Жетине албай байкуштар,
Семетей келип калды деп,
Калың тойду беришти.
Арстандын тукуму,
Атайы издеп келди деп,
Кудай өзү берди деп,
Айкөл тирилгендей болду деп,
Аргын кыргыз чогулуп,
Атасынан баласы,
Шай колдогон эр эле,
Кудай өзү бериптир,
Кеңдиги бар Таластай,
Келбети бар Манастай,
Айдыңы бар Таластай,
Айбаты бар Манастай,
Телегейи тең экен,
Ичи көлдөй кең экен,
Кабылан тууган Манастан,
Артык тууган эр экен,
Аргын кыргыз сүйүнүп,
Өмүрүң узун болсун деп,
Аргын кыргыз чогулуп,
Таң-тамаша бир салып,
Кунан чаап той берип,
Баланы күткөн жер экен.
Бир оокумда жаш бала,
Акыл ойлоп алды эми,
Атамдан калган кырк чоро,
Арага кошуп алайын,
Атамдан калган мураны,
Чоро кылып алайын.
Кырк чоро болбой мойноду,
Кадыр билбейт бала деп,
Токтоло элек жаш бала,
Кадыр, сырды билбейт деп,
Кырк чоро болбой койду эми.

Кырк чоро болбой койгондо,
Баатырдын уулу Семетей,
Бакайга келип кеңешти,
Букардан көчүп келсем деп,
Анда Бакай муну айтат,
Кагылайын жетимим,
Акылыңы токтот деп,
Шашпагын балам деп айтат,
Атаңдан калган Тайбуурул,
Саа энчиленген мал эле,
Эми Тайбуурул кармап алалык,
Кара-Өткөккө баралык,
Тайбуурул жайын айтайын,
Кумда туулуп чөлдө өсүп,
Кулан менен бирге өсүп,
Жеткайттын башы жерде өсүп,
Жейрен менен бирге өсүп,
Абыке, Көбөш алты арам,
Күлүктүгүнө кызыгып,
Муну кармап алам деп,
Сексен кулач арканды,
Мойнуна чалма салганы,
Чалмасын үзүп жаныбар,
Аска-зоону бир аттап,
Казысы мындан жарылып,
Күйүт тартып жүргөндүр,
Тайбуурулга баралык,
Каныкейдин айтканы,
Жалган болуп калбаса,
Кара-Өтөктө жаткандыр,
Түш кыйшая бергенде,
Өзүң көргөн зор Бакай,
Кара-Өтөктү бет алып,
Өзү баштап баратат,
Айтканы жалган болбосо,
Ошо кезде Нарбуудан,
Чоң кечүүдөн суу ичип,
Окуранып жатып калгандыр,
Сүйлөйүн десе тили жок,
Айбан да болсо жаныбар,
Ээси качан келет деп,
Он эки жылга толду деп,
Сүлүк тартып жүргөндүр.
Туйбаганды туйгузуп,
Туйгун Бакай ээрчитип,
Кара-Өтөктү бет алып,
Жөнөп калган кези эле.
Айтканы жалган болбосо,
Кара-Өтөктө Нарбуудан,
Жуушап жаткан жеринен,
Алыстан Бакай көргөнү,
Жүз кулач кызыл арканды,
Байлана келди бул Бакай,
Жуушап жаткан жерине,
Чалма салам дегенде,
Семетей болбой мойнодy,
Абаке, өзүм кармайын,
Атакем берген атымы,
Мен урайын чалманы.
Абаке, аркан бергин деп,
Чалма урмакка камынды,
Колу күчтүү Семетей,
Чалманы алыс уруп салганы,
Чалма жерге дүп этип,
Алыс уруп салганда,
Чоочуп кетип Нарбуудан,
Куйрукту суугa бир салып,
Салып уруп баратат,
Ошондо Бакай үн салды,
Үн салганда бек салды,
Кыйкырып Бакай бек салды,
Айбан да болсо жаныбар,
Кечээ Манас жарадар болгондо,
Кабылан тууган Манасты,
Каканчылды Бээжинден,
Омурткалдай көтөрүп,

Алып келдиң Таласка,
Айбан да болсо жаныбар,
Сенин антташканың бар эле,
Кечээ Манас өлгөндө,
Он төрт аттын ичинде,
Кермеде турду байлоодо,
Ошо кезде он төрт ат,
Олжого түшүп кеткенде,
Ошондо кулагыңа дем салып,
Он эки жыл күткүн деп,
Балтыр бешик кезинде,
Семетейдин жай табын,
Саа айтып кеткенде,
Бакай турду кыйкырып,
Антташкан сөзүң кана деп,
Ошол ээң келди деп,
Бакай калды кыйкырып,
Колуна алып тесмени,
Көзүнө сүртүп алды эми,
Тайбуурул деп кыйкырды,
Бакайдын үнүн укканда,
Кылчактап келип Тайбуурул,
Чоочуп калган жаныбар,
Элеңдеп келет Тайбуурул,
Балтыр бешик чагында,
Семетейди жыттаган,
Азыр да жыттап көргүн деп,
Айкырып турат зор Бакай.
Баргактап басып Семетей,
Тайбуурулдун алдынан,
Так-так-так деп айтып,
Кыя басып калганы,
Аркан бою калганда,
Артын карап Нарбуудан,
Жем жеп жүргөн немедей,
Ошо кезде жел болуп,
Тайбуурулдун мурдуна,
Семетей жыты келгени.
Мойнун созуп жаныбар,
Басып келди жаныбар,
Окоро түйгөн ак нокто,
Тайбуурулга чак нокто,
Атакем берген аты деп,
Айбан да болсо жаныбар,
Маңдайынан жыттады,
Октолоп атты ошондо,
Кудай өзү берди деп,
Күлүктү кармап алдык деп,
Баатырдын арбагына сыйынып,
Дуба кылып кол жайып,
Куран окуп алганы.
Муну мындай таштайын,
Эми шумкардан кабар алайын,
Атадан калган ак шумкар,
Жылгындынын токойдо,
Шактан учуп жүрүптүр,
Ак шумкар жайын айтайын,
Көзү кара көк шалбый,
Алышканга конбогон,
Актай жемге тойбогон,
Кечээ кабылан Манас өлгөндө,
Кимдин колуна коном деп,
Күйүт тарткан ак шумкар,
Жибектен кылган боосун,
Кыйып алып ак шумкар,
Учуп кеткен болучу.
Кең Таластын боюнда,
Ар кайсы шакка бир конуп,
Ээм качан келет деп,
Шаңшып жүргөн кези экен.
Көрбөгөндү көрсөтүп,
Семетейди ээрчитип,
Көсөл абам жүргөнү,
Ак шумкар кончу терек бар,
Шакта учуп жүргөнүн,
Абаң Бакай көз салып,

Карап жүргөн кези экен.
Бешимде атты байлашып,
Шумкар келер учур деп,
Серүүндөп шакка конот деп,
Күтүп турду зор Бакай.
Ошондо шумкар келгени,
Чоң терекке конгону,
Бакай турду бөпөлөп,
Кыйтуулап Бакай кыйкырып,
Бөпө-бөпө-бөпө деп,
Бакай үндү салганы,
Ошо кезде карасаң,
Ары айланып бир учуп,
Кайра тартчу эмедей,
Тескери учуп чалкактап,
Шаңшып ийип ак шумкар,
Кулачын жайып турганда,
Оң колуна конгону.
Көрбөгөндү көрсөтүп,
Көсөл абаң жүрөт бейм,
Билбегенди билгизип,
Билимдүү абам жүрөт бейм,
Эми сур тайган көздөй бет алды.
Сур тайгандын
Алтындан канжы мойнунда,
Абыкеге үйүр эле,
Абыкенин колунда,
Жайынкысын болгону,
Кашыган өпкө жегени,
Кышынкысын болгону,
Кебектен атала чылап бериптир,
Даакысы түшпөй шуушуңдап,
Кең Таластын боюнда,
Сур тайган
Суур аңдын жүрүптүр.
Бакай менен Семетей,
Күмбөздү көздөй бастырды,
Ошо кезде сур тайган,
Имерилип кыңшылап,
Эсине келген эмедей,
Семетейди көргөндө,
Жата калып шыйпактап,
Тикесинен бир каргып,
Тегеренип бир кыңшып,
Оюн салып сур тайган,
Атакеңдин ити деп,
Абасы Бакай айтканда,
Маңдайынан бир сылап,
Сур тайган ээрчитип алганы.
Муну мындай таштайлы,
Биягынан баштайлы,
Эсенкан кызы Бурулча,
Жарты алачык тигиптир,
Жарты казан асыптыр,
Өчпөстүн отун жагыптыр,
Өлбөстүн күнүн көрүптүр,
Бурулчанын ал-абалын көргөндө,
Аманат берген Каныкей,
Бурулчага бергин деп,
Ак куржунда суп көйнөк,
Суп көйнөгүн бермекке,
Бурулча көздөй бастырып,
Чоң кечүүнүн боюнда,
Бурулча сааны болгон кези экен,
Семетейди көргөндө,
Бурулчанын
көзүнүн жашы төгүлүп,
Айзага таккан желектен,
Асылдан калган белектен,
Олуязаада Манастын,
Так өзүнө окшош деп,
Бурулча басып жыгылды.
Маркум асыл Манаска,
Эң эле окшош бала деп,
Бурулча аманат жанды кыйнады.
Каныкей аяш аманбы,

Чыйырды энем аманбы,
Деп ошентип Бурулча,
Эсендигин сурашты.
Кабылан тууган Алмамбет,
Сан атаң Манас менен,
Үч антташкан дос эле,
Кагылайын Алакем,
Адамдан башка жан эле,
Кыямат кеткен кайран эр,
Кылымды бузган Алмамбет,
Экөө шейит болгондо,
Жашы он бешке келгенде,
Аяш атаң Алмамбет,
Мени алмак болгондо,
Эсенкандын кызы элем,
Нурдай жүзү жаркырап,
Калың топтун ичинен,
Алмамбет келди жаркылдап,
Алмамбетти көргөндө,
Бүткөн боюм эриди,
Кагылайын Алмакем,
Пендеден артык эр эле,
Алмамбет туулду дегенде,
Дүмөктүү турган чоң Бээжин,
Козголо түшүп чоң Бээжин,
Машаадай мойну ийилген,
Капырдын даңзасына чийилген,
Алмамбет төрөлгөндө келме айтып,
Кагылайын Алтынай,
Алмамбеттин энеси,
Орою оттон жаралган,
Алмамбеттин энеси,
Соорондүк кандын кызы экен,
Түн ичинде түшүркөп,
Алмамбет бүткөн бала экен.
Толгоо жакын келгенде,
Алооке кандын Коңурбай,
Илгери кыргыздарды чапканда,
Алты жашар бала экен,
Ат сооруга салыптыр,
Мажик деген немени,
Уйчу кылып алыптыр,
Короого кирип келгенде,
Айланайын Мажикти алдырып,
Кагылайын Мажигим,
Көк мазардын чырпыгын,
Кыйып келгин деп айтып,
Бутагын кыйып келгенде,
Күнү-түнү жети күн,
Алтынай турду толготуп,
Алтын көкүл жаш бала,
Жуманын кадыр түнүндө,
Бакырып бала түшкөндө,
Машаадай мойну ийилип,
Капырдын даңзасына чийилип,
Алты жашка келгенде,
Соорондүккө бактырып,
Жетисинде желпинип,
Сегизинде серпилген,
Тогузунда токтолгон,
Он жашына келгенде,
Орошон тартып ок атып,
Он бирине келгенде,
Дүмөктүү турган Бээжинге,
Калайманды салат деп,
Ошондо,
Суук-Төр деген жер экен,
Так ошондо Азиз кан,
Малча кармап бергени.
Алты жүз бала бир барып,
Алты бала келгени.
Келеркиде болгондо,
Жети жүз бала бир барып,
Жети эле бала келгенде,
Ошолордун ичинде,
Чыпалактай көрүнгөн,

Жети баштуу ажыдар,
Колдон башын чыгарып,
Колун сабап бергенде,
Боору эзилип ошондо,
Барган балдар көп өлдү.
Ошо кезде аяш атаң Алмамбет,
Күндүн жайын окуптур,
Кечээ таш көпүрө зындандан,
Алооке кан, Азиз кан,
Такта турган Эсенкан,
Үчөө бир Чынгыштын баласы,
Менин атам Эсенкан,
Эсенкандан Музбилек,
Музбилек деген эр чыккан,
Буга теңдешер адам ким чыккан,
Алоокеден Коңурбай,
Мунун айбатынан жан чыккан,
Азиз кандан Алмамбет,
Бөтөн асыл жаралган,
Кечээ кайкалаган Кара-Тоо,
Чайдын кени болучу,
Билек күчүн көрсөтүп,
Алоокенин Коңурбай,
Алмамбеттин атасы,
Азиз кандын Кара-Тоо,
Ушу чайга кызыгып,
Алоокенин Коңурбай,
Жайлоосун тартып алганда,
Анысы аз келгенсип,
Кечээ Канжайлакты талашып,
Ошо кезде Алмамбет,
Он алтыда кези экен,
Он алтыга толгон кез,
Ойронду салар кези экен.
Ошо кезде Азиз кан,
Капаланып күүлөнүп,
«Эрешен тартып эр толдуң,
Эр уулу менен тең болдуң,
Кай жериңен кем кылдым,
Туулбай туна чөгүп кел,
Коңурбайдан бир жолу,
Бу калчадан өлүп кел!»
Ошо кезде Коңурбай,
Канжайлак кетти дегенде,
Артынан кетти Алмамбет,
Таш көпүрө зындандан,
Жолугуп калды калчага,
Коңурбайга барганда,
Азизкандын арамы,
Былжыраба деп айтып,
Каарданып калышып,
Карпа-курпа салышып,
Кезегимди бергин деп,
Айкырып келди Коңурбай,
Кезегин берип Алмамбет,
Кейибей карап турганы,
Кезекти Алмам алганда,
Аяш атаң Алмамбет,
Ааламды бузган калчаны,
Алкаранын үстүнөн,
Балбансыган арамды,
Алты жол көмө койгону.
Ысыгына бата албай,
Калча Бээжинди көздөй качканда,
Аяш атаң Алмамбет,
Ченебеген кайран эр,
Калчаны артынан кууп алганы.
Коломолуу сыр жебе,
Колтугунда койкойтуп,
Эми жетмек болгондо,
Калдайдын тонун чечерде,
Эсенкандын дарбаза,
Бүк түшүрүп калчаны,
Эми көмө коёрдо,
Асмандан булут тутулат,
Армансыздан Коңурбай,

Эсенкандын дарбаза,
Кире качып кутулат.
Коркконунан Коңурбай,
Эсенкандын ордодо,
Жети күн жатты камалып,
Чыга берсе сыртына,
Калча качан чыгат деп,
Арстан тууган Алмамбет,
Кайтарып турган кези экен.
Алдап соолап ошондо,
Алмаңды атказып ийген мен элем.
Эсенкан туруп кеп айтты,
Азизкандын жалгызын,
Алдап соолап кетир деп,
Мага айтып турганы,
Ошондо,
Эшикке чыктым буралып,
Аяш атаң Алмамбет,
Турган экен камынып,
Аяш атаң Алмаңа,
Кеп айтканда деп айттым,
Алмамбет,
Күрөшкөн менен күч жетпейт,
Алышкан менен ал жетпейт,
Мен айтамын сөзүмү ук,
Капыр көптүгүнө салбайбы,
Атадан туулган жалгызсың,
Жаныңда жолдош дагы жок,
Келгендерден кеп уктум,
Кербендерден сөз уктум,
Жердеген жери Талас деп,
Жакыптын уулу Манас деп,
Кылымды бузган кабылан,
Ичи көлдөн кең экен,
Телегейи тең деди,
Ат качырбас боз айгыр,
Манастын жайын мен уктум,
Ааламды бузган шер деди.
Аккула буту тийбеген,
Жерде бүтүн бар бекен,
Баатырдын колу тийбеген,
Элде бүтүн бар бекен,
Ошо турган Манастан,
Ааламды бузган эр деди,
Ал гана эмес Бээжинди,
Каарданса Манасың,
Алып коёт деп айтып,
Даңзасына чийилген,
Баатырдын жайын көп уктум,
Нескара кепти салганда,
Күбүр-шыбыр сөз угуп,
Шондо туруп Эсенкан,
Келгендерден кеп угуп,
Манас келет деп угуп,
Ишене турган алптарын,
Кой башындай эт жүрөк,
Колтугунда солк этет,
Илгери бурутту чабам дегенде,
Даңкы чыккан Жолойду,
Манас узунунан салды деп,
Айдыңына чыдабай,
Манас каарданып алганда,
Алооке кан ошондо,
Букарды жердеп турганда,
Качып көчүп чыкканда,
Манастын айдыңына чыдабай,
Алооке кан түн катып,
Түн катып качып чыкканда,
Күбүрөшүп кытайлар,
Манастын жайын кеп салат.
Кеп кылганын мен уктум,
Талаада Манас айкырса,
Жойлогон бөрү бул өлөт,
Үйдө туруп айкырса,
Каарынан Манастын,
Үрүп турган ит өлөт,

Ошондо туруп айткамын,
Көзүң түштү Алмамбет,
Алайын десең тилимди,
Бара турган жериңи айт.
Жакыптын уулу Манаска,
Бараарыңды айткының,
Келгендерден кеп уктум,
Кербенчи сарттан сөз уктум,
Кошой, Төштүк алпы бар,
Барып калсаң Таласка,
Он беш жылы жүрөрсүң,
Он беш жылы күтөйүн,
Он алты жылда келесиң,
Кол алышып көрүшүп,
Жаныңда жолдош дагы жок,
Жалгыздык кыларсың,
Бу жерге турба деп айтып,
Эрегишет капыр деп,
Бурулча сөзүн айтканы,
Убада кылып Алмамбет,
Кол алышып коштошуп,
Жүрүп кеткен жери ошол.
Аманатын берген соң,
Кол алышып коштошуп,
Алмамбеттин Күлчоро,
Кой көтүнө салыптыр,
Ак боз бөздөн көйнөктү,
Күлчорого тигиптир,
Ак мата көйнөк бит басып,
Күлчоро кой кайтарып жүрүптүр.
Жылаңайлак, жылаң баш,
Малакайы башында,
Көчүгүндө кийгени,
Жарты элик териси,
Чала ашатып кийгизген,
Калдыраган шымы бар,
Такымы кайгак болуптур,
Муну көрүп Семетей,
Көзүнөн жашы бурчактап,
Ошондо Бакай муну айтты,
Бакай көрбөгөндү көрсөтүп,
Туйбаганды туйгузуп,
Туйгун Бакай көрсөттү,
Балам эсен бир болуп,
Букарга барып сен келсең,
Баштагыдай болууга,
Өтүп кеткен атаңдын,
Конушуна конууга,
Атаңдын касиети бар эле,
Атакеңдин балбан таш,
Аккуланы ойнотуп,
Атакең Манас барчу эле,
Так көтөрүп алганда,
Жолум болот экен деп,
Кубана түшүп калчу эле.
Кагылайын жетимим,
Балбан ташка баралык,
Ак жолдун тоомунда,
Балбан ташка барганы,
Баатырга дуба кылып калганы,
Балбан ташка барганда,
Кулачыңы жая көр,
Төлгө кылып биз бардык,
Так көтөрүп ала көр.
Так көтөрүп сен алсаң,
Тилегиң кудай бергени,
Баштагыдай болосуң,
Кыямат кеткен атаңдын,
Балам, конушуна коносуң.
Дуба кылып зор Бакай,
Куран окуп болгондо,
Кулачын жайып Семетей,
Балбан ташты ошондо,
Так көтөрүп алды эми.
Ошо кезде сүйүнүп,
Балбалактап зор Бакай,

Ай туягын бат айтып,
Аксарыбашыл кой айтып,
Олуязаада зор Бакай,
Семетейди ээрчитип:
«Кагылайын жетимим,
Менин сөзүм угуп тур,
Сен Букарга бара көр,
Эрикпей сапар жол жүрүп,
Он эки күндө барарсың,
Кагылайын жетимим,
Таякеңе бара көр.
Энчисин берсе таякең,
Алып жолго сала көр.
Чоң энең Чыйырдыга барганда,
Чыйырды менен Каныкей,
Көргөнүңдүн баарысын,
Ката кылбай айта көр.
Кагылайын энеке,
Тагыңы жазган жериңе,
Чытырман токой өнүптүр,
Көзүңөн аккан кара жаш,
Кагылайын энеке,
Кайнар булак болуптур.
Бетиңди жулган жерлериң,
Ошо күндөн ушу күн,
Кызыл-жаян болуптур,
Деп ошентип айта көр.
Балам өлмөйүнчө көз тойбойт,
Бергеним алгын жетимим,
Ак тулпар алып нетесиң,
Не мураска жетесиң,
Аман-эсен барганда,
Баарын тегиз айта көр,
Кагылайын кулунум,
Эрикпей сапар жол жүрсөң,
Он эки күндө барасың,
Балам, кол алышып коштоорум,
Зарыктырбай бат кел – деп,
Эрикпей сапар чалгын – деп,
Кагылайын жетимим,
Эсен-аман баргын деп,
Көргөн менен билгенге,
Аманат сөзүм айта көр.
Аман-эсен сен барсаң,
Ак боз бээни соё көр,
Таятаң Темирканды чакырып,
Батасын алып кайта көр».
Ошондо баары тегиз кеп сурап,
Кол алышып көрүшүп,
Билгендери көп сурап,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Семетей Букарга кирип барганы.
Семетей келди дегенде,
Калың Букар кубанып,
Ак боз бээни сойду дейт,
Таятасы Темиркан,
Бүт Букарды чакырып,
Жетмим келип калды деп,
Калың Букар ошондо,
Кубанышып калды дейт.
Каныкей менен Чыйырды,
Катар келип ошондо,
Жетимдин сөзүн укканы,
Кагылайын ага-ини,
Айтканыңар ырас деп,
Көрбөгөндү көрсөткөн,
Көкжал абам Бакайга,
Айтканы ырас экен го,
Касиеттүү жан экен,
Абам Бакай бар экен.
Калың Букар кеп сурайт,
Артыкчасы Темиркан,
Ошо Бакай барбы деп,
Кайра-кайра көп сурайт.
Баарысын айтып өткөндө,

Ошо кезде Чыйырды,
Көзүнүн жашын төккөнү,
Кандардын баары чогулуп,
Элиң аман экен деп,
Артыкча сурап турганы.
Көргөнүнүн баарысын
Төкпөй айтты Семетей,
Атадан калган мүлктөрдү,
Алып келдим деп айтып,
Ак олпок алдым деп айтып,
Эшик эндүү айбалта,
Чагара ооз чок келте,
Асынып жүрсө ак келте,
Айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого киргенде,
Аманат жандын баргеги.
Арамдар биригишип алганда,
Абыке абдан кеп айтып,
Арбакты сыйлап турганы,
Арстан тууган зор Бакай,
Артыкча жардам кылганы.
Кубанчу иш болду элине,
Нарбууданды кармадым,
Нарбуудандын ошондо,
Кайып болуп кеткени,
Он эки жылга толуптур.
Айбан да болсо жаныбар,
Кара-Өтөктө жатканда,
Нарбуудан мага салт келген,
Аман-эсен мен кармап,
Минип келдим көрдүңбү.
Атакемин кара нар,
Кара нарга баргамын,
Кыямат кеткен атамын,
Арбагына чалгамын.
Дуба окуп кол жайып,
Ушу турган атама,
Айтканыңды жасадым.
Кагылайын энеке,
Куран окуп кол жайып,
Кара нарды чалганда,
Күмбөз күңгүрөнүп турганда,
Кудай өзү берди деп,
Жакамды кармап ошондо,
Мунажат кылып турганда,
Атакемдин ити деп,
Кумайыкты тапканым.
Кара күңгөй бетинде,
Сур тайган ага үйүр экен,
Астыңдан кылган кыжыны,
Үзүп алып Кумайык,
Утурлап тосо чыкканы.
Күмбөзгө дуба кылганда,
Алдыман чыкты Кумайык,
Айтканга жаман болбосо,
Атамдан калган белек деп,
Кумайыкты
ээрчитип алдым ошондо.
Көбөштөн жеме көп уктум,
Атамдан калган дүнүйө,
Ошону бергин дегенде,
Каарданып Көбөш кан,
Айткан сөзү бул болду:
Көбөш кеп айтканда деп айтат,
Кең Турпанды жердеген,
Карача кандын Сайкалды,
Атаң алам дегенде,
Мынча энчи сураган,
Энчи берип Жакып кан,
Акылайды баш кылып,
Сенин энең Каныкей,
Аны алам дегенде,
Мында да энчи сураган.
Атакеңдин малынын,
Сенин аны доолар чагыңын,
Кечээ Каныкейди алганда,

Төрт түлүк малды самсытып,
Энчи бөлүп бергенде,
Атакеңдин малы жок,
.......* эмнени айтасың,
Муну айтып Семетей,
Сөз кылып турган жери ошол.
Кайсы бирин айтайын,
Кагылайын энеке,
Айтканыңдын баары чын келип,
Акшумкар кармап алгамын,
Деп ошентип Семетей,
Айтып сөзүн бүтпөстөн,
Таятасы Темиркандан,
Бата сурап турганы.
Элин сагынбас эр болбос,
Үйүрүн сагынбас ат болбос,
Таята бата бергин деп,
Семетей айтып турганы.
Алакан жайып кол берип,
«Ишиңди кудай оңдосун!
Олуязаада атаңдын,
Арбагы артың колдосун.
Конушуна конуп бер,
Аргын, кыргыз элиңе,
Арбагы колдоп атаңдын,
Султан болуп туруп бер!»
Касиеттүү Темиркан,
Балага бата берди эми.
Сүйгөн атың алгын деп,
Эч нерсени аябайм,
Кагылайын жетим деп.
Ак тулпарды минип кет,
Деп ошентип Темиркан,
Алакан жайып алганда,
Букарлыктар чуулдап,
Бата берген жер ошол.
Бата алып Семетей:
«Актулпар минип нетемин,
Не мураска жетемин,
Кагылайын таята,
Эч нерсеңи албайм» – деп,
Семетей айткан кеп ошол.
Ошондо туруп Темиркан,
Айткан кеби бул эле:
«Букардан куру көчүп келди деп,
Калкың кеп кылбасын,
Кагылайын кулунум,
Эрикпей айдап мал алгын,
Нарга жүктөп мүлк алгын» –
Деп ошентип турганда,
Ошондо туруп Семетей,
Минериме атым бар,
Киериме шымым бар,
Семетей болбой турганы.
Кагылайын кулунум,
Пул жүктөгөн нар алгын,
Малсыз көчүп барба деп,
Темиркан минтип турганы.
Сегиз нарга жүк артып,
Төрт түлүк малдан бир айдап,
Ошо кезде Семетей
Букардан көчкөн жери экен.
Көчүп чыгып Букардан,
Баатырдын уулу Семетей,
Анжиян кирип кыштады.
Келерки жылы жайында,
Таласты көздөй бет алып,
Күндөп-түндүп жол жүрүп,
Көчүп чыккан жери ошол,
Таласка көчүп келгенде,
Акыл ойлоп Семетей,
Кабылан тууган Манастын,
Конушуна конгон жер.
Бакай абаң келгени,
Каныкей менен Чыйырды,
Кол алышып көрүшүп,

Абыке, Көбөш алты арам,
Акылдашып алалы,
Арага киши салалы,
Атадан калган кырк чоро,
Кырк чорону берсин деп,
Чоро кылып алам деп,
Атадан калган мураны,
Каныкейди арага,
Жиберип турган жери ошол.
Көбөш барып бир койсо,
Оолукмасын карматып,
Ошондо жаман болот го,
Ошо Бакай аттанды,
Каныкейди ээрчитип,
Айтып турган кеби бул,
Жалпак тилге салайын,
Ушу турган арамдар,
Бир жарашып алайын.
Айзага таккан желекке,
Атадан калган белекке,
Кабылан тууган Манастын,
Арбагын сыйла деп айтып,
Абыкеге келгени.
Аман-эсен көрүштүк,
Букардан келип Семетей,
Конушуна конгону,
Баштагыдай болгону.
Акылдуу тууган Абыке,
Арбагын сыйла абаңдын,
Аны угуп Абыке,
Айтып турган кеби бул:
«Көбөшкө кеңеш салайын,
Жүрүң аба,» – деп айтып,
Ээрчитип алып Бакайды,
Көбөштү көздөй бет алып,
Жүрүп калган кези ошол.
Ошо кезде карасаң,
Он эки кабат ордодо,
Көөсөр Көбөш жатыптыр,
Салам айтып киргени,
Абыке, Бакай карысы:
«Айзага таккан желегиң,
Асылдан калган белегиң,
Букардан көчүп келиптир,
Конушуна конуптур,
Кабылан тууган Манастын,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Жердиги бар Таластын,
Келбети бар Манастын.
Жетимди кан көтөрүп алалы, –
Муну айтып Абыке,
Кандыгыңды бергин» – деп.
«Бул эмине дегениң,
Кандыгымды бербеймин!
Тилине кирип Бакайдын,
Кудай алган жаман!» – деп,
Көбөш турат күүлөнүп:
«Бул эмине дегениң,
Семетейге жан тартып,
Мага жакшы киши болбоссуң,
Жойпу сөзгө саласың,
Таласка алып келгенсиң,
Өзүм билем дегенсип,
Арамзаада сен Бакай,
Арамдыгың өзүңө,
Абыкени бурасың,
Кандыгын алсам деп ойлоп,
Акыл ойлоп турасың.
Кандыгын алып берсем деп,
Кан болуп калса Семетей,
Өз билгеним кылам деп,
Кырк чоро тил албайт» – деп,
Көбөштүн айтып турган кеби ошо.
Абыкени ээрчитип,
Жалпактап Бакай каласың,

Калжың кылба мени деп,
Каңгыган Бакай кеткин деп,
Ачуусу келип Көбөштүн,
Кыргыл чал деп чакырды,
Баарың түгөл келгин деп,
Ушу турган Бакайың,
Бузуктук баштап турганы,
Кандыгыңы бергин деп,
Калжырап Бакай турганы.
Кыргыл чал келди кашына,
Ушу турган Бакайды,
Кызыл чеке кылалык,
Кепти башта Кыргыл чал,
Ат токунуп алалык,
Туз урганы Бакайды,
Айылга келгис кылалык».
Ошону айтып Көбөш кан,
Каарданып турганы.
Анда Бакай муну айтат,
«Кудайга койдум Көбөш» – деп.
Баштагыдай чагың жок,
Саа билгизбей деп айтып,
Өз билгеним кылам деп,
Күүлөнүп келип эр Көбөш,
Ала бакан алганы,
Арага келген Бакайды,
Төбөгө салып калганы.
Бакайдын башы айрылды,
Айласыздан Бакайың,
Аттанып кайра жөнөдү.
Бузуктун баары ушунда,
Семетейге барды эми,
Кан ичмесин карматып,
Арага барган абамын,
Кызыл-жаян кылганы,
Атка минип Семетей,
Абасы Бакайды ээрчитип,
Каныкей айткан кепти эстеп,
Сенин бешигиң кыя чапканы,
Көкөйүмөн кете элек,
Арамзаада ит Көбөш,
Алың келсе Көбөштү,
Ар жабдыгын алганы,
Көбөштү көздөй камынып,
Жүрүп калды Семетей,
Семетей келди дегенде,
Көбөштү кудай урганы.
Кырк чоро менен ок атып,
Көбөш уруш салып турду эми,
Астында турган балбаны,
Куралдарын дүрмөттөп,
Кырк чоро окту жаадырды,
Коркутмакчы кылмакка,
Кырк чоро калсын деп айтып,
Семетей акыл ойлоп турганы.
Ак келтени дүрмөттөп,
Алыс-алыс атканы,
Семетей аяп турса да,
Кырк чоро асты аябайт.
Ак келте огу жеткени,
Көбөш көмөлөнүп кеткени.
Кырк чоро көрүп ошону,
Аянбастан кырк чоро,
Уруш салып турду эми.
Канды өлтүрдү Семетей,
Канга канды алам деп,
Семетей кылбаганды кылам деп,
Баталашып кырк чоро,
Жамгырдай окту жаадырып,
Жапа тырмак карасак,
Семетей ак олпокту кийиптир,
Нарбууданды миниптир,
Он эки жашар Семетей,
Узунунан салалык,
Катуу найза салалык,
Камындырбай баралык,

Кара чокмор көтөрүп,
Чогулушуп баралык,
Айбалта билек салалык,
Арамзаада жалгызды,
Өрт өчкөндөй кылалык.
Жаш бала билбейт баркты,
Муну узунунан салалык,
Көбөш канды өлтүрүп,
Көпкөндүгүн көрдүңбү,
А балээни аймайт ко,
Ак олпокту чайпайт ко,
Деп ошентип кырк чоро,
Кыркырап найза салалык,
Кыркыбыз бирге баралык,
Жеке-жеке-жеке деп,
Кырк чоронун баары айтып,
Ошону айтып Кыргыл чал,
Акыл ойлоп турганы.
Ал аңгыча болгон жок,
Кыргыл чал турду айкырып,
Кыргыл үндү салганда,
Тартынбастан Семетей,
Чыкмак болду жекеге.
Жекеге чыкты Кыргыл чал,
Кыргыл найза сайганда,
Сайдың-койдуң дебестен,
Бучкагына теңебей,
Баатырың турду кенебей.
Кезегин алып Семетей,
Атадан калган мурат деп,
Тепчий сайып ошондо,
Семетей туштап калганы.
Аттан түшүп Кыргыл чал,
Айкырыкты салганы,
Аны угуп кырк чоро,
Жапырт каптап калганы.
Кыркы бирдей биригип,
Баланы тегеректеп калганы,
Кыркы бирдей муштаса,
Тоотподу Семетей,
Ак олпоктон ок өтпөй,
Кабыландын тукуму,
Шай колдогон эмеспи.
Каптап чоро турганда,
Ошондо туруп Семетей,
Айкырыкты салганы.
Атадан калган мураны,
Чоро кылып алайын.
Дегениңи кылайын,
Арбууданым тартайын,
Ак олпокту тартайын,
Силерди чоро кылып алайын.
Деп ошентип Семетей,
Мойнуна курду салды эми,
Айтканына көнбөстөн,
Кудай урган кырк чоро,
Тескери карап калганы.
Кырк чоро турду кычырап,
Айтканына көнбөстөн,
Бастыра берди кырк чоро,
Артынан кууду Семетей,
Кырк чоро качып жөнөдү,
Кайрылып туруп кырк чоро,
Ок жаадырып калганы,
Аны көрүп Семетей,
Ак келтесин дүрмөттөп,
Алыс атып турганы,
Ага болбой кырк чоро,
Өр талаша качканда,
Жетөө катар кулады.
Эңкейишке келгенде,
Ак келтени дүрмөттөп,
Дагы атып жиберсе,
Алтоо катар кулады.
Кордук салып кырк чоро,
Кочкорго чейин качканы,

Артынан түшүп Семетей,
Саргара кууп алганы.
Арбак урган кырк чоро,
Кең Кочкордун боюнда,
Кыргыл чалын баш кылып,
Кылычтарын май кылган,
Кырк чорону жай кылган.
Көбөштү көргө кийирди,
Кырк чоросун баш кылып,
Ачуусуна тийгенде,
Ак болотту чайпады,
Абыкени аймады,
Чоң атасы чочко кан,
Чочко канды жайлады.
Каарына тийгенде,
Кас душманы жай болду,
Өжөрүнө тийгенде,
Өчөшкөн душман жок болду.
Көбөштү көргө кийирди,
Көп токойду итирди.
Кырк чоросун жайлаган,
Кең Кочкордун боюна
Аманат кылып таштаган.
Ошентип Таласына келди эми,
Кеңдиги болду Таластай,
Келбети болду Манастай,
Акыл айтып зор Бакай,
Семетейге келгени,
Атаңдан калган мураны,
Канчоро менен Күлчоро,
Ини кылып алгын деп,
Мураны кылып сен алсаң,
Сага кудай бергени.
Алмамбеттин Күлчоро,
Ини кылып берем деп,
Чакырып алды Каныкей.
Күлчоро алты жашар кези экен,
Камбардын уулу Канчоро,
Сегизге чыгып калыптыр.
Чоро кылып ээрчитип,
Ошо кезде Семетей,
Күлчөрө менен Канчоро,
Алып келип бергенде,
Аргын, кыргыз чогулуп,
Калың тойду берди эми,
Касиеттүү Каныкей,
Семетей жалгыз болуп калат деп,
Ак боз бээни сойдуруп,
Тойду берип салыптыр.
Касиеттүү Каныкей,
Эмчегин берип эмгизди,
Күлчоро эмди оң эмчек,
Канчоро эмди сол эмчек,
Ак ниет менен бергенде,
Күлчоро эмген жагынан,
Ак сүт чыгып турганы.
Канчоро эмген жагынан,
Күлгүн чалыш кан чыкты.
Кереметтүү Каныкей,
Алмамбеттин Күлчоро,
Адал кызмат кылат деп,
Айтып турду энекең.
Камбардын уулу Канчоро,
Түбү кооптуу болот деп,
Кудай өзүң сакта деп,
Айтып турган жер ошо.
Күлчоро менен Канчоро,
Баатырыңдын уулуна,
Чоро болгон кези ошо.

## СЕМЕТЕЙДИН ЧАЧЫКЕЙДИ АЛЫШЫ

Шаатемир кызы Чачыкей,
Ашкан сулуу деп угуп,
Келгендерден кеп угуп,
Олуяттын Бакайы,
Акыл ойлоп муну айтып,
Куда болсок деп айтып,
Каракан кызы Каныкей,
Акыл салып келгенде,
Каныкей макул болгон.
Макул, макул, макул деп,
Убаданы бек кылып,
Арага киши салыптыр,
Шаатемирдин астына,
Ак сакалдуу карыя,
Олуяттын Бакайы,
Ак боз бээни жетелеп,
Куда болуп калмакка,
Барып калган кези экен.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Бойго жетип калыптыр.
Он алтыда табы экен,
Ак сакалдуу зор Бакай,
Каныкейди ээрчитип,
Куда болуп жатканда,
Күз мезгили болгондо,
Ошондо келип алгын деп,
Малды сала баштады.
Өзүң көргөн Шаатемир,
Убадасы бүткөндө,
Алты атаңдын мүлкүн бер,
Алты атанга көп артып,
Алтын менен күмүштү,
Аралаш жүктөп келиңер.
Деп ошентип Шаатемир,
Күзгө маал болгондо,
Семетейди ээрчитип,
Өзүң көргөн зор Бакай,
Алты атандын өзүнө,
Алтын менен күмүштү,
Аралаша жүктөтүп,
Барып калган кези экен.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Ошо кезде карасаң,
Алып келем деп айтып,
Абаң Бакай баш болуп,
Жетип барды ошондо.
Кыз атасы Шаатемир,
Кабылан тууган Манастын,
Арбагы тирүү деп айтып,
Калың той берип бүлөңдү,
Каада менен алгын деп,
Айтып турган жери ошо.
Деп ошентип Шаатемир,
Убаданы бек кылып,
Кызын бермек болуптур.
Убадага жетти эми,
Калың тойду берген соң,
Өзүң көргөн Шаатемир,
Үй тиктирип бээ союп,
Ак өргөнү тиктирип,
Отуз күнү ойнотуп,
Кырк күнү кыңшытып,
Таң-тамаша бир салып,
Кең Таластын боюна,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Ак өргө тигип жайкалып,
Ошо кезде карасаң,
Баатырыңдын уулуна,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Колукту болгон кези экен.

## СЕМЕТЕЙДИН АЙЧҮРӨККӨ ҮЙЛӨНГӨНҮ

Чынкожо, Толтой эки эр,
Акун кандын шаарын
Камап жаткан жери экен.
Жайыкысын болгондо,
Жалдуу байтал мингизбей,
Кышкысын болгондо,
Куйруктуу козу жегизбей,
Күрүчтү күздүк айдатпай,
Калың кара Ополду,
Камап турган кези экен.
Айчүрөктү берсин деп,
Айчүрөктү бербесе,
Ак асаба кызыл туу,
Айыл үстүнөн көрсүн деп,
Бербечү болсо Чүрөктү,
Кандын кабыргасын саям деп,
Канын суудай төгөм деп,
Чынкожо, Толтой эки кул,
Камап турган кези экен.
Ошондо Ажыбай менен
Түмөнбай,
Акыл ойлоп муну айтат,
Отуз күнү ойнотуп,
Кырк күнү туура кыңшытып,
Таң-тамаша салбайбы,
Анан Чүрөк албайбы.
Алп сөөрүгө салуучу,
Арзан Чүрөк бар бекен,
Деп ошентип Түмөнбай,
Ушу сөзүн айтканда,
Убада күнүң бүттү деп,
Камап келди Чынкожо,
Жедигердин эр Толтой,
Жедигер колун жыйыптыр,
Алтымыш эки туу менен,
Толтой менен Чынкожо,
Аралашып алыптыр.
Жердин жүзүн бербеген,
Кумурскадай бкылдап,
Шыгай уулу Чынкожо,
Астыга чыгып алганда,
Ак асаба кызыл туу,
Булгап алса Чынкожо,
Калың кара жедигер,
Аттан түшүп калганы.
Кула минип Чынкожо,
Көк асаба кызыл туу
Ары-бери булгаса,
Калың кара жедигер,
Атка минип алганы.
Чынкожонун сымбаты,
Чыңап кыйын темирдей,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Алеңкерде сыр жебе,
Акыретте ............*
Айдай бетин нур чалып,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Алтындан темир курчанып,
Күмүштөн кемер курчанып,
Күндөй бетин нур чалып,
Өзүң көргөн Чынкожо,
Чынкожо жайы момундай.
Жедигердин эр Толтой,
Болуп турган табы экен,
Отуз беште табы экен,
Ойронду салар чагы экен.
Толтойдун жайын айтайын,
Мурунун карап байкасаң,

Селебенин кабындай,
Тилин, кашын карасаң,
Бөктөрүп койгон чаначтай.
Көзү көлдүн быткылдай,
Жедигердин эр Толтой,
Көрүнгөндү жуткудай.
Эки ийнинин мүрүнө,
Эки азамат конгудай,
Муруттарын карасаң,
Бөксөгө чыккан чалкандай,
Толтойдун жайы момундай.
Чынкожо, Толтой биригип,
Ополду камап жатканда,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Күн болжошуп алганда,
Айласын таппай Айчүрөк,
Амал ойлоп калганы,
Өзүң көргөн Айчүрөк,
Акыл ойлоп ошондо,
Ак куу кебин кийинип,
Учмак болду ошондо,
Келгендерден кеп угуп,
Ушаң-айың сөз угуп,
Манастын уулу Семетей,
Ала турган кайны деп,
Жердеген жери Талас деп,
Даңкын угуп Айчүрөк,
Учуп чыккан кези экен.
Куйрукту кумга салганы,
Канатын сууга чапканы,
Ошо кезде Айчүрөк,
Сары-Арканы бет алып,
Кайкалап учуп калганы.
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Баштагыдай болуптур,
Атасынын конушка,
Үмөтөй баатыр конуптур.
Аркы атасы алачтан,
Эр Көкчөнүн Үмөтөй,
Атасы эр Көкчөдөн
Артык туулган неме экен.
Ак куу келип сынады,
Үмөтөй тийип алсам деп,
Акыл ойлоп Айчүрөк,
Бул Толтойго жарабайт,
Андан өтүп алган соң,
Немактан учуп Айчүрөк,
Бээжинди көздөй сызганы,
Бээжиндеги Коңурбай,
Коңурбайдын сан жылкы,
Сары-Жон ылдый шорголоп,
Сапаттуу журттан сан жылкы,
Саны менен жорголоп,
Жаткан экен сан жылкы,
Билириктүү сур жылкы,
Минилбеген кур жылкы,
Суу ичкени суу ичип,
Жылкычы башы Карагул,
Турган экен ошондо.
Тумардан кылган килимтак*
Бүчүлөнүп алыптыр,
Топчуланып алыптыр,
Топчулугу бир тогуз,
Алдындагы тулпары,
Кыйды кара мингени,
Карагулуң ушу деп,
Какандай манжу кайда деп,
Бир оокумча болгондо,
Акундун кызы Айчүрөк,
Боз дөбөгө барганы,
Эки жагын караса,
Токойдон чыкты зор калча,
Отогосу балкылдап,
Көз айнеги жаркылдап,
Алтындан кылган зор күрмө,
Айдалыда былкылдап.

Алтын боолук шуру таш,
Төбөсүндө жаркылдап,
Кең маңдайын карасаң,
Бай жайлоочу чоң төрдөй,
Муруттарын карасаң,
Бөксөгө чыккан чалкандай,
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнгөндү жуткудай,
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузчу эр экен.
Сол далысы кең экен,
Солонду чабар шер экен.
Алтымыш менен жетимиш,
Арасында жашы бар,
Камандай болгон эр экен.
Оң далынын үстүндө,
Сарыдай кызыл мең экен.
Динин бузуп капырга,
Тийип алды дээр белем,
Тийсе, тийип алчу эр экен.
Кагылайын атакем,
Кан Көкөтөй ашында,
Калк жыйылып алганда,
Ушу турган калчаны,
Канткенде көмө сайды экен.
Муну сынап алды эми,
Ак куунун кызы Айчүрөк,
Ак эткенден так этип,
Ат бороюн сыдырып,
Учуп чыгып Бээжинден,
Алматы менен Челекти,
Аралап учуп кыдырып,
Кең Таласты бет алып,
Учуп кирип барганы.
Төрткүлдүн төмөн жагында,
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Катындар айтса кеп уккан,
Кайнатанын жылкысы,
Кара буурул деп уккан.
Кыз-келин айтса сөз уккан,
Семетейдин жылкысы,
Кызыл буурул деп уккан.
Төрткүлдүн төмөн жагында,
Төрөнүн тиккен багында,
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Чачыкейдин ордодо,
Семетей көрүп алганы,
Баатырдын уулу Семетей,
Жыйырма беште чагы экен,
Болуп турган табы экен.
Көрүп турган Семетей,
Кабылан тууган Манастан,
Артыгыраак эр экен.
Бул Толтойго татыйт деп,
Айчүрөк турду сүйүнүп.
Баатырдын уулу Семетей,
Он төрт ат керме байлаптыр,
Атасы баатыр Манастын,
Арбагы колдоп алыптыр,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Ак кулжадай даңкайып,
Кемитпесе болот деп,
А да сулуу аял экен.
Буулумдан кылган көк ичик,
Көк ичикти жамынып,
Кусул кылар жерине,
Ошо кезде карасаң,
Бөйөн менен чаянды,
Ичине кирип калат деп,
Кирип калса кокустан,
Адамга зыян кылат деп,
Мунараны толготуп,
Усталарды жыйдырып,
Таза болуп турсун деп,

Ичине суу жүргүзүп,
Эрке катын Чачыкей,
Билип турган кези экен.
Орто жерин майлаган,
Он төрт атын байлаган,
Атыша чыгып жоо келсе,
Алдыга салып айдаган.
Азууга салып чайнаган,
Атасы көк жал Манастан,
Артыкча тууган Семетей,
Балырлуу көлдүн башында,
Шабырлуу көлдүн чатында,
Кушту куугa салам дейт,
Куш кубанчы кылам дейт,
Канчоролоп айкырып,
Күлчоролоп чакырып,
Бастыра берди Семетей,
Бир оокумда карасаң,
Ошондо Шаатемир кызы Чачыкей,
Ак ордодон буралып,
Күлчоро менен Канчоро,
Алдына келди суналып.
Кагылайын уулуке,
Мен айтамын сөзүм ук,
Мурда күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде,
Он беш жашар кыз болуп,
Акункандын Айчүрөк,
Алдыма келди бешимде.
«Кагылайын эже,– деп,
Ат бороюн сыдырдым,
Анжиян менен Букарды,
Каалап учуп кыдырдым.
Сиериме жер таппай,
Тиериме ошондо,
Семетей сындуу эр таппай,
Кулдук уруп бээ союп,
Бешиктеги чагымда,
Кагылайын атакем,
Бел куда болгон чагы экен.
Кагылайын эжеке,
Кечинде төрө келгенде,
Аманат сөздү айта көр,
Кармап алып бейбакты,
Ошондо нике кыя көр.
Улагандан өтпөйүн,
Уюң саачу болоюн,
Төрүңөн өтпөс болоюн,
Төшөгүң салчу болоюн,
Кололуу кумган колго алып,
Кол жуугучуң болоюн.
Бедерлүү кумган колго алып,
Бет жуугучуң болоюн.
Кагылайын эжеке,
Не дегениң кылайын,
Айтканыңа көнөйүн».
Ошондо Чачыкей туруп кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Суудан бир чыкпай сук белең,
Капырай сумурейил* сен белең,
Жерден чыккан жинсиңби,
Жебирейил сенсиңби,
Жашылды кийген оңобу,
Атасынын төрүндө,
Эр издеген оңобу!?
Кызылды кийген оңобу,
Кыз экенде бу бейбак,
Атасынын төрүндө,
Эр издеген болобу!?»
Деп ошентип Чачыкей,
Чап билектен алды эми,
Чап билектен алганда,
Басып барып жабышып,
Колунан чыгып кеткени.
Бута атым барып Айчүрөк,
Айтып турган кеби бул:

«Ак куу кейпим кийбесем,
Сазарлуу көлдүн башында,
Кукулдап учуп албасам,
Куйрукту сууга салбасам,
Канатты кумга чаппасам,
Кукулдап учуп ошондо,
Семетей куш салууга чыкканда,
Үч көрүнүп өтөмүн,
Кийинкиси ошондо,
Ого эле үч көрүнүп өтөмүн.
Ошондо туруп Айчүрөк,
Кеп айтканда деп айтат,
Кордой түшүп бек айтат,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Сенин төрөң Семетей,
Кууга кушун салганда,
Шумкарын алып кетпесем,
Айчүрөк атым курусун!»
Ошону айтып Айчүрөк,
Ак куу кебин кийгени,
Калкылдап учуп кеткени.
Эртең менен болгондо,
Ат токунуп Семетей,
Жекенди көлдүн жээгинде,
Балырлуу көлдүн башында,
Шабырлуу көлдүн чатында,
Кушту кууга салам деп,
Куш кубанчы көрөм деп,
Аттанып чыккан кезинде,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Чылбырдан кармай калганы,
Төрөм түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө кыйын иш көрдүм.
Колуңдагы Ак шумкар,
Атып кылган боосун,
Асмандан учуп тыйыптыр.
Айды карап салыптыр,
Күмүштөн кылган боосун,
Көкөлөп учуп тытыптыр,
Күндү карап сызыптыр.
Уялаш үнүн укканбы,
Төрөм бүгүн коюп эртең бар,
Чылбырына чырмалып,
Чындап кармап Чачыкей,
Оң колуна оролуп,
Оздук кармап Чачыкей,
Коё бергин муну деп,
Катын ишин билүүчү,
Эркек кушун билүүчү,
Ачуусу келип Семетей,
Удаа-удаа үч айтса,
Коё бербей тургань,
Алаканы айбаттуу,
Бүлдүргүсү* баргектүү,
Казакча аргын бүлдүрсүн,
Чапса кулак тундурсун,
Каяша берген долуга,
Катуу камчы урганы.
Бүлдүркөн ала көйнөгү,
Бүгүшүнөн сөгүлдү.
Калдыркан ала көйнөгү,
Капшытынан сөгүлдү.
Жону айрылып кеткен соң,
Долунун калкылдап каны төгүлдү,
Алаканын шак кылып,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Көтүн жерге так коюп,
Алаканын шак коюп,
Каргап турган жери ошол:
«Барганыңан келбей кал,
Базар үйүң көрбөй кал,
Кеткениңден келбей кал,
Көргөн үйүң көрбөй кал,
Деп ошентип айткыча,
Күлчоро менен Канчоро,
Жетип келди жанына.

Канкор ушу убакка келгиче,
Экөөңө зайып алып бербеди,
Сөз айтамын уккула,
Өрүскөн кызы Кишимжан,
Жамгырчы кызы Акбала,
Бириңе алып берейин,
Кагылайын уулуке,
Мен айтканым кыла көр,
Абаң куш салганы барганда,
Ак куу көрсөң азгырба,
Ак шумкарды салдырба,
Өзү жөөт күң экен,
Тилинде сөөлү бар экен,
Кантсе бирди кылат деп,
Айчүрөк көрүп чоочудум,
Айткань жалган болбосо,
Айтканын кылчу неме экен.
Ак куугa кушун салганда,
Шумкарын ала качамын,
Шумкарын издеп барар деп,
Айткан сөзү бар эле».
Анда Күлчоро туруп муну айтат:
«Жеңе мунуң чын болсо,
Ак шумкарды салдырбайм,
Ак куу көрсө алдырбайм,
Жеңе мунуң чын болсо,
Айтканыңды кылайын,
Айтканыңы кылбасам,
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун.
Ашуусу бийик тоо урсун,
Айтканыңды кылбасам,
Ак келтенин огу урсун!» –
Деп ошентип Күлчоро,
Семетейдин артынан,
Жете барган кези экен.
Күлчоро менен Канчоро,
Темгий минип жарышып,
Тизгин колдо карышкан,
Эки чоро жарышкан,
Семетейдин артына,
Салып барган кези экен.
Анда Семең муну айтат,
Жекенди көлдүн жээгинде,
Ак куу жүрөт койкоңдоп,
Учканы жүрөт шойкоңдоп,
Мен Семетей болгону,
Семетей атка конгону,
Мындай кууну көрбөдүм.
Ошондо туруп Күлчоро,
Айтып турган сөзү бул:
«Желкенден келген куу деген,
Жети баласы бар деген.
Карыялар көп айтып,
Кулагым чалган жери бар.
Аркадан келген куу деген,
Алты баласы бар деген,
Баласына каралап,
Жүргөн куулар турбайбы,
Бул өңдүү куугa биз тийсек,
Бизди кудай урбайбы».
Кууну көрүп Семетей,
Бута атымдай келгенде,
Айкырык салып Семетей,
Катуураак шилтеп ийгени,
Өзүн көргөн ак куу
Обололоп учуп калганы,
Жакын жетип Ак шумкар,
Эми серпип каларда,
Сүйлөйүн десе тили жок,
Адамзат экенин билгенде,
Кайра тартып Ак шумкар,
Тескери учуп аларда,
Семетей катуу үндү салганда,
Өзүң көргөн ак куу,
Узун боосун жыйыптыр,

Бооруна кысып алыптыр,
Шыпылдап уча бергенде,
Шыбыргак жаан жааганы,
Туман түшүп калганы.
Шумкардын кай кеткенин
биле албай,
Баатырдын айласы кетип калганы.
Күлчоро менен Канчоро,
Кушуң кайда кетти деп,
Салып келди алдыга,
Катыңга шылдың болгуча,
Ала-Көл жээгин сактайын,
Аңырдын этин кактайын,
Күлчорону Сарыканга жиберип,
Айлына келип Семетей,
Кабарын күтүп калганы.

Күлчоро Сарыканга барып, Ак шумкардын дайнын билип келели дейт. Чачыкейден сурасын дейт Сарыкан. Келгенде Чачыкей күлүп, шумкарды ала качкан Айчүрөк экенин айтат.

Ак шумкардын артынан,
Айчүрөктүн дартынан,
Аба Бакай жүрүң деп,
Көрбөгөндү көрсөтүп,
Көсөл аба, жүрүң деп,
Туйбаганды туйгузган,
Туйгун абам жүрүң деп,
Ошондо Бакай муну айтат:
«Илгери атаң барында,
Акун кандын кызына,
Бешиктеги чагында,
Бел куда болуп кеткенбиз.
Ак боз бээни жетелеп,
Тору айгырга ошондо,
Үйдөй кебез байлатып,
Кулдук уруп бээ союп,
Куда болуп келгенбиз.
Айкөл атаң барында,
Алты миң ала жорго айдап,
Алтымыш нарга жүк артып,
Айдап калың бергенбиз.
Жети миң ала жорго айдап,
Жетимиш нарга жүк артып,
Жетип калың бергенбиз.
Акун кан өңдүү кайның бар,
Айчүрөк өңдүү зайбың бар».
Ак кагазга кат жазып,
Артыкча Бакай бат жазып,
Айчүрөктү берсин де,
Айчүрөктү бербесе,
Ак саба кызыл туу,
Айыл үстүнөн көрсүн де.
Бакай өңдүү карыны,
Кол башынан көрсүн де,
Муну угуп Семетей,
Он төрт атка кош артып,
Ак чатырын бүктөтүп,
Үчтөн бозго жүктөтүп,
Ар шайманын даярдап,
Кан Бакайдан бата алып,
Ала кийиз жайнамаз,
Аны арткан он борчук,
Огойдон чыккан он төрт ат,
Он төрт ай жатып ал жакта,
Ошолордун ичинде,
Орошон күлүк буудалат,
Кара байыр казат ат,
Калбыр өпкө жез канат,
Калкамандын кара аты,
Алмамбеттин Сарала,

Ажыбайдын Карткүрөң,
Көбөш кандын Сөөкала,
Абыкенин Картелки,
Аттардын жайын сурасаң,
Чачыкейдин Таштелки,
Бакай кандын Көкчолок,
Жерден башын албаган,
Жейренге жетпей калбаган,
Караңгыда жол тапкан,
Аба жүргүн дегенде,
Кошуп ийди тулпарды,
Шонтип жүргөн ал чабыр,
Жүз кишиге чал чабыр.
Эрендер жайын айтайын,
Суусунуна бал алып,
Сугатына чай алып,
Олуязаада Бакайдан,
Чыйырды менен Каныкей,
Бата сурап турганы.
Ошондо касиеттүү кан Бакай,
Алакан жайып дуба окуп,
Бата берип салганы.
Ошо кезде Семетей,
Он төрт атка жүк артып,
Бетинде чолпон оң тартып,
Бериштелүү жалгызың,
Ополду көздөй жол тартып
Бастырып жүрүп калганы.
Кыла турган жерине,
Чатыр тигип алышып,
Алдындагы тулпарды,
Таң ашырган кези экен.
Тараза жылдыз батарда,
Таң кашкайып атарда,
Кара кыяк шиберге,
Тулпарларды чалдырып,
Улуу шашке болгуча,
Өзүң көргөн он төрт ат,
Ат чалдырып алганы.
Бир нече күнү жол жүрүп,
Аз гана эмес, мол жүрүп,
Эртең белеске чыгып алам деп,
Бериден жолду чалам деп,
Кээ бир, кээ бир жерлерде,
Тарс дедире бир атып,
Тамашага көп батып,
Келе жаткан жери экен.
Ак-Сенектин белинен,
Аша коюп кадуулап,
Алдындагы бууданды,
Абайы менен жабуулап,
Жомок айтат эрмекке,
Дүрбүнү салып көрмөккө,
Боосун албай мойнунан,
Болжолу жок дүрбүнү,
Сууруп алды койнунан.
Кечээ атасы Манас өлгөндө,
Арамдар олжо бөлгөндө,
Атадан калган сам дүйнө,
Абыке, Көбөш алты арам,
Талоон кылып бөлгөндө,
Эриккенде салсын деп,
Эрмек кылып жүрсүн деп,
Болоттон кылган сабы бар,
Дүрбүнүн жайын айтайын,
Бой тумар чалыш кабы бар.
Кетмен ооз чоң дүрбү,
Ичи өрттөй кызарган,
Тартып койсо дүрбүнү,
Кулач бою узарган.
Жакутун таштан жардырган,
Жара чаап каухарды,
Айкөлүң Манас бар кезде,
Ааламга жеткен кулачы.
Кырымга кабар салдырып,
Бөлөкбайды алдырып,

Бөлөкбай дүрбү жасаган,
Оогандан тартып алдырып,
Оозуна каухар салдырып,
Төгөрөгүн төгөгөн,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Алты ай жатып өгөгөн.
Беш имерип толгогон,
Берениңдин чоң дүрбү,
Беш айлык жолго болжогон.
Атагандан машаган,
Дөөтү менен дос болуп,
Кабылан тууган Манастан
Коркконунан Бөлөкбай,
Караңгы үйдө жасаган.
Акылын мурда алганда,
Алты жүз ала бой алды,
Айгырын сурдан салдырып,
Анысын мурда алганда,
Бөлөкбай кылган чоң дүрбү,
Чыгырыгын имерип,
Чындап көзгө жиберип,
Мындай салып караса,
Асмандан түтүн бөлүнөт,
Агарып чатыр көрүнөт.
Көптө түтүн бөлүнөт,
Көгөрүп чатыр көрүнөт.
Кызыл-тазыл кушмар ээр,
Кыздын аты көрүндү.
Мындай салып караса,
Отуз келин отуз кыз,
Оюн салып алыптыр,
Териге басып барыптыр,
Селкинчекти салыптыр,
Ошончо кыздан бөлүнүп,
Жеңи жерге тийбеген,
Желбегей басып үйрөнгөн,
Чымын менен чиркейди,
Жан-жөкөрү кашында,
Кылдан камчы кылдырып,
Шыпылдатып айдаткан.
Муну көрүп алганда,
Канчоролоп айкырып,
Күлчоролоп бакырып,
Эки чоро жарышып,
Үзөңгүсү кагышып,
Жетип келди төрөгө,
Бала жолборс Күлчоро,
Түрүм не билинди өзүңө,
Не көрүндү көзүңө,
Атышкан жоодон кайтпайсың,
Балага сырың айтпайсың,
Сайышкан жоодон кайтпайсың,
Катынга сырың айтпайсың.
Ошондо туруп Семетей,
Кеп айтканда деп айтат,
Көктелки атты мингиле,
Кадуу жолго баргыла,
Өйүзүнөн чатырдын,
Шайтан капыр болбосо,
Мунун ким экенин билгиле.
Кимиң барсаң аның бар,
Бириң мында калыңар,
Экөөңдүн бир кишилик алың бар.
Ошондо туруп Күлчоро,
Кеп айтканда муну айтат,
Бар десеңиз баралык,
Барбай кантип коёлук,
Алдымдагы Актелки,
Аягы мукур жылкы эле,
Агыны катуу суу келсе,
Ар кайсы бийик тоо келсе,
Агып минтип өлбөйүн,
Азапты минтип көрбөйүн.
Буурулду берчи минейин,
Бу жолуңду билейин.
Бар деп коюп чорого,

Бербеймин деп айта албай,
Берендин сөзүн кайтарбай,
Түшүп берди Буурулду,
Чечип берди буулумду,
Ары карап тултуюп,
Бери карап бултуюп.
Өзүң көргөн Күлчоро,
Буурулга токум салганы,
Булгаары тердик көк ичик,
Куп жарашып калганы.
Бууданга токум салганы,
Эптеп кылган ал каңкы,
Алдыңкы кашы кырка алтын,
Арткы кашы чылк күмүш,
Көмөлдүрүк сом алтын,
Куюшканы кырка алтын,
Бууданга токум салганы,
Күчоро минип алганы.
Эки болот сом темир,
Эки бутта шарактап,
Эр чырайлуу эки көз,
Эки көзү алактап,
Эр казыгы эки бут,
Үзөңгүдө салактап,
Жаш бала муну мингенде,
Ошондо туруп Семетей,
Күлчорого иш айтат:
«Аттын мойнун буруп тур,
Алдыңкы жерге туруп тур.
Күлүктүн мойнун буруп тур,
Күтүп жерге туруп тур.
Аттын жайын айтайын,
Бугудай мойнун бураган,
Бута бою аң келсе,
Буйдалбастан чураган,
Буттап алтын зер берип,
Кыз Сайкалдан алганда,
Жалпы Букардын калкы сураган.
Буудандын жайы момундай,
Секиргени бүргөдөй,
Семиргени сүмбөдөй,
Төрт аягы буудандын,
Колтуктары колоттой,
Жаактары болоттой,
Туягы бир бут чоюндай,
Өргө салса чарчабас,
Алтымыш асый болсо да,
Тилдигип ойноп карыбас,
Кумда туулуп чөлдө өскөн,
Кулан менен бирге өскөн,
Жет-Кайттын башы жерге өскөн,
Жейрен менен бирге өскөн.
Туудум деген эне жок,
Туудурдум деген ата жок,
Кайып менен бирге өскөн.
Төштүн башын оттотуп,
Бала өңөргөн бешиктей,
Чаткаягын карасаң,
Жатакчынын эшиктей,
Буудандын жайы момундай.
Ар мүчөсү ар кандай,
Азууну кайра сайгандай,
Кең соорусу кетмендей,
Көкүлүн көзүнө ченеп керткендей,
Үч кошкондун үстүнө,
Тогуз карыш казанды,
Асып койсоң тургандай,
Оозун ачса азуулары,
Таластын суусун бургандай,
Буудандын жайы ушундай.
Минишиңе жарайбы,
Жабдыктын жайын айтайын,
Кечээ атадан калган ак олпок,
Букара өскөн адамдар,
Булайтып кийип салганбы,
Жакасы кирдеп калганбы,

Кийимиңе жарайбы,
Эшик эндүү айбалта,
Уңгусу тайыз учу курч,
Учуна тарткан кара курч,
Алышыңа жарайбы?
Атадан калган сыр найза,
Тутам жерин кылдаткан,
Тутам жерин сырдаткан,
Ар түрлүүсүн сураба,
Алтымыш эки бурама,
Учуна болот учтаткан,
Адамдын көз жашына сугарткан,
Тийген жерин ырбаткан,
Алышыңа жарайбы?
Жабдыктын жайы ушундай,
Медияндын чөлүндө,
Асмандан жети кылыч түшкөндө,
Кызыр чалган атама,
Кыйыны тийген кылычтын.
Бакай кандын Ойкума,
Эр Сыргактын Жойкума,
Ажыбайдын Ачалбарс,
Эр Чубактын Жойболот,
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегенде мүрт кеткен,
Душманды көздөй шилтесе,
Кулач бою узарган,
Мизи оттой кызарган,
Кызыр чалган Арстанга,
Кыябынан табылган.
Атадан калган Зулпукор,
Алышыңа жарайбы?» –
Деп ошентип балага,
Айткан сөзү бул экен.
Тоодой болгон бууданга,
Сүлөөсүндөй керилип,
Сүйлөөргө сөздөн эринип,
Чоң ополдой көрүнүп,
Жаш бала минген кези экен.
Самаган жерге жетем деп,
Мелмилдеген боз талаа,
Атты сынап алмакка,
Опол тоонун он ыргай,
Он балбанды салдырган,
Түбү менен суурган,
Жайы, кышы кургаткан,
Бүлдүргө жакчу жерлерин,
Чулгур менен көзөткөн,
Өзөгүн жезден тургузуп,
Тышына көк жал урдуруп,
Шыкап жатып өрдүргөн,
Сегиз кыр кылган булдурсун,
Тоодой болгон бууданды,
Томукка тартып ийди эми.
Кулжадай болуп түйүлүп,
Арстандай болуп секирип,
Эки этеги дыркырап,
Чарадай болгон боз даңкан,
Төбөдөн алыс ыркырап.
Артын карап кылчайса,
Сан кол келе жаткандай,
Артынан чаңы буркурап,
Кылычы белде кыңгырап,
Тоолор менен жарышып,
Оздук менен алышып,
Бетине тийген торгойду,
Канаттан алып ыргытып.
Түгөнгүрдүн аты деп,
Ачуусуна тийдим деп,
Артык чаап ийдим деп,
Кой жеп алган бөрүдөй,
Койбой койчу эмедей,
Телегей менен жарышып,
Оздук менен алышып,
Күркүрөп аккан дайрага,
Жаш бала барды жарышып.

Алайдын аптап табы экен,
Алыштан ашып шар агып,
Аңги суунун баары агып,
Бөксөдөн мөңгү бузулуп,
Мөңгүдөн аккан сары суу,
Туш-тушунан кошулуп,
Жаткан экен чоң Үргөнч.
Карагай менен тал агып,
Кайың менен зал агып,
Таш агызып калдырттап,
Казандай таштар калдырттап,
Үзүктөй таштар калдырттап,
Жаткан экен чоң Үргөнч.
Жаш карагай балаты,
Тамыры менен сүрүлүп,
Муну көргөн адамдын,
Заманасы куурулуп,
Үстү көбүк кар болуп,
Кечээрге пенде зар болуп,
Буруксуп тийген жерлери,
Найза бою кез болуп.
Жардан түшкөн боз чалма,
Чарадай болуп жуурулуп,
Кербенчи сарттар көп түнөп,
Ошо суудан өтө албай,
Өрүүн болуп жатыптыр.
Күркүрөп аккан дайранын,
Толгонуп аккан жерине,
Тоо туруштук бергисиз,
Бурулуп тийген жерине,
Муз туруштук бергисиз.
Муну көрүп жаш бала,
Кылча жанын аябай,
Кыдырып кечүү карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Өөдөтөн кечүү карабай,
Алдыда көрүп тургандай,
Өйүздөн сынап Айчүрөк,
Оң далысы кең экен,
Күлчорону караса,
Ойроттуу бузар шер экен.
Сол далысы кең экен,
Солтонду чапчу эр экен,
Оң далынын үстүндө,
Сырдай кызыл мең экен,
Өзү чоро дебесе,
Кабылан тууган эр экен.
Чоролугу болбосо,
Белестеги төрөдөн,
Карыш сөөм өөдө экен.
Өйүздөн туруп Айчүрөк,
Баланы сынап алганы.
Кызды көргөн эр неме,
Кыдырып кечүү карабай,
Кылча жанды аябай,
Өлөмүн деп санабай,
Өөдөдөн кечүү карабай,
Жардын башын уратып,
Тоодой болгон бууданды,
Жаш бала сууга салды чуратып.
Кирген жерден жоголду,
Сүрдүгүп барып оңолду,
Жабагыдай жашырып,
Тоодой болгон буудандын,
Жалынан сууну ашырып,
Ак болотту дат алган,
Арам өлгөн соголгур,
Кайык болуп сүзгөндө,
Өйүздөн карап Айчүрөк,
Балага көзүн салганы.
Кара чаар кабылан,
Капталдан жойлоп келатат,
Чолок куйрук арстан,
Туура жактан келатат,
Көнөчөк баштуу көк даңгыт,
Көт жагынан баратат,

Боору кара сырты көк,
Боз ала туйгун ителги,
Айланып учуп калганы.
Айтылуу Манас пирлери
Кара чаар кабылан,
Капталдан жойлоп келгени,
А дагы Алмамбеттин пирлери,
Суудан чыкты жаш бала,
Булгаары тердик көк пилдин
Бурчунан суусу шорголоп,
Маңкаң, маңкаң бастырып,
Жолдун четин калтырып,
Сакчы койгон сары кыз,
Саргарып уктап калыптыр.
Кароолчу койгон кара кыз,
Топтун башы отуз кыз,
Айдалысы кызыл кыз,
Келиндин башы керме каш,
Ошо чоро баратат,
Ал аңгыча болгон жок,
Ошондо туруп Айчүрөк,
Кырк жөкөргө муну айтат:
«Түндө жатып түш көрдүм,
Айланайын кырк жөкөр,
Түшүмдө кыйын иш көрдүм.
Буудайык конду торума,
Арбоосуна чыдабай,
Алма жемиш күбүлдү,
Көк өзөн боюн өрт алды,
Көп жапырмак чалдыкты,
Кара чаар кабылан,
Капталдан жойлоп бу келди,
Ылдыйлаган жол болду,
Жол арыктай коо болду,
Теңдигин журтка бербеди,
Ошондо туруп кырк жөкөр,
Бул түшүмдү жоруңар».
Ошончо кыздын баарысы,
Эчкилүү байдын серкеси,
Эламан байдын эркеси,
Бул түшүмдү жоручу.
Келиндин башы керме каш,
Атилес көйнөк Алымкан,
Сен жоручу бул түштү,
Ар акылга даанышман,
Ар кылганың бачым жан,
Сен жоручу бул түштү.
Бирге жүргөн Салкынай,
Билимдүүсү Акылай,
Сен жоручу бул түштү.
Типтик сийген кара кыз,
Тигинен сийген сары кыз,
Аштыкчынын кир моюн,
Алты каткан бир моюн,
Сугатчынын сугалак,
Суудан балык кубалап,
Сен жоручу бул түштү.
Аштыкчынын тулгагаш,
Жаман, жакшы ылгабас,
Муйтук ийи кургабас,
Сен жоручу бул түштү».
Ошончо кыздын кенжеси,
Кудайдын сүйгөн пендеси,
Өрүмчө чачы толо элек,
Он эки жашар Калыйман,
Бой тартар убак боло элек,
Отуз келин, отуз кыз,
Кагылайын эжеке,
Кандын кызы Калыйман,
Калыйман туруп кеп айтат,
Кеп айтканда муну айтат:
«Көп өзөн боюн өрттөсө,
Көп жапырмак чалдыкса,
Кагылайын эжеке,
Жоруп берем түшүңдү.
Буудайык консо торуңа,

Термелбей туруп сайраса,
Арбоосуна чыдабай,
Алма, жемиш күбүлсө,
Иттердин баары кыңшыса,
Теңдигин журтка бербесе,
Кан жездем келе турганы.
Кара көзүн кан чалган,
Жаңыдан мурут жанчылган,
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күлчоро келе тургандыр,
Кызыл өңүн сур чалган,
Камбардын уулу Канчоро,
Алмамбеттин Күлчоро,
Булар келе тургандыр.
Ак шумкар турат колунда,
Кан жездем келе жатпайбы».
Болумдуу сулуу Айчүрөк,
Түшүн жоруп турган соң,
Купулунда күлгөнү.
Муну мындай таштайлы,
Күлчородон баштайлы,
Ал аңгыча болгон жок,
Айтып сөздү болгуча,
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдө карсылдап,
Өзүң көргөн Күлчоро,
Кашаттан чыкты жарк этип.
Өзү куйпу жылкы экен,
Эки жагын каранып,
Өзүң көргөн Нарбуудан,
Келе жаткан кези экен.
Күлчоро жайын айтайын,
Эңгечер бойлуу кең далы,
Алаңгир жаа сыр жебе,
Акыректе шаркылдап,
Кара көзүн кан чалган,
Жаңыдан мурут жанчылган,
Алтындан кемер курчанып,
Алмамбеттин Күлчоро,
Айдай бетин нур чалып,
Кыздарды көздөй бет алды.
Ошончо кыздан бөлүнүп,
Ошондо туруп Айчүрөк,
Кыздардан бөтөн көрүнүп,
Көрүнүшү Чүрөктүн,
Он эки суусар кундуз бөрк,
Оң чекеде кыйшайып,
Оолжуган кара бет,
Басып келет суйкайып,
Күлүмсүрөп кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Күймөлсө атыр жыттанып,
Күлсө күрөктөй тиши кашкайып,
Асабадай калкылдап,
Асылзат бети жаркылдап,
Алтын баар тумарча,
Омуроодо жаркылдап,
Кызгалдактай кылактап,
Кызыл тубар суп көйнөк,
Этеги жерде булактап,
Бутундагы эки өтүк,
Кокондуктун Сынчыбек,
Ким ултарган дегизип,
Үч имерип караган,
Алтын менен күмүштү,
Аралаша чаптырып,
Аркасына бастырып,
Он эки үкү кырк куйрук,
Баарын бирдей сайышып,
Жатса, консо олдо деп,
Ата-энеге жагынып,
Чүрөктүн жайы момундай.
Жаш балага келгенде,
О бала, жолоочу болсоң жол мына,
Кийикчи болсоң тоо мына.
Атышчу болсоң жоо мына,

Базарчы болсоң шаар мына,
Кербенчи жолду тоскомун,
Кесирлүү Чүрөк мен мына.
Бала түп атаңы түрүп айт,
Атаңдын атын катпай айт,
Өз атаңы сатпай айт.
Кишинин киймин кийгендей,
Кишинин атын мингендей,
Айбандын түрүн минипсиң,
Алты атаңды катпай айт,
Жети атаңды түгөл айт,
Деп ошентип турганда,
Күлчоро туруп кеп айтат,
Түп атабыз Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан,
Чаян кандан Кара кан,
Кара кандан кан Жакып,
Чагарак куйрук  чаар жолборс,
Чамынгандан кайтпаган,
Жакыптын уулу зор Манас,
Адамга сырын айтпаган,
Алты атар огун сомогон,
Айдыңына көп душман,
Аркада жатып комогон,
Маңдайдагы карасаң,
Тиги Манастын уулу Семетей,
Жанындагы карасаң,
Камбардын уулу Канчоро,
Кара көзүн кан чалган,
Жаңыдан мурут жанчылган,
Жан жолдошун карасаң,
Камбардын уулу Канчоро,
Менин жайым сурасаң,
Карадан туулуп ак болгон,
Капырдан калып жай болгон,
Талак кылган буттарын,
Таштаган кытай журттарын,
Алтын айдар чок белбоо,
Азиз кандын жалгызы,
Кумдакта калган куу жетим,
Күлчоро жетим мен өзүм,
Жеңе сак-саламат жүрдүңбү?
Санаага мени алдыңбы,
Ойноп-күлүп жүрдүңбү,
Жеңе оюңа мени алдыңбы,
Кол алышып көрүшүп,
Күлчоро менен Айчүрөк,
Учурашкан жер ошо.
Кол алышып турганда,
Дүрбүдөн көрүп Семетей,
Өзүнөн өзү күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп,
Ат айдасаң бат айда,
Атты минсең катуу айда,
Маңдайда
маралдай болгон буудандан,
Айлансын чочко эки кул,
Абыке, Көбөш туугандан,
Суу агызып келгенде,
Айкөл Манас бар кезде,
Кечип жүргөн кечүү экен,
Алчы кечкен чоң дайра,
Ошош турган Көкчолок,
Айбандан артык жаныбар,
Окуранып жулкунуп,
Кийин тартып кылчактап,
Ошо кезде жаныбар,
Сууга жакын келгенде,
Кыр кечүүгө салганда,
Аман-эсен ошондо,
Аркы өйүзгө чыкканда,
Күлчорого Семетей,
Ачууланып кеп айтат:
«Касиеттүү баласың,
Келбей жатып аласың,
Куурай терген кыздарды,

Курдаш кылып аласың.
Тезек терген кыздарды,
Курбу кылып аласың.
Бу жоругуң койбосоң,
Менин бир балаама каласың.
Атты качан бересиң?»
Аттын таноо моюлун,
Болот мыгы союлун,
Алдыңдагы буудандын,
Ошондо басып келип өйүздөн
Куйка тери курушкан,
Төрөм кулдары менен урушкан.
Арка тери курушчак,
Айылы менен урушчак.
Кербенчиден кеп уктум,
Кеп уккандан деп уктум,
Үстүңкү эрди кемечи,
Үйүм куйрук биличү,
Мунусу ырас турбайбы.
Ошондо Семең муну айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Эр албаган эски күң,
Кудай албас кески күң,
Чачың куудай болгуча,
Тишиң буудай болгуча,
Жолоочу жолун тоскон күң,
Жолго казан аскан күң.
Кербенчо жолун тоскон күң,
Туурук таман тултук күң,
Эр албаган бултук күң,
Сени алып нетемин,
Карабет кушумду берчи кетемин».
Ошондо Чүрөк муну айтат:
«Куш сурасаң кушуңду айт,
Куш берейин кушуңдай,
Кушуң келген белемби
Таластан учуп ушундай.
Көк мээ чалыш экенсиң,
Көөдөк ногойдун төрө ушундай.
Оолукманды көрмөкчү,
Ал сан кара кыргыз жок,
Үй тиктирип тургудай,
Бээ сойдуруп койгудай,
Арсыздыгың билгемин,
Ай дүйнө кеткен атаңдын,
Арбагын сыйлап тургамын.
Жети жылы күткөмүн,
Келериңди билгемин,
Кагылайын атаңдын
Арбагын сыйлап жүргөмүн.
Садагасы кетейин,
Сенин атаң зор Манас,
Бешиктеги чагымда,
Бел куда болуп кетиптир,
Жети сан кара кыргыздын,
Жеткилеңин билгемин,
А дүйнө кеткен атаңдын,
Арбагын сыйлап жүргөмүн.
Албасаң кайра кете бер,
Комдоп койгон төөм бар,
Коңулда жаткан шерлер бар,
Чынкожо, Толтой эрим бар,
Саа үй тиктирип кургудай,
Бээ сойдуруп койгудай,
Арзан Чүрөк бар бекем».
Деп ошентип турганда,
Чынкожо илбирс боз жолборс,
Өзүмдөн качкан качкын кул,
Чынкожоңдун
кабыргасын сөгөмүн,
Канын суудай төгөмүн,
Кабыргасын сөгөмүн,
Акун кан шаарын чабамын,
Сени олжо катын кыламын,
Ат сооруга саламын.
Деп ошентип турганда,

Күлчоро туруп кеп айтат,
Кеп айтканда муну айтат,
«Кең-Колдон барып эр издеп,
Эр таппаса куш уурдап,
Кийген тонуң эндикпи,
Кыз экенде эр издеп,
Элдин баары сендейби?»
Анда Чүрөк муну айтат:
«Мыкты болсоң Күлчоро,
Чынкожо менен Толтойго,
Кармашып көрчү көрөйүн».
Анда туруп Семетей,
Өзүнөн өзү күүлөнүп,
Атырандап сүйлөнүп,
Шумкарды берчи дегенде,
Ак чатырга киргени,
Издеген кушуң мына деп,
Алып келип бергени.
Тап этине келтирип,
Таптап койгон шумкарды,
Өзүнөн артык бир багып,
Баптап койгон шумкарды,
Шумкарын алып колуна.
Чүрөктү карап жылмайып,
Кашкайып күлүп турганы.
Арстан төрө келди деп,
Өзүң көргөн Чүрөгүң,
Үй тиктирип бээ союп,
Күтүп калды баатырды.
Ак чатырдын ичине,
Алып келип түшүрүп,
Туш кийизин жээктеп,
Алтын менен тээктеп,
Замырайыл кактырып,
Өзүң көргөн чатырдын,
Сыртына алтын тактырып,
От ордундай самоордон,
Онду-бешти койдуруп,
Санжыргасын ачтырып,
Алыстан келген төрө деп,
Атасынан бабасы,
Аягыс жандуу жүрөт деп,
Өзүң көргөн Чүрөгүң,
Сары мейиз кишмиштен,
Сабактарын тергизип,
Ачкыл жандуу көк жалга,
Камдап койгон эмеспи.
Алты көөкөр аракты,
Стаканга куйдуруп,
Калыйманга сундуруп,
Удаа-удаа бердирип,
Аңсап келген көк жалга,
Суусунун мындан кандырып,
Тамактанып болгондо,
Алыстан келген көк жалды,
Душман көрүп коёт деп,
Аттардын изин байкайт деп,
Сайга салып жетелеп,
Ушунун баарын токтотуп,
Акун кандын шаарына,
Ошо кезде Чүрөгүң,
Ондой атты ошондо,
Алып келди жетелеп.
Төрт бурчка мунар орнотуп,
Акун кандын ордого,
Жарык болуп турсун деп,
Акун кандын ордого,
Кишидей алтын тургузган.
Дарбазага керилтип,
Аттардын баарын бекитип,
Аркы-терки байлатып,
Нарбууданды өзүнчө,
Жалгыз жерге байлатып,
Сыр мамыга байлатып,
Илебин чымын сорот деп,
Бууданды байлай турган жерине,

Кумду этектен төктүрүп,
Тулпар чалыш түгөнгүр,
Тээп иет аксатып,
Тиштеп алат какшатып,
Ак балта менен керттирип,
Бирден барып туурaтып,
Аттардын баарын байлатып,
Күрүчтөн убак пили* берип,
Күндө терин алганы.
Күүгүм кирип калган соң,
Элдин алды жатарда,
Ашыктыктын айынан,
Чүрөктү көздөй бет алып,
Мейманкана беш үй бар,
Мейманкана алты үй бар,
Чүрөктүн жатып үйүнө,
Канкор барды күүлөнүп,
Сүйөчүмүн сүймөккө,
Тубардан кылган көшөгө,
Жаткан экен ой тартып,
Каалгасын бекитип,
Катарлап кулпу салдырып,
Күлчорону ээрчитип,
Айбалтаны таянып,
Ашыктыктын айынан,
Арстандар бара жаткан кези экен.
Кире албай канкор калсын деп,
Эшикке итти байлатып,
Ысыгына чыдабай,
Эки дөбөт кыңшылап,
Жата калып шыйпактап,
Ээсин көргөн эмедей,
Бекитип салган эшикке,
Канкор колун сунуп барганы.
Канкордун күчүн көрмөккө,
Күлчоро карап турганы,
Айчүрөк менен канкоруң,
Эшикти жулуп ачат деп,
Кабаттап салган кулпуну,
Катуу тартып алганы.
Жаткан экен кара бет,
Тубардан кылган көшөгө,
Жаткан экен ой тартып,
Айчүрөктүн ошондо,
Өзүң көргөн Семетей,
Койнуна колун салганы,
Чоочуп кетип кара бет,
Кашкайып күлүп калганы.
Ашыктыктын айынан,
Кучакташып көрүшүп,
Аюу талпак салышкан,
Мелтиреп жаткан Чүрөгүң,
Белден төшөк салыптыр,
Ашыктыктан айынан,
Шуу дедире бек жыттап,
Эми болуп калмакка,
Даярлап алып Чүрөктү,
Ошо кезде көк жалың,
Үстүнөн басып каларда,
Кулагын салып Күлчоро,
Тушунда тыңшап турган кез.
Никесиз бала бүтөт деп,
Өзүң көргөн Күлчоро,
Куптан нике кыймакка,
Өзү ошондо бала экен,
Топогон нардай комдонуп,
Көк жал туйгун басканда,
Он эки тутам он .........*
Көрө элек Чүрөккө,
Онтотуп салды балыктай,
Түк көрбөгөн кара бет,
Түпкүч болуп түйүлүп,
Түндүк болуп ийилип,
Көзүнүн жашы кылгырып,
Ыкыс берип кылдырып,
Бала кыял балбактап,

Эртең менен болгондо,
Бала буту талпактап,
Балтырдан аккан кандары,
Чыпалак этте кызактап,
Чүрөктүн жайы момундай.
Өзүң көргөн Чүрөгүң,
Болгон экен момундай.
Муну мындай таштайлы,
Быягынан баштайлы.
Чынкожо, Толтой эки эр,
Акун кан шаарын ошондо,
Камап турган кези экен.
Отуз күнү ойнотуп,
Кырк күнү кыңшытып,
Убадасы бүттү деп,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Өзүң көргөн Чынкожо,
Арага киши салыптыр,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Ал таң ата Ажыбай,
Дарбазага келгенде,
Он төрт атты көргөндө,
Кол башындай эт жүрөк,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Колтугунда болк этти.
Сыр мамыны кемиртип,
Бууданды жалпы байлаптыр,
Жолборстон үртүк жаптырып,
Табына келген бууданды,
Байлап койгон кези экен.
Өзүң көргөн кара бет,
Камдап койгон эр барбы,
Коңулда жаткан шер барбы,
Аттарды көрүп ошондо,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Ар шайманын көргөндө,
Өзүң көргөн кара бет,
Жолборсту байлап койгонбу,
Дарбазаны тарткылап,
Жезденерди көргүн деп,
Дарбазаны ачканы.
Сүйүнчүнү бергин деп,
Кара бет сөзүн айтканда,
Анда туруп Түмөнбай,
Айтып турган кеби бул,
Карабеттин не кылганын биелбай,
Сүйүнчүсүн берейин,
Жанында пулуң бар беле,
Алыстан канкор келди деп,
Каалганы тартканда,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Көк жал туйгун баатырга,
Салам айтып барганы.
Жаткан экен көк жал эр,
Тологон нардай комдонуп,
Алик алып көк жалың,
Кол алышып көрүшүп,
Жайынкысын болгондо,
Жалдуу байтал мингизбей,
Чынкожо, Толтой эки эр,
Камап жатат Ополду.
Күзүнкүсүн болгондо,
Куйруктуу козу жегизбей,
Ийрип жатат Ополду.
Беремин деп Чүрөктү,
Убадасы бүттү деп,
Арага киши үч келди,
Кара жанга күч келди,
Бербечү болсо Чүрөктү,
Урушар жерин кылсын деп,
Акун кан элин чабам деп,
Жайлоодон келип Чынкожо,
Имериле бастырып,
Астындагы кара аты,
Басканына мал жетпейт,
Желгенине жел жетпейт,

Калың кара жедигер,
Каптап калган кези экен.
Айласын таппай Акун кан,
Мунарага чыкканы,
Атаңдын көрү Чынкожо,
Кылганын кара деп айтып,
Акун кан туруп муну айтат,
Чынкожо менен Толтойдун,
Кылганын көрчү деп айтат,
Эр өлтүрүп салбасам,
Бу кылганың эмине,
Чынкожо менен Толтойго,
Эр кундуу болуп калбасам,
Эр өлтүрүп салбасам,
Айдай болгон баламды,
Чыркыратып бергидей,
Кылганын көргүн каапырдын,
Ажыбайга кеп айтат,
Кербенчиден кеп уктум,
Манастын уулу Семетей,
Баатыр келди деп уктум.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Акун канга кеңешип,
Баатыр келип калыптыр,
Семетейдин келгени,
Он беш күнгө болгону,
Ээрчиткени жаш бала,
Айзакерден ыктуудан,
Аябаган мыктыдан,
Биз да колду камдайлык,
Өлбөгөн жерден калышып,
Ит урушун салышып,
Миңче колду камдашты,
Кайрат кылып алышты,
Чынкожо менен Толтойго,
Кайрат кылып ошондо,
Алдын тосуп бармакка,
Чынкожо менен Толтойдун,
Бүгүн жол чалар кези деп,
Келер жолун тоскону,
Мээлеп алып Толтойду,
Эми аттанып чыгарда,
Ошо кезде Семетей,
Болуп турган табы экен,
Жыйырма беште чагы экен,
Атаңдын көрү дүйнө бок,
Аттансам белем Толтойго,
Жанга каршы болот деп,
Мүчөлүң келип калды деп,
Чынкожо менен Ажыбай,
Айтып турган кези экен.
Өзүң көргөн Күлчоро,
Болуп турган убагы,
Он эки жашар курагы,
Ошондо келип Күлчоро,
Он эки деген аз эмес,
Ойрон кулуң жаш эмес,
Арбууданды мингизип,
Абаке ар жабдыкты алайын,
Өзүң көргөн Күлчоро,
Бууданга токум салганы,
Ак каңкы ээрин токуду,
Жээлигип тердеп турду эми,
Жоо дегенде дүрбөдү,
Арстан тууган Күлчоро,
Ар жабдыкты алганы,
Ар кескен белге чалганы,
Өзүң көргөн Семетей,
Эртең менен болгондо,
Ак боз бээни жетелеп,
Кабылан тууган Манастын,
Арбагына чалдырып,
Куран окуп баатырга,
Ошо турган жаш балдар,
Ээрчиткени жаш бала,
Эрдигине мас бала,

Күлчорону аткасып,
Манастан калган сыр найза,
Ар жабдыкты бергени.
Алты кулач сыр найза,
Тутам жерин калдатып,
Тутам жерин сырдатып,
Колго тайма болот деп,
Кармап турган жерине,
Коло менен чырматкан,
Учуна болот учтаткан,
Адамдын көз жашына сугарткан.
Жебенин огу жетпеген,
Барандын огу батпаган,
Очогор ойноп кетпеген,
Алладан ажал келбесе,
Бөөдөдөн өлүм жетпеген,
Ак олпокту кийгени.
Атадан калган айбалта,
Айбалта колго алганы,
Эшик эндүү айбалта,
Манастан калган айбалта,
Ар жабдыкты алганы,
Кан ичме кара зулпукор,
Белге илип алганы,
Ошондо он эки жашар Күлчоро,
Калың элден бата алып,
Алтындан кемер курчанып,
Айдай бетин нур чалып,
Аттанып чыкты Күлчоро.
Анда туруп Семетей,
Айтып турган кези бул:
«Саамай чачың сербейип,
Секелегим эрбейип,
Балтыр этиң толо элек,
Балбан чагың боло элек.
Бута аттырып койсомчу,
Тоодой болгон Толтойго,
Же туруштук бере албай,
Жанды өрттөгөн жалгыз ай,
Жаш бала менен барабар.
Жараткан бир өзүңө аманат,
Алты кабат он желдин,
Айланып басып капшырдым,
А дүйнө кеткен Манастын,
Арбагына тапшырдым.
Жети кабат он желдин,
Желбегей тартып капшырдым,
А дүйнө кеткен Айкөлдүн,
Алмамбет, Чубак, кырк жайсаң,
Булардын арбагына тапшырдым».
Деп ошентип турганда,
Акун кан эли чогулуп,
Он эки жашар балага,
Бата берип чуркурап,
Тоодой болгон Толтойго,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Мончоктой болгон жаш бала,
Келин-кыздын баарысы,
Көзүнөн жашы төгүлөт,
Туруштукту бере албай,
Айласы кетип калат деп,
Кыз-келин баары чуркурап,
Балага бата бергени.
Тогуз жолдун тоомунда,
Он эки жолдун оюнда,
Мунун жолун чала көр,
Эчки-Өлбөс жолун чала көр,
Маңкаң кетчү кайра жол,
Басып жолун чала көр.
Деп ошентип Семетей,
Он эки жашар балага,
Кайрат берген жери ошол.
Муну мындай таштайлы,
Толтойдон кабар баштайлы,
Ошо күнү Толтоюң,
Жайлоодон келген күнү экен,

Ошондо туруп Чынкожо,
Ак чатырын бүктөтүп,
Нар төөгө жүктөтүп,
Үй тиктирип бээ союп,
Оокаттанып алабыз,
Анан уруш салабыз.
Калың кара жедигер,
Өзүң көргөн Чынкожо,
Айдап келген кези экен.
Оокаттанып алган соң,
Абдыранын ичинен,
Алты көөкөр аракты,
Алып келип Чынкожо,
Сыр кесеге куюшту.
Удаа ичип алышып,
Кызымтал болуп калышып,
Ошондо туруп Чынкожо,
Айткан сөзү бул экен:
«Бүгүн Толтой барып бер,
Күйөөчүлүк үч кере,
Убадабыз бүттү» – деп.
Ошондо Толтой муну айтат:
«Чынкожо досум, сөзүм ук,
Кылганың ишиң чала бар,
Батадан калган бала бар,
Барбай турган жайым бар,
Кечээ Кошой бата бергенде,
Батадан бүткөн бала бар,
Кечээ кан Көкөтөй ашында,
Ошондо Суркоён кунан кези эле,
Менин атам эр Багыш,
Алты жашар чагымда,
Жетелеп жүргөн кези эле.
Айырбаштап ошондо,
Чыгар чыккыс башым бар,
Алты жашар жашым бар,
Мен ошондо көрдүм Манасты.
Айзага таккан желектин,
Асылдан калган белектин,
Катынын алам дегениң,
Каапыр менен мусулман,
Каршылашып турганда,
Ошондо көрдүм Манасты.
Калмактардын баары өлүп,
Камчыланып алганда,
Калың жыйын ичинде,
Ошондо көрдүм Манасты.
Арбагы тирүү Манастын,
Келинин алып нетебиз,
Не мураска жетебиз.
Жапалак тоону басалык,
Даңгыттын элин чабалык,
Ушу турган жедигер,
Чогуу айдап баралык.
Даңгыттын элин чапканда,
Тандап сулуу алалык,
Атын Чүрөк коёлук,
Элге анан баралык».
Ошондо туруп Чынкожо,
Каарданып мунун айтат:
«Атаңдын көрү ит Толтой,
Айткан сөзүң карачы,
Эки кочкор бир казан,
Кайнабастан чыккамын,
Мен Таласта турганда,
Кең-Колдон алып көчүмдү,
Келберсиген арамдан,
Ала албай келгем өчүмдү.
Сен эмнеден коркосуң,
Бул айткан сөзүңдү,
Киши укпасын ит уксун,
Менин сөзүм угуп тур,
Адам кылбас жапаны,
Башыңа салам деп айтат,
Асманга учуп аламын,
Булутту калың саламын,

Көрүнбөй жүрүп буларды,
Ошондо атып аламын» –
Деп ошентип Чынкожо,
Менин тилим алтын деп,
Суркоёнуң мин деди,
Ок өтпөс тонду кий деди,
Аттан Толтой дегенде,
Ичип турган аракты,
Алты кесе ичкенде,
Толтойду кудай урганы,
Аттанмак болду Толтоюң,
Өзүнөн-өзү күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүрдөнүп,
Ошондо Толтой аттанды.
Күүгүм кирип күн бата,
Элдин алды жым жата,
Аттанып Толтой чыкты эми,
Аттанып чыгып Толтоюң,
Эчки-Өлбөстүн эки чат,
Мунун жолун чалганы.
Анжиян кеткен алты жол,
Мунун жолун чалганы.
Букарга кетчү буруш жол,
Мунун жолун чалганы.
Толтой келет зыңгырап,
Өзүнөн-өзү күүлөнүп,
Толтойдун жайын айтайын,
Муруту чөлдүн камыштай,
Толтойдун болгон табы экен,
Отуз беште чагы экен,
Кезиккен адам соо калбас,
Толтой ойронду салар чагы экен.
Толтой кул келип зыңгырап,
Келе жаткан табында,
Башка жолдун четинде,
Айырмачтай кайкыда,
Тосуп турган Күлчоро,
Тараза жылдыз батарда,
Таң кашкайып атарда,
Эми жоо келбейт деп,
Үргүлөй түшүп Күлчоро,
Куш уйкуну салганы.
Коңурукту салганы,
Коңуругу баш жарып,
Күлчоро жатып калганда,
Айбандан артык Тайбуурул,
Сүлүк тартып калганда,
Ыраактан туруп жаныбар,
Жоонун табышын сезип алганда,
Бала турбай турганда,
Чарадай болгон кара сан,
Чапчып алып Нарбуудан,
Баланы көздөй ошондо,
Көкүлүн көккө сергитип,
Туягы менен ыргытып,
Имерилип басканы,
Ошондо туруп Күлчоро,
Союлгур эмне болдуң деп,
Ыргып тура калганы.
Тура калып Күлчоро,
Эки жагын караса,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Өзүнөн өзү сүйлөнүп,
Тоодой Толтой келатат,
Толтойдун үнүн укканда,
Кой башындай эт жүрөк,
Баланын колтугунда болкулдап,
Ошондо туруп Күлчоро,
Үзөңгүгө бут салып,
Ыргып атка мингени,
Сыр найза колго алганы,
Ак келтени дүрмөттөп,
Асынып жүрсө ак келте,
Айдалынын айнеги,
Манастан калган ак келте,
Чагарак ооз чак келте,

Окчо кармап алганы,
Карaанын көрүп Толтойуң,
Толтойду көздөй сундуруп,
Заң дедире атканы,
Тоо жаңырып заң этип,
Күн күркүрөп калганы.
Ак келте үнүн укканда,
Эрдемсиген эр Толтой,
Бул эмине болду деп,
Камаарабай келатат.
Чыйылдаган жаш бала,
Баатырсынган Толтойго,
Манастап ураан чакырып,
Качырып кирип калганы.
Эрдемсинген эр Толтой,
Суркоён менен зыргытып,
Теке маңдай келгени,
«Колдо Манас, колдо!» – деп,
Эзүү көргөн Күлчоро,
Коюу үндү салганда,
«Карма, кулду карма!» – деп,
Манас баштап беш киши,
Каардуу үндү салганы.
Муну угуп Толтойдун,
Билегинен сап кетип,
Жүрөгүнөн кап кетип,
Жет-Кайтты көздөй качканы.
Толтой качып калганда,
Алмамбет баштап кырк киши,
Манастап ураан чакырып,
Туурасынан келатат,
Мунун жайын көргөндө,
Качпай Толтой коёбу,
Жет-Кайтты көздөй качканда,
Күлчоро жетпей кетип баратат.
Өр талаша бергенде,
Өзүң көргөн Айчүрөк,
Баатырдын тулпарын,
Ык семиртип салыптыр,
Он беш күнү байлаптыр,
Кара этине май алып,
Казы байлап алыптыр.
Казынын жогор жагына,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Койгулап кетип баратат.
Союлгур эмине болдуң деп,
Куйка териси курушуп,
Тулпар менен урушуп,
Өргө сала бергенде,
Баатырыңдын тулпары,
Бүткөн бойдон тер кетти,
Адырга сала качканда,
Алты кырдан ашканда,
Жандан кетти Тайбуурул,
Алтын күрмө чети деп,
Айдалынын бети деп,
Омуртканын кези деп,
Кош кабырга чети деп,
Карчыганын тушу деп,
Жоон өпкөнүн өзү деп,
Өзүң көргөн Күлчоро,
Алты кулач сыр найза,
Кош тизгин менен чылбырды,
Коё берип ошондо,
Кош колдоп туруп найзаны,
Муштап калган кези ошол.
Ээрдин көтү көмкөр каш,
Көмкөрүлтө коюптур,
Май куйрукту ошондо,
Жиреп найза тийиптир,
Куштан качкан коёндой
Элеңдеди эр Толтой.
Икий кокуй жеди деп,
Айтпадым беле баскын деп,
Көчүгү ээрге бата албай,
Чарадай болуп шишиптир,

Жаралуу болуп баладан,
Ошол кезде эр Толтой,
Суркоёнду зыргытып,
Кошуна барып түшкөнү.
Жарасын көрүп Толтойдун,
Чынкожо айткан кеби бул:
«Кудай алган жаман,– деп,
Ат байлаган саман,– деп,
Сени Семетей сайса оң кылбайт,
Күлчоро сайган турбайбы.
Кош колдоп туруп найзаны,
Күлчоро бала сайыптыр.
Көтөрө албай найзаны,
Мүчүл сайып калыптыр.
Тайбуурулдун бутуна,
Кош тизгин кошо оролуп,
Өксүп калган турбайбы.
Бутап сайса Күлчоро,
Кабыргаңды сөкмөкчү,
Каныңды суудай төкмөкчү.
Бу жарадан өлбөссүң» –
Деп ошентип Чынкожо,
Толтойду жемелеген кези экен.
Калың кара жедигер,
Акун кандын шаарын,
Камындырбай баралык,
Каптап уруш салалык,
Азганакай кол болсо,
Чогуу айдап алалык.
Деп ошентип Чынкожо,
Кайраттанып алганы,
Калың колун дүргүтүп,
Каптап уруш салганы.
Жедигер каптап келгенде,
Анжиян кетчү алты жол,
Эр Күлчоро тоскону.
Туура кетчү тулпар жол,
Эр Канчоро тоскону.
Камгак учкан немедей,
Кайсы экени билинбей,
Каптап уруш салышып,
Ал аңгыча болбоду,
Чынкожонун кара аты,
Калың уруш болгондо,
Асманга уча турган адаты.
Асманга учуп алганда,
Булутту катуу салды дейт,
Айры белес кезеңге,
Семетей тоскон жерине,
Чынкожо барып калганы.
Айландырып Чынкожо,
Булутту калың каптатып,
Жети сайлуу сыр бараң,
Катары менен жаа тартып,
Жети атып өттү эми.
Семетей кийген ак олпок,
Ак олпоктон ок өтпөй,
Ок жабышып калганда,
Оордоп калды ак олпок,
Этек-жеңин каккылап,
Камчы сап менен чапканда,
Кой башындай коргошун,
Колдурап жерге түшкөнү.
Уй башындай коргошун,
Учуп жерге түшкөнү.
Айласы кетип Семетей,
Күрмөлүп атка мине албай,
Же аларды көрүп ата албай,
Айласы кетип Семетей,
Амалын таппай калганы.
Ошондо туруп Семетей,
Көмөкөйдө таңдайлаш,
Айлам кетип калды деп,
Кагылайын Күлчоро,
Нечен күнү, нечен түн,
Октун сокмогуна кан кусуп,

Айлам кетти Күлчоро,
Алты сайлуу сыр бараң,
Алты атып кеткенде,
Айлам кетип Күлчоро,
Жети сайлуу сыр бараң,
Кабаты менен жаа тартып,
Жети атып кеткенде,
Октун ортосунда кан кусуп,
Айлам кетти Күлчоро.
Намыс кылбай Күлчоро,
Бир элдешип алалык,
Нарбуудан тартуу кылалык,
Ак олпокту жабалык,
Түбүбүз тууган эмеспи,
Бир элдешип алалык.
Аны укканда Күлчоро,
Айтып турган кеби бул,
Ушул айткан сөзүңдү,
Ит укпаса ким уксун,
Айла таап абаке,
Катыгүн уруш салалы.
Ошо кезде Семетей,
Тууга кете берерде,
Дүпүлдөп мылтык асманда,
Булутту калың салганда,
Баатырыңдын каруусун,
Чынкожо көзөп атканда,
Каруусу кетип Семетей,
Октун сокмогунан кан кусуп,
Айласы кетип калганда,
Бешим дигер болгуча,
Ак келте үнү чыкпады,
Кайран төрөм абамдын,
Ажалы жетип калдыбы,
Деп ошентип Күлчоро,
Семетейге жетип келгени,
Жаралуу болгон Семетей,
Сыр найзаны таянып,
Өксөп туруп муну айтат,
Айла кетип калды деп,
Кутудагы ок-дары,
Баары бүтүп калганы,
Кагылайын Күлчоро,
Айла таап ала көр,
Мени Кара-Үңкүргө сактай көр,
Кансырап жаткан төрөнүн,
Жарасын таңып ошондо,
Кара-Үңкүргө калтырды.
Башка кыйын иш түшсө,
Ата турган жалгыз ок,
Жакасында калыптыр,
Майлык менен тартылган,
Кыргы менен кырылып,
Кутудагы дарыны,
Куңгурата куйганы,
Жакадагы жалгыз ок,
Жакадан сөгүп алганы,
Ак келтени дүрмөттөп,
Ата албасам маа жазык,
Тийбесең огум саа жазык,
Айланып турган кужурду,
Канатка атып алчу элем.
Айланып турган торгойду,
Мүрүгө атып алчу элем.
Деп ошентип Күлчоро,
Ак олпокту ошондо,
Нарбууданга жапканы,
Аягына жашынып,
Кыйды болгон Күлчоро,
Куйруктун төмөн жагынан,
Кароолуна жеткизип,
Ак келтени Күлчоро,
Куйругунан чыгарып,
Сунуп турган кези экен.
Мерген тууган Чынкожо,
Оң колун сыя аттым деп,

Эч керекке жарабай,
Семетей Кара-Үңкүрдө калды деп,
Айлакер тууган Чынкожо,
Нарбуудан менен ак олпок,
Тартуууга эми келет го,
Айчүрөк тартуу берет деп,
Булутту калың салмакка,
Акыл ойлоп Чынкожо,
Көмөкөйдө көп ойлоп,
Күлчоро мерген эр эле,
Муну таап алайын,
Жер чарчысын көрмөккө,
Ажалы жеткен Чынкожо,
Күлчорону кайда деп,
Асманда жүрүп Чынкожо,
Дүрбү салып калганы,
Ал аңгыча болбоду,
Күлчорону таппады,
Нарбуудан менен ак олпок,
Экөөнү көрүп алганы.
Көөнү келсе Семетей,
Кансырап калган кези деп,
Айласыздан ошондо,
Нарбуудандын аягына корголоп,
Амалсыз жаткан кезиби деп,
Ошону айтып Чынкожо,
Калкылдап учуп калганы.
Асманда булут жарылып,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кара аты менен калдайып,
Булуттун арасынан көрүнүп,
Мерген тууган Күлчоро,
Аңдып турган эмеспи,
Кароолуна келтирип,
Тартып ийди көрдүңбү.
Асмандагы кара аттын,
Оң мүрүсүн кезе атты,
Кара аты менен калдайган,
Жерге түштү Чынкожо.
Дүп этип жерге түшкөндө,
Карап турган Күлчоро,
Кылычты кындан суурду,
Аны көргөн Чынкожо,
Жан соогалап турганы.
Баш көтөрүп Чынкожо,
Обдулуп өөдө тургуча,
Эки миздүү жой болот,
Белинен сууруп алганы,
Көк шилинин тушу деп,
Баатыр тууган Күлчоро,
Шилиден кыя чапканы.
Коркурап жатты Чынкожо,
Мына ошентип Күлчоро,
Жой болотту май кылды,
Чынкожону жай кылды.
Бир оокумда үңкүрдөн,
Чыгып келди Семетей,
Чынкожону көргөндө,
Каршы аттансам Коңурга,
Учуп барса Чынкожо,
Чийбейт белем сызыкты,
Көрсөтпөйт белем кызыкты,
Деп ошентип Семетей,
Каңырыгы бек түтөп,
Капаланып турганы.
Түбүбүз тууган эмеспи,
Элдешип тууган болбостон,
Өлтүрүп муну салыпсың,
Деп ошентип Семетей,
Кайгырып турган кези экен.
Аны уккан Күлчоро,
Абасына муну айтат,
Төрөм, жоо аяган жаралуу,
Чынкожо жооң эмеспи,
Ажалы жеткен Чынкожо,
Ант урганын билдиңби?

Алыс атсам болбостон,
Арбак урду көрдүңбү.
Куру бекер кайгырып,
Бул айтканың эмине? –
Деп ошентип Күлчоро,
Сөөгүн өрттөп ийиптир,
Күлүн көккө сапырып,
Ошону айтып Күлчоро,
Күүлөнүп турган кези экен.
Муну мындай таштайын,
Толтойдон кабар баштайын.
Ошо кезде эр Толтой,
Он сегиз күнү урушуп,
Колу кеткен кези экен.
Айласыздан зор Толтой,
Мунаранын үстүнөн,
Айчүрөктү көрүптүр.
Ошондо Чүрөк муну айтат:
«Он сегиз күнү көрүнбөй,
Күйөө Толтой кайдасың?
Тоодой болгон эр Толтой,
Мени качан аласың?
Кечээ ок жеп калды Семетей,
Теке маңдай чыга көр,
Томуктай болгон баланы,
Бөктөрүнүп ала көр».
Көөдөк Толтой көңүлү,
Күлчоро көздөй бөлүндү,
Теке маңдай чыкмакка,
Баланы узунунан чапмакка,
Ошондо Толтой бaратат,
Ары-бери бутташып,
Адырга салып чыкканы,
Артынан киши келбеспи,
Ушу турган баланы,
Өз билгеним кылайын,
Көмүскө жерге барганда,
Найза менен сайышып,
Аттан түшө калышып,
Айбат менен чалышып,
Саптары колдо калышып,
Жөө күрөштү салууга,
Жакалашып калышты,
Ары ыргытса Күлчоро,
Тикесинен тик турат,
Бери ыргытса Күлчоро,
Төрт аяктап бек турат.
Бир оокумда зор Толтой,
Болуп турган тагы экен,
Отуз беште чагы экен,
Ойронду салар табы экен.
Бойлошуп тиреп турганда,
Өзүң көргөн зор Толтой,
Билек күчтү салганы,
Баланын байбалчагы майышып,
Кый сүбөөсү кайышып,
Сыга тарта кучактап,
Баланы кылмак болгону.
Көрө салып Семетей,
Актелкини миниптир,
Аш бышымга болбостон,
Толтойдон кордук көрөт деп,
Семетей жетим келгени,
Бек кармагын чоро деп,
Баатыр үндү салганы.
Аны угуп эр Толтой,
Ачуусу кетип алдырап,
Күчү кетип калтырап,
Даяр турган Күлчоро,
Тоодой болгон Толтойду,
Көтөрүп туруп бир уруп,
Төшүнө минип калганы.
Жабдыкка колду жибербей,
Эки каруудан бек кармап,
Алдында жатып эр Толтой,
Каруулашып калганы.

Ошо кезде Семетей,
Актелки менен жеткени,
Сол колу менен ошондо,
Айбалтанын сырт менен,
Өзүң көргөн Толтойду,
Маңдайга уруп калганы.
Маңдайга балта тийгенде,
Кыларган көзү кылайып,
Кыямат кетти зор Толтой.
Алагар көзү алайып,
А дүйнө кетти зор Толтой.
Кылычтарын майлашып,
Абасы менен чоросу,
Толтойуңду жайлашып,
Чынкожо менен Толтойду,
Чоң Ополдо жай болду.
Калың кара жедигер,
Айласыздан качканы.
Ишенгени Чынкожо,
Чынкожо өлүп калган соң,
Тоодой Толтой өлгөн соң,
Кара түн түшкөн жедигер,
Качпай турган жөнүбү.
Толтой өлүп калган соң,
Суркоён ойноп калганда.
Ошо кезде Күлчоро,
Нарбуудан менен жеткени,
Суркоён алып келгени.
Ал аңгыча болбоду,
Соогат, соогат, соогат деп,
Канчоро баатыр келгени,
Анда туруп Күлчоро,
Айтып турган кеби бул,
Толтойду өзүм өлтүрдүм,
Суркоёнду бербейм деп,
Эки чоро ошондо,
Талашып турган жери ошол.
Аны көрүп Семетей,
Калыстыкты кылам деп,
Талаша бербе деп айтып,
Эки чоро жарышкын,
Чыкканыңа берейин.
Ошону угуп чоролор,
Жерди болжоп алышып,
Эки чоро кеткени,
Самаган жерге жеткени,
Жарышканда чоролор,
Моюнча чыгып Канчоро,
Көкала минип келатат.
Моюнча чыгып Канчоро,
Экөөң бирдей келдиң деп,
Чылбарды ыргытса абасы,
Күлчоронун оң колуна,
Суркоёндун чылбыры,
Ороло түшүп калганы.
Менин атым чыкты деп,
Канчоро калды талашып,
Калыстык менен ыргытса,
Маа буюрду Суркоён деп,
Күлчоро болбойт талашып,
Суркоён Күлчорого тийгенде,
Кабагын түйүп Канчоро,
Жылдызы жерге түшкөнү,
Калыстык кылбай Семетей,
Күлчорого тартты деп,
Канчоро арам ойлоп калганы.
Суркоён тийип колуна,
Күлчоро жүрөт сүйүнүп.
Муну мындай таштайын,
Быягынан баштайын.
Чынкожо, Толтой жеңген соң,
Акун кандын шаарына,
Бастырып келди үч эрен,
Касташкан жоону алдык деп,
Кудай берип салды деп,
Опол тоодо той берип,

Ошо кезде Акун кан,
Калкына кабар салышып,
Калың той берип алышып,
Ошо турган Чүрөктү,
Отуз күнү ойнотуп,
Сүйүнүчтүү болушуп,
Ботолуу төө жетелеп,
Болумдуу сулуу Чүрөккө,
Алтымыш нарга жүк жүктөп,
Таласты көздөй көчкөнү.
Таласка келип баатырың,
Үч жылча жыргап жатканда,
Арпанын башы жайыктан,
Семетей Бакайды алды чакыртып.
Ошондо Бакай келгени,
Семетей туруп кеп айтат,
Көрбөгөндү көрсөтүп,
Көсөл аба жүргүн дейт,
Эмине балам дегенде,
Колотту колго алам дейт,
Коңурбай көздөй барам дейт.
Атамын кунун кууймун деп,
Кагылайын абаке,
Аттаналы деп айтып,
Анда Бакайдын айткан сөзү экен,
Кагылайын кулунум,
Саа жол көрсөтөр мен эмес,
Ошондо Бакай муну айтат,
Саадагым кырк кез чагымда,
Саламаттуу абаң барында,
Тулпар минип туу кармап,
Дуулап жүргөн чагымда,
Туйгун атаң барында,
Туйгунум Манас барында,
Кара шаар менен Камбылды,
Камап турган чагымда,
Кайран атаң барында,
Калдай менен башканы,
Сабап турган чагымда,
Тулпар минип туу кармап,
Дуулап жүргөн чагымда,
Туйгунум Манас барында,
Ошондо элүү беште чагымда,
Кагылайын кулунум,
Жетимишке келгенде,
Кузгундай көзүм кыярды,
Куу сакалым узарды,
Кагылайын жетимим,
Кызыл-Кыя жердеген,
Кырымдын каны Мурадыл,
Теги катуу эр деген,
Кагылайын кулунум,
Борой, борой сөзү жаап
Мурадыл жайлап жаткан жер,
Мурадыл жайын сурасаң,
Эчкинин тоңгон майын жейт,
Кысыр эмди тайын жейт,
Ак-Булак деген жер болот,
Төш таяна барасың,
Ат чалдырып коносуң,
Аттарга сак болгун деп,
Бакай айтып турган жер ошол.
Он төрт атка кош артып,
Азык-түлүк мол артып,
Олуяттын балага,
Кошо жүргөн кези экен.
Ак чатырын бүктөтүп,
Айбанбозго жүктөтүп,
Ала кийиз жайнамаз,
Аны арткан Акборчук,
Шумкарды алып колуна,
Олуязаада чалдардан,
Ошондо туруп бата алып,
Алакан жайып дүрүлдөп,
Аргын, кыргыз баарысы,
Бата берди чурулдап.

Бата алып көк жалың,
Бала жолборс Семетей,
Антташып чыкты Семетей,
Бир нече күнү жол тартып,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Кең Кочкор бойлоп келгени,
Кең Кочкорго ошондо,
Алты күнү ошондо,
Өргүү болуп жатышып,
Аттанып чыгып Кочкордон
Ысык-Көлгө келгени.
Кызыл-Кыя бет алып,
Жүрүп келет баатырың,
Дүрбүнү салып Мурадыл,
Карап жаткан кези экен,
Төгөрөгү көк чатыр,
Төшкө таяй тикти дейт,
Өргүүн болуп алмакка,
Ат чалдырып жатмакка,
Коңурбайдын чет караол,
Мурадыл деген бар экен,
Асмандан Алланын күнү түнөрдү,
Күүгүм кирип калганда,
Алакатыр шыбыргак,
Мурадыл жайлап калды деп,
Ошондо Бакай муну айтат:
«Кагылайын Семетей,
Ак олпокту жамынып,
Аябай карап жата көр,
Атты алдырып ийбейлик,
Азабын чогуу көрбөйлүк».
Энөө туман салып Мурадыл,
Абайлап карап келеттир.
Семетейди көргөн соң,
Ат алалбай кетиптир,
Он төрт ат калат чыйрыгып,
Үрүл-бүрүл кечинде,
Агытып ийген жеринде,
Он төрт ат тийип албасам,
Деп ошентип Мурадыл,
Акыл ойлоп кетиптир.
Бир оокумда болгондо,
Тараза жылдыз батканда,
Таң кашкайып атканда,
Канчоролоп айкырып,
Күлчоролоп кыйкырып,
Эки чоро ошондо,
Көзү-башын ушалап,
Чатырдан турган кези экен.
Он төрт аттын ичинде,
Бакай кандын Көкчолок,
Көкчолокту бер десе,
Бакай белгим барбы деп айтат.
Көктулпарды ошондо,
Он төрт атты агытып,
Он аттын ичинде,
Суркоён да бар экен,
Суркоён баштап он төрт ат,
Өзүң көргөн Тайбуурул,
Сүйлөйүн десе тили жок,
Он төрт аттан бөлүнүп,
Өзү жалгыз калыптыр.
Кесирлүүнүн баарысын,
Кесерден аппак каркысын,
Он төрт ат сезип жоготуп,
Кууган шамал салды эми,
Он төрт атты таба албай,
Тайбуурул жайдак мингени,
Көчүгү жооруп Семетей,
Он төрт аттай алсырап,
Кайгырып канкор келгени.
Арам өлгөн он төрт ат,
Кай кеткени билинбей,
Издеп таппай калганы,
Кай кеткенин биле албай,
Карагай ичин аңтарып,

Кызыл-Кыя бет алып,
Кантсе жайлап салды деп,
Он төрт ат байкап алды деп,
Касиеттүү кан Бакай,
Кызыл-Кыя ашканда,
Кыр-Карагай басканда,
Кылымды бузган зор Бакай,
Он төрт ат окуранып турганда,
Үстүнөн чыкты зор Бакай.
Өзүң көргөн Күлчоро,
Бакай айдап келгенде,
Суркоёнду мингени,
Сары изине чөп салып,
Кырымдын уулу Мурадылды,
Саргара кууп калганы.
Күнү-түнү жети күн,
Мурадыл менен Күлчоро,
Карагай найза майышып,
Качпай туруп сайышып,
Күлчоро менен Мурадыл,
Ак карга айкашып,
Кара жерге кайнашып,
Адис болгон Күлчоро,
Мурадылдын ошондо,
Кылычын сууруп кынынан,
Башын кесип алганы.
Чет кароолун алганда,
Муну кудай берди деп,
Шек алдырбай барабыз,
Деп ошентип зор Бакай,
Жолду баштап калганы.
Бир нече күнү жол жүрүп,
Аз гана эмес, мол жүрүп,
Бээжинди көздөй баратат,
Коңурбайдын куу өрдөк,
Кароолчусу бар эле,
Куу өрдөктү Коңурбай,
Бу жактан душман келет деп,
Кароолго койгон кези эле.
Коңурбайдай калчанын,
Куу өрдөктөй кароолчусу бар эле.
Кара суунун боюнда,
Камандуу көлдүн оюнда,
Жаткан экен куу өрдөк,
Кара көлдүн боюнда,
Бир оокумда болгондо,
Шумкарды алып Семетей,
Бута атымдай барганда,
Абам Бакай муну айтат,
Кагылайын кулунум,
Шумкарды маа бергин деп,
Ошондо Семетей муну айтат,
Карганыңча абаке,
Жол талашканың койбойсуң,
Шумкарды бербейм, деп айтат.
Анда абаңдын айткан кеби бул,
Колу күчтүү Семетей,
Катуураак шилтеп ийерсиң,
Шумкардын
жемсөөсү жерге тиерде,
Дегенине болбостон,
Колу күчтүү Семетей,
Томогону алганда,
Катуу шилтеп калганда,
Алыс кетип ал шумкар,
Төшү менен дөбөгө,
Барып түшүп калганы.
Оболоп учуп куу өрдөк,
Үн чакырып узады.
Семетей кыйкырыкты салганда,
Эсин жыйып ак шумкар,
Асманды көздөй шаңшыды.
Узап калды куу өрдөк,
Оболоп учуп жаныбар,
Куу өрдөктүн көтүнөн,
Ак шумкар сабап калганы.

Семетей калды бакырып,
Ак шумкарга айкырып,
Оболоп учуп ак шумкар,
Куу өрдөктүн көтүнөн,
Сабап жүрүп калганы.
Шак-шак этип койгондо,
Өзүң көргөн куу өрдөк,
Шумкардын үнүн укканда,
Кай учарын биле албай,
Тескери учуп алганы,
Тек-Таштын тоосун ошондо,
Эңкейип эми кетерде,
Куу өрдөктү ошондо,
Тарс дедирип ошондо,
Таманына басты эми,
Куу өрдөктү ошондо,
Көтөрүп алып келгени.
Эс алып алып ак шумкар,
Төш этине тойду эми,
Он эки куйрук кырк чалгын,
Баарын бирдей таранып,
Ошо кезде ак шумкар,
Канатын тарап калыптыр.
Кагылайын абакем,
Касиеттүү жан экен,
Ыраактан көрүп калыптыр,
Ыраактан көрүп абакең,
Анда-санда бир чокуйт,
Кыйналып барган кези деп,
Көк тулпарды койгулап,
Абам Бакай жеткени,
Алып келди ошондо,
Куу өрдөк менен шумкарды.
Муну кудай берди деп,
Ошо кезде Семетей,
Кубанчы батпай койнуна,
Кашкайып күлүп турганы.
Муну мындай таштайын,
Кароолдогу куу кулжа,
Мына ошондон баштайын.
Жайдын аптап табында,
Өзүң көргөн куу кулжа,
Жаткан экен белесте,
Кузгундай көзүн кызартып,
Абаң Бакай барганы,
Куу кулжа атып берейин,
Бу жолуңду бергин деп,
Бакай жолду сурап турганы,
Жолду бербей Семетей,
Ак келтени дүрмөттөп,
Кытай оттук боор таш,
Кырып тартып чок коюп,
Семетей өңүтүнө жеткенде,
Ташка арта салынып,
Көмүскө жерде жатыптыр.
Тура калып Семетей,
Окчо кармап атканда,
Камчы бою ошондо,
Алыс атып салганы.
Үйдөй болгон кара арча,
Ак келте огу тийгенде,
Омкорулуп кеткени.
Ошондо туруп зор Бакай,
Айтпадым беле бая деп,
Семетейге сүйлөнүп,
Күпүлдөп турган кези экен.
Атаңдын көрү куу кулжа,
Эми кутулуп кетет деп,
Кайгырып Бакай калганы.
Кутулуп кетсе кокустан,
Коңурга кабар тиет деп,
Түпкө чогуу жетет деп,
Ошондо туруп зор Бакай,
Көк чыбыкты дүрмөттөп,
Кайкы кара кайкыны,
Эми ашып кетет деп,

Касиеттүү зор Бакай,
Кабылан тууган Манаска,
Дуба кылып калганы,
Мекеден келген сур телки,
Бакай көзүн сүртүп калганы,
Чоң кара кайкыны,
Эңкейип эми киререде,
Кадоолго алып кулжаны,
Илине түшкөн кезинде,
Абаң Бакай ошондо,
Көк чыбыкты ирмептир,
Антаңдап тийип ошондо,
Абакеңдин жалгыз ок,
Муруздоодон чыгыптыр.
Ок тийгендей болду деп,
Көк тулпар менен самсытып,
Абаң Бакай жеткени,
Кулжаны кудай берди деп,
Көк тулпарга ошондо,
Бөктөрүп алган кези экен.
Аны көрүп Семетей,
Атка отурган кебиңден,
Аксакалы чүчтөдөй,
Айлансын иниң өзүңдөн,
Кузгундай болгон көзүңдөн,
Деп ошентип Семетей,
Жалынып турган кези экен.
Каркыра сайдың абаке,
Кулжаны атып бергенге,
Ыраазымын деп айтып,
Куу кулжанын этине,
Бөрү тоют болушуп,
Алты күн жатып калганы.
Ат сергитип алганы.
Бой жанчылып калды деп,
Бой сергитип алмакка,
Ат ташыркап калды деп,
Ат сергитип алмакка,
Алты күнү жатканы.
Адамдын жытын алуучу,
Алты күндүк жолдордон,
Быягынан душман келет деп,
Кырк кулач кызыл түлкүнү,
Кароолго койгон белеске.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Күндүз көрсө билет деп,
Түн ичинде ошондо,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Жетип барды белеске,
Чыга турган жерине,
Эртең менен ошондо,
Ийнинен чыгып куу түлкү,
Эми карай бередe,
Үйдөй болгон кара таш,
Кабылан Бакай абаңыз,
Арта салып калганы,
Такыр колтук тушу деп,
Жык өпкөнүн өзү деп,
Ирмеп туруп калды эми,
Куу түлкүнү жай кылып,
Түн түшүрүп салганы.
Чалгындын баарын алдым деп,
Кубанышып калганы.
Чалгынды Бакай алды деп,
Бизге кудай берди деп,
Эми кагылайын кулунум,
Күлчоро менен Канчоро,
Улабастын тоосуна,
Оокумга экөө калсын деп,
Ак шумкар алып ошондо,
Бакай кайра кайтып калганы.
Калча койгон кароолго,
Семетей жетип барганы,
Шондо Коңур сүйлөнүп,
Карагул деп айкырып,

Кырк-Кайкы барып кыштап кел,
Суурдун этин ыштап кел,
Өзүнөн-өзү күүлөнүп,
Карагулга сүйлөнүп,
Манастын уулу Семетей,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Кеңдиги бар Таластай,
Келбети бар Манастай,
Айдыңы бар Таластай,
Айбаты болуп Манастай,
Манастын уулу Семетей,
Ошо кыйын чыкты дейт,
Он экиге келгенде,
Календерди камаптыр,
Дубананы сабаптыр,
Он сегизге келгенде,
Анжиянды буй кылып,
Кыйын чыкты деп уктум.
Кербенчиден кеп уктум,
Ушак-айың сөз уктум.
Илгери Манас жашында,
Көкөтөйдүн ашында,
Бакай деген бар эле,
Ошо Бакай өлгөндүр,
Кыямат жайын көргөндүр,
Ошо Бакай өлбөсө,
Кыяматты көрбөсө,
Семетейди ошондо,
Баштап келер кези деп,
Күрпүлдөп айтып Коңурбай,
Жылкы суудан калбаспы,
Бээлер кулун салбаспы,
Алгара кошуп жылкыга,
Коңурбай кара ат минип алганы,
Алты күндө келем деп,
Жолго жөнөп калганы.
Деп ошентип Коңурбай,
Аксумбалдан тамеки,
Тогуз чеңгел урганда,
Толбой калды канжасы*,
Боз кертиктен кичине,
Алты чеңгел урганда,
Толбой койду канжасы.
Карагулдан кечи деп,
Алты чеңгел урганда,
Ошондо араң канжасы,
Жолум үйдөй болгондо,
Жолум үйдөй чокчоюп,
Канжасын соруп турганда,
Оозунан чыккан түтүнгө,
Уяда чымчык адашып,
Энөө туман түшүп турганы.
Кыштын кыран чилде экен,
Көк жал кагып ийгенде,
Алтымыш жайсаң, кырк кечил,
Кактанып жатып калганы.
Алгараны агытып,
Алачыктай чоң калча,
Кете берди Бээжинге.
Бир оокумда болгондо,
Карагул турду айкырып,
Кечээ Коңурбай калча келгенде,
Белиме жанчып турганда,
Күрмөмдү кийбей калганда,
Жылкычыга күүлөнүп,
Өзүнөн-өзү сүйлөнүп,
Алты жылы туу калган,
Ак боз бээни сойгун деп,
Казысына бөлө деп,
Картасына жөлө деп,
Карагул турду айкырып.
Бир оокумда жылкычы,
Ак боз бээни сойгону,
Какени казысына бөлөдү,
Картасына жөлөдү.

Ошо кезде Семетей,
Жылкычынын үйүнө,
Жетип келип караса,
Тогузунун кенжеси,
Сары чийкил жаш бала,
Ыргып турду ошондо,
«Оо Карагул аке,– деп,
Уктап жатып түш көрдүм,
Түшүмдө кыйын иш көрдүм,
Карагул аба, угуп тур,
Кызыл буурул ат минген,
Камчысынан кан тамган,
Жаңыдан мурут жанчылган,
Кызыл чийкил жаш бала,
Чалкаңан басып алыптыр,
Сакалыңы жулуптур,
Желип-желип алганда,
Оздон кетти кара кан,
Көтүңөн кетти заар зил,
Өлөрүңдө жалынып,
Кагылайын абаке,
Бул эмине болучу?»
Ошондо туруп Карагул,
Түшүң түлкүнүн богу,
Өзүң менин богум деп,
Айтып келип Карагул,
Каарын төгүп калганы.
Аны угуп Семетей,
Жолум үйдү кырк баштуу,
Сол канаттан бек кармап,
Көккө силкип ийгени.
Томпойто чаап тогузун,
Баатыр Семең ошондо,
Карагул минип алганы.
Өзү жөөт Карагул,
Болкулдап ыйлап ийгени,
Колго түшкөн мен элем,
Эмчек сүтүн бербесе да,
Элик сүтүн эмизген,
Каныкей аман бекен деп,
Амалы ашкан Карагул,
Семетейди кучактап,
Найзага таккан желек деп,
Асылдан калган белек деп,
Кара күчкө көп ыйлап,
Муну көрүп Семетей,
Сакалын жулуп нетемин,
Не мураска жетемин,
Боор ооруп Семетей,
Кечээ Коңурбай агыткан,
Алгараны кайда деп,
Сурап турат Семетей.
Өзүң көргөн Алгара,
Алгараны табам деп,
Кыйды караны көрсөтүп,
Коңурбайдын аты деп,
Кыйды караны карасаң,
Басыгы сырттын желиндей,
Басканына мал жетпейт,
Желгенине жел жетпейт,
Калмактын аты ушу деп,
Кубанып турат Семетей.
Ошондо туруп Карагул,
Жылкы айдап баратып,
Жылкыда жоор бышты бар,
Ошону маа мингизгин,
Кууланып айтса Карагул,
Семетей кармап берди быштыны.
Кубулган Алгараны мингенде,
Ойкуштатып Карагул,
Жылкынын ар жагына бир чабат,
Бер жагына бир чабат,
Күркүштөгөн көп жылкы,
Кыл-Эртиштин суусуна,
Камалып келип турганда,
Карап туруп Семетей,

Баштагын деп жылкыны,
Барбайсыңбы пириңе,
Деп ошентип баатырың,
Коё берди Буурулду.
Үч кишенеп Буурулуң,
Сууга кирген кезинде,
Жылкынын баары чуркурап,
Көмөрүлүп киргенде,
Карыган бээнин баары агып,
Кулун, тайлар бүт агып,
Асый аттар чыккан кез.
Бир оокумда болгондо,
Кыйды кара мингени,
Семетей сууга киргени,
Суу ортолоп барганда,
Кыйды кара жыгылып,
Семетей сууга акканда,
Башы чыга түшкөндө,
Кыройт бир кыройт Тайбуурул,
Деп ошентип Семетей,
Бакырыкты салганда,
Төбөсү чыга түшкөндө,
Кыройтту айтып Семетей,
Өкүрүктү салганы.
Аны укканда Нарбуурул,
Сууга чурап киргени,
Капталын сала бергенде,
Куйруктан алып Семетей,
Ошо кезде карасаң,
Үзүктөй кылып Семеңди,
Сүйрөп чыкты Тайбуурул.
Суудан чыгып алган соң,
Сыгынып Семең турганда,
Ары жакка бир ойкуп,
Бери жакка бир ойкуп,
Кырк кулач кайың укурук,
Каруусуна салыптыр,
Алгара минип аттанып,
Антаңдашып калыптыр.
Ошентип келип Карагул,
Сенин атаң Манасты,
Ушу кол менен мен өзүм,
Үч алдагам Карагул.
Аккуласын ошондо,
Күч алдаган Карагул,
Кырк кулач кайың укрук,
Каруусуна салыптыр,
Алдындагы Алгара,
Тап этине келиптир,
Басканына мал жетпей,
Желгенине жел жетпей,
Ары аттатып сууну,
Бери аттатып сууну,
Каргытып турган кези экен.
Суудан чыгып Семетей,
Сыгынып турган кезинде,
Кырк кулач кайың укурук,
Кош колдоп аны көтөрүп,
Жаткын ушу жерге деп,
Семеңди как төбөгө чааптыр,
Чокуга укурук тийгенде,
Кере карыш айрылып,
Кан төгүлдү башында,
Шашып минип Семетей,
Тайбуурулдай күлүктү,
Жайдак чурап мингени,
Артынан түштү качкындын,
Карагулдун көтүнөн
Түшүп калды Семетей.
Айбандан артык Тайбуурул,
Өр талаша бергенде,
Жете түшүп калганы,
Алакан жайып Семетей,
Чоң куйруктан алганы.
Куйрук кетти жулунуп,
Семетейдин колунда,

Калып калды куйругу,
Кыл-Эртиштин суусун,
Аттатып кетти Карагул,
Карагулда сакал жок,
Алгарада куйрук жок,
Ошо кезде Карагул,
Күңгүрөнүп баратат,
Өзүнөн-өзү сүйлөнүп,
Атаңдын көрү ит калмак,
Куу өрдөк жатат көлүмдө,
Куу кулжа жатат белимде,
Куу түлкү жатат кыраңда,
Деп айтчу элең ит калмак.
Алгарада куйрук жок,
Карагулда сакал жок,
Жылкыны алды бурут деп,
Күүлөнүп барат, Коңурбай,
Атаңдын көрү ит калмак,
Жылкыңы бурут алганы,
Сени кудай алганы.
Деп ошентип турганда,
Каардуу калча Коңурбай,
Жалгыз өзүм барам деп,
Бурут алган жылкыны,
Ажыратып алам деп,
Алгаранын куйругун,
Алтын куйрук салууга,
Усталарды жыйдырды,
Жети күнү жасатып,
Алгарадай тулпарга,
Жасатып куйрук алганы.
Артынан түшүп жылкынын,
Келе жатат Коңурбай,
Алдындагы Алгара,
Баскан ташы быркырап,
Кологой тартып зыркырап,
Ооздук чайнап жеп жаткан,
Кологой тартып баш чайкап,
Келе жатат көрдүңбү.
Ыраактан көрүп Семетей,
Коңурбайды көргөндө,
Бөктөрүнгөн ак олпок,
Ак олпокту чечкени,
Жете келип Коңурбай,
Белеске чыгып үн салды,
Үн салганда деп салды.
Ошондо туруп Коңурбай,
Алтын көздүү, ай жүздүү бурут,
Алдыңкы жерге туруп тур бурут,
Күмүш көздүү, күн жүздүү бурут,
Алдыңкы жерге туруп тур бурут,
Алтыным сайдын ташындай,
Күмүшүм койдун башындай,
Таластан келип жылкы издеп,
Албай кетсең кокустан,
Таластан келген саа намыс.
Артыңан келип Коңурбай,
Ажыратып албасам,
Артыңан келген маа намыс.
Жылкыны бөлүп алалы,
Аны укканда Семетей,
Мыкты болсоң сен калча,
Ажыратып алып кал,
Сайыша турган сен болсоң,
Сайышчу жериң беленде.
Болот, болот, болот деп,
Теке маңдай турушуп,
Бирин-бирин ошондо,
Сынап турган жери ошол.
Бир оокумда Коңурбай,
Семетейди сынап турганы,
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар эр экен,
Сол далысы кең экен,
Солтонду чабар шер экен,
Атасы көк жал Манастан,

Артык тууган эр экен,
Деп ошентип Коңурбай,
Теке маңдай турушуп,
Устундан найза улаткан,
Учуна болот сулаткан,
Жарды сайса ураткан,
Бет алган жоосун кулаткан,
Бала экенде жашынан,
Балбан калча атыккан.
Өзүң көргөн Коңурбай,
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Ак каңкы ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Тоодой болгон бурутту,
Өлчү жериң ушу деп,
Как жүрөктүн тушу деп,
Коңурбай мээлеп калганы.
Аны көрүп Семетей,
Камданып калган кези экен,
Тутам жерин кылдаткан,
Тутам жерин сырдаткан,
Кармай турган жерине,
Коло менен чырматкан.
Тийген жерин ырбаткан,
Адамдын көз жашына сугарткан,
Бөлөкбай кылган сыр найза.
Калчанын өлчү жери ушу деп,
Калмак ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Мээлеше кетип ошондо,
Күпө-күпө болгондо,
Качырып келип Семетей,
Күп дедире койгондо,
Ошо кезде Коңурбай,
Алгаранын үстүнөн,
Ала салып кеткени.
Калча аттан түшкөндө,
Алгаранын артынан,
Семетей түшүп калганы,
Чоң дайрага барганда,
Коңурбайдын Алгара,
Так секирип өткөнү.
Кайра тартып Семетей,
Коңурбайга келгенде,
Камынып калган Коңурбай,
Очогорун октоп тур,
Айласыздан Коңурбай,
Камышка кирип кетиптир,
Беленсинген калчаны,
Белге сайып салдым деп,
Эр Семетей ошондо,
Жылкы артына түшкөнү,
Алгара Бээжинди көздөй
кетти деп,
Калча жөө калды деп,
Кудай берип салды деп,
Ак олпокту бөктөрүп,
Тайбуурулдун үстүндө,
Таш өбөктү салыптыр,
Уйкуга кирип калыптыр.
Ал аңгыча болгон жок,
Коңурбайдын Алгара,
Кайра тартып келиптир,
Коңурбай түшкөн белеске,
Жетип келип Алгара,
Сүйлөйүн деп тили жок,
Кайыптан түшкөн мал экен,
Үч кишенеп алганы,
Алгара үнүн укканда,
Чыга келди Коңурбай,
Коңурбайды көргөндө,
Окто чоюп булкунуп,
Окуранып жулкунуп,
Туякты жерге мылгытып,
Көкүлдү көккө ыргытып,
Ааламды бузган калчага,

Алгара барды ошондо,
Коңур минип алганы,
Күүлөнүп алып Коңурбай,
Жылкы артынан түшкөнү,
Жете барды жылкыга,
Ошо кезде карасаң,
Баатырдын уулу Семетей,
Жайдын аптап табы экен,
Таш өбөк салып Семетей,
Уктап калган кези экен.
Калчаны кудай уруптур,
Очогорду дүрмөттөп,
Жайладым деп бурутту,
Уктап бара жатканда,
Деп ошентип Коңурбай,
Камданып келет көрдүңбү,
Жакын жетип алганда,
Очогорду сундуруп,
Кой башындай коргошун,
Колдуратып урганы,
Кутудагы көк дары,
Коркурата салганы,
Кытай оттук бор таш,
Кырып тартып чок жасап,
Очогоргo от койду,
Куш уйку салып Семетей,
Нарбуудан менен келатат,
Улабастын тоосуна,
Жакын келип калганда,
Чоролорго жетем деп,
Жылкыны айдап келатат,
Эч нерсе менен иши жок,
Эрдемисинген Семетей,
Баатырсынган көк жалың,
Байкабастан келатат,
Үргүлөп келип Семетей,
Чоң коктуга келгенде,
Ошо кезде Коңурбай,
Туурасынан тосуптур.
Семеңди кара басканда,
Как жүрөктүн өзү деп,
Өпкө колко тушу деп,
Аңдып туруп Коңурбай,
Көк жалыңды ошондо,
Атып калган кези экен.
«Тарс» деп огу кеткенде,
Ошо кезде Семетей,
Тайбуурулдай күлүктөн,
Ыргып кете таштады.
Очогор менен аткан соң,
Артынан түштү Коңурбай,
Ал аңгыча болгондо,
Кара жаак айбалта,
Кармай калып колуна,
Эми жетмек болгондо,
Буйтап кетти Тайбуурул.
Тоң моюн болгон Алгара,
Үч чакырым кеткени,
Ошо кезде карасаң,
Кызыл жаян бир болуп,
Семетейден ал кетип,
Ал аңгыча болбоду,
Күлчоро менен Канчоро,
Жылкыны көрүп калганы,
Жылкыны көрүп алганда,
Жактырбай турду Күлчоро,
Кар жилиги бир тутам,
Кашкулак айдап келген бейм,
Толорсугу бир тутам,
Төрөм доңуз айдап келген бейм,
Бир оокумда караса,
Көтүнөн түшүп Семеңдин,
Алек кылып келатат,
Муну көрүп Күлчоро,
Коңурбайды качырды.
Өргө сала бергенде,

Алдындагы Көкала,
Өксүп карап калганы.
Эңкейишке келгенде,
Эр Көкчөнүн Көкала,
Коңурбайга жеткенде,
Коңурбайдай калчаны,
Түп этектен алганы.
Жакалашып ошондо,
Оодарышты салганы,
Айбалта менен чабышып,
Саптары колдо калышып,
Куржун болуп теңселип,
Жакалашып калышып,
Айласы кетип Коңурбай,
Ал жетпесин билгени,
Өзүң көргөн Коңурбай,
Качар жагын оңтойлоп,
Күлчородон Коңурбай,
Шыпырылып качканда,
Бир оокумда Семетей,
А дээрге алы жок,
Семетей жандан түңүлүп,
Жаралуу болгон баатырды,
Ошо кезде Күлчоро,
Сарпоошто алып жетелеп,
Ошондо качкан Коңурбай,
Алыс барып үн салды,
Үн салганда деп салды,
Очогор тийди бооруңа, бурут,
От чачылды көзүңө, бурут,
Ал жараңан өлөрсүң, бурут,
Ал жараңдан өлбөсөң,
Коркок бир болуп өлөрсүң, бурут,
Өлсөң ашың жытың бурут деп,
Өлбөсөң азабың тарткын
бурут деп,
Коңурбай
Бээжинди көздөй тартканы.
Ал аңгыча болбоду,
Кызыл-Кыя бел ашып,
Жылкы айдап келгени,
Семетей атка жүрө албай,
Ошо келип баатырлар,
Өргүн болуп жаткан жер.
Семетей атка жүрө албай,
Айласы кетти Күлчоро,
Таластагы Чүрөккө,
Бармак болду Күлчоро.
Эртең менен болгондо,
Таласты көздөй бет алып,
Күлчоро жөнөп калганы.
Акундун кызы Айчүрөк,
Түн ичинде түш көрүп,
Түшүндө кыйын иш көрүп,
Кереметтүү Айчүрөк,
Уктабай турган кези экен.
Ошо кезде карасаң,
Күлчоро жетип келгени.
«Аман-эсен келдиңби,
Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө кыйын иш көрдүм,
Төрөң аман барбы?» – дейт.
Анда Күлчоронун айтканы:
«Алдатып жүрүп Семетей,
Коңурбайдай калчага,
Боорго аттырып алганы,
Тийген огу түшпөдү,
Сенин ак экениң билемин,
Ок аттап бергин деп айтат.
Ок аттап берсең Айчүрөк,
Төрөм аман калучу,
Түшпөй калса кокустан,
Төрөм майып болгону».
Ошону айтып Күлчоро,
Буркурап ыйлап ийгени.
Таң агарып атканда,

Учмак болуп Айчүрөк,
Ак куу болуп калкылдап,
Айчүрөк учуп келгени,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Күлчоро жете келгени.
Ак чатырын бүктөтүп,
Алдына өбөк койдуруп,
Өлөр-өлбөс жан менен,
Жаткан экен Семетей,
Бир оокумда болгондо,
Төрөмдүн огун түшүргүн,
Түшүрбөсөң бул окту,
Төрөмдүн
ажалын сенден көрөм деп,
Күлчоро турду күүлөнүп.
Өзүң көргөн Айчүрөк,
Касиеттүү жан экен,
Даарат алып ошондо,
Мойнуна бото салынып,
Ак боз бээни жетелеп,
Анан аттап караса,
Төрөнүн огу түшпөдү.
Эмине болуп кетти деп,
Алла таала кудурет,
Ушу турган төрөмдүн,
Чын ажалы жеткенби,
Деп ошентип Айчүрөк,
Кайра даарат алганы,
Эки ийнин карап Чүрөгүң,
Имерилип турганы.
Ошо кезде Чүрөгүң,
Куш уйку салып калганы,
Бир оокумда болгондо,
Белинен тартып Чүрөктүн,
Касиети бар экен,
Өзүң көргөн Чүрөктүн,
Айтып берчүүсү бар экен.
Ийнинде турду ак бала,
Анын айткан кеби бул экен:
«Ак куу болуп учканда,
Калмактардын Коңурбай,
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар шер экен,
Сол далысы кең экен,
Солтонду чапчу шер экен,
Өзү капыр дебесе,
Тийип алчу эр экен.
Деп ошентип Айчүрөк,
Сынап калган кезинде,
Бир ишенип калгансың.
Муну айтканда ак бала,
Мойнуна алды Айчүрөк.
Кудайга мунажат кылып,
Мойнуна бурчак салганы,
Кайра даарат алганы.
Удаа-удаа үч айтып,
Касиеттүү Айчүрөк,
Кырынан жатып Семетей,
Бир козголуп койгондо,
Боорунан ок түштү.
Очогор огу түшкөнү,
Эс ала түштү Семетей,
Ок түшкөн соң ошондо,
Ак боз бээни сойдуруп,
Элге түлөө бердирип,
Ак боз бээнин казысын,
Жаратына тарттырып,
Семетейдин жарасы,
Жаңыдан жакшы болгону.
Дарылашып ошондо,
Кызыл-Кыя боюна,
Жатып калды ошондо.
Эки айга жакын чыгартып,
Семетейдей баатырды,
Айыктырып алышып,
Таласын көздөй көчкөнү.

Элге аман барышып,
Коңурбайдын жылкысын,
Аргын менен кыргызга,
Бөлүп берген кези ошол.
Ал аңгыча болгон жок,
Үч жыл өттү арадан.
Кытайлардын Коңурбай,
Келгендерден кеп угуп,
Ушак-айың, сөз угуп,
Семетей өлдү деп угуп,
Жок өлө элек деп угуп,
Алтымыш эки туу алып,
Кытайлардын Коңурбай,
Жер майышкан кол алып,
Таласка жүрүп калганы.
Арпанын башы жайыкка,
Аттардын баары жайлоодо,
Эчтеке менен иши жок,
Ордо атып жатканда,
Алтымыш эки туу менен,
Айгайлаган чуу менен,
Келген экен Коңурбай.
Жыл мезгилин сурасаң,
Күздүн сары күнү экен,
Абайлатпай түшүндө,
Семетейдин ордосун,
Курчап алган кези экен.
Манас кандын ордосу,
Айкөл Манас бар кезде,
Ааламга жеткен кулачы,
Дубалды бекем салыптыр,
Бийиги кырк кез дубалдын,
Душман келип калат деп,
Эшигин душман ачат деп,
Туткасы болсо дубалдын,
Душман тартып кетет деп,
Ичинен ээси ачат деп,
Ачкыч салып алат деп,
Калың кара көп манжу,
Тегеректеп калганда,
Очогору дүңкүлдөп,
Ок жаңырып келгенде,
Ойгонуп турду Семетей,
Тайлак төөдөй бир мөңкүп,
Күлчоро менен Канчоро,
Жылкыда жүргөн чак эле.
Абакеси жайлоодо,
Белташтын башы жайыкта,
Ал аңгыча болбоду,
Очогор үнү дүңгүрөп,
Ошо кезде Семетей,
Уйкудан чоочуп ойгонуп,
Ар шайманын даярлап,
Таң кашкайып аткыча,
Ак келтени дүрмөттөп,
Ар жагына бир чыгып,
Бер жагына бир чыгып,
Дүпүлдөтүп аткылап,
Чачыкей менен Айчүрөк,
Эжелеп окту ташышып,
Очогор үнүн укканда,
Душман келип калды деп,
Алмамбеттин Күлчоро,
Он атынын кубалап,
Күлчоро келип калганы.
Аттарды сууга байлатып,
Камылганы жегени,
Белташтын башы жайлоо деп,
Кабар угуп ошондо,
Бакай абам келгени.
Көктулпар менен зыргытып,
Бакай салды урушту,
Чекесинде меңи бар,
Боз жорго менен булкунтуп,
Сарыкан салды урушту.
Эштектерден Жамгырчы,

Бу да кирди урушка.
Кара манжу каканды,
Төш качыра сүрүштү,
Капыр көптүгүнө салыптыр,
Манас баатыр барында,
Чаптырган өстөнү,
Дубалга жакын салыптыр,
Суунун башын ошондо,
Тескери буруп алыптыр.
Көптүккө салып кытайлар,
Суу жибербей салганы,
Жайылып жаткан бурутка,
Суу жибербей коём деп,
Бурган сууну какшытып,
Сууну буруп алыптыр.
Айла таап Күлчоро,
Ылама деген чоң кечил,
Тайдын этин бүтүн жеп,
Сууга жатып калыптыр.
Күүгүм кирип күн бата,
Элдин алдын жым жата,
Күлчоро баатыр кеткени,
Кагылайын Күлчоро,
Чала-була ошондо,
Калмактын тилин билчү эле,
«Ылама кечил кайдасың,
Бурутка бүлүк салалы,
Буруттун кыз-катынын алалы,
Бурутка кызык салалы».
Уктап жаткан Ылама,
Ошо кезде карасаң,
Короздой башын көтөрдү,
Ылама досум акыл тап,
Суу жибербей сактап жат,
Дарыясын тартышып,
Канжасын тартып Ылама,
Коңурукту саларда,
Көп уйкуга кирерде,
Ылама сүйлөп турганы,
Уктасам бурут келбесин,
Кароолчуга айта көр,
Ушинтип айткын деп коюп,
Оң өтүгүн жазданып,
Ылама жатып калганы.
Сакчыларга айта көр,
Деп ошентип Ылама,
Алп уйкуга жатарда,
Атасынын белеги,
Алмамбеттин керээзи,
Алмамбеттин жойболот,
Ичинен тартып ошону,
Ала келген эмеспи,
Көкүрөккө киргенде,
Кагылайын Күлчоро,
Жойболот колго алганы.
Уктап жаткан калмактын,
Билинбестен ошондо
Башын алып салганы.
Табыш алса окустан,
Ушу турган көп капыр,
Бир бүлүктү салат деп,
Ыламадай калмактын,
Башын алып салганы.
Бурган суунун алышын,
Ойлонду бала Күлчоро,
Өз жөнүнө салды эми,
Сууну буруп алган соң,
Кайраттанып ошондо,
Ык семирген аттарды,
Сууга байлап салышты.
Бирөөнү алды Күлчоро,
Нарбууданды мингени,
Атты таптап келтирип,
Нарбууданды мингенде,
Кайнап жаткан капырды,
Кайра сүрүп Күлчоро,

Болуп калган кези экен.
Өзүң көргөн Күлчоро,
Он сегизде чагы экен,
Ойронду салар табы экен,
Жетиге эми чыкканда,
Нескара менен сайышып,
Нескараны ошондо,
Бала чоро канетсин,
Ыргыта сайган жери ошо.
Нескара колго түшүрүп,
Байлап алган кези ошол.
Кызып калган Күлчоро,
Качкан жоонун артынан,
Сүрө түшүп алганы,
Нескара колго түшкөндө,
Манастын уулу баатырдын,
Толуп турган чоролор,
Күлчоро менен Канчоро,
Айдыңын көрүп тура албай,
Ысыгына бата албай,
Өр талашып Коңурбай,
Качып калган кези эле.
Кутулбасын билгени,
Тайбуурул күлүк жылкы экен,
Кутулбасын билгенде,
Коңурбай акыл ойлонуп,
Семетейдин алдына,
«Сунган моюн меники,
Суурган кылыч сеники,
Чапмак болсоң баш мына,
Төкмөк болсоң кан мына,
Арстан атаң эр эле,
Ааламды бузган шер эле,
Атаңа бет алышып сайышчу,
Атаңа пенде чыкпай калучу.
Намаз окуп жатканда,
Аркадан келип чапканда,
Атаңды кемитпей айтып беришти,
Сеждеге башын койгондо,
Эрдигин билдим атаңдын.
Бузулуп намаз калат деп,
Чаптың-койдуң дебестен,
Намазын окуп жатканы,
Кагылайын атаңдын,
Эрдигин көрдүм ошондо.
Кабылан тууган атаңды,
Шай колдогон шер эле,
Жумуру баштуу пендеде,
Атаңдай мен көргөндө жок эле.
Алты сан кара кыргыздын,
Мындай неме жок эле,
Кагылайын Семетей,
Алдыңа келдим мынакей,
Суурган кылыч сеники,
Сунган моюн меники,
Алуучу болсоң баш мына,
Төгүүчү болсоң кан мына.
Азыраак айып менде бар,
Атаңы тексиз кылып мен койдум,
А дүйнөгө барганда,
Азабын туура мен тартам,
Айланайын Семетей,
Алдыңа келдим мынакей», –
Деп ошентип турганда,
Болбой турат Күлчоро,
Коңурбайдын айтканын,
Укпай турат Күлчоро,
Кабыргасын сөксөм дейт,
Канын суудай төксөм дейт,
Ал аңгыча болгон жок,
Кабар келип калганы,
Ороккырдын колу деп,
Жамгырчы элин чапты деп,
Шашып кетип Күлчоро,
Нарбуудан менен жөнөдү,
Аякка барып Күлчоро,

Ороккыр колун кырганы.
Күлчоро кайтып келгиче,
Сөзү адамды эриткен,
Өзү чечен Нескара,
Көкөтөйдүн ашында,
Атаңды көрдүм баатыр деп,
Бал тилге салып турганда,
Алдатып калды Семетей.
«Атаңды көрүп калгамын,
Ошо кезде Семетей,
Угуп тургун деп айтып,
Кызыл-Кыя бел ашып,
Кылымды бузган атакең,
Бара жаткан кезинде,
Атаңды көрүп калгамын.
Ошо кезде атаңдын,
Телегейи тең экен,
Ичи көлдөн кең экен,
Ошо кезде карасаң,
Атаңы сынап калгамын.
Алдындагы мингени,
Калкамандын кара аты,
Калк жыйылып келгенде,
Ошо кезде карасаң,
Атакеңдин ошондо,
Мине турган адаты,
Зорлугу тоонун теңиндей,
Кан Көкөтөй ашында,
Ким көрүнсө жегидей,
Кабылан атаң эр болчу.
Ат байлаган казыгы,
Алакандай мусулман,
Бел байлаган беги ошол,
Келишимдүү шер ошол.
Атакең көк жал Манасты,
Көкөтөйдүн ашында,
Сынап калган болчумун,
Кагылайын баатыр,» – деп,
Күлчоро кийин келгиче,
Акыреттик дос болуп,
Ак келте менен очогор,
Экөөнүн оозун өбүшүп,
Дос болушуп калган жер.
Баатырдын уулу Семетей,
Көөдөктүгүн билгизип,
Алдатып койгон жери экен.
Нескара менен Коңурбай,
Коё берген жери ошол.
Ал аңгыча болбоду,
Жамгырчы келип калганы,
Жамгырчы келди бакырып,
Нескара менен Коңурбай,
Кайда кетти деп айтат,
Ошондо туруп Семетей,
Ак бараң менен очогор,
Экөөнүн оозун өбүшүп,
Коё бердим деп айтат.
Аны уккан Жамгырчы,
Башын-көзүн койгулап,
Жамгырчы ыйлап ийгени.
Коңурбай менен Нескара,
Коё бердим дегенде,
Жетимиште Жамгырчы,
Акылы кетти десеңчи,
Тоо башылап жүрбөйбү,
Анча-мынча убакыт,
Убакытты өткөрүп,
Түн ичинде келбейби,
Жамгырчы башын кеспейби.
Бул эмине дегениң, – деп,
Жамгырчы ыйлап турганы.
Анда туруп Күлчоро,
Күлчоро туруп муну айтат:
«Алаткүн көөдөк экенсиң,
Бекер кылып койдуң деп,
Алаткүн көөдөк болбой кал,

Каңгайда кегим аларда,
Нескара менен Коңурбай,
Кетирбей кекти албайт бейм,
Кокуй күн көөдөк экенсиң,
Ал капыр кыр бетинде жүрөт ко,
Четтен капыр келет ко,
Жетимиште кайнатам,
Жамгырчы башым кесет ко,
Ал убадага турбайт ко,
Алдатып салдың көөдөк деп,
Күлчоро турат айкырып.
Маа кылганың эмине,
Көмө сайып экөөн,
Катар сайып келгенде,
Колуңа байлап бергенде,
Кеп кеңешке келбестен,
Акыл-насаат айтпастан,
Мындай кылбай дебестен,
Капырай бул кылганың эмине?
Атаңдын көрү дүйнө бок,
Алмамбет менен Манастын,
Кунун кууп калбайт бейм,
Коңурбай менен Нескара,
Өз колум менен өлтүрсөм,
Тукум калбайт экен деп,
Арбагынан сүйүнүп,
А дүйнө кеткен арстандар,
Ыраазы болуп калбайт бейм.
Алаткүн көөдөк болбой кал,
Түбүмө чогуу жеттиң деп,
Байлап келген душманды,
Тирүү коё бергениң,
Бул эмине дегениң?
Маа көрүнө кылдың кордукту,
Нескара менен Коңурбай,
Кумардан чыгып калбайт бейм,
Кымыздай канын ичпейт бейм,
Кыркыратып арамдын,
Башын кесип албайт бейм,
А дүйнө кеткен арстандар,
Ыраазы болуп калбайт бейм.
Теги мен кетемин жайыма,
Көөдөк өжөрүңө тийгенде,
Чоң атаң чочко канды жайладың,
Көбөштү көргө кийирдиң,
Көп ногойду ийирдиң,
Ачууңа жаман тийгенде,
Абыкени аймадың,
Ак болотту чайнадың,
Асыранды атам болуучу,
Аягың келсе көөдөгүм,
Абыке, Көбөш кунун бер.
Капаланбай канкорум,
Алты атамдын кунун бер,
Теле мен кетемин жайыма.
Мени оюма коё бер,
Алооке кан, Азиз кан,
Жайында турган Эсенкан,
Ал үчөө тең бир тууган,
Карадан туулуп ак болгон,
Менин атам Алмамбет,
Капырдан туулап жат болгон,
Талак кылган буттарын,
Таштаган кытай журттарын,
Түбүбүз тууган эмеспи,
Мен элиме кетемин,
Коңурбайга барамын,
Акылдашып аламын,
Бир элдешип аламын,
Айтып кылган айбы жок,
Саа кызык кыламын.
Калайманды салбасам,
Кайрылып уруш кылбасам,
Баатырыңы сулатып,
Сайган багың уратам,
Капкайда кээриң чыгарам!»

Деп ошентип Күлчоро,
Кара көздөн жаш кетип,
Көөдөк сенин кылганың,
Өзгөчө өттү бул жолу,
Деп ошентип Күлчоро,
Аны айтып болгондо,
Каныкей келди жанына,
«Эмчек сүтүм көп бердим,
Аяшымын тукуму,
Кагылайын Күлчоро,
Бул эмине дегениң,
Эрешен тартып эр кылдым,
Семетей менен тең кылдым,
Сени бузган сөз барбы?» –
Деп ошентип турганда,
«Кагылайын энеке,
Кеп-кеңешке жок кылып,
Душманды колго түшүрсөм,
Абам муну кылганы,
Энеке аман болсо көрөрсүң,
Коңурбай менен Нескара,
Кайра согуш башташат».
Муну айтып Күлчоро,
«Энеке батаңы бергин, – деп айтып,
Мен кетемин Бээжинге».
Ошондо туруп Каныкей,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
«Кагылайын кулунум,
Эки жашка чыкканда,
Энеден жетим калгансың,
Ак эмчектен сүт чыгып,
Жетимге медер болсун деп,
Атайы багып алгамын.
Камбардын уулу Канчоро,
Сол эмчегим бергемин,
Сенден бир жаш улуу эле,
Канчоро үчкө чыкканда,
Сол эмчек сала бергенде,
Ак пейил менен эмизсем,
Такылдап катуу соргондо,
Сологой мүрүм зыркырап,
Зыркыраган эмчектен,
Түшүм өңдүү кан чыкты.
Күлчоро оң экениң билгемин,
Ак кызмат кылдың Күлчоро,
Айланайын Күлчоро,
Ыраазымын деп айтып,
Кемел тапкын Күлчоро,
Таарынбагын Күлчором,
Кемчилик кетсе абаңдан,
Алдыңа туура жыгайын,
Ак олпогун тартсын деп,
Минип жүргөн Нарбуудан,
Нарбууданды тартсын деп,
Ак боз бээни жетелеп,
Алдыңа алып келсин деп,
Алдыңа жыгып берейин,
Ак келтесин асынгын,
Каталык кетти менден деп,
Абаңы алдыңа алып келейин».
Ошону айтып Каныкей,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Каныкей муну айтканда,
Угуп турат Семетей,
Көөдөк болбой эр болбой,
Айтканың ырас деп айтып,
Алдатып салдым деп айтып,
Семетей өзүн-өзү жемелейт.
Ошо кезде карасаң,
Акылга тууган Каныкей,
Ак боз бээни жетелеп,
Арбууданды тартканы,
Ак олпокту жапканы,
Бир алдатып салдым деп,
Баатырдын уулу Семетей,
Оң бармагын көп тиштеп,

Кейип турган кези экен.
Ал аңгыча болбостон,
Бакай келди күүлөнүп,
Семетейге сүйлөнүп,
Колуңа түшкөн жоону,
Кудайдын өзү бергени,
Айласыздан Коңурбай,
Өзү бастырып келгени,
Саа кудай бергени,
Коё берип буларды,
Көөдөк сени кудай урганы.
Деп ошентип зор Бакай,
Капаланып кайгырып,
Өксүп Бакай турганы,
Ошондо Бакай муну айтат:
«Тоо аркалап жүрөт ко,
Акыры бирди кылат деп,
Эл четинде Жамгырчы,
Жамгырчы башын кесет» – деп,
Ачууланып Бакайың,
Жерди сабап турганы.
Көөдөк кылдың деп айтып,
Күлчоро кармап келгенде,
Коёндой башын кескенде,
Кубанып турбай не болдуң,
Алачыктай манжуну,
Антаңдатып турганда,
Ошо кезде көөдөгүм,
Жанында турбай не болдуң!?
Ажалы жок чочкону,
Арамды коё бердиң деп,
Коёндой башын кескенде,
Коркуратып турганда,
Капырдын башын алдым деп,
Ыраазы болбой не болдуң!?» –
Деп ошентип зор Бакай,
Кайгырып турду ошондо.
Коңурбай менен Нескара,
Элдешип алып кеткени,
Жарым айча болгону.
Ал аңгыча болбоду,
Тараза жылдыз батарда,
Таң кашкайып атарда,
Жамгырчынын Шайымбет,
Жылаңайлак, жылаң баш,
Шайымбет келди элеңдеп,
Тукуясыз басканы,
Коңурбай менен Нескара,
Антташкан дос акыры,
Айылга чабуул койгону,
Атамдын башын кескени,
Кыркыратып атамды,
Төшөктөн башын кескенде,
Өлгөндө араң кутулдум,
Арчага кире мен качып,
Менин оюм энем Айымкан,
Чап билектен аларда,
Арчага кирип кутулду.
Боздоп келип Шайымбет,
Буркурап ыйлап турганда,
Аттанышып дүрбөшүп,
Бакайга колду баштатып,
Чогулуп чыкты Таластан.
Семетейдин мингени,
Айтылуу тулпар Нарбуудан,
Семетейдин артынан,
Бала чоро күлүстөн,
Суркоён минип жөнөдү.
Изине түшүп Семетей,
Биккертек белин ашарда,
Салып жетип келгенде,
Семетей келип алдына,
Бир адам чыга калганы,
Камалуу кара бука мингени,
Колунда бар көк союл,
Көз айнек кийип көзүнө,

Башындагы кийгени,
Шурулуу кара башы бар,
Бута атым келип Семетей,
Жай жайын сурап калганда,
Мелил деген эр болом,
Арысы кыйба,
бериси кыргыз элине,
Баш ийбеген эр болом,
Так ошентип сүйлөшүп,
Бута атымдай турганда,
Ыраактан келип Күлчоро,
Күлчоро туруп муну айтат,
Деп айтканда муну айтат,
Ант урган калча өзү деп,
Кармагын аба, деп айтып,
Күлчоро айкырыкты салганы.
Кармагын муну дегенде,
Айкырык салды Семетей,
Амалдап калча баратат,
Деп ошентип турганда,
Коңурбай качты көрдүңбү,
Ал аңгыча болбоду,
Ичи күйгөн Шайымбет,
Темгилкөк менен жетиптир,
Семетейге келгенде,
Кагылайын абаке,
Атыңы бергин деп айтат,
Нарбууданды бере көр,
Арамга жетип алайын,
Карган итти саяйын,
Канын суудай төгөйүн.
Ак көңүлдүү баатырың,
Түшө калып ошондо,
Нарбууданды бергени.
Нарбууданды мингенде,
Аркыратып Шайымбет,
Артынан жетип келгенде,
Сүрө түшүп Шайымбет,
Аркасынан келгенде,
Ичи күйгөн Шайымбет,
Болоттон кылган сыр найза,
Колтугунда кабышып,
Такыр колтук тушу деп,
Жоон өпкөнүн өзү деп,
Өлчөсүнүн тушу деп,
Кый сүбөөнүн өзү деп,
Аркыратып Шайымбет,
Жандай түшүп Нарбуудан,
Болжолу жок калганы,
Шайымбет муштап өткөнү,
Картайса да калчага,
Салмагы артып чочконун,
Картайса да Коңурбай,
Аттын мойнун бурганы,
Кайра тартып алганда,
Өзүң көргөн Шайымбет,
Жакалашып калганда,
Шайымбет сындуу баатырды,
Кап чылбырдан алганда,
Алакан жайып зор калча,
Шайымбеттей баатырды,
Эңип алып ошондо,
Көчүгүнө басканы,
Нарбууданды олжолоп,
Жолго түшүп калганы.
Ошондо келет Күлчоро,
Аркасынан кыйкырып,
Суркоён менен зыргытып,
Айкырып келип Күлчоро,
Айкырганда бакырып,
Аттан бир айлап Шайымбет,
Деп ошентип күүлөнүп,
Күлчоро келет бакырып,
Шайымбет менен Тайбуурул,
Таштагын деп бакырып,
Күлчоро үнүн укканда,

Коңурбайды карасаң,
Кой башындай эт жүрөк,
Колтугунда болк этти,
Атаңдын көрү калча деп,
Кимге кастык кылдың деп,
Алдап жүрүп жетипсиң,
Жамгырчы башын кесипсиң,
Тоо аркалап жүрүпсүң,
Эптеп жүрүп ошондо,
Жамгырчы башын кесипсиң.
Антташкан досуң келатат,
Сенин очогоруң сураймдейт,
Түбүбүз кектүү болбойлук,
Кучакташып антташып,
Курандашып алалык,
Алдап туруп алсам деп,
Амал менен ошондо,
Ушу турган калчанын,
Башын кесип алсам деп,
Ошону угуп калча кул,
Шайымбетти баш болуп,
Нарбууданды ыргытты,
Токтой тургун калча деп,
Токтобой койсоң калча деп,
Бээжинге бүлүк саламын,
Кызыл жаян кыламын,
Антташкан досуң Семетей,
Токтобосоң калча деп,
Атамын кунун кууймун,
Баса айтсам төгүнбү,
Антташкан досуң келатса,
Түбүбүз кектүү болбойлук,
Ошону айтып Коңурбай,
Ороккыр менен Нескара,
Баатырларын чакырып,
Токтой тур деп бакырып,
Аттын мойнун бурган кез,
Калча кайра тартып турган кез.
Баарын тегиз токтотуп,
Ал аңгыча болбоду,
Абасы Бакай баш болду,
Баатырдын уулу Семетей,
Колу менен келгени,
Аңгычакты Коңурбай,
Солондору башында,
Жайсаңдары кашында,
Нескара менен Ороккыр,
Алар да келди жанына.
Ошондо келип Семетей:
«Калча сени кудай урганы,
Антташкан ант канакей,
Сен антка учурап калганың,
Кечээ кең Таластын боюнда,
Нескара менен Коңурбай,
Колго түшүп келгенде,
Эмине антты сен алдың,
Ант арбакты козгодуң,
Атакемдин арбагын,
Козгоп айтып турганда,
Бүткөн боюм эргиди,
Ошону угуп мен өзүм,
Чымындай жаның коргодум.
Ошондо туруп антташып,
Аккелте менен очогор,
Экөөнүн оозун өбүштүк,
Ошол антым канакей?
Бурутка согуш кылбайм деп,
Айткан сөзүң канакей?
Элге уят кылдың сен,
Жемеге мени калтырып,
Бул эмине кылганың?
Тоо артында жүрөсүң,
Жашынып жүрүп ошондо,
Капысынан сен келип,
Жамгырчы башын кескенсиң.
Ант урган калча сени урсун,

Бул эмине дегениң?»
«Жамгырчы башын кескеним,
Айта турган кебим бар,
Кечээ кабылан атаң барында,
Бээжинди бийлеп турганда,
Келсин калча дегенде,
Кан Манастын алдына,
Ошондо басып келгемин,
Атаң менен айкашып,
Сөз бүтүрүп турганда,
Жамгырчы дарбазада туруптур,
Жамгырчы сууруп кылычты,
Сенин атаң болбосо,
Өлтүрмөкчү болгондо,
Кек санап мен калгамын.
Ошол кекти куугамын,
Түн ичинде баргамын,
Чукул барып ошондо,
Эски кекти мен сактап,
Жамгырчыдай каныңдын,
Башын кесип алгамын.
Жашырбай айтып берейин,
Баатыр ооматым кетти ичимде,
Муну айтып Коңурбай,
Эми бузукуга кирбеске,
Баарыбыз чогуу элдешип,
Баатырларың чакыргын,
Элдешип алып ошондо,
Эли-журтка кайталык,
Аны укканда Күлчоро,
Макул, макул, макул деп,
Калыска койду Күлчоро,
Нескара менен Күлчоро,
Калыстыкка салганы,
Мусулмандын жабдыгын,
Күлчоро бир дөбөгө жыйганы.
Озунуп алып Күлчоро,
Жабдыктарды жыйганда,
Ак ниет менен алды деп,
Бурут курал жыйганда,
Биз да жабдык жыялы,
Ошону айтып Нескара,
Калмак менен кытайдын,
Жабдыгын жыйып киргени.
Бусурман антың кылгын деп,
Нескара менен Коңурбай,
Айтып турган жери ошол.
Аба Бакай келгин деп,
Күлчоро акыл салып турганы,
Касиеттүү кан Бакай,
Абама кабар жеткенде,
Антташып калсак кантет деп,
Мусулмандын куранын,
Ала келген кези экен.
Кереметтүү кан Бакай,
Мына куран өзү деп,
Катылбаска ант кылып,
Карма өзүң деп айтып,
Так ошентип турганда,
Төшү башка тийгизип,
Антташып турду ошондо,
Ошо кезде карасаң,
Коңурбай менен Нескара,
Буркандарын көрсөтүп,
Таазим кылып бүгүлүп,
Чөгөлөй түшүп жүгүнүп,
Ишенишип алышты,
Антташып алган соң,
Мусулман менен капырдын,
Колу бөлүнүп турган жер,
Кол бөлүнүп турганда,
Коңурбайды көргөндө,
Нарбуудан минген Күлчоро,
Катуу камчы салганда,
Аптыгып барып ошондо,
Коңурбайдай калчаны,

Көмө коюп өткөнү.
«Бул эмине кылганың,
Күлчоро баатыр,– дегенде,–
Жабдыктын баарын аласың,
Жалдыратып ошондо,
Буудан менен ошондо,
Көмө коюп саласың.
Бул эмине кылганың?!»
Муну укканда Күлчоро:
«Ачууң келип аласың,
Аңыраңдап каласың,
Менин колум тийген жок,
Бузуктук башы буурулда,
Буурулдун буту тийди!» – деп,
Күлчоро туруп күүлөнүп,
Жабдыкты жыйып турганда,
Ак келте алып байланып,
Сала келген кынына,
Алмамбеттин жойболот,
Ала келген эмеспи,
Атаңдын көрү калча деп,
Болдур-булдур айтканың,
Мусулман тилин билбейсиң,
Кезекти кудай берди деп,
Кекенип жүргөн Күлчоро,
Ач билекке салганы,
Ааламды бузган калчанын,
Ары карай бергенде,
Коңурбайдай калчаны,
Көк шилинин тушу деп,
Алмамбеттин жойболот,
Шилтеп кайран калчаны,
Карап турсаң ошондо,
Алдап туруп Күлчоро,
Коңурбай башын алганы.
Жабдыктарын майлаган,
Абайлатпай калчанын,
Ошондо башын алганы.
Арамдын башын алганда,
Алдап туруп алдың деп,
Нескара бакырыкты салганы.
Жабдыгына жеткизбей,
Мусулмандын баарысы,
Жайыла колду салганы.
Нескара менен Ороккыр,
Алардын башын алганы.
Тилекти кудай берди деп,
Мусулман кегин алганы.
Бикиртиктин белинде,
Коңурбай менен Нескара,
Жайлап салган жер экен.
Тирүү чымчык учурбай,
Кылычтарын май кылды,
Алдап туруп калчаны,
Ошо жерде жай кылды.
Алтымыш эки туу менен,
Баса келип Коңурбай,
Бикиртиктин белинде,
Коңурбай менен Нескара,
Ороккыры баш болуп,
Өлгөн жери ушу экен.
Байлоодогу Алгара,
Алгараны олжолоп,
Алгараны ошондо,
Семетейиң алганы.
Нескаранын Карабоз,
Шайымбетке тийгени.
Ороккырдын Темгилкөк
Бакайдын уулу Байтайлак,
Ошол олжого алганы.
Алдуу-баштуу алптарды,
Ошо кезде карасаң,
Алып турган кези экен,
Алакандай мусулман,
Олжого кирип алышып,
Байып жатып калганы.

Аны мындай таштайын,
Быягынан баштайын,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Арага киши жиберип,
Бикиртиктин белинде,
Коңурбайды алды деп,
Коңурбайдын олжосун,
Мурун тийип келгенде,
Анда да олжо бербеди.
Кечээ Бээжинге жортуул барганда,
Манастын кунун кууганда,
Алып келип Семетей,
Мында да олжо бербеди.
Атакемди ээрчитип,
Айдаркандын Көкчөсү,
Алачтын элин жыйганда,
Жүргүн Көкчө деп айтып,
Атасы Манас кагылып,
Көп казакты чуулатып,
Түгөл айдап барганда,
Бээжинге барган шер өлгөн,
Атакем мыкты эр эле,
Алптын баары өлгөндө,
Менин атам дагы өлгөндө,
Атамын кунун кууганда,
Мындан олжо алганда,
Олжо турмак дайны жок,
Бул эмине кылганы?
Ошону айтып Үмөтөй,
Арага киши салганы,
Казактардын Көкчөсү,
Алган зайбы Акеркеч,
Каракандын кызы экен,
Каныкейдин эжеси,
Аргын, кыргыз жыйылып,
Арага киши түшкөндө,
Ак челегин майлады,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Семетей менен жоолашып,
Атамын кунун берсин деп,
Калың колун шайлаптыр.
Семетей айлын чабам деп,
Атамын кунун кууймун деп,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Кандардын тилин албастан,
Ак челегин майлаптыр,
Калың колун көп жыйып,
Таласты көздөй бет алып,
Жүрүп калган кези экен.
Аны укканда ошондо,
Күлчоро менен кан Бакай,
Арага келип калганы.
Үмөтөй менен көрүшүп,
Ошондо Бакай кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты,
Менин сөзүм уксаңар,
Калыстык кебим деп айтты,
Көкчөдөн калган жалгызсың,
Семетей экөөң бөлөсүң,
Менин айтканыма көнөсүң,
Бээжинге бейпай салганда,
Намыс үчүн деп алган,
Казак, кыргыз чогулуп,
Чогуу түгөл барганда,
Ошолордун ичинде,
Казактардын Көкчөсү,
Баарыбыз чогуу барганда,
Алакандай дин ислам,
Ошондой Бакай мен өзүм,
Түгөл айдап барганда,
Алты ай сурап Бээжинди,
Алакандай дин ислам,
Абийирди чогуу алганда,
Ушу турган Бээжинди,
Сулайман сурак кылбаган,
Топон суу каптап калбаган,

Чалыяр чаркы жетпеген,
Искендер издеп барбаган,
Сулайман сурак салбаган,
Азиретаалы барбаган,
Ушу турган Бээжинди,
Алты ай сурак кылганда,
Алты ай сурап Бээжинди,
Алман алып турганда,
Алтымыш пилге жүктөтүп,
Ушу турган Таласка,
Кандар олжо алып келгенде,
Мен Бээжинде турганда,
Кошой, Төштүк алптары,
Каратып алып Бээжинди,
Кайра тартып кеткенде,
Сенин атаң зор Көкчө,
Алптар жүргүн дегенде,
Суук түшүп калды деп,
Бээжинге кыштап кетем деп,
Манас болбой койгондо,
Ошондо атаң зор Көкчө,
Кан Манасты кыйбастан,
Кошо калган болучу.
Көкчө менен кошулуп,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Бу да калган болучу.
Кан Манастын жанында,
Алмамбет, Чубак эр калган,
Серек, Сыргак эр калган,
Музбурчак, Көкчө алп калган.
Ошолордун ичинде,
Булар түгөл калганда,
Эсенкан кызы Бурулча,
Алмамбет көкжал өлгөндө,
Айжаңжуң кызы Бирмыскал,
Жаныма келбе, жаныма,
Жолобогун деп айтып,
Жолобогун мукур кул,
Көрсөтөмүн деп айтып,
Деп ошентип турганда,
Алеңгир жаа сыр жебе,
Ала коюп оолугуп,
Күлчорого күүлөнүп,
Койгун баатыр деп айтса,
Атамын сени деп айтып,
Күлчоронун Суркоён,
Башка чаап ийгени.
Аны көргөн Күлчоро,
Ачуусу келип ошондо,
Ыргай саптуу ак камчы,
Айкырып колго алганы,
Чабыш андай эмес, мындай деп,
Үмөтөйдү ошондо,
Төбөгө чаап калганы.
Ошондо туруп Семетей,
Койчагыр мылтык алганы,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Күлчорону атам деп,
Алыс атып салганы.
Ачуусу менен Күлчоро,
Ийниндеги Аккелте,
Аны колго алганы,
Кой дегенде болбойсуң,
Сен өңдөнгөн арсыздын,
Далайын сойгон ушу кол,
Соё жүргөн кол ушул,
Ийинден алып Аккелте,
Кытай оттук таар баш,
Кырып тартып чок коюп,
Өз убалың өзүңө,
Кароолуна келтирип,
Тартып койду Күлчоро,
Эр Көкчөнүн Үмөтөй,
Аккелте ок тийгенде,
Токмок жалдуу тору аттан,
Кулап кетти ошондо,

Үмөтөй өлүп калганы.
Аргын, кыргыз жыйылып,
Жардана казак топтолуп,
Чыр болуп калды ошондо,
Ажалы жетип Үмөтөй,
Ок жаңылып өлдү деп,
Калыстыкка кандардан,
Арага түшүп калганы,
Кезиккен жерде жайлады.
Эр Көкчөнүн жалгызы,
Үмөтөйдү кайсады,
Үмөтөй өлүп калды деп,
Каныкейге ошондо,
Кабар жетип калганы.
Каныкей менен Семетей,
Бекер кылдың деп айтып,
Күлчорого сүйлөнүп,
Кейип турган жери ошол.
Анда Бакай муну айтат,
Ажалы жеткен Үмөтөй,
Өзүнөн кетип калды деп,
Кой-кой десем болбостон,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Койчагыр мылтык алганы,
Күлчорону ошондо,
Алыс атып салганы.
Аландаган Күлчоро,
Алыс атам деп туруп,
Аккелте огу жаңылып,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Ажалы жетип калганы.
Каныкей менен Семетей,
Каны бизде деп айтып,
Тогуз атан комдотуп,
Алтын, күмүш жүктөтүп,
Азыраак айып бизде деп,
Союшуна ошондо,
Жети жүз жылкы айдатып,
Кан Бакайды ээрчитип,
Барып калган кези экен.
Үмөтөй өлдү дегенде,
Акеркеч айтты бул сөздү,
Ажалы жеткен жаш бала,
Барба десем болбоду,
Барба деп жолун торгодум,
Айткан тилди албады,
Азапка мени салганы.
Деп айтып Акеркеч,
Чынын айтты ошондо,
Акеркеч сөзүн укканда,
Ыраазу болду Каныкей,
Ошондо туруп көп казак,
Аңырандап калышып,
Арага киши салышып,
Эр Көкчөнүн жалгызы,
Өлтүрүп салдың Семетей,
Кунун берсин деп айтып,
Аңырандап турганы.
Казак кун доолап күпүлдөп,
Тайбуурул бергин кунуна,
Ак олпок менен Ак келте,
Кошо берсең ошондо,
Куну анан бүтөт деп,
Аңырандап көп казак,
Ошондо көөдөк Семетей,
Макул, макул, макул деп,
Убаданы кылганы.
Ошо күнү кечинде,
Калк жыйылып келгенде,
Айласыздан Семетей,
Ак олпок менен Ак келте,
Кунга берди ошондо.
Ага кошуп кунуна,
Тайбуурулду бергени.
Үмөтөйдүн кунуна,
Ак олпок менен Ак келте,

Тулпардан сындуу Тайбуурул,
Кошуп берип ошондо,
Баатырдын уулу Семетей,
Кара сууда кеми жок,
Касташар душман дагы жок,
Деп ошентип Семетей,
Жатып калган жер ошол.
Абамды кудай урду деп,
Сыймыгы качып калды деп,
Арадан сөздү жүгүртүп,
Кыясты көздөй жиберип,
Жылкы алып кайтарып,
Өзүң көргөн Канчоро,
Жылма сөзүн дагы айтып,
Кыяска барган кези экен.
Кудай алган Кыяс деп,
Жан билгенди билбейсиң,
Айчүрөктү алам деп,
Кечээ Акун кандын шаарын,
Чынкожо менен Толтой,
Ооганды камап турганда,
Сенин атаң эр Толтой,
Мен көрүп калган болчумун,
Чынкожо менен атышып,
Алманбеттин Күлчоро,
Асмандан атып түшүргөн,
Чынкожону жайлаган,
Кылычтарын майлаган,
Муну көргөн мен элем.
Чынкожо өлүп калганда,
Сенин атаң эр Толтой,
Каратып найза майышып,
Сенин атаң эр экен,
Кажыбай туруп сайышты,
Күлчоро менен ошондо,
Экөө туруп кармашты.
Жаш бала эле Күлчоро,
Толтой менен кармашып,
Багалчагы майышып,
Кыйсүбөөсү кайышып,
Сенин атаң эр Толтой,
Жыкмак болуп калганда,
Ошо кезде карасаң,
Баатырсынган Семетей,
Даяр болуп калганда,
Экөөлөп жатып Толтойду,
Араңдан зорго жыкканда,
Атаңын сөзүн уккамын,
Ошондо айткан сөзү бул,
Сенин атаң эр Толтой,
Кулун калды тоотору,
Кундакта калды Кыяс деп,
Өлбөсө Кыяс акыры,
Кетирбей кегим алар деп,
Өлбөсө өчүм алат деп,
Айткан сөзүн мен уктум.
Кудай алган ит Кыяс,
Турасыңбы эми деп,
Сыймыгы качты төрөнүн,
Ишенип минген тулпарды,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Кунуна берди деп айтып,
Ок өтпөгөн Ак олпок,
Манастан калган Ак келте,
Экөөн тең ошондо,
Үмөтөйдүн кунуна,
Берип койгон кези деп.
Коңурбайдын Алгара,
Ишенип минер ат ошол,
Салгылашып келгенде,
Айбан да болсо Алгара,
Ичинде толгон кеги бар,
Алгара жүрбөй калат деп,
Канчоро айтып турганы.
Эр Толтойдун Суркоён,
Ал да кыйын мал эмес,

Алдап минип келемин,
Баарын тегиз жөө таштап,
Шай күлүктөн ажырап,
Айласы кетип турганда,
Калың кара жедигер,
Каптап чогуу бара көр,
Теминишип алалык,
Каптап чогуу калалык,
Антташып алып Канчоро,
Кайтып Талас келгени.
Муну мындай таштайын,
Касиеттүү Каныкей,
Ошондон кабар баштайын,
Кагылайын кулунум,
Арбагы тирүү атаңдын,
Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө кыйын иш көрдүм,
Атаңдын күмбөзүн тайып алалык,
Макул, макул, макул деп,
Ошондо кан Бакайды чакырып,
Кабылан Бакай келгени,
Анда Бакай муну айтат:
«Айланайын жалгызым,
Ишенип минген буудандын
Баары тегиз жоголду,
Ай караңгы түн бүркөк,
Түбү эмине болот деп,
Берип койдук тулпарды,
Күн эмине болот деп,
Бербе десе болбодуң,
Беймаза кылдың мени» – деп,
Бакай кейип турганы.
Ошондо туруп Семетей,
Муңканып туруп сөз айтат:
«Абаке түндө түш көрдүм,
Ушу турган Таластын,
Башына чыга өрт күйдү,
Өчүрөргө киши жок,
Караан таппай мен турдум,
Кагылайын абаке,
Алчагай мүйүз ак эркеч,
Айды карап бакырат,
Дулдугуй мүйүз көк бука,
Күндү карап өкүрөт,
Бул эмине болучу?
Он эмчектүү кер канчык,
Үйгө кирип бир кыңшыйт,
Эшикке чыгып кыңшылайт,
Бул эмине болучу?»
Анда Каныкей туруп муну айтат:
«Кагылайын кулунум,
Дулдугуй мүйүз көк бука,
Күндү карап өкүрсө,
Энең өлө турганы,
Алчагай мүйүз ак эркеч,
Айды карап бакырса,
Камбардын уулу Канчоро,
Ант урган чоро бул эле,
Ошол өлө турганы.
Кең Таласта ошондо,
Башына чейин өрт күйсө,
Калың кара көп ногой,
Элиң өсө турганы.
Кагылайын кулунум,
Не болсо да көрөлүк,
Атаңдын ак күмбөзүн тайыйлык,
Эминеси болсо да,
Сары канды алалык,
Калк жыйылып баралык,
Кеңеш салып алалык,
Бейшембинин күнүндө,
Күмбөздү тайып калалык.
Кагылайын кулунум,
Сенин атаң зор Манас,
Касиеттүү киши эле,
Ак боз бээни соёлук,

Куран окуп атаңа,
Арбагына чалалык».
Манастын күмбөзүнө барарда,
Кудай урган Канчоро,
Суркоёнду миниптир,
Чыккынчылык кылганбы,
Кыяска кирип кетиптир.
Айласын таппай Күлчоро,
Алдатып салдым деп айтып,
Ак боз бээни жетелеп,
Ак күмбөзгө барганда,
Куран окуп кол жайып,
Дуба кылып турганда,
Күңгүрөйт деген күмбөзү,
Күңгүрөбөй калганы,
Ак боз бээни союшуп,
Кырк кулачтуу аш казан,
Мис казанга эт салса,
Эт кайнабай турганы.
Бул жакшылык эмес деп,
Касиеттүү Каныкей,
Кайгырып капа болгону.
Ал аңгыча болбоду,
Калың кара жедигер,
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Каптап келет калың кол,
Айырмачтан ал Кыяс,
Эр Семетей тоскону,
Алгараны мингени,
Тогуз жолдун тоомун,
Эр Күлчоро тоскону,
Көктелки атты мингени,
Туш-тушунан урушуп,
Туйгун Бакай жол тосуп,
Айылга кабар салышып,
Аргын эли ногойдон,
Сарыкан келип урушуп,
Нечен күнү нечен түн,
Алыша албай турушуп,
Калың кара жедигер,
Семетейди бет алып,
Каптап кирген жери ошол,
Көктелкини чуратып,
Алмамбеттин Күлчоро,
Катуу уруш салганы.
Калың кара жедигер,
Көптүккө салып ошондо,
Каптап келип калганда,
Баатырдын уулу Семетей,
Арман кылып турганы.
Атаңдын көрү бок дүйнө,
Алдымда болсо Нарбуудан,
Чийбейт белем сызыкты,
Калың кара жедигер,
Атаңдын көрү бок дүйнө,
Салбайт белем кызыкты.
Туз арамы чочко кул,
Качып кеткен Канчоро,
Эми даап душмандар,
Жакын келип калганбы.
Чын ажалым жеткенби,
Деп ошентип Семетей,
Кабагын жерге салганы.
Атаңдын көрү дүйнө деп,
Үстүмдөгү ак олпок,
Ак олпок тонум болсочу,
Жебенин огу жетпеген,
Бараңдын огу батпаган,
Очогор ойноп кетпеген,
Келтенин огу машаган,
Ак олпок тонум бар болсо,
Душманым жакын келмекпи,
Атамдан калган ак келте,
Ак келте мылтык бар болсо,
Чагарак ооз чак келте,

Асынып жүрсө ак келте,
Айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого келгенде,
Аманат жандын баргеги.
Атаңдын көрү дүйнө бок,
Ак келте болсо колумда,
Душман жакын келеби,
Деп ошентип Семетей,
Каңырыгы бек түтөп,
Тайбуурул менен Суркоён,
Экөөнүн бири болсочу,
Жаныма душман келет бейм.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Көп кол каптап келгенде,
Алгара менен качырды,
Туруштукту бере албай,
Жети күнү болгондо,
Алгара жүрбөй калганы,
Алгара түбү жоонун малы деп,
Кекчил болуп калганбы,
Алгара турбай калганы.
Алгара жүрбөй калганда,
Ителгидей зыркырап,
Алмамбеттин Күлчоро,
Коштоп келип ошондо,
Көбөш кандын Көкала,
Абасына мингизди.
Көбөш кандын Көк тулпар,
Үч күнүнө чыдады,
Үчүнчү күнү болгондо,
Көк тулпар жүрбөй калганы.
Арстан тууган Күлчоро,
Манас кандын Айбанбоз,
Айбанбозду мингизди,
Карып калган Айбанбоз,
Кадуудга кирип келгенде,
Эки күнчө болгондо,
Айбанбоз жүрбөй калганы.
Айла кетип калды деп,
Каңырыгы бек түтөп,
Карып калган Карткүрөң,
Карткүрөңдү мингени,
Карткүрөңдү мингенде,
Кайраттанып киргени.
Ошентсе да Семетей,
Качырган жоого жете албай,
Эңкейип жоо сая албай,
Үзөңгү бутта салактап,
Эки көзү алактап,
Карткүрөң жүрбөй калганда,
Аты жүрбөй ошондо,
Карап турса баатырың,
Жоого каршы чыга албай,
Көкчолок менен ошондо,
Бакай уруш салганы.
Кайраттанып Сарыкан,
Кошо уруш салганы.
Сары койдуруп салганда,
Калың кара жедигер,
Бир жапырып алганда,
Сары канды көргөндө,
Кыяс кайра жандан түңүлүп,
Атса огум өтпөдү,
Чапсам кылыч кеспеди,
Сары кан деген ким эле,
Деп ошентип эр Кыяс,
Канчородон сурады,
Аны укканда Канчоро,
Муну айтып турганы,
Сарыканды сурасаң,
Эки көздүн ортосу,
Чокчогой кызыл меңи бар,
Меңге атсаң ошондо,
Сарыкан өлчү жери ошол.
Аталбасаң ошондо,
Сарыкан түпкө жетет деп,

Канчоро айтып турганы.
Аны укканда эр Кыяс,
Мергенчини чакырып,
Камынып турат көрдүңбү,
Жедигердин Шайымбет,
Өзү мерген кул экен,
Капысынан жеткени,
Сарыканды атканда,
Сарыкан абаң кулады,
Сарыкан өлүп калганда,
Муну кудай берди деп,
Канчоро турат кубанып,
Кайраттанып Канчоро,
Семетей көздөй бет алды,
Теке маңдай келгенде,
Семетей турду сүйлөнүп,
«Атаңдын көрү эки кул,
Эрешен тартып эр кылдым,
Эр уулу менен тең кылдым,
Эминеден кем кылдым,
Аттан көөнүң калдыбы,
Кийимден көөнүң калдыбы,
Же менден көөнүң калдыбы?»
Анда Канчоро сүйлөп турганы,
«Менин көөнүм калган жерим бер,
Мен айтамын сөзүмдү ук,
Өзүмөн кичүү Күлчоро,
Тандап туруп ошондо,
Жамгырчы кызы Акбала,
Буга .......* бергенде,
Мында көөнүм бир калды.
Кылычыңды май кылдың,
Толтой менен Чынкожо,
Катары менен жайладың,
Олжого түштү Суркоён,
Соогат, соогат дегенде,
Эки чоро жарыш деп,
Жарышып келдик ошондо,
Чыкканыңа берем деп,
Убадаңы бек кылдың,
Бул жарышта мен атым,
Чыгып келген кезинде,
Суркоёндун чылбырын,
Күлчородой кулуңа,
Ийе тартып ыргыттың,
Ошондо көөнүм бир калды.
Орускан кызы Шажыгай,
Алып берем деп айтып,
Мында да куда болбодуң.
Текечи кандын кызына,
Ага куда болом деп,
Убада берген сөзүң бар,
Нечен жылы мен күйдүм,
Болбой жүргөн жериң бар.
Кечээ даңгыттын элин чапканда,
Балаган тоону басканда,
Даңгыттын кызы Кызыл кыз,
Муну алып берем деп,
Калп айткан жериң дагы бар».
Деп ошентип Канчоро,
Күүлөнүп турду ошондо,
Аты жүрбөй баатырдын,
Айласы кетип турганда,
«Атаңдын көрү Канчоро,
Атым жүрбөй турганда,
Айлам кетип турганда,
Кылчу болсоң кылгын деп,
Кезегиңи алгын» – деп,
Сыр найзаны таянып,
Арманын айтып баатырың,
Семетей турат ошондо,
Канчоро менен Семетей,
Тирешип экөө турганда,
Көктелки менен чуратып,
Күлчоро жетип келгени,
«Атаңдын көрү Канчоро,

Туз арамы чочко кул,
Эне болду Каныкей,
Эмчек сүтүн берди эле,
Ак сүт урган арам кул,
Эминеден жазды» – деп,
Күлчоро турат күүлөнүп.
Күлчорону көргөндө,
Ыкыс берип ошондо,
Качмак болду Канчоро,
Аны көрүп Күлчоро,
Канчоро кача берерде,
Койчагырын колго алып,
Тартып ийди ошондо.
Койчагыр огу тийгенде,
Манас аты жалп этти,
Манас атын аткызып,
Кыяска барды Канчоро.
Канчоро качып барганда,
Кайраттанып эр Кыяс,
Канчородон кеп сурап,
Кандайча болдуң деп сурап,
Канчоро сөздү салганы,
«Өзүң көргөн Семетей,
Аты жүрбөй калыптыр,
Айласы кетип ошондо,
Ок-дарысы түгөнүп,
Жалгыз атым дарысы,
Жалгыз огу калыптыр.
Маңдай жакка сен барсаң,
Сени тиштеп алат го,
Машасын тартып алганда,
Алдындагы Тоотору,
Кишиче сүйлөп берчү эле,
Тоотору туруп сүйлөйт го».
Аны угуп эр Кыяс,
Семетейди бет алып,
Жөнөп калды көрдүңбү,
Теке маңдай барганда,
Мойнун буруп турганы,
Ошондо Кыястын Тоотору,
Сүйлөгөнү киргени:
«Семетей машага отту койгондо,
Бек болгун деп айтып,
Тарс эткенде топ этет,
Төрт аяктан чаң чыгат,
Бек болгун Кыяс!» – деп айтып,
Тоотору туруп муну айтат.
Кыясты көрүп Семетей,
Камынып турган кези экен,
Чорт келте колго алганы,
Ишенип турган жалгыз ок,
Дүрмөттөп туруп калганы.
Милтеге окту койгону,
Кыясты көздөй сундуруп,
Ак каңкы ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Ирмеп карап койгондо,
Машага окту койгондо,
Кыйды болгон Тоотору,
Так секирип калганда,
Тарс эткенде топ этип,
Төрт аяктап ошондо,
Чаң созулуп калганда,
Кайра тартып эр Кыяс,
Төрөнү көздөй бет алып,
Кыяс жөнөп калганда,
Кара ниет Канчоро,
Найзасын алып колуна,
Кошо жүрүп калганы.
Айла кетип калды деп,
Алыстан туруп Күлчоро,
Төрөм эми эмне болот деп,
Карап турган кези экен.
Баатыр тууган Семетей,
Ок-дарысы түгөнүп,
Сыр найзаны таянып,

Кыбыла көздөй бет алып,
Келме айтып турганда,
«Качан өлсөм өлүм ак,
Жазганды пенде көрбөйбү,
Жаздыкта жатып өлбөйбү».
Кайран төрө канетсин,
Кыбыланы баштанып,
Ошо кезде карасаң,
Кыяс менен Канчоро,
Качырып кирип барганда,
Карабаймын сени деп,
Акыретке барганда,
Кара эшек кылып минет деп,
Тескери карай бергени.
Турасыңбы Кыяс деп,
Канчоро үндү салганда,
Кайраттана түшкөндө,
Дардая туруп көк жалың,
Бура тартып качкыча,
Алаканды жайганда,
Жаза серпип калганда,
Асмандан булут туулуп,
Амалы жок Канчоро,
Бура тартып кутулду.
Кыбыла көздөй бет алып,
Кайран төрө канетсин,
Төшүн жыя бергени,
Он эки кулач сыр найза,
Балбан тууган эр Кыяс,
Жүрөккө найза малганы,
Жүрөккө найза тийгенде,
Кылагар көзү кылайып,
Кыямат кетти Семетей.
Алагар көзү алайып,
Акырет кетти Семетей.
Ошо кезде Күлчоро,
Төрөң өлүп калганда,
Токтоно албай Күлчоро,
Абамдан кантип калам деп,
Алдындагы Көктелки,
Куюшканын кыскартып,
Арткы боосун бек тартып,
Чап олоңун узартып,
Асылзаада төрөмдүн,
Артынан кошо өлөйүн,
Не болсо да көрөйүн,
Кайраттанып Күлчоро,
Көп колду көздөй жөнөндү.
Сан колго жетип барганда,
Миң койго тийип бөрүдөй,
Аралап кирди Күлчоро.
Карап туруп эр Кыяс,
Кара жандан түңүлүп,
Кар жилигин кан алып,
Жото жилик жин алып,
Ит ичпестин кара көл,
Калың кара жедигер,
Айдап кирди ошондо.
Буруттарын сербейтип,
Эр өлүгү тоо болду.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо болду.
Каруусунан кан болуп,
Көктелки жүрбөй калганда,
Арман кылды Күлчоро,
Атаны арман дүнүйө,
Суркоён болсо алдымда,
Чийбейт белем сызыкты,
Калың кара жедигер,
Кылбайт белем кызыкты.
Деп ошентип Күлчоро,
Өзүн жетип алгыча,
Баатыр өлүп калганда,
Ай карарып тутулду,
Күн бүркөлдү ошондо,
Кара түн түшүп калганы.

Кайран асыл төрөмдү,
Аман кылып койсом деп,
Өзүң көргөн Күлчоро,
Кайра тартып келгени,
Төрөсүнө Күлчоро,
Көктелки менен жеткенде,
Түшө калып Күлчоро,
Көктелкиге мингизип,
Өңөрүп алып ошондо,
Кара-Үңкүр көздөй жөнөдү.
Кара-Үңкүрдүн ичине,
Аман коюп баатырды,
Атасынан бабасы,
Шай колдогон эр эле,
Сөөгү жерге жатпайт деп,
Урдун кызы Урнайым,
Аманат койдум арстанды,
Олуязаада кайран шер,
Кабылан Манас тукуму,
Кылымды бузган кайран эр,
Арстандын тукуму.
Кара-Үңкүргө кат жазып,
Эр Семетей деп жазып,
Өзүң көргөн Күлчоро,
Көзүнөн бурчак жаш кетип,
Аттанып чыккан жери экен.
Аман коюп көк жалды,
Бастыра берген кези экен.
Кара жанды куткасып,
Кайран берен Күлчоро,
Жашынарга жер таппайт,
Каралашар эли жок,
Бел байлаган эри жок,
Күлчоро калды ошондо.
Аргын кыргыз элинен,
Семетей элин чапканда,
Атайын келип эр Кыяс,
Семетейдин сан дүйнө,
Калың олжо алганда,
Семетейди чапканда,
Айдай болгон Чүрөктү,
Семетейдин ак ордо,
Атаңдын көрү эр Кыяс,
Алты атанга комдотуп,
Айдай болгон Чүрөктү,
Боз жоргого мингизип,
Алып кетти көрдүңбү.
Канчоро эми кан бол деп,
Чачыкейди бергени.
Өзүң көргөн ногойго,
Кан көтөрүп баштанып,
Канчоро элге баш болуп,
Алтын, күмүш баш болуп,
Ногойду сурап калганы.
Өзүң көргөн Бакайды,
Көрүп турсаң ошондо,
Жөө калтырып салганы.
Күлчоро кулду табалык,
Жыйырмадай балбан бир алып,
Толтойдун уулу эр Кыяс,
Канчорону ээрчитип,
Күлчорону табалык,
Жашынган жерин билесиң,
Кайда кетти дейсиңби,
Күлчоро колго түшүрсөк,
Тирүү болсо Күлчоро,
Бизге жапаа салар деп,
Бала кезден бир жүрдүң,
Бекинер жерин билесиң,
Ой-тоонун баарын кыдырып,
Издеп калды көрдүңбү.
Адыр-будур кыдырып,
Кача турган жер барбы,
Чытырман токой тал барбы,
Ой-тоонун баарын кыдырып,
Күлчорону таппады.

Күлчорону таба албай,
Канчоро тартып убара,
Ошондо шериң Күлчоро,
Кара арчанын түбүндө,
Ыштыкта жаткан жеринен,
Таап алды ошондо,
Колго түшкөн чорону,
Бутунан байлап баймактап,
Атка алды сүйрөтүп,
Төш бооруна төрт казык,
Кагып туруп ошондо,
Байлап койду көрдүңбү.
Керип туруп чорону,
Өз билгенин кылганы.
Оң далысын ошондо,
Оюп кесип алганы,
Башын алам дегенде,
Бакай келди буркурап,
Бир кашык канын бергин деп,
Бакай келди чыркырап.
Ошондо туруп Күлчоро,
Муну айтып турганы:
«Менин башым кеесең деп,
Акыретке барганда,
Эки колум жакаңдан,
Кетпесине ишенгин,
Жакалап жүрүп өтөмүн,
Койдура албай каласың.
Каныкейдин эмчегин,
Талашып бирге эмиштик» –
Деп ошентип турганда,
Канчоронун айтканы:
«Ушу кулду өлтүрсөк,
Не мураска жетесиң,
Өлбөстөн жүрүп ушу кул,
Ит карыбы болсун деп,
Кыла турган шайы жок,
Эч болбосо ошондо,
Күлчородой кулуңду,
Отунчу кылып коёлук.
Олжого түшкөн кулум деп,
Күлчорону кордуктап,
Кыяс алып кеткени.
Алып барып айлына,
Күлчородой баатырды,
Жылкычыга бергени.
Отунчу болуп Күлчоро,
Кордуктун көбүн көргөнү.

## СЕЙТЕК

Өлөр-өлбөс жан менен,
Жылкычыга Күлчоро,
Отунчу болуп калганы.
Кайран баатыр Күлчоро,
Килкилдеп кетип далысы,
Саргайса сары чөп салып,
Айласы кетти Күлчоро.
Далысы кетти кускундап,
Жытына адам бара албай,
Кузгундап кетти көрдүңбү.
Кийген кийми чоронун,
Кийизден кылган кементай,
Кементайы байкуштун,
Жик-жик болуп бөлүнүп,
Кулун салам деп барса,
Жытына жылкы жолотпойт.
Анысы аз келгенсип,
Аркан берип колуна,
Отунга жумшайт байкушту.
Тезек тер деп кап берет,
Кордук катуу көрсөтүп,
Көсөө менен тап берет.
Кечигип калса кокустан,
Чычала менен тап берет.
Отун ал деп жип берет,
Кечигип калды бу кул деп,
Союл менен тап берет.
Айласын мындан кетирип,
Суусап калдым дегенде,
Көкмөктөтүп сүт берип,
Жылкычы шерне кезинде,
Баладан бетер ошондо,
Улагада отурат.
Кыйнап туруп жылкычы,
Эт ордуна томук жуткузат.
Айласы кетип байкуштун,
Токойдон отун көтөрөт,
Үйдөй отун көтөрүп,
Кошко келип таштаса,
Күп этип отун түшкөндө,
Желеде жылкы катуу үркөт.
Аны көргөн жылкычы,
Толгонуп калды бүлкүлдөп.
Өзү үрккөн жылкычы,
Укурук менен бир коёт,
Ал аңгыча болгон жок,
Ыйлап туруп Күлчоро,
Жылкычыны ошондо,
Кементай кетти тилинип,
Айчүрөккө барайын,
Айланайын абалар,
Ак бөздөн көйнөк тиктирем,
Аны угуп Карагул,
Эртеңки бээнин саамынан,
Кечикпей келгин чоро деп,
Уруксат берди Карагул.
Кубангандан Күлчоро,
Көк байталга салаңдап,
Жүрүп калды ошондо.
Токой менен келатат,
Көрүнбөстөн эч кимге,
Суу бойлоп токой жамынып,
Келе жатат Күлчоро.
Айчүрөккө жетсем деп,

Эки көзү төрт болуп,
Айчүрөктү көргөндө,
Көзүнүн жашы көл болуп,
Өлбөй тирүү калдыбы,
Өлбөстүн күнүн көрдүңбү,
Өчпөстүн отун жактыңбы,
Айчүрөктү карасаң,
Чедирейип челкейип,
Айына жеткен кези экен.
Анда чоро муну айтат,
«Кагылайын жеңеке,
Кыястан бүткөн баладай,
Эмине узак көтөрдүң,
Асыл төрө өлөрдө,
Аманат айткан сөзү бар,
Жейрендин этин жечү эле,
Чүрөгүм жети мерсет дечү эле,
Аркардын этин жечү эле,
Алты ай мерсет дечү эле.
Асылдан калган тукумбу,
Айыңан ашык көтөрдүң,
Ыраазымын жеңе деп,
Аман-эсен туусаң деп,
Кесип далым кузгундан,
Айлам кеткен кезимде,
Көйнөк таппай мен калдым».
Ушу жерге тургун деп,
Кол бала деген кулуна,
Үйүнө барып ошондо,
Ак сандыктан боз көйнөк,
Кабаттап берген кези экен.
Уй башындай сары аяк,
Кымыз куюп бергени,
Көйнөктү кийип Күлчоро,
Көк байтал көздөй жөнөдү.
Көйнөк кийген Күлчоро,
Кошуна жетип барганы,
Кечигип келдиң деп айтып,
Жылкычы башы Карагул,
Кырк кулач кайың укурук,
Каруусуна салыптыр,
Укуругун көтөрүп,
Күлчорону чабарда,
Ошо кезде Күлчоро,
Көк байталдын үстүнөн,
Түшө качып кутулду.
Өлбөй араң Күлчоро,
Карагулдан кутулду.
Ат жылкы деп ошондо,
Карагул турат айкырып,
Бээ саадырса Күлчоро,
Жытына жылкы жолотпой,
Үркүп турчу кези эле,
Жылкы үркпөй калыптыр.
Кул кутуруп калганбы,
Күлчоро келсе жанында,
Көрүнгөнү тепкилейт,
Күлчоро көрдү кордукту,
Он экиде жаш бала,
Желкеге муштап турганда,
Анын колун бир кармайт,
Мунун колун бир кармайт,
Аны мындай таштайын,
Быягынан баштайын.
Жылкычылар күүлөнүп,
Өзүнөн-өзү сүйлөнүп,
Кыястын алган зайыбы,
Ошол эркек тууду деп,
Сүйүнчү келип калыптыр.
Аны укканда ошондо,
Жылкычы башы Карагул,
Сүйүнчүгө тай берди,
Жылкычылар сүйүнүп,
Каныбыз биздин эр Кыяс,
Эркек балалуу болду деп,
Калың той берер кези деп,

Күүлөнүшүп турганы.
Кыяс тойду бермекке,
Калк чогулуп калганы,
Акун кандын Айчүрөк,
Эркек бала тууду деп,
Кыяска барып ошондо,
Сүйүнчүлөп турганда,
Кимден бүткөн бала деп,
Арамзаада Кыясың,
Күнөм санап калганы.
Калың той берип эр Кыяс,
Ат койдурмак болду балага,
Этегине салып баланы,
Түбү кандуу бала деп,
Билип турат эр Кыяс.
Колуна алган баланы,
Көтөрүп алып эр Кыяс
Эл кыдырып калганы,
Көтөрүп жүрүп баланы,
Ташка чаап ийсем деп,
Арамзаада эр Кыяс,
Арам ойлоп калганы.
Кереметтүү Айчүрөк,
Арам ойлуу Кыястын,
Душмандыгын билгени,
Акыл ойлоп Айчүрөк,
Эр Кыяска иш айтат,
Угуп тур төрөм, деп айтат.
«Саа келгеним Кыясым,
Бир жылга жакын толгону,
Калкың мени көрө элек,
Мен да аларды көрбөдүм.
Мен чыгайын кошо» – деп,
Кыястын этегинен бек кармап,
Кыяс алып келгенде,
Калың кара жедигер,
Чүрөктүн жүзүн көрө элек.
Ошо кезде эр Кыяс,
Чүрөктүн сөзүн кайтарбай,
Макулдугун бергени.
Баланы этегине салганда,
Кошо чыкты Айчүрөк.
Олжого түшкөн көп малды,
Кыяс аябастан көп сойду,
Ала-Тоодой эт кылып,
Аябай жатып чык кылып,
Калың кара жедигер,
Айчүрөктү көргөндө,
Сулуусуна таң калып,
Эт жебестен ошондо,
Оозун ачып делдейип,
Эси ооп калганы.
Чүрөктү көргөн таң калат,
Кыяс үндү салганы,
Жедигер элим, уккун, деп,
Балага ат койгун деп,
Жар чакырып турганы.
Калың кара жедигер,
Этке тоюп алган соң,
Атын коюп бере албай,
Калың кара жедигер,
Камалып турган кези экен.
Ошо кезде карасаң,
Ак селдеси башында,
Аса таяк колунда,
Дубана келди чарк уруп,
Ошондо туруп дубана,
Атын коюп берем деп,
Асан айтып турганы.
Асан айтып болгон соң,
Дубана туруп ат коёт,
Алакан жайып дубана,
«Аркы атасы Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан,
Чаян кандан Кара кан,
Кара кандан тараган,

Каракандан Жакып кан,
Кан Жакыптан зор Манас,
Шай колдогон эр эле,
Айкөл Манас тукуму,
Эр Семетей болучу,
Семетейден Сейтек деп,
Аллоо акбар!» – деп кол жайып,
Дубана көздөн кайым болгону.
Атаңдын көрү жедигер,
Бул эмине дегени?
Асан айткан кишини,
Таап келгин деп айтып,
Коёндой башын алам деп,
Кыяс турду күүлөнүп.
Өзүнөн-өзү күүлөнүп,
Дубанага сүйлөнүп,
Кыяс турат күүлөнүп,
Атаңдын көрү жедигер,
Дубананы тапкын деп,
Ошондо Чүрөк муну айтат,
Кеп айтканда деп айтат,
«Ушу турган жедигер,
Төрөмдүн жоругун айтайын,
Дөөрүгөнү мындан көп,
Жинденгени мындан көп,
Кагылайын жедигер,
Кыястын сырын билесиң».
Чүрөктүн сөзүн укканда,
Калың кара жедигер,
Айран таң болуп калганы.
Калың той берип ошондо,
Кыяс жатып калганы.
Кез-кезинде Күлчоро,
Канчоро канга барчу эле,
Кайыр сурап калчу эле,
Баатыр,
чалгынды бирге чалчу элек,
Чалгындан жылкы алчу элек,
Оорукта жатып калчу элек,
Олжону бөлүп алчу элек,
Кай жерде көңүл калчу элек.
Кара мүртөз Канчоро,
Ак көңүлү кармаса,
Бир табак талкан бердирчү.
Кара көңүл кармаса,
Үйдөн кууп чыкчу эле.
Мына ошентип Күлчоро,
Кайыр сурап алчу эле.
Кайыр сурап барганда,
Каныкейге кезигип,
Эсендигин көргөндө,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Кайгырып турчу Күлчоро.
Каныкей жайын сурасаң,
Кырк кара койдун терисин,
Каныкейге берчү эле,
Күдөрлүү ийлеп бергин деп,
Кыштын кыран чилдеде,
Жылкычылар кийет деп,
Кыйкырып жылкы тийгенде,
Этегин катуу какканда,
Тон айрылса кокустан,
Каныкейдин
бети айрылды десеңчи.
Кошоктолуу көп музоо,
Каруусунда энеңдин,
Каныкейдин колунда.
Каныкей куурап арпа терчү эле,
Жайдын аппак күнүндө.
Күлчоро кайтып барганда,
Кечигип калдың сен кул деп,
Каарданып жылкычы,
Бирден муштап кетчү эле.
Баягы сары чийкил жаш бала,
Анын колун бир кармап,
Мунун колун бир кармап,

Арачалап турганы.
Кечигип калдым баатыр деп,
Жансоогалап турганы.
Ошондо туруп Күлчоро,
Эки көзү төрт болот,
Айчүрөккө барсам деп,
Атын уктук баланын,
Сейтек аттуу болду деп,
Аны көрүп алсам деп,
Эки көзү төрт болот.
Бээни эрте байлатып,
Кечикпей эми келем деп,
Көйнөгүмдү жуудуруп,
Келсем экен абалар,
Деп ошентип Күлчоро,
Уруксат сурап турганы.
Көк байталын токунуп,
Айчүрөккө бармакка,
Жөнөп калган кези экен.
Ал аңгыча болбоду,
Ак кадектен көйнөгүн,
Желпип коюп кан Кыяс,
Кызымтал болуп жатыптыр,
Кымыздан арак тарттырып,
Кызып калдың төрөм деп,
Ошондо туруп Айчүрөк,
Үйгө алып киргени.
Үйгө алып келгенде,
Бар жаздыкты жаздады,
Күчтөп берип аракты,
Эрикпей туруп сүйлөшүп,
Күлчорого акыл кошуп калганы.
Акылдуу тууган Айчүрөк,
Үч айдын жүзү болду деп,
Сейтекти ага көрсөттү.
Аман-эсен Кыястын,
Он эле жылдык жашы бар,
Баягыдай болорсуң,
Душмандан өчтү аларсың,
Акыры жүрүп ошондо,
Иниңди өзүң аларсың.
Муну айтып Айчүрөк,
Көрдү дагы чоронун,
Үстү-башын жаңыртып,
Инисин көрүп Күлчоро,
Кечигип эмне кылам деп,
Көк байталга камчы уруп,
Жылкыга жетип барганы.
Күлчоро көрүп Карагул,
Бети башың кызарып,
Сүйүнгөнүң эмне деп,
Кул кутуруп калыпсың,
Какшыкты айтып турганы.
Ошо замат Күлчоро,
Отун алып келгин деп,
Арканды берди колуна.
Токойго барып Күлчоро,
Отун алып Күлчоро,
Кечки бешим дигерде,
Кирип келди ошондо,
Өлбөстүн күнүн бир көрүп,
Өчпөстүн отун бир жагып,
Күлчоро минтип жүргөндө,
Эртеси таң атканда,
Карагулга кайрылып,
Арызым бар баатыр, деп,
Күлчоро турду муңайып.
Айланайын агалар,
Менин каалап алганым,
Жамгырчы кызы Акбала,
Учурашып алайын,
Кудай кошкон жарымды,
Кой көтүнө салды дейт,
Көп койду көрүп калды дейт,
Курдашым көрбөй калды дейт,
Убайда болуп калат ко,

Теги бир көрүнүп калайын.
Муну айтып турганда,
Кечикпей келгин деп айтып,
Эки күн берди уруксат.
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Жетип келди Күлчоро,
Күлчорону көргөндө,
Аманат жанды кыйнады,
Кой кайтарып жүрүптүр,
Жамгырчы кызы Акбала,
Аябай жатып ыйлады.
Ыраактан көрүп Каныкей,
Акбалага үн салды.
Аны укканда Акбала,
Айтып турган кеби бул,
Күлчоро байкуш келиптир,
Акбала менен Күлчоро,
Каныкейге келиптир,
Кошоктолуу кош музоо,
Каныкейдин колунда,
Музоого жеңең ээ болбой,
Сүйрөлүп жүргөн кези экен.
Жайылып жаткан сан малды,
Сурап калды Күлчоро,
Канчоро кандын малы деп,
Каныкей айтып киргени.
Анда туруп Күлчоро,
Кошоктолуу кош музоо,
Энеке кандай бактың деп сурап,
Көк уйдун сүтү дары деп,
Быйыл көкүрөк оору болду эле,
Көптөн бери дары ичип,
Көкүрөк оору дарысы,
Көк уйдун бактым музоосун,
Касиеттүү зор Бакай,
Ал-абалы кандай деп,
Сурап турган кези эле.
Абаңдын жайын сурасаң,
Үйү болду алачык,
Чоң алачык ичинде,
Күңгүрөнүп абакең,
Жаткан экен ошондо,
Илгеркисин көп жоктоп,
Абамдын карып болгон
жери ошол.
Көк байтал менен зыр коюп,
Бакайга келди Күлчоро.
Салып чоро келгени,
Чөп алачык ичинде,
Кагылайын аба, деп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Деп ошондо зор Бакай,
Күлчоро менен көрүшүп:
«Арстан Манас өлгөндө,
Кошо өлбөй не болдум,
Кечээ кайкы кара Кум-Белде,
Эр Семетей өлгөндө,
Мында өлбөй не болдум,
Келгендерден кеп угам,
Кара мүртөз Канчоро,
Той берет экен деп угам.
Ошол тойдо Канчоро,
Шордуу Бакай карыны,
Көк бөрү тартат экен деп угам.
Кара мүртөз Канчоро,
Текебери кангандыр,
Мен текеберге жолуктум,
Айкөлүм Манас бар кезде,
Алмам аман турганда,
Алты миң жамбы бир атып,
Аш бышымга жыйгын деп,
Карсылдатып турчу эле.
Кыскабынын баарысын,
Чыркырашып турганда,
Кошо сабап турчу элек.
Мен текеберге жолуктум,

Калдай менен бошисти*,
Кабыргасын сындырып,
Карсылдатып турчу элем.
Анда саадабы кырк кез чамада,
Асылым Манас барында,
Көрсөтпөгөндү көрсөтүп,
Кыйкым таап калдайдын,
Жонун тилип чапчу элем.
Ошо кезде курган жан,
Элүү беште чак эле,
Нескара менен Бөрүкөз,
Батыраак жүктө деп айтып,
Жигитиң менен бергин деп,
Буга кызык салчу элек,
Канетесиң баатыр деп,
Айласын таппай турганда,
Кайыр айтып туруң деп,
Аларды сабап турчу элем.
Капыр менен мусулман,
Кулачым жетип турганда,
Ошондо Бакай өлбөдүм.
Илгеркисин көп ойлоп,
Атаңдын көрү сексен беш,
Деп ошентип зор Бакай,
Ыйлап турган кези экен.
Эртең Канчорого барарсың,
Арамдыгы жагынан,
Артыкча туулган жан эле,
Той бергенде Канчоро,
Тайлак төөдөн көкбөрү,
Көкбөрү берет деп уктум,
Көпкөндөр кордук кылбасын,
Бакайды кошо тартпагын,
Аманат сөздү айта көр,
Кагылайын Күлчоро».
Деп ошентип айтканда,
Аман бол аба, деп айтып,
Күлчоро Канчорого жөнөдү.
Кайыр сурап алмакка,
Канчородон Күлчоро,
Талкан сурап алмакка.
Кечигип калам деп айтып,
Канчоронун ордого,
Көк байталын чапкылап,
Салып барды ордого.
Ат мамыга байлатып,
Канчоро канга ошондо,
Күлчоро салам айтып турганы.
Ошо кезде Канчоро,
Айткан салам албастан,
Эрди-башы былк этпей,
Жаткан экен Канчоро.
Кошо жатып керилип,
Кесирлүү катын Чачыкей,
Кош келдиң дебестен,
Карабай койду Чачыкей.
«Кайдан келдиң күпүлдөп?» –
Канчоро сурап турганы,
«Аманат айтчу сөзүм бар,
Айтамын да кайтамын.
Каардуу кан Канчоро,
Той берет экен деп угуп,
Касиеттүү Бакайдын
Айт деген сөзүн айтайын.
Көкбөрүгө Бакайды,
Берет экен деп угуп,
Абаң Бакай көп кейийт,
Койгунуң кордук албасын,
Адырдан келип койчулар,
Абаңа бүлүк салбасын.
Ошону айтып Күлчоро,
Кетмек болду камынып,
Айтып турган кеби бул,
Кечээ Жапалак тоону басканда,
Даңгыттын элин чапканда,
Мындан олжо алганда,

Кыз-катынын олжолоп,
Ат сооруга салганда,
Талыкпай жатып алчу элек,
Тамашаны салчу элек,
Моюн алышып алчу элек,
Унуттуңбу Канчоро,
Мен өңдөнгөн шордуурга,
Кайрыла жүрсөң болбойбу.
Бакайдын көрүп пайдасын,
Касиеттүү абаңдын,
Ал-жайын сурап жүрсөңчү,
Акыл айтып турчу эле,
Текеберлик кылба деп,
Абаң олуя чалыш киши эле,
Карып калган кезинде,
Алачыкка киргизип,
Катуу кордоп салыпсың».
Тас кейпин кийип Күлчоро,
Жалдырап турат Күлчоро.
Ошондо туруп Канчоро,
Кулга талкан бергин деп,
Араң оозу кыбырайт,
Бергенин алып Күлчоро,
Бакайга барып ошондо,
Бөлүп берди талканын.
Өлбөгөн жанга ал бөлүп, аба,
Бизге аба, таң атар деп,
Күлчоро салып жүрүп кеткени.
Кошуна барып Күлчоро,
Көргөнүн айтып турганы,
Бакайдын жайын баягыдан,
Айтып өттү Күлчоро.
Ал аңгыча болбоду,
Арадан өтүп убакыт,
Бир нече жыл болгону.
Күндөрдүн бир күнүндө,
Отунга барган жеринен,
Эч кимге айтпастан,
Көк байталын зыргытып,
Бала Сейтекти көрөм деп,
Барып жүрдү Күлчоро,
Ошо кезде жетимиң,
Беш жашка келип калды эле.
Күлчоро келип жүргөнүн,
Дөңдө туруп бир күнү,
Эр Кыяс көрүп калыптыр.
Арамзаада ит Кыяс,
Үйүр болуп балага,
Бузукуну салат деп,
Чакыртып алып эр Кыяс,
Күлчорону ошондо,
Тепкиге алган жери ошол.
Күлчорону эр Кыяс,
Тепкилеп уруп турганда,
Койсоңчу төрөм деп айтып,
Арачалайт Айчүрөк.
Алдап туруп Кыясты,
Кымыздан тарткан аракка,
Кызытып койду ошондо.
Аракка кызып алган соң,
Күпүлдөгөн Кыястын,
Көзү кетти уйкуга.
Амал менен Айчүрөк,
Асылдан калган жетимди,
Жолуктурду чорого.
Сейтекти көрүп Күлчоро,
Ар ууртунан бир сүйүп,
Бер ууртунан бир сүйүп,
Бүткөн бойдон тер кетип,
Маңдайы мындан жарылып,
Кубанып турду Күлчоро.
Сүйүгөндөн Күлчоро,
Көрүшүп алып жетимге,
Кошуна кайтып кеткени.
Кордуктагы Күлчоро,
Сейтекти көрүп алган соң,

Жарасы бүтүп алган соң,
Кубанып келди Күлчоро.
Күндөн-күнгө күүлөнүп,
Бир нерсе таап алгансып,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Көргөн менен билгениң,
Болсо айтып бергин деп,
Жылкычы башы Карагул,
Айтып турат көрдүңбү.
Жараңдын оозу бүткөндө,
Кайра жара чабамын,
Кыл чылбыр салам саныңа,
Деп ошентип Карагул,
Көргөнүңдү айткын деп,
Каарданат Карагул.
Күлчоро туруп ошондо,
Кара мүртөз Канчоро,
Ага барып келгенин,
Айтып турат безилдеп.
Аны укканда Карагул,
Күүлөнгөндөн күүлөнүп,
Тилиңди кесип алам деп,
Күпүлдөп турду Карагул,
Ачуусу келип Карагул,
Буулугуп турганда,
Ачууңу берчи аба деп,
Арачалайт жаш бала.
Өзүң көргөн Күлчоро,
Кезекти кудай берсе деп,
Атаңдын көрү Карагул,
Коёндой башың кесермин,
Деп ошентип Күлчоро,
Ызырынып Күлчоро,
Айласыздан калганы.
Эртең менен болгондо,
Карагул бээ сойгону,
Камылга көрдү ошондо,
Бээ сойдуруп Карагул,
Кымыздан тартып аракты,
Жыргап жатып калганы.
Аксак байтал мингени,
Күлчоро туруп ошондо,
Айчүрөккө жөнөдү.
Ошондо туруп Айчүрөк,
Күлчородой байкушка,
Багылан козу ширин баш,
Ашын берип тойгузду.
Ойноо бала жаш Сейтек,
Абакелеп эркелеп,
Келип турду ошондо,
Айчүрөк менен Күлчоро,
Аябай турду сырдашып,
Сейтектей жаш бала,
Сегизге чыккан убагы,
Сегизинде серпилип,
Тогузунда токтолор,
Он жашына келгенде,
Орошон тартып октолор.
Атасынан бабасы,
Шай колдогон эр эле,
Он бирине келгенде,
Калайманды салат ко,
Кезекти берсе кудурет,
Ошондо болор деп айтып,
Капа болбой жүрө бер,
Жараңдын оозу айыга элек,
Кечириң алып салганда,
Алың жетпейт Кыяска,
Айланайын уулуке,
Эптеп айла кыларбыз,
Баары билер эми деп,
Кагылайын Күлчоро,
Эптеп жаның бага көр,
Кагылайын уулуке,
Кербенчиден кеп уктум,
Алыскы Букар элинен,

Бул жүктөөчү Кызыл сарт,
Кызыл сарт келет деп уктум,
А дүйнө кеткен чоң атаң,
Чоң атаң менен дос экен,
Чоң сакал байдын баласы,
Аралбайдын элинен,
Ошо келет деп уктум,
Кыдырып булун сатууга,
Ошо келет деп уктум.
Кайнатам Манас бар кезде,
Аралбайдын элинен,
Чоң сакал байдын баласы,
Кызыл сарт деген бар экен.
Кырма кызыл дарысы,
Жүктөп жүрөт деп уктум,
Ажалы жок адамга,
Жанды салат деп уктум.
Кечирин алып салганга,
Кечир салат деп уктум.
Буту, колу сынганды,
Муну таңат деп уктум.
Жазында ошо келет дейт,
Быйыл кудай берет дейт,
Сегизинен артылып,
Сейтек тогуз жашка келет дейт.
Ошондо кабарлашып алалык,
Тогуз жашка чыкканда,
Тоотору күлүк алайын,
Эптеп алдап минейин,
Боз жоргону мингизип,
Сейтекти ала барайын,
Эркелеп бала аттанып,
Жылкыга барып келем дейт,
Деп ошентип амалдап,
Тоотору алдап алайын,
Ошенетип мен өзүм,
Кыястын эсебин табайын.
Көрө коюп эр Кыяс,
Бербеймин деп айта албай,
Жалынып турган Чүрөккө.
Кызыл келин ошондо,
Байлар булун аябайт деп,
Манас менен Кызыл сарт,
Акыреттик дос экен,
Манас кандын кезинде,
Эр Семетей өлгөнүн,
Угуп жүргөн кези экен.
Семетейдин өлгөнү,
Тогуз жылга толгону,
Андан калган баланын,
Дайынын угуп Кызыл сарт,
Келе жаткан кези экен.
Семетей тирүү кезинде,
Алышып жүргөн эмеспи,
Аркы-берки сөз айтып,
Катышып жүргөн эмеспи.
Уламадан кеп угуп,
Кербенчиден сөз угуп,
Күлчоронун далысын,
Кыяс кести деп угуп,
Тирүү болсо Күлчоро,
Айыктырып алам деп,
Сексен нарга жүк артып,
Кызыл сарт келет деп айтат.
Кыяс кандын сан жылкы,
Сан жылкыга барат ко,
Келерки жылкы жазында,
Кызыл сарт келер кези деп,
Аман болсок ошондо,
Келерки жылы жазында,
Сейтек тогузга чыккан кезинде,
Тоотору минип алмакка,
Жылкыны көздөй бармакка,
Камынып чыкты Айчүрөк.
Тогузга чыгып Сейтегиң,
Жылкыга барып келем деп,

Жылкыдан жорго минем дейт,
Деп ошентип Айчүрөк,
Акыл салып турганда,
Мелтиреп жаткан Чүрөккө,
Бербеймин деп айта албай,
Тоотору сурап турганда,
Телторуну минип бар,
Деп ошентип эр Кыяс,
Бербес болуп Торуну,
Мойноп турган кезинде,
Касиеттүү Айчүрөк,
Эрдемсиген Кыясты,
Кымыз берип ошондо,
Арак берип азгырып,
Тооторуну берүүгө,
Макулдугун алды эми.
Айбандан эстүү Тоотору,
Айчүрөккө токутпай,
Кулдайып турат Тоотору.
Касиеттүү Айчүрөк,
Мейизден салып жем берип,
Жем баштыкты илгени,
Касиеттүү Айчүрөк,
Ар жабдыгын камынып,
Алтын каштуу кушылаш* ээр
Тооторуга токуду,
Күмүштөн кылган үзөңгү,
Өзүң көргөн Айчүрөк,
Күрмөнүп чурап мингени,
Ошо кезде Тоотору,
Адамдай сүйлөп үн салды:
«Катынга атын алдаткан,
Кайран Кыяс аман бол» – деп,
Тоотору туруп сүйлөдү,
Аны уккан эр Кыяс,
Кокуй Тору не дейсиң,
Анда Чүрөк муну айтат,
Атың сүйлөп турганда,
Айталааңа ишен сен,
Адис болгон экенсиң,
Атың менен артынып,
Ачуусу келип Айчүрөк,
Тооторуң тоокту жейт,
Тоңуп калган бокту жейт.
Алтындан кылган чач мончок,
Ала качып ошондо,
Маңдайы тартып кийгенде,
Касиеттүү Тоотору,
Мүдүрүлүп турганы.
Корконунан Тоотору,
Карабет бирди кылат деп,
Айбан да болсо Тоотору,
Жол жоргосун салганы,
Жолго кирип алганы.
Бала Сейтек ошондо,
Боз жоргону токунуп,
Кошо жүрүп калганы,
Ал аңгыча болбоду,
Айчүрөк уулун ээрчитип,
Жылкыга жөнөп калды эми.
Ошо кезде карасаң,
Жылкыдагы Күлчоро,
Кербенчи келет деп угуп,
Жолун тосуп кеткени.
Аралбай сарттын ичинен,
Чоң сакал байдын Кызыл сарт,
Кызыл сартка жолугуп,
Туткундагы Күлчоро,
Арманын айтып турганы.
Кызыл сарт жайын сурасаң,
Улгайып калган кези экен,
Жетимиште табы экен,
Ошо кезде Кызыл сарт,
Күлчорого муну айтат,
Кечигип калды деп айтып,
Жылкычы башы Карагул,

Мындан кордук көрбөгүн,
Баргын чоро бара бер,
Акылдашып алабыз,
Душмандан кекти аларбыз,
Кечигип калсаң Карагул,
Коёндой башым кесет деп,
Ошо кезде Күлчоро,
Кошун көздөй жөнөдү,
Кошко келсе Күлчоро,
Кайда жүрдүң деп айтып,
Каарданды Карагул,
Күлчорону токтотуп,
Карагул кирди көрдүңбү,
Күлчорону ошондо,
Кутуруп турган жылкычы,
Ары салып бир тээп,
Бери салып бир тээп,
Көмөлөтүп турганда,
Ал аңгыча болбоду,
Айчүрөк менен жаш Сейтек,
Айырмачтуу кайкыдан,
Чыга түшүп калганы.
Күлчорону тепкилеп,
Боздотуп уруп жатканда,
Өз билгенин кылганда,
Белестен көрүп Айчүрөк,
Абаңды кордоп жатканын,
Көрдүңбү жалгыз дегенде,
Боз жоргону бучкактап,
Кологой камчы бир салып,
Абамды сабап турганы,
Буларды кудай урганы,
Деп ошентип жаш Сейтек,
Боз жорго менен теңселтип,
Жетип барды ошондо,
Ачуусу келип эр Сейтек,
Кырк кулач кызыл укурук,
Карагулдун колунан,
Сейтек жулуп алганы,
Колунан жулуп укурук,
Карагулду Сейтегиң,
Кулак түпкө чапканда,
Кырынан кетти Карагул,
Ачуусу менен эр Сейтек,
Жылкычыны баарысын,
Тоголото чапкан жери ошол.
Акылдашып алышып,
Жүрүң жеңе, деп айтып,
Кыдырып соода кылуучу,
Кызыл сарт келип калды деп,
Кудай берип салганы,
Кызыл сарт келип калганы.
Сүйлөшүп келдим азыр деп,
Ак чатырга барышып,
Аттан түшүп алышып,
Жай сурашып алышып,
Аралбайдын иниси,
Чоң сакал байдын баласы,
Чоң сакал байды сурасаң,
Манас менен дос экен,
Ошондо туруп эр Сейтек,
Жайды сурап турганы.
«Кагылайын балам, – деп,
Кызыл сарт сөзгө киргени,
Чоң сакал байдын баласы,
Аралбайдын иниси,
Кызыл сарт деген мен болом.
Чоң сакал бай атакем,
Манас менен экөөсү,
Акыреттик дос эле,
Манас өлүп калган соң,
Семетей менен катышып,
Келип кетип жүргөндө,
Канчоро кастык кылган,
Семетей өлдү деп уктук,
Семетей өлүп калганда,

Ай карарып калды дейт,
Күн түнөрүп алды дейт,
Карагай менен тал ыйлап,
Кайың, терек баары ыйлап,
Коктудагы мал ыйлап,
Койчу кулдун баары ыйлап,
Элин чаап алганда,
Чүрөктү олжо кылды деп уктук.
Кундактагы жетимим,
Семетейдин жалгызы,
Сейтек жетим сенсиңби?
Асылдан калган белегим,
Айзага таккан желегим,
Туйгундан калган белегим,
Тулпардан калган туягым,
Арстан Манас тукуму,
Сейтегим жалгыз сенсиңби!?
Туйгун учуп кеткенде,
Тууру калбайт дечү эле,
Кол алышып көрүшүп,
Кучакташып өбүшүп,
Ыраазымын Чүрөк деп,
Боюңа кеткен баланы,
Көп көтөрүп Айчүрөк,
Каардуу Кыяс арамды,
Кантип алдап жүрдүң?» – деп,
Айтып турду Кызыл сарт.
Аны укканда Айчүрөк,
Айтып турган кеби бул:
«Кагылайын атаке,
Семетей өлдү дегенде,
Томоголуу чоң канжар,
Оң колума алгамын,
Өзүмдү өзүм жарам деп,
Өлөйүн дедим ызамдан,
Өлбөй менин калганым,
Ичимде мерзент барынан,
Күмөн санап тургамын.
Мен Кыяска тийгенде,
Тилегим берип Кыяска,
Динимди ага бербедим,
Койнуна шайтан жаткызып,
Алдап жүрдүм ошондо.
Кагылайын атаке,
Арстан көкжал барында,
Кийбегенди кийгемин,
Ичпегенди ичкемин,
Ак куу кебин кийчү элем,
Ай ааламды кыдырып,
Кыдырып жерди чыкчу элем.
Билгендери айтчу эле,
Перинин кызы Чүрөк деп,
Билбегендер айтчу эле,
Нурдан бүткөн дечү эле.
Ак куу кебин кийгенде,
Асмандан учуп алчу элем,
Күн батыш менен Күн чыгыш,
Айланып учуп алчу элем.
Кагылайын атаке,
Колуңдан келсе атаке,
Жакшылыгың аяба,
Баатырымдын Күлчоро,
Айласы кетип байкуштун,
Кордукту катуу көргөнү,
Оң далынын кечирин,
Боздотуп кесип алганы.
Кагылайын атаке,
Бул дагы алптын бири эле,
Карып болду байкушум,
Колуңан келгенин аяба,
Айланайын атаке».
Деп ошентип Айчүрөк,
Жалынып турган кези эле.
Ошентип туруп Кызыл сарт,
Кабылан баатыр Манастын,
Арбагы тирүү эмеспи,

Колуман келген жакшылык,
Аябаймын балам деп,
Ак куржундун түбүнөн,
Кырма кызыл дарыны,
Издеп таап алганы,
Ошо кезде Кызыл сарт,
Кара өгүздү сойдуруп,
Оң далынын кечирин,
Оюп кесип алганы,
Кеп кылып бири-бирине,
Кырма кызыл дарыны,
Ичинен бери алганы.
Сыртынан кырып сыйпады,
Дарыны сыйпап болгондо,
Ак боз бээнин казысын,
Күнүгө тартып турганы,
Алтымыш бээни байлатып,
Ошо бээнин сүтүнө,
Үч маалдан киринтип,
Тал ошентип чорону,
Жыйырма күнү бакканы.
Ошо турган Күлчоро,
Кескен далы кычышып,
Жанга кире баштады,
Күлчородой баатырга,
Аюунун эти дары деп,
Аюу атып бердирип,
Батыраак күчү киргени,
Аюунун өтүн ичирип,
Жашыл кара дары деп,
Ал аңгыча болгондо,
Жаранын орду жабылып,
Өзүң көргөн Күлчоро,
Каруруга жарап калганы.
Далысы айыгып калганда,
Күлчородой баатырдын,
Алмамбет көрдү түшүндө,
Кундакта калган жетим деп,
Курсакта калган байкуш деп,
Айсарала ат минип,
Сары жаргак шым кийип,
Сунса жаза атпаган,
Сумсайса жоодон качпаган,
Алмамбет кирди түшүнө.
Мен Бээжинге барганда,
Аккандын кызы Арууке,
Жейрендин этин жечү эле,
Жети ай мерзент дечү эле,
Талгак болдум дегенде,
Үрбүстүн башы жайыкта,
Баглан шерди аткамын,
Жүрөгүн алып бергемин,
Талгагын мындан кандырып,
Мен Бээжинге кеткенде,
Арuukенин боюнда,
Күнөм калган бул жетим,
Деп ошентип Алмамбет,
Айзаны салып орнотуп,
Ааламды бузган калаанын,
Алты ай көөнүм ооруттум,
Атакең мен өзүм деп,
Түшүнө кирип Алмамбет,
Маңдайынан сылады.
Касташкан жооң аласың,
Тилегиң кудай берет деп,
Ушуну айтып Алмамбет,
Көздөн кайым болгону.
Тура калып Күлчоро,
Дуба кылды ошондо,
Баатырга дуба кылганда,
Бүткөн бойдон тер кетип,
Алдадан жарлык болгон бейм,
Ыргып турса Күлчоро,
Кадимкидей болгону,
Он эки мүчө күч толуп,
Бастырсам деп Кыяска,

Кызыл сартты чакырды,
Аяш ата Кызыл сарт,
Касиетиң бар экен,
Түшүмө кирди Алмамбет,
Кагылайын абаке,
Касиетиң бар экен,
Эртең менен болгондо,
Бүткөн боюм тердеди,
Кара терге чөмүлдү,
Ыргып тура мен калсам,
Баштагыдай мен болдум,
Атам кирип түшүмө,
Арбагы колдоп кеттиби,
Анда туруп Кызыл сарт,
Балам, сырың айткын деп,
Болуп, толуп турганда,
Жаа тартып турганда,
Нече катмар кетпей айтчу элең,
Сага жаа аттырып сынайын,
Баштагыдай болдуңбу,
Же күчүң кайтып калдыбы,
Же күчүң толгон кезиби,
Жаа аттырып сынайын,
Анан Кыяс барарсың,
Анда туруп Күлчоро,
Сырын айтып бергени,
Жылаңайлак, жылаң баш,
Жер солкулдап турганда,
Жыйырмага жашы чыкканда,
Күч сынашып курган жан,
Жаа тартып турганда,
Тогуз катар кетмендин,
Тогузун текши айтчу элем,
Анысы аз келгенсип,
Тогузун тешип өткөн соң,
Жерге бир сөөм кирчү эле.
Муну укканда Кызыл сарт,
Тогуз катар кетменди,
Катары менен койдурду,
Ошондо туруп Күлчоро,
Сейтек минген жоргого,
Ээр токуп мингени,
Тогуз катар кетменди,
Катар коюп ошондо,
Күлчородой баатырың,
Жаа тарттырып алмакка,
Боз жоргону мингени,
Аркы олпогун бек тартып,
Чоң олпокту узартып,
Куюшканды кыскартып,
Жааны тартты кайкалап,
Кетменди көздөй бет алып,
Тогуз кетмен бети деп,
Бармак кетип сайышып,
Кый сүбөөсү кайышып,
Чирене түшүп теминип,
Алакан тартып ийгенде,
Тогуз катар кетмендин,
Тогузун тешип ошондо,
Жаанын огун карасаң,
Жерге жарым кез кирип кеткени.
Аны көрүп Кызыл сарт,
Баягыдан күчүңө,
Күч кошулуп калыптыр,
Арбак колдоп калган бейм,
Кабылан тууган кайран шер,
Манас колдоп алган бейм,
Алдадан жарлык болгон бейм,
Күчүңө күч кошулуп,
Күчаладай күч алып,
Эми Кыяска бара бер,
Барсаң Кыяс аласың,
Узунунан саласың,
Өзүң көргөн Күлчоро,
Акыл ойлоп калганы.
Күчаладай күч алып,

Боз жоргону жылжытып,
Аяш ата Кызыл сарт,
Кушуңду берсең мага деп,
Нечен жылы нечен күн,
Капаста жатып калдым деп,
Көңүл ачып алайын,
Кыргоолго кушту салайын,
Өрдөк менен каздары,
Канжыгага байланып,
Кечке маал болгондо,
Канжыгалар толгондо,
Кайталап байлап алабыз,
Кагылайын Кызыл сарт,
Бир сергитип алайын.
Опол тоодой дардайып,
Баштагыдай күч толуп,
Кетмен атып жаа тартып,
Баягыдай каруусу,
Толуп калды Күлчоро.
Опол тоонун он ыргай,
Он ыргай ойноп барчу элем,
Жыйырма экиге чыкканда,
Моюн алышып дүйнө ай,
Канчоро менен барчу элем.
Ойноп кумар жазууга,
Канчоро менен барчу элем,
Күч сынап алып бармакка,
Он ыргайга барчу элем.
Оюн ойноп жүргөндө,
Ак ыргайга барганда,
Артык чыккан өзөгүн,
Толгой кармап алчу элем,
Күчүмү сынап калчу элем.
Түбү менен ак ыргай,
Омкоро тартып алчу элем,
Деп ошентип Күлчоро,
Кызыл сартка айтканы.
Мергендигим дагы бар,
Айланып турган кажырды,
Канатка атып алчу элем,
Кызыл сартка кеңешип,
Уруксат берсең Кызыл сарт,
Кыястан өчүм алайын,
Арстан тууган агамды,
Кыясты өз колум менен өлтүрүп,
Өз табагын тартайын.
Эртеңки күнү шашкеде,
Кыяска барып калайын,
Балбансынган Кыяска,
Билек күчтү салайын.
Баатырсынган Кыяска,
Бир сыр көрсөтүп калайын,
Кылымды бузган абамды,
Балбан Кыяс өлтүргөн,
Алым келсе Кыястан,
Узунунан салайын,
Эртең менен болгондо,
Кыясты көздөй баратып,
Салам айтып калайын.
Касиеттүү Айчүрөк,
Жылкыны көрүп келдик деп,
Жылма сөздү айта көр,
Сейтек барып жылкыга,
Кер жоргону минди деп,
Бир топ күнү кечигип,
Тамаша салып жүрдү деп,
Айта көргүн Айчүрөк.
Капа болбо төрөм деп,
Өзүң көргөн Айчүрөк,
Ушу сөздү сала көр,
Бал тилиңе сала көр.
Ал аңгыча болбоду,
Баатырсынган Күлчоро,
Кыясты көздөй бет алып,
Жүрүп калган жери ошол.
Деп ошентип Күлчоро,

Кыясты көздөп жүргөнү,
Боз жорго менен былкылдап,
Дөңдө турган Кыяска,
Ошо кезде Күлчоро,
Салам айтып келгени.
Баатыр Кыяс алмакпы,
Деп ошентип Күлчоро,
Тайманбай салам айтканы,
Аны көрүп эр Кыяс,
Кулду кудай урганбы,
Салам айтып келгени,
Бир балаага калганбы.
Кулдар минбес боз жорго,
Кулум минип алганбы,
Кудай уруп салганбы,
Күлчорону көргөндө,
Кой башындай эт жүрөк,
Колтугунда солкулдап,
Жабдыгын алып Күлчоро,
Келип калган кези экен.
Он эки жамбы кырк койго,
Салып алган ак канжар,
Кызыл сарттан алыптыр,
Билек күчүн салмакка,
Өзүң көргөн Кыяска,
Бир күрөшүп алмакка,
Күлчоро келип ошондо,
Кыяска колду сунуптур,
«Баатыр Кыяс кандайсың,
Башкага көөнүң саласың,
Басып туруп дүнүйө,
Нечен келип алгансың,
Алым жетсе эр Кыяс,
Көрсөтөйүн өзүңө,
Баатырымды өлтүргөн,
Балбан Кыяс сенсиңби!?»
Бөлөк сөзгө келбестен,
Жакалашып калганы,
Билек күчкө салышып,
Өзүң көргөн Кыясты,
Тегеретип калганы.
Ошол кезде карасаң,
Күлчоро менен эр Кыяс,
Аш бышымга күрөшүп,
Балбансынган Кыясты,
Тегеретип ошондо,
Узунунан салганы,
Төшүнө минип алганы.
«Баатыр Семем өлтүргөн,
Балбан Кыяс сенсиңби,
Кабыланды өлтүргөн,
Кайран Кыяс сенсиңби,
Кыйнап туруп Кыясты,
Кызыгына батайын» –
Деп ошентип Күлчоро,
Жер сүздүрүп турганы.
Ык семирген Кыясты,
Түтөгүп калган кезинде,
Ак канжар колго алганы,
Кынынан сууруп алганда,
Өзүң көргөн Кыясты,
Өпкө колко тушу деп,
Как жүрөктүн тушу деп,
Кыяс өңдүү баатырды,
Жүрөккө муштап калганы.
Кыркыратып арамдын,
Башын кесип жатканда,
Сейтек жетип келгени,
Кагылайын абаке,
Эрдигиңе ыраазы,
Кокус алың жетпей калабы,
Деп ошентип мен өзүм,
Артыңан жете келгемин,
Каардуу капыр Кыястын,
Башын кесип ала көр,
Как жүрөккө мала көр,

Сейтек жетип келгенде,
Как жүрөктүн тушунан,
Коюу кан оргуп чыкканы,
Атам Кыяс өлдү деп,
Өкүрүп өзүм барайын,
Артыман өзүң келе бер,
Кайран атам өлдү деп,
Өкүрүп жалгыз барайын,
Акылдашып эр Сейтек,
Жөнөп калган кези эле.
Бир оокумда болгондо,
Каңырыгы бек түтөп,
Карап турсаң ошондо,
Кара күчкө көп ыйлап,
Кайран атам деп ыйлап,
Сынамакка Чүрөктү,
Сейтек өкүрүп калганы.
Бери жүрүп Айчүрөк,
Чыны менен ыйласа,
Башын жулуп алалы,
Капаланбай кашкайып,
Алдыбыздан жарк этсе,
Энекелеп ошондо,
Акылына көнөлү.
Айтканындай болоюн,
Урматтап атка мингизип,
Душмандан кекти алды деп,
Кудай берип слды деп,
Ушу жерге токтобой,
Таласты көздөй кетелик.
Кошо көчөм дегенин,
Токтотпой чогуу алалык.
Деп ошентип эр Сейтек,
Абасына кеп айтып,
Абаке, акыл куралык,
Илгери
Нарбуудан минип жүрүпсүң,
Асыл атам барында,
Кагылайын абаке,
Кызыл сарттан кеп уктум,
Кербенчиден сөз уктум,
Ушак-айың кеп уктум,
Эр Көкчөнүн Үмөтөй,
Өлтүрүп салып ошондо,
Ак олпок менен Нарбуурул,
Кунга экөөн бериптир,
Ошо кунга кетпей Нарбуудан,
Кызыл сарттын жигиттер,
Жигиттер минип жүрөт дейт.
Карап турсаң Тайбуурул,
Баштагыдай сыны жок,
Байкуш болуп калыптыр.
Аркасында алты жоор,
Бели беш жоор болуптур.
Кабырга сөөгү калжайып,
Шыйпанар куйрук калбаптыр.
Кайран тулпар Нарбуудан,
Кырчаңгы болуп калыптыр,
Куйрук, жалдан ажырап,
Кырчаңгы болуп калыптыр.
Нарбууданды тапмакка,
Кызыл сарттан сурады.
Аяш ата Кызыл сарт,
Ортоңку коштон сура деп,
Кызыл сарт айтып турганы.
Муну угуп Күлчоро,
Нарбуудан издеп жөнөдү,
Ортоңку кошко ал барып,
Ошол Буурул кайда деп,
Издеп жүргөн кези экен.
Ортого тиккен чатырда,
Чымын-чиркей баарысы,
Нарбууданга үйүгүп,
Кагынып койсо айбандын,
Кашка тиши карс этет,
Муну көрүп Күлчоро,

Маңдайына барганда,
Аны көрүп Тайбуурул,
Окуранып ийгени.
Окто чоюп булкунду,
Күлчорону көргөндө,
Энесин көргөн немедей,
Окуранып жулкунуп,
Чапчыйын десе ошондо,
Ат байкуштун бутунда,
Кишен турат шылдырап,
Так ошентип турганда,
Чыдай албай Күлчоро,
Көзүнөн бурчак жаш кетти,
Ээнден калдың ат байкуш,
Абамдан калдым мен байкуш,
Айланайын жаныбар,
Күлчоро башын кучактап,
Буркурап ыйлап турганы.
Көрө коюп Кызыл сарт,
Карып калган бууданга,
Мынча неге ыйладың,
Бул жоругуң айткын деп,
Кызыл сарт сурап калганы.
Керек болсо сага деп,
Бул атты сага берейин.
Айланайын абаке,
Нарбуудан жайын айтайын,
Манас менен ошондо,
Сенин атаң Чоң сакал,
Акыреттик дос экен.
Буудандын жайын айтайын,
Кечээ Семетейди тууганда,
Карача кандын кыз Сайкал,
Сүйүнчүгө бериптир,
Бугудай мойнун бураган,
Буудандын жайын айтайын,
Бута бою оң келсе,
Буйдалбастан чураган,
Буудандыгын укканда,
Буттап алтын зар берип,
Букардын каны сураган.
Качырган жоону куткарбас,
Опсуз күлүк мал эле,
Кууганына жетүүчү,
Качып калса кутулчу,
Касиеттүү мал эле.
Шыйпаларга куйрук жок,
Таранарга жалы жок,
Жаныбар карып болуп калыптыр.
........* жүктөп алууга,
Ордуна ат берейин,
Аяш ата Кызыл сарт,
Берип кетсең экен ай,
Ошенетип турганда,
Аяш ата Кызыл сарт,
Кармата берди буауданды.
Колуна алып жетелеп,
Кошуна келди Күлчоро,
Атты көрүп эр Сейтек,
Кагылайын абаке,
Качырды неге алдың деп,
Кабырга эти жок экен,
Аба, карып калган мал экен,
Көзүнүн майы түгөнүп,
Кайгы тарткан мал экен.
Туягы мукур болуптур,
Жаныбар тулпар болчу мал экен.
Омуртка сөөгү оркоюп,
Үч кошкон сөөгү көрүнүп,
Убайды жеген мал го деп,
Чымын-чиркей үйүлсө,
Кантип минет абаке,
Жалында жоору айыкпайт,
Жонунда да чоло жок,
Ченебей жүктү артканда,
Өйкөтүп мындан салганбы,

Жумшактап боолум салбаптыр,
Деп ошентип эр Сейтек,
Айтып турган кези эле.
Муну көрүп Күлчоро,
Кагылайын инике,
Мен айтамын сөзүм ук,
Он беш күнгө толгондо,
Өзүң көргөн бууданды,
Айырып мен аламын,
Боо дары табамын,
Акшар деген чөп болот,
Абыдан туурап аламын,
Түбү менен жуламын,
Кургатып алып акшарды,
Аябай ийлеп аламын.
Дарыны сээп жонуна,
Чымын-чиркей жолотпой,
Ак күрүчтөн жем берип,
Жемге кошуп ошондо,
Күнүгө кошуп беремин.
Бүткөн бойдо бузукту,
Айдап чыгат бул күкүрт,
Жылан таап аламын,
Жемишке кошуп беремин,
Туурап жемди беремин,
Эки айга жүзү толгондо,
Кайдан келген тулпар деп,
Талашып да турарсың.
Абамдын айткан сөзү бал деп,
Бир кубанып каларсың.
Ташка конгон жоруну,
Чу деп мындан качырсам,
Көтөрүлүп учкуча,
Канаттан кармап каласың.
Буудандын жайы момунда,
Колуна алып Күлчоро,
Күлчоро салды жолуна.
Жарым айга толгондо,
Жоордун баары айыгып,
Алакандай жооругу,
Ортосунда калганы,
Бир айга түбү толгондо,
Жоордун баары айыгып,
Кадимкидей жүн чыкты.
Арпадан улам жем берип,
Арыкты бойлоп турганда,
Тунук суудан сугарып,
Суусунун кандырып,
Кумда туулуп чөлдө өскөн,
Буудандын жайын сурасаң,
Жеткайттын башы жерде өскөн,
Жейрен менен бирге өскөн,
Туудум деген эне жок,
Туудурдум деген ата жок,
Кулан менен бирге өскөн.
Өзүң көргөн буудандан,
Жалтануучу ошондо,
Балакандап өскөнү,
Куйрук-жалдын баарысын,
Күрмөк менен жуудуруп,
Күрүч менен жууганда,
Жал-куйругу өсөт деп,
Балакандап куйругу,
Жаңыдан өсүп баштады.
Түнүндө туруп Күлчоро,
Ушу турган бууданды,
Таң ашырып алайын,
Сасык терин чыгарып,
Боз жоргону мингиз деп,
Бир жарышып алалык.
Деп ошентип Күлчоро,
Сейтекке айтып турганы.
Боз талаага барганы,
Сасык терин алмакка,
Боз жорго менен кер бышты,
Чү деп кетсе Күлчоро,

Араандай оозду ачканы,
Нарбуудан жүргөн жеринде,
Желаргы жүрүп калганы.
Болжоп койгон марага,
Күлчоро жетип барганда,
Артын карап калганы,
Ошо кезде эр Сейтек,
Алты бута калыптыр,
Муну көрүп эр Сейтек,
Кагылайын абаке,
Алдыңдагы Нарбуудан,
Буудандыгы чын экен,
Айтканың ырас турбайбы,
Атам минген ат экен,
Айтканыңча бар экен,
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жеткис,
Опсуз күлүк турбайбы,
Аба, айтканың ырас турбайбы.
Көрө салып бууданды,
Качырды эмне алдың деп,
Айтканымды ошондо,
Кайра алдым деп айтып,
Сейтек айтып турганы.
Абаке, ал айтканың дагы ырас,
Абаке, атты таап мингениң,
Абаке, саа ыракмат,
Кагылайын абаке,
Касиетиң бар экен.
Айланайын абаке,
Билгичтигиң бар экен,
Сырдакана атыңды,
Тапканыңа ыракмат.
Анда туруп Күлчоро,
Кылыгын айтты буудандын,
Атамын кунун кууймун деп,
Кечээ асыл атаң барганда,
Коңурбайдын сан жылкы,
Атаң чатыратып тийгенде,
Жылкыны баштап Нарбуудан,
Ошо кезде атакең,
Кыйды кара мингени,
Алдап туруп Карагул,
Коңурбайдын Алгара,
Деп ошентип Карагул,
Кыйды кара бергенде,
Кедеп туруп Карагул,
Алгарага мингени,
Атакең билбей калганда,
Карагул менен элдешип,
Жылкы айдашып калганда,
Семетей эмес, Манасты,
Үч алдаган болучу.
Кийинкиде атаңды,
Коңурбай экөө биригип,
Күч алдаган болучу.
Жылкы айдап күркүчтөп,
Айгайды салып Карагул,
Кементайын төрт бүктөп,
Алдап минип жуйку кул,
Бер жагына бир чыгып,
Калчу кара жылкыны,
Күркүштөтүп жылкыны,
Кыл-Эртишке келгенде,
Жылкы кечпей турганда,
Барбайсыңбы жериңе,
Баштабайсыңбы элиңе,
Баш багып күлүк деп айтып,
Ошондо туруп Семетей,
Укурук менен чапканда,
Ошондо туруп Тайбуурул,
Үч кишенеп заңгырап,
Жылкыны баштап Тайбуурул,
Суугa жүргөн жери ошол.
Укурук менен сооруга,
Атаң чаап ийгенде,

Суугa кирип жаныбар,
Жылкыны баштап ошондо,
Аркы өйүзгө чыкканда,
Карап турсаң ошондо,
Көөдөк атаң Семетей,
Кырды карап бир алып,
Атаң суугa киргенде,
Жандай салып Карагул,
Кырк кулач кайың укурук,
Атаңды как төбөгө чапканда,
Кыйды кара жамбаштап,
Суугa аттап киргени,
Карап турсаң ошондо,
Сенин атаң Семетей,
Үзүктөй болуп акканда,
Ошондо туруп Семетей,
Айкырып үндү салганда,
Кайыптан бүткөн жаныбар,
Атаңын үнүн укканда,
Айбан да болсо жаныбар,
Семетей үнүн укканда,
Аркырап суугa киргени,
Семетей агып калганда,
Эликтей болуп Нарбуудан,
Соорусун сала бергени,
Куйруктан алып Семетей,
Суудан сүйрөп чыкканы.
Өлгөн жанын тиргизип,
Өчкөн отун тамгызып,
Суудан алып чыкканы,
Нарбууданды ошондо,
Семетей минип алганы,
Атаңын башы айрылып,
Каарданып атакең,
Нарбуудан минип алганда,
Карагулга бет алып,
Качырып кирип калганы.
Карагулга жетсем деп,
Кыя тартып сен атаң,
Жанына жакын келтирбей,
Бута атым келбей Карагул,
Оозуна келсе Карагул,
Ооздоп алсам деп айтып,
Семетей эки көзү төрт болду,
Айласы кетип Семетей,
Айланып жолго салат деп,
Эми качып кетет деп,
Карап турсаң Карагул,
Каарын салып ошондо,
Күркүштөгөн жылкынын,
Ары жагына чыгарда,
Ошо кезде Семетей,
Карагулга жетсем деп,
Түп этектен алсам деп,
Ошо кезде карасаң,
Алдыдагы Нарбуудан,
Аркыратып барганда,
Алгарага ошондо,
Мине түшүп калганда,
Ошо кезде Семетей,
Алгаранын куйругун,
Тутамына толтуруп,
Куйругу кетти үзүлүп,
Ошондо жеткен Нарбуудан.
Деп ошентип Күлчоро,
Сасык терин алганда,
Таң атырып салганда,
Ошо кезде Нарбуудан,
Басканына мал жетпейт,
Желгенине жел жетпейт,
Таң ашырган бууданды,
Таскагына мал жетпейт.
Табына келип бууданы,
Жонунда жоору айыккан,
Өзүң көргөн буудандын,
Сымбатына кызыгып,

Сейтек минип алсам деп,
Минип көрүп бууданды,
Басканын эми ылгады,
Шыбыргактап басканда,
Басыгы сырттын желиндей,
Аркар аяк бууданга,
Басканына кубанып,
Үстүнөн адам түшө албай,
Минген адам кубанган,
Өзүң көргөн эр Сейтек,
Ушундай жылкы болобу деп,
Жүргөнүнө кубанды.
Айтканың ырас деп айтып,
Күлчоро туруп ошондо,
Атаң минген ат ошол,
Деп ошентип Сейтекке,
Оболу сөзүн көп айтып,
Таап алды бууданды.
Баргын чоро дегенде,
Катуу багыт пир келсе,
Калаага сурап алчу деп,
Минген адам кубанып,
Сапарга чыгып калганда,
Самаган жерге барчу экен.
Мелтилдеген талаадан,
Аркар атып жатканда,
Кызуу чуркап алганда,
Бетине торгой чыкчу эле.
Бууданды колго алдык деп,
Муну кудай берди деп,
...........* болуп Кызыл сарт,
Нарбууданды бергени.
Арбагы болуп Манастын,
Кызыл сарт келип калганы,
Тулпар болуп Тайбуурул,
Колго тийип калганы.
Бу да болсо таалай деп,
Аман болсо бу жылы,
Таласка көчө баралык,
Акылдашып алалык,
Абабыз Бакай олуя,
Ага келдик куралып,
Семетей Кыяс атканда,
Аргын, ногой элинин,
Көргөн күнү не болду,
Баштагыдай болдубу,
Канчоро кулдан кайгы жеп,
Капа болуп калдыбы,
Не болгонун көрөлүк,
Эсен болсо эл-журттун,
Амандыгын билелик.
Сейтекти мындан ээрчитип,
Элге минтип баралык.
Эл-журттуна баатырдын,
Өзүң көргөн Сейтекти,
Учурашып кайталык.
Касиеттүү абамдын,
Ал-абалын байкайлык,
Кербенчиден кеп уктум,
Киргени чөп алачык,
Өчпөстүн отун жагыптыр,
Өлбөстүн күнүн көрүптүр,
Өлбөстүн даамын татыптыр,
Карып болуп бу Бакай,
Ошондо чөгүп калыптыр.
Арыз-арманын көп айтып,
Жолоочу менен кайыпка,
Бакай жол түбүндө жатыптыр.
Тигип алган ал үйү,
Чөп алачык болуптур,
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Кузгундай көзүн кызартып,
Ошол абаң Бакайдын,
Көргөн күнү ушундай.
Жолоочудан кеп сурап,
Айзага тарткан желектин,

Курсакта калган белектин,
Кулагын буруп зор Бакай,
Сейтегим качан келет деп,
Кулагын түрүп туруптур.
Келгендерден кеп сурап,
Ошо жетим барбы деп,
Жолоочудан кеп сурап,
Жаткан Бакай ушу деп,
Ошондо Бакай жаткан кез,
Аттанып Сейтек баралык,
Өзүң көргөн Күлчоро,
Аттанып чыкты айылдан,
Кызыл сарттан бата алып,
Жердеген жерим кең Талас,
Баштагыдай боломбу,
Эл-журтума баратып,
Тилекти берсе кудурет,
Деп ошентип Күлчоро,
Боз жоргону мингени,
Нарбууданды ошондо,
Арнап берип Сейтекке,
Таласты көздөй бет алып,
Бир нече күнү жол жүрүп,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Жылгындынын боюна,
Бадачынын саанчы,
Саанчыга жолугуп,
Суусун сурап ичишип,
Эсенкан кызы Бурулча,
Күйүт тартып күрмөлүп,
Жүрбөй калган кези экен.
Айласыздан кургуруң,
Жан бакмак бизге карыз деп,
Ошо күндөн ушу күн,
Картайып калган кези экен.
Кайгы жеген киши экен,
Учурашып алганы,
Күлчоро байкуш канетсин,
Жамгырчынын Акбала,
Кыз кезинде алганы,
Күлчоро үнүн укканда,
Тоодон түшүп келгени.
Кол алышып көрүшүп,
Кучакташып өбүшүп,
Оң далысын келтирип,
Канткенде тирүү келдиң деп,
Жамгырчы кызы Акбала,
Таң калып турган кези эле,
Тээ баштагыдай болдубу,
Кандай болдуң деп сурап,
Акбала байкуш сыр сурайт,
Сөзүн айта бергенде,
Муну айтып нетесиң,
Айыкчу оору дарысы,
Өзү келет дечү эле,
Атакемдин арбагы,
А дагы бекер эместир,
Кызыл сарт келип айылга,
Дуушар болуп алганы,
Өлгөн жаным тиргизди,
Өчкөн отум тамызды,
Далыма далы улады,
Кызыр чалган мен байкуш,
Туушар болуп мен келдим.
Дары берип Кызыл сарт,
Баштагыдай мен болдум,
Күдөрүң үзбө Акбала,
Кайтарып жүргөн коюңдан,
Кордукту чогуу көрдүк го,
Мен байкуштун атынан,
Күйүттү тартып жүрдүң го,
Алдыртан кошту аба энең,
Деп ошентип Күлчоро,
Акбала саа ыраазы,
Каныкей энем кайда деп,
Ак пейли менен эмизип,

Асырап мени алганда,
Эмчектеги чагымда,
Мени тууган Арууке,
Арууке өлүп калганда,
Мен эмген эмчектен,
Булак болуп сүт чыккан,
Каныкей байкуш кайда деп,
Көргөн күнү кандай деп,
Өлбөй тирүү бар болсо,
Ак сүтүнөн коркомун,
Мени багып жүргөндө,
Акыретке барганда,
Кантип кечет деп ойлоп,
Ак кызматым кылбасам,
Ак сүтүн кечпей коёт деп,
Мунусунан коркомун.
Кербенчиден кеп угуп,
Ушак-айың сөз угам,
Музоону берип колуна,
Каруусуна салды дейт,
Сайгактаган музоого,
Өлбөй-житпей жүрөт дейт,
Жайдын аптап табында,
Арканды мындан култуюп,
Бекчейип ыйлап байкушуң,
Ээ болбой жүрөт дейт,
Анда-санда кулагы,
Чоңойду Сейтек деп угуп,
Өлмөйүнчө жан татты,
Ыраактан угуп байкушуң,
Медер кылып жүрөт дейт,
Күүгүм кирип калганда,
Кээ күнү музоолорун эмизип,
Жемени катуу угат дейт,
Музоо сүйрөп байкушту,
Каруусу кетип байкуштун,
Кайгырып капа болду дейт.
Ошо кезде карасаң,
Канкор чоро Канчоро,
Кымыздан арак тартат дейт,
Кызыганда Канчоро,
Карган байкуш энеңе,
Калмак бийин бийлетет,
Бийлеп койсо байкушка,
Ыбаа карап калат дейт.
Айласы кетип энеңдин,
Адырдан арпа терет дейт,
Кодура болгон арпаны,
Үч таш тулга ашат дейт,
Таш казан кылып куурат дейт,
Ташка жайып байкушуң,
Жарма кылып ичет дейт.
Бөлөкбай элин чапты дейт,
Семетейдин устасы,
Эки үйгө бир казан,
Эптештирип койдурат,
Канчоронун кылыгы,
Ааламдан өтүп кеткени,
Өз билгенин кылганы,
Ачкан көзүн жумбады,
Аргын эли ногойду,
Арманын алып булардын,
Сурак бербей жатканы.
Сурак бербей койгон соң,
Кечке тартып зарыгып,
Үйүнө барып байкуштар,
Арман кылып жатат дейт,
Семетей тирүү болсочу,
Көрөт белек мындайды,
Үйгө киргенде байкуштар,
Улутунуп жатканы.
Же кербенчи сарты келбеди,
Канчоронун каарынан,
Барып калсам талайт деп,
Алып алса кокустан,
Канчоро кан бербейт деп,

Айласыздан калкың да,
Арман кылган кези экен.
Сейтек менен Күлчоро,
Каныкей көздөп бет алып,
Жөнөп калган кези экен.
Ал аңгыча болбоду,
Колунда бар ийиги
Бир кемпирди ошондо,
Кызыл саздын жээгинен,
Көрүп калган кези экен.
Ийигин ийрип түйгүчө,
Музоо качып бир жактан,
Алек кылып турганы.
Ыраактан көрүп Күлчоро,
Каныкейди тааныды,
Сенин энең ушу деп,
Сейтекти жолго салганы.
Маңкаң-маңкаң бастырып,
Жолдун четин каздырып,
Ийик ийирген кемпирдин,
Маңдайына келгени,
Кагылайын энеке,
Жайылып жүргөн бул көп мал,
Бул кимдин малы дейт,
Кагылайын кулунум,
Канчоро кандын малы деп,
Каныкей жооп бергени.
Төрт түлүк малы толгон кез,
Аргын ногой элине,
Аким болду Канчоро,
Журтту сурап жаткан кез.
Сейтек сурайт ошондо,
Өзүң ким деген киши болосуң,
Ошондо туруп Каныкей,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Кагылайын кулунум,
Баштагыны мен айтсам,
Мактангандай боломун,
Билгенимди эми айтсам,
Эстегендей боломун.
Ааламды бузган кабылан,
Ааламга кеткен кулачы,
Кагылайын кулунум,
Ак кадек жетпес курган эй,
Ак чамбыл бөзгө көр болду,
Такымым кыргак болгон кез.
Жазгы элик териси,
Ич этиме кийгенмин,
Кабылан туйгун бар чакта,
Капыр менен мусулман,
Сурагы тийген болучу,
Айтканын журту кылуучу,
Бээжинге сурак салганда,
Алты жүз пилдин жамбысы,
Түгөл жүктөп келүүчү,
Минтип казына кирүүчү,
Анысы аз келгенсип,
Аксы, Кокон, Маргалаң,
Алман берип туруучу.
Турпан менен Кашкарды,
Мындан алман алуучу,
Алты миң жамбы бир кундуз,
Жыл маалына кайран жан,
Алман алып туруучу.
Кокон менен Маргалаң,
Мындан алман алуучу,
Жети миң жамбы миң кундуз,
Алманды берип турганда,
Көчкөндө көчүм бир бөлөк,
Салтанат менен жайлоого,
Өзүмчө көчүп чыкчумун,
Кара нарды жетелеп,
Жибектен нокто катчу элем,
Колум жооруп кетет деп,
Колго мээлей салчу элем.
Ошентип жүргөн курган жан,

Колум тартып кесилип,
Беш тырмактын түбүнөн,
Жарылып алып кан чыгат,
Кесилип колум кеткен соң,
Чайырды сыйпап калчу элем,
Кийип жүргөн чарыктын,
Далдалынан кеткени,
Токойго музоо кайтарып,
Таманга кирген кыйгакты,
Алалбай калып шордуу жан,
Тикенек кирген жеринен,
Ириң чыгып ошондо,
Көргүлүктү көрсөттү,
Айлам кеткен курган жан,
Кайгы тартып жүргөмүн.
Баштагысын сурасаң,
Кайнап жаткан калың эл,
Семетейдин эли эле,
Кемпир сөзүн айтканда,
Мууну бошоп баланын,
Көзүнөн бурчак жаш кетти,
Сейтек ыйлап турганда,
Көрүп алып Каныкей,
Эртеңки өткөн алыста,
Эң окшогон баласың,
Деп ошентип Каныкей,
Суроо салып турганы.
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Бала сенин тегиң ким,
Семетейдин же жээни,
Же болбосо таякеси,
Чыныңы айтчы жаш бала.
Деп ошентип Каныкей,
Кепти салып турганда,
Көзүнүн жашы баланын,
Тайбуурудун жалына,
Төгүлүп турган кези экен.
Ошо кезде эр Сейтек,
Ыргып түшүп атынан,
Айланайын энеке,
Найзага таккан желекмин,
Асылдан калган белекмин,
Алты айдан боюна,
Коркконунан Кыястан,
Менин энем Айчүрөк,
Он эки ай көтөрүп,
Айланайын энеке,
Издеп келдим деп айттым,
Менин атым Сейтек деп,
Атым Сейтек дегенде,
Кучактап алып ошондо,
Аман калганына ыйлады.
Каныкей ыйлап жатканда,
Үнүн угуп Акбала,
Жетип келип калганы.
Акбала жакын келгенде,
Найзага таккан желегим,
Асылдан калган белегим,
Сейтек келип калыптыр,
Угуучу белең укмуштан,
Ошону айтып Каныкей,
Каңырыгы бек түтөп,
Акбалага көрсөтүп,
Сейтекти тааныштырып турганы.
Ал аңгыча болбоду,
Карап турган Күлчоро,
Ал дагы келип калганы.
Үчөө минтип көрүшүп,
Уңулдашып ыйлашып,
Карап турган пенденин,
Сай-сөөгү сыздады.
Каныкейден сөз угуп,
Каныкейден сөз угуп,
Бакайдан кабар алмакка,
Жүрүп калган кези экен.
Ошо кезде карасаң,

Чөп алачык ичинде,
Жаткан экен зор Бакай.
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Күңгүрөп башын көтөрүп,
Арам өлбөй .............*
Чымын ........................*
Күлчоро турат бакырып,
Бакай аба деп чакырып,
Чөптөн салган төшөктө,
Жаткан экен зор Бакай,
Кагылайын абаке,
Сейтегиң жалгыз келгени,
Семетейдин белеги,
Көтөр аба башыңды,
Деп ошентип турганда,
Бакай туруп алганы,
Күчаладай күч алып,
Сейтегим жалгыз сенсиңби,
Оозум толуп өппөдүм,
Көзүм толуп көрбөдүм,
Деп ошентип зор Бакай,
Сейтекти басып жыгылды.
Кабылан Бакай бакырып,
Көзү толуп көргөндө,
Оозу толуп өпкөндө,
Абаң күчаладай күч алып,
Баягы кара шаар Камбылды,
Камап турган кезимде,
Бакай кайраттанып алганы,
Элүү беште чагындай,
Эзелки күчү келгендей,
Кагылайын абакең
Өзүнөн өзү күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Канчорого барсам деп,
Канчорого баралык,
Кудай берип салды го,
Бергенин алчу эмесе,
Арбак колдоп алды го.
Арстанымдын белеги,
Көк тулпар алып келгин деп,
Көк тулпарды ошондо,
Койчулар минип алды го,
Өлөөр кылып салды го,
Жайы-кышы байкуштун,
Жонунан токум түшпөйт го,
Жылкычылар миниптир,
Сары жүнүн түшүрбөй,
Боорун мындан катырып,
Далысында жерүү бар,
Куур коюп миниптир,
Абамын атын бергин деп,
Жылкычыга барганы,
Күлчоро келди дегенде,
Өзү айдап келиптир,
Кагылайын абакем,
Ак каңкы ээрин токунуп,
Атка минип абакең,
Канчорого бармакка,
Күлчоро менен Сейтекке,
Көрбөгөндү көрсөтүп,
Көсөл абаң жүргөнү.
Туйгун абаң бет алып,
Канчорону бет алып,
Канчоронун ак ордо,
Ошо кезде карасаң,
Керебеттин үстүндө,
Жаткан экен Канчоро,
Тайлак төөдөй дардайып,
Чачыкей жатат жанында,
Моюн алышып алыптыр,
Салам айтып Күлчоро,
Бакай экөө киргенде,
Салам тургай алик жок,
Алманга келген көп балдар,
Күлчоро кирип келгенде,

Турбай эми турганда,
Алманга келген балдарды,
Тизеге чаап койгону,
Тура калды жаш балдар,
Салам айтам жаш балдар,
Көргөн-билген аманбы,
Канчоро кан аманбы,
Таанышпасак болобу,
Теги саламдашып алалык,
Кол алышып калалык.
О Канчоро кан кандайсың,
Аман-эсен барсыңбы,
Ошо кезде Канчоро,
Колун берип калганда,
Колунан алып Күлчоро,
Сүйрөп чыкты ошондо,
Көтөрүп уруп Күлчоро,
Канжар алып колуна,
Өпкөгө кагып калганы.
Ал аңгыча болбоду,
Каныкей менен Акбала,
Артынан жетип келиптир,
Коркуратып Канчоро,
Өлүм болуп калганы.
Чачыкейдей сулууну,
Араң турган Акбала,
Эки колдон алганы,
Каныкей менен Акбала,
Кыңырак менен кескилеп,
Кызыкты эми салганы.
Кабыргасын сөккөнү,
Канын суудай төккөнү,
Тайлак төөдөй дардайтып,
Чачыкей өлүм болгону.
Кан ичмени каргайын,
Кабылан тууган Күлчоро,
Кылычтарын май кылып,
Канчоро менен Чачыкей,
Экөөнү бирдей жай кылып,
Ак боз бээни союшуп,
Аргын ногой элине,
Калың тойду беришип,
Жайланышып ошондо,
Конушуна конушуп,
Бакайды кан көтөрүп алышып,
Талаада малды жайышып,
Кожо, молдо чакырып,
Акбаланы кайрадан,
Күлчоро нике кыйышып,
Баштагыдай болушуп,
Тилекти кудай берди деп,
Атадан берки конушка,
Бакай баштап конушту.
Талаадагы сан малды,
Калыстык менен бөлүштү,
Бакайдын уулу Байтайлак,
Бөлөкбай элин чакыртып,
Малды бөлүп беришти.
Семетейдин казына,
Аны да алды эр Сейтек.
Каадалуу кылып үй тикти,
Сейтек менен Күлчоро,
Аргын кыргыз элине,
Кан көтөрүп ошондо,
Калың тойду беришти.
Канчоронун тушунда,
Бөлөкбайдын элине,
Эки үйүнө бир казан,
Эки үйүнө бир уйдан,
Берип койгон эмеспи.
Бөлөкбайдын элине,
Кайтадан бөлүп мал берип,
Жалчы болгон элдерди,
Жай-жайына коюшту.
Казынадан калганын,
Баарына бөлүп беришип,

Бакайдын айлы жарды деп,
Буга малды бөлүштү.
Күлчоро менен эр Сейтек,
Жедигердин элинен,
Кайра барып ошондо,
Көчүрүп келмек болушту,
Айчүрөктөй сулууну.
Жедигердин элинен,
Тилекти кудай берди деп,
Айчүрөктү алышып,
Элин көздөй көчкөнү.
Жедигердин элине,
Сары чийкил баланы,
Кан көтөрүп салышты.
Карап турсаң ошондо,
Тоотору минип Айчүрөк,
Алтымыш нарга жүк жүктөп,
Казынасын мол жүктөп,
Көчө чыкты көрдүңбү.
Ак чатырын бүктөтүп,
Кара нарга жүктөтүп,
Болумдуу Чүрөк көчкөнү.
Көчүп келип Айчүрөк,
Конушуна конгону,
Токтоно албай Айчүрөк,
Кара үңкүрдү бет алып,
Ак боз бээни жетелеп,
Жүрүп калган кези экен.
Аманат койгон асылдын,
Арбагына чалам деп,
Жетип келип ошондо,
Төрөсүн койгон жерине,
Ак боз бээни чалганда,
Семетей жаңы өлгөндөй,
Айчүрөк ыйлап турганы,
Кожо, молдо чакыртып,
Семетейге ошондо,
Куран окутуп турганы.
Баатырга кызмат кылганы,
Бейшембинин күнүндө,
Жуманын кадыр түнүндө,
Касиеттүү Чүрөктүн,
Семетей кирди түшүнө.
«Ыраазымын Чүрөгүм,
Менден калган белектин,
Атын Сейтек коюпсуң,
Тилегиң кудай бергени.
Ак боз бээ сойдуң арбакка,
Ак кызмат кылган Күлчоро,
Артыман жасоол берди эле»,
Ошону айтты Семетей.
«Калың журтуң жыйылып,
Жаңы өлгөндөй болупсуң,
Семетей кирип түшүңө,
Кагылайын Айчүрөк,
.........* ичине келгенде,
Бул эмине кылганың?» –
Деп ошентип Каныкей,
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Ушу сөздү укканда,
Асылдын айткан сөзүнүн,
Абакемди келгин де,
Аманатынан кутулам,
Касиеттүү зор Бакай,
Келип калды ошондо,
Касиеттүү зор Бакай,
Калкына туруп айтканы,
Түшүнө кирип Чүрөктүн,
Бейшембинин күнүндө,
Жуманын кадыр түнүндө,
Асыл төрө Семетей,
Ак кызмат кылган чорону,
Белиңе таңуу кылгын деп,
Айткан экен Семетей.
Аны укканда калың эл,
Айтканың ырас болсо деп,

Арстан тууган баатырдын,
Арбагы кирсе түшүңө,
Ак нике кыйып койсок деп,
Күлчорону чакыртып,
Ошондо туруп Күлчоро,
Айткан сөзү бул экен:
«Асыл төрө абамдын,
Төшөгүн кантип басамын,
Арстан тууган абамдын,
Төрүнө кантип жатамын.
Кыямат кеткен абамдын,
Кыялын кантип унутам.
Кыямат кеткен төрөмдүн,
Кылыгын кантип унутам.
Арстан көк жал абамдын,
Кызматын кантип унутам,
Беренимдин Айчүрөк,
Койнуна кантип жатамын,
Ак кызмат кылдым абама,
Арбагы ыраазы болсун деп,
Кагылайын абамдын,
Энчилеп атын мингендей,
Эркелеп тонун кийгендей,
Өз билгеним кылгандай,
Никелеп алган абамдын,
Чүрөгүн кантип аламын».
Ошону айтып Күлчоро,
Болбой турган кези экен.
Кыямат кеткен арстанга,
Ак кызмат кылдым төрөмө,
Мен Күлчоро болгону,
Манас кирген түшүмө,
Айкырган жоодон качпа деп,
Ак кызмат кылсаң абаңа,
Адамга келген бир сыймык,
Саа айланып келер деп,
Азиз кандын Алмамбет,
Акыреттик дос эле,
Кабылан баатыр Манаска,
Ак кызмат кылган болучу.
Күүгүм туман көздөнгөн,
Аяш атам зор Манас,
Манас кирген түшүмө.
Түшүмдө көрдүм Манасты,
Зорлугу тоонун теңиндей,
Ким көрүнсө жегидей,
Казандай кара бөркү бар,
Кабагы бийик салынган,
Жети кабат кара жер,
Кабатынан бүткөндөй,
Айланасы кара зоо,
Таштагынан бүткөндөй,
Үйдө туруп айкырса,
Жойлоп жүргөн мал өлөт,
Талаада жүрүп айкырса,
Жайылып жүргөн мал өлөт.
Алты шердин кенжеси,
Алланын сүйгөн пендеси,
Кылымды бузуп зор болгон,
Кылганы журтка оң болгон.
Малды бузуп пил алган,
Пилге жүктөп дилде алган,
Ок атар пенде калбаган,
Кылымды бузган арстандын,
Алты атар буга сологон.
Арбагы артык аяш атамын,
Айбатынан көп душман,
Аркада жатып кологон.
Аяш атам Манастын,
Кылымды бузуп зор болгон,
Кылганы журтка оң болгон.
Кырк чилтен кайып колдогон,
Аллага иши бу болгон.
Ошонун уулу Семетей,
Чоро болуп мен жүрдүм,
Эрешен тартып эр кылды,

Эр уулу менен тең кылды.
Эркелеп келген кезимде,
Эмине чором дечү эле,
Айтканыңды берем деп,
Минүүчү болсоң ат танда,
Кийүүчү болсоң тон танда,
Каалаганың берем деп,
Кагылайын иничек,
Суусап келдим дегенде,
Бал чайкатып кымызга,
Аяктай болгон сыр кесе,
Ушу чоро ичсин деп,
Айланайын таңдайлаш,
Берeним төрөм ичсин деп,
Качан жоо келгенде,
Маа жолдош болот деп,
Чачыкей катын бергин деп,
Ой-боюна койбостон,
Маа жалгыз берчү эле,
Аны кантип унутам.
Ак кызмат кылдым төрөмө,
Кадырын кантип унутам,
Тандаган сулуу алгын деп,
Жамгырчынын Акбала,
Сөйкө салдым иним деп,
Ыраазымын аба деп,
Карабай малды айдады,
Айгырын суудан бир салып,
Алты жүз жылкы айдады.
Айланайын абамдын,
Арбагын кантип унутам,
Кечээ Басаган тоосун басканда,
Даңгыттын элин чапканда,
Калың олжо алганда,
.............................* ошондо,
Олжого түшкөн көп малды,
Жамгырчыга бергенде,
Алтын жамбы жүктөтүп,
Жамгырчы калың салган деп,
Абам сөзүн айтканда,
Ыраазы болуп Жамгырчы,
Каадасы калбайт калыңдын,
Ыраазымын Семетей,
Бу жалганда көз тойбойт,
Күбө болгон Күлчоро.
Кечээ Бээжинге бейпай салганда,
Мен баргамын Бээжинге,
Он эки кандын бири мен болуп,
Алмамбет кызмат кылганда,
Айкашкан жоого ошондо,
Айкырып жоого киргенде,
Жамгырчы сөзүн көп айтат,
Карабай сындуу кыл жээрде,
Минген атым ошо эле,
Алмамбетке ыраазы,
Бээжинге бейпай салганда,
Көзүм көрүп калганда,
Калча келген жекеге,
Алмамбет жолун жолдоп,
Эрдигин көрүп баатырдын,
Найзаны сайып орнотуп,
Кайра сайып калчаны,
Ааламды бузган калчанын,
Айкырып көөнүн оорутту,
Ак кызмат кылган Алмамбет,
Ат байлаган мамысы,
Дин исламдын казыгы,
Арстан туулган көк жалдын,
Алмамбеттин тукуму,
Канткенде намыс бербеймин,
Арстан тууган Алмамбет,
Арбагына туш болуп,
Кабылан тууган султандын,
Кара түмөн калдайды,
Алмамбет какайлатып калганда,
Солон менен манжуну,

Түгөл айдап келгенде,
Каканчынын белинде,
Нескарасын баш кылып,
Чогуу айдап киргенде,
Ороккыр менен Музкиндик,
Капталдан чыгып көрөбүз,
Бөксөдөн келди Бөрүкөз,
Азизкандын Алмамбет,
Тушагына теңебей,
Аттанып чыкса Алмамбет,
Каарына чыдабай,
Кайгырып качты Нескара.
Айдыңына чыдабай,
Бөрүкөз менен Ороккыр,
Жанына жакын бара албай,
Сарала менен зыргытса,
Суугуна жеталбай,
Кара манжу көп кытай,
Каканга чыга качканда,
Сыр бараңды дүрмөттөп,
Караламан манжуну,
Тобун бузуп ошондо,
Какайлатып турганда,
Кара жандан түңүлүп,
Ошондо көрдүм Алмамбет,
Ааламды бузган кайран эр,
Аалыкеме ыраазы,
Бала ителги көздөнүп,
Бал шекердей сөздөнүп,
Эңчегер бойлуу кең далы,
Өзүң көргөн Алмамбет,
Алмамбет жатты белеске,
Баргын деп айтып Коңурбай,
Мадыканды жумшаган,
Мадыкандай арстанды,
Айдыңына чыдабай,
Мадыкан барбай калганда,
Балакет салат Алмам деп,
Мадыкан коркуп барбаган,
Арстан тууган Алмамбет,
Мен көргөнү пендеден,
Бул өңдүү жок болгон.
Алмамбет туулду дегенде,
Дүмөктү Бээжин козголгон.
Чокунган чоюн буттары,
Өзүнөн өзү быркырап,
Куту кеткен чыркырап,
Таш-талканы чыгат деп,
Колу жетсе Алмамбет,
Эр уулу менен тең болсо,
Бээжин соо калбайт деп,
Туулганда Алмамбет,
Алмамбет туулду дегенде,
Дүмөктүү турган чоң Бээжин,
Бузулуп барып токтогон,
Бузула түшүп токтолгон,
Күн жаабаган Бээжинге,
Сел жүрүп кетти Бээжинде.
Жерге эгип салганда,
Тоюнбаган кытайлар,
Эгини бышып алганда,
Үч жылы эгин айдабай,
Тоюнуп жатып калганда,
Алмам бала кайда деп,
Ушу турган кытайдын,
Даңзасына чийилген,
Кантип кызым бербеймин,
Жамгырчы сөзүн айтканда,
Арстан тууган төрөгө,
Ыраазымын деп айтып,
Жамгырчы сөзүн айтканда,
Арстан тууган Күлчоро,
Ошону эскерип алганы.
Аны айтып Күлчоро,
Абасынын кылыгын,
Айтмак болду ошондо,

Өзүң көргөн абамдын,
Нарбууданды минет деп,
Эркелеп басып барганда,
Нарбуудан түшүп берчү эле
Ак олпокту кийгин деп,
Айкашкан жоого барам деп,
Баргын чором дечү эле.
Жолборс атам дегенде,
Ак келте мылтык алгын деп,
Ак келтеге ошондо,
Табактап дары урчу элем,
Уй башындай коргошун,
Колдуратып урчу элем.
Асынып жүрсө ак келте,
Айдалынын айнеги,
Айкашкан жоого келгенде,
Аманат жандын баргеги,
Ак келте жайы момундай.
Бута атым дегенде,
Окчонтой чогуу берчү эле,
Аюу, жолборс атам деп,
Аңга чыккан жериме,
Ишенип жолборс баргын деп,
Ак келте огун толтуруп,
Ак келте бергин абамдын,
Арбагын кантип унутам.
Арстан тууган абамдын,
Арбагы тирүү болучу,
Айчүрөктү алгын деп,
Азапка мени салбагын.
Арстан тууган абама,
Акыретке барганда,
Шерменде болуп калбайын.
Кылымды бузган арстандын,
Кыйыгына калбайын.
Арбагын сыйлайм баатырдын,
Ак кайып деп чакырып,
Дубана болуп кетейин,
Асылзаада абамдын,
Төшөгүн минтип баскыча,
Дубана болуп кетейин.
Дөбөттөй болгон чочко кул,
Асылдын төшөгүн кантип
басты деп,
Эл оозунда элек жок,
Ушак кылып албайбы,
Уккандар шылдың кылбайбы.
Кантип жатам калайык,
Абам жаткан төшөккө,
Касиеттүү абамдын,
Арбагына чет болуп,
Кантип алам Чүрөктү.
Бая өлгөн кулдай жутунуп,
Баягы муну кылды деп,
Жөнү жок сөзгө калбайын.
Суркоён атым минейин,
Ушу сөздү уккуча,
Суу кыдырып кетейин,
Башына селде чалынып,
Чоң дубана атыгып,
Жеткайт көздөй кетейин,
Жети жылы жоголуп,
Медина көздөй кетемин.
Таласка туруп нетемин,
Аягым талып кеткиче,
Анжиян, Кокон, Маргалаң,
Аларды көздөй кыдырып,
Убайыска кетемин.
Бул кебиңди койгула,
Касиеттүү Чүрөктү,
Алгын деп мени калбагын,
Кагылайын калайык,
Азапка мени салбагын.
Суркоён тийди колума,
Алганым Жамгырчы кызы Акбала,
Төрөтү өтүп кетти деп,

Эр туяксыз өтпөйт дечү эле,
Бөлөктөн издеп калсам дейм,
Ар кайсыдан кеп угам,
Шүкүркан кызы Кишимжан,
Он алтыда табы дейт,
Куда болсок кантет деп,
Каныкейге кеңешип,
Андан перзент көрөмбү,
Ал аңгыча болбоду,
Кербенчиден кеп уктум,
Таш Бээжинден келген кербенчи,
Коңурбайдын Музкөөкөр,
Коңурбайдан эки эсе,
Кыйын чыкты деп уктум.
Атамын кунун алсам деп,
Аттанып чыгып бурутка,
Деп ошентип Музкөөкөр,
Күүлөнүп жүрөт деп уктум.
Кокус келип Музкөөкөр,
Козголоң түшүп калбасын,
Түбү кектүү капырдын,
Кочуштап кан ичпесин.
А дагы кектүү капыр деп,
Козголуп калса Музкөөкөр,
Азапты чогуу салбасын.
Бел байлачы бек жок,
Өтүп кеткен абамдай,
Кагылайын Сейтегим,
Көрөлбас душман көп эле,
Кечээ Бээжинден калча келгенде,
Абам тирүү болучу,
Араң турган кыргыздар,
Ошондо кирип кете таштaшып,
Коңурбайдын Музкөөкөр,
Атамын кунун кууймун деп,
Алтымыш эки туу менен,
Музкөөкөр келип калбасын.
Эр Жолойдун баласы,
Эпсиз күлүк капыр деп,
Жөө күлүккө туулган,
А дагы капыр кыраан дейт,
Нескаранын баласы,
Аманбек деген капыр дейт.
Алышканын койбогон,
Алты каман этине,
Бир жегенде тойбогон,
Тукумдашып чогулуп,
Дуулдашып алыптыр,
Бурутта кегибиз бар деп,
Атасынан бабасы,
Кекчил тууган капыр деп,
Мен ошондон кообум бар,
Ошо капыр бир келсе,
Ураандашып алуучу,
Баягыдай эри жок,
Акыл боло алуучу,
Абам өңдүү эри жок,
Алакандай кыргыздан,
Атагы чыкчу эрен жок,
Кошой, Төштүк алптардай,
Атагы чыккан баатыр жок,
Ар кандай акыл табуучу,
Айлакер тууган алптардан,
Алмамбет сындуу берен жок.
Алышканын койбогон,
Бөрүнүн тиши өтпөгөн,
Нойгуттардын кыраанЫ,
Ошолордун баатыры,
Чубак өңдүү кыраан жок.
Тукуму жок беренден,
Тукум болсо баатырдан,
Бизге белек болбойбу.
Байгамбар чалыш киши жок,
Акыл таап берүүчү,
Батасы журтту байыткан,
Кошой, Төштүк эри жок,

Алардан тукум дагы жок,
Атакем көк жал Манастын,
Тукуму эле Семетей,
Семетейден Сейтек деп,
Атагың чыкты жалгыз деп,
Эми бизге душман көп болот,
Коңурбайдын Музкөөкөр,
А дагы ашкан болгон дейт,
Жолдошу жалаң баатыр дейт,
Жоболоңдуу капырың,
Камданып алган кези экен.
Ок-дары кенен табалык,
Ойлонуп келсек душман көп,
Жамгырчынын тукуму,
Шайымбетке баралык,
Текечи кандын элинде,
Ал да баатыр бар экен,
Талас карап калбасын,
Камданып келген көп капыр,
Тукуяңсыз келбесин,
Тегеректеп албасын,
Экөөбүздү жалгыздан,
Алар көптүгүнө салбасын.
Айтам иним көргөнгө,
Жайлоого чыкпай турсак бейм,
Салдырып койгон дубалга,
Мекен кылып турсак бейм.
Илгери Коңурбай калча келгенде,
Кагылайын кан төрөм,
Мен арпанын башы жайлоодо,
Жылкыда жаткан кезимде,
Очогор үнү чыкканда,
Түш кыялап калганда,
Чоочуп кетип курган жан,
Кымыз ичип кыйкырып,
Жегенине тай союп,
Жылкычы жыргап жатканда,
Тукуясыз Коңурбай,
Төбөсүнөн басканда,
Тегеректеп төрөмдү,
Сенин атаң Семетей,
Жыйырма беште кези эле,
Айчүрөк менен Чачыкей,
Этектеп окту ташыган,
Туш-тушунан капырлар,
Тегеректеп келгенде,
Туш-тушунан түпүлдөп,
Абам ак келте менен атышып,
Күнү-түнү жети күн,
Жалгыз жатып атышып,
Кара манжу көп кытай,
Шибе менен солондор,
Тегеректеп калганда,
Беш-Таштын башы жайлоодон,
Абам Бакай келгенде,
Кайрылып уруш салганда,
Уйкудан чоочуп ойгонуп,
Түн ичинде курган жан,
Он төрт ат бөлүп алгамын.
Кара жамгыр төгүлүп,
Айла таап ошондо,
Добулга жакын келгемин,
Он төрт ат айдап келгенде,
Аман-эсен ошондо,
Дарбазага киргизип,
Аттарды өзү байлатып,
Жоого камынып жатканда,
Улама деген кечили,
Суугa жатып бу капыр,
Сууну буруп алганда,
Өстөнгө сууну жибербей,
Кукуратып калганда,
Илбесин тонду кийгемин,
Анча-мынча тил айтып,
Калмак болуп какайган,
Кайлак элге баргамын,

Буруттү чаап алалык,
Келгин досум келгин деп,
Көөкөрдөгү арактан,
Уй башындай жоон аяк,
Төрттү катар куйганда,
Сырын айтып Ылама,
Жыгынга жатып аламын,
Суу жибербей бурутка,
Минтип кегим аламын,
Буруттун каны Семетей,
Катыны сулуу деп угам,
Кайраттанып алабыз,
Катынын тартып алабыз,
Калың олжо алабыз,
Таластагы кыргызды,
Такыр чаап алалык.
Деп ошентип мен өзүм,
Уламаны какпадым,
Улама уйкуга киргенде,
Арак ичкен мангини,
Наша тарткан зангини,
Кызымтал болгон чаинги,
Уктап жаткан кезинде,
Акыл ойлоп ошондо,
Алдап туруп арамдын,
Жой болот колго алгамын,
Тоодой болгон каапырдын,
Башын кыя чапкамын.
Уламаны жай кылып,
Күркүрөп аккан дайраны,
Өзөнүнө салгамын,
Капырдын мизин кайтарып,
Айылдан алыс сүргөндө,
Аттарды сууга байлатып,
Тон этине келтирип,
Айлап алып таппай качырлар,
Чий бучкактап ошондо,
Беттеше албай калганда,
Тайбуурул баштап оп тартат,
Тап этине келтирип,
Абам минди Буурулду,
Өзүм минип Суркоён,
Канчоро минди Көктелки,
Аттарды тап этине келтирип,
Кайра сүрүп капырды,
Ошондо ойрон салган табында,
Коңурбай менен Нескара,
Аларды аттан түшүрүп,
Катар экөөн сайгамын.
Алып келип абама,
Байлап келип бергемин.
Нескара колго түшкөндө,
Анча-мынча колдорун,
Кайра сүрүп келгиче,
Ак келте менен очогор,
Экөөнүн оозун өбүшүп,
Акыреттик дос болуп,
Абамды алдап ийиптир.
Нескара менен Коңурбай,
Алдап кетип алганда,
Байлаган жоону кетирип,
Деп ошентип мен өзүм,
Абакеме сүйлөдүм,
Жоо аяган жаралуу,
Коңурбай менен Нескара,
Тоо башында жүрөт ко,
Түн жамынып капырлар,
Четте турган Жамгырчы,
Жамгырчы башын кесет ко,
Ал аңгыча болбоду,
Тукуясыз бир түнү,
Түн жамынып капырлар,
Жамгырчынын ошондо,
Башын кесип алыптыр.
Жылаңайлак, жылаң баш,
Таласка келип Шайымбет,

Антташкан досуң Коңурбай,
Алдап жүрүп акыры,
Атамдын башын кести деп,
Шайымбет айтып келгенде,
Нарбуудан минип абакем,
Суркоёнду мен минип,
Артынан түшүп капырдын,
Бикиртиктин белинде,
Абам жетип алганда,
Ошондо капыр Коңурбай,
Кубулуп алган кези экен.
Көк бука минип алыптыр,
Көк союлун асынып,
Көз айнегин тартынып,
Ким экени билинбей,
Ыраактан көрүп Күлчоро,
Айкырып үндү салганда,
Коңурбай качып калганда,
Артынан түшүп Семетей,
Шайымбет кошо кууганы,
Шайымбет келип ошондо,
Атыңы берчи аба, деп,
Жамгырчы уулу Шайымбет,
Нарбуудан сурап турганы,
Нарбуудан берсе Семетей,
Кайраттанып Шайымбет,
Коңурбайды кууп алыптыр,
Калчага жете барыптыр,
Ичи күйгөн Шайымбет,
Кең далынын бети деп,
Омуртканын кезеңге,
Атаңдын көрү калча деп,
Эңкейип найза салганы,
Күрс деп найза тийгенде,
Шайымбет сайган найзаны,
Амалдуу тууган Коңурбай,
Чыканак менен койгондой,
Найза кетиптир кирип,
Күүлөнүп келип Шайымбет,
Колтугуна киргени,
Чеңгелдеп алып Коңурбай,
Көчүгүнө басканы.
Жетелеп алып Буурулду,
Качып калды Коңурбай,
Айкырыгы баш жарып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Таштагын калча деп айтып,
Айкырып үндү салганда,
Чыдай албай Коңурбай,
Шайымбет менен Нарбуудан,
Экөөн бирдей ыргытып,
Качып калды көрдүңбү.
Ант урган калча оңбой кал,
Токтогун калча деп айтып,
Семетей досу келатат,
Жүйөлөшөм деп айтат,
Аны угуп Коңурбай,
Токтоп туруп калганы.
Семетей келип ошондо,
Элдешип алып Коңурбай,
Жамгырчы башын кескениң,
Бул эмине кылганың.
Деп ошентип Семетей,
Күүлөнүп турган кези экен.
Жамгырчы башын кескеним,
Бээжинди Манас алганда,
Чакырып Манас турганда,
Кылычын сууруп Жамгырчы,
Кылыч кезеп турганда,
Атаң Манас кабылан,
Араң зорго койдурган.
Ошо кегим алдым деп,
Коңурбай айтып турганы.
Аны укканда Күлчоро,
Түбүбүз кектүү болбойлук,
Деп ошентип мен өзүм,

Антташып алалык,
Айтып турган кезинде,
Капыр менен мусулман,
Куралдарын жыйдырып,
Эптеп жүрүп ошондо,
Коңурбайды алгамын.
Жабдыктын баарын алгамын,
Эптеп жатып мен өзүм,
Жайсаңын баш кылып,
Баарын кырып салгамын.
Ошону айтып Күлчоро,
Сейтекти ыраазы кылганы.
Коңурбай менен Нескара,
Бикиртиктин белинде,
Кылычымды май кылдым,
Арамдарды жай кылдым.
Муну мындай таштайлы,
Коңурбайдын Музкөөкөр,
Ошондон кабар баштайлы,
Музкөөкөр калың кол менен,
Улабасты басты дейт,
Алтымышча туу алып,
Буруттун элин чабам деп,
Атабыздан бабабыз,
Каршы болуп калды деп,
Атамын кунун кууймун,
Алдырып ийип жылкысын,
Менин атам Коңурбай,
Сурамжылап барганда,
Атамын башын алыптыр.
Нескараны баш кылып,
Алым келсе бурутту,
Аркасын мындан ийирип,
Бурутту чаап аламын,
Атамын кунун албасам,
Туубай туна чөгөйүн.
Тумшугу жок курган жан,
Бурутка барып өлөйүн.
Деп ошентип Музкөөкөр,
Керней тартып ошондо,
Келе жаткан кези экен.
Солондору башында,
Жайсаңдары кашында,
Шибелери жанында,
Жөө күлүгү бир бөлөк,
Музкөөкөр келе жатканы.
Алтымыш эки туу менен,
Кайда бурут деп айтып,
Келе жаткан кези эле.
Ошо турган капырдын,
Сымбатын көрсөң ошондо,
Коңурбайдан кем эмес,
Артык туулду дебесе,
Жан-жөкөрү башында,
Көктөн жылдыз тутулат,
Музкөөкөр аттан жыгылса,
Көтөрө качып кутулат.
Мадыкандын тукуму,
Бөрүкөз деп айтылат,
Бөрүкөз келе жатканы,
Төө көтөргөн балбан дейт,
Асмандан булут суюлат,
Музкөөкөр аттан жыгылса,
Акаяр деген балбаны,
Ала качып кутулат.
Нечен түркүн алпы бар,
Каптап кетсе капырың,
Туруштук берер балбан жок,
Айла кетип калбайбы.
Кагылайын Сейтек деп,
Бир өзүңөн башкасы,
Каран кылган берен жок,
Деп ошентип Күлчоро,
Каран кылчу кыргызга,
Медер болуп турууга,
Берелүү абам дагы жок,

Картайып кетти зор Бакай,
Атакемде дарман жок,
Бекташтын башы жайлоого,
Жалгыз атым чубама,
Малдын баарын жыялык,
Чогуу тийип кетпесин,
Башы кең жайлоого,
Малды айдап баралык,
Чыңданып эми алалык.
Айылды бөксөгө кондуруп,
Алакандай кыргызды,
Бириндетпей ошондо,
Чогуу көчө баралык.
Тоо чоң эмеспи,
Каптап келсе капырың,
Жолун тосуп алалык,
Кезектешип ошондо,
Жекеге чыккын деп айтып,
Мыкты болсо Музкөөкөр», –
Акыл салып Күлчоро,
Айтып турган жери ошол.
Аны укканда эр Сейтек,
Айтып турган кеби бул,
«Коркпогун аба,– деп айтат,
Жалгызга кудай жар болот,
Арбагы колдоп атамын,
Уламадан кеп уктум,
Эшикти көздөй чураса,
Токулуу аты бар болот,
Деген сөздү мен өзүм,
Карыядан уккамын.
Алдындагы Тайбуурул,
Тап этине келтирип,
Эч болбосо тулпарды,
Таң ашырып алалык,
Айтып турган баатырың,
Эрдиги бизден кем эмес,
Музкөөкөр деген эр деген,
Айтып турган сөзүңөн,
Келбей койчу эр эмес.
Акыры келет Таласка,
Элге кабар салалык,
Кагылайын абаке,
Тукуясыз жатпайлык,
Теги бир камданып алалык.
Алыстан каптап жоо келсе,
Айлабыз кетип калбасын,
Деп ошентип эр Сейтек,
Куралдарды жайлашып,
Ай караңгы түн бүркөк,
Түнү кандай болот ээ,
Алтымыш эки туу менен,
Музкөөкөр келсе буякка,
Азык-түлүк камдайлык,
Бакай абамы чакырып,
Көптү көргөн карыны,
Манас атам барында,
Акыл таап берүүчү,
Касиеттүү жан экен,
Абама акыл салалы,
Чакыртып алып Бакайды,
Атам Манас барында,
Жоо бөрүсү деп уктум,
Ошондо абам зор Бакай,
Акылды тапчу жан экен.
Катуу башка күн болсо,
Акыл табат абам деп,
Асыл атам барында,
Айтылып жүргөн кеп уктум.
Кагылайын абаке,
Коңурбайдын Музкөөкөр,
Келе жатат деп уктум.
Акыл таап бергин» – деп,
Сейтектин айткан кеби ушул.
Ошондо Бакай муну айтат:
«Айкөл Манас бар кезде,

Анда акыл толук кезинде,
Кереметим бар эле.
Үч күнү мурда билчү элем,
Картайып кеткен абаңдын,
Сыйкыры кеткен убагы.
Касиетим качканда,
Атаң Семетей өлгөндө,
Кайгы баш болуп калгамын.
Ишим жөнөп турганда,
Семетей туйгун барында,
Самаган жоону алчу элек,
Касташкан жоого барчу элек,
Чоң атаңдын балбан таш,
Абаңын касиети бар эле,
Иши жөнөп турганда,
Самаган тоого бет алып,
Балбан таш төлгө кылчу эле,
Аккула менен барчу эле,
Түшө калып атакең,
Кызыр чалган абакең,
Касташкан душман бет алып,
Алып калсам ошондо,
Так көтөрүп мен алсам,
Көтөрө албай ал калса,
Такыр жатып алучу,
Кулачын жайып атакең,
Так көтөрүп алганда,
Тилекти кудай берди деп,
Самаган жоосун алчу эле.
Кагылайын Сейтегим,
Менин сөзүм сен уксаң,
Балбан ташка баралык,
Жакын барып ошондо,
Куран окуп алалык.
Түшө калып зор Бакай,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Көрөйүн деген тууган аз,
Көмөйүн деген душман көп,
Айланайын балбан таш,
Манастын колу тийчү эле,
Кулачын жайып алчу эле,
Кучакташып калчу эле.
Курбусун көргөн эмедей,
Так көтөрүп алганда,
Самаган жоосун алчу эле,
Бир Аллага сыйынып,
Жетимим Сейтек көтөр» – деп,
Бакай берди батасын.
Алла, Алла, Алла деп,
Атам Манас колдо деп,
Олуязаада атакем,
Арбагында колдо деп,
Кулачын жайып эр Сейтек,
Балбан ташка барганы,
Алла таала кудурет,
Азиретаалы колдо деп,
Карап турсаң ошондо,
Так көтөрүп алганы.
Аны көрүп абасы,
Кубанышып калганы.
Арбак колдоп алды деп,
Кабылан Манас тукуму,
Пирлерине сыйынып,
Сейтек турат сүйүнүп.
Ак боз бээ союп ошондо,
Арбактарга сыйынып,
Элден бата алмакка,
Калкына тамак бермекке,
Кабарлашып алмакка,
Акыл тапты зор Бакай,
Арбакка сойгон боз бээге,
Куран окуп алышып,
Ошондо Бакай кеп салды,
Көсөл Бакай муну айтат:
«Калкым кабар айтамын,
Атабыздан бабабыз,

Бизге касташкан душман көп эле,
Көп жашаган карыга,
Акыл айтам баарыңа,
Алыстан душман келет дейт,
Баарыбыз чогуу бололук,
Бөлүнгөн элди бөрү жейт,
Бөлүнбөй чогуу бололук,
Медер кылар бегим жок,
Беттешкен менен келбөөчү,
Берен Манас мында жок.
Манастан калган Семетей,
Семетей көк жал беренди,
Беттеген душман аз болгон,
Алыстан душман укчу эле,
Манастын уулу Семетей,
Орто Кең-Кол, Талас жайлайт деп,
Он төрт атын байлайт деп,
Алыстан келген душманды,
Аябастан жайлайт деп,
Айдыңына чыдабай,
Алыстан душман келчү эмес.
Алдыга салып айдайт деп,
Атасы көк жал Манастай,
Азууга салып чайнайт деп,
Алыстан душман келчү эмес,
Ошондо Семең барында,
Тик багып душман келчү эмес.
Же арка кылар туугн жок,
Чоң атаң Манас барында,
Аккула сындуу буудан жок,
Калың элге кеп айтып,
Убаданы бек кылып,
Алыстан душман келгенде,
Ала болбо деп айтып,
Аргын кыргыз элине,
Туш-тушка кабар айттырып,
Ошондо Бакай карыя,
Акыл таап муну айтат,
Таластын башы жайлоодо,
Суусамыр деген жер бар,
Жерин тандап консун де,
Жоо келсе кокустан,
Чубама жолду тоссун де,
Малды жоого алдырбай,
Жылга бойлоп кондуруп,
Жылганын түзүн алгыла,
Туш-туштан кол келгенде,
Кайрат кылып атышып,
Деп ошентип зор Бакай,
Акылын айтты бир далай.
Абамын сөзү ырас деп,
Бакайдын айткан сөзүнө
Аргын кыргыз чогулуп,
Туура таап турганы.
Ошентип алып зор Бакай,
Акылдашып алганы,
Сен камынгын Сейтек деп,
Кагылайын Күлчоро,
Каран кылар өзүңсүн,
Тулпарларын тапташып,
Айзакерден мыктыны,
Анча-мынча кол камдап,
Акыл ойлоп зор Бакай,
Сакчы коюп алалык.
Келе турган душмандын,
Келер жолун байкайлык,
Эр Үрбүнүн баласы,
Эрмекбай деген бар эле.
А да атасынан кем эмес,
Эрмекбай сындуу эр экен,
Үрбүдөн артык тууган дейт,
Аны алып чакыртып,
Белиңе таңуу болом деп,
А да келди баш кошуп.
Ошондо туруп Күлчоро,
Суркоён коштоп алайын,

Чалгынды өзүм чалайын,
Дүрбү салып алайын,
Көрүнүп калса көп душман,
Айылга кабар салайын,
Акыл таап Күлчоро,
Айтканындай кылды эми.
Анда Сейтек муну айтат,
Тооторуну таптайын,
Таптап минип алайын,
Топчу тонду киейин,
Үпчүлөп тонду киейин,
Күндөп-түндөп токунуп,
Камынып Сейтек калганы.
Жакында душман келет деп,
Беш кабырга тээктеп,
Бүткөн бойду топчулап,
Келүүчү болсо душман деп,
Кабыргасын сөгөйүн,
Канын суудай төгөйүн,
Арбагы колдоп атамын,
Кызыр назар колдосо,
Кудай ишти оңдосо,
А дүйнө кеткен атамын,
Арбагы тирүү бар болсо,
Касташкан жоону жок кылым,
Камданып калды эр Сейтек.
Келүүчү жоону чалмакка,
Аттанып чыкты Күлчоро,
Болжогон жерге жеткенде,
Өзүң көргөн дүрбүнү,
Арта салып караса,
Калкылдатып көрсөттү,
Ошондо жоосу келатат,
Кайнап жаткан капырды,
Дүрбүдөн көрүп Күлчоро,
Каңырыгы түтөдү,
Мен Күлчоро болгону,
Мындай жоону көрбөдүм,
Кайра тартып Күлчоро,
Айылга кабар салганы,
Музкөөкөр колун мен көрдүм,
Нечен түркүн эли бар,
Дүрбү салып карасам,
Алтымыш эки туу экен,
Айла табар арга жок,
Бизге Алладан башка жарлык жок,
Каран болуп бергин деп,
Күлчоро алды чакыртып,
Төмөнкү Кокон, Маргалаң,
Маргалаңдын Кушбеги,
Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Сарала жоолук кең өтүк,
Курчанган куру бир кучак,
Минген аты Тобурчак.
Тегерек кылган наны бар,
Төрт бурчтап соккон тамы бар,
Топуну тоодой жыясың,
Сары ала кийесиң,
Акушуң айтып жүрүсүң,
Караан болуп бергин деп,
Кокондуктун Сынчыбек,
Сынчыбекке айтканда,
Сынчыбек келди кол менен,
Ал аңгыча болбоду,
Алачтан чыккан көп казак,
Сапыраш деген эл экен,
Анча-мынча кол менен,
Иримчик* айран, көп курут,
Таруусун кумдай айдаган,
Катынын кыздай мактаган,
А да келет жол алып.
Өлөңүн айтып бул келди,
Казактын эли жыйылып,
Камданып нечен туу менен,
Жадиси тегиз мусулман,

Таласты сактап калалык,
Ала болуп калбайлык,
Алдырып ийсек жаманат,
Болду, болду, болду деп,
Ак боз бээни союшуп,
Канга колду батырып,
Кайраттанып алышып,
Качпас болуп калышты.
Качкандар мындай болсун деп,
Канга колду матырып,
Батуба* кылып элине,
Аргын кыргыз чогулуп,
Бата кылып чуулдап,
Бекем болуп алышты.
Мелтиреп туруп капырга,
Мелтиреп найза салалык,
Жамгырдай окту жаадырып,
Санаттуу мерген алалык.
Найзакерден мыктуудан,
Көптөн баатыр камдайлык,
Союл чабар мыктыдан,
Молумдуулап алалык.
Камчылашса койбогон,
Кайраттуусун алалык,
Теке маңдай бололук,
Тегиз найза саялык,
Деп ошентип эр Сейтек,
Убада кылып алышып,
Качпас болуп калышып,
Кайраттанып алышып,
Туш-туштан колду камдашып,
Түгөл жыйып алышып,
Курал-жарак жабдыкты,
Баарын шайлап алышты.
Ал аңгыча болбоду,
Сакчы койгон немелер,
Таласты бойлоп келди деп,
Четинен жетип келгени.
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Кара кытай көп манжу,
Түгөл айдап Музкөөкөр,
Ошолордун ичинде,
Карабөрк деген немеси,
Ак сакалдуу жол баштап,
Найзакерден мыктуусу,
Аябаган ыктуусу,
Жол көрсөтүп Карабөрк,
Найзакерден мыкты экен,
Жолду билген ыктуу экен,
Кабылан Манас барында,
Көрүп калган кези экен,
Карабөрк жолду баштаптыр,
Сурнайын тарттырып,
Айгайлаган көп манжу,
Айылга жакын калганда,
Чабуул коёр кезинде,
Тоотору менен золкоюп,
Көк жалыңдын тукуму,
Каршы барып алдына,
Атаңдын көрү Музкөөкөр,
Алакандай кыргызды,
Чабайын деген экенсиң,
Акыры келип бурутка,
Ушу турган Таласты,
Алайын деген экенсиң.
Алтымыш эки туу менен,
Өлгөнү келген экенсиң,
Мыкты болсоң Музкөөкөр,
Жекеге чыккын деп айтып,
Ала койчу сен эмес,
Алдырып ийчү мен эмес,
Атабыздан бабабыз,
Шай колдогон эр эле,
Ааламды бузган чоң атам,
Кара кытай көп манжу,

Жалгыз кырып ошондо,
Бээжинге бейпай салганда,
Сенин атаң Коңурбай,
Айдыңына чыдабай,
Беттешип найза сая албай,
Бээжинге кире качканда,
Туруштукту бере албай,
Туйгун атам Манаска,
Чыдай албай сур калча,
Бээжинге кире качканда,
Мыкты болсо сен атаң,
Беттешип найза салбайбы,
Жанына жакын бара албай,
Намаз окуп жатканда,
Уурданып келип ошондо,
Айбалта менен чапканда,
Атаңдын көрү Музкөөкөр,
Мыкты болсоң жеке сал,
Жеке, жеке, жеке деп,
Тоотору минип басканы,
Шай колдогон эр неме,
Атасынан бабасы,
Кызыр чалган кан жалгыз,
Көрүнө жеке барганда,
Эр Сейтекти көргөндө,
Коңурбайдын Музкөөкөр,
Кой башындай эт жүрөк,
Колтугунда болкулдап,
Айтса айтпаса төгүнбү,
Атасы Манас канкордон,
Арта тууган эр экен,
Сейтектин жайын сурасаң,
Ким көрүнсө жегидей,
Айдай бетин нур чалып,
Алтындан кемер курчанып,
Күндөй жүзүн нур чалып,
Күмүштөн кемер курчанып,
Кесеси толгон ок экен,
Тулку боюн карасаң,
Уюган кара таш экен.
Жумуру баштуу пендеден,
Мен көргөндөн жок экен,
Жаздым айтып койбосом,
Оң далысы кең экен,
Оң далынын үстүндө,
Сырдай кызыл мең экен.
Колдогону көп экен,
Атасынан бабасы,
Сыймыгы келген кези экен.
Кабылан тууган эр экен,
Муну сынап Музкөөкөр,
Жанында туруп Карабөрк,
Кара жандан түңүлүп,
Сейтекти көрүп турганда,
Ар жагында агасы,
Суркоён менен болкоюп,
Алмамбеттин жалгызы,
А да келип калыптыр.
Баарын көрүп Карабөрк,
Кара жандан түңүлүп,
Ажыдардын куйругун,
Аркасынан бастык деп,
Музкөөкөр экөө кеңешет.
Бекер бурут эмес деп,
Бекер келип калыппыз,
Алтайда Манас туулган,
Ааламга даңкы угулган,
Манас туулду дегенде,
Дүмөктүү турган чоң Бээжин,
Козголуп алып октолгон,
Акыры бизге келет деп,
Алайманды салат деп,
Ааламга бузук салат деп,
Мунун бичигине чийилген,
Акыры Манас келет деп,
Кабарында бар бекен,

Карабөрк туруп кеп айтат,
Музкөөкөргө деп айтат,
Даңкы чыккан сен атаң,
Кечээ Көкөтөйдүн ашында,
Эр сайышка чыкканда,
Ошо кезде карасаң,
Бээжинден чыккан Коңурбай,
Сайышка атаң чыкканда,
Эр Жолойдон уккамын,
Сайышка Манас чыкканы,
Аккуладай күлүгү,
Дүнүйөгө кызыгып,
Чаап ийип байгеге,
Сенин атаң Коңурбай,
Сайышка чыгып турганда,
Атаңы көрүп ошондо,
Алоокенин Коңурбай,
Буруттан Манас чыкканы.
Чаап ийип тулпарын,
Алмамбеттин Сарала,
Качкын кулдун тулпарын,
Сурап алган кези экен,
Калкамандын кара атын,
Минип алган кези экен.
Ошондо Манас чыкканда,
Сенин атаң Коңурбай,
Коңурбайдын көзүнө,
Карап турсаң Манасты,
Боз сеңирдей көрүнгөн,
Ар шайманын көргөндө,
Сынап туруп Манасты,
Кара жандан түңүлгөн,
Жеткен жерде сойлотуп,
Узунунан салат ко,
Кезекти мурда алам го,
Кан Манасты сая албай,
Уят болуп калам го.
Деп ошентип Коңурбай,
Кан Манасты сынаптыр.
Муну уккам Жолойдон.
Бул шол Манас тукуму,
Бекер келип калыппыз,
Эригип жатып кутуруп,
Бурутту чаап алам деп,
Бурут бекер эмес деп,
Калың колуң топтоюн,
Кайтып кетсек деп ойлоп,
Карабөрк айтып турганда,
Акыл ойлоп Карабөрк,
Музкөөкөр менен кеңешип,
Жекеге чыгып бармакка,
Карап турду Карабөрк.
Аргын кыргыз элинен,
Калыс Бакай, кан Бакай,
Чыгып турган кезинде,
Бакайдын айткан кеби бар,
Жекеге жалгыз барасың,
Атаңдын арбагы тирүү бар болсо,
Шай колдогон эр эле,
Чолок куйрук арстан,
Туурасынан барчу эле,
Көсөө куйрук арстан,
Көт жагынан барчу эле,
Зайыппуруш колдогон,
Атаңын колдогону кырк чилтен,
Арбагы азыр бар болсо,
Атаң колдоп алат деп,
Жеке, жеке, жеке деп,
Элине капыр келгенде,
Токтобостон бара көр,
Кан ичме кара жойболот
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен,
Айза менен сайышып,
Алыша албай турганда,
Айбалта менен чабышып,

Сабы колдо калышып,
Алда таала жар болсо,
Жанындагы нар кескен,
Белиңен сууруп ала көр,
Алдап туруп ошондо,
Арамдын башын ала көр.
Ары-бери сайышып,
Айбалта менен чабышып,
Саптары колдо калышып,
Бакайдын айткан акылын,
Кулагыма салайын,
Кан ичме кара жой болот,
Белинен сууруп алганы,
Музкөөкөргө шилтеди,
Өзүң көргөн Музкөөкөр,
Казандай башы ыргыды,
Карабоздон кулады,
Узунунан сулады.
Башын кесип алган соң,
Алты кулач сыр найза,
Дагы мыктың барбы деп,
Айкырып турду эр Сейтек.
Тоотору менен золкоюп,
Опол тоодой көрүнүп,
Семетей менен Манастын,
Арбагы колдоп туруптур.
Аны укканда көп кытай,
Мадыкандын иниси,
Кутан алп чочко койдуруп,
Жекеге жумшап турганы,
Сайыштын жайы момунда,
Кутан алп чыгып сайышка,
Суркачыр минип делпилдеп,
Аяк бутун тарталбай,
Жерге келип сүйрөлүп,
Зорлугу тоонун теңиндей.
Ким көрүнсө жегидей,
Сайышка чыккан эр Сейтек,
Тоодой болгон чочкого,
Бир серпишип алам деп,
Билек күчкө салайын,
Ушу келген капырдын,
Эсебин минтип табайын.
Айзасын колго алганы,
Манастан калган сыр найза,
Коло менен чырматкан,
Адамдын көз жашына сугарткан,
Тийген жерин ырбаткан,
Тоодой болгон чочкого,
Толукшуган арамга,
Тосуп Сейтек барганы,
Теке маңдай болушуп,
Тил билбеген капырга,
Кезегин мурда бергенде,
Жоон өпкөнүн тушу деп,
Такыр колтук өзү деп,
Кабылан Манас тукуму,
Кан ичмесин карматып,
Бээжинден чыккан бек экен,
Өзүң көргөн Кутан алп,
Камаарабай келгени,
Торгойдой болгон баланы,
Узунунан салам деп,
Капарына албастан,
Бала Сейтек көйкашка,
Тоотору менен качырып,
Такыр колтук тушуна,
Муштап катуу өткөндө,
Тоодой болгон Кутан алп,
Суркачырдан кулады.
Алты кулач сыр найза,
Ыкып сайса түгөнгүр,
Кармай турган жеринен,
Эки кулач калганы,
Кан ичме кара жой болот,
Белинен сууруп алганы,

Сайышканы Кутан алп,
Башын кесип алганы.
Кара манжу какандын,
Ишенгени эки алп,
Музкөөкөр менен Кутан алп,
Катар союп жай кылды,
Сайыштын жайы момундай.
Ошондо туруп зор Бакай,
Эрдигин көрүп Сейтектин,
Ыраазы болуп турганы.
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Капырдын мизин кайтарды,
Айласыздан көп капыр,
Каптап уруш сала албай,
Кара жандан түңүлүп,
Кайра качмак болгондой,
Муну көрүп зор Бакай,
Каптап уруш салалы,
Качкан жоону ошондо,
Катын алат дечү эле,
Алакандай мусулман,
Манастап ураан чакырып,
Жоону каптап калалык.
Кайра качып калганда,
Алакандай мусулман,
Чогуу каптап калганда,
Кызыл көгөн кылды деп,
Каптап уруш салышып,
Араң турган мусулман,
Баары каптап калганы,
Калың кара манжуну,
Какайлатып алганы.
Урабас тоону эңкейтип,
Үкүрчүнүн белинде,
Энтиккенин бергени.
Буруттан көрүп кордукту,
Калмак менен кытайлар,
А-а-лашып ошондо,
Кара жандан түңүлдү.
Өз жемеси өзүндө,
Нечен мыкты алптарын,
Ошо жерде өлтүрүп,
Күлчоро менен эр Сейтек,
Кызыгына батышып,
Капырды кайра сайган жери экен.
Аркасынан түшкөнү,
Алмамбеттин Күлчоро,
Кең кулжанын боюнан,
Алтымыш дөөсүн өлтүрүп,
Күлчоро кайра тартып туруптур.
Коңурбайдын Музкөөкөр,
Мусулманды чабам деп,
Кайран башы кесилип,
Каны суудай төгүлүп,
Карабөрк качып калганда,
Ошондо туруп айкырды,
Алмамбеттин Күлчоро:
«Дагы салам урушту!»
Музкөөкөрдүн иниси,
Бозкертик деген алпы бар,
Бозкертик уруш салат деп,
Карабөрк кетти өкүрүп,
Кезекти кудай берер деп,
Кекенип кетти Карабөрк.
Ашып кетсе үч жылда,
Бозкертик уруш салат деп,
Ак асаба кызыл туу,
Айыл үстүнөн көргүн деп,
Ашыкпагын сен бурут,
Кезегими алармын,
Бозкертикти карасаң,
Коңурбайдай калчадан,
Артык тууган эр болгон,
А дагы өзүң өңдүү шер болгон.
Алты түмөн кол алып,
Айылыңды чаппасам,

Карабөрк кетти өкүрүп,
Толукшуган ит бурут,
Узунунан салам деп.
Музкөөкөр менен Кутан алп,
Узунунан салды деп,
Карабөрк кетти өкүрүп.
Деп ошентип мусулман,
Аргын кыргыз чогулуп,
Душмандын мизин кайтарып,
Айтканымдай болду деп,
Аргын ногой биригип,
Калың тойду беришип,
Кан көтөрүп Сейтекти,
Берен Манас тукуму,
Башынан кызыр чалган деп,
Белине таңуу салышып,
Медер кылып алышты.
Алакандай дин ислам,
Арбагы колдоп Манастын,
Түбүнөн кыдыр даарыган,
Абасы көк жал Манастын,
Арстан тууган жалгызы,
Калың кыргыз бел байлап,
Туу көтөрүп калышты.
Акыл айтчу карысы,
Олуязаада Бакай бар,
Ошондо Бакай кеп айтат,
Энеси нурдун баласы,
Атасы кыдыр даарыган,
Атасынан бабасы,
Кудай ишин оңдогон,
Кызыр назар жол берген,
Олуязаада Манастын,
Оңдоп карай бергиче,
Ополдой кызыл тал болгон,
Түнөп кеткен жерине,
Үйдөй кызыл тал болгон.
Алты атар огу ологон,
Атасынан баласы
Акарат кылган душмандар,
Аркасына кологон.
Берен тууган Манастын,
Кудай ишин оңдогон.
Өзүң көргөн эр Сейтек,
Өзү келген душманды,
Ташын-талкан чыгарып,
Жыргап калган жери ошол.
Сары-Арканы жердеген,
Көп казак жыйылып,
Ыраазы болуп Сейтекке,
Түбүбүз бирге эмеспи,
Караламан манжуну,
Кайра сүрүп алды деп,
Ыраазылыгын билдирип,
Жөнөп кеткен жери экен.
Кокондуктун Сынчыбек,
Айры сакал Ырчыбек,
Көп калмакты талкалап,
Намыс алып берди деп,
Ыраазы болуп Сейтекке,
Жамгырчы жөнөп кеткени.
Кабылан тууган эр Сейтек,
Бет алышкан душмандын,
Белин мындан сындырды,
Аламын деген душманды,
Алдына салып жай кылды.
Катылган душман соо кетпей,
Кабыргасын сөктүрдү.
Касиеттүү Каныкей,
Асылдан калган белекти,
Үйлөнтпөсөк болбойт деп,
Олуязаада Бакайга,
Акыл кошуп турганы,
Аккандын баласы,
Абдыкерим дегендин,
Кызы бар экен деп угуп,

Баатыр чыкпай Сейтекке,
Кудалашып алмакка,
Бакай менен Каныкей,
Ак боз бээни жетелеп,
Кулдук уруп бээ союп,
Кудалашмак болгону.
Бакай менен Каныкей,
Салтанаттап барганда,
Бербейм деп айта албай,
Кызыр чалган көк жалдын,
Айкөл Манас тукуму,
Бербейм деп айтсам,
Текеберге калам деп,
Кыз атасы ошондо,
Макулдугун бергени,
Ошо жылы күзүндө,
Баатырдын уулу эр Сейтек,
Күйөөчүлүк сүргөнү.
Каныкей менен Айчүрөк,
Касиеттүү Бакайга,
Кеңешип туруп ошондо,
Калың бермек болушту,
Алты атанга ком артып,
Алтын менен жамбыны,
Аралаша жүктөтүп,
Төрт түлүк малды аябай,
Андан дагы айдатып,
Жеңкетайга берүүгө,
Кырк байталды айдатып,
Той-тамаша салмакка,
Ак буураны жетелеп,
Тойду аябай бермекке,
Ак сакалын жайкалтып,
Куда башы зор Бакай,
Барып түшүп калганы,
Чоң той берип салганы.
Келиндин аты Калича,
Ургачынын нурдуусу,
Мусулмандын сулуусу,
Жашы он бештен он алты,
Чыгып калган кези экен,
Акылга жетик жан экен.
Отуз күнү ойнотуп,
Кырк күнү кыңшытып,
Той-тойлотуп ошондо,
Келинин алып Каныкей,
Таласка көчүп келгени.
Келиндүү болуп Айчүрөк,
Баштагыдай болдум деп,
Кылымды бузган көк жалдын,
Конушума кондум деп,
Өзүң көргөн Айчүрөк,
Кеткеним кайра келди деп,
Кемтигим кайра толду деп,
Айкөлүм төрөм барында,
Кечээ Коңурбайды чапканда,
Коңурбайды өлтүрүп,
Сан жылкысын алганда,
Жапалак тоону басканда,
Даңгыттын элин чапканда,
Алтын менен күмүштү,
Аралашып жүктөтүп,
Алып келип төккөндө,
Дубалдын жыйып бурчуна,
Мунаранын түбүнө,
Казынанын кеңдиги,
Алты канат боз үйдүн,
Конушундай бар эле.
Дубалдын туура тушуна,
Душман көрүп коёт деп,
Казынаны катканы.
Тилекти кудай бергени,
Казына аман жатыптыр,
Казына аман жатканы,
Бул бизге төлгө дейт,
Арбак колдоп алганбы,

Пери ээлеп калганбы,
Ай туякка мал айтып,
Тээктелген дарбаза,
Ачылбай калыптыр,
Өзүң көргөн Айчүрөк,
Тээктелген кара таш,
Жакын барып алганы,
Кара ташты оодарып,
Даарат алып Айчүрөк,
Казынаны ачканда,
Казына кетти ачылып,
Кадимкидей жар этип,
Сүйүнгөндөн Айчүрөк,
Аксарбашыл кой айтып,
Ай туягын бат айтып,
Баабединге тай айтып,
Элге кайыр бермекке,
Жетим менен жесирге,
Кол кайыр берип аларга,
Мындан бата алам деп,
Калкка кабар салганы.
Дүнүйөгө көз тоюп,
Касиеттүү Айчүрөк,
Калың тойду бергенде,
Калк жыйылып келгенде,
Жетим менен жесирге,
Кол кайыр берип ошондо,
Мындан бата алганы.
Аргын кыргыз чогулуп,
Сейтекке бата бергени,
Келиндүү болуп Айчүрөк,
Чоң той берип ошондо,
Элден бата алганы.
Аргын ногой биригип,
Жыргап жатып калганы.
Үч жылга жүзү толгондо,
Коңурбайдын Бозкертик,
А дагы мыкты эр экен,
Музкөөкөр менин атамын,
Артыкча кунун кууймун деп,
Чымырканып алыптыр.
Буурадай болуп буркулдап,
Буттай темир курчанып,
Ошо кезде Бозкертик,
Шаңкайы менен каканчы,
Баарына кабар салыптыр,
Ошо кезде Бозкертик,
Атам менен агамдын,
Кунун кууйм деп ошондо,
Буруттан кегим алам деп,
Аттанып чыккан кези экен.
Аскер алып кол жыйып,
А дагы Музкөөкөрдөн кем эмес.
Бозкертик мыкты эр экен,
Аялдарын жыйыптыр,
Балбандарын чакырып,
Бат келгин деп айкырып,
Бозкертиктин жанында,
Ороккырдын баласы,
Оңдөбө деген алп экен.
Оңдөбө ашкан балбан деп,
Жанына алып Бозкертик,
Таластагы буруттан,
Капкайда кекти алалык,
Урушпай туруп бурутту,
Музкөөкөр кунун бергин деп,
Арага киши салалык,
Ушу турган буруттун,
Кыз-катынын олжолоп,
Ат сооруга салалык.
Калың олжо бир алып,
Байып жатып калалык.
Ошол турган Бозкертик,
Мөндүлөп ураан чакырып,
Атам кандай кан эле,
Атамын кунун кууймун,

Музкөөкөрдү өлтүрүп,
Канын суудай төккөнү,
Кабыргасын сөккөнү,
Катар кунун аламын,
Алардын кунун бербесе,
Мекеге чейин кырамын,
Деп ошентип Бозкертик,
Келе жаткан кези экен.
Бозкертикти келет деп,
Түшүнөн чоочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Үч жыл өтүп кеткени,
Баягы кеткен Карабөрк,
Айтканы келмек болду деп,
Айтып турат Айчүрөк
Кагылайын Сейтегим,
Музкөөкөрдөн кутулсаң,
Дагы келип калды деп,
Коңурбайдын баласы,
Бозкертик келе жатат деп,
Калкыңа кабар салгыла,
Кабарлашып алгыла,
Айчүрөк айтып турганда,
Ыргып турду эр Сейтек.
Күлчоро менен Бакайды,
Чакырып алып ошондо,
Касиеттүү Чүрөктүн,
Түшүнө берген аянды,
Айтып турган жери ошол.
Атасынан кем эмес,
Алдырып ийчү эр эмес,
Капыр да болсо арамды,
Кыдыр даарып кеттиби,
Аргын кыргыз элине,
Кабар айтып ошондо,
Бүлүк түшүп калганы,
Калкына бүлүк түшкөндө,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Журтума бүлүк салат деп,
Сейтек турду күүлөнүп.
Ар жарагын даярлап,
Буудандарын камданып,
Бала жолборс эр Сейтек,
Алмамбеттин баласы,
Агасы анын Күлчоро,
Жоо дегенде сүйүнүп,
Ошондо туруп Күлчоро,
Душман келип калса деп,
Ал кудайдын бергени,
Өзү келген душманга,
Энчисини беремин.
Алмамбет менен Манастын,
Чубак менен Сыргактын,
Кунун кууп алардын,
Канча болсо мен кырам,
Кара калмак, кытайдан,
Кунун кууп алайын,
Деп ошентип Күлчоро,
Күлүмсүрөп калганы.
Күлчоронун ошондо,
Жүзү жана түшкөнү,
Өзү келген душмандын,
Эсебин чогуу табам деп,
Арстан тууган Алмамбет,
Мунун арбагы айдап келген го,
Бозкертик келди дегени,
Бу кудайдын бергени.
Эригип жаткан баатырга,
Эрмекти кудай бергени,
Жолун тосо барайын,
Бозкертиктей капырга,
Өзүм каршы барайын,
Бозкертик эмес мен өзүм,
Атасы анын Коңурбай,
Алган колум ушу деп,
Кагылайын Сейтегим,

Муну кудай бергени,
Камынышып алалык.
Өзү келген Бозкертик,
Ажал айдап келиптир,
Кара манжу какандан,
Капкайда кегим алайын.
Сок билектей кара чач,
Толгой кармап алайын,
Ошо турган Бозкертик,
Башын кесип алайын.
Ороккырдын баласы,
Оңдомону өлтүрүп,
Бир кызыкты салайын.
Ал эмес, Нескараны өлтүрдүм,
Коркпогун Сейтек иничек,
Бизге кудай бергени,
Деп ошентип Күлчоро,
Кайран жоо келгенде,
Белгим тартып калчу эле,
Ошол белгим тартканы,
Бир кудайдын бергени.
Оңдомо менен Бозкертик,
Узунунан салайын,
Кан ичмем туура кармады,
Суркоёнду минейин,
Суркоён менен Нарбуудан,
Тоотору күлүк дагы бар,
Деп ошондо Күлчоро,
Жээлигип жерде турбаган,
Жоо дегенде дүрбөгөн,
Өзүң көргөн Күлчоро,
Ар жабдыгын салынып,
Чорт келтени асынып,
Жоо келген жолго бармакка,
Жарактарын алганы,
Аны-муну дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Кароолчусу келгени,
Бозкертик колу келди деп,
Кудай өзү берди деп,
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Аскер алып кол жыйып,
Каршы чыкты Күлчоро,
Ээрчитип алып ошондо,
Сейтек менен Бакайды.
Байракты өйдө көтөрүп,
Манастап ураан чакырып,
Баабедин деп айкырып,
Жеке, жеке, жеке деп,
Атаңдын көрү Бозкертик,
Ушу турган Таласка,
Чын ажалың жетип,
Өлгөнү келген экенсиң,
Оңдөбөңду өлтүрүп,
Көмгөнү келген экенсиң.
Ошо кезде Бозкертик,
Ушу турган бурутту,
Такыр чаап алам деп,
Таласты каран калтырып,
Каптап келген кези экен.
Камышты көр, селди көр,
Каптаган душман элди көр,
Калмак менен кытайдын,
Аралашкан жерин көр.
Жеке, жеке, жекелеп,
Мыкты болсоң Бозкертик,
Жекеге өзүң келгин деп,
Жекеге чыгып алганы,
Ошондо туруп Бозкертик,
Аңтаңдап туруп келгениң,
Амалыңдын кеткени,
Алып жүргөн колум деп,
Чаба жүргөн колум деп,
Келген бурут экенсиң,
Жип байлоого салайын,

Жиби жок жипсиз байлоого,
Түгөл байлап алайын,
Таластагы кыргызды,
Такыр чаап аламын,
Бел байлаган белиң жок,
Бекитилүү жериң жок,
Атаңын көрү бурут деп,
Кыз-катының карактап,
Айсооруга салайын,
Калың олжо алайын,
Ошону айтат Бозкертик,
Качыр минип алганы,
Кайраттанып Бозкертик,
Каршы чыгып калганы.
Алдынан каршы келгенде,
Жеке, жеке, жеке деп,
Бурутту сайып алам деп,
Ошо кезде Күлчоро,
Тооторуну мингени,
Калмакты көздөй бет алды.
Ак каңкы ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Көк найзасын көтөрүп,
Көк зоотун бөктөрүп,
Атасынан кем эмес,
Атагы угулган Бозкертик,
Шыкаалап келе жатканда,
Өзүң көргөн Күлчоро,
Бөлөкбай кылган сыр найза,
Сыр найзаны колго алып,
Калмак ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Муштап калды ошондо,
Күпө-күпө болушуп,
Кайгуулап найза сайышты,
Ошо кезде карасаң,
Үзүктөй болуп Бозкертик,
Качырдан ыргып Бозкертик,
Узунунан түшкөндө,
Кан ичме кара жойболот,
Белинен суурул алганы,
Адис болгон Күлчоро,
Белинен суурул алганда,
Башын кесип салганы.
Оңдомосун эр Сейтек,
Оңкосунан салганы,
Оңдомо өлүп калганда,
Шибе менен манжулар,
Кара кытай көп калмак,
Каканды көздөй качканда,
Кара жандан түңүлүп,
Бээжинди көздөй качканда,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Өзүң көргөн эр Сейтек,
Көтүнөн түшүп калганда,
Арбуудан сындуу ат минип,
Ак олпок сындуу тон кийип,
Артынан түшүп калганы.
Найзакерден мыкты экен,
Кезиккен жоону мерт кылып,
Каршылашкан душманды,
Кабаты менен бир салып,
Ачууланып кыйкырып,
Кайраттанып бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Кара көзүн кан чалган,
Жаңыдан мурут жанчылган,
Узун моюн жазык төш,
Качырган жоодон кайтпаган,
Кабылaндын тукуму,
Айкырган жоодон качпаган,
Арстандын тукуму.
Бала Сейтек көй кашка,
Ошо кезде эр Сейтек,
Алтындан кемер курчанып,

Айдай бетин нур чалып,
Арстандын тукуму,
Күмүштөн кемер курчанып,
Күндөй бетин нур чалып,
Кабыландын тукуму,
Арылууну аша бергенде,
Кара кытай, манжуну,
Алданарга бир кайсап,
Карабөрктү баш кылып,
Кабак жер көздөй сойлотуп,
Кабаты менен сойлотуп,
Калмак менен шибени,
Өр талаша бергенде,
Тыргоот менен шибени,
Кар жиликтен лөп алып,
Жото жиликтен жин алып,
Алмамбеттин баласы,
Кан ичмесин карматып,
Өзүң көргөн Күлчоро,
Айдаган чөлдө баратат,
Кең-Кулжанын боюнда,
Кара калмак, көп манжу,
Аралаша кырганы,
Кой дээрге алы жок,
Ишенип чыккан баатырлар,
Эбак эле май болгон,
Алмамбеттин Күлчоро,
Капкайда кегин алмакка,
Эзелде келгис кылмакка,
Санат болуп калсын деп,
Өзүң көргөн Күлчоро,
Арткы олпокту бек тартып,
Куюшканды кыскартып,
Чоң өлөңдү узартып,
Кара калмак, шибени,
Айдап чөлгө кирди дейт,
Алмамбеттин тукуму,
Ар жактан жалгыз келсе да,
Капкайда кегим алайын,
Кызыл көйгөй кылайын,
Дүмөктү турган Бээжинге,
Бир дүмөктү салайын.
Өлбөгөн жерде калышып,
Ит урушун салышып,
Найзаны колго алганы,
Кара кытай манжуну,
Каканды көздөй айдады.
Айзаны кармап топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп,
Какайлатып алайын,
Капкайда кегим алайын,
Омуроолоп алайын.
Оңдон-солдон капырды,
Эсебин минтип табайын,
Атакем көк жал Манастын,
Алмамбет менен Чубактын,
Арбагы колдоп бир калсын,
Кара манжу каканды,
Деп ошентип Күлчоро,
Кырып кирди көрдүңбү.
Ошо кезде карасаң,
Өзүң көргөн эр Сейтек,
Кармап калды көрдүңбү,
Кызуу менен келесиң,
Дүмөктү тургай Бээжинге,
Чалыяр чаркы жетпеген,
Искендер изин салбаган,
Сулайман сурак салбаган,
Топон суу каптап калбаган,
Кайран жаркын аба деп,
Эр Сейтек жетип кармады.
Экөөбүз менен зор Манас,
Алты ай сурап Бээжинди,
Алдатып жүрүп сайдырып,
Колун канга чалдырып,

## КОЛ ЖАЗМАДА КАЙТАЛАНЫП ЖАЗЫЛЫП АЛЫНГАН ЭПИЗОДДОР

### ЧУБАКТЫН ЖОГОЛУП КЕТИШИ

Абийир болуп кыргызга
Эзкара колго түшүптүр
Суук-Төрдү өрдөтүп,
Эзкаранын көтүнөн
Эр Чубак кошо кетиптир,
Алтымыш эрен түшүрүп,
Эзкараны байлатып,
Алтымыштай билдерге*
Экиден куржунча арттырып,
Эзкарасын баш кылып,
Алып келди Эр Чубак.
Ошондо Чубак көрүндү
Кырк чоросун жоктосо
Ошондо асыл Чубак жок,
Бейишиңе барбаймын,
Берениm Чубак келетат.
Асанды минтип баштадым,
Арыстаным Чубак келетат.
Сүйүнчүлөп келгенде
Бүткөн бою чечилип,
Эзкараны байлатып,
Алып келген кези экен.
Алптардын баары кеңешет
Эзкараны өлтүрсөк
Эзкара жомокту жөөндөтөт
Сөзү акыл бал ширин,
Ушу турган Бээжиндин
Таянар тоосу мен элем,
Мени өлтүрүп нетесиң,
Не мураска жетесиң,
Өлтүрбөй туруп сурасаң,
Дегениңе көнөйүн
Бурулча берип сулууну
Каратып Бээжин алсаң деп,
Ыгыман адам чыкпайт деп,
Эзкара өлбөй калды ошондо.
Андан кийин кеп айтат
Капыр менен мусулман
Бир адамдын баласы
Учмактуу тууган Бээжинден
Аксакалы мен элем
Деп Эзкара акыл салды эми.
Катагандын кан Кошой
Макул экен деп айтып,
Өлтүрбөгүн деп айтып,
Кан Кошой макул болбоду.
Эзкара Алмамбеттен сура дейт,
Алмакең ырас деп айтат,
Бурулчадай сулууну
Тартууга берген жери экен.
Эчен нарга жүк артып,
Бурулча өңдүү сулууга
Бул жүктөтүп бердирип,
Ушу учмактуу тууган Бээжин деп,
Алтымыш пилге жүктөтүп,
Таласка кетти Бурулча.

### АЛМАМБЕТТИН АҢГЕМЕСИ

Кылычка таккан кыныңды айт,
Бел байлаган беги ким,
Бээжинден чыккан эри ким,
Талаада коргон чеби ким,
Каканчылуу Бээжинди,
Кайтарып турган эри ким,

Бел байлаган белиң айт,
Бээжинден чыккан шериңди айт,
Тетиги дүмүрөйүп түптөнгөн,
Кайсы кандын баласы,
Тетиги булуңгырлап бурчтанган,
Булуң бир тартып оштонгон,
Тетиги айнектей болгон ак калаа,
Кайсы кандын калаасы,
Тетиги алтын эшик дарбаза,
Ай тийгендей көрүнүп,
Кайсы кандын ордосу,
Тетиги кайкалап жаткан Кара-Тоо,
Кайсы кандын жери ошол,
Тетиги мамыда турган боз качыр,
Кайсы кандын аты ошол,
Бозала жери кызыл чок,
Кандай кандын жайлоосу,
Тиги салынып түшкөн кара кыр,
Кандай кандын жери ошол,
Тээ куркулдап учкан кара куш,
Мунара учуп бөлүнүп,
Жайкай түшүп төгүлгөн,
Кайсы кандын бели ошол?
Бел байлаган бегиң айт,
Алаке,
Бээжинден чыккан жериң айт.
Ошондо Алмаң муну айтат:
«Башка салдың домокту,
Эми айттырмак болдуң жомокту.
Уй куймулчак Сарала,
Минбей келди дейсиңби,
Кечилдин арасын бузганда,
Ченебей чыккан кайран жан,
Бээжинден качып чыкканда,
Алты сан кара бир калдай,
Аксакалы Коңурбай,
Тынбай алты ай салышып,
Алдырбай чыктым мен кандай.
Жети сан кара бир калдай,
Жеткилеңи Коңурбай,
Тынбай жети ай салышып,
Баатыр Манас кабылан,
Алдырбай чыктым мен калдай.
Тилимди албай Азиз хан,
Тактыда турган чагында,
Тактыдан башын алгамын,
Жайлап чыккан мен кандай.
Сары алтындан чаптырган,
Тагым бир калды Бээжинде,
Сары талдан сайдырган,
Багым калды Бээжинде,
Бу дүнүйө жалган деп,
Тозок отун арам деп,
Бу дүнүйө жалган деп,
Тозок оту арам деп,
Качып чыккан мен кандай.
О калыйпа султан бир калдай».
Ошондо Манас муну айтат:
«О Алмамбет оңбой кал,
Баштатан айтсаң Алмамбет,
Чийбейт белем сызыкты,
Салбайт белем кызыкты,
Ой Алмамбет оңбой кал,
Бичигинин шаары деп,
Кайра бир айтчы жаңкыңы,
Калмак кул чыгарайын калпыңы.
Аккандын кызы Аруукe,
Калың бир кара динстан,
Сага тартуу бергенде,
Көрдүңбү Бээжин деп сурап,
Жаткызбай туруп сыр сурап,
Көрдүңбү Бээжин дегенде,
Көргөнүм жок деп айттың.
Алаке калпты мынча какайттың,
Омбуну бузуп алганда,
Ортосун бузуп жол салдык,
Көрдүңбү Бээжин дегенде,
Көргөнүм жок деп айттың.

Ат байлаган чоң мамы,
Такыр бойдон өтсүн деп,
Көрүп калсам Бээжинди,
Кайран жан
капыр бойдон өтсүн деп,
Мында куран кармадың.
Кудай урган болобу,
Куран урган оңобу,
Алмамбет,
чиненбей калпты көп айттың».
Ошондо ыйлап ийди Алмамбет,
Кичинемде тууган жер,
Киндигим кесип бууган жер,
Анан кантип билбейм Бээжинди,
Көйнөктүн кирин жайган жер,
Көпөлөк кууп чоңоюп,
Көңүлүм өскөн кайран эл.
О кантип билбейм Бээжинди.
Айтпаган жайым бар болчу,
Кара көздүн нурдуусу,
Сенин бир зайыбың Каныкей,
Бусурмандын сулуусу,
Айтпагын аяш деп айтып,
Айтып койсоң Бээжинди,
Калың бир кара динистам,
Ошондо Манас оолугуп,
Чогуу айдап албайбы.
Бээжинге барган киши көп болуп,
Келген киши аз болуп,
Айтпагын аяш деп айтып,
Куранды үч карматып алдырган.
Айтпагын аяш деп айтып,
Бакай экөө баш болуп,
Антыңан коркуп жүргөмүн,
Айтып турса Бээжинди,
Искендер издеп барбаган,
Сулайман сурак салбаган,
Экөөбүз эмес Бээжинге,
Азиретиаалы барбаган,
Чалыяр барбас Бээжинге,
Чамаң бир келбейт дегенмин,
Искендер барбас Бээжинге,
Сенин алың бир келбейт дегенмин.
Казып бир койгон ору бар,
Кайнатып койгон шору бар,
Анда жаткан мерген бар,
Бийиги кырк кез аңы бар,
Тетиги дүмүрөйүп түптөнгөн,
Чоң Бээжин деген шаар ошол,
Тетиги булуңгур болуп бурчтанган,
Чет Бээжин деген жер ошол,
Чеби жок кытай эл ошол.
Айнектей болгон ак калаа,
Тетиги менин атам Азиз кан,
Азиз кандын калаасы,
Тээ салынып түшкөн кара кыр,
Каканчыктын бели ошол,
Тетиги кайкалап жаткан Кара-Тоо,
Кара чайдын кени ошол,
Кайрадан кытай жер ошол.
Ичине кирген душманды,
Кармап алар жер ошол.
Алыстан келген душманга,
Кебез ычкыр чоң өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Кемедей болгон эр ошол,
Калалуу коргон чеп ошол,
Алыстан келген душмандан,
Кайтарып турган эр ошол,
Тетиги алтын эшик дарбаза,
Эсенкандын ордосу,
Алтындан така кактырып,
Эсенкан кызы Бурулча,
Энчилеп минчү жоргосу,
Эзелде катын албаган,
Кечил деген молдосу.
Тетиги үйдөй болгон боз качыр,
Мамытбек кулдун аты ошол,

Кол токмоктой шер ошол,
Акылы кем деп дебесе,
Туулгандан жалгыз көзү бар,
Мамытбек деген алп ошол.
Буруттун каны Манаска,
Тең келишем деп ойлоп,
Сенин жолуңу тоскон эр ошол.
Сени кармап алчу эр ошол,
Сен барып чаап алучу,
Маргаландык сарт эмес,
Коркутуп олжо алучу,
Хотендиктин журту эмес,
Аттанып басып алучу,
Анжияндын журту эмес,
Бээжин бекер жер эмес,
Ороккыр менен Музкиндик,
Жолуңан чыкса оңдурбайт,
Көчүгү кулач Канышай,
Катын кандын эли ошол,
Ургачынын шери ошол,
Сен кармап алчу шер ошол,
Чагаракта туугандын,
Кырк төрөгө баш болуп,
Чардап турган жер ошол.
Ошондо Алмаң муну айтты,
Бу кудайдын кылган иши экен,
Кечээ мен Бээжинде турганда,
Коңурбай качак киши экен,
Калкында калмак чоң экен,
Калкынан азган кор экен,
Мени бир калмак дегенге,
Эмгектүү кулдун шору экен,
Калкында калмак чоң экен,
Калкынан азган кор экен,
Алооке кан, Азиз кан,
Тактыда турган Эсенкан,
Үчөө бир атанын балдары,
Коломтодон кор чыккан,
Коңурбай аттуу зор чыккан,
Менин бир атам Азиз кан,
Алты катын алыптыр,
Мерзент көрбөй калыптыр,
Туулган жерим айтайын,
Тукумсуз өтмөк болдум деп,
Зор канына кат жазып,
Гөпкөчүк деген сынчысын,
Жети жылы катыптыр,
Жер алдына багыптыр,
Сынчыларын чакырып,
Кыз-келиндин баарысын,
Чубатууга салыптыр.
Таш-Көпүрө зындандан,
Кыз-келин сынап калыптыр,
Кайсынысы тууйт деп,
Кайсынысы туубайт деп,
Жаратпай карап туруптур.
Кыз-келин чубап болгондо,
Артынан чыкты Алтынай,
Ургачынын шери экен,
Соорондук кандын кызы экен,
Он алтыда табы экен,
Уул тууса уу тууйт,
Буруттун каны Манаска,
Тең келе турган уул тууйт.
Коңурбай сындуу манжуну,
Көмө койчу уул тууйт.
Кандан жардык болгон соң,
Менин атам Азиз кан,
Алып келип берген соң,
Калмакча нике кыйдырып,
Жыл он эки ай болгондо,
Боюна бала бүткөндө,
Толгоо жакын киргенде,
Энекем нурдан бүтүптүр,
Менин балам экен деп,
Азиз кан зыйкырларын чакырып,
Ай эсебин алганда,
Азиз кан менден бүттү деп,

Энемдин касиети бар экен,
Азиз кандай арамдын,
Койнуна шайтан жаткызып,
Энекем көзүнө боёк сүрүптүр,
Энекем уктап жатып түш көрүп,
Энекем нурдан бүткөн бала деп,
Толгоо жакын келгенде,
Илгери бусурманды чапканда,
Алты жашар бала экен,
Ат сооруга салыптыр,
Мажикти уйчу кылып алыптыр,
Чоң косо уюн кайтарып,
Көк токойлуу масаңдан,
Уй көтүнө салыптыр.
Мажикти уйчу кылыптыр,
Айланайын Мажик деп,
Бусурмандын тукуму,
Толгоо жакын кирди деп,
Чоң токойдо мазар бар,
Бутагын кыйып келгин деп,
Күнү-түнү алты күн,
Алманбетти толготуп,
Бейшембинин күнүдө,
Жуманын кадыр түнүдө,
Машадай мойнум ийилип,
Алмам бала туулду деп,
Капырдын даңзасына чийилип,
Асмандан Алланын күнү тутулду,
Күн жаабаган Бээжинге,
Күнү-түнү жети күн,
Зилзала жүрүп кетиптир,
Дүмөктүү турган чоң Бээжин,
Бузулуп кете жаздаптыр.
Эрешен тартып эр болсо,
Эр уулу менен тең болсо,
Калайманды салат деп,
Кытайдын бичигине чийилип,
Таятам Соорондүк канга
бактырып,
Алты жашта артылып,
Жетиге чыктым жетилип,
Он жашыма келгенде,
Мылтык атып, жаа тыртып,
Он эки жашка келгенде,
Молдого кармап бергенде,
Он алты жашка келгенде,
Дүмөктүү тууган Бээжинди,
Бир четин чоюп мен чыктым,
Суук-Төр деген жер экен,
Окуп жүргөн балдарга,
Ажыдаар сабак берчү экен,
Бадана кийген маңкы жаян,
Кулагы темир кутан алп,
Ороккыр менен Музкиндик,
Тыргооттун каны Незкара,
Шибээнин каны эр Жолой,
Алооке кандын Коңурбай,
Ак байталын токуган,
Каражой уулу Кожояр,
Алманбет менен окуган.
Алтообуз бирге окудук,
Жети жүз бала бир барып,
Жети бала мен келдим,
Алты жүз бала бир барып,
Алты эле жалгыз ичинде,
Алтообуз бирге мен келдим.
Жети баштуу ажыдаар,
Бир жак башын көтөрсө,
Асмандан жамгырдай болуп
таш кулап,
Бир жак башын көтөрсө,
Алакайыр шыбыргак,
Коңурбай жайын сурасаң,
Тилмер кылып үйрөткөн,
Бияктан душман келет деп,
Түлкүнү тилмер кылып үйрөткөн.
Жез канаттуу куу өрдөк,
Коңурбай

чалгынчы кылып үйрөткөн,
Төрт аяктуу куу кулжа,
Тегерек таштын жонунда,
Бияктан душман келет деп,
Кулжаны тилмер кылып үйрөткөн,
Учкучтан кабар алганда,
Жез канаттуу куу өрдөк,
Учуп кабар берүүчү,
Коңурбай тилмер кылып үйрөткөн.
Булардын жайын айтайын,
Ошолордун ичинде,
Алманбет күндүн жайын окудум,
Жай ташты сууга салгамын,
Күндү жайлап карасам,
Ак жайдын күнү кыш кылып,
Каарданып жайласам,
Кийими жука кытайды,
Кыңшылатып кыз кылып,
Күндүн жайын окудум,
Ак байталын токуган,
Каражой уулу Кожояр,
Алмамбет качып чыкканда,
Алты жыл кийин окуган,
Мен жайында айтайын,
Келгендерден кеп уктум,
Алооке кандын Коңурбай,
Кандыкты сурайт деп уктум,
Шибенин каны эр Жолой,
Тыргооттун каны Незкара,
Кандыкты сурайт деп уктум,
Коломтодон кор чыгып,
Коңурбай аттуу зор чыгып,
Кайкалаган Кара-Тоо,
Чайдын кени болучу,
Билек күчүн көрсөтүп,
Чай кенин тартып алганда,
Кечээ Кан-Жайлакты талашып,
Жайлоону тартып алганда,
Менин атам Азиз кан,
Алмамбет он жетиге келдиң деп,
Коңурбайдай манжудан,
Кегимди алып бергин деп,
Туубай туура чөгүп кет,
Жеримди алып бербесең,
Коңурбайдан өлүп кет,
Таш-Көпүрө зындандан,
Артынан издеп баралык,
Карпа-курпа салыштым,
Артыман келдиң деп,
Азиз кандын арам сийдик арамы,
Эмне жетип келдиң деп,
Эсебиңди табам деп,
Тийип көрчү көрөйүн,
Эшектей кардың жарам деп,
Жеке маңдай сайыштым,
Кезегин мурда бергемин,
Оң кол менен кайран жан,
Алгаранын үстүнөн,
Алты жол көмө койгомун,
Өлөрүнө көз жетти,
Алгаранын үстүндө,
Өбөктөп Коңур качты эми,
Сарала менен зыргытып,
Мүчүлүштөп калгамын,
Аркырап качты Алкара,
Коломолуу сыр найза,
Колтугунда койкойтуп,
Артынан көзүм салгамын,
Алгаранын үстүнөн,
Отурган иттей чочойтуп,
Кууган чоро мен өзүм,
Тазкарадай далдайып,
Аны кууган чоро мен өзүм,
Ошондо кагылайын энекем,
Орою актан жаралган,
Мында туруп нетебиз,
Ошондо динстам көздөй кетели,
Энекем кырк чоро тандап алыптыр,

Кыркына мамык камдаптыр,
Узун моюн кең далы,
Жалгызга медет болом деп,
Сараланын энеси,
Тору бээни миниптир,
Олоңдой болгон кара чач,
Төбөгө улай түйүптүр,
Эртең менен болгондо,
Колуңа бооруң алгын деп,
Атаңа салам айтып баргын деп,
Бусурман кылсак атаңды,
Калың кара динстам,
Кол көтөрө баралык,
Алик албай бир калса,
Атаңдын башын алгын деп,
Эртең менен болгондо,
Энемдин тилин алгамын,
Атама салам айтып баргамын,
Кой балам уят деп,
Бөлөк динге баспа деп,
Бурутту көздөй качпа деп,
Жараткан кудай ушу деп,
Алып келип бир чоюн,
Чоюн кудай болобу,
Чокунган адам оңобу,
Жана ар жакка чуркады,
Калайдан калган бир сүрөт,
Алып келип маңдайга,
Кааласа келде болобу,
Колунан жулкуп алгамын,
Күп дегизе доңузду,
Жерге уруп салгамын,
Майыштыра тепкилеп,
Эшикке чыктым энеме,
Арам атаңын башын алгын деп,
Асты колум барбады,
Эшикке чыксам Алтынай,
Эмине карап турасың,
Колумдагы чоң камчы,
Алмамбеттей көк жалды,
Төбөгө тартып ийди ошол,
Эти ачыган курган жан,
Үйгө кирди бүгүлүп,
Эшикке чыктым жүгүрүп,
Кан ичме кара жойболот,
Белимен суурып алгамын,
Алтын таштын үстүнө,
Тиктеп карап калгамын,
Чөйчөктөй болгон бул кайрак,
Кулап кетти шалдырлап,
Чарадай болгон кайран баш,
Кулап кетти калдырлап.
Көкүлдөн сүйрөп чыккамын,
Энекемин алдына,
Тоголотуп баргамын,
Ошондо энекем берди батасын,
Атаң эмес ...............* деп,
Таңды магшар күнүдө,
Тозоктун түбүнө күйчү адам деп,
Энекем менен кырк бир жан,
Бээжинден чыккан жер ошол.
Энекем
чылбырдан кармап чыркырап,
Бу жерден аман кетсең деп,
Кайрылып келбе Каканга,
Кайрылып келсең Каканга,
Киндигиң кесип бууган жер,
Кичинеңде тууган жер,
Кайрылып келип калсаң кокустан,
Учмактуу турган чоң Бээжин,
Топурагы тартат деп,
Энекем менен кырк бир жан,
Бээжинден чыга берүүдө,
Капыр да болсо чочкону,
Же кыдыр даарып кеткенби,
Азиз кандын арамы,
Быйыл бурутту көздөй качат деп,
Калайманды салат деп,

Кантсе быйыл качат деп,
Коңурбайды чакыртып,
Тирүү кармап келгин деп,
Алың келбейт арамга,
А дагы ашкан балбан деп,
Жаңгыздык кылып койбо деп,
Ороккырды чакыртып,
Бөрүкерди чакыртып,
Музкиндикти чакыртып,
Шибенин каны эр Жолой,
Эр Жолойду чакыртып,
Алмамбет кармап келсең деп,
Тирүү кармап келсең деп,
Кызыл алтын мүлк берип,
Тандаган сулуу кыз берип,
Алтоо келет жол менен,
Арамдар келет жол менен,
Эр башына бериптир,
Алты жүздөн кол менен,
Илек-илек кол келди,
Алтоо келет жол менен,
Алты жүздөй кол менен,
Карахандын Камчыбек,
Катар айдап алыптыр,
Жерден бир тал көрүнбөй,
Алмамбет жай ташты колго алганы,
Жайлап карап калганы,
Жай калкыган булутту,
Кыш булутка көтөрүп,
Алакайыр шыбыргак,
Ак жайдын күнү кыш кылдым,
Кыңшылатып кыз кылдым,
Ошо кезде арамды,
Үйдөй болгон терекке,
Казандай болгон кара таш,
Терекке барып тийгени,
Белин үзө койгону.
Ошондо калган калың кол,
Үйлөтүп ийдим шамалга,
Дуба бүткөн курган жан,
Ичим көөп кетти эми,
Кайра дуба жандырдым.
Бир оокумда болгондо,
Алдымдагы Сарала,
Күнү-түнү кырк күнү,
Бир тал чөптү кыйбады,
Бир пияла чай ичпей,
Алмамбет көк жал чыдады,
Бир жерге жетип мен келсем,
Кырк чором шейит болуптур,
Өлөр жолдон өлбөптүр,
Каражой кулдан өлүптүр.
Энекем тору бээни миниптир,
Эсенкан берген уу дары,
Энекем найзасына сыйпаптыр,
Энекем ургачынын шери экен,
Энекем кырган өлүгү,
Эки эсе менден артык кырыптыр,
Кагылайын энекем,
Жалгызга медет болом деп,
Тополоң учуп тоз түшүп,
Мунара учуп боз түшүп,
Энекем чоң коктунун түбүнөн,
Бугуп жолум тосуптур,
Буктурмалуу кезеңден,
Бугуп жолун тосуптур,
Коңурбай келе жатканда,
Кагылайын энекем,
Күүгүм кирип калганда,
Ээр белдей белестен,
Коңурбай энекеме кезигет,
Аябаган калчага,
Аркан бою кезигет,
Коңурбай туулду дегенде,
Үч эле Бээжин козголуп,
Айдыңынан бата албай,
Айзаны ылдый шилтеп алган бейм.
Кар жиликтин булчуңду,

Жара сайып салыптыр,
Кантип сайып салды деп,
Кара аты көздөй чуу деп,
Коңурбай
Бээжинди көздөй качыптыр.
Алачыктай сур манжу,
Бээжинди көздөй качыптыр,
Ыраактан көрүп Алмамбет,
Аркардай алым ала көр,
Ушу турган калчадан,
Кегимдин аягын бере көр.
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Калдайдын кара тонун чечерде,
Дарбазанын түбүнө,
Арамды көмө муштап өтөрдө,
Эр Мажик жетип кармады,
Кагылайын Алмамбет,
Бу калчанын кара аты,
Ушу турган жылкыга,
Жеткизбей турган адаты,
Барбы чочко деп ойлойм,
Иттин Кап тоосунда конобу,
Дарбазага тартпайбы,
Алтымыш жайсаң кырк кечил,
Башыңды кесип салбайбы,
Кайра барып эр Манас,
Ак байбиче энекем,
Чоң адырдын четинде,
Тору бээ ойноп калыптыр,
Эмчегинин алдында,
Энемин ок жаңылып калыптыр.
Өлөр жоодон өлбөптүр,
Каражой кулдан өлүптүр,
Энекелеп бакырып,
Салып жетип мен келсем,
Энекем шейит болуптур,
Он эки түймө тарткамын,
Эмчегинин алдынан,
Шуу дедире жыттагам,
Аманат жанды кыйнадым,
Башымы салып ыйладым,
Кара-Үңкүрдүн ичине,
Аманат койдум энемди.
Көктүгүн көр капырдын,
Кутказбас айла кылыптыр,
Уй майына бышырган,
Экиден кирпич байлаптыр,
Кырк миллион аскерге,
Экиден кирпич бөлүптүр,
Каарданып Эсенкан,
Жалгыз жүргөн Алмамбет,
Алты айга жүзү болду деп,
Бийиги кырк кез болуптур,
Кутулбас айла кылыптыр,
Бийиги кырк кез сепилди,
Алмамбет жолун байлаптыр,
Тегеректеп алды эми,
Темир торун жайыптыр,
Тегеректеп алыптыр,
Колго түшсөк капырга,
Кескилетип өлгүчө,
Добулга тийип өлөмүн.
Камчы салбас Сарала,
Катуураак камчы урайын,
Эр Мажиктин чылбырын,
Алмамбет үзөңгүгө толгоду,
Тегеректеп келгенде,
Добулду көздөй бет алды,
Өлмөйүнчө жан таттуу,
Бута атымдай калганда,
Аркыратып алды эми,
Сарала менен Алмамбет,
Алмамбет көзүн жуумп алды эми,
Сарала бутун жыйып алган бейм,
Так секирип калган бейм,
Дин истамга колдо деп,
Бир айкырып калды эми,
Ар жакка кыргын түшкөндө,

Баш үзүлүп кетмек деп,
Он эки мүчө текшерсе,
Ошондо Алмаң бул аман,
Сарала баткакка батыптыр,
Сарала буудан дагы аман.
Артын карап кылчайса,
Жолдошу Мажик эр аман,
Бийиги кырк кез сепилден,
Же бир жарым кез болгонбу,
Же азирейил шер колдоп,
Же ыргытып ийген экенин,
Ошондо качып кутулдук,
Алайдын сары Таласка,
Кырк бир жанга кез болдум,
Кулундуу тору бээси бар,
Ошондо мыйзамдын гүлү учуптур,
Былкылдак куурай бышыптыр,
Теректин түбү саргарып,
Алмамбет уруш салганы,
Ошондо,
алты айдын жүзү толуптур.
Сары-Арка көздөй бет алып,
Таң кашкайып атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Көгүчкөндөй көгала,
Сан жылкыга кез болдум,
Ээси болсо келсин деп,
Доолбасты каккамын,
Ушу турган жылкысын,
Батырата тийгемин.

**КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ**

Ат келгиче болбойт деп,
Калк зеригип кетет деп,
Калмактардан бириң чык,
Кыргыздардан бириң чык,
Эки жакка бөлүнүп,
Сайганың байге алгын деп,
Сайдырганың куру калгын деп,
Баягыдан эки эсе,
Байгени сайып турду эми.
Алооке кандын Коңурбай,
Сайышка чыккан кези экен,
Алгарадай бууданды,
Чаппай койгон бууданды,
Калк чогулуп келгенде,
Кантсе сайыш болот деп,
Таптап келген Коңурбай.
Даңкы чыккан Манас деп,
Аккуладай күлүгүн,
Чаап ийди байгеге,
Кантсе Манас чыгат деп,
Көөдөктү узунунан салам деп,
Даярланып Коңурбай,
Коңурбай жайын айтайын,
Отогосу балкылдап,
Сок билектей кара чач,
Желкесинде бурбуюп,
Бүкүр каман бүк таман,
Желкесинин арты,
Он эки карыш он тамам,
Кең маңдайы күрөктөй,
Алачыктай сур манжу,
Турган экен Коңурбай,
Асмандан булут тутула,

Калча аттан жыгылса,

Көтөрө калып кутултчу,
Акаяр деген балбан бар.
Найзакерден мыкты кул,
Келишимдүү зор калча,
Алтын тизгин булкунтуп,
Алгара менен жулкунтуп,
Аттангын бурут деп айтып,
Алачыктай манжуну,
Адам келбей турганда,
Аккуладай күлүктү,
Кабылан Манас келгенче,
Сайышка чыгып Коңурбай,
Сайышка адам чыкпаса,
Байгемди бергин деп айтып,
Сайышка чыкты Коңурбай,
Атын кошуп зор Манас,
Айкөл Манас күүлөнүп,
Бокмурунга сүйлөнүп,
Эр сайышы болот деп,
Айтсаң боло ит ой деп,
Аккуладай күлүктү,
Чаап ийдим байгеге,
Ат жаратып минем деп,
Алакандай кыргызды,
Алдынан чубап бергин деп,
Ат жаратып минем деп,
Алдынан чубап бергенде,
Ат жаратпай турганда,
Түш кыйшая береде,
Эл тосулуп болгондо,
Эл бириндеп калганда,
Айсарала ат минген,
Сарала сындуу ат минген,
Сары рапыс тон кийген,
Узун моюн кең далы,
Сунса найза тартпаган,
Сумсайса жоодон кайтпаган,
Бала ителги көздөнгөн,
Бал шекердей сөздөнгөн,
Аттанып чыкса ак жолтой,
Атышкан жоого сан колдой,
Кабылан тууган Алмамбет,
Кабылан тууган эр болчу,
Байкап калган адамды,
Жүрөккө бүткөн чер болчу,
Кулагынан муруту,
Алты оролгон эр болчу,
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Эл бириндеп калганда,
Алманбетти карады,
Алдындагы Сарала,
Жагалмайдай жылкы экен,
Төрт аяктуу жылкыны,
Эңкейиштүү жер болсо,
Куткарбоочу мал экен,
Өргө сала бергенде,
Колу узун Сарала,
Өксүп калчу мал экен,
Аккуладай буудандын,
Же таяке жээниби,
Же бир киндиктен чыкканбы,
Бир серпими кем экен,
Сарала терин аяба,
Алты ай, алты ай деп,
Алтайдын канын өлтүрүп,
Шаңгай кирди деп уктум,
Шаңгайдын канын өлтүрүп,
Каңгай кирди деп уктум,
Сары-Аркада Көкчөгө,

Келгениң алты жыл болду,
Карадан туулуп ак болуп,
Калмактан качып жат болуп,
Көрбөсөк да билбесек,
Алтын айдар чок белбоо,
Кол алышып коёлу,
О Алманбет аманбы,
Аккуладай күлүктү,
Чаап ийдим байгеге,
Сарала берсең кантет деп,
Ошондо Алмаң муну айтат,
Ыргып түштү Алманбет,
Баатыр, кезегиңди, жолуңду,
Берсең кантесиң деп,
Ага-ининин баласы,
Эки кочкор бир казан,
Кайнабастан чыкканын,
Башта кегим бар эле,
Көмө сайып берейин,
Баатыр, жолуңду бергин мага деп,
Жеткен жерде соёюн,
Арамдын башын алайын,
Белиме саадак салайын,
Кара калың дин истам,
Арамдан капкайда кегим алайын,
Колуңду бергин баатыр деп,
Кур моюнга бир салып,
Кара көйдөн түрк тууган,
Аягы менен тик тууган,
Азиз кандын жалгызы,
Алакандай буруттан,
Адам чыкпай калды деп,
Бизден кеткен качкын кул,
Алмамбетти салды деп,
Күбүр кылып калбайбы,
Кезегиңди бересиң,
Кезегиңди аларсың,
Кезегиңди алган соң,
Арамды көмө муштап өтөрсүң,
Тирүү коё берсең деп,
Түп ажалың ушундан,
Болуп калат деп,
Ичинде кеги калат деп,
Сараладай бууданды,
Түшүп берди Алманбет.
Айкөл Манас алды эми,
Калкамандын кара аты,
Жабдык салып минди эми,
Сараладай бууданды,
Коштоосуна алды эми.
Каныкей кылган ак күбө,
Жебенин огу жетпеген,
Келтенин огу тешпеген,
Бараңдын огу батпаган,
Очогор атса тешпеген,
Алладан ажал келбесе,
Бөөдөдөн өлүм жетпеген,
Болоттон кылган шиш жебе,
Болжоп сайса өтпөгөн,
Тиктен сайса кирбеген,
Тигишине өтпөгөн,
Ак күбөнү кийди эми.
Алты кулач сыр найза,
Тутам жерин кылдатып,
Тутам жерин сырдатып,
Колдон тайма болот деп,
Кармап турган жерине,
Коло менен чырматып,
Ар түрдүүдөн сураба,
Болоттон кылган сыр найза,
Алтымыш эки бурама,
Учуна болот учтаткан,
Тийген жерин ырбаткан,
Адамдын көз жашына сугарткан,
Сыр найзаны алды эми,
Уңгусу болот учу курч,
Учуну тарткан кара курч,
Эшик эндүү айбалта,

Уңгусу болот учу курч,
Учуна тарткан кара курч,
Белге чалды зор Манас,
Эки миздүү сулпукор,
Медияндын чөлүндө,
Асмандан жети кылыч түшкөндө,
Кызыр чалган Манаска,
Кыйыны тийген кылычтын,
Белге Манас чалды эми,
Алты кулач сыр найза,
Жерге муштап турду эми,
Күн батыш көздөп зор Манас,
Кезегиңди алгын деп,
Мурунку кезек сеники,
Кезекти берер кезиңде,
Ошондо манжу качпа деп,
Ай караңгы түн бүркөк,
Түн эмине болот деп,
Калкамандын кара аты,
Мүдүрүлүп кетсе деп,
Күн эмине болот деп,
Такоол болуп бергин деп,
Акбалтай кандын Чубакка,
Көз кыйыгың салгын деп,
Бакайдын ар жагына койду эми.
Кыбыла көздөй бет алып,
Айкөл Манас турду эми,
Алооке кандын Коңурбай,
Сайышка чыкты момундай,
Ай караңгы түн бүркөк,
Түн эмине болот деп,
Буруттун каны Манас деп,
Көмө коюп өткөндө,
Күн эмине болот деп,
Солондору башында,
Жайсаңдары кашында,
Төө көтөргөн балбан бар,
Асмандан булут тутулат,
Коңурбай аттан жыгылса,
Акаяр деген балбан бар,
Кабарын угуп зор калча,
Камдана келген Коңурбай,
Кең Каркыра боюнда,
Калмак менен кыргыздын,
Карчылдашкан кези экен,
Эки жакка бөлүнүп,
Эзкара менен эр Кошой,
Эки жакка бир бөлүп,
Калыска чыккан кези экен.
Коңурбай
аңгайлап ураан салды эми,
Мурунку кезек меники,
Кезегимди бергин деп,
Кара аттын оозун тартпады,
Качыргандан кайтпады,
Алтын күрмө чети деп,
Күмүш күрмө чети деп,
Кең далынын бети деп,
Омуртканын кезең деп,
Оңбоочу жери ушу деп,
Муштап өттү Коңурбай,
Күрс деп найза тийгенде,
Калкамандын кара аты,
Саралага бир тийип,
Кагылышып бир барып,
Саралага сыр найза бир тийип,
Кагылышып сөөнүп,
Ыкшап сайды Коңурбай,
Найзакерден мыкты кул,
Аябаган мыкты кул,
Бала экенде жасанган,
Балбан калча атанган,
Устундан найза улаткан,
Учуна болот сулаткан,
Жарды сайса ураткан,
Бет алган жоосун сулаткан,
Өзүң көргөн Коңурбай,
Чиренип найза урганда,

Салмагын салды зор Манас,
Айзасы түпкүч болуп түйүлүп,
Өтпөй калды найзасы,
Болду калча болду деп,
Айласын таппай зор калча,
Кайра көтөрүп найза салды эми,
Капшытынын тушу деп,
Тигишинен кирет деп,
Ыкшап сайды Коңурбай.
Бүрүшүнүн чийинен,
Ыдырап найза кирди эми,
Сологой колтук жагынан,
Колтугунун балык эт,
Булкуп найза кирди эми,
Манастын колтук канга толду эми.
Эти ачышып алганда,
Эмигинде айбалта,
Манас белинен сууруп алды эми,
Коңурбайдын айзасы,
Карыш сөөм төрт эли,
Түпөгүнө зор Манас,
Түп дедире урганда,
Айзасы кетти бөлүнүп,
Кырк чоро барабанды какканда,
Кезегин калча бере албай,
Токтой албай Коңурбай,
Кара жанды куткарып,
Кача берди Коңурбай,
Өргө сала бергенде,
Өксүп кетип баратат,
Кара атты Манас таштады,
Алманбеттин Сарала,
Жайдак чурап минди эми,
Алкымды көздөп качканда,
Эңкейиш жерге келгенде,
Сарала айтканынча бар экен,
Алгарадай күлүктү,
Сарала менен салып калды эми,
Ошондо көк жал жетти эми,
Алачыктай манжуну,
Алтын күрмө чети деп,
Айдалынын бети деп,
Омуртканын кезең деп,
Оңбоочу жери ушу деп,
Жеткен жерде сойлотуп,
Көмө муштап өттү эми.
Бугудан кылган чылбырды,
Алгарадай күлүктүн,
Башынан ыргып түштү эми,
Каскак менен кармайм деп,
Асмандан булут тутулду,
Үч имерип тиштеди,
Алгара ойноп качып кутулду.
Көмө коюп өткөндө,
Көөдөктү кудай алды деп,
Эр Көкчөнүн Көкала,
Сурап минген кези экен,
Жебеден мурда жетти эми,
Башта кеги бар экен,
Кең далынын күзгүгө,
Алмамбет тартып өттү эми.
Асмандан булут тутулду,
Алачыктай манжуну,
Акаяр деген балбаны,
Ала качып кутулду.
Сарала менен зыргытып,
Алачыктай зор Манас,
Артынан түштү зыргытып,
Кармай калды кан Кошой,
Айза кармап топко сал,
Кошой аябаган зорго сал,
Жооңду алып бербесем,
Башымды кесип суугa сал.
Кабылан Манас булкунуп,
Эр өлгөндөй жулкунуп,
Сарала туякты жерге мылгытып,
Сарала көкүлүн көккө ыргытып,
Кан Кошойдун колунан,

Бугудан калган чылбырды,
Сарала жулуп ала таштады.
Чакыртып алып ашына,
Бузукту бурут салды деп,
Түбү кектүү болбойбу,
Капырды калып өлтүрсөң,
Ой карарып калбайбы,
Кайкаңдын чөбү бал экен,
Кыргыздын колу аз экен,
Тилингени билинбейт,
Каптап уруш салбайбы,
Катын менен балалар,
Катыгүн тепсендиде калбайбы.
Ажыратты кан Кошой,
Бу мөрөйдү алганда,
Ат келгиче болбойт деп,
Алп зеригип кетет деп,
Же кыргыздан бириң чык,
Жыкканың байге алыгн деп,
Жыгылган куру калгын деп,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Байге сайып турду эми.
Жыкканың байге алгын деп,
Жыгылсаң куру калгын деп,
Жар чакырып турганда,
Калмактардын кан Жолой,
Үч капканы жердеген,
Жолой чыгып балбанга,
Алтымыш батман буудай жеп,
Дан жыттанган эр Жолой,
Алтымыш эрди өлтүрүп,
Кан жыттанган эр Жолой,
Жолойдун болгон табы экен,
Отуз беш жашта чагы экен,
Жолойдун жайы момундай,
Чакмак эти чарадай,
Булчуң эти букадай,
Жолой чыкты дегенде,
Алакандай кыргыздан,
Адам чыкпай көлөгөн,
Сары-Арканы жердеген,
Өтүгүнүн өкчөсү,
Айдаркан кандын Көкчөсү,
Кабылан Манас айкырып,
Алптардын баарын чакырып,
Жолой чыкты балбанга,
Эр элүү беш келгиче,
Мен күрөшкө жок элем,
Алптардын баарын чакыртып,
Көкчө жайын көп айтат,
Жолобоймун Жолойго,
Кулаалы жыйып куш кылдым,
Курама жыйып журт кылдым,
Алачтан чыккан мен элем,
Эр жалгызы мен элем,
Жолобоймун Жолойго,
Мен күрөшкө жок элем.
Кичи-Кемин жайлаган,
Тазбайматтын эр Үрбү,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөрөй алганга,
Жыгылсаң куру калганга.
Жолобоймун Жолойго,
Эр жалгызы мен элем,
Жолуккан адам соо калбайт,
Жолобоймун Жолойго.
Кең-Алайды жердеген,
Серпишканин койбогон,
Буудайкан кандын Музбурчак,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөрөй алганга,
Жыгылсаң куру калганга.
Жолобоймун Жолойго,
Ала берсин байгесин.
Эштектердин Жамгырчы,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөрөй алганга,
Жыгылсаң куру калганга,

Баарың бирдей качасың,
Эр Жолойдун жанында,
Жалаңкыч барбы жанында,
Жети-Сууну жердеген,
Жедигердин эр Агыш,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөрөй алганга,
Жыгылсаң куру калганга.
Ала берсин байгесин,
Тегерек кылган наны бар,
Төрт бурч соккон тамы бар,
Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Анжияндын Сынчыбек,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөрөй алганга,
Жыгылсаң куру калганга.
Эламандын эр Төштүк,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөрөй алганга,
Жыгылсаң куру калганга,
Бугудай кылып бапсайтып,
Алып келди Төштүктү,
Түрмөлүү Төштүк кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат,
Жер алдына жатканым,
Жети жылча болду эле,
Этим калды көк жашык,
Каным калды бир кашык,
Жезкемпир менен кармашып,
Жети жылы кармашып,
Жер алдына түшкөмүн,
Атаңдын көрү бок дүйнө,
Өзүң көргөн капырга,
Жети мөрөй сайганда,
Жети эле кабат алгамын,
Жети катар темирге,
Жепирейтип тепкенден,
Анан кызым берем деп,
Чалкуйрук менен күүлөнүп,
Оң бутумду чыгарып,
Жетини катар тепкемин.
Жепирейтип алгамын,
Мында күчүм бир кетти.
Кырк кулактуу миз казан,
Тегеретип ийгенде,
Чалкуйрук кирип кеткенде,
Алып кетсең мөрөйдү,
Анда кызым берем деп,
Чалкуйрук көлгө киргенде,
Көлдүн жээги көк ирим,
Кулачымды жайгамын,
Төшүмдүн жиги ачылып,
Алп кара куш досума,
Ажыдаар жеп баласын,
Алма салып турчу экен,
Акыреттик болоюн,
Ажыраткын баламды,
Акыреттик дос болуп,
Алп кара куш ошого
Убадамы бергемин.
Жыл маалында болгондо,
Ажыдаар жеп баласын,
Алманын алып турганда,
Алмасын алар чагында,
Аттанып алып эр Төштүк,
Уясына баргамын,
Эки бала бар экен,
Кан Төштүктү көргөндө,
Уясынан чыркырап,
Учуп кете жаздады.
Алп кара куш жалаңкыч,
Балдарды жутар кезинде,
Уясына кез болуп,
Илебин эми тартарда,
Эки мизи жой болот,
Белиме таңуу салгамын,
Өзүң көргөн ажыдар,

Алкымына тыккамын,
Туура тилип алгамын,
Куйругунан чапкамын,
Дүүлүгүп өлө баштаган.
Эсим ооп курган жан,
Алты күнү жаткамын,
Кырк күнү азык камда деп,
Самаган жерге жеткизем,
Элиңе аман баргын деп,
Эсенмим Төштүк кулак сал,
Түш десеңер түшөйүн,
Этим калды көк жашык,
Каным калды бир кашык,
Капырлардан кан Жолой,
Толорсукка тепкенде,
Кудайга үнүм жетпейби,
Жыгылып калса арстаның,
Төштүгүң өлүп калбайбы.
Андан өтө берди эми,
Алакандай кыргыздын,
Эми кимди табам деп,
Кечээ кыргыздан чыккан карыя,
Кымбаттуу Кошой карыя,
Кошой Кошой болгону,
Кошой атка конгону,
Айры Төштүк алдынан,
Абакем Кошой кулак сал,
Жатпай жүрдү деп уктум,
Карысаң да абаке,
Жолойго түшүп бергин деп,
Карысаң да абаке,
Билек күчкө сала көр,
Тоодой болгон Жолойду,
Аба, узунунан сала көр.
Картайып калган абасын,
Манас кармап калды этектен,
Абакең Кошой муну айтат,
Атаны арман бок дүйнө,
Жылаңайлак, жылаңбаш,
Же солкулдап турганда,
Атаны арман он тогуз,
Ошо тапта болбодуң,
Жыйырма беш менен отуздун,
Арасында болбодум,
Отуз беште Жолойго,
Ойронду салар жөн эмес,
Кырк беш менен элүүнүн,
Же арасында чак эмес,
Алтымыш менен жетимиш,
Же арасында чак эмес,
Сексен беште абаңды,
Манас кармап келдиң баканга,
Билек этим качан кез,
Балдар түш десеңер түшөйүн,
Көчүгүмдө кийгеним,
Жазгы марал териси,
Окура болгон сары шым,
Калмактардын кан Жолой,
Багалектен алышып,
Чирелишип калганда,
Тигишинен ыдырап,
Жонума чыгып барбайбы,
Абаңдын кулук башы көрүнүп,
Капырга уят болбойлу.
Карысам да курган жан,
Карпайып басып барайын,
Билек күчтү салайын,
Тоодой болгон доңузга,
Ит менен бир серпишип алайын,
Шымды баатыр тапкын деп,
Балбандарды чакыртып,
Тоо текенин териси,
Киймекке шымы барбы деп,
Балбандарды чакыртып,
Алып келгин шымдарын,
Кошой кийип жактырбай,
Шым чак келбей турганда,
Каракан кызы каныкей,

Кара көздүн нурдуусу,
Бусурмандын сулуусу,
Карыянын ашында,
Чоң тамаша болор деп,
Ургачынын уздуусу,
Темиркандын элинен,
Он бештей мерген жиберип,
Күзгү маал болгондо,
Алтымыш теке аттырып,
Ашаткысын жеткизип,
Көк шиберге таштатып.
Алматыны чалдырып,
Желмаянга жүктөтүп,
Талдан кабык алдырып,
Күдөөрү тартып ийлетип,
Жасап келген кандагай,
Жарым айга болгондо,
Аккандын кызы Арууке,
Тигишине келгенде,
Тиштеп атып кара бет,
Кашка тиши жоюлган,
Милте коюп тиктирип,
Колго жумшак болсун деп,
Тартып койсо узарып,
Чиелешип келгенде,
Ширидей болуп узарып,
Багалектин учуна,
Ишмиш коюп тиктирип,
Кол карышма болсун деп,
Жеңең акыл менен тиктирип,
Адамзат кийип турганда,
Булкунуп койсо айрылбас,
Булгарыны жеңекең,
Ичине иштеп алдырып,
Кийгенде пенде кубансын,
Деп ошентип Каныкей,
Ала келген эмеспи.
Айкөл үйдө жатканда,
Көрпөчөнүн алдына,
Кынабынан төрт бүктөп
Каныкей кылган кандагай,
Көрпөчөнүн астына,
Акылга тууган жеңекең,
Көрпөчөнүн астына,
Басмайылга тарттырып,
Бастырып койгон эмеспи.
Шым жактырбай турганда,
Ажыбайга жеткенде,
Мында шымды таптым деп,
Манаска айтып турганда,
Копчугунун* алдынан,
Ажыбай сууруп алганда,
Мынакей аба деп айтып,
Кошойго алып келип салганда,
Абаң Кошой кийди эми,
Абакең кийип турганда,
Кубанып Кошой турду эми,
Ата төмөн жагы эки эли,
Азыраак кыска болуп калды деп,
Ошондо Кошой муну айтты,
Анда Манас күүлөндү,
Жутуп ийчү немедей,
Каныкейге сүйлөндү,
Кандагай тиктим деп айтып,
Кыска болуп калды деп,
Ачууланып Айкөлүң,
Каарын чача баштады.
Ошондо жеңең келди эми,
Чын ажалың жетти деп,
Айкырып көк жал турганда,
Ажыбайга шыбырайт,
Үч кошкондун тушунан,
Танаптап койгон кандагай,
Танабын абдан сөкпөптүр,
Аба маа берсең деп,
Танабын чечти Каныкей,
Абам Кошой кийгенде,
Абакеңе чак болду,

Сүйүнгөндөн кан Кошой,
Алты жүз ала байталды,
Байгенин башы ушул деп,
Айгырын сурдан сайыптыр,
Баш байгеси жыккандын,
Айтып турду Бокмурун,
Сан дүйнөгө карабайт,
Манас шымды менден алба деп,
Абаң кандагайга кызыгып,
Бөрү этектен алганда,
Жоо жакадан алганда,
Ата кие турган шым экен,
Сүйүнгөндөн Кошокең,
Абаң кандагайга кызыгып,
Ошондо Кошой муну айтат,
Муну тапкан аял уз экен,
Кайсы зайбың тапты деп,
Баатырга сөздү салганда,
Имерилип кылчактап,
Басып келди Каныкей,
Кагылайын Кошоке,
Каракан кызы Каныкей,
Мындан бир мерзент көрбөдүм,
Шооруктун кызы Акылай,
Андан бир мерзент көрбөдүм,
Эр элүү беш келгиче,
Кан Манастан тукум жок,
Аргымак жыйдым ат жыйдым,
Тобурчак жыйдым ат жыйдым,
Жортконумду койбодум,
Жоо малына тойбодум,
Кечээ Алтайдын элин чапканда,
Катын менен балдарын,
Камчыга ченеп алгамын,
Мындан бир каргыш эткенби,
Бу мураска жетпедим,
Баатыр ошондо перзент күтпөдүм.
Аргымак жыйдым ат жыйдым,
Манастын көзү өткөндө,
Адырда алты сан жылкы
бир башка,
Айдап жүрсөм бири жок,
Манастын көзү өткөндө,
Аларды меники деген ээси жок,
Кагылайын Кошоке,
Батасы журтту байыткан,
Байгамбар чалыш абаке,
Абаке батаңды берип кийип ал.
Кандагай алып этемин,
Абаке не муратка жетемин,
Абаке батаңды берип кийип ал,
Байланып калган адамдын,
Багын ачты деп уктум,
Бекип калган бейиштин,
Эшигин ачты деп уктум,
Батаңыз журтту байыткан,
Аба батаң тиет деп уктум.
Аба батаңы берсең кантет деп,
Атынан түшө калып зор Манас,
Кур моюнга салды эми,
Алдыга мунажат кылып
калды эми.
Чакырып кел деп зайбыңды,
Каныкейди чакыртып,
Карай салып кан Кошой,
Телегейи тең экен,
Эрди салык эчки баш,
Эр мүчөлүү күң экен,
Кара көздүн нурдуусу,
Бусурмандын сулуусу,
Эч жеринде өөнү жок,
Керемети бар экен,
Азыраак айбы бар экен,
Желке чачы жүн экен,
Туубас болор күң экен.
Аягы кууш киши экен,
Манастын көзү өткөндө,
Күйүттүү болор күң экен.

Бөлөк зайбың барбы деп,
Кошой эки жагын карады,
Батаңды берсең шуга бер,
Кагылайын Кошоке,
Орозон сарттын он уулу,
Олжомо кордук кылганда,
Калкамандын беш уулу,
Уктатып салды мени деп,
Карегимди тундуруп,
Ободон жамгыр куюлуп,
Кара-Үңкүрдө жатканда,
Өлгөн жаным тиргизди,
Жар көчүрүп саларда,
Сур тайганды кимшитип,
Ошондо сууруп алган болучу.
Өлгөн жаным тиргизди,
Өчкөн отум тамызды,
Батаңды берсең ушуга бер,
Ошондо,
Баатырга мерзент бергин деп,
Абаң алаканды жайды эми,
Алладан тилеп калды эми.
Кошой бата бергенде,
Капыр менен бусулман,
Бурут эмине болуп кетти деп,
Алаканды жайды эми,
Өжөрүңө тийгенде,
Чоң атаңы жайла деп,
Ачуусу жаман келгенде,
Абыкесин аймасын,
Көбөшүн көргө кийирсин,
Кыягына келгенде,
Кырк чоросун сойсун деп,
Кошой бата бергенде,
Атасы көк жал Манастан,
Артык туул койсун деп,
Кошой бата бергенде,
Капыр менен бусулман,
Кошо бата бергенде,
Ошондо батадан бүттү Семетей,
Каныкей элден бата алды эми,
Мискин менен жетимге,
Кара нарга жүктөтүп,
Кечээ Таластан Манас чыкканда,
Элден бата алам деп,
Дилдени чачып берем деп,
Каныкей жүктөтө келген эмеспи.
Кан Кошойдун алдынан,
Жүгүнүп басып Каныкей,
Батасын алган кез ошол,
Анан абам түштү балбанга,
Жолойдун болгон табы экен,
Отуз беште чагы экен,
Ойронду салар чагы экен,
Балбактаган Жолойго,
Алтымыш батман буудай жеп,
Дан жыттанган эр Жолой,
Алтымыш эрди өлтүрүп,
Кан жыттанган эр Жолой,
Мурунку кезек сеники,
Жолой баатыр алгын деп,
Абаң билегин сунуп берди эми.
Чап билектен алганда,
Балтырган тарткан немедей,
Абаң билегин булкуп алды эми,
Карып калган абаңдын,
Билек эти сыйрылып,
Жолойдун чеңгелине кетти эми,
Кисенин жогор жагынан,
Алган экен бусурман,
Кый сүбөөдөн чеңгелдеп,
Алган экен бусурман,
Абаңын чеңгелине кетти эми,
Букача тартып илишип,
Ой жары тартып дөң болду,
Дөңдөрү минтип түз болду,
Букача тартып челишип,
Сакалдары бет-бетине тийишип,

Бир оокумда болгондо,
Картайып кеткен абаңды,
Дегеңдетип алыптыр,
Жолой жаштыгына салыптыр,
Сокого түшкөн өгүздөй,
Абаң бышылдап калган кези экен.
Аба Кошой, көтөр деп,
Кабылан Манас айкырды,
Күн батыш көздөп абаңды,
Жолой сүрүп калган кези экен.
Аба Кошой көтөр деп,
Манас удаа-удаа бакырды,
Картайып кеткен чагында,
Калкка уят болбоюн,
Азирети шер колдо,
Кошой мунажат кылып
калды эми.
Ошондо абаң күч алды,
Күн чыгыш көздөй Жолойду,
Абакең омуроого салды эми,
Дегеңдетип Жолойду,
Абам сүрүп калды эми,
Кең Каркыра боюнда,
Эр Жолойдун көт жагында,
Эски кемеге бар болчу,
Кошой ыкшап ийгенде,
Калмактардын кан Жолой,
Согончогун салды эми,
Күүлөнүп барган Жолой ит,
Кемерге бутун салды эми,
Күп дегизип Жолойду,
Абаң узунунан салды эми.
Көтөрүп уруп доңузду,
Абаң башын аттап калды эми,
Жыкмак бар бурут деп,
Аттамак жок бурут деп,
Бурут бул эмине кылганың,
Жабу-жабу-жабу деп,
Жабылып атка минди эми,
Мөңдү-мөңдү-мөңдү деп,
Бөлүнүп атка минди эми.
Мөңдүлөгөн көп калмак,
Дүбүрттү салып калганда,
Ошондо Манас айкырды,
Калкамандын кара атын,
Камчыланып алды эми,
Калың топтун ичинен,
Айкөл алчыланып алды эми,
Эки киши күрөшсө,
Бири жыгылмак болучу,
Ошондо дүрбөп калың эл,
Бул эмине дегениң,
А-алаган көп калмак,
Атка минип алыпсың,
Атка минер санаты,
Эки балбан күрөшсө,
Экөөнүн бирөө жыгылса,
Кыргыздын аттап кетер адабы.
Жылкымды тийип алгыдай,
Жабылып калмак калыпсың,
Тизгиниңди тарткын деп,
Ошондо баатыр айкырды.
Бу мөрөйүн алганда,
Байракты Бакай булгады,
Ат келгиче болбойт деп,
Да экинчи күрөш болсун деп,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Жар чакырып калды эми.

## ТЕКСТТЕ КЕЗДЕШКЕН АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ

Айза – найза
Амаз – намаз
Амыз – намыс
Ашаа – нашаа
Бил – пил
Бул – пул
Бошисти – фашист
Жаза – жаса
Истеп – издеп
Каз – кас
Кайзар – кайсар
Кийбебсиң – кийбепсиң
Күпө – күбө (ак күбө)
Күнүдө – күнүндө
Көкти – кокту
Мерзент, мерзет – перзент
Ойгут, ойкут – нойгут
Окто – нокто
Тастаркан – дасторкон
Туушар – дуушар
Түнүдө – түнүндө
Түрбү – дүрбү
Тозуптур – тосуптур
Пилимотун – пулёмотун

## ТЕКСТТЕ КЕЗДЕШКЕН АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ

**Бүлдүргү** – айбалтанын, камчынын, таяктын колго илип алуучу боосу.

**Батуба** – беддуа, тескери бата, каргыш.

**Бодарытып** – оодарышып деген мааниде болушу мүмкүн.

**Жуукур** – кошоматчы, арамза адам.

**Иримчик** – уйдун сүтүнөн жасалган тамак, сыр.

**Иликтр** – электр жарыгы.

**Канжа** – чылым тарткыч түтүк.

**Козу кулак** – контекстке жараша бир чөптүн аты катары ушундай окудук. Колжазмада сыясы өчүп жакшы окулбай калган.

**Копчук** – адамдын дене мүчөсү, чычаң.

**Көдөө** – чөптүн аты. Топ-топ болуп өскөн майда тоо чөбү.

**Кушылаш ээр** – кушбашы ээр.

**Мен** – кээ бир саптарда айтуучу «менен» деген байламтаны муун өлчөмү, ритмге жараша кыскартып айтып кеткен.

**Тепсерүүн** – тепселенип деген мааниде.

**Пили** – текстте улпак, жем деген мааниде.

## ТЕКСТТЕ КЕЗДЕШКЕН АДАМ АТТАРЫ

Абдыкерим
Абыке
Агыш
Адыбай
Ажыбай
Азизкан
Айдар
Айдаркан
Айжаңжуң
Айсалкын
Айчүрөк
Айымбача
Айымкан
Акаяр
Акбала
Акбалбан
Акбалтай
Акеркеч
Акинбай
Аккан
Акылай
Алмамбет
Алооке
Алтынай
Алымкан
Аргын
Арууке
Багыш
Байтайлак
Бакай
Бакыбай
Бирмыскал
Бозкертик
Бокмурун
Болот
Бурулча
Буудайкан
Бөлөкбай
Бөрүкөз
Гүлчө
Гөпкөчүк
Дуулат
Жакып
Жамгырчы
Жолой
Кажоол
Калийча
Калкаман
Калыйман
Калыйча
Камчыбек
Канчоро
Каныкей
Канышай
Карабөрк
Карагул
Каражой
Каракан
Карлыгач
Карыпбай
Китен алп
Кишимжан
Коёналы
Кожояр
Кошой
Коңурбай
Кутан алп
Кутманбет
Кутунай
Кушбек
Күлдүр
Күлнары
Күлчоро
Кыбы
Кызыл сарт
Кызылкыз
Кыргыл
Кыяс
Көбөш
Көзкаман
Көк дөө
Көкбалбан
Көкбөрү
Көкчө
Көкөтөй
Көлбай
Көлөйкан
Мадыкан
Мажик
Майаалы
Маматбек
Мамытбек
Манас
Маңкуш алп
Мелил
Музбилек
Музбурчак
Музкиндик
Музкөөкөр

Мурадыл
Мыскал
Мөндө
Нескара
Ормонбек
Орозон
Ороккыр
Орускан
Оңдөбө
Сайкал
Салкынай
Самкара
Сары таз
Сейтек
Семетей
Серек
Сынчыбек
Сыргак
Тазбаймат
Текечи
Темиркан
Титинбай
Толтой
Тукубай
Түкүбай
Түмөнбай
Төштүк
Улаккан
Урнайым
Урумкан
Үмөтөй
Үрбү
Чалыбай
Чачыкей
Чоң сакал
Чубак
Чыйырды
Чынкожо
Шаатемир
Шажыгай
Шайымбет
Шалбыр
Шоту
Шүкүркан
Шыгай
Ыктыбай
Ылама
Ыраман
Ырчуул
Ырчыбек
Ысмайыл
Эламан
Эрмекбай
Эсенкан
Этекбай

## ТЕКСТТЕ КЕЗДЕШКЕН ЖЕР-СУУ АТТАРЫ

Ак-Булак
Акжыян
Ак-Сенек
Алай
Алматы
Алтай
Амангeн
Анжиян
Арылуу
Ат-Башы
Ач-Албас
Басаган
Бек-Таш
Бел-Таш
Биккертек
Букар
Бүргөндүн суусу
Бээжин
Бөйрөк-Саз
Жапалак
Жети-Суу
Жеткайт
Жылгын
Жылгынды
Иле
Индустан
Ит-Өлбөс
Кайнар
Кан-Жайлак
Кап
Кара шаар Камбыл
Кара-Буура
Кара-Зоо
Кара-Тоо
Кара-Өтөк
Каркыра
Кашкар
Каңгай
Кебез-Тоо
Кең-Кол
Кокон
Кордой

Корумду
Котон
Кочкор
Кулжа
Кум-Бел
Кызарт
Кызыл-Кыя
Кыл-Эртиш
Кырк-Кайкы
Кырым
Көк-Кыя
Көк-Өтөк
Маргалаң
Марча
Маңкаң
Медияндын чөлү
Мунар
Ой-Акчий
Опол
Самаркан
Сары-Арка
Сары-Жон
Сары-Өзөн
Соң-Көл
Суук-Төр
Суурма
Суусамыр
Талас
Тал-Чоку
Ташкен
Таш-Көпүрө
Тек-Таш
Темирлик
Тоорукер
Турпан
Түркистан
Төрткүл
Улабак
Үкүрчү
Үрбүстүн суусу
Үргөнч
Үч-Капкак
Үч-Турпан
Хотен
Чамбыл
Чаткал
Чатыр-Көл
Челек
Чогоной
Чоң-Кашкар
Шаңкай
Ыргайлуу
Ыргайты
Ысык-Көл
Эчкилүүнү Кара-Зоо
Эчки-Өлбөс

## ТЕКСТТЕ КЕЗДЕШКЕН ЭЛ-УРУУ АТТАРЫ

Алач
Бурут
Даңгыт
Жапания
Жедигер
Инди
Казак
Какан
Калмак
Капыр
Караш
Катаган
Кыйба
Кыпчак
Кыргыз
Кытай
Манжу
Мундуз
Мусулман
Ногой
Нойгут
Ооган
Сапыраш
Солон
Солтон
Тажик
Тыргоот
Шибе
Эштек

## МАЗМУНУ

**АЛМАБЕК ТОЙЧУБЕКОВ**
«СЕМЕТЕЙ», «СЕЙТЕК»
«СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУНУН УЛАНДЫСЫ
ГҮЛЧОРОНУН КОҢУРБАЙГА КАРШЫ СОГУШУ .....4
ҮМӨТӨЙДҮН ОКУЯСЫ.....127
«СЕЙТЕК» ЭПОСУНАН ҮЗҮНДҮ .....165

**МАМБЕТАЛЫ АШЫМБАЕВ**
«МАНАС», «СЕМЕТЕЙ», «СЕЙТЕК»
ТҮЗҮҮЧҮДӨН .....214
МАНАС .....218
МАНАСТЫН КАНЫКЕЙГЕ ҮЙЛӨНҮШҮ .....218
КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ .....222
ЧУБАКТЫН ТААРЫНЫП КЕТИШИ. .....250
КОҢУРБАЙДЫН ЧАБУУЛУ .....250
ЧОҢ КАЗАТ .....259
АЛМАМБЕТТИН ЖОМОГУ БҮТҮП, .....285
СЫРГАК МЕНЕН ЧАЛГЫНГА АТТАНДЫ .....285
МАНАСТЫН ӨЛҮМҮ.....340
СЕМЕТЕЙ .....354
КАНЫКЕЙДИН ТАЙТОРУНУ ЧАПКАНЫ .....364
КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ .....381
СЕМЕТЕЙДИН ЧАЧЫКЕЙДИ АЛЫШЫ.....413
СЕМЕТЕЙДИН АЙЧҮРӨККӨ ҮЙЛӨНГӨНҮ .....414
СЕЙТЕК.....479
КОЛ ЖАЗМАДА КАЙТАЛАНЫП ЖАЗЫЛЫП
АЛЫНГАН ЭПИЗОДДОР
ЧУБАКТЫН ЖОГОЛУП КЕТИШИ .....534
АЛМАМБЕТТИН АҢГЕМЕСИ .....534
КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ .....543
ТЕКСТТЕ КЕЗДЕШКЕН АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ.....555
ТЕКСТТЕ КЕЗДЕШКЕН АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН
ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ .....555
ТЕКСТТЕ КЕЗДЕШКЕН АДАМ АТТАРЫ .....556
ТЕКСТТЕ КЕЗДЕШКЕН ЖЕР-СУУ АТТАРЫ .....557
ТЕКСТТЕ КЕЗДЕШКЕН ЭЛ-УРУУ АТТАРЫ.....558

*Илимий-популярдуу басылма*

**«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясы**

# АЛМАБЕК ТОЙЧУБЕКОВ МАМБЕТАЛЫ АШЫМБАЕВ


Түзгөндөр
*Гүлзат САДЫРБЕК КЫЗЫ*
*Жанар ӨМҮРАЛИЕВА*
Тех. редактору *Тилекматова Н.*
Корректорлору *Ж. Тойчубек кызы, Ж.Өмүралиева*
*Компьютерде тергендер Г. Садырбек кызы, Ж.Өмүралиева*
Комьпютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Терүүгө 10.09.2018-ж. берилди.
Басууга 30.10.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70х100. $^{1}/_{16}$
Көлөмү 35,0 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____

---

Басма-полиграфиялык комплекс
«Принт Экспресс» ЖЧК басмаканасында басылды.
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч., 49